***Пайгамбарлардын мөөрү***

# *МУХАММЕД*

***саллаллаахy алейхи васалламдын***

# *ӨМҮР БАЯНЫ*

# *Рахийкул-Махтум*

# الرَّحِيقُ المَخْتُومُ

Сафиу Рахман Мубарак-Фури

**Которгон:** Нурдин Абдыкадыр уулу
**Редакциялаган жана коррекциялаган:**
Сулайманов Самат Сыдыгалиевич
**Дизайнер:** Ермошенко А.

**КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИН БАШКАРМАСЫ ҮГҮТ-НАСААТ БӨЛҮМҮ**

Китепке ушул сөз жазылсын:

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасынын уруксаты менен басылды.**

№ 67 «20» 08 2013-жыл

Комиссиянын төрагасы З. Ракиев

بسم الله الرحمن الرحيم

## ***Баш сөз***

Асмандарды жана жерди жараткан ж.о.э караңгыны жана нурду жараткан Аллах Таалага мактоолор болсун! Андан башка сыйынууга татыктуу Кудай жок, Ал жалгыз Зат жана бардык мүлктүн Ээси. Пайгамбарлардын мөөрү жана эң акыркысы Мухаммед пайгамбарга салават саламдар болсун жана анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аны кыяматка чейин ээрчигендерге Аллахтын саламы тынчтыгы болсун! Пайгамбарыбызды САВ себеп кылып Аллах Таала инсаниятты адашуудан хидаят - туура жолго үндөөнү, ага Аллах Таала шапаатты жана улуу даражаны берди. Пайгамбарыбыз САВ мусулмандардын сүйүүсүнө ээ болуп, артынан ээрчүүгө чакырды. Эгер ким анын артынан эрчисе Аллахтын сүйүүсүнө татыктуу болоорун билдирди. Бул тууралуу Керемèттүү Куранда мындайча айтылат:

قُلْ إِن كُنتُمْ تُحِبُّونَ اللّهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللّهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَاللّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ {آل عمران/31}

***“Айт! "Эгер Аллахты сүйчү болсоңор, анда мени ээрчигиле! (Ошондо гана) Аллах силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Аллах - Кечиримдүү, Мээримдүү”.*** (Аали Имран, 31)

Бул аят да мусулмандардын жүрөгүндө Пайгамбарыбыздын САВ сүйүүсүн орун алдырып, анын артынан ээрчип ага жакын болуунун аракеттерин көрүшүүдө. Ислам дини башталгандан бери, мусулмандар Пайгамбарыбызга САВ болгон урмат-сыйын, сүйүүсүн жана жакшылыгын билдирип, анын эң эле кооз жана үлгүлүү болгон өмүр баянын, эң жакшы таризде болгон күч аракеттери менен жазып таратып келүүдө.

Пайгамбарыбыздын САВ эң эле кызыктуу болгон өмүр таржымалы, анын сүйлөгөн сөздөрү, жасаган иштери жана керемèттүү кулк-мүнөзүн да өз ичине камтыйт. Пайгамбарыбыз САВ тууралуу сүйүктүү аялы Айша энебиз

(Аллах андан ыраазы болду) өз сөзүндө: *«Анын кулк-мүнөзү Куран эле»* - деп айтып кеткен, анткени Кереметтүү Куран Улуу Жараткан Аллахтын толук кемелдүү сөзү, андай болсо ушундай сыпатка ээ болгон инсан. Инсандардын эң жакшысы, толук кемелдүүсү жана Аллахтын эң сүйүктүү пендеси экендигин айгинелеп турат.

Мусулмандар ушундай кадырлуу жана улуу даражага ээ болгон Пайгамбарыбыздын САВ сүйүүсүн билдирип, анын бардык инсаниятка үлгүлүү болгон өмүр таржымалын жазуу максатында, эң алгачкы жолу 1396 хижрий жылы (1976 ж) Пакистанда «Бүткүл дүйнөлүк мусулмандар ассоцациясы» тарабынан конференция өткөздү. Анда Пайгамбарыбыздын САВ өмүр баянын изилдеп, эң жакшы, жеткиликтүү, түшүнүктүү, узун да кыска да эмес орто жана кооз жазуу үчүн, бүткүл дүйнө мусулман аалымдарына жарыш жарыяланган.

Натыйжада жүз жетимиш бир китеп жазылып анын ичинен 84 арап тилинде, 64 урду тилинде, 21 ангилис тилинде 1 француз тилинде жана 1 хусавис тилинде жазылган. Булардын баарын ислам аалымдары текешрип чыгып, арасынан бешөөсү эң жакшы деп табышып. Баарына акчалай сыйлык берилип, бешөөнүн арасынан арап тилинде жазылган Индиялык аалым Сафийи Рахман Мубаарак-Фуурийдин «Рахийкул-Махтум» деп атаган китеби биринчи орунга ээ болгон. Бул тууралуу 1398 хижрий жылы, Шаабан айында, Карачи шаарында «Бүткүл дүйнөлүк мусулмандар ассоцациясы» тарабынан жеңүүчүлөрдүн ысымдарын жарыялап, аларды куттуктоо максатында, азия мусулмандарынын алгачкы жолку конференциясын өткөргөн. Ошондой эле бул жарыя ошол кездеги көптөгөн гезит журналдарга да басылып чыккан.

Китептин кыргызча котормосунда кээ бир каталар же кемчиликтер болсо сиздерден кечирим сурап кетмекчибиз.

*Нурдин Абдыкадыр уулу.*

Эскертүү: "Саллаллааху Алейхи Васаллам" деген сөздүн кыскартылышы (САВ) пайгамбарыбызга айтылат. Мааниси: ага Аллахтын салаваты жана саламы болсун.
Ал эми Разияллааху Анху деген сөз (РА) сахабаларга айтылат. Мааниси: Аллах алардан ыраазы болду.
«Алейхи салам» деген сөздүн кыскартылышы (АС) пайгамбарларга айтылат. Мааниси: Ага Аллахтын саламы болсун.

بسم الله الرحمن الرحيم

Бисмиллаахир-рахмаанир-рахиим

# *Араптардын жери жана арап коому*

Чындыгында Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (саллаллааху алейхи васаллам) өмүр баяны жалпы адам затына Пайгамбар болуп келгендиги тууралуу баяндалат. Пайгамбарыбыз (САВ) инсандарды караңгылыктан жарыктыкка алып чыккан жана жалган кудайларга сыйынуудан жалгыз Аллахка сыйынууну үйрөткөн. Ошондуктан Пайгамбарыбыздын (САВ) эң эле кызыктуу болгон өмүр баянын толук кеп кылуудан алдың, ошол замандан артка бир аз көз чаптырып, Ал убактагы адамдардын жашоосу кандай болгондугу тууралуу сөз кылмакчыбыз. Исламдан алдың арап коому кандай жашап келгендиги жана Пайгамбарыбыз (САВ) келгенде инсандар кандай акыбалда жашагандыгы тууралуу бир аз байандап кетмекчибиз.

## *Араптардын жашаган жери:*

“Арап” деген сөз арап сөздүгүндө: чөл, кургактык, суусу жок, чөп да өспөгөн кургак жер дегенди билдирет. Ушул сөз көптөгөн жылдар мурун эле арап жарым аралына аталып калган сөз. Ошол жерди мекен кылып жашап келген коом да арап деп айтылат.

Арап жарым аралы батыш жагынан кызыл деңиз менен жана Сина жарым аралы менен чектешет. Чыгыш жагынан арап булуң деңизи жана түштүк Ирак жери менен чектешет. Түштүк жагынан арап деңизи менен Индия деңизине чектешет. Ал эми түндүк жагынан болсо Шам жери жана Ирак жеринин бир бөлүгү менен чектешет. Ушул айтылган аянттардын кээ биринде бир аз кайчы пикирлер бар. Аянты болсо бир миллион чарчы километр аралыгы менен бир миллион үч жүз миң чарчы километр аралыгында.

Арап чөлү табыйат жана география жагынан эң маанилүү болуп эсептелет. Ал эми жеринин түзүлүшү айланасынын баары чөл жана кум менен курчап турат. Ошол себептен чөл кумдары чеп болуп тосуп сырттан келген душмандарды араптардын жерлерин ээлеп алуудан тосуп турган. Мына ошондуктан көптөгөн кылымдар бою араптар эч кимге көз карандысыз ээн эркин жашап келишкен. Аларга ошол убактагы айланасында жашап турган эки чоң - Перс жана Византия – императорлугу ушул чөл кумдарынын себебинен өз жерлерине киргизген эмес. Сыртынан караганда бардык материктердин ортосунда жайгашкан. Бардыгы менен деңиз жана кургактык жагынан да чектеш болуп турат. Түндүк батыш жагынан Африка материги менен чектешет жана түндүк чыгыш жагынан эвропа материги менен чектешет. Чыгыш жагынан болсо Перс жерлери жана орто чыгыш жерлери менен чектеш. Ошондой эле Индия, Кытай жакты карай чектешип турат. Бардык материктер менен деңиз аркылуу да чектешип кемелер арап жарым аралынын жээгине чейин келе алат.

Ошол географиялык себептерден араптардын түндүк жана түштүк жагы ар түрдүү коомдор менен соода сатык, маданият, дин жана искуство жагынан тыгыз байланышта болуп турган.

## *Арап коому:*

Арап коомун тарыхчылар кайсыл жактан чыккандыгын изилдешип үч бөлүккө бөлүшкөн:

**1-Жок болуп кеткен араптар:** булар эски араптар болуп, булардын тарыхы тууралуу толук маалымат табыша алган эмес. Мисалы Аад, Самуд, Тасам, Жудайс жана Имлак сыяктуулардан тарагандар.

**2-Таза кандуу араптар:** булар Яьриб бин Яшжиб бин Кахтандан тараган араптар. Буларды Кахтаний араптар деп аташат.

**3-Арапташкан араптар:** булар Ысмайыл Пайгамбардан тараган араптар, буларды Аднаний араптар деп аташат.

**Таза кандуу араптар болсо** – Кахтанийден тарагандар – булардын турган жери Йемен өлкөсү болгон. Булардан көптөгөн уруулар чыгып, алардын ичинен эки уруусу белгилүү болгон:

**А- Хумайр уруусу:** булардан белгилүү болгон уруулар Зайдул Жумхур, Кузааьа жана Сакаасик уруулары.

**Б- Кахлан уруусу:** булардан белгилүү болгон уруулары Хамдан, Анмар, Тайь, Мазхаж, Кандах, Лахм, Жузам, Азд, Аус, Хазраж жана Шам жеринин ээлери болгон Жуфнанын балдары.

Кахландан тараган уруулар Йеменден көчүшүп арап чөлдөрүнө тарашкан. Булардын көпчүлүгүнүн көчүүсүнүн себеби топон селинен бир аз алдың Византия деңиз жагын ээлеп алып Шам жана Мисир жерлерин басып алып соода иштерин токтотуп койгондуктан болгон.

Дагы башка себеби Кахлан менен Хумайр урууларынын арасында атаандаштык пайда болуп акырында Хумайр уруусу Кахлан уруусун Йеменден чыгарып салып Хумайр уруусу өзү Йеменде калган.

Кахлан уруусунун көчүшүн төрт бөлүкө бөлсөк болот:

**1- Азд уруусу**: булардын көчүүсү өздөрүнүн аксакалы болгон Имран бин Амру Музайкиянын көз карашы менен болгон. Алар Йеменде ары бери көчүшүп турган анан башка арап жерлерине да өздөрүнүн адамдарын изилдөөгө жиберишип акырында түндүк жагына көчүшүп кеткен. Азд урууларынын толугу менен көчүп кайсыл жерлерде калгандыгы тууралуу да айтып өтөлү: Саьлаба бин Амру бин Азд уруусу Хижаз тарапка көчүп, Саьлабия жана Зий-Кар

деген жердин аралыгында калышкан. Булардын баласы чоңойуп өзүнчө күчтүү уруу болгондон кийин Мадина жакты көздөй көчүшкөн анан ошол жерди мекен кылып жашап калышкан. Саьлабанын балдарынан Аус жана Хазраж дегендер чыккан булар Саьлаба уулу Харисанын балдары.

Азд уруусунун ичинен Амру уулу Хариса – булар Хузааьа уруусу – балдары менен Хижаз жеринин ортосундагы Захран өтмөсүнө отурукташкан. Андан соң Меккени басып алышып андагы Жарахима элин ал жерден кууп чыгышкан.

Имран бин Амру болсо Амман жерине келип ошол жерди балдары менен мекен кылып калышкан. Буларды Аммандагы Азд деп койушат. Азд уруусунан дагы бир канча кичи уруулар Тухама деген жерге көчүшүп келишкен, буларды Шануьадагы Азд деп койушат.

Жафна бин Амру болсо Шам жерине карай көчүшүп ошол жерди балдары менен мекен кылып калышкан, булар Гассандын падышалары деп аталат. Бул аттын аталышы Шам жерине көчпөстөн алдың Хижаз жериндеги Гассан деген суунун жанына көчүшүп келгендигинен айтылып калган.

**2- Лахм жана Жузам:** Лахм уруунун арасынан Наср бин Рабийьа Хийрадагы Муназара падышасы болгон.

**3- Тайьдын балдары:** Азд уруусу көчүп кеткенден кийин булар түндүктү көздөй бет алышып Жабалайн (эки тоо) Ажаьа жана Салма деген жерге отурукташкан. Ошондон баштап ал жер Тайьдын эки тоосу деп аталып калган.

**4- Кандах:** булар Бахрейн жерине жайланышкан (бирок ал жерден көчүүгө аргасыз болуп Хазарамаутка жайланышкан ал жактан да Бахрейндегидей кыйынчылыкты көрүшкөн) анан Нажд деген жерге көчүп келишкен. Ал жерде күчтүү бир падышалык орнотушкан, бирок ал падышалыгы тез эле кыйрап жок болгон.

Хумайр уруусунан бир уруу тууралуу ар түрдүү пикирлер айтылат – ал Кузааьа уруусу – булар Йеменден көчүшүп

Ирактагы Самаава адырларына жайланышкан деген пикирлер бар.

**Арапташкан араптар болсо:** булардын чоң аталары – Пайгамбар Ибрахим алейхи салам болгон – ал Ирак жеринен Уур шаарчасынан болгон, ал шаарча Куфа шаарына жакын Эфрат дарыясынын батыш жагынын жээгинде жайгашканы айтылат. Бул шаарча тууралуу ошол жерлерди изилдеп казышып кеңири так маалыматтарды алып чыгышкан. Ибрахим Пайгамбардын үй-бүлөсү тууралуу жана ошол учурдагы шаарда жашагандардын дин жана маданияттары кандай болгондугу туурасында да тактап чыгышкан.

Ибрахим (алейхи салам) ал жерден Хааран же Харраан деп койот ошол жерге көчүп кеткен. Андан ары Палестинага көчкөндүгү белгилүү болгон. Ал жерди өз динине үгүттөөчү жер кылган, ал жерлердин айланасындагы башка жерлерге да кыдырып даават иштерин жүргүзүп турган. Бир жолу Мисирге келет, ошондогу Мисирдин падышасы Фароон Ибрахим Пайгамбардын аялы Саараны тартып алмакчы болот. Бирок Аллах Таала Фароонго өз кудуретин көрсөтүп Фароондун аракети тескерисине бурулат, Фароон Саараны Аллахка жакын адам экендигин жана ал аялдын чоң пазилети бар экендигин түшүнгөндөн кийин өз кызы Ажарды Саарага кызматчы кылып берет, Саара Ажарды Ибрахим Пайгамбарга үйлөндүрөт.

Ибрахим Пайгамбар үй-бүлөсү менен кайра Палестинага келип, аялы Ажарга Аллах Таала Ысмайыл деген уулду насип кылат. Саара болсо ошондон кийин Ажарга кызгана баштаганда Ибрахим Пайгамбар Ажар менен баласы Ысмайылды ал жерден башка жерге көчүрүүгө аргасыз болот. Экөөсүн Хижаздагы Мекке деген жердеги Каабанын жанына көчүрүп келет. Ошол убакта ал жер дөңсө болуп көрүнүп, жамгыр жааса айланасынан селдер агып турган жер болчу. Аялы менен баласын азыркы Каабанын бир аз өйдөсүндөгү Дауха деген жерге жайгаштырат. Ошол убакта Меккеде эч ким

жашачу эмес, суу да жок болчу. Аялы менен баласынын жанына бир идишке курма жана бир идишке суу таштап Ибрахим Пайгамбар Палестинага кайтат. Арадан көп өтпөй эле ал экөөнүн тамагы суусу түгөнөт. Аллахтын керемети менен ал жерден Замзам суусу чыгып экөөнө жеп, иче турган ырыскы болот.

Ажар менен Ысмайыл келип отурукташып замзам суусу чыккандан кийин Йеменден бир уруу ошол жерге келишет – ал уруу экинчи Журхум уруусу - Ысмайылдын энесинин уруксаты менен алар ошол жерде жашап калышат. Бул тууралуу башка сөздөр да айтылат. Ал да: экинчи Журхум уруусу ошондон алдың Меккенин айланасындагы адырларда жашап турушкан деп да айтылат.

Бухарий рываят кылган хадистеринде экинчи Журхум уруусу Ысмайылдан кийин Меккеге көчүп келишкен. Анда Ысмайыл жаш бала болчу, бирок экинчи Журхум уруусу алардан алдың Меккенин тоолорунун жанынан өтүп турушчу деген риваяттар бар.

Ибрахим пайгамбар Меккеге кез кези менен келип таштап кеткен баласынан кабар алып турчу, канча жолу келгени бизге белгисиз бирок төрт жолу келгендиги тарыхта сакталып жазылып калган.

Куранда Аллах Таала айтып өтөт, анда Ибрахим пайгамбар түшүндө уулу Ысмайылды курмандыкка чалып, сойууга буйурулганын көрөт. Анан уулун Аллахтын буйругу менен курмандыкка чала баштайт. Бул тууралуу Куранда мындай дейт:

فَلَمَّا أَسْلَمَا وَتَلَّهُ لِلْجَبِينِ {الصافات/103} وَنَادَيْنَاهُ أَنْ يَا إِبْرَاهِيمُ {الصافات/104} قَدْ صَدَّقْتَ الرُّؤْيَا إِنَّا كَذَلِكَ نَجْزِي الْمُحْسِنِينَ {الصافات/105} إِنَّ هَذَا لَهُوَ الْبَلَاء الْمُبِينُ {الصافات/106} وَفَدَيْنَاهُ بِذِبْحٍ عَظِيمٍ {الصافات/107}

***“Ошентип экөө тең Аллахка мойун сунушуп, атасы аны чекеси менен жаткызды. Биз ага үн салдык: “Эй,***

***Ибрахим!". "Ырасында сен, түшүңдү чындыкка чыгардың. Албетте, Биз жакшы иштерди жасагандарды ушундай сыйлайбыз". Чындыгында, бул ачык сыноо эле. Аны (Ысмайылды) бир чоң курмандык менен алмаштырдык (ордуна кочкор түшүрдүк)".*** (37: 103, 107)

Тоорот китебинде Башталыш деген бөлүгүндө айтылат Ысмайыл Исхактан он үч жаш чоң болгон деп, жогорудагы айтылынган окуялар Исхак төрөлө электе болгондугун билдирип турат. Анткени, Исхактын төрөлө турган сүйүнүч кабарын жогорудагы айтылынган Ысмайылдын окуйасынан кийин айтылынганы белгилүү болгон.

Бул окуяда Ысмайыл бала кезинде Ибрахим (алейхи салам) үй-бүлөсүнөн кабар алганы – эң азы – бир жолу келген деп айтылат. Ал эми кийинки үч жолку келгендиги тууралуу, Бухарий ибну Аббастан риваят кылып айткан хадиси бар. Ал хадистин кыскачасын айтып өтөлү;

Ысмайыл балакатка жетип чоңойуп арапчаны Журхум уруусунан үйрөнгөн кезде алар Ысмайылды жакшы көрүшүп Журхум уруусунан бир кызды Ысмайылга үйлөндүрүшөт. Ал кезде апасы каза болгон болот, ошол кезде Ибрахим калтырып кеткен баласынан кабар алып турчу. Ысмайылдын үйлөнүүсүнөн кийин Ибрахим баласынан кабар алганы келет, бирок баласы үйүндө жок болот. Ибрахим келининен уулун жана ал-акыбалдарын сураганда келини кайнатасына кыйналып жашап жаткандыгы тууралсында арыз-муңун айтат. Ошондо Ибрахим келинине "Ысмайыл келгенде эшигинин босогосун алмаштырсын" деп айтып кой деп кайра артка кайтат. Ысмайыл атасы эмне мааниде айткандыгын түшүнүп ал аялына талак берип башка аялга үйлөнөт. Ал да Мадад бин Амру деген Журхум уруусунун эң аксакалы жана башчысынын кызы.

Ибрахим баласынын ошол экинчи үйлөнүүсүнөн кийин кабар алганы келгенде анда да баласы үйүндө жок болот. Ибрахим келининен баласы жана ал-акыбалдары тууралсында

сураганда келини ал-акыбалдары жакшы Аллахка мактоолор болсун деп жооп берет. Ошондо Ибрахим келинине балам келсе айт “эшигинин астанасын бекемдесин” деп Палестинага кайтат.

Ибрахим үчүнчү жолу келгенде баласы замзамга жакын жердеги Дауханын жанында жебесин курчутуп олтурган болот, Ысмайыл атасын көргөн кезде ата баласын бала атасын сагынычтуу тосуп алышат, ошондо экөөнүн көрүшпөгөнүнө бир топ эле убакыт өтүп кеткен болчу. Ушундай узун убакыттар көрүшпөй жүрүүгө ушунчалык баласына мээримдүү болгон, жашы да картайып калган анча-мынча ата чыдай албайт болчу жана ушунчалык такыба салих болгон анча мынча бала да чыдай албайт эле. Ушул кездешүүсүндө экөө Каабанын устундарын тургузуп Каабаны курушат. Ибрахим Аллахтын буйругу менен адамдарды Каабага ажылыкка келүүгө уруксат берет.

Аллах Таала Ысмайылга Мададдын кызына үйлөнгөн аялынан он эки уулду насип кылат алар:

| | |
|---|---|
| 1-Наабит же Баналут | 7-Мииша |
| 2-Кайдар | 8-Хаддад |
| 3-Адбаьил | 9-Ятма |
| 4-Мибшам | 10-Ятуур |
| 5-Мишмааь | 11-Нафис |
| 6-Дуума | 12-Кайдман |

Ушул он экөөсүнөн он эки уруу чыгып, алардын баары бир топ убакытка чейин Меккеде жашашат. Булардын көпчүлүгү Йемен, Шам жана Мисир жерлерине соодагерлик кылып жашашчу. Бир канча убакыт өткөндөн соң бул уруулар арап чөлдөрүнүн ар кайсы жерлерине тарашып көчүп кетишкен. Булардын тарыхы тууралуу замандар өткөн сайын унутулуп кетти, бир гана Наабит жана Кайдардан тараган уруулар тарыхта сакталып калды.

Анбат деген дагы бир арап уруулары Хижаздын түндүк жагына отурукташып, алардын маданияттары бир топ

өнүгүүгө жетишкен. Өздөрүнчө күчтүү мамлекет түзүшүп айланасындагы жашаган Анбат урууларына баш ийип турушкан, Батра деген шаарды баш-кала кылып жашашкан. Анбат урууларын Византиядан башка эч ким жеңе алган эмес. Византиялыктар келип алардын мамлекетин кыйратып жок кылган. Шейх Сулайман Ан-Надавий араптардын тарыхы тууралуу өтө терең жана так изилдеп чыгып ушундай деген тыянакка келет. Гассандан тарагандар жана Ансарлар болгон (Пайгамбар Мухаммед (САВ) Меккеден Мадинага көчүп келгенден кийин Мадиналыктарды "Ансарлар" деп атаган) Аус жана Хазраж уруулары Кахтан уруусунан болгон эмес. Алар Ысмайылдын баласы Наабиттен тараган уруулар болгон жана башка ошол жерде жашаган уруулар деген маалыматты тагыраак деп айткан.

Ал эми, Ысмайыл уулу Кайдардан тараган уруулар Меккеде жашап келишкен. Алардан Аднан жана анын баласы Маьад деген болот, ушулардан тарагандарды Аднаний араптары деп тарыхта сакташып келген. Аднан Пайгамбарыбыз Мухаммеддин (САВ) жыйырма биринчи чоң атасы болот, Пайгамбарыбыз (САВ) өз ата-тегинин ысымдарын айткан хадисинде Аднанга келип токтоп андан жогорусун айтпай мындай дейт эле:

***"Ата тексти айткандар жалган айтышат"*** деп андан жогорусун айтпайт эле (Аднандан жогорусун)" (Табарий). Кээ бир уламалар Аднандан жогору Пайгамбарыбыздын (САВ) ата-тегин айтууга уруксат берилет деп айтышкан, ал уламалар, Аднан менен Ибрахимдин (алейхи салам) ортосунда кырк ата өткөн деп кылдат изилдешип чыгышкан.

Маьаддын Низар деген баласынан уруулар тараган – Маьаддын андан башка баласы жок болгон деп да айтылат – Низардын төрт баласы болуп алардан төрт чоң уруулар чыккан:

1-Ияд.
2-Анмар.
3-Рабиьа.
4-Мудар.

Рабиьа менен Мудардан көптөгөн уруулар чыгып, арап жерлерине кеңири тарашкан, Рабиьадан: Асад Рабиьа уулу, Анза, Абдулкайс, Ваьилдин эки баласы – Бакр жана Таглаб – Ханифа жана башка уруулар чыккан.

Мудардан эки чоң уруу чыккан алар: Кайс Ийлан Мудар уулу жана Иляс Мудар уулу. Кайс Ийландан: Бану Салим, Бану Хаузан жана Бану Гатфан уруулары чыккан, Бану Гатфандан: Абас, Зибян, Ашжаь жана Ганий Аьсар уулу уруулары тараган.

Иляс Мудар уулунан: Тамим Мурра уулу, Хузайл Мудрика уулу жана Бану Асад Хузайма уулу уруулары тараган. Хузайманын Кинаана деген баласы болгон. Кинаанадан Курайш уруусу чыккан, алар Фахрдын балдары болгон. Ал эми, Фахр болсо Маалик уулу, Маалик Нудар уулу, Нудар Кинаана уулу болгон.

Курайш уруусунан да бир канча уруулар чыгып, алардын белгилүүлөрү:

1-Жумах.
2-Сахм.
3-Адий.
4-Махзум.
5-Тайим.
6-Захра.
7-Жана Килаб уулу Кусайдан тарагандар, алар:

1-Кусай уулу Абдуддаар,
2-Кусай уулу Абдулузза, Абдулузза уулу Асад,
3-Кусай уулу Абдуманнаф.

Абдуманнафтан төрт кичи уруулар чыкан:

1-Абдушамс.
2-Науфал.
3-Муталип.
4-Хаашим.

Хаашимдин үй-бүлөсүнөн Аллах Таала Пайгамбарыбыз Мухаммедди (САВ) тандап алган, Мухаммед (САВ) Абдулла уулу, Абдулла Муталип уулу, Муталип Хаашим уулу.

Пайгамбарыбыз (САВ) бул тууралуу мынтип айткан:

**“Аллах Таала Ибрахимдин баласынан Ысмайылды тандап алды, Ысмайылдын баласынан Кинаананы тандап алды, Кинаана уруусунан Курайшты тандап алды, Курайштан Хаашим уруусун тандап алды, Хаашим уруусунан мени тандады”.** (Муслим, Тирмизий)

Абдулмутталиб уулу Аббас риваят кылат: Пайгамбарыбыз (САВ) айтты: **“Аллах бардык макулуктарды жана адамзатты жаратты, алардын ичинен мени эң жакшы бөлүгүнөн кылды, анан урууларды тандады, алардын ичинен мени эң жакшы уруулардан чыгарды, анан үй-бүлөлөрдү тандады алардын ичинен мени эң жакшы үй-бүлөдөн чыгарды. Ошондуктан мен эң жакшы (таза пакиза инсандардын арасынан) тандалдым жана эң жакшы (таза пакиза) үй-бүлөдөнмүн”.** (Тирмизий, зайиф хадис)

Аднандын балдары көбөйгөн кезде, жашай турган чөп өскөн жерлерди издешип, арап жерлеринин ар тарабына тарап кетишти.

Абдулкайс, Ваил уулу Бакрдан тараган уруулар жана Тамимден тараган уруулар Бахрейинге көчүп кетишип ошол жерде жашап калышты. Бакр уулу Али, Али уулу Сааб, Сааб уулу Ханийфадан тараган уруу Ямаамага көчүшүп Ямааманын бир чекесине жайгашат. Ваил уулу Бакрдан тарагандардын баары Ямааманын узун созулган жеринен тартып Бахрейинге деңиздин жээги Сайфу Каазимага, Ирактын айланаларына жана Абиллага жашап калышат.

Таглаб уруусу Эфираттын айланасына отурукташат, Таглабдан чыккан дагы бир уруу Бакр уруусунун арасына жайгашат. Тамим уруусу Басранын адырларына отурукташат.

Салим уруусу Мадинага жакын жердеги Ваадилкурадан тартып Хайбарга Мадинанын чыгыш жагына Жабалайнга жана Хуррага чейин отурукташат.

Сакиф уруусу Тайифке, Хаузан уруусу Меккенин чыгыш жагындагы Аутастын айланасына жашап калышат, ал жер Мекке менен Басранын аралыгында жайгашкан.

Асад уруусу Тиманын чыгыш жагына жана Куфанын батыш жагына жайгашат, Асад уруусу отурукташкан жер менен Тиманын аралыгында Тай деген жердин Дияр Бахтар деген жери бар, Асад уруусу отурукташкан жердин аралыгы менен Куфанын аралыгы беш түндүк жол.

Зибян уруусу Тимага жакын жерден Хууранга карай жайланышат.

Тихаамада болсо Кинаана уруусу калат, Меккеде жана анын айланасында Курайш уруусу жашап калат, ошол убакта алар чачыранды болуп биримдикте жашашчу эмес. Алардын арасынан Килаб уулу Кусай деген азамат чыгаан чыгып, уруусун топтоп, бир биримдикке келтирип, уруусунун кадыр баркын көтөрөт.

## *Арап бийлиги жана падышалыгы*

Исламдан алдың араптардын ал-акыбалы туурасында баяндап жатып, тарыхтагы болуп өткөн араптардын бийлиги, падышалыгы жана дини тууралуу да кыскача кеп кылууну туура көрдүк. Себеби Ислам дини келээрден алдың араптар кандай абалда жашап жаткандыгы баарыбызга түшүнүктүү жана айкын болуш үчүн билдирип кетели.

Ислам дини келээрден алдың араптардын бийлиги эки бөлүк болчу: бир бөлүгү өзүнчө падышалыкта жашашкан, бирок алар чындыгында өзүнчө эркин эмес башка падышалыкка баш ийип турушкан, экинчи бөлүгү болсо уруу-уруулардын башчылары алардын айырмачылыгы падыша сыяктуу эле өз урууларына өкүм кылып турушкан. Бирок,

көпчүлүк бөлүгү эч кимге көз карандысыз толук эркиндикте жашашкан. Ошолордун ичинен да мүмкүн кээ бир уруулары башка падышалыкка баш ийип турушкан. Башка падышалыкка баш ийген уруулар Йемен урууларынын башчылары, “Гассан үй-бүлөсү” урууларынын башчылары жана Хийра урууларынын башчылары, булардан башка арап жарым аралында жашаган уруулар толук эркиндикте жашашкан.

## *Йемен падышалыгы:*

Йемендеги эң эле эски коомдордун бири таза кандуу араптардан болгон Саба коому, алардын тарыхтагы калган издерин “Уур” деген жерди изилдөөчүлөр казышып християн жылынан жыйырма беш кылым мурда өткөндүгүн издеп табышкан. Алардын маданияттарынын өнүгүп өсүүсү, падышалыгынын толук орношу жана толук кандуу башкаргандыгы християн жылынан он бир кылым мурун болгондугунан башталат.

Булардын жашаган доорлорун мындайча бөлсөк болот:

1-Християн жылынан 650 жыл мурун, ошол доордогу падышасын “Макраб Саба” деп аташчу, борбор шаары болсо “Сарвах” шаарчасы болгон, ал шаарчадан калган издер “Маьраб” шаарчасынын батыш жагынан бир күндүк алыс жолдо жайгашкан, ал жер азыр (Харийба) деп таанылат. Ошол заманда бир тосмо курулушу башталган экен аны Маьраб тосмосу деп аташкан, ал тосмо Йемендин тарыхында өтө чоң мааниге ээ. Айтылган кептер бойунча Саба араптарды жана алардын айланасындагыларды колония кылып басып тургандыгы тууралуу айтылат.

2-Християн жылынан 650 жыл алдың, християн жылынан 115 жыл мурун бул коом “Макраб” деген атты таштапып, Саба падышалыгы деген ат менен белгилүү болушту, “Сарвах” деген шаардын ордуна “Маараб” деген шаарды борбор шаар кылышты, Маараб шаарынан калган из, тактар Санаа

шаарынын чыгыш жагынан алтымыш чакырым алыстыкта жайгашкан.

3-Християн жылынан 115чи жыл алдыңдан баштап 300чү християн жылынын аралыгы, ошол убакытта Хумайр уруусу Саба падышалыгын жеңип “Маараб” шаарынын ордуна “Рийдан” шаарчасын өздөрүнө борбор шаар кылып алышты. “Рийдан” шаарчасынын аты Зафар деген ат менен аталып калды, ал шаардан калган из, тактар бар. Алар “Ярим” деген жерге жакын Мадруб тоосунун үстүндө жайгашкан, андан кийин алардын күчү акырындап кыйрай баштайт. Себеби, биринчиден Хижаздын түндүк жагын Анбаттар курчап алгандыгынын себебинен соодагерлик иштери өтө чоң зыянга учурайт. Экинчиден Римдиктер Мисир, Сирия жана Хижаздын түндүк жагын басып алгандан соң деңиздеги соода жолун да тосуп алгандыктын себебинен. Үчүнчүдөн ич ара пикир келишпестиктен уруу-уруу болуп бөлүнүшкөн. Ушулардын натыйжасында Кахтаний уруулары ар кайсы жакка тарашып башка жер жерлерге көчүп кетишкен.

4-Азыркы християн жыл санагы боюнча 300чү жылдан баштап Ислам дини Йеменге киргенге чейин Йемен эли ар түрдүү тарыхты башынан өткөрдү, төңкөрүштөр, ич ара согуштар жана келишпестиктер сыяктуу окуйалар себеп болуп сырттан келген күчтөр – арап эместер - Йемен элинин мамлекеттүүлүгүн жок кылып басып алышкан. Ушул убакыттан тартып Византиялыктар Адн жерине бастырып кирип, алардын жардамы менен Эфиопиялыктар Хамдан жана Хумайр урууларынын ич ара салгылашууларын пайдаланып алгачкы жолу 340 християн жылында Йеменди басып алат. Бул басып алуу 378 християн жылына чейин уланып, соң Йемен эли өз эркиндигине ээ болот. Бирок Маьрап тосмосу акырындап тешилип олтуруп аягында Куранда эскерип өткөн 450 же 451 християн жылында аябагандай каттуу сел жүрүп, анын натыяжасында үйлөр бузулуп, уруулар ар тарапка тарап кетишет.

532 християн жылында Зу Наввас деген жөөт Нажран элинин християндарына согуш ачып аларды өз дининен күч менен кайтармакчы болот. Нажран эли өз дининен кайтуудан баш тартканда, аларга Зу Наввас чуңкур каздырып ичине алоолонгон отту жагып ага Нажран элин ыргытат, бул тууралуу Куранда “Буруж” сүрөсүндө ***“Чуңкур ээлерине өлүм болсун!”*** деп эскерип өткөн. Мунун натыйжасында Византия падышалыгы арап жерлерине кеңири тарап өз иштерин жүргүзүп турган, Византия падышалыгы Эфиопиялыктарга жардам берип деңизден кемелерди өткөрүп жетимиш миң Эфиопия аскери менен 525 жылы Йеменди Эфиопиялыктар Арят аттуу аскер башчысы менен экинчи жолу басып алат. Ал эми Арят Эфиопия падышасынын уруксаты менен Йеменди башкарып турат. Арадан бир канча убакыт өткөндөн кийин Арятты Абраха деген дагы бир аскер башчы өлтүрүп, Эфиопиянын падышасынан уруксат алып Абраха Йеменди башкарып калат. Ал эми Абраха жана аскерлери Каабаны бузганы аттанып келгендиги тууралуу Куранда “Пил ээлери” деп эскерип өткөн.

Пил окуясынан кийин Йэмен эли Персетерден жардам сурап Эфиопиялыктарды 575 жылы Йеменден кууп чыгып өз алдынча эркиндигин алышат. Ошондо Йемен элине Маад Якриб бин Сайф зи Язин ал-Хумайрий аскер башчы болуп, аны Йемен эли өздөрүнө падыша шайлап алышат. Ошондо Маад Якриб өзүнө кызмат кылуу үчүн бир канча Эфиопиялыктарды алып калган эле. Бирок, күндөрдүн биринде жанагы кызматчылар Маад Якрибди өлтүрүп салышат. Ошентип Маад Якриб үй-бүлөсүнөн падышалык кетип ордуна Перстердин падышасы Кисра өз перстеринен бирөөнү Йеменге падыша кылып, Йеменди перс падышалыгы кылып алат. Ошентип перс падышалары Йеменде уланып келе берет да эң акыркысы Баазан аттуу падыша болуп бирок ал 638 жылы Исламды кабыл кылып, Йеменде перс падышалыгы аягына чыгып кыйрайт.

## *Хийра падышалыгы:*

Чоң Кууруш деген перстердин падышасы (529 – 557 християн жылынан алдың) Иракты жана анын айланасын башкарып турган, ал падышага ошол кезде эч ким тең келе алган эмес, бирок Александр Македонский 326 християн жылынан алдың чыгып перс падышалыгын кыйратып салат да, перс падышалыгы майда-майда падышалыка бөлүнүп кетет. Ошол кезден баштап ар түрдүү уруулар өз уруусуна 230 християн жылына чейин падыша болуп, майда-майда падышалык болуп уланып келет. Ушул майда падышалык убагында Кахтаний уруулары көчүп келип, Ирак жеринин чет жактарын басып алып ошол жерде олтурукташып калат, булардын артынан Аднаний уруулары да келип Эфират чөлүнүн айланасына жайгашат.

Перстерге экинчи ирет – 226 християн жылында Сасан мамлекетин түптөөчү – Ардашир деген чыгаан чыгып перс мамлекетин кайрадан жандандырат. Ошентип Ардашир ошол жердеги араптарды да өз падышалыгына баш ийдирип, бирок Кузааьа уруусу Шам жерине көчүүгө аргасыз болуп көчүп кетет, калган Хийра жана Анбар жериндеги араптар перс падышалыгына баш ийет.

Ардаширдин падышалык убагында Жазийма ал-Ваддах деген арап Хийрага жана Ирак жеринин айланасына, ошондой эле Рабия жана Мудар уруулары жашаган чөлдөргө падышалык кылып турган. Аны да Ардашир арап жерлерин кантип башкаруунун жолун издеп, жана өз мүлкүнө араптар тарабынан кол салынбасы үчүн, араптардын арасынан катуу колдуу бирөөнү таап, аны өзүнүн кол астында жашаган араптарга падыша кылууну ойлогон, Ардаширдин өзүнө жардам берип туруусу үчүн, жана ошондой эле ошол кездеги Византия падышалыгына каршы да жардам болуусу үчүн, жана Византия падышалыгына баш ийип турган Шам араптарына да Ирак араптары каршы туруусу үчүн ойлоп,

Жазиймaны Ардашир Ирак араптарына падыша кылып берген болчу. Хийра падышасынын алдында дайыма перс аскерлеринин бир бөлүгү турган, анткени чөл араптары перс падышалыгынан чыгып кетпөөсү үчүн ошондой кылган болчу. Ал эми Жазийма болжол менен 268 жылы каза болот.

Жазийма каза болгондон соң Хийра жерине Амру бин Адий бин Нафар Лахмий падыша болуп дайындалат.Бул да – Кисра Сабур бин Ардаширдин падышалык убагындагы – эң алгачкы Лахмий уруусунун падышасы болчу. Ошентип Хийра жерине Лахмий уруусунан падышалар чыгып келип эң акыркысы перстердин падышалыгын Каббаз бин Фейруз алгандан соң Лахмий уруусунан падышалык кетет. Каббаз бин Фейруздун убагында Маздак деген бир перс чыгып өзүнчө бир динди ойлоп таап, инсандарды ошол динди кармануугa чакырат. Маздактын артынан падыша Каббаз да ээрчип жана анын кол астындагылардын да көпчүлүгү ээрчип кетет. Андан соң Каббаз Хийранын падышасына – Мунзир бин Мааи Самаага – адам жиберип Маздактын динин кармануугa чакырат, бирок Мунзир ал динди карманбоосун билдиргенден соң Каббаз аны падышалыктан алып салып, ордуна Маздактын динин карманган Харис бин Амру бин Хажар ал-Кандийди падыша кылып дайындайт.

Каббаз каза болуп ордуна Кисра Ану Шарванды падыша кылып дайындап кетет. Ал эми Кисра болсо Маздактын бул динин аябай жек көргөн адамдардан эле, ошентип Кисра Маздакты өлтүрүп жана аны ээрчигендердин да көпчүлүгүн жок кылат да, Хийра жерине кайрадан Мунзирди падыша кылып дайындайт. Ал эми Харис бин Амру ал жерден качып Калб уруусуна барып ошол жерде каза болот.

Мунзир бин Мааи Самаанын падышалыгы артынан уланып, Нууман бин Мунзирге келет, бирок Зейд бин Адий ал-Ибаадийдин ушак сөзүнө ишенип Кисра Нууманды жазалоо үчүн чакырат, ошондо Нууман үй-бүлөсү менен коштошуп Аали Шейбан уруусунун башчысы Хаани бин Масьуддун

үйүнө келип жашырынып, андан соң Кисранын алдына барат. Кисра Нууманды камап салып ошол жерден Нууман каза болот. Ошентип Кисра Хийра жерине Нуумандын ордуна Ийаас бин Кубайса ат-Тааьийди падыша кылып дайындайт. Ал эми Кисра Аали Шейбан уруусунун башчысы Хаани бин Масьудду колундагы бар нерсенин баарын бер деп талап кылганда Хаани Кисранын айтканын кылбайт, ошентип Кисра Ийаасты кошуп Хааниге каршы аскер жөнөтүп, эки тараптын ортосунда Зий Каар деген жерде чоң уруш башталат. Бирок бул согуштан Аали Шейбан уруусу Хаани жеңип чыгып Кисранын аскери жеңилип калат. Бул да эң алгачкы жолу араптар перстерди жеңгендиги эле. Бул согуш Пайгамбарыбыздын (САВ) төрөлгөнүнөн кийин болгон. Анткени Пайгамбарыбыз (САВ) Хийра жерине Ийаас бин Кубайса падыша болгондугуна сегиз ай болгондон кийин төрөлгөн болчу. Кисра Хийра жерине Ийаастан кийин өзүнүн перстеринен падыша кылып дайындап койот, ал эми 632 християн жылында Хийра жерине падышалык кайрадан Лахмий уруусуна кайтып келип, Маьруур деген ат менен таанылган Мунзир аттуу арап падыша болуп калат. Бирок Маьруурдун падышалыгы сегиз айдан ашпай Халид бин Валид мусулман аскерлери менен келип Маьруурдун падышалыгын кыйратып жок кылат.

## ***Шам падышалыгы:***

Арап уруулары ар тарапка көчүү болуп жаткан убактарда, Кудааьа уруусунан бир бөлүгү Шам жерине көчүп келип ошол жерди мекен кылып жашап калат. Бул уруунун ичинен Салих бин Хулван уулдарынын арасынан Дужааьама ат менен таанылган Дужьам бин Салих уулдары башкарып, Византиялыктар бул араптарды башка жактан келген араптарга каршы колдонушуп, ошондой эле перстерге да каршы колдонушкан. Ошентип бул уруудан бир канча жыл

падышалар чыккан. Бул уруудан белгилүү болгон падышалардын бири Зияд бин Хабуула болгон, ал эми бул Дужааьама уруусунун падышалыгы болжол менен христян жыл санагынын экинчи кылымынын башынан ошол эле кылымдын аягына чейин уланган, бирок Гассан уруусу Шам жерине келип Дужааьама уруусун жеңип алгандан баштап Дужааьама уруусунун падышалыгы аягына чыгат. Ошентип Византиялыктар Гассан уруусун Шам араптарына падыша кылып дайындайт. Гассан уруусу Дуумату Жандал деген жерди өздөрүнө борбор кылып жашашкан. Гассан уруусу Шам жерине Римдиктер тарабынан кызматчы болуп олтуруп 13 хижрий жылында Умар бин Хаттабдын халифа болуп турган убагында Жабла бин ал-Айхам аттуу падыша эң акыркысы болуп, падышалык Ислам дини келгенден кийин кыйрап жок болот.

## ***Хижаз жериндеги амирликтер:***

Ысмайыл (алейхи салам) өмүрүнүн акырына чейин Мекке жерине башчы болуп келет, 137 жашында Ысмайыл Пайгамбар дүйнөдөн кайтыш болуп, ордуна Наабит андан соң Кайдар аттуу уулдары башчы болот, бирок Кайдар андан соң Наабит болгон деп айтылган да кептер бар. Бул экөөнөн соң башкарууну тайаталары Мадад бин Амру Журхумий алат, ошентип Мекке башкармалыгы Журхум уруусу Мададга өтөт, Ысмайыл Пайгамбардын уулдары атасынын кадыр баркын көтөрүп Меккеде жашап келишет. Бирок Меккени башкаруу алардын колунда болбой калат.

Арадан айлар жылдар өтсө да Ысмайыл Пайгамбардын балдары башкаруудан алыс болуп эске алынбай келет, бирок Бахтанассар деген чыккандан соң Журхум уруусунун күчү алсыздап, Ысмайыл Пайгамбардын уулдарынан Аднан аттуу чыгаан чыгып, Меккеде анын аты белгилүү боло баштайт. Ал да Бахтанассар араптарга чабуул койгондо Аднан араптарга

аскер башчы болуп эр жүрөктүүлүктү көргөзөт. Ошондо араптардын аскер башчысы Журхум уруусунан чыккан эмес.

Бахтанассар экинчи жолу (587 християн жылынан алдың) Меккеге чабуул жасаганда Аднандын уулдары Йемен жерине кетип калат. Ал эми Маьад Шам жерине кетип, Бахтанассардын чабуулу токтогондон соң Маьад Меккеге кайтып келсе Журхум уруусунан Журшум бин Жалхамадан башка эч ким калбаптыр. Ошентип Маьад Журшумдун кызына үйлөнүп андан Низар деген бала төрөлөт.

Ошондон баштап Журхум уруусунун аты Меккеде жаман атты болуп, күчтөрү алсыз боло баштайт. Журхум уруусу ошондо Меккеге зыяратка келгендерди зулум кылып, Каабанын байлыгын өздөрүнө алып алышкан эле, Журхум уруусунун бул кылыктары Аднан уруусунун кыжырын келтирип ата-бабаларынан калган жерди мындай абалга алып келүүсүнө нааразы болушат. Хузааьа уруусу Марри Захраан деген жерге көчүп келип олтурукташканда Аднан уруусунун бир бөлүгү – Бакир уруусу бин Абдуманнаф бин Кинаана – Хузааьа уруусунун жардамы менен Журхум уруусуна каршы согушуп, Журхум уруусун Меккеден биротоло кууп чыгат. Ошентип Аднан уруусу хрестян жылынын экинчи кылымынын ортолорунан баштап Меккени башкарып калат.

Журхум уруусу Меккеден куулганда замазам суусун жаап, ичине бир канча нерселерди көмүп бекитип таштайт. Бул тууралуу тарыхчы Ибну Исхак мындай дейт: Амру бин Хаарис бин Мадад Журхумий Каабанын кездемелерин, байлыктарын жана Каабанын кара ташын алып замзам суусуна таштап бекитип салып, Йемен жакты көздөй Журхум уруусун алып көчүп кетет, ошондо ал Меккеден айрылганына аябай өкүнгөн экен.

Ысмайыл Пайгамбардын заманы болжол менен християн жылынан жыйырма кылым алдың болгон, ал эми Журхум уруусунун Меккеде калган убагы болжол менен жыйырма бир кылым болуп, Меккени жыйырма кылымдай башкарып турган.

Меккени Хузрааьа уруусу үч жүз жыл башкарып турду, ошол башкаруу убагында Аднаний уруулары Нажд жерине жана Ирак, Бахрейин жерлеринин айланаларына тарап кетишти, ал эми Меккеде жана анын айланасында Курайш уруусу гана калды, Кинаана уруусунан чыккан бул Курайш уруусу ошол кезде Меккеде чачыранды болуп жашап келишти, Кусай бин Килаб чыкканга чейин Меккени башкаруу Курайш уруусуна тийген жок.

Кусай энесинин колунда бөбөк кезинде атасы каза болуп калат, атасы каза болгондон кийин Кусайдын энесине Азра уруусунан Рабиьа бин Харам деген киши нике кылып үйлөнөт, ошентип Кусайды энеси менен кошо Шам жерине алып кетет. Бирок Кусай ошол жакта жигит болуп чоңойгондон соң Меккеге кайтып келет. Кусай кайтып келген убакта Меккенин башкаруусу Хузааьа уруусунан Халил бин Хабаша дегендин колунда болот, Кусай Халилдин кызы Хуба дегенге үйлөнмөкчү болуп кыздын колун сураганда Халил макулдугун берип, кызын Кусайга турмушка берет. Ошентип арадан бир канча убакыт өткөндөн соң Мекке башчысы Халил каза болуп, Курайш уруусу менен Хузааьа уруусунун ортосунда согуш чыгып аягында Курайш уруусу жеңип Меккени башкаруу Курайш уруусуна өтөт.

Бул согуштун чыккандыгы тууралуу үч түрдүү сөз бар:

**Биринчиси:** Кусайдын бала-бакырасы жана мал-мүлкү көбөйүп, эл арасында кадыр баркы өскөндөн соң, Халилдин кадыр баркы төмөндөп кетет, ошондо Халил Меккени башкаруу Хузааьа жана Бакир урууларына караганда Курайш уруусу ылайыктуураак экендигин көрөт, жана Курайш уруусу Ысмайыл Пайгамбардын урпактары экендигин да эске алып, Халил Хузааьа жана Бакир урууларын Меккеден чыгарып салуу үчүн Курайш урууларынын башчылары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндө Курайш уруусу макулдугун берет.

**Экинчиси:** Хузааьа уруусунун айтуусуна караганда, Халил Мекке жана Кааба башкармалыгын Кусайга осуят кылып айтып кеткендиги бар.

**Үчүнчүсү:** Халил Кааба башкармалыгын кызы Хубага берген, ал эми Хузааьа уруусунан Абу Габшан деген бир кишини кызына жардамчы кылып берет, ошентип Хубанын ордуна Абу Габшан Каабаны карап калат, Халил каза болгондон соң Кусай Кааба башкармалыгын Абу Габшандан бир аз арака сатып алат, ал эми бул сатып алуугa Хузааьа уруусу наааразы болуп, Кусайды Кааба башкармалыгынан тоскону калганда, Кусай Курайш жана Кинаана урууларын топтоп келип эки тараптын ортосунда согуш чыгып аягында Хузааьа уруусун Меккеден кууп чыгышат.

Кандай болгон күндө да Халил каза болгондон кийин, Кусай өз адамдары Курайш жана Кинаана уруусун Акаба жерине чогултуп келип Хузааьа уруусуна: “Биз силерге караганда Мекке башкармалыгына ылайыктуубуз” деп айтканда эки тараптын ортосунда жаңжал чыгып, эки тарап тең адамдарын чогултуп ортодо катуу уруш башталат, ошондо эки тарап тең бир пикирге келүүнү талап кылганда эки тарап тең макул болот, ошондо алардын ортолорун чечүү үчүн Бакир уруусунан Яьмар бин Ауфту чечип берүүсүн сурашат, Яьмар Каабаны башкаруу Хузааьа уруусуна караганда Курайш уруусунан чыккан Кусайга ылайыктуу, Хузааьа жана Бакир уруулары тарабынан өлгөндөр үчүн Кусай эч кандай жаза өтөбөйт. Ал эми Кусай тарабынан өлгөндөр үчүн Хузааьа жана Бакир уруусу жазасын берүү керек деп чечип берет, - ошондон баштап Яьмар талкалоочу деген атка конот – ошентип Мекке жана Кааба башкармалыгын Кусай християн жылынын бешинчи кылымынын ортолорунда колго алат (440 християн жылында). Ошондон баштап Мекке жана Кааба башкармалыгы ошол убактагы Каабага ажылыка келген башка жактын араптары үчүн жана Мекке эли үчүн Кусайга жана Курайш уруусуна өтөт.

Кусай Мекке жана Кааба кызматын өз уруусун топтоп ар бирине ылайыктуу кылып кызматтарды бөлүштүрүп берет, Насбаьа, Сафван уулдары, Адваан жана Мурра бин Ауфтарды чогултуп ар бирине өздөрүнө ылайыктуу кызматтарды бөлүп койот, анткени Кусай бул ишти өз мойнундагы карыз катары көрүп, бул чоң вазыйпаны аткаруу үчүн мойнуна алды.

Кусайдын Меккеге кылган көрүнүктүү жана таасирлүү кызматтарынан бири, Каабанын түндүк тарабына "чогулуш үйүн" куруп, эшигин Каабаны карай ачып койду. Бул үй ошондон баштап Курайш уруусунун ар түрдүү маселелерин жакшылык менен чечүүчү пазилеттүү үй болуп калды.

Ал эми Кусай жалпы башкарууну өз көзөмөлүнө алып:

1-"Чогулуш үйүн" башкарууну алды, бул үйдө аркандай маселелерди чечүү үчүн кеңешишти, кыздарын күйөөгө берүүнү да ушул үйдө талкуулашты.

2-Аскер башчылык, анткени кандай гана уруш болбосун Кусайдын уруксаатысыз чечилбейт эле.

3-Каабаны көзөмөлдөө, анткени Каабанын эшигин Кусайдан башка эч ким ашчу эмес, ошондуктан Каабаны кароону өз көзөмөлүнө алды.

4-Ажылардын суусун камсыз кылуу, Меккеге келген ажылардын суусун камсыз кылуу үчүн көлмөлөрдү курдуруп, таттуу болуш үчүн ал сууга курма жана жүзүм суусундуктарынан аралаштырды, эгер Меккеге келген ажылар суусаса ошол көлмөлөрдөн ишчү.

5-Ажылардын тамагын камсыз кылуу, Кусай Курайш уруусуна белгилүү бир өлчөмдө келген ажылар үчүн акча чыгарууну мыйзам катары киргизип койду. Анткени ажыларды конок катары сыйлаш үчүн жана келген ажылардын кимисинде тамак ашы түгөгөн болсо ошол тамактан азыктануу үчүн.

Ушулардын баарын Кусай өз мойнуна алды, ал эми Кусайдын уулу Абдуманнаф эл арасында кадыр баркка жетип көрүнүктүү болуп калган эле, Кусайдын чоң уулу Абдуддаарга

атасы: “Эгер эл-журт сени көтөрсө менин артымдан Курайшты башкарууну сага калтырып кетем” деп баласына айтты да Чогулуш үйүн, Аскер башчылыгын, Каабаны көзөмөлдөөнү, ажылардын суусун жана тамагын камсыз кылууну сага тапшырып кетем деп осуят кылды. Кусуйдын сөзүн эч ким эки кылчу эмес, Кусай тирүү кезинде да каза болгондон кийин да жолун балдары улап кетти. Кусай бул дүйнөдөн кош айтышып каза болгондон соң, артынан калган балдары эч уруш талашсыз Мекке башкармалыгын улантып келди, ал эми Кусайдын уулу Абдуманнаф каза болгондон кийин анын балдары менен Абдуддаардын балдарынын ортосунда жаңжал чыгып Мекке башкармалыгын талашып кетищти. Ошентип Курайш уруусу экиге бөлүнүп, эки тараптын ортосунда чоң уруш чыгууга аз калганда, эки тарап бир пикирге келүүнү чечип, Мекке башкармалыгын бөлүшүп алды. Абдуманнафтын балдары ажылардын суусун жана тамагын камсыз кылууну алды, ал эми Абдуддаардын балдары Чогулуш үйүн, Аскер башчылыгын жана Каабаны көзөмөлдөөнү алды. Абдуманнафтын балдары өз ара чүчү-кулак ташташып ал чүчү-кулак Хашимге чыкты да, ошондон баштап Хашим өмүрүнүн аягына чейин ажылардын суусун жана тамагын камсыз кылууну башкарды. Хашим каза болгондон соң иниси Муталип бин Абдуманнафка өттү, ал эми Муталип каза болгондон кийин, Пайгамбарыбыздын (САВ) чоң атасы Абдумуталипке өттү. Абдумуталип Хаашим уулу, Хаашим Абдуманнаф уулу болот, Абдумуталиптен соң Ислам дини келгенге чейин анын балдары башкарып турду, акырында ажылардын суусун жана тамагын камсыз кылуу Аббас Абдумуталип уулуна өттү.

Курайш уруусу жогоруда айтылган иштерден башка иштерди да өз ара бөлүшүп алган болчу, ошентип ар бири өз алдынча кичинекей мамлекет сыяктуу болгон эле, азыркы тил менен айтканда: өз алдынча кичинекей демократия мамлекеттерин курушту. Бул башкаруу системасы азыркы

парламенттик башкаруу системасына окшоп кетет деп айтсак болот, бул башкаруунун бир азын айтып өтөлү:

## *Араптардын жалпы падышалыгы:*

Жогоруда айтып өткөндөй Кахтаний жана Аднаний уруулары ар тарапка көчүп кеткен араптар өз ара да уруу уруу болуп бөлүнүп жашашкан. Хийра жеринде жашаган араптар Хийра падышалыгына баш ийип турган, Шам жеринде жашаган араптар Гассан падышалыгына баш ийип турган, ал эми бул падышалыка баш ийгендер чындыгында арап эместердин башкармалык астында турган. Ал эми арап чөлдөрүндө жашаган араптар өз алдынча эркин мамлекет сыяктуу жашап келген.

Чындыгында чөлдө жашаган араптар уруу уруу болуп жашап, аларды уруу башчылары башкарып турган. Бул уруулар өз алдынча кичинекей мамлекет сыяктуу болуп жашашкан. Булардын саясаты өз алдынча уруу уруу болуп бөлүнүү, ал эми ич ара биримдик жагынан өз жерлерин душмандан коргоо болгон.

Уруулардын башчылары падыша сыяктуу болуп келген, ал эми ошол уруунун эли тынчтык же согуш абалы болобу ж, б, у, с, иштерде уруу башчысынын айтканынан чыккан эмес. Бул уруу башчылары башкарууда зордук зомбулук режими менен башкарып, күчтүү диктатор сыяктуу болуп келген, жада калса бир уруу башчысы ачуусу келсе анын артынан миңдеген адамдар кылычтарын көтөрүп артынан ээрчип чыгышкан, ал уруу башчысы эмнеге ачууланганын да сурашкан эмес. Ал эми бир туугандардын балдары элдин арасында жоомарттыкта, кең пейилдикте, берешендикте, конокту сыйлоодо, жумшак мүнөздүүлүктө, баатырлыкта жана башканы коргоодо элдин мактоосуна татуу үчүн өз ара атаандаштык кылаар эле, бул атаандаштыкта уруулардын төкмө акындары да бири-бирине болгон төкмө акындыгын айтууда чоң ролду ойногон, анткени

ошол уруунун даражасын көтөрүү үчүн айтыш сыяктуу атаандаштыктар өтүп турчу.

Урууларды башкарып турган башчыларынын өзгөчө укуктары болгон алар: олжо бөлүштүрүүдө башчылар олжонун төрттөн бирин алышкан. Олжону бөлүштүрө электе башчы эң жакшысын өзүнө алган, элине келатканда жолдо эмне чыкса аны башчы өзүнө алган, ашыкча нерсе дегенди да алган, ашыкча нерсе дегени жоокерлердин санына жетпей калган нерселер; мисалы ат, төө жана ушуга окшогон нерселер.

## ***Араптардын жүргүзгөн саясаты:***

Жогоруда арап падышалыктарын айтып өттүк эле, эми араптардын жүргүзгөн жалпы саясаты тууралуу кеп кылмакчыбыз. Арап жерлери негизинен Хийра, Шам жана арап чөлдөрү болуп үчкө бөлүнүп, үчөө тең башка улуттар менен чектеш болуп жашап келген. Булардын баары саясат жүргүзүү жагынан өтө алсыз болушкан, анткени араптардын кээ бири кул болсо кээ бири бий, падыша болуп келген, же болбосо башкаруучу жана кулдар, ал эми башкаруучулары болсо – алардын ичинен башка улуттар да болгон перс жана Византиялыктар сыяктуу – бардык укук алардын колунда болгон, ал эми кулдар жана кедейлер болсо алардын колунда эч кандай укук жок болгон. Муну түшүнүктүүрөөк кылып айтсак кулдар жана кедейлер түшүм берген бакча сыяктуу болуп жыйнаган түшүмдөрүн бийлер үчүн иштеп берген. Кулдардан жана кедейлерден алгандарын бийлер өз кызыкчылыгына, напси-кумарына, каалаган нерсесине жана өздөрүнүн душмандарына каршы иштетишкен. Ал эми жалпы инсандардын үстүнөн зордук зомбулук өкүм сүрүп, алардын арыз-муңун уга турган эч ким жок болгон, алсыз күчсүздөрдүн үстүнөн ар түрдүү азаптар, кыйноолор болуп, бай бийлер алардын үстүнөн каалаган өкүмдөрүн жүргүзүп турган, арап чөлдөрүндө жашаган башка арап уруулары майда-майда болуп

бөлүнүп, аларда эч кандай чечкиндүү кадамдар жок болуп, ар кимиси өз кызыкчылыгы үчүн жашап келген, бул уруулар кээде Ирак араптарына кошулуп кетсе, кээде Шам араптарына кошулуп кеткен. Ал эми чөлдө жашаган арап урууларынын эч кандай биримдиги жок болуп, бири бири менен ар дайым уруу уруу болуп же болбосо дин дин болуп бөлүнүп урушуп келген.

Буларды эркиндике үндөй турган бир падышалык болгон эмес жана оор акыбалда кайрыла турган бир мыйзамы да болгон эмес.

Ал эми Хижаз жеринде жашаган араптардын өкүмүнө башка араптар урмат сый менен карашкан, анткени булардын (борбору Мекке болгондуктан) дин борбору болуп турган. Чындыгында булардын мыйзамы дүйнө жана дин мыйзамы менен аралаш болгон, ал эми ажыга келген зыяратчыларга Ибрахим Пайгамбардын шарият өкүмү менен өкүм жүргүзүшкөн. Жогоруда айтып өткөндөй Хижаз араптарынын башкаруу системасы парламенттик башкаруу сыяктуу болгон, бирок бул система Эфиопиялыктар бастырып келгенде алсыз болгондой, бул башкаруу системасы башка күчтөрдүн алдында алсыз болгон.

## *Араптардын диндери*

Негизинен араптардын көпчүлүгү Ысмайыл Пайгамбардын динин карманышкан, анткени Ысмайыл Пайгамбар атасы Ибрахим Пайгамбардын динине үндөп көпчүлүк араптар ошол динди тутунуп келген, көптөгөн жылдар бою араптар Ысмайыл Пайгамбардын динин карманышып жалгыз Аллахка сыйынып келишти. Көптөгөн жылдар өткөндүгү себептен кээ бир дин эрежелерин унутуп калышса да жалгыз Аллахка сыйынууну жана Ибрахим Пайгамбардын алып келген дин эрежелеринин бир канчасын унутушкан жок. Хузааьа уруусунун башчысы Амру бин Лахий келгенче Ысмайыл жана Ибрахим Пайгамбардын динин

карманышты, ал эми Амру бин Лахий жакшы тарбия көрүп чынчыл жана дин эрежелерин сактап келген инсандардан болчу. Ошол себептен аны чоң дин аалымы катары санашып инсандар аны жакшы көрүп дин кармануудa артынан ээрчишти, күндөрдүн биринде Амру бин Лахий Шам жерине сапар кылып, ал жакта инсандар буттарга сыйынып жатканын көрдү. Бул бут парастык анын көзүнө жакшы көрүнүп акыйкат дин ушундай болот деп түшүндү, анткени көптөгөн Пайгамбарлар Шам жеринен чыккан, Меккеге кайткан кезде ал өзү менен кошо "хубал" деген бутту ала келип аны Каабанын ичине орнотуп,Мекке элин Аллахка шерик кошуп ушуга сыйынгыла деп үндөгөндө инсандар анын айтканын аткарышты. Аз өтпөй эле Хижаз эли да баары Меккенин элин ээрчип бутка сыйынып башташты. Анткени Мекке эли диндин борбору жана Каабанын ээси болгондуктан Хижаз эли да алардын артынан ээрчиди.

Хижаз элинин эң эски буттарынан бири "манаат" деген бут болчу, аны кызыл деңиздин жээгине Кадид деген жерге жакын жайгаштырышкан эле, андан соң Таиф жерине "ллаат" деген бутту коюшту, анан Ваади Нахла жерине "узза" деген бутту орнотушту. Ушул үч бут алардын эң чоң сыйына турган буттары эле. Кийинчерээк Хижаз жеринин баарына сыйына турган ар кандай буттар көбөйүп кетти. Айтылган кептерге караганда Амру бин Лахийдин жардамчы жиндери болгон экен, ошолор ага Нух Пайгамбардын коомунун – вуд, суваaь, ягуус, яьуук жана наср аттуу – буттары Жидда жерине көмүлгөн деп кабар беришиптир, анан Амру бин Лахий ал жерге келип ошол буттарга сыйынууга чакырып ал буттарды Тихама жерине алып келет, ажылык убак келген кезде ал буттарды уруу урууларга таратып берет. Ошондон баштап ар бир уруунун өзүнүн сыйына турган буту болуп андан соң ар бир үйдө сыйына турган буттар пайда болот. Ошентип араптар көп кудайчыл болуп Каабаны да буттарга толтуруп салат. Пайгамбарыбыз (САВ) Меккени алган кезде Каабадан

үч жүз алтымыш бут чыккан, аларды Пайгамбарыбыз (САВ) өз орундарынан түртүп түртүп сындырып салат да, буттарды Каабадан сыртка чыгарып салууну буйруйт, ошентип ал буттар сыртка чыгарылып өрттөлүп салынган.

Ушинтип караңгылык доордо араптар Ибрахим Пайгамбардын динидебиз деп, өздөрү ал динден чыгып кеткенин билбей көп кудайчыл бут парас болуп кетишкен.

Бул бут парастыкта араптардын өзүнчө карманган дин эрежелери болгон, ал эрежелердин көпчүлүгүн Амру бин Лахий ойлоп тапкан болчу, ал эми Амру бин Лахийдин чыгарган бул эрежелерин туура дин катары көрүшүп бул эрежелер менен Ибрахим Пайгамбардын динин өзгөртүү болуп саналбайт деп ойлошчу. Бутка сыйынууда ушуга окшогон ишеним эрежелери болгон:

1-Буттарга келип жалынып жалбарып ар кандай кыйынчылык абалда буттардан жардам сурап, алардан тилеп дуба кылышчу. Анткени Аллахтын алдында бул буттар бизге жардам берип ой максаттарыбыз ишке ашат деп ишенишчү.

2-Каабанын айланасына буттарды коюп алып,аны айланышып тооп кылып, алардын алдында кичи пейил болуп буттарга сажда кылышчу.

3-Буттарга жакын болуу үчүн аларга арнап курбандык чалышчу жана ар биринин атына атайын курбандыктарды сойчу. Бул тууралуу Куранда мынтип айткан:

وَمَا ذُبِحَ عَلَى النُّصُبِ{المائدة/3}

***“Дагы буттарга атап союлган малдын эти арам кылынды”.*** (Маида, 3-аят)

وَلاَ تَأْكُلُواْ مِمَّا لَمْ يُذْكَرِ اسْمُ اللّهِ عَلَيْهِ{الأنعام/121}

***“Аллахтын ысымы эскерилбеген нерселерден жебегиле!”.*** (Аньам, 121-аят)

4-Буттарга курбандык кылуунун жолдорунан бири тамактарынан жана ичимдиктеринен да аларга арнашчу.

Түшүмдөрүнөн жана колундагы мал-жандыктарынан да атайын буттаррына арнашчу, дагы таң калыштуусу бул тамак-аштарынан жана мал-жандыктарынан бир азыны Аллахка деп да атап койчу. Булардын ошол буттарына курбандык кылуу үчүн өтө көптөгөн жолдору бар эле. Аллахка деп атаган нерселеринен бир азын буттарына да атап койчу, ал эми Аллхатын өзүнө деп эч нерсени арнашчу эмес. Бул тууралуу Аллах Таала Куранда мындай деп билдирет:

وَجَعَلُواْ لِلّهِ مِمِّا ذَرَأَ مِنَ الْحَرْثِ وَالأَنْعَامِ نَصِيبًا فَقَالُواْ هَذَا لِلّهِ بِزَعْمِهِمْ وَهَذَا لِشُرَكَآئِنَا فَمَا كَانَ لِشُرَكَآئِهِمْ فَلاَ يَصِلُ إِلَى اللّهِ وَمَا كَانَ لِلّهِ فَهُوَ يَصِلُ إِلَى شُرَكَآئِهِمْ سَاء مَا يَحْكُمُونَ {الأنعام/136}

***"(Мушриктер) Аллах жараткан эгиндерден жана мал-жандыктардан Аллахка насип-үлүш ажыратышып, өз күмөндөрү боюнча: "Бул – Аллахка, мунусу (Аллахтан башка) кудайларыбызга" - дешти. "Кудайларына" ажыратылган нерселер Аллахка (ажыратылган үлүшкө) кошулбай, ал эми, Аллахка ажыратылган нерселер "кудайларына" (ажыратылган үлүшкө) кошула берет. (Бул) өкүмдөрү кандай жаман!!!"*** (Аньам, 136-аят)

5-Буттарына курмандык чалуунун жолдорунан бири аларга арнап назр (мал жандык союуга жана эгин берүүгө убада) кылушчу, Аллах Таала бул назр тууралуу мынтип айткан:

وَقَالُواْ هَذِهِ أَنْعَامٌ وَحَرْثٌ حِجْرٌ لاَّ يَطْعَمُهَا إِلاَّ مَن نّشَاء بِزَعْمِهِمْ وَأَنْعَامٌ حُرِّمَتْ ظُهُورُهَا وَأَنْعَامٌ لاَّ يَذْكُرُونَ اسْمَ اللّهِ عَلَيْهَا افْتِرَاء عَلَيْه{الأنعام/138}

***"Дагы алар (Аллахка жалаа жаап): "Мына бул жандыктар менен эгиндер - арам. Аларды биз каалагандан башка адамдар жебейт. Жана (мына бул) жаныбарлардын үстү(нө жүк жүктөө жана минүү) -арам. Ал эми (мына бул) жаныбарларга (аларды мууздап жатканда) Аллахтын атын айтууга болбойт" - дешти. (Бул сөздөрү) Аллахка доомат!".*** (Аньам, 138-аят)

6-Ошол курбандыктарынан бири бахийра, сааиба, васийла жана хамий деген ар кандай жаштагы төөлөрдү буттарына арнашкан, бул тууралуу Аллах Таала Куранда мынтип айтат:

مَا جَعَلَ اللّهُ مِن بَحِيرَةٍ وَلاَ سَآئِبَةٍ وَلاَ وَصِيلَةٍ وَلاَ حَامٍ وَلَكِنَّ الَّذِينَ كَفَرُواْ يَفْتَرُونَ عَلَى اللّهِ الْكَذِبَ وَأَكْثَرُهُمْ لاَ يَعْقِلُونَ {المائدة/103}

***"Аллах "бахийраны" да, "сааибаны" да, "васийланы" да, "хамийди" да (төөнүн аттары) (силерге дин буйругу) кылган эмес. Бирок, каапырлар Аллахтын атынан жалган айтышат. Жана алардан көпчүлүгү акылсыз адамдар".*** (Маида, 103-аят)

وَقَالُواْ مَا فِي بُطُونِ هَذِهِ الأَنْعَامِ خَالِصَةٌ لِّذُكُورِنَا وَمُحَرَّمٌ عَلَى أَزْوَاجِنَا وَإِن يَكُن مَّيْتَةً فَهُمْ فِيهِ شُرَكَاء {الأنعام/139}

***"Дагы алар: "Мына бул жаныбарлардын курсагындагы (баласы) эркектерибизге - адал, аялдарыбызга - арам. Эгер өлүк (туулган) болсо, анда аял-эркеги шерик болушат (экөө тең жей берет)" – дешти".*** (Аньам, 139-аят)

Бул айтылынган мал-жандыктардын тафсирин башкача деп да айтышат.

Сайид бин Мусаййаб бул мал-жандыктар жалаң гана буттарына болгон деп айтып кеткен, башка бир сахих кабарда Амру бин Лахйи эң алгачкылардан болуп үй жаныбарлардан буттарга сойгон деп айтылган. Бул курбандыктарын араптар буттарына арнап союшчу. Анткени ушундай кылуу Аллахка бизди жакындатат жана анын алдында шапаат кылат деп ишенишчү. Бул тууралуу Куранда мынтип кабар берген:

مَا نَعْبُدُهُمْ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَا إِلَى اللَّهِ زُلْفَى {الزمر/3}

***"Биз аларга (буттарга), бизди Аллахка жакын кылышы үчүн гана ибадат кылуудабыз» (дешет)".*** (Зумар, 3-аят)

وَيَعْبُدُونَ مِن دُونِ اللّهِ مَا لاَ يَضُرُّهُمْ وَلاَ يَنفَعُهُمْ وَيَقُولُونَ هَؤُلاء شُفَعَاؤُنَا عِندَ اللّهِ{يونس/18}

***"(Мушриктер) Аллахтан башка, пайда да, зыян да жеткире албай турган нерселерге ибадат кылып: "Ушулар Аллахтын алдындагы биздин актоочуларыбыз" – дешти".*** (Юнус, 18-аят)

Араптар төлгө салып ант ичишчү. Ал төлгө салууда жебе сыяктуу нерселерди колдонуп төлгө салышкан. Төлгө салуу үч түрдүү болгон. Биринчи түрү: "ооба", жана "жок" деген, бул төлгөнү сапарга чыгуу, нике ж, б, у, с, иштерде колдонушкан. Эгер "ооба" деген чыкса анда ошол ишти аткарчу, ал эми "жок" деген чыкса анда ал ишин келерки жылга калтырып, келерки жылда салышкан. Экинчи түрү: суулар жана кун төлөө сыяктуу иштерге салышкан. Үчүнчү түрү: "силерден" же "силерден башкасынан" же болбосо"жакын" деген сөздөр болгон, эгерде бирөөсүнүн теги тууралуу күмөн санашса "Хубал" деген (бут) кудайына барышып, төлгө салуучуга жүз төө берип төлгө салдырышкан, эгерде "силерден" деген чыкса анда ошолордон болгон, ал эми "силерден башкансынан" деген чыкса анда алар менен союздаш болгон, ал эми "жакын" деген чыкса анда алардын тегинен да союздаш да болгон эмес.

Бул кумар жана төлгөлөрү кумар оюнунун бир түрү болгон. Салган төлгөсү кандай чыкса ошого ылайык союлган төөлөрдүн этин бөлүшүшкөн.

Бакшы, көзү ачык жана жылдыз төлгөчү сыяктууларга да ишенишкен. Бакшы: келечекте эмне болоору тууралуу айтып берген жана сырларды да билип берем деген, кээ бир бакшылар жиндер менен иш кылабыз ошолор бизге кабарларды жеткизип турат дешкен, ал эми кээ бири көрүнбөгөн кайып нерселерди түшүнүп билебиз деп айтышкан. Булардын арасынан алдын ала болгон иштер же бир себептер болсо, ошол нерселерди сөзүнө карап, иш же акыбал ушундай болот деп көзү ачыктык кылган. Буларды көзү ачык деп койот жана булар уурдалган нерселерди,

алардын кайсыл жерде экенин жана жоголгонду ж, б, у, с, нерселерди да билип беребиз деп айтышкан. Ал эми жылдыз төлгөчү: жылдыздарды карап төлгө салат, булар ошол төлгөсү менен ааламда эмне болоорун, келечекте кандай окуя болоору тууралуу айтып беришчү. Төлгөчүгө ишенген чындыгында жылдыздарга ишенген болуп саналат. Ошол кезде жылдыздарга ишенгендер жылдыз асманда учса ошого да ишенишкен. Жылдыз асманда учса алар айтышчу ушул жылдыз учкандыгынын себебинен бизге жамгыр жаады деп.

Булардын жышаан учуруу деген адаттары да болгон. Жышаан дегени жамандыкты бир жышаан кылып билүү, мунун негизи мындай: бир кушту же болбосо бир газельди (элик сыяктуу айбан) алып келип аны коюп жиберишет. Эгерде ал оң жакты карай кетсе анда ошол көздөгөн ишин аткарышкан жана аны жакшы деп эсептешкен, ал эми сол жакты карай кетсе көздөгөн ишин аткарышкан эмес жана муну жаман жышаан деп билген. Ошондой эле жолунан кушпу же айбанбы чыкса ошону да жаман жышаан деп эсептешкен.

Дагы ушуга окшош иштеринен койондун согончогун илип коюшаар эле. Кээ бир күндөрдү, айларды, айбандарды, үйлөрдү жана аялдарды жаман жышаан деп билишчү. Жугуштуу оору жана зыян алып келүүчү нерселерге да ишенишчү. Өлтүрүлгөн инсан үчүн өч алмайынча ал тынчтанбайт, анын руху үкү кушка айланып чөл-талааларда өч алуу өч алуу же болбосо мага суу бергиле мага суу бергиле деп учуп жүрө берет экен. Качан гана өч алса ошондо гана ал тынчтанып эс алып калат деп ишернишкен.

Караңгылык доорунда ушул сыяктуу көрүнүштөр болсо да Ибрахим пайгамбардын алып келен акыйкат диндин баарын таштапай бир азы сакталып калган болчу, ал да Каабаны урматтоо жана ага тооп кылуу, ажылык, умра, Арафатта жана Муздалифада туруу жана курбандык союу сыяктуулар сакталып калган, бирок кээ бир нерселерди жаңыдан ойлоп табышкан эле.

Курайш уруусу өздөрүн Ибрахимдин урпактарынанбыз, харам мечитинин ээсибиз, Каабанын башкаруучусубуз жана Мекке элибиз деп айтып жүрүшчү, башка араптардын бул жерге биз сыяктуу эч укугу жок - өздөрүн “бекемдүү” деп аташчу (өздөрүн динге бекем деген мааниде айтылган сөз)– биз эч качан харам мечитинен чыкпашыбыз керек деп түшүнүшчү. Курайш уруусу ажылык мезгилинде Арафат тоосунда турушчу эмес, бир гана Муздалифада турушчу. Ошол себептүү төмөндөгү аят аларга түшкөн:

ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنْ حَيْثُ أَفَاضَ النَّاسُ وَاسْتَغْفِرُواْ اللّهَ إِنَّ اللّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ
{البقرة/199}

***“Андан кийин элдер (ажылар) кайткан жерден (Арафаттан) кайткыла да, Аллахтан кечирим сурагыла. Чындыгында, Аллах – Боорукер Мээримдүү”.*** (Бакара, 199-аят)

Курайш уруусу: Биз “бекемдүүлөр” ажылык убакта сырдын бетин жаппашыбыз керек, май да сурабашыбыз керек, кебезден болгон үйгө да кирүүгө болбойт, (эгер көлөкөгө олтурса) биз териден болгон гана көлөкөгө олтурушубуз керек деп айтышчу.

Курайш уруусу: Ажыга же умрага сырттан келгендер өздөрү алып келген тамакты харам мечитинде жешке болбойт деп айтышчу.

Ажыга келгендер эгер эч нерсе таппаса биринчи тоопто “бекемдүүлөрдүн” гана кийимин кийип тооп кылуу керек деп айтышчу. Кээ бир эркектер Каабаны жылаңач тооп кылышчу, ал эми аялдар болсо бардык кийимин чечип калканды гана жаап тооп кылып мынтип айтышчу:

*Бүгүн кээ бири же баары көрүнөт*
*Эмне көрүнсө эч нерсе болбойт.*

Ошол себептен Аллах Таала ушул аятты түшүргөн:

يَا بَنِي آدَمَ خُذُواْ زِينَتَكُمْ عِندَ كُلِّ مَسْجِدٍ وكُلُواْ وَاشْرَبُواْ وَلاَ تُسْرِفُواْ إِنَّهُ لاَ يُحِبُّ الْمُسْرِفِينَ {الأعراف/31}

***“Оо, Адам урпактары! Ибадатка эң мыкты кийимиңерди кийгиле. Жегиле, ичкиле, бирок ысырапкорлук кылбагыла! Анткени Аллах ысырапкорлорду жакшы көрбөйт”.*** (Аараф, 31-аят)

Эгерде Курайш сырттан келген бир эркектиби же аялдыбы сыйлай турган болсо ал ошол кийип келген кийими менен тооп кыла берчү, тооп кылып бүткөндөн соң кийимин чечип ыргытып жиберчү, ал кийимин өзүнөн башка эч ким колдончу эмес.

Курайш уруусу эхрам кийип турган убагында үйлөрүнө эшиктен киришчү эмес, үйүнүн арт жагынан бир тешик тешип ошол жактап кирип чыгышчу, бул нерсени алар жакшылык деп түшүнүшчү, ал эми Куран алардын бул кылыктарын төмөнкү аятта тыюу салган:

وَلَيْسَ الْبِرُّ بِأَنْ تَأْتُوْاْ الْبُيُوتَ مِن ظُهُورِهَا وَلَكِنَّ الْبِرَّ مَنِ اتَّقَى وَأْتُواْ الْبُيُوتَ مِنْ أَبْوَابِهَا وَاتَّقُواْ اللّهَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ {البقرة/189}

***“Үйүңөргө арт жагынан кирүүңөр жакшылык эмес, бирок, жакшылык – бул Аллахтан корккон кишинин пейилдеринде жатат. Үйүңөргө эшиктеринен киргиле жана Аллахтан корккула! Ошондо гана жеңишке (Бейишке) жетсеңер ажеп эмес!”.*** (Бакара, 189-аят)

Араптардын көпчүлүгүнүн тутунган дини ширк жана буттарга сыйынуу болгон жана алар ар кандай ырым-жырымдарга ишенишкен, ошол себептен жөөттөр, християндар, от парастар жана жылдызларга сыйынгандар (Саабиьий дини) араптардын арасына кирип алышкан.

Жөөттөрдүн арап жерлерине келүүсү – эң эле аз дегенде - эки жолу болгон:

**Биринчиси:** Палестин жергесин Бабилийлер жана Ашурийлер алгандан кийин болгон. Ошол кезде (587-жылы

биздин заманга чейин) Бахтанассар деген падыша жөөттөрдүн жерлерин, сыйынган буттарын кыйратып кысымга алган жана көпчүлүгү туткунга түшкөн. Ошондо жөөттөр Палестинди таштап Хижаз жеринин түндүк жагына көчүп келишкен.

**Экинчи көчүү:** Византиялыктар Баттус Руманий деген аскер башчынын Палестин жергесин 70-жылы басып алгандан соң башталган, жөөттөрдүн көчүүсүнүн себеби да ошол Византиялыктар жөөттөрдү кысымга алып алардын сыйына турган үйлөрүн кыйратып баштагандан кийин бир канча жөөт уруулары Хижаз жерине көчүп барып Ясриб, Хайбар жана Тийма жерлерине отурукташат. Көчүп келген жерлерине айыл-кыштактарды, коргонуу тосмолорун жана чептерди куруп жашап калышкан. Кээ бир араптар көчүп келген жөөттөрдөн таасирленип жөөт динине кирген араптар да болгон. Ошондуктан жөөттөрдүн кээ бир саясаты Ислам келээрден алдың араптардын арасында колдонулуп келген. Ал эми Ислам дини келген кезде жөөттөрдүн белгилүү болгон уруулары ушулар эле: Хайбар, Надир, Мусталак, Курайза жана Кайнука уруулары болгон, ал эми Самудий деген аалым “Вафаа ал-Вафаа” деген китебинде (116-б) көчүп келген жөөт уруулары жыйырмадан ашат деп эскерген.

Ал эми Йемен жерине жөөттөрдүн дини Табан Асьад абу Карб тарабынан кирген. Табан Асьад Ясриб жерине урушканы барып ал жерден жөөттөрдүн динин кабыл алат да өзү менен кошо Йеменге Курайза уруусунан дин илимин билген эки илимдүү жөөттү алып келет. Ошондон баштап Йеменде жөөттөрдүн дини тарай баштайт. Ал эми Табан Асьаддан соң баласы Юсуф Зу Наввас бийликти алганда Нажран элиндеги християндарга жөөт динин кабыл алууга чакырат, бирок Нажран эли бул динди кабыл алуудан баш тартышканда аларга Юсуф аң казып, ал аңга алоолонгон от жагып Нажран элин эркек аялына карабай, жада калса кичинекей бөбөктөрдү да, картайып калган кемпир чалдарды да карабай ошол отко таштап азаптайт. Бул окуяда жыйырма миңден кырк миңге

чукул адам өлгөн деп да айтылып келет. Окуя октябрь айында 523-жылы болгон деп айтылган, ал эми Куранда окуянын бир бөлүгүн “Буруж” сүрөсүндө эскерип өткөн.

Ал эми християн дини арап жерине Эфиопия жана Византиялыктар арап жерлерин басып алгандан кийин келген. Эфиопия эң алгач Йеменди 340-жылы басып алган, алардын өкүмү Йеменде 378-жылга чейин уланып ошол убактын ичинде християн динине үгүттөөчүлөр Йемен элин үгүттөп жүрүшкөн, ошол үгүттөөчүлөрдүн арасында дубасы кабыл болгон, кереметтүү киши Фимион аттуу инсан Йемендин Нажран деген жерине барып аларды хрестян динине үгүттөй баштаган. Ал эми Нажран эли ал инсандын чынчыл, таза жана чакырган дини туура экенин көрүп християн динин кабыл кылышат.

Эфиопия Йеменди басып алып алардын өкүмдарлыгы Йеменде толук жүрүп калгандан соң, Йеменге Абраха аттуу инсан падыша болуп Юсуф Зу Наввастын Йемен християндарына кылган кылыгына жооп катары Абраха ал жерге толук күчү менен християн динин тарата баштайт. Жада калса Йеменге Каабаны куруп салат. Анткени Абраха араптардын ажылыгын Йемен тарапка бургусу келип Меккедеги Каабаны бузууну каалайт, бирок Кудуреттүү Аллах Таала Абраханын Каабаны бузам деген ишин жер менен жексен кылып салат.

Християн динин Гассан араптары, Таглиб, Тай жана башка бир канча уруулар да кабыл кылышат. Анткени алар Византиялыктарга кошуна жашашчу. Хира жериндеги кээ бир араптардын падышалары да християн динин кабыл кылышкан.

Ал эми отпарастыкты перстерге кошуна болуп жашаган көпчүлүк араптар кабыл кылышкан. Ирак, Бахрейн, Хижар жана деңиз жээгиндеги Халиж араптары кабыл кылышкан. Перстер Йеменди басып турган убакта кээ бир Йемендик араптар да отпарастыкты кабыл алышкан болчу.

Саабиьий дини болсо Ирак жерлерин казып ал жерлерден Саабиьий дининен калган тарыхый калдыктарды табышкан, ал эми бул дин Ибрахип пайгамбардын дини болгон жана аны Калдан эли карманган. Бул динди өткөн замандарда Шам элинин көпчүлүгү жана Йемен эли да тутунуп келгендиги маалым. Бирок жөөт жана християн диндери жаңы чыккандан баштап Саабиьий дини өз күчүн жоготуп алсыз болуп калгандыгы белгилүү болгон, бирок бул динди кармангандар кийинчерээк башка отпарастардын динине аралашып кетип Саабиьий дини Ирак жана деңиз жээгиндеги Халиж араптардын бир азында сакталып калган.

## *Дин акыбалы:*

Ушул жогоруда айтып өткөн диндер Ислам дини келээрден алдың араптардын тутунган дини болуп келген. Чындыгында бул диндердин баары чындыка коошпогон акыйкаттан бурулуп кеткен дин болуп калган. Мушриктер болсо өздөрүн Ибрахим пайгамбардын дининдебиз деп келишкен. Бирок Ибрахим пайгамбардын алып келген дининен узакташып кеткен. Жакшылыка буйуруп жамандыктан кайтаруу, адеп-аклактуулук деген нерселер жок болуп, күнөө иштер көбөйүп, жылдар өткөн сайын башка бутпарастарга окшоп динде жок ар түрдүү болбогон нерселерди динге киризип салышкан. Ошондуктан ушуга окшогон бузулуулар коомчулукта, саясатта жана дин иштеринде өтө чоң ар түрдүү жаман таасирлерди калтырып келген.

Ал эми жөөттөрдүн дини болсо көз көрдүгө айланып башчылары Алахты унутуп өздөрүн Кудайларга айландырып алышкан. Адамдарга ар түрдүү болбогон өкүмдөрдү жүргүзүп, бир нерсени ойлонсо,шыбыраса да ошого да өкүм кылып чектен чыгып кетишкен. Жүргүзгөн бийлигинин максаты байлык жана башкаруу болгон. Эгер дин жоголсо дин безерлик каапырлык кеңири тарап, Аллах буюрган динди үйрөнүү жана

ар бир жан Аллахтын берген динин улуктоо деген нерсе жок болот.

Християн динине бутпарастык аралашып, Аллах менен инсанды айырмалай албай турган таң калыштуу нерселер кирип кеткен. Араптарга бул дин чыныгы таасирин бере алган эмес, анткени араптар өздөрү ойлоп тапкан динде жок нерселерди кармангандыгы себеп болуп бул динди таза кармай алышкан жок жана аны таштап да салышкан жок.

Ал эми жалпы араптардын тутунган дини мушриктердин динине окшош болуп, дин карманууда бири-бирине окшош, ишенимдери диндеги болгон адат-салттары бир-бирлерине жакын болгон.

## *Караңгылык доорундагы арап коомчулугунун жашоосу*

Араптардын саясаты жана дини тууралуу жогоруда кабар берип өткөндөй, алдыда алардын социялдык абалы, экономикасы жана кулк-мүнөзү тууралуу кыскача баян кылып өтмөкчүбүз.

### *Социялдык абалы:*

Арап коомчулугунда жашоо турмуштары ар түрдүү болуп бир-биринен айырмаланып турган, кадыр-барктуу үй-бүлөдө эркек кишинин ролу үй-бүлөнүн алдында өтө чоң болгон. Ошондой эле барктуу нарктуу үй-бүлөдөгү аялдын сөзү аткарылып каалаган нерсесин жасап да аткара да алган. Ушундай аялдарды урматташып сакташып, ал үчүн адамдар бири-бирине кылыч көтөрүп, кан төгүүлөргө чейин барышкан. Араптардын көз карашында эгер бир киши берешендикте,баатырлыкта мактанып сыймыктанууну кааласа көпчүлүк учурларда аялдарды айтып мактанчу. Барктуу

аялдар эгер кааласа эки урууну тынчтыка алып келген, кааласа экөөнүн ортосунда жаңжалды пайда кылып согуштуруп койо алган, ошондой болсо да эч талашсыз үй-бүлөнү башкаруу эркектин колунда болгон. Үйлөнүү жаатында эркек үйлөнүүнү кааласа сөссүз кыздын ата-энесинин макулдугу менен алып, кыз аларга каршы эч нерсе айтууга акысы жок болгон. Мындай үйлөнүү барктуу нарктууларда гана болгон, ал эми башка даражадагы адамдардын арасында эркек менен аялдын ортосунда баш аламандык болгон, бул нерсени биз сойкулук, уятсыздык жана бузукулук деп гана түшүндүрсөк болот, бул тууралуу Абу Дауд риваят кылган сөзүндө Айша РА мындай деп кабар берет: “Караңгылык доордо үйлөнүү никеси төрт түрдүү болуп бөлүнгөн.

**Биринчиси:** Бүгүнкү күндөгү сыяктуу адал нике үйлөнүүсү. Бул үйлөнүүдө эки тарап макулдашып, сүйлөшүп аялдын акысын (калыңын) берип анан үйлөнгөн.

**Экинчиси:** Бир эркек аялы этек киринен тазалангандан кийин ага күйөөсү: тиги кишиге бар да андан тукумдашууну талап кылып боюңа бүтүр деп айткан, ошентип ал аял ошол эркектен боюнда болгондугу билинмейин күйөөсү аялы менен жакындашкан эмес, боюна бүткөнү билингенден соң гана аялы менен жакындашкан, бул нерсени төрөлгөн баланын акылдуу, (таланттуу же баатыр) болушу үчүн гана кылган. Бул никени тукумдашуу никеси деп аташкан.

**Үчүнчүсү:** Онго жетпеген кишилер чогулуп баары бир аялга кирип жакындык кылышкан. Эгер ошол аялдын боюна бүтүп,уул төрөгөн болсо төрөгөндөн соң жанагы кишилердин баарын чакыртып алып,аларга мынтип айтаар эле: бул уул силерден болгон бала экендиги баарыңарга маалым, эми бул бала сенин балаң, деп аял жанагы эркектердин арасынан кимди жакшы көрсө ошонун атын айтаар эле да анан ал бала ошол эркектин баласы болуп калган.

**Төртүнчүсү:** Көп эркектер чогулуп бир аялга жакындык кылуу үчүн киришкен, ал эми ал аял эркетердин кирүүсүнө

тоскоолдук кылган эмес. Анткени аялдын өзү сойку болгон. Мындай аялдардын эшигинин алдында желек сыяктуу бир белги болуп кайсыл эркек каалаcа ага кире берген. Эгер ал аял бюна бүтүп уул төрөсө,ошол эркектерди чогултуп бир төлгөчүнү чакыртып,ал төлгөчү аларга төлгө салып кимисине чыкса ал бала ошол эркетин баласы болуп,ал эркек андан баш тарта алган эмес. Ал эми Мухаммед САВ Ислам динин алып келгенден соң караңгылык доорундагы никелердин баарын жок кылып, азыркы күндөгү Ислам буюрган адал никени гана калтырган.

Араптардын эркек менен аялдын ортосунда чогулуштар болот эле. Ал чогулушта согушту белгилешип,бири-бирине кылычтарды көтөрүп найзаларды сайышкан. Уруу уруу болуп урушкан согушунда кайсыл уруу жеңген болсо жеңилген уруунун аялдарын тартып алып өздөрүнө күң кылып алган, ал эми ошол күң болгон аялдардын балдары башкалардын колунда өмүр бою кордук көрүп запкы жеп өткөн.

Караңгылык доордо араптар аял алууда эч кандай чек болбой канча аял каалаcа ала берген. Бир тууган эже сиңдилерди да ала беришкен. Эгер ата аялына талагын берсе же болбосом каза болуп калса баласы атасынын аялын да ала берген. Бул тууралуу “Ниса” сүрөсүнүн 22, 23-аяттарында так жазылган. Ал эми талак жаатында болсо эч кандай чектөө жок болуп,эркетер талакты каалашынча бере берген.

Зына бузукулугу жалпы арап коомчулугун каптап, бул бузукулукта биз эч бирин белгилеп айта албайбыз. Бир гана кээ бир өз кадырын сактай билген эркектер жана аялдар ушул сыяктуу бузуку жана пас ишке барган эмес. Ал эми эркин аялдар (күң же кул эмес аялдар) күң аялдарга караганда акыбалдары бир кыйла жакшы болуп зордук зомбулука кабылгандардын баары бир гана күң аялдар болгон. Караңгылык доорунда көпчүлүк эле араптар ушуга окшогон бузуку ишке баруудан эч уялышпай жасай беришкен. Бул тууралуу Абу Дауд риваят кылган сөзүндө Амру ибну Шуьайб

атасынан жана чоң атасынан риваят кылып мындай дейт: «Бир киши ордунан туруп мынтип айтты: Оо, Аллахтын элчиси! Баланча деген бала менин балам, анткени анын апасы менен мен караңгылык доордо зына кылган элем» анда Пайгамбарыбыз САВ ага карап мындай деди: **«Ислам келгенден соң (баланы тигиники мунуку деп айтуу) жокко чыгарылды, анткени караңгылык доор кетти, бала төшөктүн (баласы) ал эми бузукулук кылганга эч нерсе жок».** Бул окуя Саад ибну Аби Ваккас менен Абдурахман ибну Замьанын ортосундагы Абдурахмандын күң аялынан болгон баланы талашуу тууралуу айтылган окуя.

Кээ бир араптар кыздарын кичинекей кезинде намыстанып же болбосо багуудан кыйналбас үчүн аларды тирүүлөй көмүп салышкан. Уул балдарын да жарды жакырлыктан коркуп өлтүрүп салышаар эле. Бул тууралуу «Аньаам» сүрөсүнүн 151, «Нахл» сүрөсүнүн 58, «Хашр» сүрөсүнүн 17 жана «Таквир» сүрөсүнүн 8-аяттарында баяндап кеткен. Мындай адатты биз бардык араптарга жайылган деп айтуудан алыспыз. Ошондой эле араптар ошол убакта душмандан коргонуу үчүн көп балалуу болууга муктаж эле. Ал эми тууганчылык жактан алсак биртуугандар, атасынын бир туугандарынын балдары жана өз уруусу менен өтө күчтүү жана бекем мамиледе болгон, тууганчылык, урууучулук дегенде өтө катуу туруп, өз уруусу үчүн жанын берген. Урууучулук же тууганчылык деген нерсе жалпы коомчулуктун мыйзамы болуп келген, **«Заалым (тууганыңа да) же кордук көргөн тууганыңа да жардам бер»** деген сөздүн Исламда айтылган мааниси жагынан колдонбой эле, тууганы заалым болсо да ага жан тарткан кордук көрсө да ага жан тарткан, ал эми бул сөздүн Исалмда айтылган мааниси: заалымды заалымдыгын токтотконго жардам бер деген мааниде айтылган. Кадыр-баркты жана башчылыкты талашуу жагынан ата теги бир атадан тараган уруулар уруу уруу блуп согушканга чейин барышкан. Бул нерсени биз Аус жана Хызраж, Абас жана

Зибян, Бакр жана Таглиб жана башка урууларды̆н ортосунда болгон согушту мисал кылып айтаар элек.

Ал эми эки уруунун ортосундагы болгон мамиле жокко эсе болуп, согуш учурларында алар эч кандай биримдикте болбой чачыранды болушкан. Диндеги жана динде жок үрп-адаттардын кээ бири анча-мынча коркунучтун курчуп кетүүсүн токтотоор эле. Кээ бир учурларда союздаш болгон ар түрдүү уруулар чогулуп турган. Тыюу салынган айлар көптөгөн соода-сатык жана башка иштерин аткарууга жардам берген. (Караңгылык доордо араптардын белгиленген төрт айы бар эле ошол айларда согушуу, урушуу, кол салуу жана башка көптөгөн терс көрүнүштөр тыюу салынган ушул айларды өздөрүнө мыйзам кылып киргизип алган болчу. Ошондуктан ошол айларды тыюу салынган айлар деп атап ошол айда араптар көптөгөн иштерин соода сатыктарын аткарууга үлгүргөн).

Сөздүн кыскасы: социялдык абал күчсүздүктүн эң чегине жетип, караңгылык басымдуулук кылып турган, болбогон үрп-адаттар жана жок нерселер күчүнө кирип, инсандар айбан сыяктуу жашап калышкан. Ал эми аял заты болсо буюм сяктуу сатылып, кээ бирде аларга айбан же бир буюм сыяктуу мамиле жасашкан. Күң аялды болсо адам катары көрүшкөн эмес, бийлердин көпчүлүк кызыкчылыгы кол астындагыларды иштетип казынасын толтуруу болгон, же болбосо башкаларга кол салуу болгон.

## *Экономикалык абалы:*

Араптардын экономикасы социялдык абалынан кийин эле турган. Бул тууралуу алардын ар түрдүү жашоо турмушуна карап көрсөк айкын болот. Соода сатык алардын жашоодогу эң эле орчундуу кирешеси болуп турган. Ал эми ошол соода сатык иштерин жүргүзүү үчүн араларында тынчтык жана бейпилдик болгондо гана жакшы жүргөн. Соода иштерин

тыюу салынган айларда гана жүргүзө алган. Ушул айларда араптар белгилүү болгон базарлары Указ, Зил-Мажаз, Мажанна жана башка базарларында көптөгөн келишимдерди түзүшкөн.

Ал эми өндүрүш жагынан араптар эң артта калган коомдордон болгон. Өндүрүштүн көпчүлүгү токуучулук, тери ашатуу жана башка өндүрүштөр болуп бул иштерди Йемен, Хийра жана Шам араптары жасашкан. Ал эми багбанчылык, дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен да шугулданышаар эле. Арап аялдарынын көпчүлүгү кездеме токуу жаатында да иштешкен, бирок кээ бир буюмдары согуш учурунда талап тоноого кабылып кеткен. Ал эми жакырчылык жана ачарчылык жалпы арап коомуну каптап турган.

## *Адеп-аклагы:*

Караңгылык доорунда араптарадын адеп-аклагы жүрүм туруму өтө пас жана акылга сыйбагандай начар абалда болуп тургандыгы маалым, бирок ошондой болсо да алардын кээ бир кулк-мүнөздөрү өтө жогору, инсанды таң калтыра турган мактоого татыктуу даражада болгон, ошол мүнөздөрүнөн айта кетсек:

1 Берешендик жана марттык, берешендикте араптар бири- бири менен жарышып сыймыктанаар эле, акын ырларынын жарымы берешендик туурасында мактоо алкоолорду айтышкан. Эгер бир араптын үйүнө ушундай бир суук жана ачкачылык убагында конок келген болсо, анын үйүндө өзүнө жана үй-бүлөсүнө бере турган эч нерсеси жок, турмуш-тиричилигине жарап турган жалгыз гана төөсү бар. Ошол кезде үй ээсинин берешендиги күчөп ошол жалгыз төөсүн коногу үчүн союп берген. Марттык,жоомарттыктын белгиси кээ бир учурларда өтө чоң деңгээлдеги кун төлөөлөрдү жана башкаларды куткарууну өз мойнуна алышкан, ушундай кылып кан төгүүлөрдү жана башка бир топ

жамандыктарды токтотуп кала алган. Мындай кең пейилдик менен падышалар жана бай-бийлердин алдында сыймыктанышкан.

Вино,арак ичимдиктерин ичүү боюнча да мактанышып жарышаар эле. Бул нерсени ичимдиктин өзүн ичүү боюнча мактанышкан эмес,бирок, аны ичүү менен бирге адам баласы берешен болуп калгандыгы үчүн мактанышкан. Ошондуктан жүзүм дарагын да марттык, жоомарттык дарагы деп аташаар эле. Андан чыккан ичимдикти март, жоомарттын виносу деп коюшкан. Караңгылык доорундагы айтылган ыр саптарын карасаң мактануу жана сыймыктануу жөнүндө өтө көптөгөн ыр саптары жазылган.

Кумар оюндарын ойноонун натыйжасында да берешен болушкан. Кумар да берешендик болуунун бир жолу деп түшүнүшөөр эле, анткени кумар оюнунан уткандар кедей-кембагалдарга жардам берген. Ошондуктан Куранда арак жана кумардын пайдалуулугун четке каккан эмес бирок:

وَإِثْمُهُمَآ أَكْبَرُ مِن نَّفْعِهِمَا{البقرة/219}

***“Бирок, күнөөсү пайдасынан чоңураак”.*** (Бакара, 219) деп айткан.

2 Убадага туруу деген адеп аклактары болгон. Убаданы араптар дин катары бекем карманышып убада кылгандыктын себебинен балдарын да өлтүрүшкөн, үйүн да кыйратууга алып барышкан.

3 Өзүн бийик алып жүрүү деген сыпат болуп эч качан кемсинтүү жана кысым көрсөтүү деген нерселерди кабыл кылган эмес. Ушундай сыпаттардын натыйжасында эрдүүлүк жана кайраттуулук пайда болуп, бир нерсе болсо бат ачуусу келген. Эгерде араларында кемсинтүү паска уруу сыяктуу сөздөрдүн жыты келип калса бат эле бири-бирине кылыч көтөрүп согушканга чейин барышкан. Ушуга окшогон сыпаттарды көтөрүп жүрүү үчүн өз жанын бергенге да даяр турушкан.

4 Чечкиндүүлүк,чечим чыгарса ошону аткаруу, эгерде бир нерсени аткарууда чечим чыгарып, ошону аткарууда атак-даңк, сыймык деген нерсе болсо аны сөссүз аткарып эч ким аны токтотуп кала алган эмес,жада калса ал үчүн өз жанын кыйганга даяр болгон.

5 Жумшактык,чыдамдуулук, бул сыпаттар менен мактоого татышкан, бир гана баатырдык жана бат ачуулангандыгы болбосо бул сыптаттар да араптарда өтө жакшы адеп-аклак жана сыпат болуп келген.

6 Жөнөкөйлүк, араптарда жөнөкөйлүк сыпат болуп ар кандай булганыч цивилизациядан оолак болушкан. Ушундай сыпаттардын натыйжасында алар чынчыл жана аманатчыл болуп кыянаттык жана калпычылык нерседен узак болушкан.

Ушул сыяктуу жакшы адеп-аклактар – жер шаарында арап жарым аралы географиялык жактан орчундуу жерде жайгашкандыгы – жалпы адам затына келе турган акыйкат динди көтөрө ала тургандыгы себептен ушул коом тандалды, анткени бул сыяктуу адеп-аклактар – бул аклактардын кээ бири начар жана жамандыкты алып келе турган болсо да – жакшы мүнөздүүлүктө өтө чоң даражада болуп турган жана жогоруда айтылган жакшы сыпаттардын баары келечекте жалпы адам затына жакшы таасирин калтырып кетүү үчүн болгон. Ушундай мүнөздөрдү Ислам дини келгенде гана жогору көтөрдү.

Убадага туруу деген мүнөздөн кийин эле турган эң пайдалуу чечкиндүүлүк деген мүнөз башка жаман нерселерге жол бербөөгө жана адилеттүүлүктү, кайрымдуулукту орноштурууда, чечкиндүүлүк балким чоң таасирин берди.

Араптардын жогоруда айтып өткөндөн башка дагы жакшы кулк-мүнөздөрү болгон, ал эми биздин максат алрды изилдөө эмес.

# *Пайгамбарыбыздын САВ ата теги жана үй-бүлөсү*

## *Пайгамбарыбыздын САВ ата теги:*

Пайгамбарыбыздын САВ ата теги үч бөлүкө бөлүнөт: биринчиси Пайгамбарыбыздын САВ өмүр баянын жазган аалымдар жана ата текти изилдеген аалымдар. Пайгамбарыбыздын САВ Аднанга чейинки ата тегин изилдешип баарын туура жана так табышкан, экинчиси Аднандан Ибрахим АС чейинки ата тегин изилдешип ушул экөөнүн ортосунда туура эместик болуп калуусу да ыктымал деп айтышкан. Ал эми үчүнчүсү Ибрахимден АС баштап Адамга АС чейин изилдешип,бул экөөнүн ортосунда изилденген ата тектердин арасында туура эместик болуусу шексиз деп табышкан. Алдыдагы айтып өткөн темаларыбыздын биринде бул тууралуу бир аз айтып өткөн элек,анда эмесе эми кеңири баян кылып кетели:

**Биринчи бөлүгү:** Мухаммед САВ Абдулла уулу, Абдулла Абдулмуталип уулу, Абдулмуталиптин бир аты Шейба, Абдул-Муталип Хаашим уулу, Хаашимдин бир аты Амру, Хаашим Абдуманнап уулу, Абдуманнаптын бир аты Мугийра, Абдуманнап Кусай уулу, Кусайдын бир аты Зейт, Кусай Килаб уулу, Килаб Мурра уулу, Мурра Кааб уулу, Кааб Луьай уулу, Луьай Гаалип уулу, Гаалип Фихр уулу, Фихрдин Курайш деген наамы бар ошондуктан Курайш уруусу Фихрдан тараганы үчүн Курайш деп аталып калган. Фихр Малик уулу, Малик Нудар уулу, Нудардын бир аты Кайс, Нудар Кинаана уулу, Кинаана Хузайма уулу, Хузайма Мудрика уулу, Мудриканын бир аты Аамир, Мудрика Иляс уулу, Иляс Мудар уулу, Мудар Низар уулу, Низар Маьад уулу Маьад Аднан уулу.

**Экинчи бөлүгү:** Аднандан жогоркусу, Аднан Ад уулу, Ад Хамисаь уулу, Хамисаь Саламан уулу, Саламан Аус уулу,

Аус Буз уулу, Буз Камвал уулу, Камвал Аби {Гамам} уулу, Аби Авам уулу, Авам Наашид уулу, Наашид Хаза уулу, Хаза Балдас уулу, Балдас Ядлаф уулу, Ядлаф Таабих уулу, Таабих Жаахим уулу, Жаахим Наахиш уулу, Наахиш Маахи уулу, Маахи Аид уулу Аид Абкар уулу, Абкар Абид уулу, Абид ад-Дуа уулу, ад-Дуа Хамдан уулу, Хамдан Санбар уулу, Санбар Ясрибий уулу Ясрибий Яхзан уулу Яхзан Ялхак уулу, Ялхак Арьава уулу, Арьава Аид уулу, Аид Дийшан уулу, Дийшан Айсар уулу, Айсар Афнад уулу, Афнад Айхам уулу, Айхам Муксир уулу, Муксир Наахис уулу, Наахис Заарих уулу, Заарих Самий уулу, Самий Мазий уулу, Мазий Ауда уулу, Ауда Араам уулу, Араам Кайдар уулу, Кайдар Ысмайыл АС уулу, Ысмайыл АС Ибрахим АС уулу.

**Үчүнчү бөлүгү:** Ибрахимден АС жогоркусу, Ибрахим АС Таарих уулу, Таарихтин башка аты Аазар, Таарих Наахур уулу, Наахур Сааруь уулу, Сааруь же болбосом Сааруг, Сааруь {Рааьу} уулу Рааьу Фаалих уулу, Фаалих Аабир уулу, Аабир Шаалих уулу, Шаалих Арфахшад уулу, Арфахшад Саам уулу, Саам Нух АС уулу, Нух АС Лаамик уулу, Лаамик Матушлах уулу, Матушлах Ахнун уулу, Ахнунду Идрис пайгамбар болгон деген да кептер бар, Ахнун Ярда уулу, Ярда Махлааьил уулу, Махлааьил Кыйнан уулу, Кыйнан Аануша уулу, Аануша Шис АС уулу, Шис АС Адам АС уулу.

## *Пайгамбарыбыздын САВ үй-бүлөсү:*

Пайгамбарыбызды САВ Хаашим уулдары деп да айтышат, анткени Пайгамбарыбыздын САВ чоң аталарынын бири Хаашим Абдуманнап уулу болгон. Анда эмесе Хаашим жана андан кийинкилер тууралуу бир аз кеп кылып кетели.

**1** Хаашим, алдыда Абдуманнаптын уулдары менен Абдудаардын уулдары Каабанын кызматы жөнүндө ич ара келишпестик пайда болуп,Абдуманнаптын уулу Хаашимге ажылардын суусун жана тамагын камсыз кылуу тийгендиги

тууралуу баян кылып өткөн элек, ошол кезде Хаашим эл арасында кадыр баркка жеткен инсан болчу, эң алгачкылардан болуп Хаашим Меккеге келген ажыларды сарид тамагы менен камсыз кылган (сарид араптардын тамагы, этти бышырып анын суусуна нан туурап эт менен чогуу желинген тамакты сарид деп койушат). Ал эми Хаашимдин өз аты блсо Амру болгон, ал эми Хаашим деп аталгандыгынын себеби нанды эт суусуна майдалап бергендигинен айтылып калган (Хаашим дегендин кыргызча мааниси майдалоочу дегенди түшүндүрөт). Эң алгачкылардан болуп Хаашим Курайш уруусуна кышкы жана жайкы сооданы ойлоп тапкан.

Күндөрдүн биринде Хаашим Шам жерине соода иштери менен жөнөп кетет. Мадина шаарына жеткенде Адий ибну Нажжар уруусунан болгон Амрунун кызы Салма аттуу кызга үйлөнөт. Хаашим келинчеги менен бир канча күн тургандан соң Шамды карай сапарын улайт. Ал эми келинчеги Мадинада ата энесинин жанында калып ошол кезде Абдулмуталип анын боюнда бүткөн болот, бирок Хаашим Палестиндеги Газза жеринде ажалы жетип каза табат. Аялы 497 жылы Абдулмуталипти төрөйт, Салма баласынын атын Шейба деп койот, анткени баланын башында бир аз ак чачы болгон эле, (Шейбанын кыргызча мааниси ак чач дегенди түшүндүрөт), ошентип ата-энесинин үйүндө Салма баласын тарбиялап бага баштайт, бирок Хаашимдин Меккедеги туугандары бул окуядан кабары жок болот. Хаашимдин төрт баласы болгон алар: Асад, Абу Сайфий, Надла жана Абдулмуталип, жана беш кызы бар алар: Шифаа, Хаалида, Даьийфа, Рукия жана Жунна.

**2** Алдыда айтып өткөндөй ажылыктын суусун жана тамагын камсыз кылуу Хаашим каза болгондон соң иниси Муталип ибну Абдуманнафка өткөн болчу, (Муталип элинин алдында кадыр барктуу инсан болгон эле. Курайш уруусу Муталип берешен, март болгондугунан аны мол деп аташып койчу) Шейбанын – Абдулмуталиптин – кабарын Муталип уккандан соң аны алып келүү үчүн Ясрипке карай сапар

тартат. Муталип Ясрипке жетип агасынын баласын көргөндө эки көзүнөн жаш агып аны бооруна кучактап ыйлайт. Ошентип Муталип баланы Меккеге алып кетүүнү сураганда энеси Салма уруксаатын бербей койот. Ошондо Муталип мындай дейт: Бала атасынан калган мүлккө жана Аллахтын Каабасына барат дегенде Салма баласына уруксат берет. Ошентип Муталип баланы унаасына учкаштырып Меккеге алып келгенде Мекке эли: Бул бала Муталиптин кулу деп айтышат (Муталиптин кулу арапчада “Абдулмуталип” болуп айтылат ошондуктан Шейба Абдулмуталип деген ат менен белгилүү болуп калган). Ошондо Муталип аларга карап эмне деп жатасыңар бул бала менин кулум эмес агам Хаашимдин уулу деп жооп берет. Ошентип бала Муталиптин колунда бой жетип чоңойот, ал эми Муталип Йеменге караштуу Радман деген жерде ажалы жетип каза болот. Муталиптен соң ордуна Абдулмуталип башкарууну алат. Ата-бабалары сыяктуу Абдумуталип да эли жерине кызматты аябай жакшы кылып, эл арасында ата бабалары жетпеген кадыр баркка ээ болуп элинин сүймөнчүгүнө айланат.

Бирок Муталип каза болгондон кийин бир тууганы Науфал Абдумуталиптен ээлеген кызматына асылып андан тартып алат. Ошондо Абдулмуталип Курайш уруусунан жардам сураганда Курайш уруусу: Сени менен атаңдын бир тууганынын ортосуна кирише албайбыз деп жооп берет. Башка кылаарга айла калбаган Абдулмуталип Ясриптеги таякелери Нажжар уруусунан жардам сурап аларга ыр түрүндө кат жөнөтөт. Жээни Абдулмуталипке жардам берүү үчүн Ясриптен таякеси Абу Саьд ибну Адий сексен атчан киши менен Меккеге келип Абтах деген жерге конот. Ал жерден Абдулмуталип күтүп алып: Таяке! Үйгө жүрүңүздөр деп айтканда таякеси: Жок, Аллахка ант! Науфалды жолуктурмайын үйүңө барбаймын деп жооп берет. Ошентип Абу Саьд Науфалды көздөй жөнөп кетет. Ошол кезде Науфал Каабанын жанында Курайштын аксакалдары менен олтурган

эле, Абу Саьд Науфалдын алдына келип кылычын кынынан сууруп Науфалга такап туруп: Эгерде жээним Абдулмуталипке ээлеген кызматын кайтарбасаң Каабанын Раббиси болгон Аллахка ант! Бул кылыч менен жаныңды сууруп салам деп айтканда Науфал: Кайтардым деп жооп берет. Науфалдын бул сөзүнө Курайштын аксакалдары да күбө болот. Андан соң Абу Саьд Абдулмуталиптин үйүнө келип үч күн конок болуп,умара кылат да кайра Мадинага кайтат. Ушул окуядан кийин Науфал Абдушамс уулдары жана Хаашим уулдары менен бир ынтымака келишет. Нажжар уруусунун жээни Абдулмуталипке жардам берген окуяга күбө болгон Хузааьа уруусу: Силердин жээниңер болгондой бул биздин да жээнибиз. Анткени "Абдуманнаптын апасы Хузааьа уруусунан болгон" – деп айтып,баары чогулуш үйүнө кирип Хаашим, Абдушамс жана Науфал уулдары жарашып бир ынтымака келишет. Ушул ынтымак Меккени мусулмандар алуусуна себеп болгон бул тууралуу алдыда айтып өтөбүз.

Абдулмуталиптин убагында Кааба тууралуу эки окуя болот:

Замзам суусун казуу жана Пил окуясы.

**Биринчиси:** Абдулмуталип түшүндө замзам суусун казып жатканын жана ал кайсыл жерде экендигин көрөт. Ушул түштөн кийин Абдулмуталип түшүндө көргөн жерди барып каза баштайт. Казса чындыгында эле Журхум уруусу бекитип көмүп салган алтындан болгон кылычтар, калкандар жана эки эстелик чыгат. Кылычтарды алып Каабага эшик жасатат анын жанына эки эстеликти да орнотот, анан замзам суусу чыгып аны келген ажыларга суусундук кылып бере баштайт.

Замзам суусун чыкканын көрүп Курайш уруусу Абдулмуталип менен талашып: Бизди да бул ишке шерик кыл дейт. Анда Абдулмуталип: Жок шерик кыла албаймын, бул иш мага гана берилди деп жооп берет, бирок Курайш Абдулмуталипти жөн койбойт да аны Саьд уруусунан болгон көзү ачыка барып бул ишти ошол чечип берет деп ошол көзү

ачыкты көздөй жөнөшөт, бирок Курайш уруусунун ойлогон ою текке кетип замзам суусуна Абдулмуталип гана татыктуу экендигин Аллах Таала Курайш уруусуна көрсөтүп койот. Ошондо Абдулмуталип: Аллах Таала мага жардам берүүчү он уулду насип кылса ошолордун бирөөсүн Каабанын алдында курмандыка чалып сойомун деп назир кылат (ант ичет).

**Экинчиси:** Нажаший падышанын Йемендеги өкүлү Абраха Саббаах Хабаший деген падыша болот. Абраха араптардын Каабага ажылыка келип жатканын көрүп Саньаа шаарына чоң бир чиркөө курат. Анткени араптардын ажылыгын Каабадан ошол чиркөөгө карап бургусу келет, бирок бул ишти Кинаана уруусунан бир киши угуп калып кечинде жашынып жанагы чиркөөгө кирип кыбла жагын заң тезек (нажас) менен булгап салат. Бул ишти көргөн Абраха каны кайнап ачуусу келип өтө көп - алтымыш миң - аскер чогултуп Каабаны бузуу максатында Меккени көздөй жол тартат. Абраха өзүнө пилдердин ичинен өтө чоң пилди тандап алат. Ал эми жалпы пилдердин саны 9 же 13 болгон деп айтышат. Абраха аскерлери менен Мугаммас деген жерге жетип ошол жерден Меккени көздөй чабуулга даярданат. Муздалифа менен Минанын ортосундагы Мухассар деген жерге жеткенде Абраханын пили баспай жатып алат, ал эми түштүк, түндүк же чыгыш жакты каратса ошол жака карап чуркап кетет, бирок Каабаны каратса кайрадан жатып алат, ушинтип алар пил менен алек болуп жатканда Аллах Таала аларга топ топ куштарды жиберет. Куштар чопо сымал таштар менен аларды ташбараңга алышты. Ошентип аскерлерди куштар чайналган эгиндей кылып салды. Кээ бир куштар чабалекейге окшош болгон, ар бир кушта горохтой болгон үчтөн таш бар эле, бирөөсү тумшугунда экөөсү эки бутунун чеңгелинде, натыйжада таш тийген жоокерлер чайналган чөп сыяктуу эттери былжырап, өлүмгө дуушар болушту, бирок баары ошол жерде өлгөн жок. Кээ бири качып баратып жолдо биринин артынан бири жыгылып кыйроого учурады. Ал эми

Абрахага болсо Аллах Таала ооруу жиберип Саньаага жеткенче бармактарынын учтары, денесинин териси жана булчуң эттери чирип түшүп, оор азап менен Саньаага келип өлдү.

Ал эми Курайш уруусу болсо ошол кезде ушунча көп аскерден коркуп тоолорго чыгып кеткен болчу. Аскерлер кыйроого учурагандан кийин Курайш эли үйлөрүнө сак саламат кайтып келишти.

Бул окуя – көпчүлүк тарыхчылардын айтуусу боюнча - Мухаррам айында болгон, ошондо Пайгамбардын САВ төрөлүшүнө элүү же элүү беш күн калган болчу. Азыркы жыл санагы бюнча 571-жылы февраль айынын аяктарында же болбосо март айынын баш чендеринде болгон. Анткени Меккени жана Каабаны коргоо болочок Пайгамбарга жана Каабага болгон Аллах тарабынан өзгөчө белеги болчу. Жалгыз Кудайга сыйынгандардын кыбласы болгон ошол убактагы Акса мечтинин абалын карасак ошол кезде аны Аллахтын душмандары мушриктер басып алган эле. Ал эми ал жердин эли жалгыз Кудайга сыйынган эл болгон,бирок, 587 б, з, ч, жылы ал жерди Бахтанассар басып алган. Ал эми 70-жылы Византиялыктар басып алган, християндар – ошол кезде жалгыз Кудайга сыйынуучулардан болгону менен – Каабанын эли ошол кезде мушрик болсо да Каабаны басып алган эмес.

Бул окуянын кабары ошол кезде жер шаарындагы эң алдыда турган цивилизациялуу мамлекеттерге да жетип барды. Эфийопия бийлиги болсо Византиялыктар менен өтө тыгыз мамиледе борлуп турган. Перстер Византия бийлигине жана анын союздаштарына келген бул окуяга көз чаптырып турган. Ошондуктан перстер ушул учурдан пайдаланып Йемен жерин басып алууга келген. Анткени ошол кездеги дүйнөнү башкарып турган ушул эки императорлук болчу. Византия жана перстер, Кааба чыныгы Аллахтын улук жери экендигин даңазалап бул окуя бүткүл ааламды өзүнө назар салдырды. Андай болсо эгер ошол улук жерден бирөөсү чыгып

Пайгамбарлык дааватына чакырса боло турган даражага да бул окуя жеткирген болчу. Бул жердин улуктугун жана жашыруун даанышмандыгын көргөзүп Аллах Таала ошол жердин эли мушрик болсо да аларды ыймансыздардан ааламда болуп көрбөгөндөй укмуштуу окуя менен куткарып калды.

Абдулмуталиптин он уулу бар эле:

1- Хаарис,
2- Зубайр,
3- Абутаалип,
4- Абдулла,
5- Хамза,
6- Абулахаб,
7- Гайдаак,
8- Мукавим,
9- Сафаар,
10- Аббас.

Кээбири он бир уулу болгон деп Касам аттуу уулду да кошуп айтышкан. Ал эми кээ бири он үч уулу болгон деп Абдул-Кааба жана Хажлаа аттуу уулдарды да айтышат,

бирок,кээ бир изилдөөлөр боюнча Абдул-Кааба бул Мукавим болгон. Хажла бул Гайдаак болгон, бирок Касам аттуу уулу болгон эмес деп табышкан жана алты кызы болгон:

1- Уммулхакиим – башка аты Байдаа,
2- Бурра,
3- Аатика,
4- Сафия,
5- Арваа,
6- Умайма.

**3** Абдулла Пайгамбарыбыздын САВ атасы, Абдулланын апасы Фатима, Фатима Амру кызы, Амру Ааьиз уулу, Ааьиз Имран уулу, Имран Махзум уулу, Махзум Якза уулу, Якза Мурра уулу. Абдулмуталиптин татынакай жана эң жакшы көргөн уулдарынан бири Абдулла болчу, бирок курмандыка чалына турган да ошол болуп калган, Абдулмуталип он уулдуу

болгондон кийин балдары атасына кандай коркунуч келбесин жардам бере турган даражага жетип калганда, балдарына өзү берген курмандыка чалуу назир убадасын (антын) айтканда уулдары бир сөз менен баары макулдугун берет. Ошентип алардын аттарын жазып төлгө салып аны Хубал аттуу кудайынын кызматчысына берип төлгөнү салдырганда төлгө Абдуллага чыгат. Абдулмуталип уулу Абдулланы ээрчитип колуна бычагын алып Каабаны көздөй Абдулланы курмандыка чалганы жөнөйт, бирок Курайш уруусу, таякелери Махзум уруусу жана уулу Абутаалип да Абдулмуталипти бул ишти кылуудан токтотот. Ошондо Абдулмуталип аларга карап: Анда берген назиримди (антымды) эмне кылам? деп сураганда алар бир көзү ачыкты алып келип,Абдуллага жана он төөгө төлгө салдырасың, Кудай ыраазы болуп төлгө төөлөргө чыкмайынча салдыра бересиң, качан гана төөлөргө чыкканда канча төө болсо ошончо төөнү Абдулланын ордуна курмандык чаласың деп жол көрсөтүшөт. Абдулмуталип көзү ачыкты алып келип Абдуллага төлгө салдырат. Биринчи салганда төлгө Абдуллага чыгат, он төө болот, ошентип төлгө Абдуллага чыгып олтуруп он төөдөн кошула берет, аягында жүз төөгө жеткенде төлгө төөгө чыгат. Ошондо Абдулмуталип жүз төөнү Абдулланын ордуна курмандыка чалат. Ошол кезде Курайш элинде жана араптарда кун төлөө он төө болчу. Ушул окуядан кийин кун төлөө жүз төө болуп калды. Кийинчерээк кун төлөөнүн жүз төө болушу Ислам мыйзамына да киргизилди. Бул окуя тууралуу Пайгамбарыбыздын САВ хадистеринин биринде ушундайча келет.

**«Мен эки курмандыктын баласымын (Ысмайыл пайгамбар жана атасы Абдулла)».** Абдулмуталип уулу Абдулланы үйлөндүрүү үчүн Амийна аттуу кызды тандап берет. Амийна Вахб кызы, Вахб Абдуманап уулу, Абдуманап Захра уулу, Захра Килаб уулу. Ошол кезде Курайш элинде Амийна эң жакшы, арнамыстуу кыздардын бири болуп, кадыр барктуу үй-бүлөнүн кызы эле, атасы Вахб Захра уруусунун

башчысы жана кадырлуу, шарапаттуу инсаны болгон. Ошентип Абдулла менен Амийна Меккеде баш кошушат. Арадан бир канча күндөр өткөндөн соң Абдулмуталип уулу Абдулланы Мадинага барып курма алып келүү үчүн жөнөтөт, бирок ошол жакта Абдулла каза болуп калат. Ал эми кээ бир изилдөөчүлөр мынтип айтышат: Абдулла Шам жерине Курайш элинин караваны менен соода иштерине кеткен болчу, жолдо баратып ооруп калып Мадинада калат да ошол жерден каза табат, аны Наабига Жаадий деген жерге мүрзөсүн коюшат. Ошол кезде Абдулланын жашы жыйырма беште болгон. Көпчүлүк тарыхчылардын айтуусунда Пайгамбарыбыз САВ төрөлө элек кезинде Абдулла каза болгон деп айтышат. Ал эми кээ бири Пайгамбарыбыз САВ төрөлгөнүнө эки ай болгондо каза болгон деген да кептер бар. Күйөөсүнүн каза болгонун уккан Амийна өтө катуу кайгырып ыйлайт. Абдулладан беш төө, бир канча кой жана Эфийопиялык Барака аттуу күң аял калган. Ал аялдын кошумча аты Умму Айман, жана Пайгамбарыбыздын САВ эмизген энелеринен бири.

# *Пайгамбар САВ жарык дүйнөгө келүүсү жана пайгамбарлыка чейинки кырк жыл*

## *Жарык дүйнөгө келүүсү:*

Пайгамбарлардын мырзасы болгон Пайгамбарыбыз САВ Хаашим уруусунун үй-бүлөсүндө, Меккеде, Рабиул-аввал айынын дүйшөнбү күнү эрте менен жарык дүйнөгө келет. Ошол жылы пил окуясы болгон жыл болчу. Кисранын Анушарван аттуу падышанын падышалыгына кырк жыл өткөн эле, азыркы жыл санагы боюнча апрель айынын жыйырмасында же болбосо жыйырма экисинде 571-жылына туура келет. Бул числону чоң уламалардын бири болгон Мухаммед Сулайман Мансур Фаурий жана астроном Махмуд Баашанын тактоолоруна ылайык айтылды.

Ибну Саьд риваят кылат Пайгамбарыбыздын САВ апасы мындай деди: *«Баламды төрөгөндө этегимден бир нур чыгып Шам жериндеги сарайларды да жарык кылды».* Ушуга жакын сөздү Ибну Ханбал Ирбаад ибну Саариядан риваят кылып айткан.

Башка бир кабарларда айтылгандай пайгамбарлыктын белгиси Пайгамбар САВ төрөлгөдо Кисра падышалыгынын сарайындагы он төрт терезеси сынган, от парастар сыйынган от да өчүп калган. Саава көлүнүнүн айланасындагы чиркөөлөр кыйроого учураган. Бул кабарды имам Байхакий риваят кылат ал эми Мухаммед Газалий бул риваятка кошулган эмес.

Пайгамбар САВ төрөлгөндө апасы чоң атасы Абдулмуталипке небереси төрөлгөндүгү тууралуу сүйүнчү кабарды айттырат. Абдулмуталип небересин өз колуна алып, Каабанын ичине кирип Аллах Таалага дуба кылып шүгүр айтат. Андан соң небересине Мухаммед деген атты тандап

койот. Ошол кезде Мухаммед деген ат араптарда белгилүү эмес эле.

Апасынан соң Пайгамбарыбызды САВ эң алгач эмизген энелеринен бири Абу Лахабдын кызматчысы Сувайба деген аял болгон. Ошондо Сувайба өзүнүн Масрух деген баласы менен кошо Пайгамбарыбызды САВ эмизген. Ал эми Сувайба Пайгамбарыбыздан САВ алдың Хамза Абдулмуталип уулуну да эмизген болчу. Пайгамбарыбыздан САВ кийин Махзуумий уруусунан Абу Салма Абдул Асад уулуну да эмизген.

## *Пайгамбар САВ Саьд уруусунда:*

Ошол кездеги шаарда жашаган араптарда жаңы төрөлгөн балдарын айыл жергесиндеги аялдарга берип эмиздирүү салты болгон, анткени балдары шаардагы жаман оорууларга кабылбай, денелери бекем, күч-кубаттуу жана арап тилин бешикте жаткан кезинен баштап таза так сүйлөөсү үчүн ушундай кылышчу. Салтка байланыштуу Абдулмуталип да сүйүктүү небересине эл катары эмизүүчү аялды издеп Саьд уруусундагы Халийма Абу Зуьайб кызы аттуу аялга тапшырат. Халийманын жолдошу Хаарис ибну Абдулузза ал эми кошумча аты Абу Кабша болгон, экөө тең Саьд уруусунан.

Пайгамбарыбыздын САВ эмчектеш бир туугандары: Абдулла Хаарис уулу, Анийса Хаарис кызы, Хузаафа же болбосом Жузаафа Хаарис кызы (башка аты Шаймаа болгон), Халийма ошол кезде Пайгамбарыбызды САВ жана Пайгамбарыбыздын САВ атасы Абдулланын бир тууганы Хааристин уулу Абу Суфянды да эмизген.

Пайгамбарыбыздын САВ атасынын бир тууганы Хамза Абдулмуталип уулуну да Халийма эмизген болчу. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ менен Хамза экөө тең эки эненден эмчектеш болуп калат. Бирөөсү Сувайба экинчиси Халийма.

Халийма Пайгамбарыбыздан САВ өтө таң калыштуу беркелүүлүктү көрөт. Бул тууралуу Халийма ушундайча баян кылат:

Халийманын сөзүн Ибну Исхак мындай деп кабар берет: Халийма, жолдошу жана эмчектеги кичинеке ымыркайы менен Меккени көздөй эмизүүгө бала табылса алып келегени сапар тартат, өздөрү менен кошо Саьд уруусунан бир канча аялдар да эмизүүгө бала издеп чыгышты. Бул тууралуу Халийма мындай дейт:"Ошол кезде аябай кургакчылык болгон жыл, бизде жегенге да эч нерсе калбай калган эле, мен арыктаган ургаачы эшегимди минип чыктым, өзүбүз менен кошо картайып калган бир ургаачы төөбүздү да алып алдык, бирок ал төөдөн бир тамчы да сүт чыкпай калган эле, ымыркайга берээрге эч нерсе жок же эмчегимде эмизүүгө сүт да болсочу. Жанагы арык төөбүздө да саарга сүт жок ошондуктан ымыркайдын курсагы ачып ыйлаганынан кечиндеси баарыбыз уктай албай чыкчубуз. Ошол себептен Аллахтан жамгырды жана жардамды тиледик, жанагы арык ургаачы эшегимди минип алып жолдо бараттык эшектин арыктыгынан акырын басып жолдошторума да аябай кыйынчылык туудурду. Ошентип олтуруп акыры Меккеге жетип бала издөөгө кириштик. Чогуу келген аялдардын баарыбызга Пайгамбарды САВ эмизүүгө сунуш кылганда анын жетим экендигин угуп баарыбыз аны алуудан баш тартып жаттык. Анткени баланын атасынан эмизүү акысын алуу максаты болчу. Ошондуктан биз аны жетим экенин укканда: Жетим! Мунун апасы, чоң атасы эмне бере алмак эле! Деп баланы алуудан баш тарттык. Мени менен чогуу келген аялдардын баары эмизүүгө бала алды бир гана мен бала таппай калдым, анан кетүүгө даярданып калдык, ошондо мен жолдошума карап: Аллахка ант! Шериктеримден айырмаланып бала албай кетүүнү каалабайм, жанагы жетим баланы болсо да алып кетем деп айттым. Жолдошум мага: "Мейли алсаң ал, балким бул бала себеп болуп Аллах бизге береке берээр" деп жооп берди. Мен барып жанагы жетим

баланы алып келдим. Анткени бул ишти башка бала таба албаганымдан кылган болчумун. Ошентип аны алып келип сапар тартуучу жайга келдим. Баланы алдыма олтургузаар замат көкүрөгүмө сүт толо баштады, ошол замат баланы эмиздирдим эле баланын курсагы тойду, андан соң өзүмдүн баламды эмиздирдим эле ал да тоюп уктап калды. Алдыңкы күндөрү баланын курсагы ачкандыгынан уктай алчу эмеспиз, андан соң жолдошум туруп жанагы картайган төөбүздү караса желинине сүт толуп калыптыр. Жолдошум дароо төөнү саады анын сүтүн экөөбүз тең тойгончо ичип чаңкообуз кетип курсагыбыз да тойду. Ошентип ошол түндү эң жакшы бейпил уйку менен уктадык. Эртеси жолдошум туруп мага: "Билесиңби оо Халийма! Чындыгында өтө берекелүү баланы алыпсың "деп айтты. Мен ага: "Мен да ошондой болуусун каалаймын "деп жооп бердим. Ошентип үйгө карай аттандык. Баланы алып жанагы арык эшегиме минип жолго чыктык. Жолдо баратып эшегим шериктеримдин эшектеринен да ылдам басып озуп кетип жаттыАлардын эшеги менин эшегиме жетпей кыйналып кеткендигинен алар мага:"Оо Халийма сага эмне болду! Акырын жүрсөң, бул жанагы минип келген эшегиңби?" деп сурашты эле,мен: ооба, албетте ошол эшек да деп жооп бердим. Анда алар: "Чындыгында бул эшегиңдин бир жакшылыгы бар"деп таң калышты. Ошентип үйүгө да жетип келдик. Аллах жараткан жердин арасынан биздин жер эң кургак жер болчу. Ошол күндөн баштап биздин койлор талаадан оттоп келгенде курсактары ток желиндери сүткө толо келе баштады. Биз аларды саап ичип жыргап эле калдык. Башкалардын койлорунун желини да толбой бир тамчы да сүт чыкпайт. Алар койчумандарына: "Силерге эмне болду? Халийманын койчусу жайган жерге жайсаңар, алардын койлору тоюп келип жатат"деп айтып жатышты. Анткени алардын койлору кечинде келгенде курсагы тойбой желининде сүт жок келчү. Ал эми биздин койлор курсагы ток желини сүткө толо келчү. Ошентип Аллахтан берке, жакшылык жана

молчулук болуп эки жыл да өтүп кетти, баланы эмчектен чыгардым. Бул бала башка балдардан айырмаланып өтө акылдуу сергек жана шамдагай бала болуп чоңойду. Эки жыл бүткөндөн соң баланы энесине тапшырганы алып келдик. Баладан жакшылык жана берекени көргөнүбүздүн себебинен аны энесине тапшыргыбыз келбей биздин алдыбызда эле калууну каалап жаттык. Баланын энесине барып: ”Бул татынакай балабызды бизде дагы бир аз чоңойгонго чейин калтырсаң жакшы болмок, анткени мен Меккедеги чума оору менен ооруп калбасын деп корком” деп баланын энеси менен сүйлөшүп олтуруп акыры баланы бизге кайтарып берди.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Саьд уруусунда төрт же беш жашка чыкканга чейин калды. Пайгамбарыбыз САВ төрт же беш жашында көкүрөгүн кесүү окуясы болгон. Бул тууралуу имам Муслим Анастан РА риваят кылган сөзүндө мындайча баяндалат: “Ошол кезде Пайгамбар САВ балдар менен ойноп жаткан эле, бир кезде Жебрейил periште келип Пайгамбарды САВ жерге жаткызды андан соң көкүрөгүн кесип жүрөгүн чыгарды, жүрөгүнөн бир уюм канды чыгарып салды да: Бул сендеги болгон шайтандын үлүшү” деп айтты. Андан соң (жүрөктү) алтындан болгон замзам куюлган дагара идишке салып жууду, жууп бүтүп (жүрөктү) өз калыбына келтирип ордуна койду. Бул окуяга күбө болгон балдар Пайгамбардын САВ энеси Халиймага чуркап келишип: Мухаммед өлтүрүлдү деп айтышты эле муну уккан Халийма Пайгамбардын САВ жанына чуркап келсе Пайгамбардын жүзү өзгөрүлүп кубарып кетиптир.

## *Өз энесине кайтуусу:*

Ушул окуядан соң Халийма Пайгамбарга САВ бир нерсе болуп калуудан коркуп өз энеси Амийнага кайтарып берет. Пайгамбар САВ энеси Амийна менен алты жашына чейин бирге болду. Күндөрдүн биринде Амийна Ясрип жерине коюлган жолдошу Абдулланын кабырына зыярат кылып

келүүнү каалады. Ошентип аралыгы беш жүз чакырымдай болгон узак жолго аттанып сапарга чыкты, өзү менен кошо жетим баласы Мухаммедди САВ, кызматчысы Умму айманды жана кайнатасы Абдулмуталипти алды, Ясрипке жетип жолдошунун кабырын зыярат кылып Ясрипте бир айдай калды да кайра Меккени көздөй жолго чыкты. Жолдо келатып Амийна катуу ооруугa чалдыгып ооруусу айыкпай Мекке Мадийнанын ортосундагы Абваа деген жерге келгенде ажал келип бул жарык дүйнө менен кош айтышат.

## *Сүйүктүү чоң атасынын колунда:*

Ошентип Пайгамбарыбызды САВ чоң атасы Абдулмуталип Меккеге алып келет. Абдулмуталиптин жүрөгүнүн мурунку жарасына келини Амийна каза болгондон соң дагы бир жара болуп томолой жетим калгандыгы үчүн небересине аябай боору ооруп жүрөгү сыздады. Башка балдарына төкпөгөн мээрим ырайымын бул сүйүктүү небересине төктү. Сүйүктүү небересин эч качан жалгыз таштап койбостон башка балдарынан да артык көрдү. Бул тууралуу Ибну Хишам мындайча баяндайт: “Ошол кезде Абдулмуталип үчүн Каабанын жанына атайын орундук салынаар эле. Абдулмуталип чыгып ошол орундука олтурганга чейин ал орундуктун айланасына анын балдары олтурушкан. Анткени балдарынын баары атанын кадыр-баркын урмат-сыйын сыйлап анын ордуна эч кимиси олтурчу эмес. Ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ кичинекей балалык чагы болуп акырын келип жанагы орундука олтуруп алчу. Ошондо Абдулмуталиптин балдары Пайгамбарыбызды САВ ал орундуктан четке алып коюуга аракет кылышса муну көрүп калган Абдулмуталип балдарына: “Баламды ордунан жылдырбай тим койгула Аллахка ант мунун келечеги кенен” деп айтып, Пайгамбарыбызды САВ өзү менен кошо орундука олтургузуп койоор эле. Сүйүктүү небересинин далысынан сылап жанында сүймөнчүктөп ойноп жатканын көрүп аябай кубанчу.

Пайгамбарыбыз САВ сегиз жаш эки ай он күнгө толгондо чоң атасы Абдулмуталип да Меккеде жарык дүйнө менен кош

айтышып көз жумат. Өлөөрүнө жакын Абдулмуталип сүйүктүү небересин кимге тапшыраарын карап баласы Абу Талипти ылайыктуу көрүп ошого тапшырып кетет.

## *Боорукер Абу Талиптин колунда:*

Абу Талип бир тууганы Абдулланын баласына өтө жетээрлик деңгээлде көңүл коюп тарбиялай баштады. өз балдарына кошуп жада калса алардан да артыгыраак көрдү. Абу Талип Пайгамбарыбызга САВ өзгөчө урмат-сый кадыр-барк менен карап тарбиялап чоңойтту. Ошентип Абу Талип кырк жылдан ашуун Пайгамбарыбыздын САВ жанында жакшылык жамандыкта бирге болуп, аны ар кандай жамандыктардан коргоп, ал үчүн тарабын талашып келди. Булардын баарын алдыда өз жерине келгенде баяндап өтөбүз.

## *Баланын урматынан жамгыр суралды:*

Бул тууралуу Ибну Асаакир кабар берет Жалхама ибну Арфата айтат: Күндөрдүн биринде Меккеге келдим. Келсем Меккеде кургакчылык күчөп турган убагы экен. Курайш эли Абу Талипке кайрылышып: Оо Абу Талип! Жерибизди кургакчылык басты, балдарыбыз ачка калды, кел чыгып Кудайдан жамгыр тилейли. Ошондо Абу Талип Кудайдан жамгыр суроо үчүн чыгып өзү менен кошо раматылык бир тууганы Абдулланын кичинекей уулун ээрчитип алды. Баланын жүзү булуттан чыккан күндүн нурундай жаркырап турду, айланасында башка кичинекей балдар да бар болчу. Абу Талип Пайгамбарыбыздын САВ далысын Каабага жабыштырып сөөмөйү менен Пайгамбарыбызды көрсөтүп Кудайдан жамгырды тиледи эле бир маалда чайыттай ачык болуп турган асмандын ар тарабынан кара булуттар пайда боло баштап жамгыр нөшөрлөп жаап кирди. Ушул окуяга өз

көзү менен күбө болгон Абу Талиптин мынтип айткан ыр сабы бар:

*“Ак жүздүн урматынан жамгыр суралат*
*Жетимдерге, жесирлерге жардам кылынат”.*

## *Кечил Бухайра менен болгон окуя:*

Пайгамбарыбыздын САВ жашы он экиге толгондо – жана эки ай он күн болгон деген да кептер бар – Абу Талип Пайгамбарыбызды САВ алып Шам жерине соодагерлике жөнөшөт. Жолдо Хууран жерине караштуу Бусра шаарына жеткенде – ошол кезде араптардын ушул жерлери Византия императорлугуна карап турган – Бусра шаарында Бухайра деген кечил белгилүү эле өз аты Жаржис, Абу Талиптердин соода караваны ошол жерге келип токтойт. Бухайра алардын алдына чыгып, коноктоп сыйлап калат. Бухайранын бул кылган ишине жолоочулар таң калышты. Анткени мурун кийин мынтип эч кимге чыкчу эмес, Бухайра Пайгамбардын САВ Пайгамбарлык сыпатын билип калып, анын колунан кармап туруп: “Бул бала ааламдын мырзасы, муну Аллах бүткүл ааламга ырайым кылып жөнөтөт” дегенде Абу Талип муну сен кайдан билдиң? Деп сурап калат. Анда Бухайра: Силер тиги Акаба жактан келе жатканыңарда эч бир таш да дарак да калган жок баары саждага жыгылды. Анткени булар Пайгамбардан башкага сажда кылып жыгылышпайт. Башка бир белгиси эки далынын ортосунда кичинекей алмадай болгон мөөр белгиси бар анткени мунун баары биздин китептерибизде жазылган, деп айтты да Абу Талиптен баланы кайра артка карай кайтарып жиберүүсүн сурады анткени Шамга барса ал жердеги жөөттөр балага бир зыянын тийгизип коюудан коркту. Ошондо Абу Талип бир канча балдар менен Пайгамбарыбызды САВ Меккени көздөй кайтарып жиберет.

## *Бузукулук урушу:*

Пайгамбарыбыздын САВ жашы он бешке чыккан кезде Курайш жана Кинаана уруусу менен Кайс уруусу экөөнүн ортосунда уруш жүрөт. Курайш жана Кинаана уруусунун аскер башчысы жашына жана кадыр-баркына карап Харб ибну Умаййа болот. Уруш башталганда эрте менен Кайс уруусу Кинаана уруусуну жеңе баштайт, ал эми күн түшкө оой баштаганда Кинаана уруусу Кайс уруусуну жеңип кетет. Бузукулук урушу деп аталып калуунун себеби Ыйык Каабада тыюу салынган айлардын эрежеси бузулгандыктан “бузукулук урушу” деп аталып калган. Ошол урушка Пайгамбарыбыз САВ да катышып байкелерине атууга жебенин окторун даярдап берген.

## *Жакшылык келишими:*

Жогоруда айтып өткөн уруштун артынан эле жакшылык келишими түзүлөт. Бул келишим тыюу салынган айлардын бири зул-каада айында түзүлгөн. Курайш уруусунун ичиндеги: Хаашим, Муталип, Асад ибну Узза, Захра ибну Килаб жана Тамим ибну Мурра өңдүү уруулар чогулушуп, келишимди аксакалдыгына жана кадыр-баркына карап Абдулла ибну Жадьаан Тамиймийдин үйүндө түзүшөт. Бул келишимде ушундайча бүтүмгө келишет: Мекке элине жана Меккеге келген жалпы инсандарга кандай гана зулумдук кордук болбосун Мекке эли ошол адамдын акысын зулумдук көрсөткөн тараптан сөссүз алып берүү келишими түзүлөт. Ошол учурда бул келишимге Пайгамбарыбыз САВ да катышкан эле. Пайгамбарыбызга САВ Пайгамбарлык тапшырмасы келгенден соң бул тууралуу ушундай деген:

**“Абдулла ибну Жадьаандын үйүндөгү болгон келишимге мен да катышкан элем, мага ошондой (келишим) бардык жакшылыктардан да жакшыраак**

**болгон, эгер Исламда (дагы ушуга окшогон келишимдер) болгондо мен аны кабыл кылмакмын".**

Ушул келишим чындыгында эле ошол кездеги уруучулдук тааныштык сыяктуу жаман илдеттер күчөп турган караңгылык доорунун отун өчүргөн келишим болгон. Бул келишимдин берген пайдаларынан бири төмөнкүчө: Зубайд жеринен бир соодагер Меккеге товарын сатуу үчүн алып келет, анын товарын Сахмий уруусунан Аас Вааил уулу сатып алып акчасын бербей кечиктирет. Ошондо ал союздаш болгон Абдудаар, Махзум, Жумах, Сахм жана Адий аттуу урууларды жардамга чакырат, бирок алар ага маани бербей коюшканда ал Абу Кубайс тоосуна чыгып өзүнө болгон кордукту ыр саптары менен катуу үнүн чыгарып айтканда аны Зубайр Абдулла уулу эшитип калып: Буга эмнеге эч ким жардам бербей жатат? Деп айтканда жакшылык келишиминдеги түзүлгөн бардык уруулар чогулуп келип Аас Вааил уулунан соодагердин акысын күч менен алып беришет.

## *Эмгектенип жашоо:*

Пайгамбарыбыздын САВ алгачкы жаштык кездеринде бир белгилүү жумушу болгон эмес, бирок кээ бир риваяттарда айтылгандай Пайгамбарыбыз САВ жаш кезинде кой кайтаргандыгы маалым, Саьд уруусунун коюн кайтарган. Мекке элинин коюн да белгилүү бир өлчөм акыга кайтарган. Ал эми жашы жыйырма бешке чыкканда Хадийчанын РА товары менен Шам жерине соодагерлике барат. Бул тууралуу Ибну Исхак мындайча баяндайт: Ошол кезде Хадийча Хувайлид кызы соодагер, мал-мүлкүтүү жана кадыр барктуу аял эле, ошол мал-мүлкүн соода кылып иштетүү үчүн кишилерди жалдап аларга эмгек акы төлөп иштетээр эле, анткени Курайш эли соодагер эл болгон. Хадийча Пайгамбарыбыздын САВ туура сүйлөгөн, аманатчыл жана адеп-аклактуу экендигин эшитип калгандан соң ага киши

жөнөтүп товарларын алып Шам жерине соодагерлик кылып келүүнү сунуштайт жана башка соодагерлерге караганда акысын эң жакшы кылып төлөп берүүнү айтат. Эгер макул болсо сооданы Хадийчанын Майсара аттуу кызматчы баласы менен бирге барып келүүсүн да айтат. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ макулдугун берип Майсара менен Хадийчанын товарын алып Шамга соодагерлике жөнөп кетет.

## *Хадийчага үйлөнүүсү:*

Пайгамбарыбыз САВ Шамдан Меккеге кайткандан соң
Хадийча мурун болуп көрбөгөндөй жөнөткөн товарынан пайданы жана берекелүүлүктү көрөт. Майсара да Пайгамбарыбыздын САВ ушунчалык туура таза иштеген, өтө жакшы кулк-мүнөздүү, туура пикирин айткан жана чынчыл экендигин Хадийчага айтып берет. Ошондо Хадийча Пайгамбарыбызды САВ жактырып калып жоготкон кишисин тапкандай болот. Ошол кезде Хадийчага үйлөнүүнү каалап башчылар жана бийлер кайрылган эле бирок Хадийча эч кимисине макул болгон эмес. Ошентип Хадийча өзүнүн эң жакын курбусу Бинту Манияны Пайгамбарыбызга САВ үйлөнүү темасы жөнөүндө кеп ачуу үчүн жибергенде Пайгамбарыбыз САВ макулдугун берет. Бул кабарды Пайгамбарыбыз САВ байкелерине айтып, байкелери Хадийчанын атасынын бир тууганына жуучулука барышат. Үйлөнүү күнүн белгилешет да Пайгамбарыбыз САВ Хадийча менен баш кошот, үйлөнүү аземине Хашим уруусу жана Мудар уруусунун башчылары катышат. Экөөнүн үйлөнүүсү Шам жеринен кайткандан соң эки айдан кийин болгон, Пайгамбарыбыз САВ жыйырма төөнү Хадийчага калың кылып берет. Ошол кезде Хадийча кырк жашта болгон, өз уруусунун алдында Хадийча эң акылдуу кадыр-барктуу жана мал-мүлктүү аял эле. Пайгамбарыбыз САВ эң алгач Хадийчага үйлөнгөн жана ал каза болгонго чейин эч кимге үйлөнгөн эмес.

Пайгамбарыбыздын САВ Ибрахимден башка бардык балдары Хадийчадан төрөлгөн, эң улуу баласы Касым, ошон үчүн Пайгамбарыбызды САВ Абул Касым (Касымдын атасы) деп аташып койгон, андан соң Зейнеп, Рукия, Умму Кулсум, Фатима жана Абдулла деген балдарды болгон. Абдулла уулун Таттуу, Ак ниет деп аташып койчу. Пайгамбарыбыздын САВ уулдарынын баары кичинекей кезинде эле чарчап калган. Ал эми кыздары болсо чоңоюп Исламды кабыл кылып мусулмандар менен кошо Мадинага көчүшкөн, бирок Фатимадан РА башкасы Пайгамбарыбыздын САВ тирүү кезинде эле оо дүйнө салышкан. Фатима РА Пайгамбарыбыз САВ каза болгондон соң алты айдан кийин ал да каза болот.

## *Каабаны кайрадан куруу маселеси:*

Пайгамбарыбыз САВ отуз беш жашка келгенде Курайш уруусу Каабаны кайрадан курат. Анткени ошол кезде Кааба таштардан курулган болчу, бийиктиги тогуз чыканак болуп Ысмайыл Пайгамбардын убагынан бери ушул акыбалда турган, үстүндө чатыры да жок ачык болгон, ошондуктан бир канча уурулар кирип ичиндеги байлыктарды урдап кеткен. Эскилиги жеткенден бузулуу абалында болуп дубалдарынан жаракалар кеткен болчу. Пайгамбарыбыздын САВ Аллах тарабынан элчи болуп келүүсүнө беш жыл калганда Меккени катуу сел басып Каабага да кирип кетет да кулап түшүү абалында калат. Ошондо Курайш Каабаны сактап калуу үчүн аны кайрадан курууга аргасыз болот. Ошентип алар өз ара сүйлөшүп Каабанын курулушуна жалаң таза пакиза инсандарды гана катыштыруу үчүн бир пикирге келет. Каабанын курулушуна сойкуга төлөнгөн калың акчасы, сүткорлук менен иш кылгандын акчасы жана башкалардан арам жол менен табылган акчаны киргизбөөнү чечти. Каабаны куруудан алдың аны бузуу керек эле бирок аны бузуудан баары коркушкан, ошондой болсо да Валид Мугийра уулу

Каабанын дубалдарын бузууну баштады эле ага эч нерсе болбогонун көргөн куруучулар анын артынан бузууну баштašты. Ошентип Каабаны акырындап бузуп олтуруп Ибрахим түркүктөрүнө жетти. Каабанын дубалдарына таштарды тургузуу үчүн ар бир уруу өз ара тең кылып бөлүп алышты. Ошентип ар бир уруу өз өзүнчө таш чогултуп курулуш да башталды, Каабаны курууга Византиялык Бакум аттуу устаны салышты. Курулуш кара ташка жеткенде уруулар арасында өз ара пикир келишпестик болуп ким кадыр барктуураак болсо ошол кара ташты койот деп талашып кетишет. Бул талаш төрт же беш күнгө созулуп кетти да урушууга тыюу салынган Ыйык Каабанын алдында уруулардын талашы чоң чырга айланып кетүү коркунучун туудурат. Ошол кезде Махзум уруусунан Абу Умая Мугийра уулу ким бул мечиттин эшигинен биринчи кирсе ошол чечип берсин деген сунушту койду эле баары ошол сунушка макул болду. Дал ошол учурда мечиттин эшигинен кирүүнү Аллах Таала Пайгамбарыбызга САВ насип кылган экен, Пайгамбарыбыз САВ кирип келди эле баары кубанып кетип: Бул ишенимдүү чынчылга макулбуз бул Мухаммед деп бакырып жиберишти. Ал эми Пайгамбарыбыз САВ эч нерседен кабары жок акырын басып келгенде иштин чоо жайын кабар беришти, анда Пайгамбарыбыз САВ аларга бир чепкенди жаюну буйруду да ошого кара ташты койду. Чепкендин бурчтарынан бардык уруулар кармап кара таштын коюла турган ордуна чейин көтөрүшкөндө Пайгамбарыбыз САВ кара ташты колу менен алып туруп өз ордуна жайгаштырды. Ушундай акылмандык көрөгөчтүк чечимге коомчулук баары ыраазы болду.

Каабанын курулушуна Курайш эли өтө жакшы чыгымдарды чыгарды, түндүк тарабынан алты чыканактай кылып чыгарды ал тарап Каабанын Хижири жана Хатими деп аталат, ал эми эшигин болсо ар ким кире бербес үчүн жерден

бийик кылып көтөрдү. Каабанын бийиктигин он беш чыканак кылып көтөргөндөн соң алты түркүк коюп чатырын жапты.

Ошентип Кааба курулуп бүткөндөн соң төрт бурчтуу сыяктуу болду. Бийиктиги 15 метр болуп туурасынан кара таш бар тарабы жана анын каршы тарабы 10 го 10 метр болду, Хижири болсо жерден 1, 5 метр көтөрүлдү, эшик тарабынын туурасы жана анын каршы тарабы 12 метр болуп курулду, ал эми эшиги болсо жерден эки метрдей көтөрүлүп коюлду.

## *Пайгамбарлык келбестен алдыңкы жалпы өмүр баян:*

Элдердин арасынан Пайгамбарыбыз САВ эң жакшы кулк-мүнөздүү болуп чоңойду, туура пикирдүүлүктө эң үлгүлүү, көрөгөчтүү жана эң акылдуу инсандардын бири эле, туура ой жүргүзгөн алдыга жакшы максаттарды койгон инсан болуп жетилди, бир ишти аткарууда сабырдуулук менен акыл калчачу, дайыма пикирдүүлүк менен жүрүп акыйкатты көрсөтчү. Кандай гана иш болбосун өзүнүн таза ички сезими жана акылдуулугу менен карап коомчулуктун баарына туура пикирин айтып бирдей карачу. Алдамчылык калп жалган нерселерге такыр жакын жолобой узак жүрчү. Эгер инсандарга жана өзүнө пайда бере турган иш болсо аткарып пайда бербесе адатынча жалгызданууу сезими менен болгон. Арак сыяктуу ичимдиктерге жакын жологон эмес, буттарга аталып союлган эттен да жеген эмес, буттардын майрамы жана башка туура эмес майрамдарга катышчу эмес, жаштык кезинен эле Пайгамбарыбыз САВ бутпарас отпараска окшогон ширк нерселерден узак болчу. Жада калса ушуга окшогон туура эмес ишенимдерди жактырчу да эмес, буттардын аты менен ант ичкен сөздөрдү угуп калса ага сабыр кылып туралчу эмес.

Пайгамбарыбызга САВ жазылган тагдыры аны көп жаман нерселерден сактагандыгы шексиз, кээ бир дүйнө кызыкчылыгын же болбосо туура эмес үрп-адаттарды

аткарууга напсиси кызыгып аны аткарганы калганда Кудуреттүү Кудайдын жардамы ортого түшө калып Пайгамбарыбызды САВ ал нерседен узак кылып койгон. Бул тууралуу Ибнул-Асийр мындайча риваят кылат: Пайгамбарыбыз САВ айтты:

**“Караңгылык доорундагы кылынган туура эмес иштерди эки жолу гана кылууга көңүлдөнүп калдым, бирок буларды да аткаруудан Аллах мени сактады, ошондон баштап Пайгамбарлык тапшырмасы келгенче андайга эч көңүл бурбадым, (ал иш ушундайча болгон) Меккенин өйдө жагында бирге кой кайтарып жүргөн жолдошума: Менин койлорумду да карап турсаң мен Меккеге барып башка балдар сыяктуу оюн күлкү кылып келейин, деп айттым эле жолдошум: Макул деп жооп берди, анан жолго чыгып Меккеге жетээримде музыканын үнүн угуп калдым да: Бул эмне болгон үн? Деп сурадым эле: Баланча менен түкүнчөнүн үйлөнүү тою деп айтышты, анан жанагы үндү угуу үчүн олтуруп калганымда Аллах мени уйкуга салып койду да уктап калдым, уйкудан күндүн ысыгы гана ойготуп жиберди. Ошентип эч нерсени кылбай кайра жолдошумдун жанына келгенимде ал менден эмне болгонун сурады, мен ага болгон ишти айтып бердим. Экинчи күнү да кечекиндей кылып Меккени көздөй жөнөп кеттим, Меккеге кире бериште кечекиндей болуп кайра уктап калдым. Ошондон баштап жаман нерсени аткарууга эч аракет кылганым жок”.**

Бухарий риваят кылган хадисинде Жаабир ибну Абдулла ушундайча кабар берет: Кааба курулуп жаткан мезгилде Пайгамбарыбыз САВ менен Аббас таш ташый баштады, ошондо Аббас Пайгамбарыбызга САВ: Чепкениңди желкеңе койсоң таш көтөрүү оңой болот деп айтты. Ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ жерге кулап калат да асманды карап өзүн жоготкондой болуп туруп калат, бир маалда өзүнө келе

түшүп: "**Чепкеним кайда чепкеним кайда"** деп чепкенин алып белине байлап алат. Башка бир риваятта: Ошондон кийин Пайгамбарыбыздын САВ ауратЫ көрүнгөн эмес, деп келет.

Пайгамбарыбыз САВ элдин арасынан жакшы адеп-аклагы жана кулк-мүнөзү менен өзгөчөлөнүп турган, башкалардан айырмаланып эң жакшы сыпаттуу, кошуна менен жакшы мамилелүү, жумшак мүнөз, туура сүйлөгөн, мамилеси жакшы, кечиримдүү, берешен, мээнеткеч, убадага турган жана аманатка кыянат кылбаган инсан эле. Ушундай жогору даражадагы кулк-мүнөздүү жакшы сыпаттуу болгондуктан эл аны «Амин» деп атап коюшкан (мааниси: Аманатчыл, ишенимдүү, туура дегенди билдирет), момундардын энеси Хадийча РА айткандай: Пайгамбарыбыз САВ оорду көтөрө билген, жокко бере билген, коногун сыйлаган жана акыйкат үчүн жардам берген инсан эле.

# ***Пайгамбарлык тапшырманын башталаар алдында***

## ***Хира үңкүрүндө:***

Пайгамбарыбыздын САВ жашы кыркка жакындап калган кезде мурдагы болгон ой жүгүртүүлөрү кеңейип өзү менен коомунун арасында көптөгөн туура эмес нерселер болуп жалгызданууну каалап калды. Ошондо жегенге тамак жана суу алып Меккеден эки чакырым узактыктагы нур тоосунун чокусундагы хира үңкүрүнө чыгып кетти. Ал үңкүрдүн узундугу төрт чыканак, кенендиги темир өлчөмүнүн төрттөн бири болгон үңкүр эле, өзү менен кошо үй-бүлөсүн алып аларды өзүнө жакын жерге жайгаштырып койчу, ошол жерде Рамазан айында жалгызданууда калып, кедей-кембагалдардын кимиси келген болсо аларга да тамагынан берип турду, хира үңкүрүндө убактысын ибадат менен өткөзүп, бул ааламдын жаралуусуна ой-пикир жүргүзүп, бүткүл ааламды жараткан

Кудурети күчтүү Кудай Таала тууралуу терең пикир кылып жатты. Элинин туура эмес ширк ишеничте болгондугуна, алардын тутунган дини акыйкат дин эместигине көңүлү чөгүп кыжаалаттанып турду, бирок аларга акыйкатты көрсөтө турган айкын жол жок эле, адашуудан туура жолго алып чыгуучу көңүл ыраазы боло турган жол да жок болчу.

Пайгамбарыбыздын САВ жалгызданууну каалап калуусу Аллах Таала тарабынан болочок Пайгамбарлык улуу тапшырмасына өз Пайгамбарын даярдоо болгон, кандай гана жан болбосун ошол кездеги инсанияттын жашоосунан таасир алууга аргасыз болуп, акырында туура жолду издөө максатында багыт алуу үчүн, көр оокаттан жана адамды алек кылуучу ар кандай тоскоолдуктардан узак болуу үчүн жалгыздануууга бир аз да болсо убакыт керек болчу.

Мына ушундай жолдор менен Кудуреттүү Кудай Таала келечекте жер жүзүнү жана тарых барагын өзгөртө турган болочок Пайгамбары Мухаммедди САВ чоң аманатты көтөрүү үчүн даярдап жатты, жалыгзданууну Пайгамбарлык макамына үч жыл калганда баштаган болчу. Ушул үч жыл аралыгында кээ бир айларда ээн эркин руханияты менен ааламдагы кайып сырларды ой-пикир жүргүзүү үчүн жалгызданууга чыгып кетип жатты. Качан гана Аллах тараптан уруксат берилип ошол кайып нерсе айкын болгончо ушул абалда болду.

## *Жебрейил вахий кабарын алып келди:*

Пайгамбарыбыздын САВ жашы кыркка толгондо – ушул жашта акыл толук кемелдүү болот. Пайгамбарлар да ушул жашта Пайгамбар болуп келет деп айтылат – Пайгамбарлык белгиси алгач түшүндө жарык нур сыяктуу көрүнө баштады. Ошондо кандай гана түш көрбөсүн таңдын жарыгындай болуп айкын болуп турду. Ошентип алты ай өтүп кетти - Пайгамбарыбыз САВ жыйырма үч жыл Пайгамбар болгон. Ал эми бул түштөр болсо пайгамбарлык болуп келгенинен кырк

алты бөлүгүнөн бири болгон – Пайгамбарыбыз САВ хира үңкүрүндө жалгызданууу ибадатына үч жыл болгондон кийин рамазан айында Аллах Таала өз ырайымын жер жүзүнө түшүрүүнү каалады. Ошентип Пайгамбарлык тапшырмасы келип Жебрейил Пайгамбарыбызга САВ Курандын алгачкы аяттарын түшүрдү.

Көптөгөн изилдөөлөрдөн кийин Куран аятынын эң алгачкы түшүүсү рамазан айынын жыйырма биринчи кечесинде дүйшөнбү күнгө туура келет деп айтсак болот. Бул 610-жыл 10-август айына туура келет. Ошол кезде Пайгамбарыбыздын САВ жашы ай санагы боюнча кырк жаш алты ай 12 күн, ал эми күн санагы боюнча 39 жаш үч ай 12 күн болгон.

Анда эмесе Айша Разияллаху анхадан эшитсек, Куран аяттарынын эң алгачкы жолу кандай болуп түшө баштаганын, Кудай тараптан келген акыйкат нуру динсиздикти, адашууну жана караңгылыкты жоюп, жер бетиндеги жашоо турмушун жана тарых барактарын жакшы нукка өзгөртө баштаган окуяны айтып берсе:

Алгачкы ирет Пайгамбарыбызга САВ вахий кабары келе баштаганы бул түшүндө көргөндөрүнүн баары ачык айкын болгон. Ошондо кандай гана түш көрбөсүн таңдын жарыгындай болуп келээр эле, анан Пайгамбарыбыз САВ өзүнчө жалгыздануууну каалап калды, жалгыздануууга хира үңкүрүнө чыгып кечиндеси узак убакыт өзүнчө ибадат кылып жатты. Хира үңкүрүнөн түшкөндө үй-бүлөсү менен да узак убакытка калаар эле, качан гана Аллах тараптан акыйкат келгенче Пайгамбарыбыз САВ ушул абалда болду. Вахий түшүү окуясы ушундайча башталды: Пайгамбарыбыз САВ айтат: **Периште келип мага: "*Оку"*, деп айтты. Мен окуганды билбейм деп жооп бердим. Ошондо периште мени кучактап туруп бир кысты эле кыйналганымдан чарчап кеттим, кайра коюп жиберди да: *Оку,* деп айтты, мен ага: Окуганды билбейм деп жооп бердим. Ошентип**

**үчүнчү жолу кайрадан кучактап туруп бир кысты да коюп жиберип:**
***"1. Оку, Жараткан Раббиңдин ысымы менен!***
***2. Ал инсанды уюган кандан жаратты. 3. Оку, сенин Раббиң эң улук Зат! 4. Ал инсанга калем менен (жазууну) үйрөттү. 5. Инсанга билбегенин билгизди".*** (Алак сүрөсү 1-5 аят)
Ошондо Пайгамбарыбыздын САВ жүрөгү аябай коркуп кетип Хадийчанын РА жанына келип: **Мени жапкыла, мени жапкыла,** деп айтты эле дароо Пайгамбарыбызды САВ коркуу сезими кеткенче ороп жаап коюшту, Пайгамбарыбыз САВ өзүнө келгенден кийин Хадийчага РА: **Мага эмне болуп жатат?** Деп болгон окяны ага айтып берип: "**Өз жаныма бир нерсе болуп кетүүдөн коркуп кеттим"** дейт, ошондо Хадийча РА: Эч нерсе болбойт, Аллахка ант сени Аллах эч качан таштап койбойт, анткени сен тууган менен мамилени үзбөгөн, оорду көтөрө билген, кедейден жардамыңды аябаган, коногуңду сыйлаган жана акыйкат үчүн жардам берген инсансың деп айтат. Ошентип Пайгамбарыбызды САВ Хадийча РА атасынын бир тууганынын баласы Варака Науфал уулу аттуу байкесине ээрчитип келет. Ал киши караңгылык доордо Християн динине өтүп кеткен эле, ошол кезде ал Инжил китебин ибраний тилинде жазганды билген, жашы да улгайып көзү да көрбөй калган кези болгон, Хадийча РА келип Варака байкесине: Байке! Мухаммедден САВ бул кызыктуу окуяны уксаң деп айтат, анда Варака: Кандай нерселерге күбө болдуң? Баарын айтып бер дегенде Пайгамбарыбыз САВ эмне болгондугун баарын айтып берет, ошондо Варака Пайгамбарыбызга САВ: Бул Аллах тараптан Муса пайгамбарга түшкөн Жебрейил периште, аттиң азыр жаштык кезим болгондо, эми өз элиң сени кууган кезде тирүү болсом жакшы болоор эле дегенде Пайгамбарыбыз САВ таң калып: **Өз элим мени кубалайбы?** Деп сурап калат, анда Варака айтат: Ооба, кайсы бир инсан Аллах тараптан сен сыяктуу элчи болуп келгенде өз эли ага сөссүз душмандык көрсөткөн.

Эгер ошол кезде мен тирүү болсом сен тарапта бекем турам. Ошентип вахий кабары келе баштаган кезде Варака каза болуп калат.

Имам Табарий жана Ибну Хишам риваят кылган кабарда ушундайча айтылган: Пайгамбарыбызга САВ вахий кабары келип коркунуч басканда хира үңкүрүнөн чыгат да кайра кирип вахий кабарын толук уккан, андан соң Меккеге келет.

Ал эми Имам Табарий риваятында ушундайча айтылат:

Пайгамбарыбыз САВ вахий кабары келгенден кийн ушундай дейт:

**“Жер жүзүндөгү эң жаман көргөн адамым акын ырчы жана жин тийген адам эле, аларды көргүм да келчү эмес, мен тууралуу Курайш эли акын ырчы, жин тийген деп айтышты, ошондо мен өзүмө өзүм мындай дедим: Эгер ушундай болсо тоонун чокусуна чыгып өзүмдү таштап жиберем да бул сөздөн кутулам, деп тоону көздөй жөнөдүм, ошентип тоонун жарымына чыгып калганымда асмандан: Оо Мухаммед! Сен Аллахтын элчисисиң мен Жебрейилмин деген үн келди, башымды көтөрүп асманды карасам эле Жебрейил бир кооз адам түспөлүндө эки буту асмандын кенендигинде турат, кайрадан мага: Оо Мухаммед! Сен Аллахтын элчисисиң мен Жебрейилмин деп айтты, Жебрейилди карап таң калганымдан эсим ооп туруп калганымдан эмнеге бараткынымды да унутуп калыптырмын, көзүмдү асмандын кайсыл жагына бурбайын Жебрейил ушундай чоңдугунан ошол жакта да турган болот. Алдыга да артка да баса албай ден-дароо болуп туруп калдым. Ошентип Хадийча мени издетип киши жөнөтүп ал кишиси мени издеп Меккеге чейин барып алжактан кайтып келиптир. Жебрейил көздөн кайып болду, мен да үй-бүлөмдү көздөй жөнөдүм, Хадийчанын жанына келип ага карап сөйөнүп олтуруп калдым, Хадийча мага: Оо Абул Касым кайда жүрдүң? Сени издетип адам жибердим ал сени таппай Меккеге**

**чейин барып келди деп айтты, мен Хадийчага болгон окуяны айтып бердим. Ошондо Хадийча: “Анда жакшы экен, сабырдуу бол, Аллахка ант мен да ушул үммөттүн Пайгамбары болуп калууңду каалар элем” деп айтты да байкеси Варакага барып болгон окуяны айтып берди эле Варака: Эң ыйык эң ыйык, Аллахка ант Муса пайгамбарга келген эң чоң Жебрейил периште келген турбайбы, чындыгында ал бул үммөттүн Пайгамбары болуптур, ага барып айткын: бекем сабырдуу болсун,** андан соң Хадийча РА Пайгамбарыбызга САВ келип Вараканын сөзүн айтып берди, арадан бир канча убакыт өткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ Меккеге барып Варакага учурап болгон кабарды айтып берет. Ошондо Варака Пайгамбарыбызга САВ: Аллахка ант болсун, албетте сен бул үммөттүн Пайгамбары болдуң, Муса пайгамбарга келген чоң периште Жебрейил сага келиптир деп айтты”.

## *Вахий кабарынын бир канча убакытка токтоп калуусу:*

Ибну Саьд Ибну Аббасатан риваят кылган сөзүндө биринчи ирет вахий кабары келгенден соң вахий кабарынын токтоп калуусу бир канча күндөргө гана созулган деп келет. Ушул сөздү көпчүлүк аалымдар тактап изилдегенден соң колдоп туура деп табышкан, ал эми кээ бир туура эмес маалыматтардын айтылышы боюнча вахий кабарынын токтоп калуусу үч же эки жылга созулган деп айтылат, албетте бул сөз туура эмес. Биздин айтаарыбыз бул туура эмес сөзгө жооп берүү эмес тактоо иретинде гана айтып койдук.

Чындыгында Пайгамбарыбызга САВ вахий кабары келбей токтоп калгандан соң өтө капаланып таң калып жүрүп калды. Бул тууралуу Бухарий “Ат-таьбийр” деген китебинде мындайча кабар берет:

Вахий кабары токтоп калгандан соң, Пайгамбарыбыз САВ өтө кыжаалат болуп, капаланып, бир канча жолу тоонун башынан баарын таштап кетип калгысы келет. Канча ирет тоонун башына чыкпасын ошол кезде Жебрейил периште пайда боло калып: Оо Мухаммед! Чындыгында сен Аллахтын элчисисиң, деп айтканда Пайгамбарыбыздын САВ көңүлү ордуна түшүп көздөрү кубанып кетет. Кайрадан вахий кабары келбей көпкө узарып кеткенде ушул окуя кайра кайталанып Жебрейил периште кайра ошол сөздү айтат.

## *Жебрейил периште экинчи жолу вахий кабарын түшүрдү:*

Ибну Хажар экинчи жолу вахий кабарын келүүсүн мындайча риваят кылат: Бул да (мындайча айтканда вахий кабарын токтоп калуусу бир канча күнгө созулган). Анткени Пайгамбарыбыздын САВ ошол кездеги пайда болгон коркуу сезими жоголуп, кайрадан вахий кабарын кабыл алууга даяр болуу үчүн болчу. Ошентип Пайгамбарыбыздын САВ капалыгы жана арсар болуусу азайгандан соң, акыйкаттык келди да чындыгында Кудуреттүү Аллах Тааланын элчиси болгондугун жана ага вахий түшүргөн периште асмандын кабарын алып келип жаткандыгын чындап билди. Ошондуктан Пайгамбарыбыздын САВ вахий кабарын түшүүсүн күткөндүк Жебрейил периштеден экинчи ирет вахий кабарын кабыл алууга даярдык болчу. Бухарий Жаабир ибну Абдулладан риваят кылган хадисинде Пайгамбарыбыз САВ вахий кабары түшкөндүгүн ушундай деп айткан:

**“Мен басып баратат элем бир убакта асмандан үн угулду, асманды карай калсам эле жанагы хира үңкүрүндөгү мага келген периште асман менен жердин ортосунда олтургучта олтурат, ошондо мен андан коркуп кеткенимден жерге олтуруп калдым, андан соң үйгө келип**

**мени орогула мени орогула деп айттым эле алар мени ороп коюшту, анан Аллах Тааладан ушул аяттар түштү:**

***"1. Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! 2. Туруп (элдерге Акыретти) эскерт! 3. Жана Раббиңдин улуулугун даңазала! 4. Жана кийимиңди тазала! 5. Жана ыпластыктан ыраак бол!"*** (Муддасир сүрөсү 1, 5-аят). **Ушундан соң вахий кабарынын түшүүсү уланып кетти".**

## *Вахий кабары түшүүсү жөнүндө маалымат:*

Пайгамбарлык жашоо тууралуу кеп кылаардан алдың вахий кабары канча бөлүкө бөлүнөөрүн маалымат бере кетсек. Анткени вахий кабары пайгамбарлык тапшырмасынын аткарылуусунун эң негизги бөлүгү болуп саналат, Ибнул-Каййим вахий кабарын төмөнкүчө тартип менен бөлгөн:

**Биринчиси:** Пайгамбарыбыздын САВ түшүндө келгендери баары ачык айкын болгон. Бул да вахий кабарынын башталышы.

**Экинчиси:** Периште көрүнбөй туруп Пайгамбарыбыздын САВ жүрөгүнө жана сезимине (Аллах тараптан) вахий кабарын берди, Бул тууралуу Пайгамбарыбыз САВ айтат:

**"Ыйык рух (Жебрейил периште) менин жүрөгүмө, сезимиме (Аллах тараптан берилген көптөгөн илимдүүлүктү) үйлөдү (орноштурду): албетте бир пенде өз ырыскысын толук алмайын ажалы келбейт. Ошондуктан ырыскыңарды табууда жакшы (адал, туура) жолдор менен издеп Аллахка такыба болгула. Аллахка күнөө кылуу (жолдору) менен ырыскы издебегиле. Анткени Аллахтын алдында жакшы нерсе гана кабыл кылынат".**

**Үчүнчүсү:** Жебрейил периште Пайгамбарыбызга САВ адам түспөлүндө болуп көрүнүп вахий кабарын толук түшүндүрөөр эле, кээ бирде сахабалар да Жебрейил периштени адам түспөлүндө көрүшкөн.

**Төртүнчүсү:** Вахий кабары келээрде коңгуроонун үнү сыяктуу болуп келген, ошол учурда Пайгамбарыбыз САВ өтө кыйналып кетээр эле, кыйналганынан күндүн катуу суук учурларында да тердеп кеткен. Пайгамбарыбыз САВ унаада болсо унаасы да жерге чөгөлөп олтуруп калган, бир жолу Пайгамбарыбыздын САВ буту Зейт ибну Саабиттин бутуна тийип турган кезинде вахий кабары келип калат, ошондо Зейттин буту аябай оорлошуп кеткендигинен бутун тартып алгысы келген.

**Бешинчиси:** Пайгамбарыбыз САВ Жебрейил периштени кандай болуп жаратылса ошондой сүрөтүндө көргөн, ушундай абалда Жебрейил периште эки жолу вахий кабарын алып келген, Аллах Таала бул тууралуу «Нажм» сүрөсүндө кабар берет.

**Алтынчысы:** Мээраж кечесинде асмандардын үстүндө Аллах Таала өзү Пайгамбарыбызга САВ намазды парз кылгандыгы жана башка вахий кабарларын берген.

**Жетинчиси:** Аллах Таала Муса Пайгамбар менен сүйлөшкөндөй Пайгамбарыбыз САВ менен да Жебрейил периштесиз түз сүйлөшкөн, Аллах Таала Муса Пайгамбар менен сүйлөшкөндүгү Куранда так айтылып турат. Ал эми Пайгамбарыбыз САВ менен сүйлөшкөндүгү Исра жана Мээраж кечеси хадисинде так айтылган.

Кээ бир аалымдар вахий кабарын сегизинчи бөлүгүн да айтышкан, ал да Аллах Таала Пайгамбарыбыз САВ менен (Мээраж кечесинде) пардасыз түз сүйлөшкөн деп айтышууда, ошондуктан бул аалымдардын арасында талаш маселе.

Ушуну менен вахий кабарынын сегиз бөлүгүнүн кыскачасын сиздерге түшүндүрүп өттүк.

## *Исламга үгүттөөнүн башталуусу*

Пайгамбарыбыз САВ даават кылуу тууралуу Аллах Тааладан ушундай буюруктарды ала баштады:

***“1. Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! 2. Туруп (элдерге Акыретти) эскерт! 3. Жана Раббиңдин улуулугун даңазала! 4. Жана кийимиңди тазала! 5. Жана ыпластыктан ыраак бол! 6. Аз нерсе берип ордуна көп нерсе сураба. 7. (Көргөн жамандык, кыйынчылыктарга) Раббиң үчүн сабыр кыл!”.*** (Муддасир сүрөсү, 1, 7, аяттар) Бул буюруктар чындыгында сырткы көрүнүшүнөн жөнөкөй оңой болуп көрүнгөнү менен, түпкү маңызы келечетүү, өтө маанилүү жана олуттуу эле, ошондой эле таасирдүүлүгү күчтүү жана акыйкатты даңазалаган буюрук болчу.

1- Бул эскертүүдөн максат Кудурети күчтүү Аллах Таалага моюн сунбаган инсандарга Аллах тараптан акыретте өтө катуу азап бар экендигин эскертип жеткир, ал эскертүүлөр ар биринин жүрөгүн жана сезимин титиреткен эскертүү болсун деген таасирдүү тапшырама болчу.

2- Аллах Тааланын улуулугун даңазалоодон максат жер жүзүндөгөү өзүн текеберленип алып жүргөндөрдүн текебердигин сындыруу жана жер жүзүндө Аллахтын гана улуулугу даңазалануу керектигин жеткирүү болгон.

3- Кийимди тазалоодон, ыпластыктан узак болуудан максат, ички жана сырткы келбетин бардык бузуку, ыплас иштерден толук кемелдүү тазалануу үчүн напсини тарбиялап, Аллахтын ырайымында, коргоосунда жана хидаят-туура жолунда жүрүү үчүн болчу, ушул нерселерди аткарып коомчулуктун алдында эң жогорку даражадагы үлгүлүү адам болуп, жүрөгү таза инсандарды Ислам динине тартып, жүрөгү бузук инсандарды Кудайдын Кудуреттүүлүгүн таанытып, акырында инсандар өздөрү же туура жолду же адашкан жолду тандап алуу үчүн болгон иш аракеттер болчу.

4- Аз нерсе берип көп нерсени сурабоодон максат, кылган иш аракеттерин көп кылдым дебей, дагы да болсо алдыга катуу аракеттер менен умтулуп, дин жолунда көптөгөн курбанчылык кылуу үчүн айтылган, жана бардык жасаган

аракет курбанчылыгын Аллах үчүн жасадым деп аны милдет кылбай унутуу керектигин түшүндүрөт.

5- Аяттын акырында жамандык, кыйынчылык үчүн сабыр кылуу дегенден максат, Пайгамбарыбыздын САВ өзүнө жана аны ээрчиген сахабаларына келе турган ар кандай мыскылдоо, шылдыңдоо, кыйноо, азаптоо, өлтүрүү сыяктуу кыйынчылык машаккаттардын баарына чыдамкайлык менен сабыр кылууну Аллах Таала буюруп жатат. Ушулардын баарын өз кызыкчылыгы үчүн эмес Аллахтын гана ыраазылыгын табуу максатында.

Кандай гана таң калыштуу сөздөр! Бул буюруктардын сырткы көрүнүшү жөнөкөй болгону менен, түпкү маңызы инсандын сезимин ойгото турган кандай гана таасирдүү буйрук! Бирок булардын баарын иш жүзүнө ашыруу өтө кыйын жана чоң нерсе, адамды таасирлентип, толкундатып бүткүл ааламды көңүлүнө буруп бириктире турган изги сөздөр.

Аяттын өзү динге үгүттөөнү ичине камтыйт. Ал эми аяттагы эскертүү, бул пенденин ар бир кылган амалдары үчүн жоопкерчилик бар экендигин билдирет, анткени бул дүйнөдө пенде кылган амалынын акыбетин баарын көрө албайт, ошондуктан ал амалдарды эсеп-кытап кыла турган акырет күнү, кыямат күнү деген бар, мунун мааниси биз жашап жаткан бул дүйнөдөн башка аркы дүйнөдөгү түбөлүк жашоо бар экендигин эске салат.

Аяттын жалпы мааниси баардык пенделерди жалгыз Аллахка гана сыйынып, бардык иштерди Ага гана таянып жасоо керек экендигин билдирип, напсинин жана пенденин кызыкчылыгын таштап Аллах Тааланын гана ыраазычылыгын аткаруу керектигин бизден талап кылат.

Ушул сөздөрдү жыйынтыктап айта турган болсок төмөнкүчө жыйынтыка келет:

А- Жалгыз Кудайга сыйынуу, б- Акырет күнүнө ишенүү, с- напсини тарбиялап, акыбети жаман боло турган күнөө

иштерди жасабай салих-жакшы, кайрымдуу жана пазилеттүү амалдарды аткаруу, д- бардык иштерде Аллахка гана таянуу ушулардын баарын Пайгамбарыбыз Мухаммеддин САВ алып келген жолуна ыйман келтирип, анын бизге көрсөткөн хидаят-туура жолунда жүрүп аткаруу.

Бийик даражалуу Аллах Тааладан келген бул аяттар Пайгамбарыбызга САВ жүктөлгөн эң чоң вазыйпа эле, аны жаткан уйкусунан, жылуу жумшак оронуп жаткан жеринен тургузуп Аллах жолунда ар кандай машаккат оор иштерди көтөрүп үгүт-даават иштерин баштоо үчүн айтылган:

***“1. Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! 2. Туруп (элдерге Акыретти) эскерт!”.***

Бул аяттар Пайгамбарыбызга САВ ушундай деп айткандай болууда: Ким өз напсиси үчүн жашаса анда ал ошентип жыргап жашай берсин, ал эми сен ушундай чоң оор вазыйпаны алдың, анда эмнеге уктап жатасың? Эмнеге эс алып жатасың? Эмнеге жылуу төшөктө жатасың? Эмнеге жыргал жашоодо жүрөсүң? Ошондуктан ордуңдан туруп сени күтүп жаткан улуу ишти баштап, сага даярдалган вазыйпаны аткар, ордуңдан туруп чарчап чаалыгып иш аракеттерди аткарууга кириш, ордуңдан тур, анткени уйку убактысы жана ырахат жашоо бүттү, бүгүнкү күндөн баштап дайыма түнкүсүн ибадаттарды кылып, машакаттуу оор болгон вазыйпаңды аткарууну башта. Ошондуктан ушулардын баарына ордуңдан туруп даярдан.

Албетте бул сөздөр өтө маанилүү жана аябаттуу, Пайгамбарыбызды САВ жылуу жумшак жаткан төшөгүнөн, бейпилдикте жашап жаткан үйүнөн тургузуп, алдыдагы келе турган ар түрдүү уруш талашка, оор машакаттарга, оош кыйыш кырдаалдарга жана турмуш көрсөткөн жашоого даярдык көргөзүү үчүн болду.

Ошол убакыттан баштап Пайгамбарыбыз САВ ордунан турду да жыйырма жылдан ашуун эс алуу дегенди унутту, өзү же үй-бүлөсү үчүн жашаган жок, Аллах жолуна үгүт кылууда

жер бетиндеги жалпы инсанияттын эң чоң жүгүн жана аманатын мойнуна алып, жалгыз Кудайга гана сыйынуу керек экендигин үйрөттү. Башына кандай гана оордук кыйынчылык келбесин анын баарын сабырдуулук менен жеңди, жогору тараптан келген чакырууга баш ийип, Ислам жолуна үгүт-дааватын кылууда ага эч нерсе тоскоол боло алган жок, жыйырма жылдан ашуун болгон өз тапшырмасын так жана даана аткарды. Пайгамбарыбызга САВ Аллах Тааладан жана жалпы адам заттан эң жакшы саламдар жана салаваттар болсун.

Алдыдагы барактарда айтыла тургандар Пайгамбарыбыздын САВ Ислам дини үчүн болгон узун жана оор күрөшүнүн кичинекей эле бөлүгү болуп саналат.

## *Динге үгүт кылуунун бөлүктөрү*

Мухаммед Пайгамбарыбыздын САВ Ислам динине үгүт кылуусун эки доорго бөлсөк болот, экөө тең бири биринен айырмаланып турат:

(1)- Мекке доору, болжол менен он үч жыл болгон.

(2)- Мадина доору, он жыл толук болгон.

Бул доорлордун да ар кимиси өз өзүнчө бири бирине окшошпогон этаптары бар, бул этаптардын баарын эки доордун бөлүгүндө ачык айкын түшүндүрүп өтөбүз.

Мекке доорун үч этапка бөлсөк болот:

1- Жашыруун үгүт жүргүзүү этабы, үч жылга созулган.

2- Мекке элине жарыя үгүт жүргүзүү этабы, Пайгамбарлык башталгандын төртүнчү жылынын башынан баштап онунчу жылдын акырына чейин.

3- Меккенин сыртына үгүт жүргүзүү этабы жана ошол жактарда үгүт иштеринин кеңири тарашы, Пайгамбарлык башталгандын онунчу жылынын акырынан баштап, Пайгамбарыбыз САВ Мадинага көчкөнгө чейин.

Ал эми Мадина доорунун этаптарын өз мезгили келгенде айтып өтөбүз.

# *Биринчи этап*
# *Үгүт ишинин башталуусу*

## *Үч жыл жашыруун үгүт жүргүзүү:*

Белгилүү болгондой Мекке шаары араптардын дин тутунган борбору болуп Каабанын жоопкерчилиги ошолордун колунда эле, ал эми ал жерде жалпы араптардын сыйынган ар кандай ыйык тутунган бут, сөлөкөттөрү жайгашкан. Эгерде ким ал жерге башка динди алып келүү максаты болсо анда ал максатын ишке ашыруу өтө кыйынга турат болчу, ошондуктан ишти баштоого өтө чечкиндүүлүк керек болуп кандай гана тоскоолдук кыйынчылыктар болбосун ага сабырдуулук керек болчу. Ошондуктан алгачкы үгүт иштерин баштоодо Меккеликтерди чочутуп үркүтпөө үчүн жашыруун баштоо эң жакшы жана ыңгайлуу болгон.

## *Алгачкы Исламга киргендер:*

Пайгамбарыбыз САВ алгачкы Исламга үгүттөөнү өзүнө эң жакын болгон адамдардан баштоосу табигый көрүнүш эле, ошондуктан үй-бүлөсүнөн жана жоро-жолдошторунан баштаган, Пайгамбарыбыз САВ өзү жакшы тааныган жана алар да Пайгамбарыбызды САВ жакшы тааныган инсандарды Исламга чакырды. Аларга Аллахтын сүйүүсүн, акыйкатты, кайрымдуулукту, туура жана такыбалыкты үйрөттү, ошолордун ичинен Пайгамбарыбыздын САВ улуу даражалуу инсан экендигине ишенишип чынчыл туура сүйлөгөн алып келген кабарында эч шек-күмөн жок деп бир топ адамдар эң алгачкылардан болуп Ислам динин кабыл алышты, бул инсандар Ислам тарыхында Исламды эң алгач кабыл алгандар деп сакталып калды. Алардын эң башында турган момундардын энеси Хувайлид кызы Хадийча РА,

Пайгамбарыбыздын САВ кызматчысы Калбий уруусунан Зейт Хаариса уулу, байкеси Абу Талиптин уулу Али, Али ошол кезде кичинекей бала болуп Пайгамбарыбыз САВ аны өз кепилдигине алып чоңойтуп жаткан кези болчу жана Пайгамбарыбыздын САВ эң жакын сүйүктүү досу болгон Абу Бакир Сыддык, ушулар эң алгачкы үгүттөө күнүндө Исламды кабыл алышты.

Андан соң Абу Бакир Исламга үгүттөөгө катуу киришет, анткени ал коомчулуктун алдында эң сүйкүмдүү, жумшак мүнөз, адеп-аклактуу болуп таанылган киши эле, илимдүү, мамилелүү жана тажрыйбалуу соодагер болгондугу үчүн жанына жакындары жоро жолдоштору келип аны менен пикирлешип, баарлашып кетишчү. Ошентип өзүнө жакын ишенген адамдарды Исламга чакыра баштап анын үгүттөөсү менен Усман Аффан уулу ал-Умавий, Зубайр ал-Аваам уулу ал-Асадий, Абдурахман Ауф уулу, Саьд Абуваккас уулу аз-Зухарий жана Талха Абдулла уулу ат-Таймий өңдүү инсандар Исламды кабыл алышат, ошентип сегиз киши Исламды эң алгачкы кабыл алгандардан болгон.

Дагы башка мусулман болгондордон Билал ибну Рабах Хабаший, анын артынан бул үммөттүн ишенимдүүсү деген лакаб алган Хаарис ибну Фахр уруусунан болгон Абу Убайда Аамир ибну Жаррах, Абу Салма ибну Абдуласад, Аркам ибну Абуларкам Махзумий, Усман ибну Мазьун жана анын эки бир тууганы Кудаама менен Абдулла, Убайда ибну Хаарис ибну Мутталип ибну Абдуманнап, Саид ибну Зейт ал-Адавий жана анын аялы Умар ибну Хаттабтын карындашы Фатима бинту Хаттаб ал-Адавия, Хаббаб ибну ал-Арат, Абдулла ибну Масьуд ал-Хузалий жана башка инсандар алгачкылардан болуп Исламды кабыл кылышкан, булардын баары Курайш уруусунан болгон, белгилүү Ислам аалымы Ибну Хишам кырктан ашуун киши ошол кезде алгачкылардан болуп Исламды кабыл кылган деп тактагандыгы бар, ал эми кээбир Исламды алгачкылардан болуп кабыл кылган деген адамдар

тууралуу талаш пикирлер да айтылып келет. Ислам аалымы Ибну Исхак айтат: Андан соң Исламды бир канча эркек жана аялдар кабыл кылып Мекке элинин арасында Ислам тууралуу сөз кеңири тарай баштайт.

Булардын баары Исламды жашыруун кабыл кылышкан, Пайгамбарыбыз САВ бул инсандар менен жашыруун жолугушууларды өткөзүп Исламга үгүттөчү. Анткени ошол убакта үгүт иштери жалгыз жалгыз жана жашыруун болуп турган кез эле, вахий кабары Муддасир сүрөсүнүн алгачкы аяттарынан кийин уланып түшө баштады, алгач вахий кабары аят аят жана сүрөлөрдүн кыскача түрмөгү түшүп, ошол убактагы абалга айкалышып туура келген терең маанидеги укмуштуу аяттар түштү, дүйнө кумрынын жийркеничтүү жаман экендигин билгизген, тозок жана Бейишти көз көргөндөй сыпаттаган, инсандын напсин тарбиялоочу жана ошол замандын караңгылык доорунан чыгарып башка бир жаңы доор баштай турган чыныгы момун мусулмандарды тарбиялап өстүрүүчү терең маанидеги аяттар түшүрүлдү.

## *Намаз тууралуу:*

Алгачкы намаз кандай болгондугу жөнүндө Ислам аалымы Мукаатил ибну Сулайман кабар берет:

Ислам жаңы башталып жаткан кезде Аллах Таала эрте менен эки рекет жана кечинде эки рекет намаз окууну парз кылган, бул тууралуу Ыйык Куранда Аллах Таала айтат:

وَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ بِالْعَشِيِّ وَالْإِبْكَارِ {غافر/55}

***“Эрте менен жана кечинде Раббиңе таспих айт (намаз оку)”.*** (Гаафир, 55)

Ибну Хажардын айтуусунда: Исра жана Мээраж кечеси келээрден алдың Пайгамбарыбыз САВ дайыма намаз окуп турчу, сахабалары да намаз окушчу, бирок беш убак намаз парз болоордон алдың кандай намаз болсо да намаз окуу парз

болгонбу же жокпу? бул тууралуу аалымдардын кайчылаш пикирлери бар, кээ бири эрте менен күн чыгаарда жана кечинде күн батаарда намаз окуу парз кылынган деп айтат. Хаарис ибну Усама риваят кылат Ибну Лахия Зейт ибну Хаарисадан кабар бергенин айтат: “Пайгамбарыбызга САВ алгачкы вахий кабары келе баштаганда, Жебрейил периште келип дааратты жана намазды үйрөтүп, дааратты үйрөтүп бүткөндөн соң бир бүркүм суу алып Пайгамбарыбыздын САВ этек жагына бүркүп койду”. Ибну Маажа да хадисти ушул мааниде риваят кылган. Бараа ибну Аазиб жана Ибну Аббас риваят кылган хадиси да ушуга жакын мааниде айтылган, Ибну Аббастын риваятында: “Ушул намаз эң алгачкы парз намазы болчу” деп кабар берет.

Ибну Хишамдын сөзүндө: Ошол кезде намаздын убагы келип калса Пайгамбарыбыз САВ менен сахабалары тоо тарапка чыгып коомчулуктан бекинип жашыруун намаз окушкан, бир жолу Абу Талип Пайгамбарыбыз САВ менен Алинин намаз окуганын көрүп калат да алардан сураганда алар түшүндүрүп берет, ошондо Абу Талип иштин чоо жайын түшүнүп бекем болгула деп айтат.

## *Жалпы Курайш элине кабар жетти:*

Ушул этаптын жалпы жагынан алып караганда үгүт иштери жашыруун жана жалгыз жалгыздан жүрүп жатса да Курайш элине кабар жетип калат, бирок Курайш эли буга ошол кезде анча көңүл бурган эмес.

Шейх Мухаммед Газалийдин айтуусунда: Ошол кезде Курайш элине Исламга үгүттөлүп жаткандыгы тууралуу кабар жетет, бирок алар анча деле көңүл бурушпайт, Умаййа ибну Абу Султ, Кыйс ибну Сааида, Амру ибну Нуфайл жана ошолорго окшогон инсандар сыяктуу эле Мухаммед да Кудайга тийешелүү сөздөрдү сүйлөп анын укуктары жөнүндө айткан динчил болуп калган окшойт деп ойлошот, бирок үгүт

иштери күндөн күнгө күчөп кеңири тарап бараткандыгынан улам эл арасында коркуу пайда болуп Курайш эли мусулмандарды аңдый баштайт.

Ошентип үгүт иши жашыруун жана жалгыз жалгыз жүрүп жатканына үч жыл өтөт, ушул убактын ичинде момун мусулмандар өзүнчө жамаат болуп бири бири менен мусулмандык бир тууган мамилесин жана башкаларга үгүт иштерин жүргүзүүнү араларында жүргүзө баштайт, үч жылдан соң вахий кабары түшүп эл арасына жарыялоону, акыйкатсыздык жана көп кудайчылдык менен күрөшүүнү өз Пайгамбарына САВ Аллах Таала буйрук кылат.

# *Экинчи этап*
# *Жарыя үгүт жүргүзүү*

## *Алгачкы үгүт ишин жарыялоо:*

Алгачкы үгүт ишин жарыялоо жөнүндө ушул аят түшкөн:

وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ {الشعراء/214}

***"Жана (эң алгач) жакын туугандарыңа эскерт".*** (Шуара, 214)

Бул аят "Шуара" сүрөсүнүн аятынан болуп, бул сүрөнүн башында Муса пайгамбардын алгачкы Пайгамбарлык доорунун башталуусун, Муса пайгамбар Исраил коому менен көчүүсүн, Фароондун жана анын аскерлеринин кордугунан качып кутуулуусун жана Фароон менен аскерлеринин сууга чөгүп жок болгондугун эскерет, бул окуя Муса пайгамбардын Фароон менен анын коомуна болгон Аллахка даават кылуу иштери туурасында жалпы баяндап өтөт.

Бул айтылынган аяттардын себеби Пайгамбарыбыз САВ менен сахабаларын Исламга жарыя үгүттөө буйругу келгенде аларга үлгү катары айтылган, анткени үгүт иши жарыя башталганда коомчулук аларды да калпычыга чыгарып жана башка ар түрдүү куугунтуктар азап-кыйноолр сыяктуу тоскоолдуктар пайда болоорун эскертип, ошого эң алгачкы күндөн тартып эле даяр болуусун билдиргендигин көрүп турабыз.

Бул сүрөнү башка жагынан алып караганда Нух, Ибрахим, Лут пайгамбарлардын коому сыяктуу жана Аад, Самуд, ал-Айка коомдору сыяктуу өз Пайгамбарларына ишенбей аларды калпычыга чыгаргандардын аягы жамандык менен бүткөндүгү баяндалган, ага да кошумча кылып Фароон менен коомунун кылган кылктарын эскерип, эгерде Ислам динин жалганга чыгаргандар динге тоскоолдук көрсөтүүнү уланта беришсе Аллах Таала ушул коомдорго окшотуп

акыбетин жаман кылып койоорун эскертип жана мусулмандардын соңу жакшылык менен бүтөөрүн билгизген.

## *Туугандарга болгон үгүттөө:*

Жогорудагы айтылган аят түшкөндөн соң эң алгач Пайгамбарыбыздын САВ жасаган иши Исламга үгүттөө үчүн Хашим уруусун чакырат алар менен кошо Мутталип уруусунан да бир канча кишилер келет, баары кырк беш киши чогулат, ошондо Абу Лахаб сөз бербей Пайгамбарыбызга САВ мынай дейт: Көрүп турганыңдай булар сенин жакындарың жана туугандарың, сени ээрчип биздин динден чыккан адамдарыңды кой, бир нерсе болсо сени араптардан коргой турган туугандарыңдын кудурети жетпөөсүн билгин, сага мен жана ушул туугандарың гана жардам бере алат. Башкасы эч ким жардам бербейт, эгер жүргүзүп жаткан үгүтүңдү таштабасаң Курайш эли сага оңой эле асылып кол сала баштайт анан алардын артынан жалпы араптар жардам берет, сен алып келген нерседен жаман нерсе көрбөдүм деп айтат, ошондо Пайгамбарыбыз САВ унчукпайт да ошол чогулушта эч нерсени сүйлөбөйт.

Андан соң Пайгамбарыбыз САВ экинчи жолкусун чакырып сөздү ушинтип баштайт:

**“Аллахка мактоолор болсун, ага гана мактоо айтам, андан жардам сурап ыйман келтирем жана ага гана таянам, сыйынууга татыктуу жалгыз Аллахтан башка кудай жок жана ал жалгыз анын эч кандай шериги жок экендигине күбөлүк берем. Албетте жол көрсөтүүчү өз үй-бүлөсүнө калп айтпайт, Аллахка ант Андан башка кудай жок, чындыгында мен силерге жана жалпы инсандарга Аллахтын элчиси болдум, Аллахка ант, албетте уктагандай эле өлөсүңөр, уйкудан тургандай эле акыретте тирилесиңер, кылган амалдарыңар үчүн эсеп-кытап**

**кылынат, (андан соң) же түбөлүк Бейиш, же болбосом түбөлүк тозок болот”.**

Ошондо Абу Талип айтат: Сага жардам берсек кандай жакшы болоор эле, сенин кеңешиңди укканы келип олтурабыз, айткандарыңа да ишенсе болот, бул чогулгандар атаңдын бир туугандары жана башка тууган уруктарың, мен да ушулардын биримин, өзүң билгендей мен гана сенин тарабыңды талашам, сага эмне буюрулса ошону аткара бер, Аллахка ант болсун акырына чейин сени коргоймун, бирок мен Абдулмуталиптин динин таштагым келбейт.

Анда Абулахаб: Аллахка ант бул өтө жаман иш, башкалар токтото элегинде силер муну токтотуп калгыла дегенде Абу Талип мындай деп жооп берет: Аллахка ант болсун айгына чейин муну коргойбуз.

## *Сафа тоосунда:*

Пайгамбарыбыз САВ байкеси Абу Талиптин коргоорун билгенден кийин Аллахка үгүттөөнү баштайт, күндөрдүн биринде Сафа тоосуна чыгып катуу үнү менен:

Оо элжурт! Дегенде Курайш эли чогулат, Пайгамбарыбыз САВ аларды Аллахтын жалгыздыгына, анын элчисине жана акырет күнүнө ыйман келтирүүгө чакырат. Бул окяны Бухарий риваят кылган хадисинде Ибну Аббас РА мындайча баяндайт:

وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ {الشعراء/214}

***“Жана (эң алгач) жакын туугандарыңа эскерт”.*** Деген аят түшкөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ Сафа тоосуна чыгып катуу үнү менен чакыра баштайт:

**“Оо, Фахр уруусу! Оо, Адий уруусу”** деп Курайш урууларын чакырат, ошентип элдер чогулат, келе албай калгандар да эмнеге чакыргандыгын билип келүү үчүн башка бирөөнү жиберет, ошентип Курайш уруусу чогулуп алардын арасында Абулахаб да келет, Пайгамбарыбыз САВ:

**“Эгер тоонун артында душман силерге кол салганы келатат деп айтсам мага ишенет белеңер?**

Эл:

Ооба сенден биз эч жалганды укканыбыз жок,

Пайгамбарыбыз САВ:

**Мен силерге азабы катуу болгон (Аллах тарабынан) жиберилген эскертүүчүмүн.**

Абулахаб:

Колуң куурагыр, ушул үчүн бизди чогулттуң беле? Деп айтат, ошондо ушул аят түшөт:

تَبَّتْ يَدَا أَبِي لَهَبٍ وَتَبَّ {المسد/1}

***1. Абулахабдын эки колу (өзү) куурап калсын! Куурап да калды!”.*** (Масад, 1)

Ушул окянын башка бир тарабын Муслим риваят кылган хадисинде Абу Хурайра РА айтат:

وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ {الشعراء/214}

***“Жана (эң алгач) жакын туугандарыңа эскерт”.*** Деген аят түшкөндөн кийин Пайгамбарыбыз САВ эл журтту чакырып ар бирине өз өзүнчө айтат:

**“Оо, Курайш эли! Өз жаныңарды тозок отунан куткаргыла, Оо, Кааб уруусу! Өз жаныңарды тозок отунан куткаргыла, Оо, Мухаммеддин кызы Фатима! Өз жаныңды тозок отунан куткар, Аллахка ант, чындыгында мен (акыретте) Аллахтын алдында силерге эч кандай жардам бере албаймын, (бул дүйнөдө) тууганчылык карым-катнашты гана кыла алам”.**

Бул чакырууда өтө терең мааниде элдерге жеткендигин билдирип турат, чындыгында Пайгамбарыбыз САВ жакын туугандарына Ислам динине ишенүү бул Пайгамбарыбыз САВ менен алардын ортосундагы адилеттүү мамиле экендигин ачыктады, ал эми караңгылык доордогу рассалык тууганчылык

Аллах тарабынан келген ушул кабардан соң жок болгонун билдирди.

## ***Акыйкатты айтып чыгуу жана мушриктердин болгон иш аракеттери:***

Ушул чакыруудан соң Меккенин баарына кабар катуу тарап кетет, анан ушул аят түшөт:

فَاصْدَعْ بِمَا تُؤْمَرُ وَأَعْرِضْ عَنِ الْمُشْرِكِينَ {الحجر/94}

***"(Сен аларга көңүл бурбай) буюрулган ишке умтул жана мушриктерден жүз бур!".*** (Хижр, 94)

Ошондон баштап Пайгамбарыбыз САВ ширк, ырым жырым жана буттарга сыйынуулардын туура эместигин айтып чыкты, мушриктердин сыйынып жаткан буттары эштекеге жарабаган эле бир сөлөкөт экендигине мисалдарды келтирип, кимде ким буттарга сыйынып Аллахка буттар жакындатат деген болсо анда ошолор адашкандар экенин айтып жатты.

Бул сөздөрдү уккан Мекке эли аябай кыжырдана баштады, айтылган сөздөргө таң калып аны уккусу да келген жок, сыйынып жаткан буттары, жана башка жасап жаткан ибадаттары ширк жана туура эмес экендигин эшиткенде баштарына асмандан чагылган жарк деп түшкөндөй болду, ошондо Курайш эли бул күтүлбөгөн чабуулду чечүүгө аракет кылууга киришти, себеби өздөрүнүн дин тутунган үрп-адаттарына терс таасирин тийгизүүдөн коркушту. Анткени көп кудайчылдыкты жок кылып жалгыз Аллахка гана сыйынуунун маанисин түшүнүштү, чыныгы ыйман бул Аллахка жана акыретке ыйман келтирүү экендигин, Аллахтын өкүмүнө толук моюн сунуп баш ийүү керек экендигин да түшүнүштү. Эгер андай кылган болсо Курайштын бай бийлерине эч кандай башкаруу жана мал-дүйнө тийбей калаарына көзөдрү жетти. Мындайча айтканда бай бийлердин каалагандай башкаруу системасын кулатуу, башка араптардын алдындагы болгон

текеберлигин жок кылуу, Аллахтын жана Пайгамбардын САВ өкүмүн аткарып напсилери каалаган ишти аткара албай калуу, башкаларга кордук зулумдук кылуудан жана эртели кеч каалагандай күнөө бузуку иштерди жасоодон тыйылып калууларына көздөрү жетти, ошондуктан бул акыйкатты кабыл алуудан баш тартышты,

بَلْ يُرِيدُ الْإِنسَانُ لِيَفْجُرَ أَمَامَهُ {القيامة/5}

***“Ошондуктан инсан келечекте бузукулук кылгысы келет”.*** (Кыямат, 5)

Бул нерселердин баарын Курайштын бай бийлери өтө жакшы түшүнүштү, бирок бул туура сүйлөгөн, ишенимдүү инсандын алдында кандай кылуу керек? Анткени бул инсандай адеп аклактуу, кулк-мүнөздүү жана эң үлгүлүү инсан ата-бабаларынын тарыхында узак жылдардан бери келген эмес эле, ошондуктан эмне кылуу керек? Эмне кылаарын билбей баарынын башы катты, анткени башы каткандан башка арга жок эле. Акырында ары ойлонуп бери ойлонуп эч нерсе табышпай Пайгамбарыбыздын САВ байкеси Абу Талипке келип инисинин бул кылган ишин токтотуусун талап кылууну чечишти, Абу Талипке барып: Биздин кудайларыбызды жок кылуу үчүн болгон чакырыктар, кудайлардын эч нерсеге күч кудурети жетпейт деген сөздөр, аларды сөгүп тилдеп акаарат кылгандык, аларга болгон өтө жаман кыянаттык бузукулук, бул нерсе ата бабаларыбыздын илгертеден бери карманып келаткан динин жокко чыгарып аларды адашкандыка чыгаруу, ушул сыяктуу акыйкат сөздөрдү Абу Талипке айтабыз деп чечишти да анын алдына жөнөштү.

## *Курайш жамааты Абу Талиптин жанында:*

Ибну Исхак бул окуяны мындайча баяндайт: Курайштын аттуу-баштуу адамдары чогулуп Абу Талиптин жанына келип мынтип айтышты: Оо, Абу Талип! Байкеңдин баласы биздин

кудайларды акаараттап тилдеп, динибизди туура эмес деп жатат, бизди акмак келесоого, ата-бабаларыбызды адашкандыка чыгарып салды. Бул ишти же токтот же болбосом бизге коюп бер биз өзүбүз токтотобуз, анткени сен да биз сыяктуу эле мунун айткандарына макул эмессиң, бизге коюп берсең биз өзүбүз токтотобуз, ошондо Абу Талип аларга жумшак сылык сөздөрүн айтып үйлөрүнө таратып жиберди, ал эми Пайгамбарыбыз САВ кайра үгүт иштерин улантып элдерди Аллахтын динине чакырууну уланта берди.

## *Ажылыка келген адамдарды Исламга үгүттөө сөзөдөрүн угуудан тосуу үчүн болгон чогулуш:*

Ушул күндөрү Курайш эли башка иш менен алек болуп калды, ал да үгүт иштери жарыя башталганына аз өтпөй эле ажылык убагы келип калды, Курайш эли ажылык убагында араптар ажыга келээрин билип, эгер ошол кез келсе Мухаммед САВ тууралуу Курайш эли бир сөздү ойлоп таап ошол сөздү ажыга келген араптарга айтуу зарыл экендиги, эгер андай кылбаса анын сөзү араптарга таасирин берет деп ошол иш менен алек болуп калышты. Ошентип алар Валид ибну Мугийранын үйүнө чогулушуп бир сөздү табуу үчүн ойлоно башташты, анан Валид аларга карап: Баарыңар бир сөздү айтышыңар керек эгер андай кылбасаңар бири бириңерди жалганга чыгарасыңар, анан силердин сөзүңөргө эч ким ишенбейт, анда чогулгандар: Сен айтчы кандай сөздү айтабыз, дешти, Валид: Жок силер айткыла мен угайын, чогулгандар: Бакшы деп айтабыз, Валид: Жок, ал бакшыга окшобойт, бакшыларды көрүп жатабызго кантип күф-чүф деп бир нерселерди шыбырап алдырап жаткандарын, чогулгандар: Акылдан адашкан деп айтабыз, Валид: Жок, ал акылдан адашканга окшобойт, акылдан адашып жинди болгондорду көрүп жатабызго кантип өзүн өзү тыткылап, тынчсызданып ар нерселерди дабдырап жаткандарын, чогулгандар: Акын деп

айтабыз, Валид: Жок, ал акынга да окшобойт, акындарды көрүп жатабызго кантип ыр ыргактарын токуп айтып жатканын, чогулгандар: Сыйкырчы деп айтабыз, Валид: Жок ал сыйкырчыга да окшобойт, сыйкырчылардын үйлөп-пүйлөп бир нерселерди байлап түйүп сыйкырлап жатканын көрүп жатабызго, ошондо чогулгандар: Анда эмне деп айтуу керек? Деп сурап калышат, Валид: Аллахка ант, чындыгында анын сөзү өтө жумшак таттуу, сөзүнүн негизинде өтө маанилүү нерселер жатат, силер айткандарды айтсак эл силердин калп айтып жатканыңарды билип алат, эң жакшысы бул адам сыйкырчы ушундай сыйкыры менен келген баланы атасынан, бир тууганды бир тууганынан, аялды күйөөсүнөн ажыратып уруу уруу кылып бөлө турган сыйкыры менен келген деп айтсак эң туура болот деп ошого баары макул болуп тарап кетишет.

Кээ бир риваятттарда Валид чогулгандардын айткан пикирлерин болбойт деп кайтарган кезде алар Валидке: Анда сен ылайык келген көз карашыңды айтчы дешет, анда Валид аларга: Мага бир аз убакыт бергиле ойлоноюн дейт. Ошентип көпкө ойлонуп акырында жогорудагы айтылган сөздү таап ошону айтат.

Ал эми Валид тууралуу Аллах Таала Муддасир сүрөсүндө он алты аят түшүргөн, ошол аяттарда кантип ойлоюн дегенлерин да Аллах Таала айтып өткөн:

ذَرْنِي وَمَنْ خَلَقْتُ وَحِيدًا {المدثر/11} وَجَعَلْتُ لَهُ مَالًا مَّمْدُودًا {المدثر/12} وَبَنِينَ شُهُودًا {المدثر/13} وَمَهَّدتُّ لَهُ تَمْهِيدًا {المدثر/14} ثُمَّ يَطْمَعُ أَنْ أَزِيدَ {المدثر/15} كَلَّا إِنَّهُ كَانَ لِآيَاتِنَا عَنِيدًا {المدثر/16}

***“11. (Оо, Мухаммед) Мен жалгыз жараткан (каапыр) пендени Мага кой. 12. Мен ага эсепсиз дүйнө-мүлк бердим. 13. Жана (ар дайым кызматына) даяр турган уул перзенттерди бердим. 14. Жана ага өтө кененчилик бердим. 15. Андан соң ал (каниетсиз, наадан адам) Биз ага (Акыреттик бейишти да) кошумча кылуубузду үмүт***

***кылат. 16. Жок! (андай болбойт! Себеби) ал Биздин аяттарыбызды (билип, түшүнүп туруп) четке какты!".*** (Муддасир, 11-16)

Ошентип чогулуш аяктап баары бир пикирге келгенден соң аны иш жүзүнө ашыруу гана калды. Ажылык да жакындап адамдар келе баштаганда Курайштын адамдары жолдун боюна олтуруп алып өткөндөрдүн бирин да калтырбай жанагы сөздү айтышып адамдарга абайлагыла деп катуу эскертүү беришет.

Бул ишти башкарууну Абулахаб алат, Пайгамбарыбыз САВ ажылыгын бүткөн адамдардын жашаган жерлерине, Укказ, Мажанна жана Зил-мажааз аттуу базарларга келип Аллахка, Исламга үндөп жатты, ал эми Абулахаб Пайгамбарыбыздын САВ артынан ээрчип: Буга ишенбегиле бул динден чыккан калпычы адам деп таратып жүрдү.

Ошентип ажылык мезгили бүткөнчө үгүт иши жүрөт, ал эми Пайгамбарыбыздын САВ кабары ушул ажылыктын себебинен бүткүл арап жерлерине тарап кетет.

## *Үгүт иштерин токтотуу үчүн ар түрдүү карама каршылыктарды көргөзүү:*

Мухаммедке САВ кандай тоскоолдуктар болсо да токтобой жатканын көргөн Курайш эли анын жасап жаткан аракетин токтотуу максатында дагы башка жолдорду ойлоп таба башташты, ал жолдордун кыскача түрмөгү төмөнкүчө:

1- Шылдыңдап мыскылдап үстүнөн күлүү, акаарат кылуу, калпычыга чыгаруу, бул нерселрдин баарын мусулмандарды алсыратуу жана руханиятын чөктүрүү максатында жасашты, Пайгамбарыбызды САВ ар түрдүү курук дооматтар, акаарат сөздөр менен паска уруп айтышып жатты. Жиндиге да чыгарышты бул тууралуу Куранда ушундай эскерет:

وَقَالُواْ يَا أَيُّهَا الَّذِي نُزِّلَ عَلَيْهِ الذِّكْرُ إِنَّكَ لَمَجْنُونٌ {الحجر/6}

***“(Мушриктер Мухаммедге): “Оо, Зикир (Кураан) түшүрүлгөн адам, сен – жиндисиң! Дешти”.*** (Хижр, 6)

Сыйкырчы жалганчыга чыгарышты:

وَعَجِبُوا أَن جَاءهُم مُّنذِرٌ مِّنْهُمْ وَقَالَ الْكَافِرُونَ هَذَا سَاحِرٌ كَذَّابٌ {ص/4}

***“Өздөрүнүн ичинен аларга эскертүүчү-пайгамбар келгенине (ишенбөөчүлүк менен) таңыркап, каапыр болгон адамдар: «Бул (Мухаммед) сыйкырчы-жалганчы! Дешти”.*** (Сад, 4)

Ар түрдүү сөздөрдү таратып Пайгамбарды САВ көргөндө каардуу ачууланган көздөр менен карап жатышты,

وَإِن يَكَادُ الَّذِينَ كَفَرُوا لَيُزْلِقُونَكَ بِأَبْصَارِهِمْ لَمَّا سَمِعُوا الذِّكْرَ وَيَقُولُونَ إِنَّهُ لَمَجْنُونٌ {القلم/51}

***“(Оо, Мухаммед) каапыр болгон адамдар зикирди (Кураанды) уккан мезгилде (ичи өрттөнүп) сени көздөрү менен оодара сала жаздашат жана: «Ал жинди!»- дешет”.*** (Калам, 51)

Пайгамбарыбыз САВ эгер бир жерге олтуруп айланасында аны ээрчиген алсыз мусулмандар олтуруп калса аларды мыскылдап: Ушулар мунун шерикетери деп айтышчу.

وَكَذَلِكَ فَتَنَّا بَعْضَهُم بِبَعْضٍ لِّيَقُولواْ أَهَؤُلاء مَنَّ اللّهُ عَلَيْهِم مِّن بَيْنِنَا أَلَيْسَ اللّهُ بِأَعْلَمَ بِالشَّاكِرِينَ {الأنعام/53}

***“Биздин арабыздан Аллаһ нээмат бергендер - ушуларбы?!” деп, (текеберлене) сурагандары үчүн Биз аларды (бай-кедей кылып) бири-бири менен сынадык. Шүгүр кылгандарды Аллаһ көбүрөөк Билүүчү эмеспи?!”.*** (Анаам, 53)

Чындыгында Аллах Таала Куранда айтып өткөндөй эле Пайгамбарыбыз САВ менен мусулмандарды мушриктер мыскылдап акаарат кылып жатышты,

إِنَّ الَّذِينَ أَجْرَمُوا كَانُواْ مِنَ الَّذِينَ آمَنُوا يَضْحَكُونَ {المطففين/29} وَإِذَا مَرُّواْ بِهِمْ يَتَغَامَزُونَ {المطففين/30} وَإِذَا انقَلَبُواْ إِلَى أَهْلِهِمُ انقَلَبُواْ فَكِهِينَ {المطففين/31} وَإِذَا رَأَوْهُمْ قَالُوا إِنَّ هَؤُلَاء لَضَالُّونَ {المطففين/32} وَمَا أُرْسِلُوا عَلَيْهِمْ حَافِظِينَ {المطففين/33}

***“29. Ал эми, күнөөкөр адамдар (бул дүйнөдө) ыймандуу кишилердин үстүнөн күлгөн. 30. (Ыймандуулар) алардын жанынан өткөндө, (бири-бирине) ымдап көргөзүп, шылдыңдашкан. 31. Үй-бүлөсүнө кайтканда (мыскылдагандан ырахат алып) кубанычтуу кайтышкан. 32. Эгер аларды көрүп калса, «Булар-адашкандар» деп айтышкан. 33. Алар (каапырлар) аларга (ыймандууларга) кароолчу кылып жиберилбегенго!”.*** (Мутаффифиин, 29-33)

2- Пайгамбарыбыздын САВ илимине тоскоолдуктарды жаратуу, ар түрдүү жалган ушак сөздөрдү таратуу, Куран тууралуу жана Пайгамбарыбыздын САВ жеке өзүнө түрдүү курук доомат жалгандарды таратып, эч кимди аны укпай сөзүнө түшүнбөй турган даражада көптөгөн ушак жалгандарды жайылтуу болгон, ал эми Куран жөнүндө мындай дешкен:

وَقَالُوا أَسَاطِيرُ الْأَوَّلِينَ اكْتَتَبَهَا فَهِيَ تُمْلَى عَلَيْهِ بُكْرَةً وَأَصِيلًا {الفرقان/5}

***“Жана «Бул байыркылардын жомогу, аны (Мухаммед) жаздырып алган жана алар ага эртели-кеч (бирөөлөр тарабынан) айтып турулган» дешти”.*** (Фуркан, 5)

وَقَالَ الَّذِينَ كَفَرُوا إِنْ هَذَا إِلَّا إِفْكٌ افْتَرَاهُ وَأَعَانَهُ عَلَيْهِ قَوْمٌ آخَرُونَ فَقَدْ جَاؤُوا ظُلْمًا وَزُورًا {الفرقان/4}

***“Каапырлар (Кураан жөнүндө): «Бул – жалган! Аны (Мухаммед) өзү ойлоп чыгарган жана ага башкалар жардам беришкен» деп, (акыйкатка) зулумдук кылышты жана жалган күбөлүк беришти”.*** (Фуркан, 4)

إِنَّمَا يُعَلِّمُهُ بَشَرٌ {النحل/103}

***“Чынында, (Куранды Мухаммедге бир) адам үйрөткөн" деп жатышат”.*** (Нахл, 103)

Ал эми Пайгамбарыбыздын САВ жеке өзү жөнүндө:

وَقَالُوا مَالِ هَذَا الرَّسُولِ يَأْكُلُ الطَّعَامَ وَيَمْشِي فِي الْأَسْوَاقِ {الفرقان/7}

***“(Мушриктер) айтышты: «Бул эмне деген пайгамбар болду-ыя?! Тамак-аш жейт, базарларда жүрөт?!”.*** (Фуркан, 7)

Куранда дагы башка мисалдар өтө көп.

3- Куранга каршы чыгышып аны илгеркилердин жомогу дешти, адамдарды Курандан башка жака буруу үчүн иш аракеттерди жасашты, бул жөнүндө айта турган болсок бир жолкусун Нудар ибну Хаарис Курайш элине мындай дейт: Оо, Курайш эли чындыгында биздин башыбызга түшкөн бул түйшүктүн аргасын таппай калдык, Мухаммед биздин арабызда эле чоңойгон эң жакшы, чынчыл туура сөз жана ишеничтүү бала эле, эми бир аз чоңоюп башына ак чач түшө элек бизге эмнелерди көрсөтүп жаткандыгы баарыбызга маалым, аны сыйкырчы дедиңер жок, ал эч качан сыйкырчыга окшобойт, сыйкырчылардын үйлөп-пүйлөп бир нерселерди байлап сыйкырлап жатканын көрүп жатабыз, бакшы дедиңер жок, ал эч качан бакшыга да окшобойт, бакшылардын шыбырап күркүлдөп-бүркүлдөгөн түшүнүксүз сөздөрүн угуп көрүп деле жатабыз. Акын дедиңер жок, ал акынга да окшошпойт, акындар ыр саптарын ар түрдүү өлчөм ыргактар менен айтып жаткан түрдүү акындарды көрбөдүкпү, жинди дедиңер жок, ал жиндиге да окшобойт, акылдан адашып жинди болгондордун ар нерселерди айтып тамтырап дабдырап жаткандарын көрбөдүкпү. Ошондуктан оо, Курайш эли! Башыбызга түшкөн бул чоң түйшүктү жок кылуу үчүн ойлонгула карагыла.

Ушул сөздөрдөн кийин Нудар Хийра жерине барып перстердин падышаларынын кызыктуу окуяларын, Рүстөм

менен Асфандиярдын да кызыктуу окуяларын үйрөнүп келди, Пайгамбарыбыз САВ бир жерге олтуруп элдерге Аллахты таанытып Исламга үгүттөй баштаса анын ар жагына Нудар олтуруп алып: Аллахка ант, Мухаммед менден жакшы сүйлөй албайт, мен анын айтканынан да укмуштуу сөздөрдү айта алам деп үйрөнүп келген Рүстөм менен Асфандиярдын окуяларын айтып берип мындай дечү: Эмнеге Мухаммед менден жакшы сүйлөсүн?.

Ибну Аббастын риваятында: Ошол кезде Нудар Пайгамбарыбызга САВ тоскоол болуу үчүн ырчы аялдарды сатып алат, эгер кимде ким Пайгамбарыбыздын САВ сөзүн укканы калса ошол ырчыларынын бирөөсүн жиберип ал адамга ырчысы тамак суусундук сунуп ыр ырдап берип Ислам жөнүндө укпай калганча тоскоолдуктарды жаратчу, бул тууралуу Аллах Таала төмөнкү аятты түшүргөн:

وَمِنَ النَّاسِ مَن يَشْتَرِي لَهْوَ الْحَدِيثِ لِيُضِلَّ عَن سَبِيلِ اللَّهِ{لقمان/6}

***“Адамдардын арасынан кээ бирөөлөр Аллахтын Жолунан тосо турган маанисиз сөздөрдү сатып алат”.*** (Лукман, 6)

4- Теңдештирүү, Ислам менен мушриктердин динин теңдештирип мушриктер өз дининдеги болгон кээ бир жол жоболорун таштап Пайгамбарыбыз САВ да Ислам дининдеги болгон кээ бир жол жоболорун таштоо сыяктуу теңдештирүүгө мушриктер аракет жасашты,

وَدُّوا لَوْ تُدْهِنُ فَيُدْهِنُونَ {القلم/9}

***“Сен алар менен макул болсоң, алар да сени менен келишип алууну каалашат”.*** (Калам, 9)

Ибну Жарир менен Табаранийдин риваятында: Мушриктер Пайгамбарыбызга САВ биздин кудайларга бир жыл анан сенин Раббиңе бир жыл ибадат кылабыз деп сунуш кылат.

Ал эми Абду ибну Хамиддин риваятында мушриктер Пайгамбарыбызга САВ: Эгер биздин кудайларга сыйынсаң биз да сенин кудайларыңа сыйынабыз деп талап коюшкан.

Ибну Исхактын риваятында айтат: Пайгамбарыбыз САВ Каабаны тооп кылып жаткан кезде Курайштын тиши өткөн аксакалдары Асвад ибну Абдулмутталиб ибну Асад ибну Абдулузза жана Валид ибну ал-Мугийра жана Умая ибну ал-Халаф жана Аас ибну Вааил ас-Сахмий келип Пайгамбарыбызга САВ сунуш кылып айтат: Оо, Мухаммед! Кел биз сен сыйынганга сыйыналы, сен да биз сыйынганга сыйын, ошентип сени менен биз ибадат ишинде биригели, эгерде сенин сыйынып жаткан ибадатыңда жакшылык болсо ошонун арасынан биз жакканын өзүбүзгө алалы, эгерде биздин сыйынып жаткан ибадатыбызда жакшылык болсо ошонун арасынан сен да өзүңө жакканын ал, деп сунуш кылышат. Ушул окуядан соң Аллах Таала ушул сүрөнү түшүргөн:

قُلْ يَا أَيُّهَا الْكَافِرُونَ {الكافرون/1} لَا أَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ {الكافرون/2} وَلَا أَنتُمْ عَابِدُونَ مَا أَعْبُدُ {الكافرون/3} وَلَا أَنَا عَابِدٌ مَّا عَبَدتُّمْ {الكافرون/4} وَلَا أَنتُمْ عَابِدُونَ مَا أَعْبُدُ {الكافرون/5} لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِيَ دِينِ {الكافرون/6}

***“1. (Оо, Мухаммед, каапырларга мындай) дегин: «Эй, каапырлар! 2. Мен силер ибадат кылган(кудайлар)га ибадат кылбаймын! 3. Силер дагы мен сыйынганга (Аллаһ Таалага) сыйынуучу эмессиңер. 4. Мен силер ибадат кылган кудайларга сыйынбаймын! 5. Силер да мен ибадат кылган(Аллаһ Таала)га ибадат кылуучу эмессиңер. 6. (Демек,) силерге өз диниңер, мага өз диним!”.*** (Каафирун сүрөсү)

Мушриктердин болгон бул күлкүлүү сунуштарын Аллах Таала ушинтип чечип койду.

Кээ бир риваяттарда келгендей мушриктер Пайгамбарыбызга САВ бир нече ирет ушул сунушту кылгандыгы айтылат.

## *Куугунтуктар:*

Пайгамбарлыктын төртүнчү жылынан баштап мушриктер жогоруда айтып өткөндөй үгүт иштерин токтотуу үчүн ар түрдүү жолдорду кылып көрүштү.

Ошентип төртүнчү жылдын да бир канча апталары жана айлары өтүп кетти, бирок колдорунан эштеке келген жок. Куугунтука алуу азаптоо сыяктуу жолдорго өткөн жок, мурунку эле жолдорду колдоно беришти, акырында бул аракеттери Исламга болгон үгүттөөнү токтото албаганына көздөрү жеткенден соң, дагы бир жолу чогулуш өткөрүшүп, өздөрүнчө жыйырма беш кишиден турган бир комитет түзүштү. Ал комитеттин мүчөлөрү Курайш уруусунун аттуу баштуу кишилери болду. Комитет башчысы Пайгамбарыбыздын САВ агасы атасынын бир тууганы Абулахаб болду. Көптөгөн сүйлөшүү жана ой-пикрлерден кийин Пайгамбарыбызга САВ жана анын сахабаларына каршы чечкиндүү чечим чыгарышты. Ал чечим Исламга каршы күрөшүүдө Пайгамбарды САВ жана Исламга киргендерди ар түрдүү жолдор менен куугунтуктап азаптап кыйноо деген чечим чыкты.

Ушул чечимди чыгаргандан соң аны аткарууга катуу бел байлашты, ал эми мусулмандар болсо алардын арасында алсыздарды азаптап кыйноо оңой эле болчу, а бирок Пайгамбарды САВ болсо андай кылуу өтө кыйынга турчу, анткени ал тайманбаган жалтанбаган, өзгөчө кадыр-барктуу, аны көргөндө дос да душман да өзгөчө бир жылуу сезим урмат сый менен кабыл кылган инсан болчу, Пайгамбарга САВ инсандардын эң пасы жана жаманы гана каршы чыкпаса башкасы ага каршы чыгуудан аябай чочулап жалтанчу, бирок ошол кезде Пайгамбар САВ Абу Талиптин көзөмөлүндө жана коргоо астында турган. Ал эми Абу Талиптей киши чанда кездешкен, эл арасында өтө кадырлуу жана урмат сыйлуу киши болгон, анын кол астында же коргоосунда турган нерсени эч ким тийе алчу эмес.Ушул нерсе Курайш элин тынчсыздантып жандарын жай алдырган жок, бирок Курайштын бай бийлеринин дүйнөлүк жана

диний кызыкчылыктарын акырындап жокко чыгарып жаткан Ислам үгүтү болуп жатканда, буга качанга чейин сабыр кылып туруу керек.

Ошентип Пайгамбарга САВ болгон душмандыктар да башталды, ал иштин башында турган Абулахаб, анткени ал Курайш эли Пайгамбарга САВ каршы чыга электен эле алдың башынан баштап Пайгамбарга САВ каршы чыгууну баштаган болчу. Бул тууралуу жогоруда Хаашим уруусу менен болгон чогулушта жана Сафа тоосунда кылган кылыктарын айтып өткөнбүз. Кээ бир риваяттарда Пайгамбарыбыз САВ Сафада турган кезинде Абулахаб колуна таш алып Пйгамбарыбызды САВ урганы калган деп келет.

Пайгамбарыбызга САВ Пайгамбарлык тапшырмасы келе электен алдың Абулахаб Утба жана Утайба аттуу эки уулуна Пайгамбарыбыздын САВ Рукая жана Умму Кулсум аттуу эки кызын алып берген болчу. Ал эми Пайгамбарлык тапшырмасы келгенден соң Абулахаб балдарына Пайгамбарыбыздын САВ кыздарын өтө жаман акыбалда кылып талак берүүсүн айтып балдары аларга талагын берип ажырашат.

Пайгамбарыбыздын САВ экинчи уулу Абдулла чарчап калган кезде (каза болгондо) Абулахаб жолдошторуна чуркап барып Мухаммеддин артында уулу жок, арты кесик калды деп сүйүнчүлөйт.

Алдыда айтып өткөндөй ажылык мезгилде Абулахаб Пайгамбарыбыздын САВ артынан базарларда жана башка жактарда ээрчип аны жалганчы калпычы деп таратып жүргөн, ал эми Таарик ибну Абдулла ал-Махаарибий риваят кылган сөзүндө Абулахаб Пайгамбарыбызды САВ калпычыга гана чыгарбастан таштар менен да согончоктору канаганча урган деп келет.

Абу Суфяндын карындашы Абулахабдын аялы болот, аты Умму Жамил Арва бинту Харб, бул аял да күйөөсүнөн кем калышпай Пайгамбарыбызга САВ душмандык кылган, колуна тикендерди алып кечиндеси Пайгамбарыбыздын САВ жолуна жана эшигинин астына таштап койоор эле, өтө тили узун заар митаам аял болуп ошол тили менен Пайгамбарыбызга САВ ар кандай акаарат кемсинткен жалаа сөздөрдү айтып ортого бузукулук отун жагып душмандыгын көрсөтчү. Ошондуктан Куранда бул аялды отун көтөргүч аял деп мүнөздөгөн. (Масад сүрөсүндө булар тууралуу келет)

Бул аял өзү жана күйөөсү Абулахаб жөнүндө Куранда аят түшкөнүн уккандан соң Пайгамбарыбызга САВ келет, ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Каабанын жанында Абу Бакир менен олтурган эле, Умму Жамил колуна толтура ташты алып келет да Пайгамбарыбызды САВ урайын деп караса Пайгамбарыбыз САВ көзүнө көрүнбөй калат. Анткени Аллах Таала анын көзүнө Пайгамбарыбызды САВ көрсөтпөй Абу Бакирди гана көрсөтүп койот, анан ал Абу Бакирге карап: Оо, Абу Бакир! Жолдошуң кайда кетип калды? Ал мен жөнүндө өзүнчө жаман ыр токуптур деп эшиттим. Эгер тапкан болсом бул таштар менен оозуна урмакмын, мен да ыр токуй алам, деп мындай дейт:

*Бузукуну кайтардык,*
*Жумушуну калтырдык,*
*Динин дагы азайттык.*

Андан соң артына кайтып кетет, ошондо Абу Бакир: Оо, Аллахтын элчиси! Сиз аны көрүп жатаспы ал сизди көрбөй калды го? Дегенде Пайгамбарыбыз САВ: **Ал мени көргөн жок, анткени Аллах ал аялдын көзүн тосуп койду,** деп жооп берди.

Бул окуя тууралуу Абу Бакир ал-Баззар риваят кылган сөзүндө мынадйча айтат: Ошол кезде Умму Жамил Абу

Бакирдин жанына келип турат да: Оо, Абу Бакир! Сенин жолдошуң биз жөнүндө жаман ыр токуптур, дегенде Абу Бакир: Жок, бул Каабанын Раббисине ант ичип айта алам ал эч кандай ыр токуй албайт, деп жооп берет, ошондо Умму Жамил: Ооба чын эле ырас айтып жатасың.

Абулахаб Пайгамбарыбыздын САВ агасы болуп туруп душмандык кылган, ал Пайгамбарыбыздын САВ кошунасы да болгон, анын үйү Пайгамбарыбыздын САВ үйүнө жабышып тургандыктан башка кошуналары сыяктуу Абулахаб да Пайгамбарыбызга САВ катуу азарларды берген.

Бул тууралуу Ибну Исхак кабар берет: Пайгамбарыбызга САВ азар берген кошуналары Абулахаб, Хакам ибну Абулаас ибну Умая, Укба ибну Абу Муьиит, Адий ибну Хамраа ас-Сакайфий жана Ибну ал-Асдаа ал-Хазалий, булардын ичинен Хакам ибну Абулаастан башкасы Исламды кабыл кылган эмес. Пайгамбарыбыз САВ намаз окуп жаткан кезде булардын арасынан бирөөсү келип туруп Пайгамбарыбыздын САВ башына койдун ичеги-чабактарын таштап салышаар эле. Кээ бирде үстүнө ийдиштеги жаман нерсени төгүп салышкан. Ошондуктан Пайгамбарыбыз САВ намаз окуганда тоскоол болбош үчүн өзүнө таштан тосмо кылып тосуп алган. Пайгамбарыбыздын САВ үстүнө ушул сыяктуу нерселерди таштаган кезде ал сөңгөктүн үстүнө чыгып, эшигинин астына туруп: **Оо, Абдуманнафтын уулдары! Бул кандай кошуналык болду,** деп айтып таштаган нерселерин алып сыртка ыргытып салаар эле.

Укба ибну Абу Муьиттин Пайгамбарыбызга САВ болгон азар берүүсү тоскоолдору да ого бетер күчөгөн, Бухарий риваят кылган сөзүндө Абдулла ибну Масьуд РА айтат: Пайгамбарыбыз САВ Каабанын жанында намаз окуп жатат эле, Абужахил менен жолдоштору да ошол жерде олтурган, алар бири бирине: Баланча уруунун төөсүнүн

ичеги-чөбүн алып келип Мухаммед сажда кылган убакта ким башына таштап сала алат, дегенде коомчулуктун эң начар адамы болгон Укба ибну Абу Муьиит ордунан тура калып жөнөп калат да ичеги-чөптү алып келип карап турат, анан Пайгамбарыбыз САВ саждага барганда аны далына таштап салат, ошондо мен карап турган болчумун, аларды токтотконго эч кандай кудуретим жетчү эмес, анан алар бири бирине карап ары бери чайпалып бирин бири түрткүлөп күлүп жатышты, Пайгамбарыбыз САВ саждадан башын көтөргөн жок, акырында кызы Фатима келип анын далысынан ичеги-чөптү алып ыргытып салды, андан кийин Пайгамбарыбыз САВ саждадан башын көтөрүп туруп мынтип дуба кыла баштады: **Аллахым! Өзүң Курайш элине жетиштүүсүң,** деп үч жолу кайталады, ошондо тигилер өздөрүнө каршы дуба кылып жатканына коркуп кетишти, анткени бул ыйык жер болгон Меккеде дубалар кабыл болоорун билишчү, Пайгамбарыбыз САВ алардын аттарын бирден бирден айтып: **Аллахым! Абужахилди, Утба ибну Рабияны, Шейба ибну Рабияны, Валид ибну Утбаны, Умая ибну Халафты жана Укба ибну Абу Муьитти өзүң жазала,** деп дуба кылды – ошол дубада Пайгамбарыбыз САВ ушуларга кошуп жетинчи кишини айткан анын ысымын риваят кылган унутуп калган – Аллахка ант, чындыгында ушул дуба кылынган кишилердин баары Бадр урушунда кудукта өлтүрүлгөнүн көрдүм.

Умая ибну Халаф Пайгамбарыбызды САВ көргөндө тили жана кылыгы менен азар берчү, ошол себептен төмөндөгү аят түштү:

وَيْلٌ لِّكُلِّ هُمَزَةٍ لُّمَزَةٍ {الهمزة/1}

***“Адамдарды тили жана кылыгы менен шылдыңдаган бардык шылдыңчыга азап-тозок болсун!”.*** (Хумаза, 1)

Ибну Хишам бул сөздү мындайча түшүндүрөт: Тили менен азар берген бул башкаларды ачык айкын жаман сөздөр менен тилдеген, паска урган акаарат кылган, ал эми кылыгы менен азар берген бул башкаларды жашыруун түрдө азар берип кыйнаган адамга айтылат.

Ал эми Умая ибну Халафтын бир тууганы Убай ибну Халаф Укба ибну Абу Муьиттин досу болгон, бир жолкусун Укба Пайгамбарыбыздын САВ жанына олтуруп анын сөзүн угуп калат, бул кабарды Убай угуп калат да Укбаны тилдеп урушуп Пайгамбарыбыздын САВ бетине түкүрүүнү талап кылганда Укба айтканын кылып Пайгамбарыбыздын САВ бетине түкүрүп салат. Убай өзү болсо ыргытылган бир сөөктү алып туруп аны майдалап Пайгамбарыбызга САВ карап чачып салат.

Ахнас ибну Шурайк ас-Сакафий да Пайгамбарыбызга САВ азар берген кишилердин бири болгон, мунун өзүндөгү болгон тогуз жийркеничтүү мүнөзүн Куранда сүрөттөп айтылгандыгы бар:

وَلَا تُطِعْ كُلَّ حَلَّافٍ مَّهِينٍ {القلم/10} هَمَّازٍ مَّشَّاء بِنَمِيمٍ {القلم/11} مَنَّاعٍ لِّلْخَيْرِ مُعْتَدٍ أَثِيمٍ {القلم/12} عُتُلٍّ بَعْدَ ذَلِكَ زَنِيمٍ {القلم/13}

***“10. Сен моюн суна бербегин: көрүнгөн эле кадырсыз анткорго, 11. (Адамдардын арасын бузуу үчүн) ушак таратып жүрүүчү шылдыңчыларга, 12. Чектен чыккан, күнөөкөр, жакшылыкка бут тосуучуларга, 13. Орой жана андан соң.., атасынын дайыны жок (тексиз) адамдарга!”.*** (Калам, 10-13)

Абужахил болсо кээ бирде Пайгамбарыбызга САВ келип Куран укчу, угуп бүткөндөн соң эч кандай ыйман да келтирбей, Курандан таалим тарбия да албай коркуу сезим да пайда болгон эмес, тескерисинче Пайгамбарыбыз САВ ар түрдүү сөздөрү менен азар берип Аллахтын жолуна тоскоолдуктарды көрсөтчү. Андан соң ошол кылган кылыгы үчүн өзүнчө текеберленип маашырланып ырахаттанып бир

нерсени кыйратып койгондой сыймыктанчу, бул тууралуу төмөндөгү аят түшкөн:

فَلَا صَدَّقَ وَلَا صَلَّى {القيامة/31} وَلَكِن كَذَّبَ وَتَوَلَّى {القيامة/32} ثُمَّ ذَهَبَ إِلَى أَهْلِهِ يَتَمَطَّى {القيامة/33} أَوْلَى لَكَ فَأَوْلَى {القيامة/34} ثُمَّ أَوْلَى لَكَ فَأَوْلَى {القيامة/35}

***“31. Ал эми (каапыр болсо, Пайгамбарга) ыйман келтирбеди, намаз да окубады. 32. Бирок, «жалган» деп далысын салып койду. 33. Андан соң текеберленип (каңгыраган, бош жүрөк менен) үй-бүлөсүнө кетти. 34. Өлүм болсун сага өлүм! 35. Андан соң (дагы) сага өлүм болсун, өлүм!”.*** (Кыямат, 31-35)

Абужахил башынан эле Пайгамбарыбыздын САВ Каабада намаз окуп жатканын көрсө ага тыюу салчу, бир жолу Абужахил Каабанын жанынан өтүп калды, ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Ибрахим макамынын жанында намаз окуп жаткан эле, ошондо Абужахил Пайгамбарыбызга САВ: Оо, Мухаммед! Мен сага бул нерсени кылбагын деп тыюу салбадым беле? Дегенде Пайгамбарыбыз САВ Абужахилди жекип жемелеп салды, ал эми Абужахил болсо Пайгамбарыбызга САВ: Оо, Мухаммед! Кайсыл нерсең менен мени коркутуп жатасың? А мен болсо бул жерде эң көп колдоо тапкан адаммын, деп айткан кезде Аллах Таала ушул аятты түшүрөт:

فَلْيَدْعُ نَادِيَه {العلق/17}

***“Эми, ал өзүнүн (ишенген) адамдарын чакыра берсин!”.*** (Алак, 17)

Башка бир риваятта ушундай келет: Ошондо Пайгамбарыбыз САВ Абужахилдин жакасынан кармап туруп мындай дейт:

أَوْلَى لَكَ فَأَوْلَى {القيامة/34} ثُمَّ أَوْلَى لَكَ فَأَوْلَى {القيامة/35}

***“34. Өлүм болсун сага өлүм! 35. Андан соң (дагы) сага өлүм болсун, өлүм!”.*** (Кыямат, 34-35)

Ал эми Абужахил болсо Пайгамбарыбызга карап: Мени коркутуп жатасыңбы Аллахтын душманы Мухаммед! Аллахка ант, сен да сенин Раббиң да эч нерсе кыла албайт, ал эми мен бул жерде эң кадырлуу адаммын, деп айтат.

Ушул уруш жаңжалдан соң Абужахил акмактыгынан кайткан жок, анын душмандыгы ого бетер күчөдү, Муслим риваят кылган сөзүндө Абу Хурайра айтат: Күндөрдүн биринде Абужахил мындай деди: Мухаммедди силердин алдыңарда чаңга булап салайынбы? Жанындагылар: Ооба ошондой кылчы, деп жооп беришти, Абужахил: Лаат менен Уззага ант (мушриктердин кудайларынын аттары) эгер аны көрүп калсам анын мойнунан кармап бетин чаңга сүртөм, ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ келип калып намаз окуй баштады, ошондо Абужахил Пайгамбарыбызга САВ барып айтканын аткармакчы болуп калды. Бир маалда эле Абужахил чочуп кетип артка карай кетенчиктеп кулап түшүп жерди таянып калды, аны көргөндөр: Сага эмне болду Оо, Абужахил? Деп сурап калышты, Абужахил: Мени менен анын аралыгында оттон болгон бир чуңкур турат, мына бул канаттары, деп титиреп туруп калды. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ айтты: **Эгерде мага бир аз жакындаганда периштелер аны мүчө мүчө кылып тытып салышмак.**

Бул Пайгамбарыбызга САВ болгон душмандык Пайгамбарыбыз САВ эл арасында нарктуу барктуу, баары аны өзгөчө урматтаай билген инсан болсо да, Меккенин эң кадырлуу аксакалы Абу Талиптин коргоо астында болсо дагы ага ушунчалык душмандыктар болгон. Ал эми башка мусулмандарга – алардын арасында өзгөчө алсыздарга – куугунтук азаптар андан да катуу жана күчтүү болгон. Ошондой эле кайсыл бир уруунун адамы Исламга кирген болсо ошолорду ар түрдүү кыйноо азаптар менен өз уруусу азаптаган. Ал эми ким бир урууга тийешелүү болбосо аны

зөөкүр бай бийлер куугунтука алып кыйноолорду көрсөткөн. Булардын кандай кылып азаптагандарын айтууга боорукер жүрөк көтөрө албайт деп ойлойбуз.

Бир кадыр барктуу инсандын мусулман болгонун Абужахил эшитип калса ага эскертүүлөрдү айтып мал-мүлктөн кадыр барктан аны жок кылам деп убадаларды берчү, ал эми алсыз киши мусулман болсо аны сабап кыйнап ар түрдүү азаптар менен азаптачу.

Усман ибну Аффандын тайекеси Усманды пальманын жалбырагынан жасалган килемге ороп алып анын астынан түтөтүп буулап азаптачу.

Мусьаб ибну Умайрдын апасы Мусьабтын мусулман болгонун билип калып, Мусьабты үйүнөн кууп чыгып тамак бербей ачка коюп кыйнаган, ал эми Мусьабтардын жашоосу өтө жакшы бай жашашса да, бирок ушул азаптардын себебинен анын сөөгү көрүнгөнчө арыктап кеткен.

Умая ибну Халафтын кулу Билал мусулман болгонун билип Умая анын мойнуна жипти байлап андан соң жаш балдарга берип койчу, балдар аны Меккенин тоолорунда сүйрөп мойну кыйылып кандар чыкканча ойношчу, Умая Билады байлап алып таяк менен денеси кан жалаганча сабап, күндүн аябай ысып турган кезинде аны чөлдүн кумуна байлап салчу, тамак бербей ачка коюп кыйначу, мындан да катуусу Умая Билалды чөлдүн куму аябай ысыган мезгилде аны Меккенин чөлүнө алып чыгып жаткызып алып көкүрөгүнө чоң ысыган ташты коюп туруп мындай дечү: Аллахка ант, өлгөнчө ушундай турасың же болбосом Мухаммеддин дининен кайтып лаат жана уззага сыйынасың, ал эми Билал болсо: Аллах жалгыз, Аллах жалгыз, деп айткандан башка эч нерсе кылалчу эмес, күндөрдүн биринде Умая Билалды ушинтип азаптап жатканда Абу Бакир ошол жерден өтүп калат да Билалдын ордуна башка бир кара кулду берип сатып алып эркиндике бошоткон, ал эми кээ бир риваяттарда Билалды жети дирхамга

же болбосом беш күмүшкө сатып алып эркиндике бошоткон деп келет.

Махзум уруусунун кулу болгон Аммар ибну Ясир да мусулман болот, анын атасы Ясир жана апасы Сумая да мусулмандыкты кабыл кылат, алардын мусулман болгонун билген мушриктер жана алардын башында турган Абужахил аларды кайнаган чөлгө алып чыгып ысык кумга байлап туруп ар түрдүү азаптар менен азапташкан. Күндөрдүн биринде аларды ошентип азаптап жаткан мезгилде Пайгамбарыбыз САВ ошол жерден өтүп калат да аларга карап мындай дейт: **Сабыр кылгыла оо, Ясирдин үй-бүлөсү! Силердин бараар жериңер Бейиш.** Ошентип Ясир катуу азап кыйноонун айынан каза болот, ал эми анын аялы Сумаяны болсо Абужахил курсагына найзаны сайып өлтүрүп салат. Ошондуктан Сумая Исламдагы эң алгачкы шейит кеткен аял болуп калды. Аммарды болсо мушриктер кээде кайнаган чөлдө азаптап жатса кээде үстүнө ысыган чоң ташты коюп азаптап кээде сууга тумчуктуруп азаптап жатышты, мушриктер Аммарга: Мухаммеддин дининен чыгасың же болбосом лаат менен уззаны кабыл кыласың, антпесең ушинтип азаптай беребиз деп айтышканда Аммар аргасыздан алардын айткандарын кылат, андан соң Аммар ыйлаган абалда Пайгамбарыбызга САВ келип кечирим сурап иштин чоо жайын түшүндүрүп берет, ошондо Аллах Таала ушул аятты түшүрөт:

مَن كَفَرَ بِاللّهِ مِن بَعْدِ إيمَانِهِ إِلاَّ مَنْ أُكْرِهَ وَقَلْبُهُ مُطْمَئِنٌّ بِالإِيمَانِ وَلَكِن مَّن شَرَحَ بِالْكُفْرِ صَدْرًا فَعَلَيْهِمْ غَضَبٌ مِّنَ اللّهِ وَلَهُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ {النحل/106}

***"Кимде-ким ыйманга келгенден кийин Аллаһка каапыр болуп, көкүрөгүн каапырчылыктарга кенен ачып койсо, аларга Аллаһтын каары жана улук азап бар. Ал эми, жүрөгү ыйман менен (толуп) бейпил турган абалда (тили менен***

***гана "Динден кайттым" деген сөздү айтууга) мажбур кылынган адамдар(га азап-күнөө жок)”.*** (Нахл, 106)

Абдудаар уруусунун кулу болгон Абу Факийханы болсо - өз аты Афлах болгон – бутунан жип менен байлап туруп жерде сүйрөтүп азап кордуктарды көрсөтүшкөн.

Сибааь ал-Хузаиянын кызы Умму Анмардын кулу Хаббаб ибну ал-Аратты мушриктер эң катуу, ар түрдүү кыйноолор менен азапташкан, чачынан кармап туруп жерге сүйрөтүп тартышкан, мойнуна жипти ороп туруп катуу бууп сүйрөшкөн, кээде күйүп турган чоктун үстүнө жаткызышып тура албаш үчүн үстүнө чоң ташты бастырып салышаар эле.

Занийра ан-Нахдия менен кызы жана Умму Абийс деген кул аялдар да Исламды кабыл алышат. Буларга да мушриктер жогоруда айтып өткөн ар түрдүү азаптарды көрсөтүшкөн. Муьмал уруусунун кулу болгон бир аял да мусулман болгондон кийин Умар ибну Хаттаб (ал кезде Умар мусулман боло элек кези эле) чарчаганча сабачу, акырында чарчап калып айтчу: Мен сени чарчаганымдан эле сабаганды токтотуп турам.

Абу Бакир Билалды жана Аамир ибну Фахийраны сатып алып эркиндике чыгаргандай эле жогорудагы айтылган кул аялдарды да сатып алып эркиндике бошоткон.

Мушриктер кээ бир сахабаларды төөнүн жана уйдун ашатыла элек терисине ороп туруп какыраган ысык чөлгө таштап койчу, ал эми кээ бирине темир кйимди кийгизип туруп ысыган таштын үстүнө жаткызып салган.

Аллах жолунда ушинтип кыйноолордун түрүн көргөн сахабалардын кандай азаптарды көргөндүгүн айта берсек өтө көп жана жүрөк чыдай албай турган кейиштүү, кыскасы мушриктер кимдин Исламга киргендигин эшитип калган болсо ошолордун баарына ар түрдүү азап тозокторду көрсөткөн.

## *Аркамдын үйүндө:*

Пайгамбарыбыз САВ менен мусулмандарды куугунтуктагандыгы себебинен Пайгамбарыбыз САВ алар менен жашыруун жолугууларды өткөзүп аларга Исламды үйрөтө баштады, анткени эгер ачык айкын жолугууларды өткөзгөн болсо анда мушриктер мусулмандарды токтотуп коюуу коркунучу бар эле. Алардын Куран жана башка Ислам таалимдерин үйрөнүүгө тоскоолдуктарды жаратып коюшу мүмкүн болчу, балким эки тараптын кагылышуусуна алып келүү ыктымалы да бар эле, ырасында бир жолу Исламдын төртүнчү жылы болгондо эки тарап уруша кеткен, ал да Пайгамбарыбыз САВ мусулмандар менен кээ бир жайларда жашыруун жолугушуп анан намаз окушаар эле, аларды бир жолкусун мушриктер көрүп калат да сөгүп сагып уруша баштаганда мусулмандардын ичинен Саьд ибну Абу Ваккас бир мушрикти уруп кан жалата койот. Ошондо эң алгачкы жолу Исламда кан төгүлгөндүгү болгон.

Белгилүү болгондой мушриктер мусулмандарды канчалык куугунтуктап азаптап кыйнап Исламды жок кылуу үчүн каршылыктарын көрсөтпөсүн, дээрлик сахабалардын баары мусулманчылыгын, ибадаттарын, үгүт иштерин жана чогулуштарын жашыруун жүргүзүп жатышты. Ал эми Пайгамбарыбыз САВ болсо эч кандай жаап жашырбай эле мушриктердин көзүнчө үгүтүн, ибадатын ачык айкын кылып жатты, Пайгамбарыбыз САВ бул жааттан эч кандай тоскоолдуктардан корккон жок. Мусулмандар менен жолугуу иштеринде аларга жана Исламга бир залалы тийип калбас үчүн жашыруун жолугууларды, чогулуштарды өткөзүп жатты. Ошол кезде Аркам ибну Абуларкам Махзумийдин үйү Сафага жакын жерде жайгашып, душмандык көрсөткөн мушриктердин көздөрүнөн узагыраак эле, ошондуктан анын үйүн Пайгамбарыбыз САВ жана мусулмандар Исламдын

бешинчи жылынан баштап жашыруун чогулуп үгүт иштерин өткөзүүчү жай кылып алышты.

## ***Биринчи жолу Эфиопияга көчүү:***

Мусулмандарга болгон зордук зомбулуктун башталышы Исламдын төртүнчү жылынын орто чендеринде же болбосом ошол эле жылдын акырында болгон болчу, алгач мусулмандарды кыйноо анча деле катуу болгон эмес, бирок күндөн күнгө күчөп олтуруп бешинчи жылдын ортолорунда аябай катуу күчөп Меккеде калууга да кыйын болуп калды, акырында мусулмандар бул зордук зомбулуктан кантип кутуулуунун айласын издеп калышты. Абал ушундай курчуп турган убакта "Кахф" сүрөсү түшүрүлөт, бул сүрө мушриктердин Пайгамбарыбызга САВ болгон суроолоруна жооп катары түшүрүлгөн болчу, бирок сүрөдө үч түрдүү окуя эскерилет, анда Аллах Тааладан момун пенделерине болгон жеткиликтүү жол көрсөтүүчү баяндар жана каапыр коомдордун заалымдык душмандыгынан, динге болгон бузуку жамандыгынан башка жака Аллахка тобоккел кылып кантип көчүү керектигин Аллах Таала үңкүр ээлерине жол көрсөткөндүгү баяндалган:

وَإِذِ اعْتَزَلْتُمُوهُمْ وَمَا يَعْبُدُونَ إِلَّا اللَّهَ فَأْوُوا إِلَى الْكَهْفِ يَنشُرْ لَكُمْ رَبُّكُم مِّن رَّحمته ويُهَيِّئْ لَكُم مِّنْ أَمْرِكُم مِّرْفَقًا {الكهف/16}

***"Силер азыр алардан жана Аллаһтан башка алар сыйынган «кудайлардан» үзүлдүңөр. Эми үңкүрдөн башпаанек тапкыла. Раббиңер силер үчүн Өз ырайымынан коргоо жиберет жана ишиңерди оңунан келтирип койот!".*** (Кахф, 16)

Ошондой эле Кызыр менен Муса пайгамбардын окуясы, бул окуяда жүрүп жаткан иш дайыма оңунан чыга бербей балким толугу менен тескери айланып кетүүсү мүмкүн экендигин билдирет. Мында ошол алсыз күчсүз

мусулмандарга кордук көрсөткөн заалым мушриктер эгерде ыйманга келбесе акыбал тескерисине айланып, аягында ошол алсыз күчсүз деген мусулмандар жеңишке толук жетээрин ишаарат кылып көрсөтүп турат.

Акыркысы Зулкарнайндын окуясы, бул окуяда жер жүзү Аллахка гана таандык экендигин, аны кайсыл пендесине кааласа ошого берээрин билдирип турат. Чындыгында толук жеңишке каапырлык эмес ыймандуулук жетээрин, Аллах Таала ар убакта алсыз пенделерин ошол кездин яжуж-мажужунан куткаруучу саалих пендесин ар дайым жөнөтүп тураарын жана акыйкатта жер жүзүнө татыктуу бул Аллахтын саалих пенделери экендигин түшүндүрөт. Андан соң "Зумар" сүрөсү түшүп, анда башка жака көчүүгө ишаарат кылып, Аллахтын жери тар эместигин айтат:

لِلَّذِينَ أَحْسَنُوا فِي هَذِهِ الدُّنْيَا حَسَنَةٌ وَأَرْضُ اللَّهِ وَاسِعَةٌ إِنَّمَا يُوَفَّى الصَّابِرُونَ أَجْرَهُم بِغَيْرِ حِسَابٍ {الزمر/10}

***"Ушул дүйнөдө жакшылык (амалдарын) жасагандар үчүн (Акыретте андан абзел) жакшылык бар. Жана Аллаhтын жери кенен (Эгер Аллахтын Өзүнө динди (ибадатты) калыс кылууга кандайдыр күчтөр тарабынан мүмкүнчүлүк берилбей, ширк иштерге мажбурлоо болсо, анда чыныгы момун адам хижрат кылып башка журтка чыгып кетет. Аллаhтын жери кенен). . Албетте, Ал сабырдуу момундарга соол-сыйлыктарын эсепсиз толуктап берет".*** (Зумар, 10)

Пайгамбарыбыз САВ ошол кезде Эфиопиянын падышасы Асхама адилеттүү жана анын алдына ким барса аларга эч качан зулумдук көрсөтпөгөн падыша экендигин билчү, ошондуктан мусулмандарды өз динин сактап жана кордуктан кутулуу үчүн ошол жака көчүүсүн буйруйт.

Бешинчи жылы ражаб айында сахабалардын эң алгачкы тобу Эфиопияга көчүп кетет, баары он эки киши жана төрт аял болгон, алардын башчысы болуп Усман ибну Аффан

дайындалат. Усман менен кошо Пайгамбарыбыздын САВ кызы Усмандын аялы Рукая да кетет, ошондуткан бул экөө жөнүндө Пайгамбарыбыздын САВ мындай деген сөзү бар: **Акыйкатта Ибрахим алейхи салам жана Лут алейхи саламдан соң эң алгачкылардан болуп Аллах жолунда ушул үй-бүлө көчүп кетти.**

Бул топ Курайш эли билип калбас үчүн кечиндеси акырын чыгып кетишет, деңиз жээгине Шаьбия деген жерге барып ошол жерден соода кемеси болгон эки кемени сүйлөшүшкөн эле, ошол кеме менен сүзүп Эфиопияга өтүп кетишет, бирок буларды Курайш эли сезип калып артынан кууп деңиз жээгине келишсе мусулмандар эчак эле сүзүп кетишкен болот, ошентип алар Эфиопияда падышанын коргоо астында эң жакшы жашоо турмуштарын өткөзүшөт.

Ошол эле жылы рамазан айында Пайгамбарыбыз САВ Каабага келет, ошол кезде ал жерде Курайш элинин көптөгөн адамдары чогулуп алардын арасында Курайштын башчылары жана бай бийлери да бар эле, ошондо Пайгамбарыбыз САВ кокусунан эле аларга “Нажм” сүрөсүн окуп кирет, анткени бул мушриктер алдың Аллахтын сөзүн чындап уккан эмес болчу, себеби булардын бири бирине айткан айлакөйлүгү:

وَقَالَ الَّذِينَ كَفَرُوا لَا تَسْمَعُوا لِهَذَا الْقُرْآنِ وَالْغَوْا فِيهِ لَعَلَّكُمْ تَغْلِبُونَ {فصلت/26}

***“Каапыр адамдар (бири-бирине): «Курааанды укпагыла! (Эгер капыстан угуп калсаңар) аны жеңип, жогору келишиңер үчүн маанисиз сөздөрдү сүйлөп таштагыла!»- дешчү”.*** (Фуссилат, 26)

Ошондо “Нажм” сүрөсү окулган кезде мушриктер Кудайдын сөзүн ушунчалык укмуштуу, таң калыштуу жана анын улуктугуна эч кандай сөз тең келе албай турганын сезишип ага эч кандай жооп кайтара албай угууга аргасыз болуп, ар кимиси кулак төшөп угуп калышты, ошентип бул

сүрөнүн акыркы аяты, жүрөктөрдү коркутуучу бул аят окулганда:

فَاسْجُدُوا لِلَّهِ وَاعْبُدُوا {النجم/62}

***“Эми (ынсапка келип) Аллаһка сажда жана ибадат кылгыла!”.*** (Нажм, 62) Пайгамбарыбыз САВ саждага жыгылат, ошол кезде мушриктер өз жандарын кармана албай алар да сажда кылып ийет. Чындыгында бул сүрө өздөрүн текебермин деп башкаларга зордук зомбулук көрсөткөн адамдардын жүрөгүнүн үшүн алып, өз жандарын корконунан кармана албай кеткендигинен саждага жыгылууга мажбур болушат.

Ошентип Аллахтын улук сөзү мушриктердин бүт болгон аракеттерин текке кетирип аларды тизгиндеп койду, анан ошол жерде катышпаган башка мушриктерден булар ар кандай жемелөө сөздөрүн уга башташты, акырында айласыздан булар Пайгамбарыбызга САВ жалаа жаап аны калпычыга чыгарып, Пайгамбар САВ бул жерде: Биздин улук буттарыбыз айтылды. Ошондуктан алардын шапаат кылуусун каалайбыз, деген куру жалак сөздөрдү чыгарып алышты, ушундай ачык айкын болгон калп сөздөрдү айтып Пайгамбар САВ менен сажда кылгандарын жокко чыгарышты. Анткени калп жалганды таратып жана ар түрдүү куру жалакты айтып жүргөн буга окшогон коомго таң калбаса деле болот.

Бул кабар Эфиопига кеткен мусулмандарга жетип калат, бирок чыныгы кабардан башкача болуп жетет, аларга Курайш эли мусулман болуптур деген кабар жетет да, ошол эле жылы Шаввал айында Меккени көздөй сапар тартып келе беришет, ал эми Меккеге жетээрде чыныгы кабарды угуп, кээ бири кайра Эфиопияны көздөй кетип калат, кээ бири кечиндеси бекинип Меккеге кирсе, кээ бири Курайштын анча мынча адамдарынын коргоо убадасын алып Меккеге кирет.

Ошентип көчүп келгендерге да башка мусулмандарга да Курайш эли ар түрдүү азап кыйноолорду күчөткөндөн күчөтө

беришет, ага кошумча болуп өз урууларынан да азаптоолор күчөй баштайт, ал эми Эфиопиянын падышасы Нажашийдин коргоо астында жашаган мусулмандарды андай кылууга Курайш элинин кудурети жетчү эмес, ошондуктан Пайгамбарыбыз САВ сахабаларына экинчи ирет Эфиопига көчүү керек экендигин айтууга аргасыз болот, бирок бул жолкусун ал жака көчүү биринчи жолкусунан да кыйындыка турат, анткени бул кабарды Курайш эли билип калат да аларды көчүрбөө максатында аңдып турушат, бирок мусулмандар аларга билгизбестен Аллах Таала жолдорун жеңил кылып Курайш элине байкатпастан Эфиопияга сапар кылып кетип калышты.

Бул жолкусун Эфиопияга сексен үч киши жана он сегиз же он тогуз аял кетет.

## *Курайш элинин Эфиопияга көчкөндөр үчүн болгон амалкөйлүгү:*

Эфиопияга көчүп кеткен мусулмандар ал жакта өз жандарын жана динин сактап жашап жаткандыгы мушриктер үчүн кыйын болду, ошондуктан аларды кайтарып алып келүү максатында араларынан эки күчтүү жана акылдуу адамды тандап алышты, алар: Амру ибну Аас жана Абдулла ибну Абу Рабиьа - мусулман боло электен алдың – бул экөөнө Эфиопиянын падышасы Нажашийге жана анын патриярхтарына берүү үчүн өтө кымбат баалуу белектерди даярдап берди, экөө барып падышага жолугаардан алдың анын патриярхтарына жолугуп аларга алып келген кымбат баалуу белектерин берип, мусулмандарды кайтаруу үчүн ар түрдүү калп сөздөрдү аларга айтып аларды макул кылат, ошентип эки тарап сүйлөшүп бир пикирге келип падыша Нажашийге мусулмандарды жаман көрдүртүп, аларды кайтарып жиберүү үчүн ушул сөздөрдү айтабыз деп макулдашат да Нажашийдин алдына киришет, падышага алып келген белектерин берип

экөө сөздү баштайт: Оо, улуу урматтуу падыша! Сиздин жериңизге эң начар бузуку адамдар келип баш паанек таап жашап жатат, өз эли тутунган динди таштап же сиздин да диниңизди тутунган жок, булар өзүнчө биз да билбеген сиз да билбеген жаңы бир динди чыгарып алышты. Буларды өз элине кайтарууну суранып бизди сизге жакын туугандары жана урууларынын аксакалдары жиберди. Анткени алар өз адамдарынын кандай экендигин жана булардын эмне каталары бар экендигин жакшыраак билет.

Бул экөөнүн сөзүн колдоп кубаттап патриярхтар да: Туура айтып жатат оо, улуу урматтуу падыша, буларды экөөнө тапшырып берсеңиз өз элине алып кетсин, деп айтышат.

Бирок падыша Нажаший бул иштти текшерип көрүү керек деп эки тараптын да сөзүн укмачы болот, ошентип падыша мусулмандарды чакыртып алар да келет, мусулмандар өз ара кандай болсо да акыйкатты айтабыз деп сүйлөшүп алган болчу, падыша Нажаший мусулмандарга карап: Өз элиңердин дининен чыгып же менин динимди тутунбаган бул кандай дин болду? Деп сурап калат.

Мусулмандардын атынан Жаьфар ибну Абу Талип сөз сүйлөп мындай дейт: Оо, улуу урматтуу падыша! Биз мурун караңгы доордо жашап буттарга сыйынып өлүктөрдү жеп келдик, зынаа бузукулк иштерин жасап тууган урук менен мамилени үзүп кошуна менен да начар мамиледе болуп жүрдүк, күчтүүлөр күчсүздөрдү алдуулар алсыздарды кордогон жашоодо жашап келдик, анан Аллах Таала бизге арабыздан өз элчисин жиберди, анын теги кандай таза экендигин, чынчыл туура сүйлөгөн, кечиримдүү, ырайымдуу экенин да билебиз. Ал адам бизди жалгыз Аллахка гана сыйынууга чакырып, ата бабаларыбыз сыйынып келген таштарга сөлөкөттөргө сыйынууну таштагыла анткени алар эч кандай пайда бербейт жөн гана сөлөкөт экендигин түшүндүрдү, чынчыл туура сөз, аманатты аткара билген, тууган урук менен мамилени үзбөгөн, кошуна колоң менен да

жакшы мамиледе болууну, башкаларга кордук көрсөтпөөнү, бузукулук иштерди кылбоону, жалган сүйлөбөөнү, жетим жесирдин акысын жебөөнү жана бирөөгө жалаа жабуудан узак болууну буюрду, жалгыз Аллахка гана ибадат кылып ага эч кандай шерик кошпогула, намаз окуп орозо кармап зекет бергиле деп үйрөттү – ошентип падышага Исламдын жолун айтып берди – анан биз ага ишенип, ал алып келген динин ээрчип ыйман келтирдик, ошондон баштап жалгыз Аллахка гана сыйынып ага эч кандай шерик кошпойбуз, тыюу салынган нерседен кайтып буюрган нерсени аткарабыз, ошондуктан бизге өз элибиз душмандык кылып кыйноо азаптарды көрсөтүп жатат. Жалгыз Аллахка сыйынган диниңерден кайтасыңар кайра буттарга таштарга сыйынасыңар деп ар түрдүү кордук азаптарды көрсөттү. Мурунку жасаган бузукулук иштерди аткарасыңар деп бизди ар тараптан кысымга алып, азап тозокторду, зордук зомбулуктарды көрсөтүп динибизден чыгууга мажбурлады эле биз сиздин мамлекетиңизди тандап, сизден бир коргоо табаар бекенбиз, сиздин алдыңызга бизге эч ким кордук көрсөтпөсө керек деп ушул жерге келүүгө аргасыз болдук улуу урматтуу падыша.

Падыша Нажаший Жаьфарга карап: Сенде Пайгамбарыңар алып келген Аллах тууралуу бир нерсе барбы? Деп сурады эле Жаьфар ооба! Деп жооп берди, анда падыша: Мага ошону окуп бер деп айтты, Жаьфар бул сүрөнүн бир бөлүгүн окуп берди:

كهيعص {مريم/1} ذِكْرُ رَحْمَةِ رَبِّكَ عَبْدَهُ زَكَرِيَّا {مريم/2} إِذْ نَادَى رَبَّهُ نِدَاء خَفِيًّا {مريم/3} قَالَ رَبِّ إِنِّي وَهَنَ الْعَظْمُ مِنِّي وَاشْتَعَلَ الرَّأْسُ شَيْبًا وَلَمْ أَكُن بِدُعَائِكَ رَبِّ شَقِيًّا {مريم/4}

***“1. Каф, Хаа, Яаа, Айын, Саад. 2. (Бул – ) сенин Раббиң пендеси Закарияга берген Ырайымынын кабары. 3. Эстегин, ал Раббисине жашыруун түрдө жалбарып, 4. (мындай) деди: «Оо, Раббим! Менин муун-сөөктөрүм бошошуп,***

***карылыктан чач агара баштады! Оо, Раббим, мен эч качан Сага дуба кылып таалайсыз болгон эмесмин!”.*** (Марям, 1-4)

Муну уккан падыша көзүнө жаш алып сакалы ным болгончо ыйлады, анын жанындагы кечилдери да бул аяттарды угуп алып колундагы китептери ным болгончо көз жаш кылды, анан падыша аларга карап: Чындыгында муну менен Иса пайгамбардын алып келген сөзү бир жерден чыккан (Аллах тараптан келген сөз), Аллахка ант, буларды силерге бере албаймын, ошондуктан силер өз жериңерге бара бергиле, деп айтты, ал экөө падышанын алдынан чыгып баратып Амру ибну Аас жолдошу Абдулла ибну Абу Рабиьага: Аллахка ант болсун, эртең келип буларды шорун курута турган сөз айтам, деп айтканда Абдулла ибну Абу Рабиьа Амруга: Андай кылбай эле кой, алар биздин динибизден чыкса да тууганчылык жагы да бар, дейт бирок Амру айткан сөзүнөн кайткан жок.

Ошентип эртеси күнү падыша Нажашийге келип: Улуу урматтуу падыша! Булар Марям уулу Иса тууралуу өтө начар сөз айтышат, падыша Нажаший аларды Иса пайгамбар тууралуу суроо үчүн чакыртат ошондо алар коркуп кетишет, бирок кандай болсо да падышага чындыкты айтабыз деп баары бир пикирге келип падышага кирип Жаьфар сөздү баштап: Биз ал тууралуу Пайгамбарыбыз САВ алып келген кабарды гана айтабыз, ал Марям уулу Иса Аллахтын кулу жана элчиси, Аллахтын Марям кызга таштаган (сүйлөгөн) Сөзү жана Өзү тарабынан берилген Руху, ошондо падыша жерден бир таякты алып туруп айтты: Аллахка ант болсун, Марям уулу Иса силер айткандай бул таяктан эч өткөн жок (силер айткандай эле туура), ошол кезде падышанын кечилдери ызылдашып жиберди, ал эми падыша аларга карап: Аллахка ант, ызылдасаңар да ошондой, деп мусулмандарга карап: Бара бергиле, менин жеримде тынч жашай бергиле, ким силерге азар берсе ал жазаланат, ким силерге азар берсе ал жазаланат, ким силерге азар берсе ал жазаланат, эгер тоодой алтын болсо да силердин эч кимиңерге азар бербеймин.

Анан жанындагы кызматчыларына: Бул экөөнүн белектерин кайтарып бергиле, менин бул белектерге муктаждыгым жок, Аллахка ант, Аллах мага падышалыкты берген кезде менден пара алган эмес, эми мен пара аламбы, мага инсандар кандай моюн сунса мен да ошондой кызмат кылам.

Бул окуяны баяндаган Умму Салама айтат: Жанагы экөө ал жерден колдоруна алып келген белектерин кайра алып шерменде болгон абалда чыгып кетишти, ошентип биз Эфиопияда падышанын коргоо астында эң жакшы жашоодо жашадык.

Жогоруда айтылган окуя Ибну Исхактын риваяты, ал эми башкалардын риваятында Амру ибну Аастын делегаты Нажашийге Бадр урушунан кийин баргандыгын айтат, кээ бир риваят кылгандар бул делегат Нажашийге эки жолу баргандыгын белгилешкен, бирок жогорудагы Ибну Исхак риваят кылган суроо жооптордой эле Нажаший менен болгон суроо жооптор экинчи жолку баруу да болгон деп айтышат, бирок ошол суроо жооптордун маани маңызын карап көрсөк биринчи ирет Нажашийге келгенде болгондой болуп турат.

Мушриктердин бул амалы ишке ашпай калгандан соң, анан өздөрүнүн күч кубатын жана каарын өз жергесинен башка жакта көрсөтө албашына көздөрү жетти, ошону өз жерлеринде ишке ашыруу үчүн бир пикир ойлоп табышты. Ал пикир Исламдан кутулуу үчүн бир гана Пайгамбарыбызды САВ үгүт жүргүзүү ишинен толук токтотткондо гана ишке ашат деп табышты, же болбосом Пайгамбарыбызды САВ өлтүрүп жок кылуу керек дешти, бирок муну кантип ишке ашыруу керек? Анткени Абу Талип Пайгамбарыбызды САВ коргоп жатса? Ошондуктан бул тууралуу Абу Талиптин өзүнө каршы чыгуу эң туура болот деп чечишти.

## *Курайш Абу Талипти коркутууда:*

Курайш уруусунун башчылары Абу Талипке келип мындай дешти: Оо, Абу Талип! Сен биздин арабыздагы эң кадыр-барктуу биз сыйлаган аксакал адамыбызсың, биз сага иниң Мухаммеддин жасап жаткан ишин токтот деп айттык эле аны токтотподуң, Аллахка ант, эми биз мындан артык сабыр кылып карап тура албайбыз. Биздин ата-бабаларыбызды тилдеп, жасаган иштерибизди айыптап, сыйынган кудайларыбызды жокко чыгарып жаткан адамды токтотпосоң биз силерге каршы урушка чыгабыз ошондо же силер же биз калабыз.

Бул коркутуу Абу Талипке катуу тийди, анан ал Пайгамбарыбызды САВ чакыртты да ага: Оо, иним! Мага уруубуздун башчылары келип тигиндей мындай деп кетишти, ошондуктан мага да өзүңө да жакшы болот бул ишиңди токтот, картайган чагымда мен алым жетпей турган ишти кылууга түртпө. Пайгамбарыбыз САВ Агасы Абу Талип картайып күчү жетпей калгандыктан мени коргоодон баш тарткан турбайбы деп ойлоп калды да ага мындай деди:

**Оо, агам! Аллахка ант болсун, эгерде алар менин оң жагыма күндү сол жагыма айды койсо да бул ишти Аллах жардам берип аягына чыгармайын таштабаймын, же мен же алар.**

Анан Пайгамбарыбыз САВ көзүнө жаш алып ыйлап жиберди да ордунан туруп жөнөп калды эле Абу Талип чакырып алып: Иним! Барып эмнени кааласаң айта бер, Аллахка ант, сени эч качан таштап койбоймун деп ушул ыр саптарын айтты:

*Аллахка ант, сага эч качан алар тийе албайт.*
*Мен топурака киргенче эч нерсе кыла албайт.*
*Ишиңди аткара бер сага эч зыян жетпейт.*
*Мына мен карап турам сага эч нерсе болбойт.*

## *Курайш дагы бир жолу Абу Талипке келди:*

Курайш Пайгамбарыбыздын САВ үгүт жүргүзүү ишин таштабагандыгын сезип, Абу Талип да аны коргоодон баш тартпай тургандыгын билип, Абу Талипке Аммаара ибну Валид ибну Мугийраны алып келишти, анан ага мындай деп айтышты: Оо, Абу Талип! Бул жигит Курайш элинин арасынан эң жакшы жана эң сулуу жигити, муну ал да өзүңө жардамчы жана бала кылып ал, мунун ордуна сенин жана ата бабаларыңдын тутунуп келген динин жокко чыгарган, коомубузду экиге бөлүп ишибизге тоскоолдук көрсөткөн жанагы байкеңдин баласы Мухаммедди бизге тапшыр, биз аны өлтүрүп салалы да бул нерседен кутулалы. Ошондо бир адамга бир адамды алмаштырган болобуз, Абу Талип аларга карап: Аллахка ант, бул соодаңарды урдум, мага өз балаңарды берсеңер мен аны асырап бала кылып багып алсам, анан мен силерге баламды берсем силер аны өлтүрүп салсаңар, бул кандай акмакчылык болду ыя, Аллахка ант болсун мындай эч качан болбойт, Абу Талипке Матьам ибну Адий: Абу Талип! Сага өз элиң адилеттүүлүк кылып сенин да башыңа келген балээден куткарайын деп жатат, бирок сен биздин сунуштарыбыздын бирөөсүн да кабыл алгың келген жок. Абу Талип: Аллахка ант, силер эч качан адилеттүүлүк кылганыңар жок, бирок сен менин кыянаттык кылуумду жана элдердин мага каршы чыгуусун каалап жатасың, колуңдан эмне келсе ошону кыл. Абу Талипке келген эки жолку чогулуштун кайсыл убакытта болгонун тарых барактарында так жазылбаптыр, бирок ар тараптуу изилдөөлөрдөн кийин бул жолугушуулар алтынчы жылдын орто чендеринде болгон деп табылды, ошол эки жолугушуунун аралыгы бир аз эле убакыт болгон.

## *Кара мүртөздөрдүн Пайгамбарды САВ өлтүрүү жөнүндөгү сүйлөшүүлөрү:*

Курайштын эки жолку аракеттери текке кетип андан эч кандай пайнап чыкпасын билип, кайра мусулмандарды кордоп азаптоолору мурункудан да ого бетер күчөгөндөн күчөдү, бул жолку кара мүртөздүктөрүн аткарып жатып Пайгамбарыбызды САВ башка жол менен жок кылуу маселесин өз араларында пикирлешти, бирок бул душмандыктары жана пикирлери себеп болуп Исламды ого бетер күчөтө турган Меккенин эки көрүнүктүү баатыры Хамза ибну Абдулмуталип РА жана Умар ибну Хаттабдын РА Исламга кирүүсүнө себеп болду.

Исламга болгон душмандыктарынан бири, Утайба ибну Абулахаб күндөрдүн биринде Пайгамбарыбызга САВ келип мындай деди:

وَالنَّجْمِ إِذَا هَوَى {النجم/1} ثُمَّ دَنَا فَتَدَلَّى {النجم/8}

Мен ***“Батып бара жаткан жылдызга ант!”*** жана ***“Кийин ага (пайгамбарга) өтө жакын келди”***. Деген аятка эч качан ишенбеймин деп айтты да Пайгамбарыбызга САВ секиринип анын көйнөгүн жыртып салды, анан Пайгамбарыбыздын САВ бетине түкүрдү эле түкүрүгү тийбей калды, бул кылыкты көргөн Пайгамбарыбыз САВ Утайбага каршы: **Аллахым! Өзүң тараптан буга иттерди жөнөтүп жок кыл,** деп дуба кылды, Пайгамбарыбыздын САВ ошол дубасы кабыл болуп, бир жолкусун Утайба Курайштын бир канча кишилери менен Шамды көздөй сапар тартат, жолдо Шам жерине караштуу Зарка деген жерге түнөмөкчү болуп жайланышат. Ошол түнү Утайбаны бир арыстан аңдып туруп калат. Ошондо Утайба коркконунан: Бул эмне болгон балээ оо туугандар, Мухаммед мага дуба кылган эле эми бул мени сөссүз жейт, мен Шамда ал Меккеде туруп мени өлтүрдүгө, ошол кезде жанагы арыстан кишилердин арасынан Утайбанын үстүнө секирди да башын жулуп алды.

Пайгамбарыбызга САВ болгон душмандыктарынан бири, бир жолкусун Укба ибну Абу Муит Пайгамбарыбыз САВ сажда кылган кезде башын эки көзү алайганча буту менен тебелеп салат.

Мушриктер Пайгамбарыбызды САВ өлтүрүүгө аракет жасашат, бул тууралуу Ибну Исхактын риваятында: Күндөрдүн биринде Абу Жахил мындай дейт:

"Оо, Курайш эли! Көрүп турганыңардай эле Мухаммед өз айтканынан кайткан жок, динибизди айыптап жокко чыгарды, ата бабаларыбызга сөз тийгизип, аткарган ишибизге тоскоолдук кылып жатат, сыйынган кудайыңар жөн гана сөлөкөт деп аларды да жокко чыгарды, эми мен Аллахка ант ичип айтам, Мухаммеддин келишин аңдып турам да ал саждага барган кезде көтөрүшүмчө чоң ташты алып анын башын жара чаап салам. Ошол кезде мени коргоп тургула, аны уруп бүткөнүмдөн соң анын уруусу Абду Маннаф мени эмне кылса ошол кылсын". Ошондо жанындагылар: Аллахка ант беребиз, сени эч качан аларга таштап койбойбуз, ишиңди аткара бер, деп жооп беришти.

Эртеси күн болгондо Абу Жахил өзү айткандай чоң ташты алды да Пайгамбарыбызды САВ аңдып олтурду, адатынча эле Пайгамбарыбыз САВ эрте менен келип намазын окуй баштады, ошол кезде Курайштын адамдары келген болчу, Абу Жахил эмне кылаар экен деп аны андып олтурушту, Пайгамбарыбыз САВ башын саждага койгон кезде Абу Жахил жанагы ташты алды да аны көздөй жөнөп калды, жанына жакын калганда ташты кармап селдейип катып калды да бир маалда эле колунан ташты ыргытып салып өңү бозоруп артты көздөй качып жөнөдү. Аңдып турган Курайштын кишилери: Сага эмне болду оо Абу Жахил? Анда Абу Жахил: Кечеки силерге айткандай кылып аны урайын деп жанына жакын барганымда эле аны тосуп ушундай бир чоң төө турат, андай чоң төө көргөн эмесмин мойну да аябай жоон экен, бир маалда

эле жанагы төө мени жегени калды деп айтып калтырап титиреп туруп калды.

Ибну Исхак айтат: Пайгамбарыбыз САВ бул окуя тууралуу мындай деген: **Ал Жебрейил алейхи салам болчу, эгер мага жакындаганда аны жулуп салмак.**

Абу Жахилдин Пайгамбарыбызга САВ кылган башка дагы бир душмандыгынын себебинен Хамза РА Исламга келген, аны өз орду келгенде айтып өтөбүз.

Ал эми Курайштын кара мүртөздөрү Пайгамбарыбызды САВ кантип жок кылуунун максаты жүрөктөрүнөн кеткен жок, Ибну Исхактын риваятында Абдулла ибну Амру ибну Аас айтат: Курайштын кара мүртөздөрүнүн чогулушун көрдүм, алар Каабага жакын жерге чогулушуп Пайгамбарыбыз САВ тууралуу кеп кылышып айтты: Мухаммеддин жасаган кылыктарына бизчелик эч ким сабыр кыла албайт, анын өтө чоң жамандыктарына да сабыр кылып келдик, чогулгандар ошентип сүйлөшүп жаткан кезде Пайгамбарыбыз САВ келип калды да Каабага келип Рукнул-Йеменге колун көтөрүп анан Каабаны тооп кылууну баштады, ошол кезде чогулгандар шыбырашып калды, аны мен Пайгамбарыбыздын САВ жүзүнөн байкап калдым, Пайгамбарыбыз САВ тооптун экинчисин айланып алардын жанынан өтүп жатканда алар дагы шыбырашып калды, аны да Пайгамбарыбыздын САВ жүзүнөн байкап калдым, ошентип үчүнчүсүндө да ошентип шыбырашып калганда Пайгамбарыбыз САВ токтоп туруп мындай деди: **Мени угуп жатасыңарбы оо Курайштын адамдары! Менин жаным анын (Аллахтын) колунда болгонго ант, мен силерге кыйроону алып келдим,** ошондо тигилер баштарына бир куш келаткандай сөз сүйлөбөй туруп калышты, алардын арасынан катуулары да сөзүн оңдоп сүйлөп калышты да мындай дешти: Бара бер оо, Абул-Касым (Касымдын атасы)! Аллахка ант болсун, сен эч качан караңгы инсан болгон эмессиң.

Эртеси күн болгондо жанагылар дагы чогулушуп Пайгамбарыбыз САВ жөнүндө сөз кылып баштаганда Пайгамбарыбыз САВ чыгып калды, ошол кезде чогулгандар баары атырылып Пайгамбарыбызга САВ асылып аны курчап алышты, ошондо алардын ичинен бирөөсү Пайгамбарыбыздын САВ жакасынан кармаганын көрдүм, ошол маалда алардын арасына Абу Бакир түшө калып ажыратып жатып ыйлап мындай деди: Раббим Аллах дегени үчүн эле өлтүрөсүңөрбү? Анан тигилер тарап кетишти. Абдулла ибну Амру айтат: Ошондо Курайштын Пайгамбарыбызга САВ эң катуу тийгенин көрдүм.

Бухарийдин риваятында Урва ибну Зубайр мындай дейт: Мен Абдулла ибну Амрудан сурадым эле ал мага мушриктердин Пайгамбарыбызга САВ эң катуу тийгендиги кайсыл болгондугу жөнүндө айтып берди: Пайгамбарыбыз САВ Каабанын кара таш жагында намаз окуп жаткан болчу. Ошол кезде Укба ибну Абу Муьит келип кийимин Пайгамбарыбыз САВ мойнуна коюп катуу бууп калды эле Абу Бакир чуркап келди да Укбанын эки желкесинен кармап ары карай бир түрттү да мындай деди: Раббим Аллах дегени үчүн инсанды өлтүрөсүңөрбү?.

Асмаанын айткан сөзүндө Абу Бакирге кабар келип мындай дейт: Жолдошуңа (Мухаммедге САВ) бат жетпесең болбойт дегенде ал биздин жаныбыздан чыгып кетет, ошол кезде Абу Бакирдин чачы төртөө болуп өрүлгөн болчу, окуя болуп жаткан жерге барып тигилерге айтат: Раббим Аллах дегени үчүн инсанды өлтүрөсүңөрбү? Ошондо тигилер Пайгамбарыбызды САВ таштап салып Абу Бакирге асылып кетишет, ошол күнү Абу Бакир биздин алдыбызга өрүлгөн чачы жазылган абалда кайтып келди.

## *Хамза ибну Абдулмуталиптин РА Исламга келүүсү:*

Абал ушундай курчуп караңгылык каптап турган убакта ошол караңгыны нурдантып кара мүртөздөрдүн шагын сындыра турган инсан келип калат, ал да Хамза ибну Абдулмуталиптин РА Исламга келүүсү, Хамза РА алтынчы жылдын аяк чендеринде Исламга кирет. Тагыраак маалыматтарга караганда зул-хижжа айында мусулман болгон.

Хамзанын РА Исламга кирүүсүнүн себеби, күндөрдүн биринде Абу Жахил Пайгамбарыбыз САВ сафада турган кезинде ага асылып тилдеп калат бирок Пайгамбарыбыз САВ эч нерсе дебейет, Абу Жахил колуна ташты алат да Пайгамбарыбыздын САВ башын кан жалата урат, анан Абу Жахил Каабаны көздөй басып кетип Курайштын адамдарынын жанына барып олтурат. Ошол кезде Абдулла ибну Жадьаандын кулу Сафада болгон окуяны көрүп турган эле, бир убакта Хамза колуна жаасын алып уудан келип калат. Аны көргөн Абдулланын кулу болгон окуяны Хамзага айтып берет, анткени Хамза Курайш уруусунун эң күчтүү жана баатыр жигиттеринен бири эле, аны уккан Хамзанын каны кайнап Каабаны көздөй эч кимге карабастан Абу Жахилди издеп жөнөп калат, Абу Жахилдин жанына келгенде Хамаза ага карап оо осурак! Агамдын баласын урасыңбы, мен да анын дининдемин эмне кыла аласың? Анан колундагы жаасы менен Абу Жахилди жыга чабат. Ошол кезде Абу Жахилдин туугандары Махзум уруусу Хамзаны көздөй жулкунуп калат, Хамзанын да туугандары Хашим уруусу аларды көздөй жулкунуп ортодо уруш чыгып кете жаздаганда Абу Жахил тууганарына: Хамзага тийбегиле анткени мен агасынын баласын урдум эле деп токтотуп калат.

Ошентип Хамза алгачкы Исламга кирүү сөзүн айтты да андан кайткан жок, кийинчерээк Аллах Таала Хамзанын жүрөгүнө Исламды орноштуруп мусулмандыгы ого бетер

бекемделди. Анын мусулман болуусу менен мусулмандар аябай кубанышты.

## *Умар ибну Хаттабтын РА Исламга келүүсү:*

Кырдаал ушундай курч болуп караңгылашып турган кезде ошол караңгыны мурдакыдан да нурдантып кара мүртөздөрдүн шагын ого бетер сындыра турган инсан Исламга келет, ал да Умар ибну Хаттаб, Хамзанын РА Исламга келгенине үч күн болгондон кийин Умар алтынчы жылы зул-хижжа айында Исламга келет. Анткени Пайгамбарыбыз САВ анын Исламга келүүсү үчүн Аллах Тааладан сурап дуба кылган эле, Тирмизий ибну Умардан, Табараний ибну Масьуддан жана Анас ибну Маликтер РА риваят кылган хадисинде Пайгамбарыбыз САВ ушундай деп дуба кылат: **“Аллахым! Сага ушул эки инсандын кимиси сүйүктүү болсо ошону Исламга алып кел, Умар ибну Хаттаб же болбосо Абу Жахил ибну Хишам”.** Ошентип Аллахка эң сүйкүмдүүсү Умар РА экен мусулман болуу ага насип кылды.

Умардын Исламга келүүсү тууралуу бардык риваяттарды карап көрүлгөндөн кийин анын жүрөгүнө Ислам даража даража болуп келгендиги маалым болгон, эми ал Исламдан алдың кандай инсан болгондугу тууралуу бир аз кеп кылып кетсек.

Умар РА мурунтан эле кызуу кандуу күч кубаттуу инсан болуп элдин алдында таанылган болчу. Ошонун себебинен мусулмандар да анын колунан канчалаган кордуктарды көргөн, анын терс көрүнүштөрү ата-бабасынын карманып келген үрп-адатына бекем болуп аны урматтап ал үчүн мушташып урушуп келген, напси кумарына берилип оюн күлкү жана башка жаман иштерди жасап жүрчү. Ал мусулмандардын сабырдуулугуна канчалык кордук көрбөсүн ага сабыр кылып дин үчүн бекем болгонуна таң кала берчү, андан да башкасы Ислам дини башка диндерге караганда да

тазараак жана туура болсо керек деген шек саноолор Умардын ой-пикирине келе берчү. Ошондуктан анын Исламга болгон сезими ойгоно баштады.

Сөздү кыскараак кылып айтсак Умардын РА Исалмга келгендиги тууралуу айтылынган риваяттарда ушундай деп кабар берет. Күндөрдүн биринде Умар кечиндеси үйүнөн башка жака барып уктап эс алып келгени чыгат. Ал Каабанын жанына келип пардасынын ичине кирип олтурат, ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Каабанын жанында намаз окуп жаткан эле, намазында “Алхаака” сүрөсүн эми баштаган болчу, Умар Куранды уга баштады, анан Курандын ушундай укмуштуудай сөздөрүнө таӊ калып жатты да өзүнө өзү мындай деди: Чындыгында эле бул Курайш эли айткандай акын экен. Ошол кезде ушул аят окулду:

إِنَّهُ لَقَوْلُ رَسُولٍ كَرِيمٍ {الحاقة/40} وَمَا هُوَ بِقَوْلِ شَاعِرٍ قَلِيلًا مَا تُؤْمِنُونَ {الحاقة/41}

***“40. «Ал (Кураан) Улук пайгамбардын (Аллаһ үйрөткөн) Сөзү! 41. Ал акындын сөзү эмес! Өтө аз ыйман келтирип жатасыӊар!”.*** (Алхаака, 40-41)

Анан мен айттым көзү ачыктын сөзү деп, ошондо ушул аят окулду:

وَلَا بِقَوْلِ كَاهِنٍ قَلِيلًا مَا تَذَكَّرُونَ {الحاقة/42} تَنزِيلٌ مِّن رَّبِّ الْعَالَمِينَ {الحاقة/43}

***“42. Ал көзү ачыктын да сөзү эмес! (Аллаһты) өтө аз эскерип жатасыӊар! 43. Ал ааламдардын Раббиси тарабынан түшүрүлгөн!”.*** (Алхаака, 42-43)

Ошентип сүрө акырына чейин окулду, ошондо менин жүрөгүмө Исламдын түшүнүгү кирди.

Ушул окуялардын себебинен Умардын жүрөгүнө Ислам бир аз кирген болчу, бирок дагы деле анда караӊгылыктын калдыктары, ата-бабасынан калган динди кармануу, туура эмес үрп-адаттар анын жүрөгүндө калган болчу, андыктан андагы

болгон адашуу түшүнүктөрү жүрөгүндө калдык катары калып дагы деле Исламга болгон душмандыгы улана берди.

Умардын кызуу кандуулугу жана Пайгамбарыбызга САВ болгон душмандыгы кетпей күндөрдүн биринде ал Пайгамбарыбызды САВ жок кылуу максатында кылычын алып аны көздөй жөнөп калат, жолдо бара жатканда ага Наим ибну Абдулла Нажжам ал-Адавий же болбосом Захра уруусунан бир киши же болбосом Махзум уруусунан бирөөсү жолугуп калат да андан: Кайда баратасың оо Умар? Деп сурап калат, Умар: Мухаммедди өлтүргөнү, деп жооп берет, анда ал: Эгер Мухаммедди өлтүрсөң анда анын туугандары Хашим уруусунан же болбосом Захра уруусунан коркпойсуңбу? Умар: Сен да өз дининден чыгып кеткен окшойсуң, дегенде жанагы киши Умарга: Сен таң кала турган бир нерсени айтайынбы Умар! Өзүңдүн карындашың менен күйөө балаң да сенин дининден чыгып кеткен, деп айтканда Умардын каары келип ал экөөнү көздөй жөнөп кетет да алардын жанына келет, ошол кезде ал экөөнүн жанында Хаббаб ибну Арат аларга “Таахаа” сүрөсүнөн окуп жаткан кези эле, Умардын келаткан үнүн уккан Хаббаб дароо үйдүн бир бурчуна жашынып калат, Умардын карындашы Фатима жанагы окуп жаткан аят жазылган кагазды жашырып койот, бирок Умар үйгө жакын калганда Хаббабдын ал экөөнө аятты окуп жаткан үнүн угуп калган эле, Умар алардын алдына кирип: Кобурап окуп жатканыңарды угуп калдым ал эмне? Тигил экөө: Эч нерсе окуганыбыз жок жөн гана өз ара сүйлөшүп олтурганбыз, Умар: Экөөң динибизден чыгып кеткен окшойсуңар ыя, ошондо Умардын күйөө баласы: Оо, Умар! Эгерде чыныгы акыйкат сенин диниңде эмес башка динде болсо кандай кыласың? Деп айтты эле Умар аны жыга чапты, Умардын карындашы Фатима келип Умарды күйөөсүнөн ажыратып калды, Умар карындашын да бетин кан жалата урду, ошол учурда Фатиманын аябай каны кайнап: Оо, Умар! Чыныгы акыйкат сенин диниңде эмей эле башка динде болгондуктан мен

“*Ашхаду ал-Лаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан расуулуллаах” Аллахтан башка кудай жок, Мухаммед Аллахтын элчиси экендигине күбөлүк берем,* деп айтып салды.

Ошондо Умар өзүнө келе түшүп карындашындагы канды көрүп уялып ага боору ооруп кетти да мындай деди: Жанагы окуп жаткан китебиңерди бергилечи мен да окуп көрөйүн, Фатима ага: Сен таза эмессиң аны жалаң тазалар гана кармайт, ошондуктан барып жуунуп тазалан, деп айтты Умар барып жуунуп тазаланып келди да кагазды алып окуй баштады:

بسم الله الرحمن الرحيم

***“Ырайымдуу, Мээримдүү Аллаһтын аты менен (баштаймын)”.***

Бул аятты окуп Умар: Чыныгы татыктуу жана таза ысымдар, деп айтты да окууну уланта баштады:

طه {طه/1} مَا أَنزَلْنَا عَلَيْكَ الْقُرْآنَ لِتَشْقَى {طه/2}

***“1. Та – ха, 2. (О, Мухаммед!) Биз сага Куранды бактысыз болушуң үчүн түшүрбөдүк”.***

إِنَّنِي أَنَا اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنَا فَاعْبُدْنِي وَأَقِمِ الصَّلَاةَ لِذِكْرِي {طه/14}

***“14. Мен – Аллаһмын! Эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок, жалгыз Мен гана бармын! Демек, Өзүмө ибадат кыл жана Мени эстөө үчүн намаз оку!”.*** (Тааха, 1-14)

Сүрөнүн ушул жерине чейин окуду да айтты: Бул кандай жакшы ырайымдуу сөз! Мени Мухаммедге алып баргылачы, деп айтты, Умардын бул айтканын угуп калган Хаббаб бекинген жеринен дароо чыгып: Эң жакшы болот оо Умар, мен Пайгамбарыбыздын САВ бейшемби түнү сага кылган дубасы кабыл болду деп ойлоймун, **“Аллахым! Сага ушул эки инсандын кимиси сүйүктүү болсо ошону Исламга алып кел, Умар ибну Хаттаб же болбосо Абу Жахил ибну Хишам”.**

Ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Сафа тараптагы үйлөрдүн биринде эле, Умар кылычын алды да ошол жакты көздөй жөнөп кетти, үйгө жетип эшигин какты эле үйдүн ичинде олтургандардын бирөөсү эшиктин жылчыгынан карап Умардын кылыч кармап турганын көрүп Пайгамбарыбызга САВ кабар берди. Ошол жерде олтурган мусулмандар дароо даярданышып калды, аларга Хамза РА: Силерге эмне болду? Деп сурап калды эле, алар: Умар келиптир, деп жооп беришти, ошондо Хамза РА: Умар, анда эшикти ачкыла, эгер ал жакшы ниетте келген болсо аткаралы, а эгер жаман ниетте келген болсо өзүнүн кылычы менен өлтүрүп салабыз, деп айтты, Пайгамбарыбызга САВ вахий кабары келип турган эле, анан Пайгамбарыбыз САВ Умардын алдына чыкты да анын кийиминен мыжыга кармап кылычын да кармап туруп катуу булкту да мындай деди: **Сен бул ишиңди качан токтотосуң оо Умар! Же болбосо Валид ибну Мугийрага келген балээнин сага да келүүсүн күтүп жатасыңбы? Аллахым! Бул Умар ибну Хаттаб, Аллахым! Исламды Умар ибну Хаттаб менен көтөр,** Ошондо Умар: *"Ашхаду ал-Лаа илааха иллаллааху уа аннака расуулуллаах" Аллахтан башка кудай жок, чындыгында сен Аллахтын элчиси экендигиңе күбөлүк берем* деп шахаадат келимесин айтып мусулман болду. Жанындагы турган мусулмандар сүйүнгөндөрүнөн Аллахты улуктап бакырып такбир айтып жиберишти эле алардын бакырыгы Каабада тургандарга да эшитилип кетти.

Умар РА аябай каардуу жана баатыр, каны бат кайнаган инсан болгондуктан анын Исламга келүүсү мушриктерди аябагандай эле чоң түйшүкө салып, аларды шерменде кылып жүзүн жерге каратты, ошол кезден баштап мусулмандар Умардын коргоо астында болушуп аябай курсан болушту.

Ибну Исхактын риваятында Умар РА өзү тууралуу мынтип баяндаган: Мусулман болгонумдан соң гана Меккеликтер Пайгамбарыбызга САВ кандай катуу душмандык кылып жатканын сездим, Абу Жахил эң катуу душман деп

анын үйүнө барып эшигин кактым, Абу Жахил чыгып: Кош келипсиң, кандай иш менен келдиң? Деп сурап калды эле мен айттым: Сага ушуну кабар берейин деп келдим, жалгыз Аллахка жана анын элчиси Мухаммедге ыйман келтирдим жана анын алып келген динине ишендим, ошондо ал менин бетиме каратып эшикти катуу жапты да: Аллах сени жазаласын жана алып келген кабарыңды да, деп айтты.

Ибну Жаузийдин риваятында Умар РА айтат: Ошол кезде мушриктер эгер бир инсан мусулман болгондугун угуп калышкан болсо баары ага асылып сабап салышаар эле, ал эми мен мусулман болгонумда тайекем Аас ибну Хаашимге келип мусулман болгондугумду айтсам эшигин жаап кирип кетти, андан соң Курайштын эң чоң инсандарынын бирине барып мүмкүн Абу Жахил болсо керек ага да айттым эле ал да эшигин жаап кирип кетти.

Ибну Хишам жана Ибну Жаузийдин риваятында: Умар РА мусулман болгондон соң Курайш элинин арасында кабарды башкаларга эң эле тез жеткизген Жамил ибну Муаммар Жухамийге келип мусулман болгондугун айтты эле Жамил катуу үнү менен Умар ибну Хаттаб динден чыгыптыр деп бакырып калды, анын артында турган Умар калп айтып жатат, мен мусулман болдум деп бакырды, ошондо мушриктер Умарга карап асылышып аны менен мушташып кетишти Умар да алардан калышпай мушташа берди акыры күн чак түш болуп катуу ысып кеткенде Умар чарчаганынан жерге олтурду, мушриктер болсо аны тегеректеп турушту. Умар аларга карап: Колуңардан эмне келсе ошону кылгыла, Аллахка ант, эгер биз үшжүз киши болгонубузда же силер же биз жеңет болчубуз.

Андан соң мушриктер Умардын үйүнө өлтүргөнү барышкан, бул тууралуу Бухарийдин риваятында Абдулла ибну Умар айтат: Ошол кезде Умар үйдө коркуп олтурган эле үйгө кокусунан эле Аас ибну Ваайл Сахмий Абу Амру келип калды үстүндө татынакай жана жибектен болгон кийими бар,

ал Сахм уруусунан болуп биздин караңгылык доордогу союздаштарыбыз эле, үйгө келди да сага эмне болду Умар? Деп сурап калды, Умар: Сенин туугандарың эгер мен мусулман болсом мени өлтүрөбүз деп жатат, анда Аас: Эч кам санаба менин коргоо астымда болосуң, деп айтты, ошентип Аас үйдөн чыгып кетти жолдо ал Умар тарапка келаткан элдер менен жолугуп калды да алардан кайда баратасыңар? Деп сураганда алар: Умарга, анткени ал динден чыгып кетиптир, деп жооп беришти эле Аас: Эми ага бара албайсыңар, ал менин коргоо астымда, деп айтты, ошондо элдер эч нерсе кыла албай артына кайтып кетишти. Ибну Исхактып риваятында ошол кезде алардын акыбалдары шөлбүрөгөн кийимде болуп калды.

Бул мушриктердин абалы болчу. Ал эми мусулмандар тууралуу Мужахиддин риваятында Ибну Аббас айтат: Мен Умар ибну Хаттабдан: Сен кантип Фаарук деген атка кондуң? Деп сурап калганда ал мага: Менден үч күн алдың Хамза Исламды кабыл алды деп өзүнүн Исламга келгендиги тууралуу айтып берди да мындай деди: Мен Исламды кабыл алганымдан кийин Пайгамбарыбызга САВ айттым: Оо, Аллахтын элчиси! Биз тирүү болсок да өлсөк да акыйкат жолдо эмеспизби? Пайгамбарыбыз САВ: **Ооба, Аллахка ант болсун, тирүү болсок да өлсөк да акыйкат жолдобуз,** деп жооп берди, мен: Анда эмне үчүн жашынып жүрөбүз? Сизди акыйкат үчүн жиберген Аллах, эми сөссүз сыртка чыгып Исламды ашкерелейбиз, анан эки катар болуп тизилдик да бир жагына Хамза экинчи жагына мен турдум да баарыбыз бекем болуп жерден чаң чыгара Каабаны көздөй басып жөнөдүк, барып Каабага кирдик, ошол кезде Хамзага анан Курайш элине карадым, Курайш эли бизди көргөндөн кийин мурун кийин болуп көрбөгөндөй кейиштүү акыбалга түшүп калды, ошол күндөн баштап Аллахтын элчиси мени Фаарук деп атап койду, (Фааруктун мааниси акыйкат менен акыйкатсыздыкты ажырата билген деген түшүндүрөт).

Ибну Масьуд РА айтат: Умар Исламга келмейин Каабанын жанында намаз окуй алчу эмеспиз, ал Исламга келгенден кийин гана Каабанын жанында намаз окуп калдык.

Сухайб ибну Санан Румий РА кабар берет: Умар мусулман болгондон кийин гана Ислам жарыя болуп ашкере үгүт жүрө баштады, Каабанын жанында топ топ болуп олтурдук, тооп да кыла баштадык, бизге каршы чыккандарга биз бир болуп аларга жооп кайтара баштадык. Абдулла ибну Масьуд РА айтат: Умар мусулман болгондон баштап биздин башыбыз тик көтөрүлдү.

## *Курайштын башчылары Пайгамбарыбызга САВ келди:*

Эки эр жүрөк Исламды кабыл кылгандан кийин – Хамза РА менен Умар РА – караңгы каптаган булут ачыла баштады, мушриктер мастыгынан ойгонуп мусулмандарга кордук көрсөтүүсү токтоп калды. Пайгамбар САВ менен теңдикте болууга аракет жасап анын жасаган үгүт иштерин токтотуу үчүн ал каалаган нерсесин берүүгө даяр экендигин билдиришти, бирок бул байкуштар Пайгамбарыбыздын САВ даават үгүт иштеринин астында бүт дүйнө чиркейдин да канатычалык кадыр баркы жок экендигин билишчү эмес. Ошондуктан алардын каалоолору орундалбай иш аракеттери текке кетти.

Ибну Исхактын риваятында Язид ибну Зияд Мухаммед ибну Кааб ал-Карзийден кабар бергенин айтат: Утба ибну Рабиьа Меккенин башчыларынын бири болгон, ал күндөрдүн биринде Курайштын чогулушунда болчу, ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Каабанын жанында жалгыз олтурган эле, Утба Курайш элине карап мындай дейт: Оо, Курайш эли! Мухаммедге барып кээ бир иштерди сунуш кылайынбы? Мүмкүн ошонун кээбирин кабыл кылып калаар, деп айтып калды, бул сөздү ал Хамза РА Исламга киргенден соң айткан

болчу, анткени мушриктер Мухаммеддин адамдары күндөн күнгө көбөйүп баратканын көрүшүп эмне кылаарын билбей жаткан кези эле, Курайш эли Утбага: Ооба, барып аны менен сүйлөшчү, деп айтышты, Утба Пайгамбарыбыздын САВ жанына барып олтурду да ага: Оо, агамдын баласы! Өзүң билгендей сен уруубуздун эң кадыр барктуу жана теги таза инсандарыбыздын бирисиң, сенин алып келген жолуң бизди экиге бөлүп өтө чоң уруш талаштарды жаратып жатат, биздин каалоолорубузду четке кагып динибизди жана кудайларыбызды жокко чыгардың, ата-бабаларың карманып келген динден да чыгып кеттиң, эми мени ук сага кээ бир нерселерди сунуш кылайын анан карап көрүп мүмкүн айткандарымдын кээ бирин кабыл кылаарсың, Пайгамбарыбыз САВ: **Айта бер оо Утба, кулагым сенде**, деп айтты ошондо Утба мындай деди: Оо, агамдын баласы! Сен алып келген ишиңдин артынан байлыкты максат кылып жаткан болсоң биз сага байлык чогултуп берели да биздин арабыздан эң байы сен бол, а эгер кадыр барктуулукту максат кылып жатсаң биз сени эң кадыр барктуу инсан кылалы да сенин кеңешиңсиз эч кандай ишти аткарбайлы, ал эми бийликти каалап жатсаң сени өзүбүзгө башчы шайлап алалы.Ал эми сенин көзүңө арбак элестер көрүнүп андан кутула албай ооруп жатсаң биз сага табыбты чакырталы да сен айыкканча баарыбыз акчабызды аябай чогултуп берели, ошондо жакшы болуп кетээрсиң, ошентип Утба сөзүн айтып бүткөнчө Пайгамбарыбыз САВ аны кунт коюп угуп олтурду да сөзү бүткөндөн соң мындай деди: **Айтып бүттүңбү оо, Утба?** Утба ооба деп жооп берди, анда Пайгамбарыбыз САВ: **Эми мени ук,** Утба: Угуп жатам, Пайгамбарыбыз САВ Утбага ушул аяттарды окуп берди:

حم {فصلت/1} تَنزِيلٌ مِّنَ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ{فصلت/2} كِتَابٌ فُصِّلَتْ
آيَاتُهُ قُرْآنًا عَرَبِيًّا لِّقَوْمٍ يَعْلَمُونَ {فصلت/3} بَشِيرًا وَنَذِيرًا فَأَعْرَضَ أَكْثَرُهُمْ
فَهُمْ لَا يَسْمَعُونَ {فصلت/4}

***“1. Хаа. Миим. 2. (Бул) Ырайымдуу, Мээримдүү тарабынан түшүрүлгөн, (жана). 3. (маанисин) билген адамдар үчүн аяттары арабча Кураан калыбында толук баяндалган (Китеп)***
***4. (Бейиштен) куш кабар айтуучу, (тозоктон) кайгылуу кабар айтуучу (китеп). Бирок алардан (Курайш мушриктеринен) көпчүлүгү жүз үйрүп кетишти. Эми алар угушпайт”.*** (Фуссилат, 1-4)
Ушинтип Пайгамбарыбыз САВ Утбага окуй баштады, ал эми Утба болсо эки колун артка таянып кунт коюп угуп калды, ошентип Пайгамбарыбыз САВ сажда аятына жетип сажда кылгандан соң Утбага карап: **Эми уктуң оо Утба, сен бара бер**, деп айтты, Утба ордунан турду да мушриктерди көздөй басып кетти, аржактан аңдып олтурган мушриктер бир бирине: Аллахка ант, Утбанын жүзү башкача болуп кайтты, Утба мушриктердин жанына олтургандан кийин андан эмне болду? Деп сурап калышты, Утба аларга: Мен ушундай бир укмуштуудай сөздөрдү уктум дейсиңер андайды өмүрүмдө уккан эмесмин, Аллахка ант болсун, ал акындын сөзү эмес, сыйкырчы да эмес, көзү ачык да эмес, оо Курайш эли мени уккула да аны өз абалына тим койгула, Аллахка ант болсун, андан уккан сөз улук кабар, эгер ага араптар кол салган болсо силер аны коргогула, ал эми ал араптарды жеңип алган болсо анда анын бийлиги силердин бийлигиңер, анын кадыр баркы силердин кадыр баркыңар, ошондо аны менен кошо жыргап куунап жашап эң бактылуу инсандардан болосуңар, мушиктер Утбага: Сени тили менен сыйкырлап коюптур дешти. Утба аларга: Менин силерге айта турган көз карашым ушундай, эмне кылсаңар ошол кылгыла. Башка риваятта ушундай келет: Утба Пайгамбарыбыздан САВ аятты угуп жатып ушул аятка жеткенде:

فَإِنْ أَعْرَضُوا فَقُلْ أَنذَرْتُكُمْ صَاعِقَةً مِّثْلَ صَاعِقَةِ عَادٍ وَثَمُودَ {فصلت/13}

***“13. Эгер (мушриктер дагы эле) жүз бурушса, айткын: «Мен силерди Аад жана Самуддун азабы сыяктуу азаптан эскерттим!»”.*** (Фуссилат, 13)
Утба корконунан ордунан ыргып турду да колун Пайгамбарыбыздын САВ оозуна бекитип мындай деп айтты: Сураныч токтот да ырайым кыл! Утбанын мындай кылганынын себеби дагы эскертүү аяттарын окуп коркуп кетпейин деп кылган болчу. Андан соң ордунан туруп мушриктерге барып жогорудагы сөздү айтты.

## *Абу Талип Хаашим жана Абдумуталип уруусун чогултту:*

Иштер өзгөрдү абалдар башкача боло баштады, бирок Абу Талип дагы деле агасынын баласы Мухаммедге мушриктер бир нерсе кылып койбосун деп коркууда, анткени ал мушриктердин мурунку кылган кылыктарын көргөн болчу – мушриктер Пайгамбарды САВ жок кылуу үчүн ар түрдүү коркутуулрды жасаган, андан соң теңдештиребиз деп Аммаара ибну Валидди алып келип анын ордуна Пайгамбарды САВ алып өлтүрүп салмакчы болушкан, Абужахил Пайгамбарга САВ келип анын башына таш менен бир коюп башын кан жалаткан эле. Укба ибну Абу Муьит Пайгамбарды САВ мойнунан бууп өлтүрүп койо жаздаган жана Умар ибну Хаттаб кылычын алып Пайгамбарды САВ жок кылам деген болчу – ушул окуяларды көргөн Абу Талип баарына көз чаптырып турду, ошондой болсо да корко турган даражада бул нерселерден бир жамандыктын жытын сезип турду, мушриктер агасынын баласын жок кылууга даярданып жаткан кабарды Абу Талип билип калды, эгер мушриктер агасынын баласына кол салган болсо Хамза да Умар да башкасы да эч нерсе кыла албаарын билди. Мушриктер Пайгамбарды САВ жок кылабыз деп жаткандары баары чын экендигин Абу Талип билип калды, Абу Талиптин билгени туура болуп чыкты,

анткени мушриктер агасынын баласын жарыя түрдө өлтүрүүгө аттанып жатышкан эле, бул тууралуу Куранда ишаарат берип өткөн:

أَمْ أَبْرَمُوا أَمْرًا فَإِنَّا مُبْرِمُونَ {الزخرف/79}

***“Же алар (Пайгамбарга каршы) чара колдонуштубу? Чындыгында, чара колдонууну бекемдөөчү - Биз”.*** (Зухруф, 79)

Эгер андай болсо Абу Талип эмне кылат? Курайш эли агасынын баласына каршы аракеттерди жасап жаткандыгын көрүп, жакын туугандары болгон Абдуманнафтан тараган Хаашим жана Мутталип урууларын чогултуп аларга кандай болсо да Мухаммедди коргогула деп айтты эле мусулмандары да мушриктери да баары коргоого макул болушту, бир гана Абу Талиптин бир тууганы Абулахаб алардан бөлүнүп чыгып Курайш менен бирге болууну чечти.

## *Алаканы тыюу салуу*

Төрт жуманын ичинде же андан да аз убакытта мушриктерге төрт чоң кайгылуу окуя болуп өттү алар: Хамзанын РА Исламга келүүсү, андан соң Умардын РА Исламга келүүсү, андан соң Пайгамбарыбыз САВ мушриктердин сунушун кабыл кылбай койгондугу, андан соң Мутталип жана Хаашим уруулары чогулуп алардын мусулмандары да мушриктери да баары Пайгамбарыбызды САВ коргоо үчүн сөз бергендиги, ушул окуялардан соң мушриктер эмне кылаарын билбей ден дароо болуп калышты, анткени алар эгер Пайгамбарды САВ өлтүрүшкөн болсо анда Меккеде эки тараптын ортосунда чоң кан төгүү болооруна көздөрү жетти, балким мушриктер өздөрү түп тамыры менен жок болуу коркунучунда калды, ошондо Мекке мушриктери айласы кеткенден аларга зулумдук көрсөтүү үчүн урушпай

турган башка амалды ойлоп табышты, бирок тапкан амалдары мурункудан да катуураак болуп чыкты.

## *Заалымдык жана душмандык келишими:*

Мекке мушриктери Мухассаб тоосундагы Кинаана уруусунун Хайф деген жерине чогулуш өткөрүштү, ал чогулушта Хаашим жана Мутталип урууларына каршы ушул келишимдер түзүлдү: булардан кыз да албоо кыз да бербөө, соода сатык алыш бериш мамилелерин токтотуу, булар менен аралашып жүрбөө чогуу да олтурбоо, үйлөрүнө да кирбөө жана булар менен эч ким сүйлөшпөө, Пайгамбарды САВ мушриктерге өлтүрүүгө тапшырып бермейин ушул иштерди аткаруу келишими түзүлдү, келишим барака жазылып анын ичинде ушул сөздөр да жазылган болчу «Мухаммедди өлтүрүүгө тапшырып бермейин Хаашим уруусу менен эч качан мамиле түзүлбөйт жана аларга эч ким боорукерлик, кайрымдуулук да кылбасын». Ибнул-Кайимдин риваятында айтат: Бул келишим сөзүн жазган Мансур ибну Икрима ибну Аамир ибну Хаашим болгон. Ал эми башка риваятта келишимди жазган Нудар ибну Хаарис деп айтылат, риваяттардын эң туурараагы келишимди жазган адам Багид ибну Аамир ибну Хаашим болгон, бул кишиге Пайгамбарыбыз САВ терс дуба кылган ошондо анын колу шал болуп калган.

Келишим түзүлүп жазылып бүткөндөн соң ал кагазды Каабанын ичине илип коюшту. Ошентип Хаашим жана Мутталип уруусу четтетилди бир гана Абулахаб Курайш эли менен калды. Пайгамбарлыктын жетинчи жылы мухаррам айында ай жаңы чыккан күндөрү түнкүсүн буларды мушриктер Мекке жериндеги тоонун боорунда жайгашкан Абу Талиптин жерине четтетип салышты.

### *Үч жыл Абу Талиптин жеринде:*

Абу Талиптерге кысым көрсөтүү күчөгөндөн күчөп, азык-түлүк тамак-аш берүү токтотулду, мушриктер Меккеге кандай гана буюм-тайым азык-түлүк кирбесин Абу Талиптерден мурун барып сатып алышып жатты. Ошентип катуу кордук көрүшүп ачкалыктан акырында жалбырактарды жана терилерди жеп калышты. Ачкалыктын айынан жаш балдардын аялдардын ыйлаган үндөрү угулуп жатты, буларга боору ооругандар тамак ашты жашыруун гана алып келишчү, тоонун боорунан тыюу салынган айларда гана өз муктаждыктарын сатып алууга чыгышчу, эгерде Меккенин сыртынан өтүп бараткан кербендерден азык-түлүк сатып алайын дешсе аны Мекке эли билип калып Абу Талиптер сатып алууга кудурети жетпей турган даражада бааны көтөрүп салып мушриктер өздөрү алып коюшаар эле.

Күндөрдүн биринде Хаким ибну Хизам атасынын бир тууганы Хадийчага РА буудай алып баруу максатында жөнөп калды, аны Абужахил көрүп калып аларга берүүгө тыюу салынган деп Хакимге асылып калганда бул экөөнүн ортосуна Абул-бахтарий түшө калып ажыратат, ошентип Хаким эжекеси Хадийчага РА буудайды араң алып барып берет. Абу Талип Пайгамбарга САВ бирөөлөр кол салып койбосун деп коркуп адамдар уйкуга барган кезде Пайгамбарды САВ өз ордуна жаткызчу, бул ишти ким Пайгамбарга САВ кол салат экен деп билүү үчүн гана кылчу, кээ бирде адамдар уйкуга барган кезде Абу Талип балдарынан же бир туугандарынан же жакын туугандарынан бирөөнү Пайгамдардын САВ төшөгүнө жатып турууну буйруп Пайгамбарды САВ ошонун ордуна жаткызчу. Пайгамбарыбыз САВ менен мусулмандар ажылык мезгилинде адамдар менен жолугушуп аларды Исламга үгүттөөнү токтотпой улантып жатты, ошондо да Абулахаб алдыдагы темаларда айтып өткөндөй Исламга болгон душмандыгын жасап жүрдү.

## *Келишим барагын бузуу:*

Абу Талиптер ошондой кыйынчылык кордук азабын үч жыл өткөзүштү, Пайгамбарлыктын онунчу жылы мухаррам айында келишимди бузуу окуясы болду. Мунун себеби да Курайш элинин кээ бир адамдары Абу Талиптерге каршы болуп жаткан зулумдука ыраазы эместигин билдиргендер пайда боло баштады. Ошонун натыйжасында түзүлгөн келишимди бузуу аракеттери көрүлө баштады.

Бул ишти баштаган инсан Аамир ибну Луьай уруусунан Хишам ибну Амру болду, анткени ал анча мынча Хаашим уруусуна кечиндеси жашыруун тамак аш жеткизип турган, күндөрдүн биринде ал Зухайр ибну Абу Умая Махзумийге барды, анткени Зухайрдын апасы Абдулмуталиптин кызы Аатика болчу, Хишам Зухайрга келип мындай деди: Оо, Зухайр! Сен өзүң жыргап куунап тамак аш жеп курсагыңды тойгозуп жүрөсүң, ал эми тайкелериңдин абалы кандай болуп жатканын билип турасың, Зухайр: Эми мен жалгыз өзүм эмне кыла алмак элем? Мага бирөө шерик болгондо сөссүз келишимди бузуп салмакмын, Хишам: Андай болсо сага шерик табылды, Зухайр: Ал ким экен? Хишам: Мен да, ошондо Зухайр Хишамга мындай деди анда үчүнчү адамды тап.

Ошентип Хишам Матьам ибну Адийге барат да ага Абу Талиптердин Матьамга да тууганчылык жагы бар экенин айтып, Абдуманнафтын эки уулунан тараган Хаашим жана Муталип уруусуна Курайш эли тарабынан болуп жаткан кордука макул болгондугун эскертип Матьамды жемелей баштады, ошондо Матьам айтты: Мен жалгыз өзүм эмне кыла алмак элем? Хишам: Жалгыз болсоң сага шерик бар, Матьам: Ал ким экен? Хишам: Мен да, Матьам: Анда үчүнчү кишини тап, Хишам: Үчүнчү киши да бар, Матьам: Ал ким? Хишам: Ал Зухайр ибну Абу Умая, Матьам: Анда төртүнчү кишини тап деп айтты.

Хишам Абул-бахтарий ибну Хишамга барат, ага да Матьамга айткан сөздү айтат, ошондо Абул-бахтарий мындай дейт: Бул иште мага бирөө жардам берет бекен? Хишам: Ооба, деп жооп берди, Абул-бахтарий: Ал ким экен? Хишам: Зухайр ибну Абу Умая, Матьам ибну Адий жана мен, Абул-бахтарий: Андай болсо бешинчи кишини тап, деп айтты эле Хишим бешинчи кишиге жөнөп кетти.

Ошентип Хишам Замьа ибну ал-Асвад ибну Муталиб ибну Асадга барды, ага да Абу Талиптерге болгон тууганчылык жагын айтып тууганчылык укугу бар экендигин эскертти, ошондо Замьа: Сен айтып жаткан иште мага жардам бере турган бирөөсү бар бекен? Хишам: Ооба, деп жооп берди да жогорудагы аталган кишилерди айтып берди, ошентип алар Меккедеги Хажжун деген жерге чогулушуп түзүлгөн келишимди жок кылып баракты жыртып салуу үчүн баары бир пикирге келишти. Алардын арасынан Зухайр сөздү алгач мен баштап берем деп айтты.

Ошентип эртеси күнү Каабадагы эл чогулган жерге баары келип, Зухайр үстүнө жакшы кийимдерди кийип Каабаны жети жолу тооп кылды да элдерге карап мындай деди: Оо, Мекке эли! Биз курсагыбызды тойгузуп ар түрдүү кийимдерди кийип жыргап куунап жүрөбүз да Хаашим уруусуна эч нерсе берилбесе аларга сатуу да сатып алуу да тыюу салынса, ошентип алар ачкалыктан өлүп жок болуп кетеби? Аллахка ант болсун, келишим жазылган зулумдук жана адилетсиздик кагазын барып жыртып салмайын тим болбойм.

Кааба мечитинин бир четинде турган Абужахил ага карап: Калп айтпагын, Аллахка ант жырта албайсың, деп жооп кайтарды.

Замьа ибну ал-Асвад Абужахилге карап: Аллахка ант, сен калпычысың, бул келишим жазылганда биз ыраазы болгон эмеспиз.

Арадан Абул-бахтарий чыга калып: Замьа туура айтып жатат, жазылган келишимге биз ыраазы эмеспиз жана ал келишимди туура деп да эсептебейбиз.

Матьам ибну Адий да кошумчалап: Экөөң тең туура айтып жатасың, бул келишимди колдогондор калп айтышып жатат, жазылган келишимге биз ыраазы эмеспиз ошондуктан Аллахтын алдында биз мындай заалым иштен алыспыз.

Хишам ибну Амру да булардын сөзүн колдоп ал да сөз сүйлөдү.

Ошондо Абужахил мындай деди: Бул иш кечинде сүйлөшүлгөн иш, булар башка жерден келишип сүйлөшүп алышыптыр.

Ошол кезде Абу Талип Кааба мечитинин бир четинде олтурган болчу. Анын ошол убакта Каабага келгендигин себеби Аллахтын элчиси САВ агасы Абу Талипке жазылган келишим кагаздагы зулум сөздөрдүн баарын курт жеп салган бир гана Аллахтын ысымы жазылган жери калгандыгын кабар берген болчу, ошондуктан Абу Талип Курайш элинин жанына келген эле. Абу Талип Пайгамбарыбыз САВ айткан кабарды чогулган элге айтты да эгер анын айтканы туура эмес болсо анда аны кандай кылсаңар ошо кылгыла, ал эми айтканы туура болсо анда бизге болгон кордугуңарды токтотуп келишим жокко чыгат, деп айтканда баары: Туура айттың деп жооп беришти.

Абужахил менен беркилердин ортосунда талаш тартыш бүткөндөн соң Матьам келишим кагазын жыртмакчы болуп барды эле кагазды курт жеп «Аллахтын ысымы менен» деген гана сөз калып калганын кур жеп салыптыр.

Ошентип Пайгамбарыбызга САВ каршы түзүлгөн келишим да бузулуп, Пайгамбарыбыз САВ жана аны менен болгондордун баары тоо боорунан чыгышты, мушриктер болсо Пайгамбарыбыз САВ кабар берген кагаз тууралуу кабарды анык көздөрү менен көрүшсө да ага ишенишпей Аллах Таала айткандай:

وَإِن يَرَوْا آيَةً يُعْرِضُوا وَيَقُولُوا سِحْرٌ مُّسْتَمِرٌّ {القمر/2}

***“Алар (Курайш каапырлары) кереметти көрүп турса да, (чындыктан) жүз буруп «Бул – ар дайымкы сыйкыр»-дей баштады”.*** (Камар, 2)

Аллахтын бул көрсөткөн кереметине ишенишпей алардын каапырлыгы ого бетер күчөдү.

## *Курайштын Абу Талипке акыркы жолу келүүсү*

Пайгамбарыбыз САВ эки тоо ортосунан чыккандан соң мурункудай эле үгүт ишин жүргүзө баштады, ал эми Курайш эли болсо келишим бузулганы менен мурукундай эле мусулмандарга болгон басмырлоону, кордуктарды жана Исламга каршы тоскоолдуктарын жасай беришти, ал эми Абу Талип агасынын баласы Мухаммедди мурункудай эле коргоп жатты, бирок анын жашы ошол кезде сексенден өтүп калган эле, көп жылдардан бери башына түшкөн оор кырдаалдарды, кайгы азаптарды көтөрүп келди, анын үстүнө Абу Талиптерге каршы түзүлгөн келишим да ага ашыкча түшүп анын күч кубатын кетирип, сөөгүн какшатып, алсыздыгына ого бетер алсыздык кошулду, келишим бузулуп тоонун боорунан чыкканына бир канча ай өтпөй Абу Талип катуу ооруу менен ооруп калды, ошондо мушриктер эгер Абу Талип каза болуп калса, ал каза болгондон кийин иниси Мухаммедге бир зыян жеткизип коюшса, араптардын арасына сөз таркап, Курайш элине сөз тийип калбасын деп Абу Талипке келип Пайгамбарыбызга САВ дагы бир жолу мурунку жолугушууларда бербеген убадаларды берип көрүүнү чечишти, бирок мушриктердин ушул жолку Абу Талип менен жолугушуусу акыркы жолу болчу.

Ибну Исхак жана башкалардын риваятында ушундайча келет: Абу Талиптин ооруусу күчөп калган мезгилде Курайш

элине анын кабары жетет, ошондо Курайш эли бири бирине: Хамза менен Умар Исламга кирди, Мухаммеддин кабары Курайш урууларынын баарына тарап кетти, Абу Талипке баралы да ал иниси Мухаммеддин жасап жаткан ишин токтотсун, анан баарыбыз сүйлөшүп бир пикирге келели, биз эч качан анын жеңип кетүүсүн каалабайбыз. Башка кабарда Курайш эли ушундай дейт: Бул аксакал каза болуп калуудан коркобуз, эгер каза болуп калса анда бизди арап эли күнөөлөп Курайш эли Мухаммеддин агасы Абу Талип өлгөнгө чейин Мухаммедге эч нерсе кылбай ал өлгөндөн кийин Мухаммедге кол салышты деп бизге өтө жаман сөз тийет.

Ошентип Курайштын аттуу баштуу адамдары Абу Талипке жөнөп кетишти, алар Утба ибну Рабия, Шейба ибну Рабия, Абужахил ибну Хишам, Умая ибну Халаф, Абу Суфян ибну Харб жана башка Курайштын башчылары болчу, булардын жалпы саны болжол менен жыйырма беш киши болду, Абу Талипке барып мындай дешти: Оо, Абу Талип! Өзүң билгендей сен да биз мененсиң, эми мынтип катуу ооруп калдың, бул оорууң бизди да коркутуп жатат, агаңдын баласы Мухаммед менен биздин ортобуздагы болгон келишпестикти көрүп жатасың, эми аны чакыртсаң ал биздин айтканыбызды кылсын биз да анын айтканын кылалы, ошентип биз да ал да бири бирибизге болгон карама каршылыкты токтотолу да ал биздин динибизге да үгүт кылсын биз да анын динине үгүт кылалы, Абу Талип Пайгамбарыбызды САВ чакыртып келгенден соң ага мындай деди: Оо, агамдын баласы! Өзүң көрүп тургандай булар өз урууңдун башчылары, сен үчүн келип олтурат, сен да булардын айтканын жаса булар да сенин айтканыңды жасашсын деп тигилердин айткан сөздөрүн айтып, эки тарап тең бири бирине болгон каршылыкты токтотууну сунуш кылды. Пайгамбарыбыз САВ аларга мындай деди: **Силерге бир сөздү айткыла десем, эгер ошол сөздү айтсаңар бүткүл араптарга башчы болосуңар жана башка улуттар да силерге баш ийет**. Башка риваятта

Пайгамбарыбыз САВ Абу Талипке карап айтат: **Мен булардын бир сөздү айтуусун каалаймын, эгер ошол сөздү айтса бүткүл араптар баш ийип башка улуттар бизге жизя (салык) төлөйт**. Дагы башка риваятта ушундай келет: **Оо, агам! Буларды андан да жакшы нерсеге чакырбайлыбы?** Абу Талип: Кайсыл нерсеге чакырасың? Пайгамбарыбыз САВ: **Бир сөздү айтууга чакырам, эгер ошол сөздү айтышса бүткүл араптар баш ийип жана башка улуттарды да башкарат.** Ибну Исхактын риваятында: **Эгер бир сөздү айтсаңар бүткүл араптарга башчы болуп башка улуттарды да башкарасыңар,** Пайгамбарыбыз САВ ушул сөздү айткандан соң, мушриктер ордуларында катып калышты да эч нерсе дээрин билбей, айтылган жогорку маанидеги курч сөзгө кантип жооп берүүнү билишпей туруп калышты, бир аздан соң Абужахил сүйлөдү: Ал кандай сөз? Андай сөздүн онун айтабыз, ошондо Пайгамбарыбыз САВ айтты: ***"Лаа илааха иллаллаах"* Аллахтан башка кудай жок, деп айтасыңар да сыйынып жаткан кудайларыңарды таштап жалгыз Аллахка гана сыйынасыңар,** ошол кезде мушрикетер кол чаап жиберишти да мындай дешти: Көп кудайларды бир Кудай кылууну каалайсыңбы оо Мухаммед? Деги сенин ишиң таң калыштуу.

Мушриктер бири бирине карап Аллахка ант, бул инсан биз айткандын бирөөсүн да кылбайт, жүргүлө кеттик ата-бабаларыбыздын динин карманып жүрө берели. Муну менен биздин ортобузду Аллах чечсин, деп ордуларынан туруп таркап кетишти.

Бул окуя тууралуу Аллахтын ушул аяты түштү:

ص وَالْقُرْآنِ ذِي الذِّكْرِ {ص/1} بَلِ الَّذِينَ كَفَرُوا فِي عِزَّةٍ وَشِقَاقٍ {ص/2} كَمْ أَهْلَكْنَا مِن قَبْلِهِم مِّن قَرْنٍ فَنَادَوْا وَلَاتَ حِينَ مَنَاصٍ {ص/3} وَعَجِبُوا أَن جَاءهُم مُّنذِرٌ مِّنْهُمْ وَقَالَ الْكَافِرُونَ هَذَا سَاحِرٌ كَذَّابٌ {ص/4} أَجَعَلَ الْآلِهَةَ إِلَهًا وَاحِدًا إِنَّ هَذَا لَشَيْءٌ عُجَابٌ {ص/5} وَانطَلَقَ الْمَلَأُ مِنْهُمْ أَنِ

امْشُوا وَاصْبِرُوا عَلَى آلِهَتِكُمْ إِنَّ هَذَا لَشَيْءٌ يُرَادُ {ص/6} مَا سَمِعْنَا بِهَذَا فِي الْمِلَّةِ الْآخِرَةِ إِنْ هَذَا إِلَّا اخْتِلَاقٌ {ص/7}

***“1. Сад. Даңазалуу Кураанга ант 2. Бирок, каапырлар (Кураанга каршы) текеберликте жана душманчылыкта. 3. Биз алардан мурун (Ыйык Китепке каршы болгон) муундардын арасынан көпчүлүгүн кыйратканбыз. Анан (баштарына азап келип калганда өкүрүп-бакырып) жалбарышкан. Бирок, эми кутулуунун убактысы эмес болчу. 4. Өздөрүнүн ичинен аларга эскертүүчү-пайгамбар келгенине (ишенбөөчүлүк менен) таңыркап, каапыр болгон адамдар: «Бул (Мухаммед) сыйкырчы-жалганчы! 5. Ал (биздин) көп кудайларды бир эле Кудай кылат бекен?! Бул өтө таң калычтуу нерсе!»- дешти. 6. Алардын чоңдору чыгып: «Жүргүлө (кеттик) өзүңөрдүн кудайларыңарга сабыр менен (бекем) тургула! Чынында, бул (жоругу менен анын бийликке жетүүсү) максат кылынган. 7. Биз мындайды акыркы элдерден (ата-бабаларыбыздан) уккан эмеспиз. Бул ойлоп табылган жорук”.*** (Сад, 1-7)

# *Кайгылуу жыл*

## *Абу Талиптин каза болуусу:*

Абу Талиптин ооруусу күчөгөндөн күчөп акыры бул дүйнө менен кош айтышты. Ал Пайгамбарлыктын онунчу жылы ражаб айында кысым көрсөтүү токтоп тоо боорунан чыкканына алты ай болгондон кийин каза болду. Башка риваятта рамазан айында Хадийча РА каза болоордон үч күн алдың каза болгондугу айтылган.

Мусайиптин риваятында ушундай келет: Абу Талип өлүм төшөгүнө жатып калган кезде Пайгамбарыбыз САВ анын алдына кирет, ошол кезде Абужахил Абу Талиптин жанында эле, Пайгамбарыбыз САВ: **Оо, агам! *“Лаа илааха иллаллаах”***

**Аллахтан башка кудай жок, деп айтсаң Аллахтын алдында сага күбө болуп берейин,** ошондо Абужахил менен Абдулла ибну Абу Умая: Оо, Абу Талип! Абдулмуталиптин дининен чыгып кетесиңби? Деп аны экөө жөн койгон жок, ошентип Абу Талиптин акыркы сөзү ушул болду: Абдулмуталиптин динидемин. Акыры Абу Талиптин да күнү бүтүп бул дүйнө менен кош айтышты. Ал көз жумгандан соң Пайгамбарыбыз САВ агасына: **Мен сен үчүн Аллахтан кечирим сураймын,** деп айтты, ошондо Аллахтан ушул аят түштү:

مَا كَانَ لِلنَّبِيِّ وَالَّذِينَ آمَنُواْ أَن يَسْتَغْفِرُواْ لِلْمُشْرِكِينَ وَلَوْ كَانُواْ أُوْلِي قُرْبَى مِن بَعْدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُمْ أَنَّهُمْ أَصْحَابُ الْجَحِيمِ {التوبة/113}

***"Пайгамбарга жана момундарга тозок ээлери экендиги билингенден кийин, эгер жакындары болсо да мушриктер үчүн (Аллахтан) кечирим сурoого болбойт".*** (Тауба, 113)

إِنَّكَ لَا تَهْدِي مَنْ أَحْبَبْتَ {القصص/56}

***"(Оо, Мухаммед!) Сен өзүң сүйгөн адамдарды Туура Жолго баштай албайсың".*** (Касас, 56)

Абу Талиптин Пайгамбарыбызга САВ карата болгон эбегейсиз зор кызматтарын айтпасак деле маалым, ал заалым инсандардан Пайгамбарыбызды САВ Исламга үгүттөө ишинде катуу коргоп келди, бирок Пайгамбарыбызга САВ болгон кызматы эбегейсиз болгону менен ата-бабаларынын дининен чыккан жок. Аббас ибну Абдулмуталип Пайгамбарыбыздан САВ агаң Абу Талип сени коргоп сен үчүн кыжыры келээр эле, ага кандай пайда бере алдың? Деп сурап калат, Пайгамбарыбыз САВ: **Ал тозоктун жеңил жеринде, мен болбогондо тозоктун эң астында болоор эле,** деп жооп берди.

Абу Саид Худрий Абу Талип жөнүндө Пайгамбарыбыздан САВ ушундай дегенин укту: **Кыямат күнү Абу Талипке (Аллахтын алдында) менин шапаатым**

**тийип калууну үмүт кылам, ал тозоктун эң жеңилинде болуп тозок оту анын томугуна чейин болоор.**

## *Хадийчанын РА каза болуусу:*

Абу Талип каза болгонуна эки ай өтпөй (башка риваятта үч күндөн кийин) Пайгамбарлыктын онунчу жылы рамазан айында алтымыш беш жашында момундардын энеси болгон Хадийча РА бул дүйнө менен кош айтышат. Ошол кезде Пайгамбарыбыздын САВ жашы элүүдө болгон.

Хадийча РА Пайгамбарыбыз САВ үчүн Аллахтын берген эң чоң бакыты эле, ал Пайгамбарыбыз САВ менен жыйырма беш жыл өмүр сүрүп кайгы-капачылыкта, эң оор абалдарда жолдошуна өтө чоң жөлөк болуп берди, Пайгамбарлык тапшырманы аткарууда да эбегейсиз жардам берип, ошол жолдун оош кыйыш машакаттуу кырдаалдарында жолдошу менен бирге болду, өз жанын жана байлыгын Ислам жолуна сарптоодо кашым кабагым дебей эч аябастан өмүрүнүн акырына чейин жолдошуна күч-кубат болду. Пайгамбарыбыз САВ сүйүктүү аялы Хадийча РА тууралуу мындай деп айткан: **Адамдар каапырчылык кылган кезде ал мага ыйман келтирди, мени адамдар калпычыга чыгарган кезде ал менин сөзүмө ишенди, мага адамдар тыйюу салган кезде ал өз байлыгына мени шерик кылды, балдарымды Аллах андан насип кылды.**

Абу Хурайранын РА риваятында ушундай дейт: Жебрейил periште Пайгамбарыбызга САВ келип мындай деди: *Оо, Аллахтын элчиси! Бул Хадийча, келе жатат, өзү менен кошо бир табак бар анда кайнатылган эт же тамак же суусундук бар, эгер ал сага келсе Раббисинен ага салам айт, анан сен үчүн Бейиште берметтен курулган бир үй бар, ал үйдө эч кандай катуу үндөр жана чарчап-чаалыгуу жок деп сүйүнүч кабарын ага айт.*

## *Кайгы-капа көбөйдү:*

Жогорудагы эки кайгылуу кейиштүү окуя аз күндөрдүн ичинде эле биринин артынан бири келди. Пайгамбарыбыздын САВ жүрөгүндөгү жарааты жана кайгы-капасы ого бетер көбөйүп анын артынан өз эли кордук зулумдук көрсөтүүнү күчөтө баштады, анткени Абу Талип каза болгондон соң мушриктер Пайгамбарга САВ болгон кордуктарын ого бетер күчөтүп кайгысына кайгы капасына капалык кошулуп акырында Курайш элинен үмүтүн үздү, үмүтү үзүлгөндөн соң Таиф жерине чыгып Исламга болгон үгүттөөсүн кабыл кылаар бекен, же болбосом өз элине карта алардан кандайдыр бир колдоо же жардам таап калуу үмүтүндө Таифке жөнөп кетти, тилекке каршы Таиф элинен эч кандай жакшылык да жардам да болбой тескерисинче өз эли көрсөтпөгөн кордукту көрсөттү.

Мекке эли Пайгамбарыбызга САВ азап кыйноолорду көрсөткөндөй эле анын сахабаларына да катуу азап кордуктарды көрсөтө баштады, акырында Пайгамбарыбыздын САВ жолдошу Абу Бакир Сыддык РА Мекке жеринен Эфиопияга көчүүнү каалап жолго чыкты, жолдо Баркал-Гимаад деген жерге жеткенде Ибну Дагина Абу Бакирди ошол жерден жолуктуруп калат да ага Меккеге кайтуусун талап кылып, аны Мекке элинен өзү коргой тургандыгын кепилдике алат.

Ибун Исхактын риваятында: Абу Талип тирүү кезинде кылбаган кордукту ал каза болгондон кийин Курайш эли Пайгамбарыбызга САВ күчөтө баштады, күндөрдүн биринде Курайштын кара мүртөз инсандарынан бири Пайгамбарыбыздын САВ башына турпакты чачып салат, ошондо Пайгамбарыбыз САВ башы турпак абалда үйгө кирет, үйдө олтурган Пайгамбарыбыздын САВ кыздарынан бирөөсү ыйлаган абалда атасынын башын жубат, Пайгамбарыбыз САВ кызына: **Ыйлаба кызым, атаңды Аллахтын өзү коргойт.**

Пайгамбарыбыз САВ башка сөзүндө ушундай деген: **Абу Талип тирүү кезинде Курайш эли мага анчалык кордук көрсөтө алган эмес, ал эми ал каза болгондон кийин гана мага болгон кордуктары күчөдү.**

Ушул сыяктуу кайгы-капа зордук-зомбулук ушул жылы күчөгөндүгүнө байланычтуу Пайгамбарыбыз САВ ушул жылды кайгылуу жыл деп атап койду, ошондуктан ушул наам менен тарыхта белгилүү болуп калды.

## *Пайгамбарыбыздын САВ Саудага РА үйлөнүүсү:*

Ушул эле пайгамбарлыктын онунчу жылы шаввал айында Пайгамбарыбыз САВ Сауда бинту Замьага үйлөнөт, Сауда РА алдыңкы Исламды кабыл кылган аялдардын бири болчу, анын мурунку жолдошу Сакран ибну Амру да мусулман болчу, мусулмандардын Эфиопияга экинчи жолку көчүүсүндө ал экөө да ошол жака көчүп кетет, бирок тагдырга жазгандай ошол жактабы же Меккеге кайра келгендеби Сауданын РА жолдошу Сакран каза болуп калат, жолдошу каза болгондон кийин иддаты бүткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ Саудага РА жуучу түшүп, аны менен баш кошот, Пайгамбарыбыз САВ Хадийча РА каза болгондон кийин эң алгач Саудага РА үйлөнгөн, ошентип арадан бир нече жылдар өткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ Айшага РА үйлөнгөн.

# *Сабырдуулуктун бекемдүүлүктүн себептери*

Бул жерде кандай гана инсан болбосун мусулмандардын сабырдуулугуна таӊ калса керек, акылдуу инсандар да өз ара бири биринен сурап: Кайсыл себептердин натыйжасында мусулмандар ушул деӊгээлде бекем турушту экен? Уккан кулактын денесин дүркүрөтүп жүрөгүн коркуткан ушунчалык катуу кордуктарга, азап-кыйноолорго алар кандай кылып сабыр кылды? Ушул сыяктуу таӊ калыштуу суроолорго жооп берүү үчүн, мунун баарына себеп болгон нерселерди кыскача түшүндүрүп өтөлү:

1- Мунун эӊ башкы негизги себеби биринчиден жалгыз Аллах Таалага болгон ыймандын күчтүүлүгү Аллахтын бар экендигин билип ага гана ишенүү болуп саналат, чыныгы бекем ыймандуулук жүрөктүн так ортосунда болсо анда ал тоодой нерсени да көтөрө билет, ушундай бекем, айкындуу жана күчтүү ыйманды көтөрүп жүргөн инсандын алдында бул дүйнөнүн канчалык оор кырдаалы, азап-тозогу жана кордугу келсе да аны селдин үстүндө агып барткан көк чөптөй көрөт, эгер ошол сел бекем жана күчтүү чепти карай аны талкалаганы келатса да андай кырдаал ага эч кандай таасир бере албайт, анткени ал инсанда ыймандын ырахаты таттуулугу жана жүрөгүндө Аллахка болгон чыныгы якин бар:

فَأَمَّا الزَّبَدُ فَيَذْهَبُ جُفَاء وَأَمَّا مَا يَنفَعُ النَّاسَ فَيَمْكُثُ فِي الأَرْضِ {الرعد/17}

***“Ал эми (сел) көбүгү кургап-кургап жок болот. Адамдарга пайдалуу (асыл) нерселер болсо жер бетинде калат”.*** (Раьд, 17)

Ушул бирден бир болгон эӊ негизги себептен сабырдуулукту жана бекемдүүлүктү күчөтө турган башка себептер пайда болот, алар:

2- Жүрөктөрдү сүйдүрүп өзүнө тарта билген башкаруу, бул жаатта Пайгамбарыбыз САВ Ислам үммөтүнө эң үлгүлүү жогорку даражадагы башкаруучу жетекчи болгон, балким жалпы адамзатына болгон десек жаңылышпайбыз, анткени Пайгамбарыбыз САВ эң кемелдүү даражада адеп-аклактуу, кулк-мүнөздүү, жүрүм туруму эң жакшы сыпаттуу боорукер, ырайымдуу жана мээримдүү болуп жүрөктөрдү өзүнө тарта билген, аны көргөндө көңүлдөр кубанычка батып жок болсо кайгыга баткан, ал ушундай толук кемелдүү сыпаттарды өзүнө алгандыгы үчүн адамзаттын ичинде андай кемелдүү инсан болгон эмес, адеп-аклакта, кадыр-баркта, тууралыкта, кайрымдуулукта жана пазилеттүүлүктө баарынын туу чокусу эле. Ал эң кечиримдүү, ишенимдүү, ак ниет, чынчыл жана башка бардык жакшы сыпаттар менен эл арасында өзгөчөлөнүп турган, анын ушундай сыпаттагы инсан экендигне аны сүйүп артынан ээрчиген инсандардан башка душмандары да ишенишчү, оозунан кандай гана сөз чыкпасын баары чын жана акыйкат болгон.

Күндөрдүн биринде Курайштын үч кишиси чогулуп калат, анткени булар жалгыз жалгыз башкаларга билдирбей Куранды жашыруун угушкан эле, бирок булардын Куранды уккандыгы бири бирине билинип калып, үчөө чогулуп бири биринен сурап калат, бул үчөөнүн бири Абужахил болчу, ошондуктан андан берки шериги Мухаммедден уккан сөз (Куран) тууралуу эмне дейсиң? деп сурап калат, Абужахил: Эмне уктуң? Биз менен Абдуманнап уруусу ким кадыр-барктуураак экендиги жөнүндө талашып кеттик, алар да биз да ажыларга тамак-аш бердик. Алар да биз да келген оорчулукту көтөрдүк, алар да биз да жардам бердик, ошентип бардык нерседе бирдей болгондон кийин алар бизге: Бизден Пайгамбар чыкты ага асмандан (Аллахтан) вахий кабары келет деп айтышты. Муну биз качан тан алдык эле? Аллахка ант болсун анын Пайгамбар экендигине эч качан ыйман келтирбейбиз жана ишенбейбиз.

Абужахил Пайгамбарыбызга САВ ушундай деп айтаар эле: Оо, Мухаммед! Биз сенин сөзүңдү калп дебейбиз, бирок алып келеген кабарың (Пайгамбар экендигиң) калп деп билебиз, ошондо Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

فَإِنَّهُمْ لاَ يُكَذِّبُونَكَ وَلَكِنَّ الظَّالِمِينَ بِآيَاتِ اللّهِ يَجْحَدُونَ {الأنعام/33}

***"Чындыгында алар сени жалганчы деп билишпет. Бирок заалымдар Аллахтын аяттарын жокко чыгарышат".*** (Аньам, 33)

Пайгамбарыбыз САВ саждада турган абалда мушриктер башына төөнүн ичеги карынын таштап салат. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ аларга дуба кыла баштаганда алардын күлкүсү токтоп кыжаалат боло баштайт да эми кыйрап жок боло тургандарына көздөрү жетет.

Пайгамбарыбыз САВ Утайба ибну Абулахабка дуба кылган, ошондо Утайба Пайгамбарыбыздын САВ кылган дубасына сөссүз жолугаарын билген, акыры ал Шам жеринде арыстанды көргөн кезде: Аллахка ант, Мухаммед Меккеде туруп мени өлтүрдүго, деп айтты.

Ал эми Убай ибну Халаф Пайгамбарыбызды САВ өлтүрөм деп коркутаар эле, бирок Пайгамбарыбыз САВ Убайга: **Жок мен сени өлтүрөм Кудай буюрса көрөсүң,** деп айткан, кийинчерээк Ухуд согушу болгондо Пайгамбарыбыз САВ Убайдын мойнун найза менен анча чоң эмес кылып сайып койот, ошондо Убай кан жалап айтты: Мухаммед Меккеде экенинде мага айткан эле мен сени өлтүрөм деп, Аллахка ант, эми ал мага бир түкүрсө да өлүп калам. Бул окуя тууралуу өз ордунда айтып өтөбүз.

Саьд ибну Муаз Меккеде жүргөн кезинде Умая ибну Халафка мындай деди: Мен Пайгамбарыбыздын САВ ушундай дегенин эшиттим: Мусулмандар сени (Умаяны) өлтүрүшөт, ошол кезде Умая аябай катуу коркуп кетет да Меккеден чыкпоого убада берет, бирок Бадр согушу болгон кезде Абужахил Умаяны согушка чыгууга мажбурлайт. Ошондо

Умая Меккедеги эң күчтүү төөнү сатып алат, анткени эгер бир нерсе болсо качып кетүү үчүн ушул ишти жасайт, аялы Умаяга: Оо, Умая! Сага Ясриптик тууганың эмне деп айтканын унутуп калдыңбы? Умая: Жок, эч унутпадым, булар менен жакын эле жерге чыгып кайтып келем.

Пайгамбарыбыздын САВ душмандарынын акыбалы ушундай болгон, ал эми анын сахабалары болсо Пайгамбарыбызды САВ чын жүрөктөн сүйүп, алар үчүн Аллахтын элчиси көзүнүн кареги жана денесиндеги жүрөк болчу, сахабалардын Пайгамбарына САВ болгон чыныгы сүйүүсү ылдый карай аккан тунук суудай болуп турган, Пайгамбарга САВ болгон сүйүү жүрөктөн чыккыс болуп өзүнө тартып турчу.

Ушундай чыныгы сүйүүдөн улам сахабалар Пайгамбары САВ үчүн өз жандарын берүүгө даяр эле, жада калса анын бир тырмагы да сынып калуусун же ага кичинекей тикен кирүүнү да каалашчу эмес.

Абу Бакир ибну Абу Кухаафа РА күндөрдүн биринде Меккеде Пайгамбарды САВ коргоп катуу таяк жейт, ага Утба ибну Рабия асылып колуна катуу бут кийимин алып аны бети менен мурду билинбей калгыдай кылып аябай катуу сабап салат, ошентип Абу Бакир РА бети башы канга бойолуп, ичине чейин кан агып, анын Тамим уруусу аны кийимге салып көтөрүп үйүнө алып кирип, эми өлүп калса керек деп ойлошот, ошол күнү күн кечтеп калганда өзүнө келип сүйлөйп: Пайгамбарыбызды САВ эмне кылышты? деп сурап калат. Ошондо жанындагылар Абу Бакирди РА жемелеп тилдеп ордуларынан туруп жөнөп кетишет, чыгып баратышып Абу Бакирдин РА апасы Уммул-хайрга: Буга тамак же суу берип коюңуз, ошентип апасы экөө калган кезде Абу Бакир РА апасынын жанын койбой: Пайгамбарыбызды САВ эмне кылышты? Деп сурай бергенде, апасы: Жолдошуңдун эмне болгондугун чындап билбеймин, Абу Бакир апасына: Анда Умму Жамил бинту Хаттабка барып ошондон сурап келиң,

апасы үйдөн чыгып Умму Жамилге келип сурайт: Абу Бакир Мухаммедге эмне болду деп сенден сураганы мени жөнөттү, Умму Жамил: Абу Бакирди да Мухаммедди да билбеймин, эгер кааласаң сени менен чогуу балаңдын алдына барайын, Уммул-хайр: Анда жүр деп аны Абу Бакирдин жанына ээрчитип келет, Абу Бакирдин оор абалда жарадар болуп төшөктө жатканын көргөн Умму Жамил катуу бакырып: Бузукулар каапырлар сени ушул даражага жеткиздиби, бул кылгандарына Аллах аларды өзү жазаласын, Абу Бакир кайрадан: Пайгамбарыбызды САВ эмне кылышты? Умму Жамил: Апаң угуп калат да, Абу Бакир: Апамдан эч кам санабай эле кой, айта бер: Умму Жамил: Пайгамбарыбызга САВ эч нерсе болгон жок соп соо эле, Абу Бакир: Анда ал каякта? Умму Жамил: Ибнул-Аркамдын үйүндө, Абу Бакир: Аллахка касам болсун, Пайгамбарыбызды САВ өз көзүм менен барып көрүп келмейин тамак да суу да ичпеймин, ошондо экөө Абу Бакирди кеч кирип элдер тынганча койо тур деп тынчтандырышты, кеч кирип элдер уктаган кезде Абу Бакир ал экөөнө жөлөнгөн абалда Пайгамбарыбыздын САВ алдына барды.

Сахабалардын Пайгамбарына САВ болгон чыныгы сүйүүсүн алдыдагы темаларда дагы кененирээк кылып айтып өтөбүз, өзгөчө Ухуд согушундагы болгон окуяда, Хубайб жана башка сахабалардын көрсөткөн эрдиги туурасында баян кылабыз.

3- Жоопкерчиликти сезүү: Бүткүл адам заттын алдында сахабалар өз мюндарында динди жеткирүү аманты тууралуу чоң жоопкерчилик бар экендигин сезишчү, бул жоопкерчиликтен эч качып кутулууга болбойт, эгер андан качып кутулабыз дешсе анда өздөрүнө болуп жаткан кордуктардан да чоңураак жаза бар экендигин жакшы түшүнөөр эле, ошондуткан өзөдүрөнө болуп жаткан зордук зомбулуктар чыныгы жазанын алдында эч нерсе эмес экендигин жакшы түшүнүшчү.

4- Акыретке болгон ыймандуулук: Акыретке болгон ыймандуулук сахабалардын жоопкерчилигин ого бетер күчөйттү, анткени кыяматта Аллахтын алдына бараарын эң жакшы билишчү, ошондо бул дүйнөдө жасаган чоң кичине амалдарынын баарына Аллахтын алдында эсеп-кытап кылынып же түбөлүп жыргал Бейишке, же болбосом түбөлүк тозок азабына кетүү деген бар экендигин эң жакшы түшүнөөр эле, бул дүйнөдөгү жашоо турмуштарын Аллахтын каарынан коркуп жакшылыгынан үмүт кылып ошол жакшылыкты гана сурап жашашчу:

وَالَّذِينَ يُؤْتُونَ مَا آتَوا وَّقُلُوبُهُمْ وَجِلَةٌ أَنَّهُمْ إِلَى رَبِّهِمْ رَاجِعُونَ {المؤمنون/60}

***“Алар берилүүгө тийишин беришчү. Раббисинен чын жүрөктөн коркуп, анын алдына бараарын билишчү”.*** (Муьминуун, 60)

Бул дүйнөнүн азабы да жыргалы да акыреттин алдында чиркейдин канатычалык эмес экенин эң жакшы түшүнүп билишкен, сахабалардын ушул сыяктуу бекем ыймандары жана түшүнүктөрү бул дүйнөнүн бардык машаккат кыйынчылыгын жеңилдетип, дүйнөгө болгон кызыгууну таштап, жада калса ага көңүл деле бурушкан эмес.

5- Куран: Ушундай коркунучтуу караңгылык доор күчөп турган кезде Аллах тарабынан сүрөлөр жана аяттар түшө баштады, ал сүрө аяттарда ошол кездеги болуп жаткан үгүткө жана кырдаалга байланычтуу сөздөр түшүп, мусулмандарды Аллахтын кудуретине ишенүү, ааламдагы адам затын туура жолго баштоочу жаңы коом даяр болуп жаткандыгын түшүндүргөн, ал коом Ислам коому экендигин жана мусулмандарды сабырдуулук бакубаттуулук бекемдүүлүкө чакырып, сабырдуулук тууралуу мисалдарды келтирген аяттар баян кылынып жатты:

أَمْ حَسِبْتُمْ أَن تَدْخُلُواْ الْجَنَّةَ وَلَمَّا يَأْتِكُم مَّثَلُ الَّذِينَ خَلَوْاْ مِن قَبْلِكُم مَّسَّتْهُمُ الْبَأْسَاء وَالضَّرَّاء وَزُلْزِلُواْ حَتَّى يَقُولَ الرَّسُولُ وَالَّذِينَ آمَنُواْ مَعَهُ مَتَى نَصْرُ اللّهِ أَلا إِنَّ نَصْرَ اللّهِ قَرِيبٌ {البقرة/214}

***"(О, момундар!) Силерге мурунку элдердин (машакаты жөнүндөгү) мисалдары келбей туруп, Бейишке киребиз деп ойлодуңарбы. Аларга жакырлык, ар түрдүү ооруулар жеткен жана коош-коркунучтарга кабылтылган. Жадагалса, пайгамбар(дын өзү) жана аны менен бирге болгон ыймандуу адамдар: "Аллаһтын жардамы качан келээр экен!" деп какшап жиберишкен. Уккула, Аллаһтын жардамы жакын!".*** (Бакара, 214)

الم {العنكبوت/1} أَحَسِبَ النَّاسُ أَن يُتْرَكُوا أَن يَقُولُوا آمَنَّا وَهُمْ لَا يُفْتَنُونَ {العنكبوت/2} وَلَقَدْ فَتَنَّا الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ فَلَيَعْلَمَنَّ اللَّهُ الَّذِينَ صَدَقُوا وَلَيَعْلَمَنَّ الْكَاذِبِينَ {العنكبوت/3}

***"1. Алиф. Лам. Мим. 2. Адамдар «ыйман келтирдик» деп айтса эле, (ар түрдүү машакаттар менен) сыналбай калабыз деп ойлошобу? 3. Чынында Биз алардан мурункуларды да (чоң машакаттар менен) сынагaнбыз. Натыйжада Аллаһ («ыймандуубуз» деген сөздөрүндө) чынчыл болгондорду да билип алат, жалганчыларды да билип алат".***(Анкабут, 1, 2, 3)

Ошондой эле бул аяттар адашкан каапыр коомдордун туура эмес каалоо талаптарына түшүнүктүү жана жетээрлик деңгээлде жооп кайтарып аларга башка жол жок экендигин билдирди. Андан соң эгер алар ошол адашкан жолду таштабай ошондо бекем турушуп алган болсо анда анын акыбети өтө жаман болоорун баса белгилеп, ал тууралуу тарыхтагы мурунку өткөн Аллахтын мыйзамы бар экендигин далил катары көрсөтүп ал далилде туура жолдо жүргөн жана ал жолго душмандык кылган коомдорду мисал келтирип жатты. Ошондуктан оо, адашкан жолдо жүргөндөр! Силер да туура жолго түшкүлө деп аларды адашкан жолдон хидаят-туура

жолго кайтаруу максатында түшүнүк бере турган аяттар түшүрүлдү.

Жана ошондой эле Куран мусулмандарды башка бир аалам тууралуу түшүнүк берип, ал ааламада бул жаратылыштын кандай гана кооз болуп жаралгандыгын, ал жаратылышта кудуреттүү Кудайдын ушунчалык сулуулуктары бар, кемчиликсиз кемелдүүлүк бар, ырайымдуулуктун белгилери бар, дагы башка өтө көптөгөн нээмат-жакшылыктар бар экендигин билдирген аяттар түштү, ошол эле аяттардын мазмунунда мусулмандарды Раббисинин мээримине жана ыраазычылыгына чакырып аркы дүйнөдө түбөлүк Бейиш жыргалчылыгы бар экендигин айтып, заалымдар жана дин душмандар акыретте ушундай катуу азапка кабылаарын, тозок отуна аларды жүздөрү менен сүйрөп ыргытылаарын көз алдыңарга элестеткиле деп мусулмандарга билдирди.

6- Жеңишке жетүү тууралуу кубанычтуу кабарлар: Мусулмандар алгачкы куугунтук кордуктар башталгандан бери эле – андан да алдың – Исламды кабыл алуу бул баштарына мусийбаттарды кордуктарды алып келүү эмес экендигин түшүнүшкөн болчу, балким Исламдын максаты бул алгачкы күндөн тартып эле караңгылык, зулумдук, адилетсиздикти жоюу, ошондой эле анын эң алгачкы максаты бүткүл жер жүзүндөгү жашаган адам затына хидаят-туура жолду үйрөтүп адилеттүүлүктү орноштуруп пенделерди пендеге сыйынуудан арылтып жалгыз Аллахка сыйынууну үйрөтүү болгон.

Ошого байланычтуу Куранда мусулмандардын жеңишке жетүүсү тууралуу түз жана кыйыр мааниде аяттар түшө баштады, ошол кезде мусулмандардын абалдары аябай оорлошуп, жер жүзү алар үчүн тар болуп, кекиртеке чейин муунтуп, жашоо турмуштарына катуу коркуныч туудуруп турган убакта аларга мурунку өткөн Пайгамбарларды өз коомдору жалганчыга чыгарып, алып келген туура жолду кабыл кылбай каапыр болгондугу тууралуу аяттар түшө

баштады, аяттардагы чагылдырган окуялар ошол кездеги Меккеде жашап жаткан мусулмандар менен мушриктердин ортосунда болуп жаткан абалга да туура келет болчу, а бирок иштин соңунда заалым каапыр коомдор жок болуп аягында Аллахтын чыныгы пенделери жер жүзүн башкарып калаарын ачыктаган аяттар түштү. Ошондуктан эскерилген ушул кыссалар келечекте Мекке мушриктери жеңилип Ислам жолу менен мусулмандар жеңээрине ишаарат берди.

Абал оорлошуп курчуп турган кезде момун мусулмандардын жеңишке жетээрин сүйүндүрүп кабарлаган аяттар түштү:

وَلَقَدْ سَبَقَتْ كَلِمَتُنَا لِعِبَادِنَا الْمُرْسَلِينَ {الصافات/171} إِنَّهُمْ لَهُمُ الْمَنصُورُونَ {الصافات/172} وَإِنَّ جُندَنَا لَهُمُ الْغَالِبُونَ {الصافات/173} فَتَوَلَّ عَنْهُمْ حَتَّى حِينٍ {الصافات/174} وَأَبْصِرْهُمْ فَسَوْفَ يُبْصِرُونَ {الصافات/175} أَفَبِعَذَابِنَا يَسْتَعْجِلُونَ {الصافات/176} فَإِذَا نَزَلَ بِسَاحَتِهِمْ فَسَاء صَبَاحُ الْمُنذَرِينَ {الصافات/177}

***“171. Элчи-пайгамбар кылып жиберилген пенделерибиз үчүн (Тагдыр Китебинде төмөндөгүчө) сөзүбүз жазылган: 172. «Чынында алар гана жардам берилген адамдар! 173. Чынында Биздин аскерибиз гана жеңүүчүлөр!» 174. Сен алардан (мушриктерден) белгилүү убакытка чейин жүзүңдү бур! 175. Жана алардыⁿ акыбетин) карап тур! Өздөрү да тез эле көрүп калышат! 176. Алар Биздин азабыбызды шаштырып жатышабы?! 177. Эгер азап алардын турак-жайларына түшчү болсо, эскертилген адамдардын таңдары жаман (караңгы) болуп калат!”.*** (Сааффат, 171-177)

سَيُهْزَمُ الْجَمْعُ وَيُوَلُّونَ الدُّبُرَ {القمر/45}

***“Алардын тобу кыйроого учурайт жана артын көздөй качышат”.*** (Камар, 45)

جُندٌ مَّا هُنَالِكَ مَهْزُومٌ مِّنَ الْأَحْزَابِ {ص/11}

***“Алар ал жер, бул жердеги (уюгушкан) топтордон турган жеңилген аскерлер”.*** (Сад, 11)

Эфиопияга көчкөн мусулмандар тууралуу да аят түштү:

وَالَّذِينَ هَاجَرُواْ فِي اللّهِ مِن بَعْدِ مَا ظُلِمُواْ لَنُبَوِّئَنَّهُمْ فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَلَأَجْرُ الآخِرَةِ أَكْبَرُ لَوْ كَانُواْ يَعْلَمُونَ {النحل/41}

***“(Мекке мушриктери тарабынан) зулумга дуушар кылынган соң, Аллаһтын жолунда хижрат кылган адамдарга (ушул эле) дүйнөдө жакшылык даярдап койобуз. Бирок, эгер билишсе, Акырет сыйлыгы чоңураак”.*** (Нахл, 41)

Юсуф пайгамбар тууралуу сурашты эле Аллах Таала ал тууралуу да аят түшүрдү:

لَّقَدْ كَانَ فِي يُوسُفَ وَإِخْوَتِهِ آيَاتٌ لِّلسَّائِلِينَ {يوسف/7}

***“Акыйкатта, Юсуф менен анын бир туугандарында (алар жөнүндөгү икаяда) сурагандар үчүн үлгү-сабактар бар”.*** (Юсуф, 7)

Мындайча айтканда Мекке мушриктери Юсуф пайгамбардын бир туугандары сыяктуу акыры жеңилүүгө учурап алар сыяктуу моюн сунушат. Пайгамбарлар жөнүндө дагы мындай деген:

وَقَالَ الَّذِينَ كَفَرُواْ لِرُسُلِهِمْ لَنُخْرِجَنَّكُم مِّنْ أَرْضِنَآ أَوْ لَتَعُودُنَّ فِي مِلَّتِنَا فَأَوْحَى إِلَيْهِمْ رَبُّهُمْ لَنُهْلِكَنَّ الظَّالِمِينَ {إبراهيم/13} وَلَنُسْكِنَنَّكُمُ الأَرْضَ مِن بَعْدِهِمْ ذَلِكَ لِمَنْ خَافَ مَقَامِي وَخَافَ وَعِيدِ {إبراهيم/14}

***“13. Каапыр болгондор пайгамбарларына: "Силерди жерибизден чыгарып жиберебиз, же болбосо, (ата-бабадан калган, эски) динибизге кайтасыңар! (Экөөнөн бирин тандагыла)"- дешти. Андан соң, Раббиси пайгамбарларга: "Биз сөзсүз заалымдарды (каапырларды) жок кылабыз 14. жана алардан кийин (мурас калган) жерге силерди жашатып койобуз! Бул (убада Кыяматта) Биздин алдыбызда (эсеп берип) туруудан жана (күнөөлүүлөргө***

***арнаган) убадаларымдан корккон адамдар үчүн» деп вахий (кабар) кылды”.*** (Ибрахим, 13, 14)

Перстер менен Византиялыктардын ортосунда согуш болуп жаткан кезде, мушриктер перстердин жеңүүсүн каалайт эле, анткени перстер да мушрик болгондугу үчүн, ал эми мусулмандар Византиялыктардын жеңүүсүн каалайт эле, анткени Византиялыктар Аллахка анын пайгамбарларына, вахий кабарына, Аллахтан түшкөн китептерге жана акырет күнүнө ыйман келтиргени үчүн, ошондо перстер жеңген болчу, бирок Аллах Таала Византиялыктар үч менен тогуз жыл аралыгында перстерди жеңет деген сүйүнүч кабарын түшүрүп, ал кабар менен эле токтоп калбастан момун мусулмандарды Аллах Таала жеңиңшке жеткирээрин да сүйүнүч кабар кылып түшүрдү:

فِي بِضْعِ سِنِينَ لِلَّهِ الْأَمْرُ مِن قَبْلُ وَمِن بَعْدُ وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ {الروم/4} بِنَصْرِ اللَّهِ يَنصُرُ مَن يَشَاء وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ {الروم/5}

***“4. Бир нече жылдарда (үчтөн тогузга чейинки жылдар аралыгында Византиялыктар жеңишке жетет). Мындан мурун да, кийин да иш Аллаһтын колунда. Ошол (Византия жеңген) күндө момундар сүйүнүп калышат. 5. Аллаһ Өзүнүн жардамы менен каалаган пенделерине жеңиш берет. Ал Кудуреттүү, Ырайымдуу”.*** (Рум, 4, 5)

Пайгамбарыбыз САВ өзү да анча мынча жеңиш тууралуу сүйүнүч кабарларын айтып турган. Ошол кездеги ажылык мезгили келгенде Укказ, Мажанна жана Зул-мажаз аттуу базарларда Пайгамбарыбыз САВ элдерди үгүттөөдө аларга Бейиш жөнүндө эле сүйүнүч кабарларды айтпастан толук ишеним менен ушул сөздөрдү да айтчу: **Оо, инсандар! Аллахтан башка кудай жок деп айтсаңар жеңишке жетесиңер, ошондо араптар баш ийип башка улуттар да кол астыңарда болот, эгер акыретке барсаңар да Беийште эң жогорку даражада болосуңар.**

Алдыңкы темаларда Утба ибну Рабиь дүйнө байлыгын сунуш кылып теңдештирүү тууралуу сунуштарды айтканда Пайгамбарыбыздын САВ жообу кандай болгондугу туурасында айтып өткөнбүз.

Жана ошондой эле мушриктердин акыркы жолу Абу Талиптин алдына келип сунуштарын айтканда Пайгамбарыбыз САВ аларга бир сөздү айтсаңар араптар да башкалар да баш ийээрин билдиргендиги жөнүндө кабарлаганбыз.

Хаббаб ибну Арат айтат: Пайгамбарыбыздын САВ алдына келдим, ошондо ал башына чепкенин коюп Каабанын көлөкөсүндө жаткан экен, ошол кезде биз мушриктерден аябай катуу кордук көргөн элек, Пайгамбарыбызга САВ мындай дедим: "Биз үчүн Аллахка дуба кылбайспы?" Ошондо Пайгамбарыбыз САВ олтурду да жүзү кызарган абалда мындай деди: **"Силерден алдыңкы келген коомдорду темир аралар менен этин сөөгүнөн ажыратып салаар эле, ошончолук болсо да алар өз управления дининде бекем турушкан, бул ишти (Исламды) Аллах сөзсүз ушунчалык деңгээлге жеткизет, эгер бир жолоочу Саньаадан Хазарамаутка чейин жолго чыкса ал Аллахтан башка эч нерседен коркпой кетет"** башка риваяттарда ушундай деген: **"кой карышкырдан башка эч нерседен коркпойт, бирок силер шашып жатасыңар".**

Пайгамбарыбыздын САВ бул айткан сөздөрү жашыруун эмес эле, эл арасында да кеңири тарап, бул сөздөрдү мусулмандар билгендей эле мушриктер да билишкен, ошондуктан Асвад ибну Муталиб менен жолдоштору сахабаларды көргөн кезде аларды мыскылдап бири бирине карап: Оо карагыла жер жүзүнүн падышалары келатат, Кисра менен Кайсардын падышалыгын жеңип алышат имиш, деп аларга карап ышкырып кол чаап мыскылдашаар эле.

Сахабалар ушул сыяктуу бул дүйнөдөгү келечек тууралуу айтылынган сүйүнүч кабарларга толук ишенип жана акыреттеги Бейишке жетүүнү үмүт кылып, баштарына келген

бул мусийбаттарды, азап кыйноолорду, ар тараптан курчап турган зордук-зомбулуктарды жайкы жамгырдын жаап андан соң күн чайыттай ачылып кетишиндей көрүшчү.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ мусулмандардын руханий байлыктарын ыйман суусу менен суугарып, акыл-эстерин даанышмандык жана Куран менен азыктандырып, терең маанидеги таалим-тарбияны берип, ошол таалим аркылуу эң бийик даражага көтөрүлүп, жүрөктөрү тазарып, адеп-аклактары оңолуп, дүйнө парастыктан кутулуп, напси балээнин жамандыгына каршы чыгып, асмандардын жана жердин ээси болгон кудуреттүү Кудай Тааланын ыраазычылыгына жетүүнү жана ар кандай кордуктарга сабыр кылууну үйрөттү. Мына ушундай зор мээнеттердин натыйжасында мусулмандардын дини ого бетер бекемделип, напси жамандыгынан кутулуп, Аллахтын ыраазылыгына чуркап, Бейишке ашык болуп, илим-билимге катуу аракеттерди жасап, дин илимин жакшы үйрөнүп, өз напсилерин эсеп-кытап кылып, талаш-тартыштан узак болуп, өзүмчүлдүктөрүн жоюп, өз кыжырларын кармана билип, сабырдуулукту, тынчтуулукту жана олуттуулукту үйрөнүштү.

# *Үчүнчү этап*
# *Меккенин сыртына болгон үгүт*

## *Пайгамбарыбыз САВ Таифте:*

Пайгамбарлыктын онунчу жылы шаввал айында (май айынын акыр чендеринде же болбосом июнь айынын баштарында 619 жылы) Пайгамбарыбыз САВ Таиф жергесине чыкты, Таиф Меккеден алтымыш чакырымдай узактыкта жайгашкан, ал жака Пайгамбарыбыз САВ барганда да келгенде да жөө барып келди, өзү менен кошо кызматчысы Зейт ибну Харисаны шерик кылып алган болчу, жолдо баратып кайсыл уруудан өтпөсүн баарын Исламга үгүттөп чакырып жатты. Тилеке каршы алардын бирөөсү да Исламды кабыл алган жок, Таиф жерине жеткенден соң Пайгамбарыбыз САВ Сакафий уруусунун башчылары болгон үч бир туугандарды Исламга үгүттөдү, алар Абдуялийл, Масьуд жана Хабиб Амру ибну Умайр ас-Сакафийдин уулдары, тилеке каршы алардан жакшы жооп болгон жок. Бирөөсү Каабанын жапкычын жыртып мындай деди: Эгер Аллах сени жөнөтсө мен эмне кылайын, ал эми экинчиси: Аллах сенден башка адамды таппай калыптырбы, үчүнчүсү болсо: Аллахка ант, сени менен эч сүйлөшпөймүн, эгерде сен пайгамбар болсоң анда сага жооп кайтаруу өтө коркунучтуу. Ал эми Аллахка калпычы болсоң анда сени менен эч сүйлөшпөө керек, деген жооптор болгондон соң Пайгамбарыбыз САВ аларга: **Эмне кылсаңар да мен тууралуу жашыргыла,** деп алардын алдынан туруп кетти.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Таиф элин аралап он күн жүрдү, алардын башчыларынын баарын Исламга чакырды, тилекке каршы Таифтин башчылары Пайгамбарыбызга САВ: Биздин жерибизден чыгып кет, деп текебердигин көрсөтүштү, Пайгамбарыбыз САВ Таифтен чыгып баратканда артынан эң

начар адамдары жана кулдары Пайгамбарыбызды САВ кууп аны тилдешип, сөгүп-сагып жатты, жанагы кууган адамдар чогулуп эки катар болуп туруп алышты да Пайгамбарыбызды САВ таштар менен уруп жаман сөздөрдү айтып эки согончогун да канатып бут кийимине чейин канга бойошту, ал эми Зейт ибну Хариса болсо болгон күчү менен Пайгамбарыбызды САВ таштардан тосуп өзүнүн башы да канга бойолду, ошентип таштар менен ташбараң кылып олтуруп акырында Пайгамбарыбыз САВ Таифтен үч чакырым узактыкта жайгашкан Рабиянын эки уулу Утба жана Шейбага караштуу бир дубалга өз жандарын куткаруу үчүн жашынып калышты, ошол жерге жашынып калганда гана адамдар ургандарын токтотуп артка кайтып кетишти, Пайгамбарыбыз САВ бир жүзүм дарагына көлөкөлөп дубалга сөйөнүп олтуруп, бир аз өзүнө келип эс ала түшкөндөн соң өзүнө болгон кордуктарга жана жасаган үгүт ишине эч ким жооп бербей бир инсан да Исламга кирбегенине жүрөгү өтө кайгы-капага толуп өкүнүп белгилүү болгон ушул дубаны кылды:

**“Аллахым! Күчүмдүн алсыздыгын, эбимдин жоктугун, инсандардын кемсинткендигин сага гана арызданам, оо, ырайымдуулардын Ырайымдуусу! Сен алсыздардын Раббисисиң, Сен менин да Раббимсиң, мени кимге таштап койдуң? Каардуулардын арасынабы? Же болбосо менин үстүмдөн үстөмдүк кыла турган душмангабы? Эгер Сенин мага каарың болбосо, (душмандар) эмне кылса ошол кылсын, бирок Сенин кечиримиң мен үчүн эң кенен, караңгыны жарык кылган Сенин нуруң менен жардам сураймын каар газабың мага түшө электе дүйнө жана акыретимди оңдо, сен ыраазы болгончо ыраазылыгыңды тапканы аракет кыла берем, Сенден башка бул ааламда эч кандай күч кудурет жок”.**

Утба менен Шейба Пайгамбарыбызды САВ көрүп боору ооруй түштү да хрестян growdininde болгон Аддас аттуу бир кызматчысын Пайгамбарыбызга САВ жиберип: Бул жүзүмдөн

бир аз үзгүн да тиги кишиге алып барып бер деп айтышты, Аддас жүзүмдү алып барып Пайгамбарыбызга САВ сунду, Пайгамбарыбыз САВ: **Бисмиллаа (Аллахтын ысымы менен)** деп айтып жүзүмгө колун сунуп жей баштады.

Мындай сөздү укпаган Аддас таң калган абалда Пайгамбарыбыздан САВ сурады: Мындай сөздү бул жердин адамдары айтпайт элего? Пайгамбарыбыз САВ Аддаска: Сен кайсыл жердиксиң? Кайсыл динденсиң? Аддас: Мен хрестянмын, Нийнава деген жерден болом, Пайгамбарыбыз САВ: Саалих-такыба киши болгон Юнус ибну Маттанын жеринен экенсиң, Аддас: Сиз Юнус ибну Маттаны кайдан билесиз? Деп таңыркап сурап калды, Пайгамбарыбыз САВ: Ал менин бир тууганым, ал да Пайгамбар болгон мен да Пайгамбармын, деп жооп берди. Ошондо Аддас ордунан секирип тура калды да Пайгамбарыбыздын САВ башы колдорун буттарын өпкүлөп кирди.

Бул абалды көргөн Утба менен Шейба бири бирине карап: Бул кызматчыңды бузуп салды, деп айтышты, ал эми Аддас алардын жанына кайтып келгенде ал экөө Аддаска: Сага эмне болду, бул эмне кылганың? Аддас: Оо, кожоюнум! Жер жүзүндө бул кишиден өтөөр жакшы киши жок, ал мага Пайгамбар гана билген сөздү айтты, Утба менен Шейба ага карап: Эмне деп келжиреп жатасың оо, Аддас! Сен өз диниңден чыкпа, анткени сенин диниң анын дининен жакшы.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ ал жерден жүрөгү кайгыга баткан абалда Меккеге карай жөнөп кетти, жолдо келатып Меккеге жакын Карнул-Маназил деген жерге жеткенде Аллах Таала Жебрейил периштени жиберди аны менен кошо тоо периштесин да жиберип Меккенин эки жагында жайгашкан эки тоону Мекке элинин үстүнө бириктирип сал деп Аллах Таала тоо периштеге буйрук берди.

Бул окуя тууралуу Бухарий Урва ибну Зубайрдан риваят кылат, Айша РА Пайгамбарыбыздан САВ: Ухуд согушунан да оор күн башыңызга келди беле? деп сурап калат.

Пайгамбарыбыз САВ: **Мен ошондо элдерден (мушриктерден) кандай гана оор күндөрдү көрбөдүм, ошол оор күндөр акаба күнү болчу, (Таифте) ибну Абдулийл ибну Абдукулаалга оор акыбалымды айтып (Исламга чакырдым), тескерисинче ал мага каршы чыкты, ошентип ал жерден көңүлүм кайгыга батып (Меккени көздөй) артка кайттым, ушунчалык кайгыга батканымдан жолдо Карнул-Маназил жерине жеткенимде өзүмө келе түшүп бир маалда асманды карасам эле ушунчалык чоң нерсе бүткүл жарыктыкты тосуп көлөкө кылып менин үстүмдө турат, эмне болуп кетти экен деп карасам Жебрейил периште экен, ал мени чакырып: Аллах элдердин (мушриктердин) сага эмне дегенин жана эмне деп жооп кайтаргандарын укту. Ошондуктан сага тоо периштесин жиберди эмне каалысаң буюр ал каалаганыңды аткарат, анан тоо периштеси мени чакырып мага салам берип мындай деди: Оо, Мухаммед! Каалаганыңды буюр, эгер кааласаң бул эки тоону (Меккенин эки жагындагы тоону) бириктирип салайын, ал эки тоо Меккенин бир жагындагы Абу кубайс жана экинчи жагындагы Кайкаьаан тоолору, Пайгамбарыбыз САВ: Жок, Аллах булардан болбосо да булардын урпактарынан Улук даражалуу жалгыз Аллахка сыйынып ага эч шерик кошпой турган инсандарды чыгарып калаар, деп жооп берди.**

Ушундай тариздеги жооп Пайгамбарыбыздын САВ өзгөчө бир пейли кенен, улуу дараждагы кулк-мүнөздүү инсан экендигин далилдеп көргөзүп турат.

Ушундайча жети кабат асмандын үстүнөн Аллах Таала жардам колун сунгандан соң Пайгамбарыбыздын САВ жүрөгү бейпилдикте болуп көңүлү тынчтанып өзүнө келе түштү. Меккени карай жолун улап Нахла адырларына жетип ал жерде бир нече күн туруп калды, Нахла адырларында турган кезинде эки окуя болгондугу үчүн ошол жерде туруп калган, селдин

жүрүүсү, анткени ал жер түшүмдүү жана суулуу жер болгондугу үчүн сел жүргөн, бирок биз сел тууралуу эмес экинчи окуяны айтып өтсөк.

Нахла адырларында туруп калган кезинде Аллах Таала Пайгамбарыбызга САВ бир канча жиндерди жиберди, бул тууралуу Аллах Таала Курандын эки жеринде айтып өткөн:

وَإِذْ صَرَفْنَا إِلَيْكَ نَفَرًا مِّنَ الْجِنِّ يَسْتَمِعُونَ الْقُرْآنَ فَلَمَّا حَضَرُوهُ قَالُوا أَنصِتُوا فَلَمَّا قُضِيَ وَلَّوْا إِلَى قَوْمِهِم مُّنذِرِينَ {الأحقاف/29} قَالُوا يَا قَوْمَنَا إِنَّا سَمِعْنَا كِتَابًا أُنزِلَ مِن بَعْدِ مُوسَى مُصَدِّقًا لِّمَا بَيْنَ يَدَيْهِ يَهْدِي إِلَى الْحَقِّ وَإِلَى طَرِيقٍ مُّسْتَقِيمٍ {الأحقاف/30} يَا قَوْمَنَا أَجِيبُوا دَاعِيَ اللَّهِ وَآمِنُوا بِهِ يَغْفِرْ لَكُم مِّن ذُنُوبِكُمْ وَيُجِرْكُم مِّنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ {الأحقاف/31}

***“29. Жана бир кезде, (оо, Мухаммед) Биз сага бир жамаат жиндерди Куран угуу үчүн жибердик. Анан, качан алар Куран (ды уккан)га даяр болгондо (бири-бирине) «Тынч тургула»-деп айтышты. Куран окулуп бүткөндө (бардыгы) өздөрүнүн коомуна эскертүүчү болуп кетишти. 30. Алар (коомуна барып мындай) дешти: «Оо, коомубуз! Биз Муса пайгамбардан кийин түшүрүлгөн, Өзүнөн мурунку ыйык китептерди тастыктаган, Акыйкатка жана Туура Жолго баштай турган Китепти уктук. 31. Оо, коомубуз! Аллахтын дааватчысын (Мухаммедди) угуп жана ыйман келтиргиле! (Ошондо Аллаһ) силердин күнөөңөрдү кечирип, жан ооруткан азаптан сактайт”.*** (Ахкаф, 29-31)

قُلْ أُوحِيَ إِلَيَّ أَنَّهُ اسْتَمَعَ نَفَرٌ مِّنَ الْجِنِّ فَقَالُوا إِنَّا سَمِعْنَا قُرْآنًا عَجَبًا {الجن/1} يَهْدِي إِلَى الرُّشْدِ فَآمَنَّا بِهِ وَلَن نُّشْرِكَ بِرَبِّنَا أَحَدًا {الجن/2}

***“1. Айт (оо, Мухаммед) “Мага (Аллаһ Тааладан мындай деген) вахий келди: Жиндерден бир жамааты (Куранды) угушту жана (бири-бирине мындай) дешти: “Биз ажаайып Куран уктук. 2. Ал Туура Жолго баштайт экен. Биз ага ыйман келтирдик. Эми, биз Раббибизге эч кимди шерик кылбайбыз!”.*** (Жин, 1, 2)

Ушул сүрөнүн он бешинчи аятына чейин вахий кабары түштү.

Ушул түшкөн аяттардын жана ушул окуя тууралуу айтылынган риваяттарда айкын болгондой Пайгамбарыбыз САВ ошондогу жиндердин келегендигин билген эмес, Аллах Таала ушул аяттарды түшүргөндө гана жиндердин келгендигин билген, ошондо алгачкы ирет Пайгамбарыбызга САВ жиндер келген болчу, бирок риваяттардын маанисине караганда мындан башка бир нече ирет жиндердин жамааты Пайгамбарыбызга САВ келип кеткен.

Бул окуя Пайгамбарыбыз САВ үчүн дагы бир жеңиш жана ийгилик болчу, аны Аллах Таала Өзүнүн эч ким билбеген аскерлеринен жана кайып казынасынан жөнөтүп койду, башка жагынан алып караганда да Пайгамбарыбыздын САВ жүргүзүп жаткан үгүт иштери эң жакшы таризде иш жүзүнө ашып жаткандыгын билдирип аны тосууга ааламдагы эч кандай күч кубат жок экендигин далаат кылып турат:

وَمَن لَّا يُجِبْ دَاعِيَ اللَّهِ فَلَيْسَ بِمُعْجِزٍ فِي الْأَرْضِ وَلَيْسَ لَهُ مِن دُونِهِ أَولِيَاء أُوْلَئِكَ فِي ضَلَالٍ مُّبِينٍ {الأحقاف/32}

***“Ал эми, кимде-ким Аллаhтын дааватчысына жооп бербесе, жер бетинде (Аллаhтан) кутулуп кете албайт жана ал үчүн Андан (Аллаhтан) башка достор (жардамчылар) да болбойт. Алар – анык адашууда болушат!”.*** (Ахкаф, 32)

وَأَنَّا ظَنَنَّا أَن لَّن نُّعجِزَ اللَّهَ فِي الْأَرْضِ وَلَن نُّعْجِزَهُ هَرَبًا {الجن/12}

***“Жана биз аныгында (төмөндөгү чындыкка) ынандык: Биз эч качан жер бетинде (же асманда) Аллаhты алсыз кыла албайт экенбиз жана Андан качып да кете албайт экенбиз”.*** (Жин, 12)

Аллах тараптан болгон ушул сыяктуу жардам жана сүйүнүчтүү куш кабар менен Пайгамбарыбыздын САВ Таифтен куулуп чыккандан берки кайгы-капалыгы жана

үмүтсүздүгү кетип кайра Мекке шаарына барып алгачкыдай Аллах Тааланын түбөлүк дини болгон Исламга үгүттөө ишин улантууга шыктанып, күчүнө күч кубатын кубат кошулду.

Ошондо Зейт ибну Хариса Пайгамбарыбызга САВ мындай деди: Сизди Мекке эли чыгарып салышкандан кийин кантип алардын алдына барасыз? Пайгамбарыбыз САВ: **Оо, Зейт! Аллах Таала көрүп турганыңдай ийгиликти жана жеңишти берет, албетте Аллах Таала Өз динин жана элчисин жеңишке жеткирет.**

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Меккени көздөй жөнөп кетти, Меккеге жакын калганда Хира үңкүрүндө бир канча убакыт калды, андан соң Пайгамбарыбыз САВ Хузааьа уруусунан бир кишини Ахнас ибну Шарийкка жиберип Пайгамбарыбызга САВ коргоочу болуусун сурады, бирок Ахнас: Мен союздашмын ошондуктан союздаш сени коргой албайт деп жооп берди, Пайгамбарыбыз САВ Сухайл ибну Амруга жиберди. Сухайл да: Аамир уруусу Каьаб уруусуна коргоочу боло албайт деп жооп берди, акырында Пайгамбарыбыз САВ Матьам ибну Адийге жиберди эле Матьам макулдугун берип, курал жарактарын кийинип өз уруусун чакырып аларга мындай деди: Курал жарагыңарды кийинип Каабанын жанында тургула, анткени мен Мухаммедди өз коргоомо алдым, ошентип Матьам Пайгамбарыбызды САВ Меккеге кирүү үчүн чакырды, Пайгамбарыбыз САВ Зейт ибну Хариса менен Меккеге кирип Каабанын жанына келди, Матьам болсо төөсүнө минип Курайш уруусун чакырып аларга мындай деп айтты: Оо, Курайш эли! Мен Мухаммедди өз коргоомо алдым, аны эч кимиңер тилдебегиле, ошентип Пайгамбарыбыз САВ Каабанын рүкүнүнө келип Каабаны көздөй колун көтөрүп, эки рекет намазын окуп үйүн көздөй жөнөп кетти. Ал эми Матьам ибун Адий болсо баласы менен Пайгамбарыз САВ үйүнө киргенче куралы менен корогоп турду.

Башка риваятта ушундай келет: Абу Жахил Матьамдан сурап калат: Сен коргоочусуңбу же болбосо мусулман болуп кеттиңби? Матьам: Жок коргоочумун деп жооп берет. Абу Жахил: Анда сен коргогон адамга биз да тийбейбиз деп айтат.

Пайгамбарыбыз САВ Матьамдын бул жакшылыгын унуткан жок, Бадр согушундагы туткундар тууралуу: **Эгер Матьам ибну Адий тирүү болуп мага буларды коюп жибер дегенде коюп жибермекмин** деп айтты.

## *Исламды башка урууларга жана жеке инсандарга үгүт кылуу*

Пайгамбарлыктын онунчу жылынын зул-каада айында июнь айынын акыр чендеринде же июль айынын баш чендеринде 619 ж Пайгамбарыбыз САВ урууларды жана жеке инсандарды Исламга үгүттөө ишин улантуу үчүн Меккеге кайтты. Анткени ошол кезде ажылык убактысы жакындап улоолору менен узак жолдордон ажылык парзын аткарууга өзүнчө белгиленген күндөрдө Аллахты эстеп зикир кылууга инсандар келүүсү күтүлүп жаткан болчу. Бул учурду пайдаланып калуу үчүн Пайгамбарыбыз САВ пайгамбарлыктын төртүнчү жылынан бери келаткан үгүт ишин улантып, бул жылы да ажыга келген ар бир урууну өз өзүнчө Исламга чакырды.

### *Кайсыл урууларды Исламга үгүттөдү:*

Имам Зухарийдин сөзүндө ушундай келет: Бизге айтылганы боюнча Пайгамбарыбыз САВ дават кылып Исламга чакырган уруулар ушулар Аамир ибну Саьсаьа, Мухариб ибну Хасфа, Фазаара, Гассан, Мурра, Ханийфа, Салим, Абас, Бану-Наср, Бану-Бука, Канда, Калб, Хаарис ибну Каьаб, Узра жана Хазаарима уруулары, тилеке каршы булардын бирөөсү да Исламды кабыл кылбады.

Жогорудагы Имам Зухарий айткан урууларды Пайгамбарыбыз САВ бир жылдын ичинде эле бир ажылык мезгилинде Исламга үгүттөгөн жок, балким пайгамбарлыктын төртүнчү жылынан тартып хижрат кылганга (Мадинага көчкөнгө) чейин үгүт кылды, ушул урууну ушул жылы Исламга чакырды деп жылын белгилеп айтууга да болбойт, бирок Имам Мансур Фаурийдин тактап айтуусу боюнча кээ бир урууларды онунчу жылы Исламга чакыргандыгы айтылган, Ибну Исхактын сөзүндө: Ошол урууларды кантип үгүттөгөндүгү туурасында кыскача баяндап өтөлү:

**1- Калб уруусу:** Бул уруудан чыккан Бану Абдуллага келип Пайгамбарыбыз САВ аларды Исламга чакырып мындай дейт: **Оо Бану Абдулла! Чындыгында Аллах атаңардын ысымын эң сонун кылыптыр,** бирок тилекке каршы булардын эч кимиси Пайгамбарды САВ кабыл алышпай койду.

**2- Ханийфа уруусу:** Пайгамбарыбыз САВ бул урuунун үйлөрүнө келип Исламга чакырат, бирок башка араптарга караганда да булар Пайгамбарыбызды САВ эң жаман жооп менен кайтарышты.

**3- Аамир ибну Саьсаьа уруусу:** Пайгамбарыбыз САВ буларды да Исламга чакырып үгүт кылат, булардын арасынан Байхара ибну Фирас аттуу бир кишиси мындай дейт: Аллахка ант болсун, Курайштын бул кишисин (Пайгамбарыбызды САВ) ээрчисек, анан бул араптарды жеңип алса деп айтты да Пайгамбарыбызга САВ карап мындай деди: Эгер биз сен айтканды аткарсак, андан соң Аллах сага каршы чыккандарды жеңдирип жеңишке жетсең бизге бийлик тийеби? Пайгамбарыбыз САВ: **Бардык иш Аллахтын колунда, кандай кааласа ошондой кылып чечет,** деп жооп берди, Байхара: Өзүң араптарга каршы бизди чыгарсаң, андан соң Аллах сени жеңишке жеткирип биздин колубузда эч кандай бийлик болбосо, мындай боло турган болсо сенин эч кандай

бизге керегиң жок, деп айтты да Пайгамбарыбыздын САВ чакырган үгүтүн четке кагышты.

Ошентип Аамир ибну Саьсаьа уруусу үйлөрүнө кайтып келди да өз аксакалдарынын бирөөсү жашы улгайып калгандыгынын себебинен ажылыка келе албай калган бир аксакалга мындай деп айтышты: Бизге Курайш уруусунун Абдумуталип уулдарынан болгон бир киши келип өзүн Пайгамбармын деп айтат. Бизди өзү менен бирге болуп ага каршы чыккандарга жардам берүүгө чакырып, аны өзүбүз менен кошо өз жерибизге ээрчитип келетимишпиз, ошондо жанагы аксакал эки колун аттиң деп башына коюп мындай деди: Оо, Аамир уруусу! Бул иштин бир зыяны бар бекен? Бул ишти кантип коюп жибердиңер? Жаным Анын колунда болгон Аллахка ант болсун, мындай сөздү Ысмайылдан чыккан эч ким айткан эмес, анын айтканы акыйкат, силердин көз карашыңар, түшүнүгүңөр кайда калды?

## *Мекке элинен сырткаркы мусулмандар:*

Пайгамбарыбыз САВ ар түрдүү урууларды жана Меккеге келгендерди Исламга үгүт кылгандай эле ар түрдүү инсандарды да Исламга чакырды, бул ажылыкта кылынган үгүттүн оң жактары көрүнүп натыйжада ошол инсандардын бир азы ыйман келтирип мусулман болду, алардын кээ бирин атап өтсөк:

**1 Сувайд ибну Саамит:** Сувайд Ясрип элинин акын жана акылдуу инсандарынан бири эле, өз эли Сувайдды татынакай, кадыр барктуу, таза тектүү жана акын болгондугу үчүн аны кемелдүү деп атап коюшчу. Ал ушул жылы Меккеге ажылык же умраны аткарганы келди, Пайгамбарыбыз САВ Сувайдды Исламга үгүт кылды. Сувайд Пайгамбарга САВ: Балким мендеги бар нерсе сенде да бар чыгаар, Пайгамбарыбыз САВ ага: **Сенде эмне бар?** Сувайд: Даанышман Лукмандын хикмат сөзү (даанышман сөзү),

Пайгамбарыбыз САВ: **Аны мага айтып берчи,** деп айтты эле Сувайд Пайгамбарыбызга САВ айтып берди, ошондо Пайгамбарыбыз САВ Сувайдга карап: **Бул жакшы сөз, ал эми мендеги бар нерсе мындан да жакшы, ал Куран аны Аллах Таала мага түшүрдү, Куран туура жолго баштоочу жана нур.** Ошентип Пайгамбарыбыз САВ ага Курандан окуп берип Исламга чакырды, Сувайд Исламды кабыл кылып мындай деди: Ал эми бул өтө жакшы сөз экен. Сувайд өз жери Мадинага (Ясрипке) кайтып келип ал жерде көпкө жашабай Биьаас согушунда каза тапты. Анын Исламга келүүсү пайгамбарлыктын 11 жылынын баш чендеринде болгон.

**2- Ийаас ибну Муаз:** Бул да Ясрип элинин жаш жигиттеринен бири болгон, ал Аус уруусунун делегаты менен Меккеге келип, Хызраж уруусуна каршы Курайш уруусу менен сюздаш болууну каалап келишкен болчу, бул делегаттын Меккеге келүүсү Биьаас согушунан бир аз алдың пайгамбарлыктын 11 жылынын баш чендеринде болгон, анткени ошол кезде Ясрип жеринде Аус менен Хызраж уруусунун ортосунда душмандык оту күчөп турган кези болуп, Аус уруусунун саны Хызраж уруусунан аз болгондуктан Меккеге келген болчу. Пайгамбарыбыз САВ булардын келгендигин угуп алдыларына келип олтурду да мындай деди: **Силер каалап келген иштен да жакшыраагын айтайынбы?** Алар: Ал кандай экен? Деп сурап калышты Пайгамбарыбыз САВ: **Мен Аллах тараптан жөнөтүлгөн пайгамбармын, бүткүл пенделерге мени элчи кылып жөнөттү, инсандарды жалгыз Аллахка ибадат кылууга чакырып Ага (Аллахка) эч шерик кошпогула деп айтамын жана мага Өзү тараптан Китеп түшүрдү,** деп айтты да аларга Исламдан кабар берип Курандан да окуп берди. Ошондо Ийаас ибну Муаз: Оо, эл журт! Бул силер көздөп келген нерседен да жакшы экен, деп айтты эле араларынан Абул-Хайсар Анас ибну Раафиь атту бир кишиси колуна бир ууч топуракты алып Ийаастын бетине чачып жиберди да мындай деди: Бул сөзүңдү токтот, ант

болсун биз бул үчүн келген эмеспиз, ошондо Ийаас тим болуп олтуруп калды, Пайгамбарыбыз САВ да алардын алдынан туруп кетти. Ал эми келген делегат максаттарына жетпей Курайш уруусу менен союздаштыкты түзө алышпай Мадинага кайтып кетишти.

Булар Мадинага кайтып келгенден соң Ийаас көп өтпөй эле каза тапты, анын өлүм алдындагы айткан сөздөрү келиме, такбир, хамд жана таспихтерди айткандыгынан аны эч шексиз мусулман болуп каза болду деп айтышты.

**3- Абузар Гифарий:** Абузар Ясрип шаарынын чет жакасында жашайт эле. Ясрип шаарында Сувайд ибну Саамит менен Ийаас ибну Муаз аркылуу Аллах тараптан Пайгамбар жөнөтүлүптүр деген кабар тарагандан соң, Абузардын кулагы да бул кабарды угуп калат, ошентип бул кабар Абузардын Исламга келүүсүнө себеп болду.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Ибну Аббас мындай деп кабар берет: Абузар айтты: Гифар жеринде жашаган киши элем, Меккеде өзүн пайгамбармын деп айткан бир инсан чыккандыгы тууралуу кабар бизге да жетти, ошондо мен иниме мындай дедим: Сен өзүн пайгамбармын деген кишиге бар да аны менен сүйлөшүп ал тууралуу билип кел, иним Меккени көздөй жөнөп кетти да ал киши менен жолугуп кайтып келди. Мен иниме: “Эмне кабар алып келдиң?” Иним: “Аллахка ант, чындыгында ал киши жакшылыка чакырып жамандыктан кайтарат экен”деп айтты. Бирок мен иниме: Канааттандыраарлык кабар алып келе алганың жок дедим да баштыгымды асып колума таякты алып өзүм жолго чыктым да Меккеге келдим. Меккеде эч нерсени билбеген киши болуп, пайгамбар тууралуу бирөөдөн сурашты да каалабадым, замзам суусунан ичип Каабанын жанында эле жүрдүм. Ошентип жүрсөм Али жанымдан өтүп калды да мага карап мындай деди: Бул жат киши көрүнөт? Мен: Ооба, деп жооп бердим. Али: Мени менен чогуу үйгө жүр, деп айтты да мени ээрчитип жөнөдү, ал менден эч нерсени сураган жок, мен да андан эч

нерсени сурабадым жана эч нерсени айтпадым. Эртеси эрте менен пайгамбар тууралуу сурайын деп Каабага кайтып келдим, бирок ал тууралуу мага эч ким ооз ачкан жок. Дагы Али жанымдан өтүп калды да: Бул инсан дагы деле бараар жерин билбей жүрөбү? Мен ага: Ооба, деп жооп бердим, Али: Мени менен жүр, эмне иш менен жүрөсүң? Бул шаарга кандай иш менен келип калдың? деп сурап калды. Мен Алиге: Эгер эч кимге айтпаймын десең айтам, Али: Эч кимге айтпаймын, ошондо мен ага: Бул шаардан өзүн Аллахтын пайгамбарымын деген бир инсан чыккандыгы туурасында бизге кабар жетти, кабарды уккандан соң мен инимди ал адам туурасында билип келүүгө жибердим эле иним мени канааттандыраарлык кабарды алып келген жок, ошондуктан аны жолуктуруу үчүн өзүм келип олтурам.

Ошондо Али Абузарга мындай деди: Сен эң туура таптың, азыр мен ошол жака барам, менин артымдан акырын жүрө бер, эгер жолдо бирөө жарым көрүнүп калса сени байкап калуудан корком. Ошол кезде мен жолдун четине чыгып бут кийимимди оңдомуш болуп калам а сен болсо алдыга карай баса бер. Ошентип Алинин артынан Пайгамбарыбыздын САВ жанына кирдик, мен Пайгамбарга карап САВ: Мага Ислам жөнүндө айтып берчи деп сурадым эле Пайгамбарыбыз САВ айтып берди, ошол замат мен Исламды кабыл кылдым. Пайгамбарыбыз САВ мага: **Оо, Абузар! Бул ишти (Исламга киргендигиңди) жашыргын да өз жериңе барып тур, эгер биздин ачыка чыкканыбызды уккан болсоң биз жака кел,** мен Пайгамбарыбызга САВ: Сени акыйкат үчүн жиберген Аллахка ант болсун, эми мен эл журттун ортосуна чыгып бул тууралуу бакырып жар салам, деп айттым да Каабага келип Курайш элине карап: Оо, Кураш эли! Аллах жалгыз, Мухаммед анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берем деп бакырдым, ошондо Курайш эли: Бул күнөөкөр динден чыкканды жок кылгыла деп айтышты да мени өлтүрүү үчүн сабап кириşти, ошол кезде Аббас келип мени куткарып калды

да чогулгандарга карап: Силерге эмне болду Гифардык кишини өлтүрөбүз деп жатасыңарбы? Соодаңарды бул кишинин жери аркалуу алып өтөсүңөр го, таркагыла деп элди таркатып жиберди. Ошентип эртеси күн болгондо кечекидей кылып элдерге дагы жар салдым эле чогулган эл дагы: Бул күнөөкөр динден чыкканды жок кылгыла деп айтышты да мени кечекидей кылып сабап киришти. Ошондо да Аббас келип мени кечеки сөзүн айтып куткарып калды.

**4- Туфайл ибну Амру ад-Даусий:** Туфайл кадыр барктуу, акын, акылдуу жана даус уруусунун башчысы эле, Туфайлдын уруусу даус Йемен жеринин бир бөлүгүн өз кол астында башкарып турган уруу болчу. Пайгамбарлыктын 11 жылы Туфайл өз кишилери менен Меккеге келди, ал эми Мекке эли Туфайлды Меккеге кире электе эле Меккенин сыртында аны өтө урмат сый менен тосуп алышып ага мындай дешти: Оо, Туфайл! Сен биздин жерге келип олтурасың, биздин арабыздан бир киши чыгып баарын өтө кыйын абалга салып жатат. Элди экиге бөлүп, ишибизге тоскоол болууда, анын айткандары сыйкырчынын сөзү сыяктуу болуп атаны баладан, бир тууганды бир туугандан жана эрди аялынан ажыратып жатат.Ошондуктан биз кабылган балээге сен жана сенин урууң кабылып калба деп коркуп жатабыз, аны менен эч сүйлөшпө да андан эч нерсени укпа.

Бул тууралуу Туфайл өзү мындай дейт: Аллахка ант болсун, Мекке эли жанагы айткан кишиден эч нерсени укпа сүйлөшпө деп жанымды коюшкан жок.Ошентип Каабага кирээрде ал кишиден бир нерсени угуп калбоо үчүн кулагыма пахтаны тыгып алдым. Эртелеп Каабага кирген кезде ал киши Каабанын жанында намаз окуп жатканын көрдүм, а мен болсо анын жанына жакыныраак жерге барып турдум, ошол кезде мен каалабасам да кулагыма анын айтып жаткан сөздөрү угулуп калды, бирок айтып жаткан сөздөрү жакшы экенин уктум, ошондо мен өзүмө өзүм сага эмне болду! Өзүм акын жана акылдуу киши болсом, жакшы жаманды айырмалай

билсем, бул кишинин айткандарын укканга эмне тоскоол болуп жатат? Эгер айтканы жакшы болсо аны кабыл кылам. Ал эми жаман болсо кабыл кылбаймын, деп ал үйүнө кеткенче күтүп турдум, үйүнө баратканда артынан күзөтүп жөнөп үйүнө киргенде артынан кирдим, ага эмне үчүн келгендигимди, инсандар сөзүңдү укпа деп коркуткандыгын, ошол себептен кулагыма пактаны тыгып алгандыгымды, андан соң сөзүңдүн бир азын угуп калгандыгымды айтып бердим да ага мындай дедим: Эмне жөнүндө айтып жаткандыгыңды мага да айтып берчи, ал мага Ислам жөнүндө кабар берип Курандан да окуп берди. Аллахка ант болсун, мындан жакшы сөздү жана адилеттүүлүктү эч уккан эмес элем, анан ошол жерде Исламды кабыл кылып келимени айттым, ошондо ага: Мен өз элимдин башчысымын, эми элиме кайтып аларды Исламга чакырам, ошондуктан Аллахка дуба кылсаң мага бир белги берсин, деп айттым эле ал Аллахка дуба кылды.

Туфайлдын белгиси өз элине жакындаган кезде Аллах Таала анын жүзүнө бир нур пайда кылып койду, ошондо ал: Аллахым! Бул белгини жүзүмдөн башка жака кыл, деп айтты эле ал белги үнүнө өтүп калды. Ошентип Туфайл атасын жана аялын Исламга үндөгөндө экөө тең Исламды кабыл кылып мусулман болушту, бирок уруусунун Исламга кирүүсү бир аз кечеңдеп кетти. Ошондой болсо да ал Хандак урушу болгонго чейин өз уруусун Исламга үндөй берди, ал эми Хандак урушу болуп өткөндөн соң жетимиш же сексен үйдү Исламга киргизип өзү менен кошо Мадинага алып келген, чындыгында Туфайл Исламга эң чоң кызмат кылган мусулмандардын бири эле, ошентип ал Ямаама согушунда шеиттик менен каза тапты.

**5- Дамад ал-Азадий:** Дамад Иемен жергесиндеги Азад Шанууьа уруусунан эле, ал анча мынча ооруган адамдарга дем салчу, ошол кезде ал Меккеге келет да Меккенин бузуку инсандарынан: Мухаммед акылынан адашып калды, деген сөздү угуп калат. Ошондо Дамад: Эгер мен ошол акылынан адашкан инсанга келип дем салсам мүмкүн Аллах аны менин

колумдан шыпаа берип койор деп айтып, Пайгамбарыбызга САВ келип мындай дейт: Оо, Мухаммед! Мен сенин оорууңа дем салайын деп келдим, сен кандай дейсиң? Пайгамбарыбыз САВ: **Аллахка мактоолор болсун, ага гана мактоолорду айтабыз, андан гана жардам сурайбыз, Аллах кимди хидаят-туура жолго баштаса ал эч качан адашпайт, ал эми кимди адаштырса ал эч качан хидаят-туура жолго түшпөйт, Аллах жалгыз анын эч кандай шериги жок экендигине күбөлүк берем, жана Мухаммед анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берем. Ушул сөздөрдөн кийин.**

Ошондо Дамад: Бул сөздөрүңдү дагы кайталачы, деп айтты эле Пайгамбарыбыз САВ үч ирет кайталап айтып берди, Дамад: Чындыгында мен көзү ачык, сыйкырчы жана акындардын сөздөрүн укпапмын, бирок сен айткандай сөздү эч укпаптырмын, бул сөзүң мен үчүн деңиз сымал өтө терең, эми колуңду бер мен Исламга кирейин, деп кол берип мусулман болду.

## *Ясриптик эң азаматтардын алтоосу:*

Пайгамбарлыктын 11 жылында ажылык мезгилинде – 620 жылдын июль айында – Ислам эң таза инсандарды тапты, ал инсандар бат өсүп келаткан дарак сымал болуп Исламга эң чоң пайдасын берди, көптөгөн жылдар бою кордук зулумдук көрүп келаткан мусулмандар да ушулардан баш калкалаар коргоо табышты.

Пайгамбарыбыздын САВ көргөчтүгүнүн бири, Мекке эли аны калпычыга чыгарып Аллах жолуна үгүт кылууга тоскоолдуктарды жараткандыктан алар билип калбас үчүн кечиндеси уруу урууларды үгүт кылууга чыгаар эле.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ кечинде Абубакирди жана Алини алып Зухал, Шайбан жана Саьлаба уруулары жайгашкан жерлерди кыдырып аларды Исламга үндөдү.

Абубакир менен Зухал уруусунун бир канча кишилеринин ортосунда суроо жооп болуп кызуу талкуу жүрдү. Ал эми Шайбан уруусу буларды жакшы кабыл кылып бирок Исламды кабыл кылышкан жок.

Андан соң Пайгамбарыбыз САВ Мина Акабасынын жанынан өтүп бараткanda бир канча кишилердин сүйлөшүп жаткандарын угуп калат, анан Пайгамбарыбыз САВ алардын жанына барса Ясриптик алты киши экен, баары тең Хызраж уруусунан, алар:

1- Асьад ибну Зараара (Нажжар уруусунан)
2- Ауф ибну Хаарис ибну Рифaаьа ибну Афрааь (Нажжар уруусунан)
3- Раафиь ибну Маалик ибну Ажлан (Зарик уруусунан)
4- Кутба ибну Аамир ибну Хадийда (Салама уруусунан)
5- Укба ибну Аамир ибну Нааби (Хараам ибну Каьаб уруусунан)
6- Жаабир ибну Абдулла ибну Риьааб (Убайд ибну Ганам уруусунан)

Ушинтип Ясрип элинин пешенесине бакыт конду, анткени Ясрипте жашаган булардын сюздаштары болгон жөөт элдери буларга: Мына бизден пайгамбар чыга турган заман жакындап калды, ошондо биз анын артынан ээрчип Аад жана Ирам коомуна окшотуп силерди жок кылабыз, деген сөздөрдү айтышаар эле.

Бул алтоонун жанына Пайгамбарыбыз САВ келди да: **Силер кайдан болосуңар?** деп сурап калды, алар: Хызраж уруусунан болобуз, Пайгамбарыбыз САВ: **Жөөттөрдүн союздаштарыбы?** Алар: Ооба, деп жооп беришти, Пайгамбарыбыз САВ: **Мени менен бир азга олтурсаңар силерге айтаар сөзүм бар,** дегенде алар макулдугун беришти, ошентип Пайгамбарыбыз САВ алар менен чогуу олтурду да Исламдын акыйкат дин экендигин түшүндүрүп, Аллахтын динине үгүт кылып, Курандан окуп берди. Ошондо тигил алтоо бири бирине карап: Билесиңерби оо элжурт,

чындыгында бул жанагы жөөттөр убада кылып жаткан пайгамбар, мунун айткандарын аткарып тез Исламга кирели, деп айтышты да мусулман болушту.

Ошол кезде жакында эле болуп өткөн Ясрип элдеринин арасында жарандык согуш жүрүп аларды жүдөтүп жаткан маалы эле, бул согуш али токтобой алоолонгон отун жагып турган кези болчу. Ал эми Ясриптик бул азаматтар Пайгамбарыбыздын САВ кылган үгүтүн өз элдерине алып келсе ошол согушту токтотоор бекен деген үмүттө болуп Пайгамбарыбызга САВ мындай деди: Биздин артыбызда өз элибиз турат, алардын ортолорунда азыркы тапта душмандык өтө күчөгөн убак, сен себеп болуп бизди Аллах бириктирээр бекен деген чоң үмүттөбүз, эми биз өз элибизге кайтып аларды сен үгүттөгөн динге чакырып биз сыяктуу мусулман болуулары үчүн үгүт насаат кылабыз. Эгер аларды Аллах бириктирип биздин сөзүбүздү уккан болсо анда сенден өтөөр улуу адам жок.

Ошентип бул азаматтар Ясрипке кайтып кетишти да, Ясрипте бир да үй калбай баарына Пайгамбарыбыз САВ тууралуу билдирип динге үгүт кылышты.

## *Пайгамбарыбыздын САВ Айшага РА болгон үйлөнүүсү тууралуу кыскача:*

Ушул эле жылы – пайгамбарлыктын 11 жылында – Шаввал айында Пайгамбарыбыз САВ Айша Сыддыка РА жуучу түштү, ошол кезде анын жашы алтыда эле, Пайгамбарыбыз САВ Мадинага көчүп хижрийдин алгачкы жылында Айша РА тогуз жашка толгондо Пайгамбарыбыз САВ менен Айшанын РА үйлөнүү кечеси болду.

# *Исра жана Мээраж кечеси*

Пайгамбарыбыздын САВ кылган үгүтү бирде кабыл болуп бирде тоскоолдуктарды, кордуктарды көрүп турган убакта, жаркырап нурданган жылдыз сымал Исламга далил болгон Исра жана Мээраж окуясы болуп өттү.

Бул окуянын кайсыл жылы болгондугу туурасында Ислам аалымдарынын ар кандай кайчылаш пикири бар, алар төмөнкүчө:

1- Кээ бири: Пайгамбарлыктын алгачкы жылы болгон, деп айтышат, муну Имам Табарий алган.

2- Кээ бири: Пайгамбарлыктын бешинчи жылы болгон, деп айтышат, муну Имам Навави менен Куртубий тагыраак деп табышкан.

3- Кээ бири: Ражаб айынын жыйырма жетинчи кечесинде пайгамбарлыктын 10 жылында болгон деп айтышат, муну Имам Мансур Фаурий алган.

4- Кээ бири: Хижраттан он алты ай мурун болгон, мындайча айтканда рамазан айында пайгамбарлыктын 12 жылында болгон деп айтышат.

5- Кээ бири: Хижраттан бир жыл эки ай мурун болгон, мындайча айтканда мухаррам айында пайгамбарлыктын 13 жылында болгон деп айтышат.

6- Кээ бири: Хижраттан бир жыл мурда болгон, мындайча айтканда рабиул-аввал айында пайгамбарлыктын 13 жылында болгон деп айтышат.

Алгачкы үч изилдөөнү айта турган болсок, Хадийча РА рамазан айында пайгамбарлыктын онунчу жылында каза тапкан, анткени ал беш убак намаз парз кылына электен алдыӊ каза болгон, себеби беш убак намаз Исра кечесинде парз кылынгандыгы эч талашсыз. Ал эми кийнки үч изилдөөнү ала турган болсок, булардын кимиси так экендигин биле албадык, ошол себептен бизге тагыраак болгондугу, Исра сүрөсүндө

ишаарат кылып өткөндөй, Исра жана Мээраж кечеси Мекке доорунун эң акыркы жылдарында болгондугу ортого чыгат.

Ал эми бул кече тууралуу хадис аалымдары баяндап өткөн, бул баяндардын кыскачасын гана айтып өтөлү:

Ибнул Кайимдин риваятында мындай деп айтылат: Тагыраак айтканда Пайгамбарыбызды САВ өз денеси менен Кааба мечитинен Иерусалимдеги Акса мечитине бурак жаныбарына миңгизип алып келинген, аны Жебрейил периште коштоп келген, анан Пайгамбарыбыз САВ Акса мечитине түшүп бүткүл Пайгамбарларга имамдыка өттү, ал эми бурак жаныбарын Акса мечитинин эшигине байлап койду.

Анан ошол эле түнү Пайгамбарыбыз САВ Акса мечитинен биринчи асманга көтөрүлдү, Жебрейил периште асмандын эшигин ачууну талап кылды эле эшик ачылды, ал жерде бүткүл адам заттын атасы болгон Адам атаны көрүп, Пайгамбарыбыз САВ ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады, андан соң Аллах Таала Адам атанын оң жагында шейиттердин рухтарын ал эми сол жагында тозоку инсандардын рухтарын Пайгамбарга САВ көрсөттү.

Анан экинчи асманга көтөрүлдү, асмандын эшиги ачылып, ал жерде Закария жана Ийса пайгамбарларды көрүп аларга салам берип алар кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыкташты.

Анан үчүнчү асманга көтөрүлдү, ал жерде Юсуф пайгамбарды көрүп ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады.

Анан төртүнчү асманга көтөрүлдү, ал жерде Идрис пайгамбарды көрүп ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады.

Анан бешинчи асманга көтөрүлдү, ал жерде Харун Имран уулу пайгамбарды көрүп ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады.

Анан алтынчы асманга көтөрүлдү. Ал жерде Муса Имран уулу пайгамбарды көрүп ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Муса пайгамбардан өтүп бараткaнда Муса пайгамбар көз жаш кылып ыйлап калат, андан: Эмнеге ыйлап жатасың? деп сураганда ал: Ыйлаганымдын себеби менден кийин пайгамбар келди (Мухаммед пайгамбар САВ), ал пайгамбардын үммөтү Бейишке менин үммөтүмө караганда көбүрөөк кирет, деп айтты.

Анан жетинчи асманга көтөрүлдү. Ал жерде Ибрахим АС пайгамбарды көрүп ага салам берип ал кош келдиң деп алик алды да Пайгамбарыбызды САВ Аллахтын элчиси болгондугун тастыктады.

Анан Сидратул Мунтахага (эң акыркы чекке) көтөрүлүп, анан ага Байт ал-Маьмур көтөрүлдү.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Кудуреттүү Улук Аллах Таалага келип Ага жаанын өлчөмүндөй же андан да жакыныраак келди, анан Аллах Таала пендесине (Мухаммедге САВ) вахий кабарларын берип, элүү маал намазды парз кылды, ошентип Пайгамбарыбыз САВ артка кайтып Муса пайгамбардын жанынан өтүп бараткaнда Муса пайгамбар: Сага Аллах Таала эмнени буюрду? Деп Пайгамбарыбыздан САВ сурап калды, Пайгамбарыбыз САВ: **Элүү маал намазды парз кылды,** Муса пайгамбар: Сенин үммөтүң муну аткара албайт, Кудай Таалага кайтып баргын да үммөтүң үчүн намазды азайтуусун сура, ошондо Пайгамбарыбыз САВ Жебрейил периштеге кеңеш бер дегендей кылып карады эле, Жебрейил: Ооба эгер кааласаң, деп жооп берди, анан

Жебрейил периште Пайгамбарыбызды САВ алып Кудуреттүү Аллах Таалага көтөрүлдү. Бул сөздү Бухарий риваят кылат, ошентип Аллах Таала эллүү намаздын онун азайтты, ошентип Пайгамбарыбыз САВ артка кайтып Муса пайгамбардын жанынан өтүп ага намаздын азайткандыгын кабар берди эле Муса пайгамбар: Кайрадан Аллах Таалага кайтып азайтууну сура, деп айтты. Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Муса пайгамбар менен Аллах Тааланын ортосунда жүрүп олтуруп, намазды азайтып азайтып акыры беш маал намазга азайтканда, Муса пайгамбар: Кайра азайтууну сура, деп айтканда Пайгамбарыбыз САВ: **Эми Раббимден сураштан уялам, ушуга ыраазы болуп кабыл кылам,** деп айтты да ал жерден узактап бараткaнда жогорудан (Аллах Тааладан): Пендеме бул беш маал намаздын сообу эллүү маал болуп жазылат, деген вахий үнү келди.

Бул жолкусу да Пайгамбарыбыздын САВ көкүрөгүн кесүү окуясы болду. Ушул Мээраж окуясында Пайгамбарыбыз САВ бир канча нерселерге күбө болот, Пайгамбарыбызга САВ сүт менен шарап (арак) сунуш кылынганда ал сүттү тандайт, ошондо ага периштелер: Сен жакшы касиетти тандадың, эгер шарапты тандаганыңда үммөтүңдү адаштырган болот элең, деп айтты.

Пайгамбарыбыз САВ Бейиште төрт дарыяны көрдү, экөөсү сыртында экөөсү ичинде, ал эми сыртындагы экөөсү Нил менен Эфират дарыясы болчу, мунун мааниси Пайгамбарыбыздын САВ кылган үгүтү кабыл болуп Нил менен Эфират жерлеринин элдерине чейин жетип, алардын урпактары да Исламды көтөргөн үммөттөрдөн болоорун билгизет. Ал эми Нил менен Эфират дарыясы Бейиштен чыгып турат деп айтылган сөз туура эмес сөз.

Ошондой эле Пайгамбарыбыз САВ тозоктун падышасы болгон периштени көрдү, ал эч качан күлбөгөн, анын жүзүндө жылмаюу деген нерсе жок өтө олуттуу экен, ошондой эле Бейиш менен тозокту да көрдү.

Жетимдердин акысын зулумдук менен жеген инсандарды көрдү, алардын ооздору төөнүн оозундай болуп, ооздоруна муштумдай тозоктон болгон отту салып ал от арт жагынан чыгып кетип жатты.

Сүткорлорду көрдү, булар курсагынын ушунчалык чоңдугунан ордунан кыймылдай албай олтурушат, буларды тозоко таштаган кезде Фароон элдери буларды тепселеп өтүп жатканын көрдү.

Зынаакорлорду көрдү, алардын колдорунда ушундай таза семиз сонун эт турат. Жандарында сасып айнып калган эт турат, ал эми булар болсо жанагы таза этти таштап сасыган этти жеп жатканын көрдү.

Өз балдарынын атасы эмес чоочун эркетер менен жаткан аялдарды көрдү, ал аялдар эмчектери менен асылып турган эле.

Андан соң Мекке менен Шам жеринин жолунда Меккеликтердин кербенин көрдү, алардын качып кеткен бир төөсүн кайда жүргөндүгүн Пайгамбарыбыз САВ аларга көрсөтүп койду, анан алардын үстү жабылык турган суусунан Пайгамбарыбыз САВ ичти ошол кезде алар уктап жаткан эле, бул окуя да Пайгамбарыбыздын САВ Мээражга чыккандыгы чындык экендиги үчүн эртеси далил болду.

Ибнул Кайим мындай дейт: Ошентип эртеси күн болгондо Пайгамбарыбыз САВ Меккеде болуп калды, анан Мээраж кечесинде Аллах Таала кандай окуяларга күбө кылгандыгын Мекке элине айтып берди, бирок Мекке эли ишеништин ордуна Пайгамбарыбызды САВ ого бетер калпычыга чыгарып кордук зулумдуктарын уланта беришти, Мекке эли Акса мечиттин түзүлүшү кандай экендигин Пайгамбарыбыздан САВ сурап калды эле, Аллах Таала Акса мечитин Пайгамбарыбыздын САВ көз алдына ачык кылып көрсөтүп койду, анан Пайгамбарыбыз САВ мечиттин баарын бирден бирден кылып сүрөттөп айтып берди, ошондо Мекке эли эч нерсе деп жооп кайтара алышкан жок. Пайгамбарыбыз

САВ Меккеден кеткен кербен кайда жетти, анан качан кирип келет, эң алдыда кайсыл төө келаткандыгын да айтып берди эле, чындыгында кербен Пайгамбарыбыз САВ айткандай болуп чыкты. Тилеке каршы Меккеликтер ого бетер акыйкаттан узакташып, заалымдардын каапырлыгы ого бетер күчөдү.

Кээ бир айтылган сөздөр боюнча: Абубакир РА Сыддык деп аталып калгандыгынын себеби адамдар Пайгамбарыбызды САВ Мээраж кечеси тууралуу калпычыга чыгарышканда Абубакир РА Мээраж кечесине толук ишенгендигинен Сыддык деп аталып калган.

Эң сонун жана кыскача Мээраж сейилинин түшүндүрмөсү ушул аяттарда да көрүнүп турат:

لِنُرِيَهُ مِنْ آيَاتِنَا {الإسراء/1}

***“Биз ага (пендебизге) Өзүбүздүн белгилерибизди (далилдерибизди) көргөзүү үчүн (сейил кылдырдык)”.*** (Исра, 1)

Ушул сыяктуу окуялар Кудуреттүү Аллахтын жер бетиндеги пенделери үчүн болгон табийгы мыйзамы:

وَكَذَلِكَ نُرِي إِبْرَاهِيمَ مَلَكُوتَ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ وَلِيَكُونَ مِنَ الْمُوقِنِينَ {الأنعام/75}

***“Ошентип, Биз Ибрахимге анык ишенүүчүлөрдөн болушу үчүн асмандардагы жана жердеги мүлктөрдү көргөздүк”.*** (Аньам, 75)

Аллах Таалу Муса пайгамбарга ушундай дейт:

لِنُرِيَكَ مِنْ آيَاتِنَا الْكُبْرَى {طه/23}

***“Бул сага чоң кереметтерибизди көрсөтүү үчүн (жасалды)”.*** (Тааха, 23)

Аллах Таала көздөгөн нерсесин ушул аятта ***“Анык ишенүүчүлөрдөн болушу үчүн”*** деп айтып тургандай, Пайгамбарлар Аллахтын кереметтүү далилдерин өз көздөрү

менен көргөндө Жараткандын кудуретине болгон ишеним якини ого бетер артат, анткени миң уккандан бир көргөн жакшы, ошондо гана Пайгамбарлар Аллах жолунда бардык кордук азаптарды көтөрүүгө даяр болушуп, бул дүйнөдөгү бардык күч кубаттар алардын алдында чиркейдин канатычалык да болбой калат, канчалык кыйынчылыктар келсе да аны көтөрө билет.

Бул Мээраж сейилиндеги жаткан өкүмдөрдү жана андагы камтылган сырларды изилдөө шарият камтыган сырлар деген китептерден изилденет, бирок ошондой болсо да кичинекей чыныгы акыйкат мүрөк суусундай агып турган берекелүү ушул Мээраж кечесинде көрүнүп турат, ал акыйкат да Пайгамбарыбыздын САВ эң эле сонун болгон өмүр баянына байланычтуу. Ушул акыйкаттын кээ бир кыскача түшүндүрмөсүн айтып кетүүнү көрдүм, Аллах Таала Исра сүрөсүндө Мээраж кечеси тууралуу бир эле аятта эскерип өткөндүгүн окурман көрө алат, андан кийинки аяттарда жөөттөрдүн кылган бузукулук күнөө иштери эскерилет, андан соң чындыгында бул Куран туура жүргөндөрдү гана хидаят-туура жолго баштаарын эскерет. Окурман ошол эки аят бири бирине байланышы жок деп ойлоосу мүмүкүн, бирок андай эмес. Чындыгында Аллах Таала ушул жол менен Мээраж кечесинин сырын түшүндүрүп, Мээраж кечеси Акса мечитине келүү менен башталды, анткени жөөттөр бүткүл инсаниятты түз туура жолго баштап кетүүдөн баш тартышат, анын себеби алар өздөрү туура эмес күнөө кылмыш иштерин жасап, ошол себептен инсаниятты туура жолго башкаруу мүмкүнчүлүгү алардан кеткендиги. Ошон үчүн бул башкарууну Аллах Таала Пайгамбарыбызга САВ берээрин билдирип турат, Пайгамбарыбыз САВ ал башкарууну Ибрахим пайгамбар баштаган жерден баштайт. Акыйкатта инсаниятты туура жолго баштоо руханий күчү бир коомдон (жөөт коомунан) экинчи коомго (арап коомуна) өтө турган убак келди. Тарыхы эки жүздүүлүк, кыянаттык, күнөө жасоо жана душмандык иштери

менен толуп кеткен коомдон (жөөт коомунан), кайрымдуулука жакшылыка чакырган коомго (арап коомуна) өтө турган кез келди, анткени ал коомдун Элчиси Пайгамбары инсаниятты туура жолго баштоочу Куран кабары менен камсыз кылынган.

Пайгамбар САВ өзү Меккелиткерден куугунтук жеп ар жерде жүрсө, бул башкаруу кантип бир коомдон экинчи коомго өтөт? Бул суроо да дагы бир чындыкты ачыка чыгарат, анткени Ислам үгүтүн куугунтуктоо доору бүтөөрүнө аз калып, алдыда бул доорго такыр окшошпогон жаңы доор келээри күтүлүүдө, ошон үчүн кээ бир аяттарда мушриктерди эскертип аларга катуу убадаларды берген аяттар келгендигин көрөбүз:

وَإِذَا أَرَدْنَا أَن نُّهْلِكَ قَرْيَةً أَمَرْنَا مُتْرَفِيهَا فَفَسَقُواْ فِيهَا فَحَقَّ عَلَيْهَا الْقَوْلُ فَدَمَّرْنَاهَا تَدْمِيرًا {الإسراء/16}

***“Эгер Биз бир шаарды кыйратууну кааласак, анын дене кумарына берилген (бай) адамдарына буюрабыз. Кийин алар шаарда бузукулук кылганда, үстүлөрүнө сөз (азап) түшүүсү ылайык болуп калат. Анан аны жер менен жексен кылабыз”.*** (Исра, 16)

وَكَمْ أَهْلَكْنَا مِنَ الْقُرُونِ مِن بَعْدِ نُوحٍ وَكَفَى بِرَبِّكَ بِذُنُوبِ عِبَادِهِ خَبِيرًا بَصِيرًا {الإسراء/17}

***“Биз Нухтан кийин дагы нечендеген муундарды кыйраттык. Раббиң Өз пенделеринин күнөөлөрүнөн жетиштүү Кабардар (жана) Көрүүчү”.*** (Исра, 17)

Ушул аяттардан тышкары дагы башка аяттар бар, анда мусулмандар үчүн өзүнчө бир маданиятта түптөлгөн Ислам коому башталаарын көрсөтүп билдирип турат. Бул жерде мусулмандар баары бир жерге топтолуп, күчтүү бир мамлекет түзүп, башкаруу системасын өз колдоруна ала тургандыгы көрүнүп турат. Дагы башка жагынан алып караганда Пайгамбарыбыздын САВ кылып жаткан үгүт иштери бир жерге орношуп, ошол жерде өзүнчө бир тынчтык бейпилдике

ээ болуп, ошол орношкон жери бүткүл дүйнөгө үгүт ишин жүргүзө турган борбор болуп калаары да көрүнүп турат. Ушул айтып өткөн нерселер Мээраж кечесинин берекелүү сырларынан бири болуп, алдыдагы темаларга да байланыштуу болгондугу үчүн эскерип өттүк.

Ушул даанышмандык жана ушуга окшогон башка көрүнүштөр Мээраж кечесинин акабадагы биринчи ант берүүдө, же болбосом акабадагы биринчи ант берүү менен акабадагы экинчи ант берүүнүн аралыгында болгондугун билдирип турат.

## *Акабадагы биринчи ант берүү*

Жогоруда айтып өткөндөй ажылык мезгилинде, пайгамбарлыктын 11 жылында Ясрип жергесинен алты киши мусулман болуп, алар Пайгамбарыбыздын САВ жасап жаткан Ислам үгүтүн өз элине жеткирээрине сөз беришкен болчу.

Ушул иштин натыйжасы көрүнүп, келерки ажылык мезгилинде пайгамбарлыктын 12 жылы, 621 жылдын июль айында он эки киши Ясрип жеринен келди, булардын бешөө өткөнкү жылы Пайгамбарыбыз САВ менен көрүшүп кеткендер болчу, ал эми алтынчысы келе албай калды, ал Жабир ибну Абдулла ибну Риьаб, бул бешөөнөн тышкары жети киши, алар:

1- Муаз ибну Харис ибну Афра Нажжар уруусу (Хызраж уруусунан)
2- Закван ибну Абдулкайс Зарийк уруусу (Хызраж уруусунан)
3- Убаада ибну Саамит Ганам уруусу (Хызраж уруусунан)
4- Язид ибну Саьлаба Ганам уруусунун союздаштары (Хызраж уруусунан)
5- Аббас ибну Убаада ибну Надла Саалим уруусу (Хызраж уруусунан)

6- Абулхайсам ибну Тайхан Абдулашхал уруусу (Аус уруусунан)
7- Увайм ибну Сааьида Амру ибну Ауф уруусу (Аус уруусунан)

Акыркы экөө Аус уруусунан калган баары Хызраж уруусунан.

Булардын баары Пайгамбарыбыз САВ менен Минадагы Акаба деген жерде жолугушуп аялдар сыяктуу кылып ант беришти, мындайча айтканда Меккени мусулмандар алган кезде аялдар кандай кылып Пайгамбарыбызга САВ ант берсе булар да ошондой кылып ант беришти.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Убаада ибну Саамит айтат: Пайгамбарыбыз САВ айтты: **Келгиле мага ант бергиле Аллахка эч шерик кошпойбуз, уурулук кылбайбыз, зынаа кылбайбыз, балдарыбызды өлтүрбөйбүз, эч кимге жалаа жаппайбыз жана мага (Пайгамбарыбызга САВ) жардам беребиз деп, кимде ким ушуларды аткарса анын сообун Аллах берет, ал эми кимде ким булардын бирөөсүн жасаса, анын жазасын бул дүйнөдө берген болсо ал да ал үчүн кечирим болот, ал эми кимде ким анын жазасын бул дүйнөдө бербесе анын күнөөсүн Аллах жашырсын, ал иши (күнөөсү) Аллахка калып, Аллах аны кааласа жазалайт кааласа кечирип жиберет,** ошондо алар: Аткарууга ант беребиз деп ант беришти.

## *Ислам элчиси Мадинада:*

Ушул ант берүү бүтүп ажылык мезгили аяктагандан соң Пайгамбарыбыз САВ ант бергендер менен кошо ал жактагы мусулмандарга шариятты үйрөтүп, динден билим берип, ошол жактагы башка мушриктерге да Исламды жеткирүү үчүн эң алгачкы кишисин Ясрипке элчи кылып жиберди. Пайгамбарыбыз САВ бул ишке кыраан жигиттердин арасынан

алдыңкы Исламга киргендерден Мусьаб ибну Умайр ал-Адавийди РА тандады.

## *Эң жакшы кубанычтуу жыйынтык:*

Мусьаб ибну Умайр Асьад ибну Зарааранын үйүнө конду, анан ошол жерден кайраттуулук жана чечкиндүүлүк менен Ясрип элин Илсамга үндөй баштады, анткени Мусьаб элдин арасында окутуучу болуп таанылган эле.

Мусьабтын аткарган ишинин жемиштүү жыйынтыктарынан бирөөсүн айтып кетүүгө болот. Күндөрдүн биринде Асьад ибну Зараара Мусьабты алып Абдулашхал менен Зуфар урууларын Исламга үгүттөө үчүн жөнөп кетти, экөө Зуфар уруусунун жериндеги Марак деген кудуктун жанына барып олтурушту, экөөнүн жанына башка мусулмандар да келип чогуу олтурду. Ал эми буларды Абдулашхал уруусунун башчылары Саьд ибну Муаз менен Усайд ибну Худайр угуп калды, анткени ал кезде бул экөө мушрик болчу, Саьд Усайдка мындай деди: Биздин алсыздарыбызды адаштырганы келген тиги экөөнү бул жерден кууп жибер да биздин жерибизге келүүгө тыюу сал, Асьад ибну Зараара тайежемдин баласы болбогондо мен өзүм эле кууп жибермекмин, деп айтты.

Ошондо Усайд кылычын алып ал жакты көздөй жөнөдү, Усайдды көргөн Асьад Мусьабка карап: Тиги келаткан киши өз уруусунун башчысы, ошондуктан ага эң жакшы үгүт кыл, деп айтты, Мусьаб: Эгер олтурса аны менен сүйлөшөбүз. Усайд чогулгандардын жанына келип аларды тилдеп кирди да мындай деди: Силер экөөң биздин жерге эмнеге келдиңер? Алсыздарыбызды адаштырганыбы? Бул жерден кеткиле. Ошондо Мусьаб: Биз менен бир азга олтурсаң боло сүйлөшөлү. Эгер биздин айтканыбыз жакса аны кабыл кыл, а жакпаса кабыл кылба, Усайд: Макул, деп айтты да кылычын жерге сайып алардын сөзүн угуу үчүн олтурду. Мусьаб ага

Исламдын акыйкаттыгын түшүндүрүп, Курандан окуп берди, Мусьабтын үгүтүн уккан Усайддын жүзүнөн сүйлөбөстөн алдың эле Илсамдын нуру байкалып турду, анан мындай деди: Бул кандай гана жакшы дин? Эми бул динге кирүү үчүн эмне кылуум керек?

Тазаланып жуунуп, кийимиңди да тазалап, андан соң күбөлүк келимесин айтып эки рекет намаз окуйсуң, деп айтышты. Усайд ордунан туруп барып тазалынып, кийимин да тазалап келди да күбөлүк келимесин айтып эки рекет намазын окуп бүтүп мындай деди: Менин артымда бир киши бар, эгер ошол силерди ээрчиген болсо анын артынан уруусунун баары ээрчийт, ал кишини азыр силерге көрсөтөм, ал Саьд ибну Муаз болот, деп айтты да кылычын алып Саьд олтурган жерди карай жөнөп кетти. Ошол кезде Саьд өз кишилери менен чогулуш жеринде олтурган болчу, Усайддын келатканын көрүп Саьд олтургандарга: Аллахка ант, Усайддын жүзү биздин алдыбыздан кеткенде башкача эле, азыр башкача болуп кайтып келатат.

Усайд чогулгандардын жанына келгенде андан Саьд: Эмне кылдың? Деп сурап калды, Усайд: Ал экөө менен сүйлөштүм, бирок алардан эч кандай жамандыкты байкабадым, анан ал экөөнү келбегиле деп тыюу салдым эле ал экөө: Макул айтканыңды кылалы деп жооп беришти.

Бирок мен ушундай деп уктум Хариса уруусу Асьад ибну Зарааранын өлтүрөбүз деп жатышыптыр, анткени алар Асьадды сенин тайежеңдин баласы экендигин билишип калып сенден өч алуу үчүн аны өлтүрмөкчү болушуп жатат экен. Ошондо Саьдын кыжыры кайнап колуна кылычын алып Мусьаб менен Асьад экөө олтурган жерди карай жөнөп кетти, алар олтурган жерге жеткенде ал экөө эч бей капарсыз эле олтургандыгын көрүп Усайд мени бул экөө менен сүйлөштүрүүнү каалаган турбайбы деп иштин чоо жайын түшүндү да ал экөөнү тилдеп кирди, анан Саьд бөлөсү Асьадка карап мындай деди: Оо, бөлөм! Эгер экөөбүздүн ортобузда тууганчылык жок болгондо

мен сенин бул кылып жаткан ишиңе сабыр кылып туралмак эмесмин, сен биздин жерге келип биз жактырбаган иштерди кылууга кантип дитиң барды?

Саьд келатканда Асьад Мусьабка мындай деген болчу: Сага өз уруусунун эң кадыр барктуу адамы келатат, мунун артында бүт уруусу турат, эгер Саьдды Илсамга киргизе алсаң артынан бүт уруусу ээрчийт. Мусьаб Саьдка карап мындай деди: Олтуруп биздин сөзүбүздү бир угуп көрбөйсүңбү? Эгер сөзүбүз жакса кабыл кыл, ал эми жакпаса сен айткандай кылып биз кетип калабыз, Саьд: Макул, деп айтты да кылычын жерге сайып аларды угуу үчүн олтуруп калды, Мусьаб ага Исламдын акыйкаттыгын түшүндүрүп, Курандан окуп берди, Мусьабтын үгүтүн уккан Саьддын жүзүнөн сүйлөбөстөн туруп Илсамдын нуру байкалды, анан мындай деди: Бул кандай гана жакшы дин? Эми бул динге кирүү үчүн эмне кылуум керек? биз: Тазаланып жуунуп, кийимиңди да тазалап, андан соң күбөлүк келимесин айтып эки рекет намаз окуйсуң, ошентип Саьд алардын айткандарын кылып Исламга кирди.

Саьд кылычын алып өз уруусунун чогулуш жайын көздөй жөнөп кетти, Саьддын келатканын көргөн чогулуштагы адамдар: Аллахка ант, Саьддын жүзү кеткендегиден башкача болуп кайтып келатат.

Саьд чогулгандардын жанына келгенден соң аларга мындай деди: Оо, Абдулашхал уруусу! Мен силердин араңарда кандай инсанмын? Чогулгандар: Эң кадырлуу, туура пикирлүү жана жакшы мүнөздүү инсансың, Саьд: Эми баарыңар Аллахка жана анын элчисине ыйман келтирмейин эркектериңер да аялдарыңар да мени менен сүйлөшүүгө тыюу салынат, деп айтты. Ошентип ошол түнү баары Исламды кабыл кылып бирөөсү гана кабыл кылган жок – анын аты Асийрам – бирок Асийрам Ухуд согушунда Исламга кирди, ал Ухуд согушу күнү Исламды кабыл кылып ошол замат эле согушка жөнөп кетти. Согушта катуу салгылашып жатып каза тапты, анын башы бир жолу да саждага тийген жок,

ошондуктан Пайгамбарыбыздын САВ Асийрам тууралуу ушундай деген сөзү бар: **“Аз амал кылып көп сооп тапты”.**

Ошентип Мусьаб Асьад ибну Зараарынан үйүндө элдерди Исламга үгүттөп жатты, жыйынтыгында Мадиналыктардын баары Исламды кабыл кылып бир гана Умайя ибну зейт уруусу менен Хутма жана Вааил мусулман болгон жок, анткени булардын арасында Кайс ибну Аслат деген акын киши бар болчу. Ошондуктан бул акындын айтканын булар укчу. Бирок булар да Хандак жылы деп аталган хижрийдин бешинчи жылында Исламды кабыл кылган.

Кийинки жылдын ажылык мезгили келээрден алдың – пайгамбарлыктын он үчүнчү жылы – Мусьаб ибну Умайр Меккеге кайтты, өзү менен кошо Пайгамбарыбызга САВ эң жакшы кабарды алып келди. Ясрип урууларынын Исламга киргендигин, алар эң кайрымдуу адамгерчиликтүү инсан жана аларда Исламды коргоо үчүн бардык күч кудурет жетиштүү экендигин Мусьаб Пайгамбарыбызга САВ айтып берди.

## *Акабадагы экинчи ант берүү*

Пайгамбарлыктын он үчүнчү жылы ажылык мезгилинде – 622 жылы июль айында – жетимиштен ашуун Ясриптик мусулмандар ажылыкты аткарганы келишти, алар ошол эле Ясриптик мушриктер менен бирге келген болчу, бул келген мусулмандар - Ясрипте жүргөндөбү же жолдо келаткандабы – качанкыга чейин Пайгамбарыбызды САВ Меккеге таштап ар түрдүү куугунтук коркунучтарга кабылтып таштап койобуз? Деп өз ара сүйлөшүшкөн болчу.

Булар Меккеге жетип келгенде Пайгамбарыбыз САВ менен жашыруун жолугушуулар болду, жолугушууда ташриктин орто күнүндө биринчи таш ыргыткан Мина жериндеги Акабага түн ортосунда эч кимге билгизбей жолугушуу өткөзмөкчү болуп эки тарап макулдашты.

Бул окуя бутпарастык менен Ислам ортсунда болуп жаткан күрөш тууралуу тарых баракчасын өзгөрткөн окуя болгон, ошондуктан бул окуя кандай болгондугун жана ага күбө болгон ансар башчыларынын бири (ансар деп Мадиналык сахабаларды айтат) Кааб ибну Малик Ансарий айтып берсе:

Ажылыкты аткарганы чыктык, бизге Пайгамбарыбыз САВ ташриктин орто күнүндө Акабада жолугушууну убада кылды, ошол убада кылынган күнү түн ортосунда жолугушмай болдук, биз менен өз уруубуздун башчысы жана кадыр барктуу инсаны болгон Абдулла ибну Амру ибну Харам да бар болчу, анткени аны да өзүбүз менен кошо алып алган элек, биз менен бирге ажылыка келген мушриктерге эч нерсени билгизбей бардык ишти жашырдык, Абдулла ибну Амруга мындай деп айттык: Оо, Абдулла! Сен биздин башчыларыбыздын бири жана эң кадыр барктуу инсандарыбыздын да бирисин, ошондуктан эртең тозок отуна отун болуп калбооңду каалайбыз, деп айттык да Исламга үгүт кылып Пайгамбарыбыз САВ менен Акабада жолугушуу боло тургандыгын кабар бердик. Ошентип Абдулла Исламды кабыл кылып биз менен кошо Акабадагы жолугушууга катышып бизге башчы болуп берди.

Жолугуша турган күнү кечиндеси өз уруубуз менен бирге жаттык, анан түн жарым болгондо акырын бирден бирден эч кимге билгизбей ал жерден чыгып кеттик, баарыбыз барып Акабада чогулдук, ошондо жетимиш үч эркек жана эки аял болду, ал аялдар Нусайба бинту Кааб – Аммааранын апасы – Маазин ибну Нажжар уруусунан жана Асма бинту Амру – Манийнин апасы – Салама уруусунан.

Жолугуша турган жерге келип Пайгамбарыбыздын САВ келүүсүн күттүк эле Пайгамбарыбыз САВ да келип калды, өзү менен кошо байкеси (атасынын бир тууганы) Аббас ибну Абдулмуталипти да алып келиптир – ал кезде Аббас мушрик болчу – Аббас инисинин чогулушуна катышкысы келип жана

анын ишеничтүү адамы болуп келиптир, анан алгач Аббас сөздү баштады.

### *Сүйлөшүүнүн башталуусу жана жоопкерчиликтин катаалдуу экендигин Аббас түшүндүрдү:*

Баарыбыз чогулгандан соң диний жана аскердик сүйлөшүүлөр жана келишимдер башталды, эң алгач сөздү Аббас ибну Абдулматалип баштап - баарын ачык айкын - бул жоопкерчиликтин жана келишимдин артында өтө кыйынчылыктар тураарын айтып мындай деп сөздү баштады:

Оо, Хызраждыктар – алгач араптар ансарларды хызраж деп аташчу, хызраждарды да аустарды да – чындыгында Мухаммед өзүңөр билгендей биздин балабыз, биздин көз карашыбыз мунукунан башкача болгону менен бул өз элинде урмат сыйы бар жана муну коргой турганы бар, бирок бул баарынан баш тартып силерге барып кошулгусу келип жатат, эгер силер Мухаммедди ушул бардык коркунучтардан жана буга каршы чыккан кооптуу жагдайлардан коргоп калууга кудуретибиз жетет десеңер анда ошону моюнуңарга алгыла, а эгер силерге баргандан кийин бул нерсени аткара албайбыз муну коргой албайбыз десеңер анда азыртадан эле бул ишти жөн койгула, анткени муну өз элинде коргой турганы бар.

Кааб айтат биз Аббаска ушундай деп айттык: Айтканыңды уктук, эми сиз сүйлөңүз оо, Аллахтын элчиси! Өзүңүз үчүн жана дин үчүн кандай нерселерди кааласаңыз айта бериңиз.

Бул жооп чечкиндүүлүктүн, баатырдыктын, ыймандуулуктун жана ыкластуулуктун белгиси болуп, бул чоң жоопкерчиликти жана мунун акыбетинен кандай гана кыйынчылыктар келбесин баарын көтөрө билүүгө даяр экендигин билдирип турган жооп болчу.

Ушул сөздөн соң Пайгамбарыбыз САВ өз сөзүн айтып анан ант берүү башталды.

## *Ант берүүдө айтылган сөздөр:*

Бул ант берүү окуясын Имам Ахмад Жабирден риваят кылат, Жабир айтты: Оо, Аллахтын элчиси! Сизге кандай сөздөрдү айтып ант берели? Пайгамбарыбыз САВ:

1- Кандай иште болбосун моюн сунабыз деп
2- Оор жана жеңил абалда да Аллах жолуна сарптайбыз деп.
3- Жакшылыка буюруп жамандыктан кайтарабыз деп.
4- Баарын Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жасап ал жолдон эч тайбайбыз деп.
5- Эгер силерге барсам мага жардам беребиз, өзүңөрдү, аялыңарды жана балдарыңарды коргогондой мени да коргойбуз деп, ант берсеңер ошондо Бейишке киресиңер.

Ибну Исхак Каабтан риваят кылган сөзүндө Кааб ушундай дейт: Ант берүү сөздүн акыркы пункту ушундай болгон: Пайгамбарыбыз САВ сөзүн сүйлөп Куран окуп Аллах Таалага дуба кылып Ислам тууралуу айтты да ушундай деди: **“Аялыңарды жана балдарыңарды коргогондой мени да коргооңор үчүн мен да силерге ант берем”,** Анан Бараа ибну Маьруур Пайгамбарыбыздын САВ колунан кармап мындай деди: Ооба сизди акыйкаттык үчүн (Пайгамбар кылып) жиберген Аллахка ант болсун, өз жаныбызды коргогондой сизди да коргойбуз, жана ошону аткарабыз деп сизге ант беребиз оо, Аллахтын элчиси! Анткени биз согушчан адамдарбыз жана согушту билген адамдарбыз, бул нерсе бизге ата-бабаларыбыздан бери мурас болуп келатат.

Бараа Пайгамбарыбыз САВ менен ушундай деп сүйлөшүп жатканда ортодон Абулхайсам ибну Таяхан чыгып сөздү бөлүп ушундай деди: Оо, Аллахтын элчиси! Биз менен

жөөттөрдүн ортосунда мамиле бар, эми (сиз бизге келгенден соң) ал мамилени үзөбүз, эгер ушундай кылсак анан сиздин ишиңиз жеңишке жетип, бизди таштап өз жериңизге басып кетпейсизби?

Ошондо Пайгамбарыбыз САВ жылмайып мындай деди: **Жок канга кан, жанга жан, мен силер мененмин силер мени мененсиңер, силер ким менен урушсаңар мен да ошону менен урушам силер ким менен мамиле кылсаңар мен да ошону менен мамиле кылам.**

## *Ант берүүдөн алдың аны кайрадан текшерүү:*

Ушул ант берүү шарттары айтылып бүтүп ушул сөздөрдү айтып ант беребиз деп баары бир пикирге келгенден соң, пайгамбарлыктын 11 жана 12 жылдары Исламга кирген эки киши туруп, бул өтө чоң жоопкерчилик экендигин чогулгандарга түшүндүрүп аларды кайрадан текшерип, бул ант берүү бекем болуу үчүн жана элдер ошол курмандыка даяр бекен аны да билүү үчүн дагы бир ирет текшерүү жүргүзүлдү.

Бул тууралуу Ибну Исхак риваят кылат: Баары ушул сөздөрдү айтып ант беребиз деп турганда Аббас ибну Убаада ибну Надла мындай деди: Силер бул инсанга эмне үчүн ант бергениңерди билип жатасыңарбы? Чогулгандар: Ооба, деп жооп беришти, Аббас ибну Надла: Силер кара ак болобу бардык инсандар менен күрөшүүгө ант берип жатасыңар, эгер ошол кез келип мал-мүлкүңөр тартылып алынса, бай бийиңер өлтүрүлүп кетсе бул инсанды таштап жиберебиз десеңер анда азыртадан бул ишти койгула. Эгер ушундай кыла турган болсоңор бул дүйнө жана акыретиңер күйүп кетет, а эгер мал-мүлкүбүз тартылса да бай бийибиз өлтүрүлүп кетсе да бул ишти аткарууга сөз беребиз десеңер анда дүйнө жана акыретиңер эң жакшы болот.

Ошондо чогулгандар: Биз ошол бардык мусийбат кыйынчылыктарды көтөрүүгө даярбыз, эгер ушул сөзүбүзгө

туруп аткарсак бизге эмне берилет оо, Аллахтын элчиси?! Пайгамбарыбыз САВ: **Бейиш берилет,** деп жооп берди, анда алар: Колуңузду узатың деп айтышты эле, Пайгамбарыбыз САВ колун узатып ант берилди.

Жабир риваят кылып айтат: Ошентип ант бере баштадык, Пайгамбарыбыздын САВ колунан Асьад ибну Зараара кармап – ал ошол жетимиштен ашык кишинин эң кичүүсү эле – мындай деди: акырын оо, Ясриптиктер! Биз ушунча узактан бекеринен келгенибиз жок, чыныгы Аллахтын элчиси экендигин билгендиктен келип олтурабыз, Пайгамбарды САВ өз жеринен чыгарып салса (ал биз менен болуп баарыбыз) жалпы араптардан башка болуп бөлүнүп калабыз, анан кылыч көтөрмөй башталып арабыздан жакшыларыбызды да жоготуу болот, эгер ушунун баарына сабыр кылабыз десеңер анда ушул антыңарга тургула, ошондо Аллахтын өзү силерге соопту берет, а эгерде өз жаныңардан корксоңор анда азыр эле бул ишти жөн койгула, Аллахтын алдында да кечиримдүү болот.

## *Ант берүү келишими:*

Ант берүү үчүн баардык иштер кайра кайра текшерилип бүткөндөн соң ант берүү кол кармашуу менен башталды, Жабирдин сөзүндө – Асьад ибну Зараара сүйлөп бүткөндөн соң – чогулгандар айтышты: Оо, Асьад эми колуңду тарт, Аллахка ант болсун бул ант берүүнү эч таштабай сөзсүз сөзүбүзгө туруп ант беребиз.

Ошондо Асьад чогулгандар Аллахтын жолуна кандай болсо да баарына даяр экендигин толук түшүнүп канааттанды, анткени ал өзү Мусьаб ибну Умайр менен эң чоң үгүтчүлөрдөн болчу, албетте бул ант бергендердин башчысы Асьаддын өзү болду, ошондуктан эң алгачкылардан болуп Асьад ант берди. Ибну Исхактын риваятында: Нажжар уруусунун айтымына караганда Асьад ибну Зараара эң алгачкылардан болуп Пайгамбарыбыздын САВ колун кармап ант берген, андан соң

гана башкалар Пайгамбарыбыздын САВ колун кармап ант бере баштаашты. Жабирдин сөзүндө: Ошентип бирден бирден Пайгамбарыбыздын САВ колун кармап ант бере баштадык, Пайгамбарыбыз САВ бизге бул ант берүүнүн акысына Бейишти убада кылды. Ал эми биз менен болгон жанагы эки аялдын ант берүүсү кол кармоо менен эмес сөз менен болду. Себеби Пайгамбарыбыз САВ эч качан чоочун аялдын колун кармаган эмес.

## *Он эки башчы:*

Ант берүү бүткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ чогулгандарга өз араларынан он эки кишини тандоосун жана ошолорду башчы кылууну талап кылды, анткени булар өз коомуна башчы болуп жогорудагы ант берилген сөздөрдү аткаруу үчүн ушулар жоопкерчилктүү болоорун билдирип мындай деди: **Өз коомуңарга жоопкер болуш үчүн араңардан он эки кишини башчы кылып тандагыла.**

Ошол замат айтылган кишилер тандалып алынды, тогузоосу Хызраж уруусунан үчөөсү Аус уруусунан тандалды, булардын ысымдары:

## *Хызраж уруусунун башчылары:*

1- Асьад ибну Зараара ибун Адс.
2- Саьд ибну Рабиь ибну Амру.
3- Абдулла ибну Раваaха ибну Саьлаба.
4- Раафиь ибну Малик ибну Ажлан.
5- Бараа ибну Маьруур ибну Сахр.
6- Абдулла ибну Амру ибну Хараам.
7- Убаада ибну Саамит ибну Кайс.
8- Саьд ибну Убаада ибну Далим.
9- Мунзир ибну Амру ибну Ханийс.

## *Аус уруусунун башчылары:*

1- Усайд ибну Хузайр ибну Самак.
2- Саьд ибну Хайсама ибну Хаарис.
3- Рифaаьа ибну Абдулмунзир ибну Зубайр.

Бул башчылар тандалып алынгандан соң Пайгамбарыбыз САВ башчы катары буларга жоопкерчиликти айтып өзүнчө кепилдик сөздөрүн алып мындай деди: **Марям уулу Исанын жоопкерчиликтүү жардамчылары Хаварийиндер сыяктуу силер да өз коомуңарга жоопкерсиңер, ал эми мен жалпы коомума (мусулмандардын баарына) жоопкермин,** ошондо алар: Биз макулбуз, деп жооп беришти.

## *Шайтан ант берүү келишимин ачыка чыгарууда:*

Келишим сөздөрү айтылып, чогулгандар тарап кетүү алдында турганда шайтандардын бирөөсү бул чогулушту билип калат, ал шайтан бул чогулуш тууралуу баары ант берип иш соңуна чыгып калганда гана билип калган эле, Курайш эли бул чогулушту өз жеринде басып калуу үчүн жанагы шайтан Курайшка жашыруун кабар бербестен бийик жерге чыгып болгон үнү менен бакырып мындай деди: Оо, үйдө жаткандар! Силер Мухаммед менен анын тарапташтарын токтотуп калбайсыңарбы? Анткени алар силерге кол салганы чогулуп жатышат.

Ошондо Пайгамбарыбыз САВ: **Бул Акабанын жыланы, оо, Аллахтын душманы сөссүз сенин да түбүңө жетем,** деп шайтанга карап айтты да чогулгандарды өз ордуларына барууну талап кылды.

## ***Ансарлар Курайшка кол салууга даяр экендигин билдирди:***

Шайтандын бул үнүн уккандан соң Аббас ибну Убаада ибну Надла Пайгамбарыбызга САВ карап мындай деди: Оо, Аллахтын элчиси! Сизди чындыгында акыйкат үчүн жиберген Кудайга ант болсун, эгер кааласаңыз кылычтарыбыз менен эртең Курайшка кол салууга даярбыз, бирок Пайгамбарыбыз САВ: **Жок, буга буйрук кылынган жокпуз, ал эми азыр өз ордуңарга кайта бергиле,** деп айтты эле чогулгандар кайтып кетишти да таң атканча өз ордуларында укташты.

## ***Курайштыктар Ясриптиткерге наараазы болуп келди:***

Бул кабар Курайш элинин кулагына угулгандан соң алар өздөрүнчө кыжаалат болушуп тынчсызданышып баштады, анткени алар өз жандарына жана мал-мүлктөрүнө зыяны тийип калуудан коркуп ушуга окшогон окуялардын болуп кетүүсүн сезишип турган эле. Ошол күнү эрте менен Меккеликтердин көптөгөн башчылары жана өзүн текебер сезген кылмышкерлери чогулуп Ясриптиктердин конгон чатырына барышып жогорудагы болгон ант берүү окуясы тууралуу айтып өз нааразылыктарын билдиргени келишти да мындай дешти:

Оо, Хызраждыктар! Силер биздин арабыздан Мухаммедди чыгарып кетип анан аны менен келишим түзүп бизге каршы согушабыз деп жатат экенсиңер, ушул сыяктуу кабарларды уктук, Аллахка ант болсун бүткүл араптардын арасында силер менен согуш башталып кетүүнү эң жаман көрөбүз.

Бул ант берүү окуясы тууралуу Хызражылык мушриктер эч нерсени байкаган эмес болчу, анткени ант берүү окуясы түн

жарымда жашыруун болгон эле, ошондо ал мушриктер таң калышып Аллахка касам ичишип, эч нерсе болгон жок, эч нерсени билгенибиз жок деп айтышты, акырында Абдулла ибну Убай ибну Салул келип мындай деди: Бул жалган, эч кандай иш болгон жок, менин элим эч качан мындай ишке барбайт, Ясрипте болсом да кандай иш болбосун мага кабар беришмек.

Ал эми мусулмандар бири бирине карап окуя тууралуу болду да деген жок болбоду да деген жок жөн гана унчукпай туруштү.

Акырында Курайштын башчылары Ясриптик мушриктердин сөзүнө ишенишип эч нерсени биле албай артка кайтып кетишти.

## *Курайштыктар окуя тууралуу технтап ант бергендерди кармоо үчүн аракет жасашты:*

Мекке башчылары бул окуянын жалган экендигине ишенишкен абалда кайтып келишти, бирок окуянын болгондугун аныктоо үчүн кайрадан изилдөөнү күчөйтүштү, акырында окуя болгондугун аныктап, ант берүү чын эле болгондугун таап чыгышты. Бирок ажылар өз жерлерине кайтып кеткенден кийин табышкан эле. Меккенин атчандары Ясриптиктерди кармоо үчүн изинен кууп жөнөштү, бирок Ясриптиктер ал кезде узакташып кеткен болчу, тилеке каршы жолдо Саьд ибну Убаада менен Мунзир ибну Амруну көрүп калышып аларды кууп жөнөштү, ал эми Мунзир болсо атчандарга жеткирбей качып кетти, Саьдды болсо атчандар кармап алышып, аны кармагандан соң колун мойнуна байлап уруп тепкилешип жерге сүйрөшүп, чачынан сүйрөп Меккеге алып келишти, ошол кезде Матьам ибну Адий менен Харис ибну Харб ибну Умая келип Саьдды алардын колунан куткарып калды, анткени Саьд бул экөөнүн соода кербендерин Мадинадан өтүп баратканда өз коргоосуна алган эле. Саьдды

жоготкон кезде Ансарлар аны табуу үчүн артка кайтууга камынып калышканда Саьд жолдо көрүнүп калат, ошентип баары Мадинага кайтып келиштет.

Акабадагы экинчи ант берүү ушундайча болгон – бул Акабадагы чоң ант берүү деп да аталат – окуя ушундай кыйын мезгилде болгондугун, момундардын арасындагы бири бирине болгон чыныгы сүйүүнү, убадага туруп бири бирине жардам берүү керек экендигин билдирип, дин жолу үчүн ишеним, тайманбастык жана баатырлык ого бетер күчөгөндүгүн да көрсөтүп турат. Ясриптик момундар алсыз бир туугандары Меккелик момундарга боору ооруп, алардын тарабын тартып, аларга зулумдук кылгандарга каары келип, бир туугандарына көңүлдөрү ооруп, Аллах үчүн болгон чыныгы бир туугандык мамиле ачыктан ачык билинип турат.

Ушундай сүйүү сезимдери жана боорукерлик жөн эле пайда болуп калган жок, балким мунун негизги өзөгү Аллахка анын элчсине жана Куранга болгон ыйман-ишениминин натыйжасында пайда болгон, кандай гана заалымдык күчтөр жана душмандык болбосун мындай ыйманды эч качан жеңе албайт. Бул ыйман чыныгы бекем акыйда-ишенимдин жана амал кылуунун натыйжасынан келип чыккан, ушундай ыйман менен гана мусулмандар тарыхтагы чоң ийгиликтерге жетишип, ошол учурдагы жана келечетеги эч ким жетише албаган ийгилиткерге жетишти.

## *Көчүүнүн башталуусу*

Акабадагы экинчи ант берүү бүткөндөн соң, чөлдүн ортосунда жайгашкан каапырлык жана караңгылык күчөгөн жердин ордуна өзүнчө Ислам өлкөсү орношту – бул Исламдагы алгачкы үгүт иштеринин натыйжалуу иши болчу – ошондо Пайгамбарыбыз САВ мусулмандарды ошол өлкөгө көчүп кетүүгө уруксаат берди.

Көчүүнүн максаты өз кызыкчылыкты таштап, мал-мүлктү сарптап өз жанын куткаруу гана болгон эмес, балким жолдо баратып тонолуп кетүү же болбосом жолдун башталышында эле же аягында болобу өлүү коркунучу бар болгон, жана караңгы болгон келечеке бараткандыгы, мунун натыйжасында кандай кайгылар болуп кетээри билинбеген нерсеге баратышкан болчу.

Ушул нерселердин баарын билип туюп турса да мусулмандар көчүүнү башташты, ал эми мушриктер болсо кырдаалдын курчуп кеткендигин байкагандан соң булардын көчүүсүн токтотууга аракет жасашты. Бул тууралуу кээ бир мисалдарды айта кетели:

1-Эң алгачкылардан болуп Абусалама көчкөн – Ибну Исхактын риваятына караганда бул киши Акабадагы чоң ант берүүдөн бир жыл алдың көчүп кеткендиги айтылат – аялы жана баласы да көчкөн. Абусалама көчүүгө камданып калганда анын кайын журту ага карап: Сен өзүң баргың келип жатат, ал эми биздин кызыбызды эмне кыласың? Эмне үчүн кызыбызды сени менен кетүүгө коюп жиберет экенбиз? Деп айтышат да андан аялын тартып алышат. Бул кылган кылыктарына Абусаламанын туугандары ачууланып, аларга карап: Эгер силер биздин тууганыбыздан (Абусаламадан) аялын тартып алсаңар анда биз анын баласын аялына бербейбиз, деп айтышты да алар кичинекей баланы талашып эки жака тарта баштады анан Абусаламанын туугандары баланы тарткан кезде баланын колу чыгып кетти, ошентип Абусаламанын туугандары баланы өзүнө алып алышты, ал эми Абусалама жалгыз өзү Мадинага көчүп кетет. Абусалама кеткенден соң аялы баласынан да ажырап күнүнө шаардын сыртына чыгып кечке көз жаш кылып ыйлап жатты. Ошол акыбалда бир жылдай өтүп кетет. Акырында аялдын туугандарынын бирөөсү ага боору ооруп туугандарына мындай деди: Бул байкушту кыйнабай коюп эле жибербейсиңерби? Ошондо анын туугандары да ал аялга, жолдошуна жана кичинекей баласына

боору ооруп: Эгер кааласаң жолдошуңдун артынан бара бер, деп айтышты эле аял баласын Абусаламанын туугандарынан суранып кайра өзүнө алып, баласын алып жолдошунун артынан Мадинаны көздөй – аралыгы бешжүз километр болгон - жолго чыгат. Аялдын жанында алып бара турган эч ким жок болот. Ошентип ал Меккенин сыртындагы Таньим деген жерге жеткен кезде аны Усман ибну Талха ибну Абуталха көрүп калат, аялдын акыбалын көрүп Усман аялга боору ооруп Мадинага чейин аялды алып барат, Мадинага кире беришто Куба жерине жеткен кезде Усман аялга карап: Жолдошуң бул айылда, эми Аллахтын берекеси менен айылга кире бер, деп айтып өзү артты Меккени көздөй жөнөп кетет.

2- Сухайб Мадинага көчөмүн деп жатканда Курайштын каапырлары ага: Сен бизге кедей бечара самтыраган абалда келдиң эле, эми байып байлыгың көбөйүп, анан ошол байлыгыңды алып кетип калмакчыбысын? Аллахка ант эч андайга жол бербейбиз. Ошондо Сухайб аларга: Мен байлыгымды силерге таштасам мени коюп жибересиңерби? Деп айтты эле алар: Ооба, деп жооп беришти, Сухайб: Андай болсо байлыгымды силерге бердим деп айтып көчүп кетти. Бул кабар Пайгамбарыбызга САВ жетип Пайгамбарыбыз САВ мындай дейт: **Сухайб утту, Сухайб утту.**

3- Умар ибну Хаттаб, Ияаш ибну Абурабия жана Хишам ибну Аас ибну Вааил үчөө сүйлөшүп, эртеси бир жерде жолугушуп анан ошол жерден Мадинаны көздөй көчмөкчү болуп убадалашат. Умар менен Ияаш убадаланган жерге келет, ал эми Хишам келе албай калат.

Ошентип Умар менен Ияаш Мадинага жетип келип Кубага жайланышат. Абужахил менен анын бир тууганы Харис Ияаштын артынан Мадинага келет. Ал экөө Ияашка: Апаң сени көрмөйүнчө башына тарак тийгизбеймин жана күндүн ысыгына олтуруп көлөкөгө келбеймин деп касам ичип кыйын абалда олтурат, деп айтышты эле Ияаш апасына боору ооруп кайра Меккеге бармай болуп калат, ошондо Умар

Ияашка: Оо, Ияаш! Сени элдер алдап динден чыгаргысы келип жатат, алардан этият болуп барбай эле кой, Аллахка ант эгер апаңдын башы биттеп кетсе айла жок башын тарайт, эгер Меккенин ысыгы күчөп кетсе айла жок көлөкөгө барат. Бирок Ияаш Умардын айтканына көнбөй ичкен касамын мени көрмөйүнчө таштабайт деп апасына боору ооруп тиги экөө менен Меккеге кетмей болот, ошондо Умар Ияашка: Анда кандай кылсаң өзүң бил, бирок бул менин төөмдү минип ал, анткени менин төөм асыл тукум жана шамдагайыраак, анан үстүнөн эч түшө көрбө, эгер жолдо тигилерден бир нерсени шектенип кала турган болсоң ошол замат качкын.

Ошентип Ияаш Умардын төөсүн минип тиги экөө менен Меккени карай жөнөп кетет, жолдо келатышканда Абужахил Ияашка: Оо, иним! Төөм баспай мени аябай кыйнап жиберди, мени да артыңа учкаштырып аласыңбы? Деп айтты эле Ияаш макул деп жооп берди да төөсүн жерге чөктүрдү, төө жерге чөккөндө ошол замат тиги экөө Ияашты бекем кармашып байлап салышты, анан күндүзү Меккеге кирип келишип мындай дешти: Оо, Меккеликтер! Биз динден чыгып бузулуп кеткен тууганыбызды мындай кылып жазалагандай силер да ушундай кылгыла.

Бул үч окуя мисал катары айтылды, Меккелик мушриктер кимдин көчүп кетүүсүн билип калышса ушул сыяктуу кылып жазалашкан. Бирок ошондой болсо да мусулмандар акырындап бирин артынан бири Мадинага көчүп кетти. Акабадагы чоң ант берүүдөн эки ай өтүп өтпөй Меккедеги мусулмандардын баары Мадинага кетип бүтүштү, бир гана Пайгамбарыбыз САВ, Абубакир жана Али калды, булардан сырткары мушриктер кармап калган мусулмандар да айла жок Меккеде калган эле. Пайгамбарыбыз САВ да качан Аллах тараптан уруксат берилсе Мадинага көчөм деп даяр турду, Абубакир да даярданып турду. Бул тууралуу Бухарий Айшадан риваят кылат: Пайгамбарыбыз САВ мусулмандарга айтты: **Мага таштак жердин ортосундагы (жайгашкан)**

**курмалуу жерге (Мадинага) көчүү көргөзүлдү.** Ошентип Мадинага мусулмандар көчүп кетишти, Эфиопиядагы мусулмандар да ал жактан Мадинага көчүп келишти. Абубакир Мадинага көчүүгө камданып калган кезде Пайгамбарыбыз САВ ага: **Сен шашпай тур, мага да уруксаат болсун,** деп айтты эле Абубакир: Чын эле мени менен көчүүгө камданып жатасызбы? Пайгамбарыбыз САВ: **Ооба,** деп жооп берди. Ошентип Абубакир Пайгамбарыбыз САВ менен шерик болуп көчүүгө калды. Абубакир эки төөсүн төрт айдай көчүүгө даяр кылып жемдеп турду.

## *Курайш чогулуш өткөрдү*

Курайш эли Пайгамбарыбыздын САВ сахабалары даярданып үй-бүлөсүн жана мал мүлкүн алып Аус менен Хызраж уруусуна көчүп кеткенин көргөндөн соң өз жандарында тынчсыздануу жана коркунучтар пайда боло баштады. Курайш элинин көз алдында мурун болуп көрбөгөн чыныгы коркуу сезими пайда болду. Анткени алар тутунган дини болгон бутпараз отпараздык жана экономика жагынан да коркуп жатышкан эле, себеби алар Мухаммеддин САВ кылган аракеттери жана сөздөрү өтө таасирдүү, бир ишти толук кемелдүү башкарып жол көрсөтө билген инсан экендигин өтө жакшы билишчү, анын сахабалары да ал үчүн кандай иштерге болсо да даяр экендигин да билишчү. Андан да өкүнүчтүүсү Аус жана Хызраж урууларынын урушууга жана коргонууга жетээрлик деңгээлде аскердик күчтөрү бар экендигин да Курайш эли жакшы билишчү, анткени бул эки уруу узун жылдар бою бири бири менен урушуп келгенден соң булардын арасынан акылдуулары чыгып эки уруу ортосунда элдешүү биригүү пайда болгондугун да Кураш эли билишчү.

Ошондой эле Йемен жана Шам жерлеринин арасындагы соода жолу кызыл деңизди бойлоп Мадина шаарынын жанынан өтө турган жол болчу, ошондуктан Мадина шаары

стратегиялык жактан да өтө орчундуу болчу, анткени Меккелиткер Таиф жана башкалардан сырткары өздөрү жылына соода тармагында экижүз элүү миң алтын динары өлчөмүндө соода жүргүзүшүп, ошол соода каравандары Мадина шаарынын жанынан өтчү. Белгилүү болгондой алдың Меккеликтер үчүн бул жолдо эч кандай кооптонуу жок болчу, ушулардын баары Курайш эли үчүн катуу коркунучтарды туудурду.

Ислам дини Ясрип жеринде жайгашып калгандыгы жана Ясрип эли Курайш элине каршы чыгуу ыктымалдары да Курайштыктар үчүн шектенүүлөрдү жарата баштады.

Мушриктер биринин үстүнөн бири келген коркунучтарды сезе баштагандан кийин, бул ишти тез арада чечүүгө катуу кирише баштады, анткени бул нерсенин башында Ислам динин жайылтып жаткан Мухаммед САВ экендигин жакшы билишчү.

Пайгамбарлыктын 14 жылы Сафар айынын 26 да бейшемби күнү, бул күн 622 жылдын 12 сентябрына туура келет - Акабадагы чоң ант берилгенине эки жарым айча өткөндөн кийин – Меккеликтер өз тарыхында эң орчундуу эсептелген чогулуш өткөрүштү. Бул чогулушка Курайштын бардык урууларынын башчылары катышышты, чогулушта Ислам желегин көтөрүп жүргөндү тез арада жок кылып, анын нурун түп тамыры менен бүтүндөй жок кылуу үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Бул коркунучтуу чогулуштагы катышкан Курайш урууларынын эң көрүнүктүү инсандары төмөнкүлөр:

1- Абужахил ибну Хишам, Махзум уруусунан.

2- Жубайр ибну Матьам, Таьийма ибну Адий жана Харис ибну Аамир, Науфал ибну Абдуманнаф уруусунан.

3- Рабиянын эки уулу Шейба менен Утба жана Абусуфян ибну Харб, Абдушамс ибну Абдуманнаф уруусунан.

4- Нудар ибну Харис (ушул киши Пайгамбарыбыздын САВ үстүнө ичегини таштаган болчу) Абдуддаар уруусунан.

5- Абулбахтарий ибну Хишам, Замьа ибну Асвад жана Хаким ибну Хузам, Асад ибну Абдулузза уруусунан.

6- Хажжаждын эки уулу Набих менен Мунаббих, Сахм уруусунан.

7- Умая ибну Халаф, Жамах уруусунан.

Белгиленген убакытка баары чогулгандан соң, Шайтан бир картаң аксакалдын сүрөтүндө болуп, үстүнө чапан кийип чогулушка келип калды да эшиктин жанына турду, чогулгандар: Бул кайсыл аксакал экен? Деп сурап калышканда, шайтан: Нажд жеринен келген аксакалмын, эмне максатта чогулуп жатканыңарды угуп, ошого мен да катышайын деп келип олтурам, менден да бир жакшы кеңештер чыгып калаар, деп айтты эле чогулгандар: Албетте, кир, деп айтты, шайтан дароо кирип келди.

## *Чогулуштагы ар түрдүү пикирлер жана Пайгамбар-ыбызды САВ өлтүрүү үчүн бир пикирге келүү:*

Баары чогулгандан соң ар кимиси өз ой пикирин айта баштады, ошентип көпкө чейин сүйлөшүү созулду. Абуласвад мындай деди: Жерибизден кууп чыгалы, кайда кетсе ошол жака кетсин жана кайда барып жайланышса ошол жака барып жайланышсын аны менен биздин ишибиз болбойт, анан мурункудай болуп оңолуп жашай беребиз.

Нажд жеринен келген аксакал: Жок андай болбойт, бул пикир туура эмес пикир, сөзүнүн өтө жакшы жана маанилүү экендигин, сүйлөгөндө адамдардын жүрөгүн өзүнүн динине тартып алып жатканын көрбөй жатасыңарбы? Эгер андай кылсаңар өз жериңерде тынчтыкта жашай албай каласыңар, анан анын артынан ээрчигендер көбөйөт да ал баарын жыйнап

силерге каршы согуш ачып силерди жок кылат, андан соң силерди каалагандай кылып башкарат, мындан башка пикир айткыла.

Абулбахтарий: Темир эшике камап салалы да аны карап жаталы, акырында башка акын ырчылар сымал ошол темир тордун артында өлүп жок болот.

Нажд жеринен келген аксакал: Жок андай болбойт, бул пикир да туура эмес пикир, эгер силер айткандай кылып камап салсаңар анын кабары сыртка жолдошторуна угулат да, анан алар чогулуп келип камакты карап олтургандарга кол салып аларды өлтүрүп аны куткарып кетишет, андан соң көбөйүшүп келип силерди жок кылат, мындан да башка сунушту карагыла.

Чогулгандар ушул эки пикирди четке каккандан соң баары макул боло турган сунуш айтылды, бул сунушту Меккенин эң чоң зөөкүрлөрүнүн бири Абужахил ибну Хишам айтты, ал мындай деди: Чындыгында менин бир пикирим бар, бул пикирге баарыңар макул болосуңар деген ойдомун, ошондо чогулгандар: Ал кандай пикир экен оо, Абужахил? Деп сурап калышты, Абужахил: Бардык уруудан бирден бирден жаш, күчтүү, тектүү жана орточо жигитти тандап алабыз, анан алардын баарына курч кылычты карматабыз, андан соң алар баары бир кишинин сайганындай кылып Мухамедди баары биригип туруп сайып өлтүрүп салышат, ошондо гана андан кутулуп Мухаммеддин каны баардык урууларга тарап кеткен болот, ошентип анын туугандары Абдуманнаф уруусу кайсыл уруу анын канын төккөнүн биле албай калат. Акырында алар акылдашуу менен чечүүнү талап кылышканда акылдашып чечип койобуз.

Нажд жеринен келген аксакал: Бул киши айткан эң жакшы туура пикир деп ойлоймун, мындан артык туура пикир жок.

Чогулган Мекке уруу башчыларынын баары ушул пикирге макул болушуп, тез күндө ушул ишти иш жүзүнө ашыруу керек деп тарап кетишти.

## *Пайгамбарыбыздын САВ көчүүсү*

Пайгамбарыбызды САВ өлтүрүү үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп бүткөндөн соң Жебрейил периште түшүп Аллах тараптан вахий кабарды алып келди, ал кабарда Курайш элинин Пайгамбарыбызды САВ өлтүрүүнү көздөп жаткан кабарды айтып, Аллах Таала Пайгамбарыбызга САВ көчүүгө уруксаат бергендигин жана качан кайсыл убакта чыгуу керектигин билдирип мындай деди: Бүгүн өз ордуңа жатпагын, деп айтып кетти.

Пайгамбарыбыз САВ ошол күнү үйүнөн узакташып көчүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөнү Абубакирдикине РА барды. Бул тууралуу Айша РА мындай дейт: Ошол күнү биз түшкө маал Абубакирдин үйүндө олтурат элек, арабыздан бирөөсү Абубакирге: Тигинде Пайгамбарыбыз САВ келатат – үстүн жаап алыптыр – бул убакта ал келчү эмес эле го, ошондо Абубакир: Пайгамбарыбыз САВ үчүн өз жанымды берүүгө даярмын, бул убакта Пайгамбарыбыз САВ жөн келген жок бир иш болуп калган окшойт, деп айтты.

Пайгамбарыбыз САВ келип кирүүгө уруксат сурады эле уруксат берилип Пайгамбарыбыз САВ үйгө кирип Абубакирге: **Сыртка чыксаң,** деп айтты, анда Абубакир: Бул сиздин үй-бүлөңүз оо, Аллахтын элчиси! Айта бериңиз, Пайгамбарыбыз САВ: **Мага көчүүгө уруксаат берилди,** Абубакир: Мен да сиз менен чыгамбы оо, Аллахтын элчиси? Пайгамбарыбыз САВ: **Ооба,** деп жооп берди.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ Абубакир менен качан көчүү керектиги туурасында сүйлөшүп бүткөндөн соң үйүнө кайтып келип караңгы кирүүсүн күттү.

## *Пайгамбарыбыздын САВ үйүн курчоого алуу:*

Ал эми Курайштын чоң зөөкүрлөрү Мекке урууларынын чогулушундагы эрте мененки болгон сүйлөшүү планын аткаруу үчүн күндүзү даяргерчилик көрүштү, бул ишке ошол зөөкүрлөрдүн арасынан он бир кишини тандап алышты, алар:

1- Абужахил ибун Хишам.
2- Хакам ибну Абулаас.
3- Укба ибну Абумуьит.
4- Нудар ибну Харис.
5- Умая ибну Халаф.
6- Замьа ибну Асвад.
7- Таьийма ибну Адий.
8- Абулахаб.
9- Убай ибну Халаф.
10- Набих ибну Хажжаж.
11- Жана анын иниси мунаббих ибну Хажжаж.

Ибну Исхак бул тууралуу ушундай риваят кылат: Кеч кирип калган кезде белгиленген кишилер Пайгамбарыбыздын САВ эшигине чогулушту, качан гана Пайгамбарыбыз САВ уктаган кезде баары бир болуп Пайгамбарыбызды САВ кылыч менен саймакчы болуп даярданышты.

Булардын баары бул зөөкүрлүк пландары сөссүз ишке ашат деген ойдо болушту, жада калса Абужахил өзүнчө текеберленип жанындагы шериктерине мыскылдап күлүп мындай деди: Мухаммеддин айтуусунда эгер анын динин ээрчисеңер бүткүл араптарга жана башкаларга да падыша болот имишсиңер, анан өлүп кайра тирилгенден соң Иорданиянын Бейишиндей Бейишке кирет имишсиңер, а эгер андай кылбасаңар силерди жок кылып салат имиш, анан өлүп кайра тирилгенден соң тозокто күйүп азапталат имишсиңер.

Түн жарым болгондо кылмыш ишин жүзөгө ашыруу убагы эле, кылмышкерлер уктабай ошол убактын келүүсүн күтүп турушту, бирок Аллах Тааланын айтканы болот, анын

колунда асмандардын жана жердин падышалыгы бар, ал эмнени кааласа ошону кылат, баары ага муктаж ал эч кимге муктаж эмес, Куранда кийнчерээк Пайгамбарыбызга САВ билдиргендей Аллахтын каалаганы болду:

وَإِذْ يَمْكُرُ بِكَ الَّذِينَ كَفَرُواْ لِيُثْبِتُوكَ أَوْ يَقْتُلُوكَ أَوْ يُخْرِجُوكَ وَيَمْكُرُونَ وَيَمْكُرُ اللّهُ وَاللّهُ خَيْرُ الْمَاكِرِينَ {الأنفال/30}

***“(О, Мухаммед) эстегин, каапырлар (бир кезде) сени (өз журтуңда) калтырууга, же өлтүрүүгө же болбосо, сүргүн кылууга амал издешкен. Алар айлакерлик кылышат, Аллаһ да айлакерлик кылат. Аллах айлакерлердин мыктысы”.*** (Анфал, 30)

## *Пайгамбарыбыз САВ үйүнөн чыгып кетти:*

Курайштыктар пландарын ишке ашыруу үчүн катуу даяргерлик көрүшсө да, тилекке каршы пландары ишке ашпай калды. Кырдаал өтө курчуп турган убакта Пайгамбарыбыз САВ Али ибну Абуталипке мындай деди: **Менин төшөгүмө жатып укта, бул жашыл чепкенимди жамынып ал, эч кам санабй эле кой алардан корко тургандай сага кымындай да эч нерсе болбойт.** Анткени Пайгамбарыбыз САВ уктаган кезде ошол чепкенини жамынып алаар эле.

Андан соң Пайгамбарыбыз САВ сыртты көздөй чыгып кетти, кылмышкерлерди аралап колуна бир ууч кум алды да алардын баштарына чачып Аллахтын ушул аятын окуй баштады:

وَجَعَلْنَا مِن بَيْنِ أَيْدِيهِمْ سَدًّا وَمِنْ خَلْفِهِمْ سَدًّا فَأَغْشَيْنَاهُمْ فَهُمْ لاَ يُبْصِرُونَ {يس/9}

***“Биз алардын алдынан, артынан тосмолорду коюп, эч нерсени көрө албай турган кылып ороп салдык!”.*** (Ясин, 9) ошондо Аллах Таала алардын көзүн көрбөй турган кылып салды, Пайгамбарыбыз САВ алардын баарынын башына

кумдан чачып койду, анан Абубакирдин үйүнө жөнөп кетти, ошол замат экөө түнкүсүн Абубакирдин үйүнүн арт жагынан чыгып Йемен тарапта жайгашкан Саур үңкүрүнө барып ошого кирип алышты.

Пайгамбарыбыздын САВ үйүн аңдып олтурган кылмышкерлер белгиленген убактын келүүсүн күтүп олтуруша берди, белгиленген убак келээрге жакын алардын аракеттери текке кеткендиги билинип калды, үйдү аңдып олтургандардан эмес сырттан бир киши келип аңдып олтургандарга: Эмнени күтүп жатасыңар? Деп сурап калды эле, алар: Мухаммедди, деп жооп беришти, келген киши: Планыңар иш жүзүнө ашпай калды баарын текке кетирдиңер, башыңардагы кумду кагып алгыла, деп айтты эле тигилер кылмышты ишке ашыруу үчүн дароо козголо баштап: Аллахка ант болсун, биз аны көргөнүбүз жок, деп айтышып баштарындагы кумду кага башташты.

Ошондой болсо да алар эшиктин жылгаасынан үйдүн ичине көз салышты эле төшөктө Али уктап жаткан болчу, төшөктөгү жатканды көрүп алар: Тигинде Мухаммед уктап жатпайбы үстүнө чепкенин жамынып, ошентип күн жарып калганга чейин турушту. Бир маалда Али төшөктөн турган кезде тигилер Алини көрүп ден дароо болуп калышты, анан Алиден Пайгамбарыбызды САВ сурашты эле Али: Кайда экенин билбеймин, деп жооп берди.

## *Үйдөн үңкүргө:*

Пайгамбарлыктын 14 жылы Сафар айынын 27 түнү, 622 жылдын 12/13 сентябрына туура келет Пайгамбарыбыз САВ үйүн таштап чыгып кетти. Үйүнөн чыгып жолдошу Абубакирдин үйүнө келди. Ошол эле убакта экөө акыркы үйдү таштап арткы эшиктен жарык кире электе Меккеден батыраак чыгып кетишти.

Курайш Пайгамбарыбыздын САВ артынан издөө салаарын Пайгамбарыбыз САВ билген болчу, анын артынан издегендердин көзү Мадинага карай эң негизги жол болгон түндүк тарапка түшөөрүн билчү, бирок Пайгамбарыбыз САВ ал жолдун тескери жагы Меккенин түштүк жагында жайгашкан Йемен жолун карай бет алды. Ушул жолдо беш чакырымдай жүрүп олтуруп акыры Саур деген тоодогу үңкүргө келишти, бул тоонун бийиктиги бийик, жолу катаал, таштак жана ага чыгуу кыйын болчу, тоого чыгып жатып Пайгамбарыбызбын САВ буттары жабыркап кетти, кээ бир кабарда айтылганына караганда: Изин жашыруу үчүн Пайгамбарыбыз САВ бутунун учтары менен баскан эле ошондуктан буттары ооруп кеткен болчу. Кандай болгон күндө да Тоонун бир жерине жеткен кезде Абубакир Пайгамарыбызды САВ кармап тартып алды да тоонун башында жайгашкан үңкүргө чейин алып келди, ошол үңкүр тарыхта Саур үңкүрү деп аталып калды.

## *Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир үңкүрдө:*

Экөө үңкүргө келген кезде Абубакир Пайгамбарыбызга САВ: Мен кирип ичин текшермейин кирбей туруңуз, эгер ичинде бир зыян болуп калса ал зыян мага тийсин, деп айтты да үңкүргө кирип текшерип көрдү эле үңкүрдүн четтеринде тешиктерди тапты. Абубакир көйнөгүнөн жыртып алып бир тешикти жапты эле дагы эки тешик калды, ал эки тешикти эки буту менен тосту да Пайгамбарыбызга САВ: Кириңиз, деп айтты, Пайгамбарыбыз САВ үңкүргө кирип башын Абубакирдин бутуна коюп уктап кетти, ошол кезде бутун коюп турган жанагы тешиктин бирөөсүнөн бир нерсе Абубакирдин бутун чагып алды, ошондой болсо да Пайгамбарыбыз САВ ойгонуп кетпесин деп бутун кыймылдаткан жок, ооруусу күчөйгөнүнөн Абубакирдин көзүнө жаш толуп бир тамчы жаш Пайгамбарыбыздын САВ

бетине түштү эле Пайгамбарыбыз САВ ойгонуп кетип: **Сага эмне болду оо, Абубакир?** Деп сурап калды, ошондо ал: Бутумду чагып алды, жаным сиз үчүн бардык нерсеге даяр эч нерсе эмес, деп жооп берди, Пайгамбарыбыз САВ чаккан бутун үйлөп дем салып койду эле ошол замат бутунун оорусу кетип айыгып калды.

Үңкүрдө үч түн жашынып турушту, жума, ишемби жана жекшемби күндөрү. Абубакирдин уулу Абдулла Пайгамбарыбыз САВ менен атасы Абубакирдин жанына келип жатып турду. Бул тууралуу Айша РА мындай дейт: Ошол кезде Абдулла жаш түшүнүктүү акылдуу бала болчу, таң атаарга жакын Абдулла үңкүрдөн чыгып Меккеде түнөгөн киши сымал эртеси эрте менен Меккеде Курайштын алдында болуп калаар эле, күндүз бою ал Меккеде болуп ким Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир тууралуу эмне сөз сүйлөсө аны Абдулла дароо тыңшап ошол кабарды кечинде Пайгамбарыбызга САВ алып келчү. Аамир ибну Фахийра аттуу Абубакирдин кызматкери болчу, ошол кызматкер койчуман болуп бир канча койлорду кайтарчу, кечинде ал койлорун ошол тоо жака кайтарып койдун сүтүнөн саап Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди сүт менен камсыз кылып турду, ошентип ал да ошол үч түндү ошондой кылып өткөздү. Эртеси эрте менен Абдулла үңкүрдөн кеткен кезде Аамир Абдулланын баскан издерин жашыруу үчүн анын артынан койлорун Меккени көздөй айдап келээр эле.

Ал эми Курайш болсо ошол пландаган түндүн таң заарында Пайгамбарыбыз САВ кантип чыгып кеткенин байкабай калгандары үчүн кыжыры келип катуу жинденип ден дароо болушту. Ачуусу келген Курайш башчылары эң алгач Алини сабап киришти, анан аны Каабаны көздөй сүйрөп алып барышып Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир тууралуу бир кабарды айтып калаар деп бир канча убакыт кармап турушту.

Курайш Алиден эч кандай маалымат ала албагандан соң Абубакирдин үйүнө келишти, келип эшигин какты эле

Абубакирдин кызы Асма чыкты, андан: Атаң кайда кетти? деп сурашты эле ал: Билбеймин, чын эле атам кайда кетти экен? Ошондо Абужахил колу менен Асманы жыга чапты эле сөйкөсү да учуп кетти, анткени Абужахил зөөкүр бузуку киши болчу.

Эч кандай натыйжа чыкпагандан соң Курайш дароо шашылыш жыйын өткөзө калды, ал жыйында эки кишини кармоо үчүн бардык чараларды колдонушуп Меккенин сыртына чыккан бардык жолдорду издеп күчтүү курал менен камданган кишилерди чыгарышты, ал экөөнүн кимиси болсун тирүүбү өлүүбү Курайшка кармап алып келсе ар бирине жүз төөдөн сыйлык берилет деп айтышты.

Жыйын бүтөөр замат атчандары да жөө жүргөндөрү да из куарлары да эки кишини издөөгө дароо тоо түздүк чөл жана ар башка тараптарга тарап кетти, бирок бул аракеттери текке кетээр эле.

Издеген кишилердин кээ бири Пайгамбарыбыз САВ жашынган үңкүрдүн оозуна келишкен болчу, бирок Аллах Тааланын гана каалаганы болот. Бул тууралуу Бухарий Анастан Анас Абубакирден риваят кылат, Абубакир айтты: Ошол убката Пайгамбарыбыз САВ менен үңкүрдүн ичинде элем, бир маалда башымды көтөрө калсам эле үңкүрдүн сыртында адамдар келиптир алардын буттары көрүндү анан мен Пайгамбарыбызга САВ: Оо, Аллахтын элчиси! Булардын ичинен бирөөсү башын бираз ийгенде бизди көрүп калмак, деп айттым, Пайгамбарыбыз САВ: **Унчукпа Абубакир, эки киши болсо Аллах үчүнчүсү болот,** башка бир риваятта: **Оо, Абубакир! Эки киши болсо Аллах үчүнчүсү болоорун билгин.**

Ошентип келген кишилер үңкүрдүн оозуна келип ичиндегилерди көрүүгө бир аз кадамдар калганда аларды көрбөй артка кайтып кетишти, бул да Аллах Тааланын Пайгамбарыбызга САВ берген моожизасы керемети эле.

## *Мадинага карай жолду улоо:*

Үч күн өтө катуу издөө салынып, издегендер эч нерсени таба албагандан кийин акыры издөө токтоду, Курайш башчыларынын да кыжырданып жинденгени басыла түштү, ошондо Пайгамбарыбыз САВ менен жолдошу Абубакир Мадинага чыгууга камданды.

Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир Абдулла ибну Урайкит Аллайсий аттуу бирөөсүн жалдаган болчу, ал жолду эң жакшы билген адам эле, бирок Курайштын désininде болчу, аны жалдап ага жанагы жолго чыга турган эки төөнү берип, үч түн өткөндөн кийин Саур үңкүрүнө алып келесиң, деп дайындашкан эле. Дүйшөнбү күнү кечиндеси – Рабиулаввал айынын башында, 1 хижрий жылы, 16 сентябрь 622 жылы – Абдулла ибну Урайкит эки төөнү белгиленген жерге алып келип берди, ошондо Абубакир Пайгамбарыбызга САВ: Оо, Аллахтын элчиси! Жаным сиз үчүн баарына даяр бул эки төөнүн жакшысыны алыңыз, деп айтты да эң жакшысын Пайгамбарыбызга САВ берди, Пайгамбарыбыз САВ: **Акчага сатып алам** деп жооп берди.

Абубакирдин кызы Асма Пагамбарыбыз САВ менен атасына жолго даярдап койгон тамагын алып келди, ошентип экөө жолго чыгайын дегенде Асма тамакты төөгө аса турган жип алууну унутуп калыптыр, ошол замат Асма белиндеги курун чечип экиге бөлө салды да бирөөсүнө тамакты байлады экичисин өзү белине байлап алды, ошондон баштап Асма Эки курдуу деп аталып калды. Ошентип Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир жолго чыкты, Аамир ибну Фахийра да булар менен кошо чыкты, экөөнө жолду Абдулла ибну Урайкит көрсөтүп жөнөдү да деңиздин жээги менен жөнөштү.

Үңкүрдөн чыгаары менен түштүктү Йемен жакты көздөй женөштү. Акырндап батыш жака деңиз жээгине карай бурулушту, акырындап жүрүп олтуруп эч ким жүрбөгөн жол менен кызыл деңиздин жээги менен жөнөштү, ошентип чанда

гана адам жүрбөсө айтоор анча мынча адам жүрбөй турган жолго салышты.

Пайгамбарыбыз САВ ошол кезде кайсыл жерлерди басып өткөндүгүн Ибну Исхак риваят кылып айтат: Жол көрсөтүүчү Абдулла ибну Урайкит Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди алып жөнөгөндөн кийин Меккенин ылдый жагынан жөнөштү. Андан соң деңиздин жээгин көздөй Асфандын ылдый жагы көрүгөнчө ошол жактан жүрүштү, анан Амаждын ылдый жагынан өтүштү, анан Кадидден өтүштү. Ал жерден өткөндөн соң Харардан өтүштү, анан Саниятил-Маррадан өтүштү, анан Лакфтан өтүштү, анан Мадлажатал-Лакфтан өтүштү, Мадлажата-Мажааждын жан боорунан өтүштү, Маржах-Мажаждан өтүштү, анан Маржах Зи-Гадвайнинин жан боорунан өтүштү, анан Зи-Каширдин жан боорунан өтүштү, анан Жадаажидди ашып өттүштү, анан Ажрадды ашып өтүштү, анан За-Саламдан өтүштү, анан Аьдаа Мадлажанын боорунан өтүп Таьхундан өтүштү, анан Абаабидди ашып өтүштү, анан Фаажадан өтүштү, анан Хараждан ылдый түшүштү, анан Саниията-Аахирден өтүштү,анан Риьимдин ылдый жагына түшүштү, акырында Мадинанын четинде жайгашкан Куба айылына алып келди. Төмөндө жолдо болгон кээбир окуялар тууралуу айтып өтсөк:

1- Бухарий риваят кылган сөзүндө Абубакир Сыддык РА айтты: Ошол түнү жолго чыгып эч ким жүрбөгөн жолдо жүрүп олтуруп күн катуу ысыганча жолдо жүрдүк, анан алдыбыздан асты көлөкө болгон бир узун аска таш көрүндү, ошол замат аска таштын астына келдик, мен Пайгамбарыбыз САВ эс алсын деп колум менен кумду тегиздеп чепкенди жая салып: Эс алып алыңыз оо, Аллахтын элчиси, а мен айланаңызга көз жүгүртүп карап турам, деп айттым, Пайгамбарыбыз САВ эс алууга жатты. Эки жака көз чаптырганы айланага чыгып карадым, карасам биз олтурган аска ташты көздөй койлорун эс алдырганы коюн айдап бир бала келатат, балага: Сен кай жердиксиң? Деп суроо узаттым, бала: Мадиналык же

Меккеликмин деп айтты окшойт, балага: Коюңда сааганга сүт барбы? Бала: Ооба, Мен: Саап бербейсиңби? Деп айттым эле ал макул деп жооп берди да бир коюду кармап сааганы калды эле мен: Алгач эмчегин топурактан жүндөн ыпырлардан тазала, деп айттым. Ошентип бала койду бир кичинекей чөйчөкө саап берди. Менде тери ийдиште бир аз суу бар болчу, аны менен Пайгамбарыбыз САВ суусундугун кандырып даарат алсын деп Пайгамбарыбыздын САВ жанына көтөрүп келип аны ойготкум келбеди, Пайгамбарыбыз САВ ойгонгончо күтүп турдум, ойгонгондон соң жанагы суудан сүт муздасын деп бираз куйдум сүт муздагандан соң Пайгамбарыбызга САВ: Муну ичип алыңыз оо, Аллахтын элчиси, Пайгамбарыбыз САВ алып ичти да бүткөндөн соң: **Кетүүгө убакыт болуп калдыбы?** Мен: Ооба деп жооп бердим, анан жолду уланттык.

2- Абубакир дайыма Пайгамбарыбыздын САВ артынан жүрчү, анын жашы улгайып калгандай көрүнүп Пайгамбарыбыз САВ анын жанында жаштай көрүнчү. Жолдо келатканда бирөө жарым көрүнүп калып Абубакирден бул ким? Деп сурап калганда Абубакир: Бул мага жолду көрсөтөт, деп жооп берчү. Сураган киши жолду көрсөтөт экен деп ойлоп калчу, бирок Абубакирдин бул сөзүнүн мааниси акыйкат хидаят-туура жолду көрсөтөт дегени эле.

3- Сурака ибну Малик Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди кууп артынан жетип келди, бул тууралуу Сурака мындай дейт: Ошол кезде Мадлаж уруумдун чогулушунда олтурат элем, бир маалда сырттан бир кишибиз келип биз олтурган жерге келди да мага мындай деди: Оо, Сурака! Деңиздин жээгинде бир караан көрдүм, ошол караан Мухаммед менен жолдоштору окшойт. Сурака: Ошондо мен так ошолор экенин билдим, анан жанагы кишиге: Жок алар эмес, сен баланча менен түкүнчөнү көрдүң, алар биздин эле көз алдыбызда ошол жака карап чыгып кеткен болчу, деп айттым да чогулушта бир аз олтуруп анан үйүмө карай бет

алдым, үйгө кирип күң аялга атымды эч кимге билгизбей үйдүн сыртынан алып чыгып ошол жакта кармап тур деп буюрдум да, өзүм найзамды алып үйдүн арт жагынан чыгып катуу катуу кадамдарды шилтеп жерди ойо бастым да атымдын жанына келип ага минип чапкан бойдон ошол карааңды көздөй жөнөп кеттим, аларга жакын калган кезде бир маалда атым мүдүрүлүп кетти да аттын үстүнөн жерге кулап түштүм. Ордумдан ыргып туруп жебе салынган саадакты алып ичинен жебени кармап буларга бир зыян алып келе аламбы же жокпу? Деп дароо төлгө сала калдым, бирок төлгөмдө зыян жеткире албайсын деген чыкты, төлгөм чыкпай калса да ага баш ийбей атымды кайра минип ошол карааңга жакын келдим. Жакын келгенимде Пайгамбарыбыздын САВ эч жака башын кылчайтпай Куран окуп жаткан үнүн уктум, ал эми Абубакир бат бат эки жакты карап турду, ошол замат атымдын алдыңкы эки туягы тизеге чейин жерге батып кетти эле кайра жерге кулап түштүм, ордумдан туруп атымды катуу булкуп булкуп туягын жерден чыгарууга аракет кылдым, туягы жерден чыкты да атымдын туягынан түтүнгө окшош чаң чыгып асманга сапырыла баштады, ошол замат кайра саадакты алып ичинен жебени кармап буларга бир зыян алып келе аламбы же жокпу? Деп дароо төлгө сала калдым, бирок төлгөмдө зыян жеткире албайсын деген чыкты. Ошондо Пайгамбарыбызга САВ мен силерге эч нерсе кылбаймын деп бакырдым эле тигилер токтоп калды, анан атымды минип аларды көздөй жөнөп кеттим. Өзүмчө жолдо мага болгон кырсыктарды эстеп буларга баарыбир бир зыян алып келе албаарыма, Пайгамбардын САВ дини сөссүз жеңээрине көзүм жетти, анан алардын жанына барып Пайгамбарыбызга САВ: Сизди туткан кишиге Курайш ушундай сыйлык койду. Ошондуктан адамдар сиздердин артыңыздардан түштү деп кабар бердим. Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирге өзүмдөгү болгон тамак аш жана жолго камданган нерселеримди сунуш кылдым эле алар менден эч нерсе алышкан жок сурашкан да жок, бирок экөө мага: Биз

тууралуу жашырып эч кимге айтпа, деп айтышты, мен Пайгамбарыбыздан САВ мага бир сөз бериңиз да ошону жазып бериңиз деп айттым эле Пайгамбарыбыз САВ Амир ибну Фахийрага буйруду, ал териден болгон бир чүпүрөкө жазып мага берди, Пайгамбарыбыз САВ жолун улап кетти.

Дагы бир риваятта Абубакир ушундай дейт: Биз жолго чыккан кезде адамдар бизди издей баштады, бирок бизди аты менен Сурака ибну Малик ибну Жуьшумдан башка эч ким тапкан жок, ошондо мен Пайгамбарыбызга САВ: Оо, Аллахтын элчиси! Мына бизди куугандардын бирөөсү жетип келди, Пайгамбарыбыз САВ мага: ***"Кайгырбагын, Аллах биз менен"*** деп айтты.

Суракка артка кайтып кетти. Жолдо адамдар Пайгамбарыбызды САВ издеп келатканын көрүп аларга: Бул жакты азыр эле карап келатам эч ким жок, деп айтты. Эң кызыктуусу Сурака эрте менен эле Пайгамбарыбыз САВ менен Абубкакирди кууп аларды кармаганга келген болчу, ал эми кечке маал Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди коргоп жашырып жатты.

4- Жолдо келатышып Хузаьий уруусунан Умму Маьбад аттуу аялдын жанынан өтүштү, ал аял элдин арасында белгилүү болуп чатырынын жанынан өткөндөргө тамак суусундук берип сыйлап өткөрчү, Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир ал аялдан: Жегенге бир нерсең барбы? Деп сурап калды, аял: Аллахка ант болсун, эгер бир нерсе болгондо айыл ачка олтурмак эмес, кой да туубады. Анткени ошол жылы кургакчылык болгон эле.

Пайгамбарыбыз САВ чатырдын аржагында турган бир койду көрдү да аялга: **Бул кандай кой оо, Умму Маьбад?** Умму Маьбад: Бул кой арыктап койлорго жете албай калгандыгы үчүн калып калды, Пайгамбарыбыз САВ: **Мында сүт барбы?** Умму Маьбад: Сүт түгүл андан бержагы да жок, Пайгамбарыбыз САВ: **Муну сааганга уруксаат бересиңби?** Умму Маьбад: Албетте, ата-энем садага болсун эгер сүт болсо

саай бериңиз. Пайгамбарыбыз САВ койдун желинин колу менен сыйпалады да бисмилла деп Аллахка дуба кылды эле койдун желини сүткө толуп баштады, анан сааганга ийдишти алып келүүнү буйруду да койду саай баштады, ийдиштин бети сүттүн көбүгүнө толгончо саап Умму Маьбадга узатты, ал курсагы тойгончо ичти, анан жанындагы шериктерине узатты алардын баары курсактары тойгончо сүттөн ичишти, акырында Пайгамбарыбыз САВ өзү ичип кайра экинчи жолу ийдишти толтура саап берди да жолун улантып кетишти.

Жолоочулар кеткенден соң Умму Маьбаддын күйөөсү Абу Маьбад арыктап жүдөгөн эчкилерин айдап келип калды, чатырына келип ийдиштеги турган сүттү көрүп таң калып аялынан: Бул сүттү кайдан алдың? Кой туубады элего, үйдө сүт да жок элего? Деп сурап калды, аялы: Ооба, Аллахка ант болсун бул жерден ушундай бир кереметтүү адам өттү, ал ушундай ушундай сөздөрдү сүйлөдү жана акыбалы ушундай эле, Абу Маьбад: Аллахка ант болсун, сен айтып жаткан киши Курайш издеп жүргөн кишиге окшоп жатат анын өңү түсү кандай экенин мага айтып берчи оо, Умму Маьбад! деп сурап калды. Умму Маьбад өзүнүн укмуштуу жана таң калыштуу сөзөмөлдүгү менен Пайгамбарыбызды САВ уккан адам көз алдында көрүп тургандай кылып сүрөттөп берди. Умму Маьбаддын Пайгамбарыбызды САВ кандай кылып сүрөттөгөнү тууралуу китептин аяк чендеринде айтып кетебиз. Ошондо Абу Маьбад мындай деди: Аллахка ант болсун, бул жанагы Курайш айткан кишинин өзү, бул кишинин артынан мен да ээрчийин дедим эле, эми бир жол таап калсам анын артынан сөссүз ээрчиймин. Меккеде бир үн угулду, ал үндү чыгаргандын өзү көрүнгөн жок бирок адамдар анын мындай деп айтып жаткан үнүн угуп жатышты:

Асма айтат: Ошондо Пайгамбарыбыздын САВ кайсыл тарапка кеткендигин билген эмес болчубуз, бир маалда Меккенин ылдый жагынан бир жин киши келип ыр саптарды ырдай баштады, адамдар үндүн артынан ээрчип үнүн угушуп

жатты бирок өзүн көрүшкөн жок, акыры Меккенин жогор жагынан чыгып кетти, ошол ыр саптарын уккандан кийин гана Пайгамбарыбыздын САВ Мадина тарапка кетип жатканын билдик.

5- Жолдо Пайгамбарыбызды САВ Абу Бурайда жолуктурду, ал өз уруунун башчысы болчу, анын жолго чыкканынын себеби Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди тутуп Курайш жарыя кылган утушка ээ болуп каламбы деген ой менен чыккан эле, ал эми Пайгамбарыбызды САВ жолуктургандан кийин Пайгамбарыбыз САВ аны Исламга үгүт кылат, ошондо ал ошол замат Исламды кабыл кылып өзү менен кошо жетимиш киши да Исламды кабыл кылат. Андан соң Абу Бурайда селдесин чечип аны найзасына байлап желек кылат да саламаттык тынчтык падышасы келиптир дүйнөгө адилеттүүлүктү жана тынчтыкты орнотот экен деп жар салат.

6- Пайгамбарыбыз САВ жолдо келатып Зубайрды да жолуктурат, анткени ал бир нече мусулмандар менен соода ишин жүргүзүп Шам жеринен келаткан болчу. Зубайр Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирге ак көйнөк белек кылып кийгизет.

8 Рабиул аввал айынын дүйшөнбү күнү Пайгамбарлыктын 14 жылы – эң алгачкы хижрий жыл – 622 жылдын 23 сентябрына туура келет, Пайгамбарыбыз САВ Кубага келип түштү.

Урва ибну Зубайр айтат: Мусулмандар Мадинада Пайгамбарыбыз САВ Меккеден чыгыптыр деген кабарды угуп калышат да күнүнө эрте менен Хура жерине келип Пайгамбарыбыздын САВ келүүсүн күтүшөт. Ошентип алар Хурада күн ысыганча турушат акыры күн ысып кеткенде гана үйлөрүнө кайтып кетишип жатты. Ошентип күндөрдүн биринде мусулмандар узак жол карашып анан күн ысып кеткен кезде үйлөрүнө жөнөп кетишти, ошол кезде жөөттөрдүн бири шаардын сыртына чыгып үйүнүн бийик жерине чыгат да бир иши менен сыртты узакты карайт,

ошондо ал узактан апапак болуп келаткан кишилерди көрүп ал Пайгамбарыбыз САВ менен жолдоштору экенин билет да өзүн карманалбай кетип катуу үнү менен: Оо, араптар! Тигинде силер күтүп жаткан адамыңар келатат, деп бакырып жиберет, ошол замат мусулмандар куралдарын алып сыртты көздөй чуркап жөнөшөт.

Ибнул Кайим бул тууралуу мындайча риваят кылат: Ошондо Амру жана Ауф уруулары сүйүнгөнүнөн катуу үн менен такбир айтып бакырышып жиберди. Мусулмандар да Пайгамбарыбыздын САВ келгенине аябай кубанышып такбир айтышып күтүп алганы чыгышты. Ошентип баары Пайгамбарыбызды САВ кош келдиңиз деп күтүп алышып айланасын орошуп, алардын үстүнө Аллахтын тынчтыгы жаап вахий кабары келди:

فَإِنَّ اللَّهَ هُوَ مَوْلَاهُ وَجِبْرِيلُ وَصَالِحُ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمَلَائِكَةُ بَعْدَ ذَٰلِكَ ظَهِيرٌ {التحريم/4}

***“Аллах Өзү ага (Пайгамбарга) жардамчы, андан соң ага Жебрейил да жакшы момундар да периштелер да жардамчы”.*** (Тахрим, 4)

Урва ибну Зубайр айтат: Ошентип мусулмандар Пайгамбарыбызды САВ күтүп алышты, андан соң Пайгамбарыбыз САВ баарына бирдей мамиле жасап Рабиул аввал айынын дүйшөнбү күнү Амру ибну Ауф уруусунун жерине конду. Пайгамбарыбыз САВ үн катпай эс алууга олтурду эле Абубакир келген адамдарды күтүп алууга ордунан туруп алар менен учурашып жатты, ошондо Пайгамбарыбызды САВ көрбөгөн Ансарлар келип алар менен учурашып жатты, башка бир риваятта: Пайгамбарыбызды САВ таанызбай Абубакирди Пайгамбар экен деп ошону менен саламдашып жатышты, акыры күн ысып кеткендигинен Абубакир Пайгамбарыбыздын САВ үстүн чепкени менен көлөкө кылып жаап койгондо гана адамдар Пайгамбарыбызды САВ таанышты.

Ошол кезде Пайгамбарыбызды САВ күтүп алууга Мадина эли аябай көп чогулган болчу, бул күн Мадина эли үчүн тарыхта эсте калаарлык күн болуп калды. Жөөттөр Хабаккук Пайгамбары айткан сөзү чын экендигин билишти анткени анын сөзүндө: *Аллах тоолордун арасындагы Фаарандан (Меккеден) Пайгамбарын чыгарат*, деп айтылган болчу.

Пайгамбарыбыз САВ Кубада Күлсүм ибну Хадамдын үйүнө түштү, кээ бир риваяттарда: Саьд ибну Хайсаманын үйүнө түшкөн деп келет, тагыраагы Күлсүмдүн үйүнө түшкөн. Ал эми Али Меккеде үч күн калды, Пайгамбарыбыз САВ Алиге тапшырып кеткен аманаттарды Али Пайгамбарыбыздын САВ атынан өз ээлерине тапшырды да Мадинаны көздөй жөө сапар тартты, ошентип Али да Мадинага жетип келип Күлсүм ибну Хадамдын үйүнө түштү.

Пайгамбарыбыз САВ Кубада төрт күн калды: Дүйшөнбү, шейшенби, шаршенби жана бейшенби күндөрү. Ошол жерде Куба мечитин куруп ошол мечитте намаз окуду. Бул мечит такыбалык менен курулган мечит болуп, Пайгамбарыбыз САВ пайгамбар болуп келгенден берки эң алгачкы курулган мечит болду. Бешинчи күнгө өткөндөн кийин – жума күнү – Аллахтын буйругу менен Пайгамбарыбыз САВ төөсүнө минип Абубакир артынан жүрүп Мадинаны көздөй бет алды, Пайгамбарыбызга САВ таяке болгон Нажжар уруусуна (Алдыңкы темаларда айтып кеткендей Мадиналык Нажжар уруусу Пайгамбарыбыздын САВ чоң атасы Абдулмуталиптин таякелери болот) киши жиберди эле алар кылычтарын тагынып Пайгамбарыбызды коштоп Мадинага карай келишти, жолдо Салим ибну Ауф уруусунун жерине келгенде жума убактысы болуп калат, анан ошол жердеги адыр четиндеги мечитте Пайгамбарыбыз САВ жума намазына өттү, ошондогу элдин саны жүз киши болчу.

## *Мадинага кирүү:*

Жума намазы бүткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ Мадинага кирди – ошол күндөн баштап Ясрип шаары Пайгамбарыбыздын САВ шаары деп аталып калды, ал эми аны кыскартып Мадина деп аташып койду – бул күн мусулмандар үчүн тарыхта эсте калаарлык күн болуп, үйлөрдө жолдордо кубанычтуу шаңдуу үндөр чыгып Аллахка мактоолор даңктоолор айтылып жатты, Ансарлардын кыздары кубанычка батып ушул ыр саптарын айтышты:

Айдын нуру түштү бизге.
Сания́т өрөөнүнөн.
Аллахка шүгүр айтуубуз керек.
Аллах жолуна чакырганга.
Арабыздан чыккан Пайнамбар.
Куш кабар алып келдиң бизге.

Ансарлар өтө бай болушпаса да бирок ар кимиси өз үйүнө Пайгамбарыбызды САВ конок болуп калуусун каалады. Кайсыл бир Ансардын үйүнүн жанынан өтпөсүн баары Пайгамбарыбыздын САВ төөсүнүн тизгининен кармап: Биздин үйгө түшүңүз оо, Аллахтын элчиси! Бизде бардык даярегрчилик курал-жарак жана сизди коргогонго баары бар, деп айтышып жатты, бирок Ансарларга: *Төөнүн тизгинин жөн койгула бул өзү тандайт*, деп айтылды. Төө өзү ары карап бери карап басып келди да азыркы Пайгамбарыбыздын САВ мечити турган жерге келип чөктү, анан кайра туруп ар жака бир аз басты да кайра ошол ордуна келип чөктү, ал жер да Пайгамбарыбыздын САВ таякелери болгон Нажжар уруусунун жери болчу. Бул да Аллахтын буйругу, анткени Пайгамбарыбыз САВ өзү да таякелеринин жанына олтурукташкысы келген эле, бул да аларды сыйлоо иретинде. Инсандар ошол замат Пайгамбарыбыз САВ ушул таякелеринин жанына жайлашат деп сүйлөшө башташты, ал эми Абу Айуб Ансарий болсо дароо Пайгамбарыбыздын САВ

төөсүн кармап Пайгамбарыбызды САВ андан түшүрдү да үйүнө алып кирди, Пайгамбарыбыз САВ: **Инсан келген жеринде болот,** деп айтты.

Бухарийдин риваятында Анас айтат: Пайгамбарыбыз САВ мындай деди: **Бул жерге кимдин үйү жакын?** Абу Айуб: Менин үйүм оо, Аллахтын элчиси! Мына бул үйүм мына эшиги, деп айтты эле Пайгамбарыбыз САВ: **Анда эмесе кирели, бизге эс алууга жер сазда,** Абу Айуб: Аллахтын берекеси менен кириңиздер, деп Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакирди үйүнө алып кирди.

Арадан бир канча күндөр өткөндөн кийин Пайгамбарыбыздын САВ аялы Сауда эки кызы Фатима жана Уммукулсум, Усама ибну Зейт, Умму Айман Меккеден келишти, буларды Абубакирдин уулу Абдулла Абубакирдин үй-бүлөсү менен кошо алып келген болчу, булар менен кошо Айша да келди, ал эми Зейнеп болсо келе албай Абулаастын колунда калды, анан Бадр урушунан кийин келди.

Айша айтат: Пайгамбарыбыз САВ Мадинага келгенден соң Абубакир менен Билалга ысытма чыгып ооруп калды, ошондо мен алардын жанына кирип: Ата акыбалыңыз кандай? Билал акыбалың кандай? деп ал-акыбалдарын сурадым, анктени атам Абубакир ысытма чыгып ооруп калган кезде ушундай дээр эле:

Бардык инсан өз үй-бүлөсү менен болот.

Өлүм ага бут кийиминин таманынан да жакын болот.

Бул тууралуу Пайгамбарыбызга САВ келип кабар бердим эле Пайгамбарыбыз САВ: **Аллахым! Меккени сүйгөнүбүздөй Мадинаны да бизге сүйкүмдүү сүйүктүү кыл, ден-соолуктуу кыл, жерине береке бер, ооруусун кетирип Жахфа жерине жөнөт.** Деп дуба кылды.

Ушуну менен Пайгамбарыбыздын САВ Мекке доорундагы жашоосу аягына чыкты.

# *Биринчи этап*

## *Мадинага көчүп келгендеги абал*

Мадинага көчүү ар түрдүү куугунтук-кыйноолордон жана ушак-айыңдардан кутулуу эле эмес болчу. Бирок, ошону менен бирге бейпил бир шаарда жаңы мусулман коомун түзүү болчу, ошондуктан кудурети жеткен ар бир мусулманга ошол жаңы өлкөнү курууга салым кошуусу парз болду, ошондой эле күчүнүн жетишинче ошол өлкөнүн бекемдигин, күчтүүлүгүн көтөрүү керек эле.

Ушул жаңы коомду түзүү үчүн башында турган эң жогорку башкаруучу жана хидаят-туура жолго баштоочу Пайгамбарыбыз САВ экени шексиз. Ошондуктан, кыйынчылыктардын баары Пайгамбарыбыздын САВ башына түшөөрү талашсыз.

Ошол кезде Пайгамбарыбыздын САВ башына келе турган кыйынчылыктар үч түрдүү коом болчу, ушул үчөөн тең түшүнүктөрү бирине-бири такыр окшобогон жана бирине-бири туура келбеген талаш-тартыштуу пикирлер, маселелер эле. Бул үч түрдүү коом төмөндөгүлөр:

1- Пайгамбарыбыздын САВ урматтуу сахабалары РА.

2- Мадинадагы Исламга кире элек мушриктер.

3- Жөөттөр.

А - Ал эми Пайгамбарыбыздын САВ сахабалары менен алып бара турган иши Мекке доорунан башкача эле. Себеби, Мадинадагы абал сахабалар үчүн Меккедеги болуп өткөн абалдардан такыр башкача. Анткени, алар Меккеде жүргөн кезде баарын бир сөз биримдик кылып турган, жана ошондой эле баары бир пикирде келишимдүү болчу. Бир гана жери сахабалардын үйлөрү Меккенин чар тарабында болуп, ар түрдүү зордук-зомбулуктардын жана куугунтуктардын астында жашап келишкен. Ошондуктан алардын колунда эч

кандай башкаруу күчү жок болуп, баардык башкаруу күчү дин душмандары болгон мушриктердин колунда турду. Ошол себептен ошондогу мусулмандар ааламда жок адилеттүү Ислам коомун түзө алышпады. Ошондуктан, Мекке доору Исламдын жаңы түптөлүүсүн баштап, ар бир мусулман баласынын жалгыз-жалгыздан кыла турган амалдарын үйрөтүп, жакшылыкка, кайрымдуулукка, адеп-аклактуулукка чакыруу, жаман жана күнөө иштерден узак болуу сыяктуу иштерге чакыруу менен чектелди.

Ал эми Мадинада болсо алгачкы күндөн баштап эле бардык башкаруу системасы мусулмандардын колунда болду. Башка эч кандай күч аларды башкарып турган эмес. Ошондуктан, мусулмандар үчүн маданият, курулуш, жашоо шартын жакшыртуу, экономиканы өнүктүрүү, жаңы өкмөттүн башкаруу системасын, саясатын алып баруу, тынчтык жана согуш иштерин кароо, арам адал, күнөө күнөө эмес, ибадат, адеп-аклак жана башка жашоого керек болгон ар түрдүү иштерди алдыга жүргүзүп кетүү тапшырмасы турган.

Мусулмандар үчүн жаңы бир Ислам коомун түзүп, мурунку караңгылык доорунан тап-такыр башкача болгон жашоо турмушун, ошондой эле жер бетиндеги бүткүл адам баласынан айырмаланып турган. Өзгөчө бир жашоону куруу учуру келип жетти, он жыл бою мусулмандар башынан өткөргөн ар түрдүү азап-кайгыларды жеңип, дүйнөдө эң эле үлгүлүү Ислам үгүтүн жайылта турган кез келди.

Кайсыл коом болбосун ушул сымал жашоо турмушту бир күндө, бир айда же болбосо бир жылда куруу өтө кыйын. Балким буга узун жылдар керек. Ошол жылдардын ичинде мыйзамдуулук, туруктуулук, өнүгүү, билимдүүлүк, жана башка ар түрдүү турмуш тажрыйбаларын акырындык менен баштан өткөрүү зарылдыгы айтпаса деле маалым. Анткени, Аллах Таала бул мыйзамдуулукка өзү кепилдигин берген, ошол мыйзамды иш жүзүнө ашырып, башкаларды да туура

жолго баштап жана мусулмандарды жакшы нукка тарбиялоо үчүн Пайгамбарыбыз САВ бел байлаган:

هُوَ الَّذِي بَعَثَ فِي الْأُمِّيِّينَ رَسُولًا مِّنْهُمْ يَتْلُو عَلَيْهِمْ آيَاتِهِ وَيُزَكِّيهِمْ وَيُعَلِّمُهُمُ الْكِتَابَ {الجمعة/2}

***“Ал (Аллах) (окууну жазууну билбеген) караңгы элге, алардын өздөрүнүн эле ичинен Пайгамбар жиберди. Ал (Пайгамбар) тигилерге Анын аяттарын окуп берет (үйрөтөт), аларды тазалайт жана билимдүүлүккө үйрөтөт”.*** (Жума, 2)

Бул ишти аткарууга алгачкылардан болуп сахабалар чын жүрөктөн киришти, Ислам өкүмдөрүн кынтыксыз аткарып, кайсыл аят түшпөсүн аны кубанып кабыл алышты:

وَإِذَا تُلِيَتْ عَلَيْهِمْ آيَاتُهُ زَادَتْهُمْ إِيمَانًا {الأنفال/2}

***“Ыймандуу адамдарга аяттары окулганда ал аяттар алардын ыймандарын көбөйтөт”.*** (Анфал, 2)

Бул маселелердин баарын кеңири түшүндүрүү көпкө созулуп кетет. Ошондуктан, керектүү болгон жерлерин кыскача айтып өтүүбүз зарыл.

Мусулмандардын ушул сыяктуу чоң маселелерин Пайгамбарыбыз САВ башынан өткөзүп жатты, анткени Исламга чакырууда жана Пайгамбарыбыздын САВ Пайгамбарлык вазыйпасында ушул нерселер максатка тутулган. Бирок бул маселе эң биринчилерден болуп чече турган маселе эмес болчу. Алдыда мындан да батыраак чечүүчү иштер бар эле.

Ошол кезде мусулман жамааты эки бөлүктөн турган: Биринчи бөлүгү өз мекенинде, өз үйүндө жана мал мүлкүнүн жанында болуп өз эл жеринде эч нерседен кам санабастан үйлөрүндө кыжаалатсыз жашап жатышты. Булар Ансарлар деп аталат. Бир гана жери Ансарлар көптөгөн жылдар бою ич ара келишпестиктен улам бири бирине душмандык бар болчу. Ал эми ансардардын жанында мусулмандардын экинчи бөлүгү

мухажириндер жашап жатты. Мухажириндер өз мекенинен мал-мүлктөрүнөн ажырап, өз жандарын гана куткарып Мадинага көчүп келишкен. Булардын баш калкалай турган жери жок, жанын багууга жумушу жок, соода кылууга акчасы жок болуп булардын саны да аз эмес болчу. Анын үстүнө мухажириндердин күндөн күнгө Мадинага көчүп келүүсү көбөйө баштады. Анткени, ким Аллахка жана анын элчисине ыйман келтирген болсо Мадинага көчүүгө уруксаат берилген эле. Белгилүү болгондой Мадина шаарынын ашыкча деле байлыгы жок. Ошондуктан экономика тармагы алсырай түштү. Ушинтип кыйынчылыктан запкы чегип турган кезде Ислам душмандары Мадина элин ого бетер запкыга салып, экономика жагынан алыш-беришти токтото баштады. Ошол себептен сырттан келген товарлары азайгандан азайып, ал-акыбалдары ого бетер оорлошо берди.

Б – Ал эми экинчи бөлүгү болсо – Мадинадагы жашаган кээ бир мушриктер – булар мусулмандарды өз башкаруусуна ала алган жок. Кээ бирлери ата-бабасынын кармап келген динин таштай албай же болбосо Ислам динине карата да толук ишенимдери болгон эмес. Бирок, Ислам динине жана мусулмандарга болгон душмандыктарын жашырган жок. Акырында арадан көп өтпөй эле Аллахтын динине толук ишенишип, Исламды кабыл алышты.

Ал эми ушулардын арасында кээ бири Пайгамбарыбызга САВ жана мусулмандарга болгон душмандыгын жашырып, эч кандай кастык көрсөтө алышкан жок. Калп эле мусулмандарга болгон сүйүүлөрүн билдиримиш болду. Себеби, ошол кездеги абал ошондой болчу. Булардын башында турган Абдулла ибну Убай. Анткени, Аус менен Хызраж уруусунун ортосундагы Биас урушунан кийин эки уруу келишим түзүп, Абдулла ибну Убайды башчы кылып дайындамак болушкан. Себеби, ошол күнгө чейин эки уруу мындай биримдикке келип башчы шайлашкан эмес. Ошол кезде Абдуллага баары макул болуп аны Мадина элине падыша көтөргөнү аз эле убакыт калганда

Пайгамбарыбыздын САВ келүүсү ага тоскоол болуп, Мадина эли андан жүзүн буруп, Пайгамбарыбызга САВ баш ийип кетти. Ошол себептен Пайгамбарыбыз САВ анын падышалыгын тартып алгандай көрүп, Пайгамбарыбызга САВ болгон душмандыгын жашырып жүрдү. Мадинада жашоо нугу өзгөрүп, анын ойлогон ою иш жүзүнө ашпай тургандыгын түшүнүп жана бул дүйнө байлыктарынан да кол жууп калаарын сезгенден соң, Бадр согушунан кийин Абдулла Исламга киргендигин жарыялады. Бирок, каапырлыгын ичине жашырып жүрө берди. Абдулла Пайгамбарыбыз САВ менен мусулмандарды кантип жок кылуу жолун таба албай жүрдү. Анын падышалыгына жардам беребиз деген жолдоштору да Абдулланын планын иш жүзүнө ашыруу үчүн кол кабыш кылып, колдоп жатышты. Абдулла өзүнүн кара мүртөз оюн иш жүзүнө ашыруу үчүн мусулмандардын арасынан да акылсыздарын колдонду.

В – Ал эми үчүнчү бөлүгү болсо – жөөттөр – алдыда айтып өткөндөй Ашурийлер жана Византиялыктардын жөөттөргө болгон куугунтугунан улам жөөттөр Хижаз жергесине көчүп келип, ошол жерде отурукташып калган. Булар ибраний жөөттөрү болуп эски жөөт тилинде сүйлөшүп келген. Ал эми Хижазга көчүп келишкенден соң араптар менен аралашып, тилдерине арап тили кошулуп жана арап маданияттары да аралашып кеткен. Жада калса урууларынын аттары жана ысымдары да арапча болуп калган. Ошентип жөөттөр араптардан кыз алышып, кыз беришип куда-сөөк болуп калды. Бирок, жөөт деген улутун жоготпой бекем туруп араптарга аралашып кеткен эмес. Жөөттөр өздөрүнү Израил коомубуз деп мактанып сыймыктанышаар эле. Ал эми араптарды болсо катуу жек көрүшүп, аларды сабатсыз деп мыскылдашаар эле. Мындайча айтканда, аңкоо эч нерсени билбеген, пас артта калган деп айтышкан. Араптардын мал-мүлкүн каалагандай кылып алса боло берет деп түшүнүшкөн,

قَالُواْ لَيْسَ عَلَيْنَا فِي الأُمِّيِّينَ سَبِيلٌ {آل عمران/75}

***“Себеби алар: Сабатсыз адамдардыкы бизге боло берет деп айтышат”.*** (Аали Имран, 75)

Жөөттөрдө өз динин башкаларга жайылтуу деген аракет жок болчу, динин болсо өз кызыкчылыгына колдонуп: аян, белги, сыйкырчылык, дубалоо сыяктуу нерселер менен шугулданып келишкен. Ушул сыяктуу иштери менен алар өздөрүн илимдүүбүз, пазилеттүүбүз жана руханий тарбиячыбыз деп эсептешээр эле.

Ал эми жашоо тиричилигине болсо аябай таланттуу жана шамдагай болуп, дан, курма, шарап жана кийим-кечек соодасын өз колдоруна алып, ошол тармакта үстөмдүк кылган. Кийим-кечек, дан жана шарапты сырттан алып келип сатышып, курманы болсо сыртка алып чыгып сатышаар эле. Мындан башка да жумуштары болуп, колдоруна ишчи алып иштетишкен. Араптардан эки эсе, үч эсе жана андан да көп кылып пайда алаар эле. Муну менен эле чектелбей сүткорлук менен да шугулданган. Араптардын башчылары жана кадыр барктуулары жөөттөрдөн карыз алып, эли журттун алдында кадыр баркын көтөрөбүз деп, өздөрүн мактатып акындарга айттырып. Кадыр баркын көтөрөм деп алган карыздарын аябай эле ары бери чачышып, аягында жөөттөрдөн оңчойгон карыз болуп калышкан. Акыры ошол араптар жерлерин жана бакчаларын жөөттөргө күрөөгө коюп, анан арадан аз эле жылдар өткөндөн соң карыздан кутула алышпай, натыйжада жерлерин жөөттөргө берүүгө аргасыз болгон.

Жөөттөр арам ой, текебер, бузуку коом болгондуктан, кошуна жашаган арап урууларынын арасына от жагып. Аларды бири-бири менен уруштуруп салчу. Бирок, бул кылыкты жөөттөр кылганын араптар байкаган эмес. Ошентип араптар ар дайым бири-бири менен тынымсыз согушуп, качан гана ошол араптар эми ынтымакка келгени калганда жөөттөр араларына кайрадан чок таштап. Уруштуруп өздөрү четте кандай болот экен деп карап олтурушкан. Ооба, согуш учурунда араптарга көптөгөн үстөк пайыз менен кутула алгыс

кылып карыздарды берген. Ушул иштери менен да жөөттөр эки эселеп пайда табышкан. Ал эми өздөрүнүн жөөт деген улутун эч жоготушкан эмес. Соода тармагында болсо акча байлыкты көп табуу үчүн үстөк пайыздарды ашыра-ашыра берип, сүткорлук менен катуу шугулданышчу.

Ясрип жергесинде белгилүү болгон үч жөөт уруусу болгон:

1- Бану-Кайнука, бул уруу Хызраж уруусу менен союздаш болуп Мадина шаарынын ичинде жашашкан.

2- Бану-Нудайр.

3- Бану-Курайза, ал эми бул эки уруу болсо Аус уруусунун союздашы болуп, Мадина шаарынын чет жакасында жашашкан.

Жөөттөрдүн ушул уруулары көптөгөн жылдар бою Аус менен Хызраж урууларынын ортосуна чок таштап, бири-бирин уруштуруп келген. Ал эми Биас согушунда болсо ар бир уруу өз союздаштарына жардам берди.

Албетте жөөттөр Исламга көралбастык, ичи тардык менен гана караган. Анткени, Пайгамбар жөөттөрдөн чыкпагандыктан өздөрүнүн рассалык жана улуттук менменсингендигин башкалардын алдында жогору көтөрө албагандыктан, Исламга көралбастык менен караган. Чындыгында Ислам дини адилеттүүлүккө, акыйкатка үндөп, узакташкан жүрөктөрдү бири бирине жакындатып, араларында болгон душмандык жана көралбастык отун өчүрүп, ар бир иште чынчыл жана аманатчыл болуп, тапкан эмгегин адал гана жол менен табууга чакырган. Бул дегендин мааниси Ясрипте жашаган бардык арап уруулары бири бири менен ынтымака келип, биригип кетет дегенди билдирет. Ошондо жөөттөрдүн чеңгелинен бардык нерсе чыгып кетип, соода тармактары кыйроого учурап, байлык алып келүүчү сүткорлук кирешеси тыюу салынат дегенди билдирет. Балким кээ бир арап уруулары эсине келип, мурунку сүткөрлук менен жөөттөргө

алдырып жиберген бакчаларын, жерлерин кайрадан эсептешип өздөрүнө кайтарып алуу коркунучу да турган.

Ислам дини Ясрипке кирип орношууга аракет кыла баштаганда эле жөөттөр жогорудагы нерселерди эске ала баштады. Ошондуктан, алар динге жана Пайгамбарыбызга САВ болгон душмандыгын Пайгамбарыбыз САВ Ясрипке келгенден баштап эле жашырып жүрүштү. Бирок, кийинчерээк динге болгон душмандыгын сыртка чыгарып көрсөткөнү менен алгач эрдик кылып көрсөтө алышкан жок.

Бул тууралуу Ибну Исхак момундардын энеси Сафиядан РА риваят кылган сөзүндө ачык айкын көрүнүп турат. Анда Ибну Исхак мындай дейт: “Сафия бинту Хайай ибну Ахтаб ушундай деп кабар берет: “Мен атамдын эң жакшы көргөн перзенти элем жана атамдын бир тууганы Абу Ясир байкем да мени аябай жакшы көрчү. Ал экөө сырттан келген кезде башка балдарына карабай эң алгач мени кучагына алышчу. Пайгамбарыбыз САВ Мадинага көчүп келип Амру ибну Ауф уруусунун жериндеги Кубага жайланышты. Ошондо атам Хайай ибну Ахтаб менен бир тууганы Абу Ясир ибну Ахтаб эрте менен билдирбестен ошол жакты көздөй жөнөп кетишти. Бирок, ал жактан күн батып калганда гана үйгө кайтып келишти. Экөө үйгө келген кезде ушундай оор, чарчаган, маанайлары аябай чөккөн, сумсайган абалда басып үйгө киришти. Мен адатымча аларга эркелеп алдыларына чуркап келдим, тилеке каршы экөөнүн маанайы ушунчалык катуу чөгүп тургандыктан, бирөөсү да мага кылчайып карап койгон жок. Ошондо байкем Абу Ясир атама карап мындай деди: “Чын эле ошолбу, ыя ошолбу?” Атам: «Ооба”-деп жооп берди. Байкем: “Чын эле билесиңби, ошол экенин тастыктайсыңбы?”-деп кайрадан сураганда атам: “Ооба”-деди. Байкем: “Анда аны эмне кылыш керек деп ойлойсуң?” Атам: “Аллахка ант! Жаным тирүү кезимде ага душмандык кылуум керек!”- деп жооп берди.

Дагы башка бир окуяда Бухарий Абдулла ибну Саламдын РА исламга кирүүсү тууралуу риваят кылган сөзүндө жөөттөрдүн исламга болгон душмандыгы көрүнүп турат. Чындыгында Абдулла ибну Салам РА жөөттөрдүн эң көрүнүктүү аалымдарынын бири эле. Пайгамбарыбыздын САВ Мадинага Нажжар уруусуна келгенин уккан Абддулла, Пайгамбарыбыздын САВ жанына шашып келип, жалаң пайгамбарлар гана билген суроолорду Пайгамбарыбызга САВ бере баштады. Пайгамбарыбыз САВ анын суроосуна так-так жооп бергенден соң Абдулла ошол замат исламга кирди, анан Пайгамбарыбызга САВ карап мындай деди: "Жөөттөр жалганчы, бузуку коом болушат, эгер аларга менин исламга киргендигимди кабар берип туруп, мен жөнүндө сурасаңыз дароо мени калпычы бузуку инсанга чыгарышат". Пайгамбарыбыз САВ жөөттөрдү алдына чакыртып, алар келээрде Абдулла үйдүн ичине кирип турду. Анан Пайгамбарыбыз САВ жөөттөрдөн: "**Абдулла ибну Салам кандай адам?"** -деп сурап калды, жөөттөр: "Эң аалымыбыз жана эң аалым адамдын баласы, эң жакшы кишибиздин бири жана эң жакшы кишибиздин баласы". Башка бир сөздө ушундай айтылган: "Биздин эң ардактуу инсаныбыз жана эң ардактуу инсандын баласы". Дагы башка бир сөздө ушундай келет: "Биздин арабыздан эң жакшысы жана пазилеттүүсү, эң жакшы жана пазилеттүү инсандын баласы"-деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ аларга карап: «**А эгер Абдулла исламга кирсе кандай дейсиңер?»** Жөөттөр: «Андай болуудан Кудай сактасын!" (деп эки же үч жолу кайталашты) Ошол замат Абдулла жөөттөрдүн алдына чыгып: Аллахтан башка кудай жок экенине күбөлүк берем жана Мухаммед Аллахтын элчиси экенине күбөлүк берем»- деп келимени айтты эле жөөттөр: "Бул эң жаман начар инсаныбыз жана эң начар инсандын баласы"- деп дароо ага жалаа жабып салышты. (Башка сөздө) ушундай келет, ошондо Абдулла жөөттөргө карап: «Оо, жөөт коому! Аллахтан

коркпойсуңарбы? Аллахтан башка кудай жок Затка ант болсун, чындыгында силер бул (Пайгамбар) Аллахтын элчиси экенин билип турасыңар жана акыйкат динди алып келгендигин да билип турасыңар». Жөөттөр: «Калп айтып жатасың”- деп аны калпычыга чыгарып салышты.

Бул тажрыйбаны Пайгамбарыбыз САВ Мадинага кирген күнү эле жөөттөрдүн кандай экенин көргөн болчу.

Жогоруда айтылгандардын баары Мадинанын ичиндеги эң чоң көйгөйлөр болчу, ал эми сырткы көйгөйлөр болсо, исламга каршы эң күчтүү душман бул Курайш эли турган. Анткени, мусулмандар он жыл бою Курайш элинин колунда ар түрдүү азап-кыйноо, коркутуу, кысым көрсөтүү, алаканы үзүп ач коюп кыйноо жана башка ар түрдүү кыйноолорду көрүшкөн болчу. Курайш эли мусулмандарды алсыратып, жок кылуу аракеттерин өтө кенеңири колдонушту. Акырында мусулмандар Мадинага көчүп кеткенден соң, Курайштын заалымдары мусулмандардын Меккедеги мал-мүлкүн, үйлөрүн жана жерлерин өздөрүнө тартып алышып аларды үй-бүлөсүнөн, күйөөсүн аялынан жана жакын туугандарынан да ажыратып салышты. Ал эми кимди кармап азаптап кыйноого күчү жеткенди динден чыгаруу максатында ар түрдүү азаптар менен азапташты. Ушул сыяктуу жийиркеничтүү иштерди эле аткарбастан, Пайгамбарыбыздын САВ алып келген динин түп тамыры менен жок кылып, өзүн да өлтүрүү аракеттерин көрүшкөн. Ошентип, Курайш ислам динин жок кылуу максатында колунан келген күч-аракеттерди жасай баштады. Ушунча аракеттерди жасап эле тим болбостон, мусулмандар аралыгы беш жүз чакырымдай болгон узактыкка көчүп кетип өз жандарын куткаргандан кийин да, Курайш эли жөн калбастан мусулмандарга каршы башка саясатын колдоно баштады. Ал да Курайш эли араптардын экономикалык жана диний борбору катары ошондой эле Аллахтын үйү Каабанын эли экендигин пайдаланып, чөлдөгү бардык мушрик араптарды Мадина элине каршы үндөдү. Акырында Мадина

элине катуу кысым көрсөтүлүп сырттан келген азык-түлүк жана башка соода-сатыктар азайгандан азайып, кырдаал ого бетер курчуп кетти. Анын үстүнө Мадинага келген качкын мусулмандардын да саны күндөн күнгө артып жатты. Жаңы өлкө, жаңы баш паанек, жаңы жер кылып көчүп келген мусулмандар менен Меккелик заалымдардын ортосунда согуш башталуу коркунучу айдан ачык көрүнүп турган болчу. Ал эми бул келишпестик, талаш-тартышты мусулмандарга жүктөө эң чоң ката болуп саналаарын билип кою керек.

Мусулмандар мал-мүлкүн заалымдарга тонотуп жибергендей, өздөрү да ошол заалымдардын мал-мүлкүн тоноп, жашоо турмуштагы көргөн кордуктарын аларга да көрсөтүп, ошол заалымдардын өздөрүнө жараша сокку уруу керек болуп калды. Ошондо гана заалымдардын мусулмандарды түп тамыры менен кыйратып жок кылабыз деген аракеттерди жасай албай калышат.

Ушул сыяктуу чоң маселелерди Пайгамбарыбыз САВ Аллахтын элчиси, хидаят-туура жолго баштоочу инсан жана мамлекетти башкаруучу башчы катары Мадинага көчүп келгенден баштап эле башынан өткөрүп жатты.

Чындыгында Пайгамбарыбыз САВ пайгамбарлык жана башчылык вазыйпасын Мадинада катуу аракеттерди жасап аткара баштады. Элдердин арасында ар биринин өз укугун берип, аларга ырайымдуулукту, мээримдүүлүктү көрсөтүп, катуу жана каардуу боло турган жерде катуу жана каардуу болду. Албетте ырайым мээримдүүлүгү каардуулуктун алдында жеңип кетээр эле. Ошентип, акырында арадан аз эле жылдар өтпөй жеңиш мусулмандардыкы болду. Окурман ушулардын баарын алдыдагы барактарда окуй алат:

# *Жаңы коомду куруу*

Жогоруда айтып өткөндөй Пайгамбарыбыздын САВ Мадинага келип, Нажжар уруусунун жерине түшүүсү жума күндүн 12 Рабиул-аввал айына туура келет, ошол жыл алгачкы хижрий жылы болуп эсептелип, 27-сентябрь, 622-жылга туура келет. Ошондо, Пайгамбарыбыз САВ Абу Аюптун үйүнүн жанына келип: "**Кудай буйруса ушул жерге конобуз"-** деп айтып, андан соң Абу Аюптун үйүнө келип түшкөн.

## *Пайгамбар мечитин куруу иши:*

Пайгамбарыбыз САВ жайланышып алгандан соң эң алгачкы жасаган иш кадамы Пайгамбар мечитин тургузуу болду. Пайгамбарыбыздын САВ төөсү чөккөн жерге Пайгамбарыбыз САВ мечит курууга буюрду. Ал жердин ээси эки жетим баланыкы болчу, алардан Пайгамбарыбыз САВ жерди сатып алды да, мечиттин курулушуна өзү баш болуп жардам берип, таш жана кышты ташып берип:

**"Аллахым! Акыреттен башка (чыныгы) жашоо жок,**
**Ансарларды жана мухажириндерди кечире көр"-деген сөзүн айтты.**

Анан:

**"Бул жумуш Хайбардагы жумуштан да жакшы,**
**Оо Раббим! Бул иш кайырдуу жана таза".**

Ушул сөздөр сахабаларды да мечитти курууга шыктандырып. Алардын ичинен бирөөсү мындай деди:

"Биз олтуруп Пайгамбар иштейби?
Биз да иштебесек анда туура болбой калат".

Мечиттин орду алдың мушриктердин мүрзөсү болчу, ал мүрзөнүн эскилиги жетип ордуна пальма жана тикенектүү бадал дарактары чыгып кеткен эле. Пайгамбарыбыз САВ кабырды тазалаганга буюруп кабырлардын баарын тазалашты, дөңсөө жерлерин тегиздешти. Өсүп жаткан дарактардын

баарын тамыры менен тазалашты, анан мечиттин кыбыласын даярдашып кыбыла Иерусалимди карай курулду. Кыбыланын эки түркүгүн болсо таштан тургузушту, ал эми мечиттин дубалын ылайдан жана кыштан курушту. Шыбына пальма дарагынын жалбырагынан төшөп, түркүктөрүн пальмадан тургузушту. Астын болсо кум жана майда таштар менен төшөп, анан мечитке үч эшик жасашып, кыбыла тарабынын узундугун жүз чыканактай кылды. Эки жагын да ошондой узундукта же андан бир аз кыскараак кылып курушуп, пайдубалын үч чыканактай кылып көтөрүштү.

Мечиттин жанына бир канча үйлөрдү таш жана кыш менен тургузушту, торсундарына пальманын бутактарынан жаткызышты. Бул үйлөр Пайгамбарыбыздын САВ жана аялдарынын үйү болчу. Үйлөр толук бүткөндөн соң, Пайгамбарыбыз САВ Абу Аюптун үйүнөн өз үйүнө көчүп өттү.

Мечит намаз окуй турган эле жай болбостон, мусулмандардын чогула турган да жери болуп, анда мусулмандар ислам динин үйрөнүүгө жана башка таалим-тарбия алуучу жай болуп, чогулуштар өтө турган жер жана караңгылык доордо уруу уруулардын узун жылдардан бери бири-бири менен касташып урушуп келген касташууларын жок кылып. Аларды бири-бири менен бир туугандык кылып жүрөктөрүн бириктире турган да жер болду. Ушуну менен эле чектелбестен мусулмандардын жалпы маселелерин чече турган, чогулуш кеңешүүлөрдү өткөрө турган идара да болуп, мусулмандар сапар кылса ошол жерден жылышты.

Андан сырткары кедей жашаган бир канча качкын мухажириндердин баш калкаалай турган жери болду. Анткени алардын үйү, мал-мүлкү же үй-бүлөсү да жок эле.

Хижрийдин алгачкы жылдары азан айтуу өкүмү түшүп, бир күндө беш убак бүткүл ааламды дүңгүрөтүп жаңырткан азан айтыла баштады. Азан айтуу окуясы Адбулла ибну Зейт ибну Абду Раббанын түш көрүүсү менен болгон болчу. Азан

айтуу окуясы баарына белгилүү болуп бул тууралуу Тирмизий, Абу Дауд, Ахмад жана Хузайма сыяктуу хадисчи аалымдар риваят кылган.

## *Мусулмандарды бир тууган кылуу:*

Пайгамбарыбыз САВ чогулуу жайы жана жүрөктөрдү бириктире турган мечит тургузгандай эле, тарыхта таасирдүү эсте калаарлык дагы бир чоң ишти жасады. Ал да мухажириндер менен ансарларды бири-бири менен бир тууган кылуу. Бул тууралуу Ибнул Кайим ушундайча баяндайт: Андан соң Пайгамбарыбыз САВ Анас ибну Маликтин үйүндө мухажириндер менен ансарларды бири-бири менен бир тууган кылды. Ошол кезде алардын саны токсон болчу, жарымы мухажириндер жарымы ансарлар. Эки тараптын бирөөсү каза болсо, экинчиси өзүнүн жакындарынан сырткары ошол бир тууганынан мурас алат деген осуяттарды айтып, бир тууган кылды. Мурас алуу өкүмү аларга Бадр согушу болгонго чейин жүрдү, анан Бадр согушу болгондо мурас алуу өкүмү токтоп ушул аят түштү:

وَأُوْلُواْ الأَرْحَامِ بَعْضُهُمْ أَوْلَى بِبَعْضٍ فِي كِتَابِ اللّهِ {الأنفال/75}

***“Кандаш бир туугандар (гана бири-бири менен мураскорлор) Аллахтын Китеби боюнча бири-бирине жакын”.*** (Анфал, 75)

Ушул аят түшкөндөн соң жогорудагы эскерилген кандаш эмес бир туугандардын мурас алуу өкүмү токтотулду.

Кээ бир изилдөөлөргө караганда “Пайгамбарыбыз САВ экинчи жолу мухажириндерди да бир-бири менен бир тууган кылды”- деген сөздөр айтылган. Бирок бул сөз так далилденбегенден кийин мухажириндер менен ансарларды эле бир тууган кылганы тагыраак такталганын аалымдар алышкан. Анткени мухажириндер ансарлар менен бир туугандыкка муктаж болгон. Ал эми өздөрү бир-бири менен

мусулманчылык, жакын туугандык сыяктуу бир тууган болуубга кажет жок эле.

Бул бир туугандык кылгандын негизги мааниси ушунда жатат – жана Мухаммед Газалий да айткандай – караңгылык доордун уруулука бөлүнүүсүн жок кылуу. Анткени исламда антип бөлүнүү жок жана тегине, түсүнө жерине карап бөлүнүүнү да жою, анткени эч ким эч кимден өйдө да ылдый да эмес, бир гана адамгерчилик жана такыбалык сыпаты менен гана Аллахтын алдында өйдө.

Чындыгында Пайгамбарыбыз САВ бул бир туугандыкты тил менен эле сүйлөй турган бир туугандык кылган жок, иш жүзүндө чыныгы бир тууган болуп аткарыла турган кылып бири-бирине катуу байланыш кылды. Ошондой эле тил менен гана сайрап, анын эч кандай таасирин сезбей турган кылбай кан-жаны, мал-дүйнөсү менен да катуу байланышта боло турган кылды.

Ошонун натыйжасында өз жанынан да бир тууганын артыгыраак көрүп, тең укуктуулук жана достук мамилеси, сүйүүсү бир-бирине катуу жуурулушуп, жаңы тарбияланып келаткан коомдун көңүлүн толтура турган деңгээлде болду.

Бухарий риваят кылган сөзүндө: “Мухажириндер Мадинага келген кезде Пайгамбарыбыз САВ Абдурахман менен Саьд ибну Рабияны бир тууган кылды. Ошондо Саьд Абдурахманга мындай деп айтты: “Мен ансарлардын ичинен эң байларынан биримин. Байлыгымды экиге бөлүп, жарымын сага берейин жана эки аялым бар, экөөн тең карап көр кайсынысы сага жакса, ошонусун талак кылайын, качан иддасы бүткөн кезде ага үйлөн”- деп айтты. Ошондо Абдурахман: “Аллах сенин үй-бүлөңө жана байлыгыңа береке берсин, базарыңар кайда?” -деп сурады эле ага Кайнука уруусунун базарын көрсөттү. Арадан бир канча күн өтпөй Абдурахман бир аз быштак жана майга иштеди. Ошентип ал соода ишин уланта берди. Дагы бир канча күн өткөндөн кийин жыпар жытты себинип жакшы кийимди кийген абалда келди.

Аны көргөн Пайгамбарыбыз САВ Абдурахмандан: “**Сага эмне болду?”** -деп сурап калды, Абдурахман: “Үйлөндүм”- деп жооп узатты. Пайгамбарыбыз САВ: “**Аялыңа канча калың бердиң?”** Абдурахман: “Данектей алтын”- деп жооп берди.

Абу Хурайра риваят кылган сөздө ушундай келет: “Ансарлар Пайгамбарыбызга САВ мындай деп айтышты: “Биз менен бир тууган мухажириндерге курма дарагын бөлүп бериңиз, Пайгамбарыбыз САВ: “**Жок”-**деп жооп бергенден соң, ансарлар: “Анда азык түлүккө жардам берип мөмө-жемиш бышкан кезде ага шерик кылалы”- деп айтышты эле мухажириндер: “Макул ошондой кылалы, деп макулдугун беришти”.

Бул да ансарлардын кандай экенин билдирип, эч нерсеси калбаган мухажирин бир туугандары үчүн кандай боору ооруп аларга өз жандарын да аябай, жоомарт, мээрим ырайымдуу болгондугун билдирип турат. Ушундай урмат-сыйга мухажириндер да татыктуу болуп, алууда аша чаап кетпестен өздөрүнө керектүү болгон нерсени жетиштүү даражада гана алышты.

Акыйкатта бул бир туугандык өтө чоң деңгээлде хикмат-даанышмандыкты билдирип, ишти алдыга жүргүзүүдө туура жана келечектүү саясатты колдонгонун, мусулмандардын башына келген көптөгөн маселелрди акыйкат жана таң калаарлык чечим менен чечкендигин көрсөтүп турат.

## *Исламдагы келишим сөзүн жазуу:*

Пайгамбарыбыз САВ момундардын арасын бир туугандыка байлагандай, ынтымак сыяктуу келишим сөзүн жазды. Ошол келишим сөзү караңгылык доордун бүткүл жаман жактарын жоюп, уруучулдук келишпестиктерди да жок кылып, бутпарас отпарас сыяктуу караңгылыкка эч бир жол койгон жок. Төмөндөгү сөздөр келишим сөзүнүн кыскачасы:

Бул келишим сөзү Аллахтын Пайгамбары Мухаммедден САВ Курайш жана Ясрип элинин момун мусулмандарына жана алардын артынан ээрчиген жана аракет кылган жалпы момун мусулмандар үчүн жазылды:

1- Бардык мусулмандар башка инсандардан айырмаланып өздөрүнчө бир үммөт болду.

2- Курайштан келген мухажириндер өз абалдарын (исламдын негизинде) өз ара чечишет, алар туткунга түшкөндөрүн же кордук көргөндөрүн момундардын арасында жакшылык жана адилеттүүлүк менен аткарсын. Ансарлардын ар бир уруусу өз абалдарын (исламдын негизинде эгер бирөөсүн өлтүрүп койгон болсо) өз ара ага кун төлөп чечишет. Булардын ар бир уруусу туткунга түшкөндөрүн же кордук көргөндөрүн момундардын арасында адилеттүүлүк менен аткарсын.

3- Момун мусулмандар карыз болуп калган адамды (же бала-бакырасы көп үй-бүлөнү таштап койбостон) ага күч-кудуретинин жетишинче жардам берсин.

4- Эгер ким зулумдук кылса, зулумдук көрсө, күнөө иш жасаса, душмандык кылса же болбосо момун мусулмандардын арасында бузукулук таратса ага бардык такыба мусулмандар жардам берүүсү зарыл.

5- Ошол адам араңарда бирөөңөрдүн балаңар болсо да ага баары (бир жакадан баш бир жеңден кол чыгарып) жардам берүүсү зарыл.

6- Эгер бир мусулман каапыр адамды өлтүрүп койсо, ал мусулманды башка мусулмандар өлтүрүүгө болбойт.

7- Каапырга жардам берип, мусулманды таштап койбойт.

8- Чоң кичине дебей Аллахтын коргоосу баарына бирдей.

9- Кайсыл бир жөөт бизди ээрчисе, ага жардам берилип ал биздин катарыбызда болот. Ошондой эле ага эч кандай зулумдук жана кордук көрсөтүлбөсүн.

10- Мусулмандардын тынчтыгы, бейпилдиги бир болууга тийиш (мындайча айтканда баардыгы бирөө үчүн бирөө баардыгы үчүн), мусулман мусулман менен Аллах жолунда урушпайт, эгер бир маселе болсо аны араларында теңдик жана адилеттүүлүк менен гана чечсин.

11- Аллах үчүн мусулмандын каны төгүлгөн болсо бардык мусулмандар бир-бирине жардам берүүсү зарыл.

12- Эч ким Курайштын мал-дүйнөсүн да адамын да өз коргоосуна албасын, ал эми Курайштан бирөөсү мусулманды өз коргоосуна алам десе анда ага тоскоолдук жок.

13- Кимде-ким бир мусулманды күнөөсүз эле өлтүрүп койгон болсо, анда андан сөзсүз өч алынат, эгер өлгөн тарапты ыраазы кылган болсо анда алынбайт.

14- Жалпы мусулмандар ошого (жогоруда айтылган кылмыштуулука) каршы күрөшүүсү керек, анткени баары ошону аткаруусу зарыл.

15- Эч бир мусулман динде жок нерсени чыгарган адамга жардам да бербесин, аны жашырып бекитпесин да, кимде ким ага жардам берип же жаап жашырса, анда ага кыямат күнү Аллахтын каргышы болот. Ошондо анын эч нерсеси кабыл болбойт.

16- Силер кайсыл бир нерседе талашып тартышып калсаңар, аны Аллах Тааланын жана Мухаммеддин САВ өкүмүнө кайтаргыла.

## ***Коомчулукка тийгизген руханий таасири:***

Ушул сыяктуу акылдуу, маанилүү, негиздүү жана даанышман сөздөр менен Пайгамбарыбыз САВ жаңы түзүлгөн коомду жаңы эрежелер менен бекемдеп негиздеди. Ал эми ушул сөздөр Пайгамбарыбыздын САВ жанында жолдош болуп жүргөн улуу сахабаларына чоң таасирин тийгизип, жашоо-турмушту жакшы нукка бурду. Анткени Пайгамбарыбыз САВ аларга үлгүлүү таалим-тарбия, адеп-аклакты үйрөтүп,

башкаларга да адептүүлүктү, жакшы кулк-мүнөздүүлүктү көрсөтүүгө үндөп, ырайымдуулук, кичи пейилдик, бир туугандык, бийик даражадагы сыпаттуулук, шарапаттуулук, Аллахка ибадат кылып моюн сунуу сыяктуу негиздүү таалим-тарбияны берип жатты.

Бирөөсү Пайгамбарыбыздан САВ ушундай деп сурап калды: Исламдын кандай болгону жакшы? Пайгамбарыбыз САВ: "**Тааныган таанибаганыңа курсагы ач болсо курсагын тойгоз, саламыңды айтып жүр!**"

Абдулла ибну Салам мындай дейт: "Пайгамбарыбыз САВ Мадинага көчүп келгенде анын жанына келдим, жанына келип аны көргөн кезде калпычы адам эмес экенин дароо байкап түшүндүм. Ошондо эң биринчи сүйлөгөн сөзү ушул болду: "**Оо, инсандар! Бир-бириңер менен саламдашып жүргүлө, (жарды жакыр) тамак-ашы жокко тамак-аш бергиле, тууган-урук менен карым катнашты үзбөгүлө жана адамдар уйкуда экен түнкү намазды окугула. Ошондо гана бейишке тынчтык менен киресиңер.**

Дагы башка сөздөрүндө ушундайча айткан:

**Коңшусуна азар берген адам бейишке кирбейт.**

**Чыныгы мусулман башка мусулманга тили менен жана колу менен зыян жеткизбеген мусулман.**

**Өзүнө жакшы көргөн нерсени башка мусулман бир тууганына жакшы көрмөйүн (чыныгы) мусулман боло албайт.**

**Момун мусулман бир адамдын денеси сыяктуу, эгер анын көзү ооруса бүт денеси ооруйт, а эгер башы ооруса да бүт денеси ооруйт.**

**Момун мусулман башка момун мусулман менен бир-бирин бекем кармап турган имарат сыяктуу.**

**Бир-бириңди жек көрбөгүлө, көралбастык кылбагыла, тескери басып кетпегиле, оо, Аллахтын пенделери! Бир-бириң менен бир тууган болгула, мусулман башка бир мусулман менен үч күндөн ашык капалашпайт.**

**Мусулман мусулмандын бир тууганы, ага зулумдук кылбайт, таштап (сатып) койбойт, кимде ким мусулман тууганынын муктаждыгын орундатса, Аллах анын муктаждыгын орундатат. Кимде ким мусулмандын башына келген кыйынчылыкты жеңилдетсе кыямат күнү Аллах анын кыйынчылыгын жеңилдетет. Ким мусумандын айыбын жашырса, кыямат күнү Аллах анын айыбын жашырат.**

**Жер бетиндегилерге ырайымдуу болгула, асманда болгон (Аллах Таала) силерди ырайым кылат.**

**Жанындагы кошунасы ачка болуп өзү ток болгон момун (чыныгы) момун эмес.**

**Момун мусулманды тилдөө (сөгүү) бул бузукулука жатат, аны өлтүрүү бул каапырлыка жатат.**

Ошондой эле Пайгамбарыбыз САВ жолдо адамдарга азар берген (таш, тикен ж. б. у. с) нерселерди алып кою, бул бир садака берген соопко ээ болот деп айтып, бул да ыймандуулуктун бир белгиси деп эскертээр эле.

Пайгамбарыбыз САВ садака берүүгө, башкаларга жакшылык көрсөтүүгө үндөп, анын пазилет сооптору өтө көптүгүн айтып, садака берүү, жакшылык көрсөтүү бул жүрөктөрдү жакындатаарын айтып түшүндүрчү. Бул тууралуу мындайча хадис айткан: **Садака берүү бул (инсандын) күнөөлөрүн өчүрөт, суу отту өчүргөндөй.**

Дагы башка хадистерде ушундайча айткан: “**Кайсыл бир мусулман кийим-кечеги жок мусулманды кийиндирсе Аллах ага бейиштин кийимин кийгизет. Кайсыл бир мусулман курсагы ач мусулманга тамак берсе, Аллах ага бейиштин мөмөсүнөн берет. Кайсыл бир мусулман чаңкаган мусулманга суу берсе, Аллах ага бейиште мөөр басылган суусундуктан берет.**

**Бир курма (садака, жардам) берип болсо да тозоктон (тозоко кирүүдөн) узактагыла, эгер аны да таба албасаңар жакшы сөз айтып узактагыла.”**

Ошондой эле Пайгамбарыбыз САВ тилемчилик, сурамчылык кылуудан өтө катуу кайтарат эле. Сабырдуулуктун, каниеттүүлүктүн артыкчылыгын айтып сабырдуу каниеттүү болууга чакыраар эле. Акыретте тилемчинин жүзү тытылган же аймалган абалда болот деп билдирчү. Бир гана зарыл болгон учурда уруксат берилет. Дагы Пайгамбарыбыз САВ сахабаларына ибадаттын артыкчылыгы, соопчулугу Аллахтын алдында өтө көп экендигин айтып түшүндүрчү. Ибадатты Аллах тарабынан өзүнө түшкөн вахий кабары менен байланыштырып, ошол тууралуу түшкөн вахий кабарын сахабаларына да окуп берди, сахабалар да аны үйрөнүп Пайгамбарыбызга САВ окуп беришчү. Ушундай кылып сахабаларына таалим-тарбия берип, исламга үйрөтүп, берген сабагын баарына жетээрлик деңгээлде түшүндүрдү.

Пайгамбарыбыз САВ мусулман калкынын деңгээлин жана таланттуулугун ушинтип көтөрүп, тарбия жагынан да башка Пайгамбарлардын үммөттөрүнөн айырмаланып, тарыхта болуп көрбөгөн эң жогорку даражадагы таалим-тарбиялуу, адеп-ахлактуу жана үлгүлүү сахабаларды жетиштирди.

Сахабалар тууралуу Абдулла ибну Масьуддун ушундай деген сөзү бар: "Кимде ким бирөөнү ээрчиймин десе өтүп кеткендерди (сахабаларды) ээрчисин, анткени тирүү адамга ар кандай фитна бузукулук келүү ыктымалы бар." Себеби сахабалар Мухаммед Пайгамбарыбыздын САВ жолдоштору болчу, алар бул үммөттүн эң жакшы адамдары, жүрөктөрү эң таза, илим-билимдүү жана ашыкча нерселерди жасабаган инсандар болгон. Аллах Таала аларды Өз Пайгамбарына жолдош болууну, алып келген динин жүргүзүп кетүүнү насип кылды. Ошондуктан алардын өзгөчөлүгүн, пазилетин билгиле, артынан ээрчигиле, күчүңөрдүн жетишинче алардын адеп-ахлагын жана өмүр баянын үйрөнүп аткаргыла. Анткени алар эң туура жана түз жолдо болгон.

Ошондой эле эң үлгүлүү, улуу даражалуу башкаруучу болгон Пайгамбарыбыз САВ руханий тарбиялык жагынан толук кемелдүү зор сыпаттарга ээ болгон. Ал өзүнүн кемелдүүлүгү, таланттуулугу, көрүнүктүүлүгү, өзгөчөлүгү жана жогрку даражадагы адеп-акхактуулугу менен ар кандай жүрөктөрдү өзүнө тартып, руханиятты жакшы нукка өзгөртө билген. Оозунан бир сөзү чыгаар замат дароо сахабалары РА аны аткарууга шашып, туура жолго баштай турган кандай гана сөз айтылбасын, аны бир-бири менен жарышып аткарышкан.

Ушундай таалим-тарбия аркылуу Пайгамбарыбыз САВ тарыхта болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлдеги жаңы коомду Мадинада түзүп, узун жылдардан бери токтобой келе жаткан ич ара согуштарына чекит коюп, ошол жерде жашаган инсаниятты бактылуулукка жана бийик деңгээлге көтөрүп койду.

Ушул сыяктуу жогорку деңгээлдеги руханий тарбия менен, узун замандан бери келе жаткан ар кандай кыйынчылыктар чечилип, тарых барактары такыр бир башка нукка өзгөрүп, өзүнчө жаңы коом толукталып түптөлдү.

## *Жөөттөр менен болгон келишим*

Пайгамбарыбыз САВ Мадинага көчүп келгенден соң, исламдагы жаңы коомду түзүп бекемдеп, мусулмандардын арасындагы ишеним-акыйдасын, саясатын жана мыйзамын бирдиктүү кылгандан кийин, мусулман эместер менен боло турган алака мамилелерди өзүнчө бир тартипке коюу керек экендигин көрдү. Бул да Пайгамбарыбыздын САВ келечекте мусулмандардын бейпилдиги, тынчтыгы үчүн жана жалпы эле адамзаттын да бейкуттукта, бактылуу өмүр сүрүүсү үчүн койгон максаты болуп, ошону иш жүзүнө ашыруу үчүн биргелешкен бир эреже коюуну чечти. Бүткүл ааламда алдуулар алсыздарды кордоп, күчтүүлөр күчсүздөрдү басынткан терс көрүнүштөр толтура болуп жаткан заманда

Пайгамбарыбыз САВ өзүнчө бир кечиримдүүлүк, жеңилдик сыяктуу эрежелерди койду.

Мадинада мусулмандарга эң жакын жашаган мусулман эмес эл бул жөөттөр болчу. Жөөттөр мусулмандарга болгон душмандыгын жашырып жүргөн, бирок мусулмандарга каршы ачык жарыя иш аракеттерди жасаша элек болчу. Пайгамбарыбыз САВ жөөттөр менен өзүнчө келишим түзүп, аларга дин жана мал-дүйнө эркиндигин толук берип, аларга каршы тартып алуу, талашып- тартышуу сыяктуу саясатты жүргүзгөн жок.

Бул келишим жогоруда айтып өткөн мусулмандардын арасында жазылган келишим менен бирге жазылган болчу. Келишим сөздөрү төмөнкүчө жазылды:

## ***Келишим сөздөрү:***

1- Жөөттөрдүн Ауф уруусу мусулмандар менен бирге бир коом болуп саналат, жөөттөр өз динин кармаганга укуктуу, мусулмандар да өз динин кармаганга укуктуу, кызматчылары жана кулдары өздөрүнө. Ошондой эле Ауф уруусунан башка жөөттөргө да ушундай укуктар берилди.

2- Жөөттөр өзүн өзү камсыздасын, мусулмандар да өзүн өзү камсыздасын.

3- Келишим түзүлгөндөргө (мусулмандар менен жөөттөргө) ким каршы чыкса бир-бирине жардам берсин.

4- Жөөттөр менен мусулмандар бир-бирине жакшылык кылып кеңеш осуяттарды айтып, жамандык кылбасын.

5- Ушул союздаш адамдар бир-бирине күнөө иш жасабасын.

6- Кимге зулумдук көрсөтүлсө ага жардам берилсин.

7- Уруш болуп кетсе жөөттөр мусулмандар менен бир болууга тийиш.

8- Ушул келишимге келген адамдарга, Ясрипте ар кандай жаман (өлтүрүү сыяктуу) иштерге барууга тыюу салынат.

9- Ушул келишимди түзгөндөр бир-бири менен талашып тартышып калса, же болбосо урушуп кетүү коркунучу болсо, анда аны Аллах Таалага жана Анын элчиси Мухаммедке САВ кайтаруу керек.

10- Курайш менен эч кандай соода-сатык алакасы болбосун, аларга жардам да берилбесин.

11- Кимде ким Ясрипке кол салса бир-бирине жардам берсин.... (Ясриптеги жашаган) ар бири өзү жашаган тарапты коргосун.

12- Ушул келишим жазылган баракты заалым же бузуку адам гана бузат.

Келишим сөздөрү жазылып бүткөндөн соң Мадина шаары жана анын айланасы өзүнчө бир тынч мамлекетке айланды. Анын борбору Мадина болуп, башкаруучусу Пайгамбарыбыз САВ болду. Ал мамлекетте мусулмандар өзүнчө эркин укукка ээ болуп, сөздөрү да өтүмдүү болду. Ошону менен Мадина шаары чыныгы ислам мамлекетинин борборуна айланды.

Келечекте айланага дагы да бейпилдикти, тынчтыкты таратуу үчүн Пайгамбарыбыз САВ башка уруулар менен ар кимисинин абалына жараша ушул сыяктуу келишимдерди түздү, бул тууралуу алдыңкы барактарда айтып өтөбүз.

# *Кандуу күрөш*

## *Мусулмандар көчүп кеткенден соң, Курайштын мусулмандарга каршы козголуусу жана Курайштын Абдулла ибну Убай менен байланыш түзүүсү:*

Мурунку темаларда айтып өткөндөй Меккенин каапырлары мусулмандарга каршы кандай гана кордуктарды көрсөткөнү маалым, көчүү алдында да ар түрдүү азаптар менен азапташты, ушуну менен эле калып калбастан,

мусулмандардын мал-мүлкүн тартып алышып аларга каршы согуш жарыялады. Курайш мушриктери өздөрүнүн арам оюнан кайтуудан, душмандыгын токтотуудан али ойгонгон жок, тескерисинче, мусулмандарды колунан чыгарып жибергендиги үчүн жана алар Мадинада өздөрүнө баш паанек таап алгандыгы үчүн каарына каар, душмандыгына душмандык кошулду. Ошондо Абдулла ибну Убай ибну Салулга кат жолдошту. Ошол кезде Абдулла мушрик болуп, хижрадан алдың ансарлардын башчысы болуп турган. Баарыбызга белгилүү болгондой хижрадан алдың Мадиналыктар баары чогулуп Абдулланы өздөрүнө падыша кылып шайлашмакчы болуп калган эле, бирок Пайгамбарыбыз САВ Мадинага хижрат кылып көчүп келгенден соң Мадинанын эли исламды кабыл алышып, Абдулланы таштап коюшкан болчу. Курайш Абдуллага жана аны колдогондорго ушундай курч сөздөр менен кат жолдоду:

“Силер биздин адамды өзүңөргө киргизип алдыңар, ошондуктан биз Аллахка ант ичип айтабыз, аны өлтүрөсүңөр же болбосо бизге тапшырасыңар, эгер андай да кылбасаңар баарыбыз топтолуп силерге барып жер менен жексен кылып аял-кыздарыңарды тартып алабыз!”

Бул катты алаары менен Абдулла ибну Убай Меккелик мушрик туугандарынын буйругун аткарууга аракет кылып калды, анткени ал падышалыгын тарттырып жибергендиги үчүн Пайгамбарыбызды САВ башынан эле жек көрчү. Бул тууралуу Абдурахман ибну Кааб мындай дейт: “Кат Абдулла ибну Убай менен аны колдогон бутпарастарга жеткенден кийин, Пайгамбарыбызга САВ каршы урушмакчы болуп калды. Бул кабар Пайгамбарыбызга САВ жетип Пайгамбарыбыз САВ Абдуллалар менен жолугууга чакырып, эки тарап бир жерде жолугушуп, Пайгамбарыбыз САВ аларга мындай деди: **“Курайштын силерди коркутканы тууралуу кабарды толук уктук, алар силерди алдап жатат, силер да өзүңөргө өзүңөр алданып жатасыңар, силер эмне**

**өзүңөрдүн балдарыңар менен, туугандарыңар менен согушканы жатасыңарбы?”** Бул сөздү Пайгамбарыбыздан САВ уккандан соң алар тарап кетишти.

Ошентип Абдулла ибну Убай Пайгамбарыбыздын САВ сахабаларынын кайраттуулугун чечкиндүүлүгүн көргөндөн соң, согушууну токтотту. Бирок ошондой болсо да Курайш менен жашыруун алака кыла берди. Абдулла мусулмандар менен мушриктердин ортосуна бир от жагылса, экөөнү уруштуруп жиберүү үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жүрдү. Ушул арам оюн ишке ашыруу үчүн жөөттөрдү да өзүнө жардамчы кылып алган эле. Бирок Пайгамбарыбыз САВ өзүнүн даанышмандыгы, көрөгөчтүгү аркылуу булардын күйүп турган күйүттөрүн акырындап-акырындап өчүрүп салды.

## *Каабаны зыярат кылууга тоскоолдук көрсөтүү аракети:*

Ошол учурларда Саьд ибну Муаз Меккеге умра кылганы барып калат, Меккеге барып Умая ибну Халафтын үйүнө конок болуп түшөт да Умаяга мындай дейт: “Мен үчүн бир бош убактыңды тапсаң, мен Каабаны тооп кылып алайын. Ошентип Умая Саьды күндүзү ээрчитип Каабага алып келет, жолдо экөөнү Абужахил көрүп калып мындай дейт: “Оо, Абу Сафван (Умаянын экинчи аты) жанындагы ким?”- деп сурап калат, Умая: “Бул Саьд”- деп жооп узатат. Ошондо Абужахил Саьдка карап: “Ии, Меккеде кенен кесир тооп кылып жүрүптүрсүң, силер бир кылмышкерди жериңерде коргоп жатасыңар, анан ага жардам берип жатабыз деп жүрөт экенсиңер, Аллахка ант болсун, эгер сен Абу Сафван менен болбогонуңда үй-бүлөңө аман кайтпайт элең!”- деп айтканда, ошол замат Саьд үнүн ага карап бийик көтөрүп мындай дейт: “Аллахка ант болсун, эгер сен мени тооп кылуудан тоскон

болсоң, мен андан да жаман нерседен сени тосомун, Мадина тараптан өтүп бараткан жолуңду!”.

## *Курайш мухажириндерди коркутууда:*

Курайш мухажириндерге ушундай деп кабар жөнөтөт: “Биздин колубуздан качып, Ясрипке келип кутулуп кеттик деп ойлобогула, жакында ошол жериңерге келип баарыңарды өлтүрүп жок кылабыз”.

Бул сөз мухажириндерди коркутуу эле эмес, Пайгамбарыбызга САВ да кол салуу аракети болчу. Курайштын Пайгамбарыбызга САВ кол салуу аракеттери чын экендигин Пайгамбарыбыз САВ аныктагандан соң, түндөлөрү уктабай жатты, кээ бир учурларда аны сахабалар да кооруп жатышты. Бул тууралуу Муслим риваят кылган сөзүндө Айша РА мындай дейт: “Пайгамбарыбыз САВ Мадинага келген кездерде түндөлөрү уктабай чыкчу. Бир күнү ал бизге мындай деп айтты: **“Жакшы жолдошторумдан бирөөсү бул кече мени кооруп жатканда жакшы болмок”.** Ошентип үйдө олтурсак эле бир маалда, сырттан куралдын шагыраган үнү угулуп калды, Пайгамбарыбыз САВ: **Бул ким?** Деп сурап калды, сырттагы үн: Саьд ибну Абуваккас, деп жооп берди, Пайгамбарыбыз САВ: **Эмнеге келдиң?** Саьд: Пайгамбарыбызга САВ бир нерсе болуп кетпесин деп коркуп кеттим, ошон үчүн сизди кооруганы келдим, деп айтты эле Пайгамбарыбыз САВ Саьдка жакшы батасын берип өзү уйкуга кетти”.

Сахабалар Пайгамбарыбызды САВ бир нече түн эле кооруп жатышкан жок, узун убакыт бою кооруп жүрүштү. Бул тууралуу Айша РА мындай дейт: “Пайгамбарыбызды САВ сахабалар кечиндеси кооруп жатаар эле, акыры ушул аят түшкөндөн соң кооруп жатуу токтотулду:

وَاللَّهُ يَعْصِمُكَ مِنَ النَّاسِ {المائدة/67}

***“Сени Аллахтын Өзү адамдардан коргойт”.*** (5, 67)

Ошондо Пайгамбарыбыз САВ үйдүн жогору жагынан башын чыгарып туруп мындай деди: **“Оо, адамдар! Эми бара бергиле, Аллах Таала мени Өз коргоосуна алды”.**

Бул коркунуч Пайгамбарыбызга САВ эле эмес баардык мусулмандарга да келген болчу, Убай ибну Каабтын сөзүндө ушундай келет: “Пайгамбарыбыз САВ менен жолдоштору Мадинага келген кезде, аларды ансарлар кабыл кылып коргоосуна алды, ал эми башка араптар биргелешип аларга каршы болушту. Ошондо Мадина эли кечиндеси курал алып жатып эртеси курал менен тураар эле”.

## *Согушууга уруксат берилди:*

Мадинада мусулмандарга коркунуч жаралып, абал ушундай курчуп турган кезде, Курайш эли мусулмандарга каршы душмандыгын эч токтотпой турган кабарлар угулуп турган учурда, Аллах Таала мусулмандардын согушуусу жөнүндө аят түшүрдү:

أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا وَإِنَّ اللَّهَ عَلَى نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ {الحج/39}

***“Чындыгында чабуул жасалып, зулумдукка учурагандар үчүн согушууга уруксат берилди. Албетте аларга жардам берүүгө Аллахтын күчү толук жетет”.*** (22, 39)

Бул аят да төмөндөгү ушул аяттар менен түшкөн болчу, ал аяттарда акыйкатсыздыкты жоюу жана Аллахтын өкүмүн жүргүзүү үчүн гана согушууга уруксат берилген эле:

الَّذِينَ إِن مَّكَّنَّاهُمْ فِي الْأَرْضِ أَقَامُوا الصَّلَاةَ وَآتَوُا الزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِالْمَعْرُوفِ وَنَهَوْا عَنِ الْمُنكَرِ {الحج/41}

***“Эгер аларды (мусулмандарды) жер жүзүнө бекем жайгаштырсак, алар намаздарды аткарып, зекет беришип, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыйышат”.*** (22, 41)

Ооба, бул уруксат берилген аят Меккеде эмес, хижраттан соң Мадинада түшкөнү анык, бирок Мадинада кайсыл убакта түшкөндүгүн анык айта албайбыз.

Согушууга Аллах тараптан уруксат берилди, бирок согушаардан алдың, мусулмандарга каршы чыга турган Курайштын Меккеден Шамды карай кеткен соода жолун курчап алуу керек болчу, анткени мусулмандардын жападан жалгыз эң чоң душманы бул Курайш болчу. Ошондуктан жолду курчоо ишине Пайгамбарыбыз САВ эки план түздү:

**Биринчиси:** Тынчтык келишимдерин түзүү, же болбосо ошол жолдун боюнда жашаган, же Мадина менен ошол жолдун ортосунда көчүп жашаган башка араптар менен согушпоо келишимин түзүү. Жогоруда айтып өткөндөй Пайгамбарыбыз САВ жөөттөр менен келишим түзгөн болчу. Ошондой эле Жухайна уруусу менен да аскердик күчтөр күчөй элек убагында тынчтык жана согушпоо келишимин түзгөн болчу. Жухайна уруусунун жашаган жери Мадинадан бир канча чакырым узак жерде жайгашкан. Пайгамбарыбыз САВ жолду аскердик көзөмөлгө алып жүргөндө, бул уруу менен бир канча келишимдерди түзгөн. Бул тууралуу кийинки темаларда айтып өтөбүз.

**Экинчиси:** Аскердик күчтөрдү биринин артынан бирин ошол жолго жиберип туруу.

## *Бадр согушунан мурунку болгон жортуулдар жана чабуулдар:*

Согушка уруксат берилгенден соң ушул эки планды ишке ашыруу үчүн мусулмандардын аскердик кайраттуулугу күчөй баштады. Ошентип мусулмандар акырындап аскердик жортуулдарды башташты. Жогоруда белгилеп өткөндөй, алгач мусулмандар Мадинанын айланасын бир сыйра текшерип карап көрүп, андан соң Меккеге кеткен бардык жолдорду көзөмөлдөп карап чыгуу керек, жана ошол жолдун бойлорунда

жашаган башка араптар менен келишимдерди түзүү да керек. Мусулмандардын дагы аткара турган иштери Ясриптеги жашаган мушриктердин, жөөттөрдүн жана мусулмандарга каршы сырттагы бедуин араптардын жүрөгүнө, мусулмандар чындап эле чоң күч чогултуп, мурунку алсыздыгы жок, күчтүү бир мамлекет болду деген коркунучту туудуруу керек болчу. Ошондой эле Курайштын мусулмандарга болгон душмандыгын алсыздатып, уктап жаткан уйкусунан ойготуп алардын да жүрөгүнө ушундай коркунучту туудуруу керек болчу. Ошондо Курайш жолдор тосулса кантип жашайбыз деген экономикалык коркунучту сезгенде гана ынтымака келүүгө аргасыз болуп, мусулмандардын жерине келип аларды жок кылабыз деген пикирин токтотуп, Аллах жолуна даават кылууга да тоскоолдук кыла албай, Меккедеги мусулмандарды да азаптоодон тыйылмак. Ошондо мусулмандар арап чөлдөрүнүн баарында ээн эркин исламга даават ишин уланта бермек.

Эми алдыдагы жортуулдар тууралуу кыскача айтып өтсөк:

1- Сайфул-бахр жортуулу, 1-хижрий жылы рамазан айында, 623 жылдын март айына туура келет, Пайгамбарыбыз САВ бул жортуулга Хамза ибну Абдулмуталипти башчы кылып дайындап, өзү менен кошо мухажириндерден отуз кишини жөнөттү. Бул аскер Курайштын Шамдан келе жаткан соода кербенине чабуул жасаш керек болчу, ал кербен менен кошо Абужахил да үч жүз киши менен келе жаткан эле. Айис тараптагы Сайфул-бахр деген жерге жеткенде эки тарап каршылашып урушууга камданышып калды эле, Жуханий уруусунан Маждий ибну Амру аттуу киши чыга калып – (ал эки тарап менен да тынчтык келишимин түзгөн болчу) – эки тарапты токтотуп калды. Ошентип эки тараптын ортосунда уруш болгон жок.

Ошондогу Хамзанын желеги ак түстө болуп, бул желекти Пайгамбарыбыз САВ эң алгачкы жолу даярдаган эле. Желекти

көтөргөн Абу Марсад Канназ ибну Хусайн Ганавий аттуу киши болду.

2- Раабиг жортуулу, 1-хижрий жылы шаввал айында, 623 жылдын апрель айына туура келет, Пайгамбарыбыз САВ бул жортуулга Убайда ибну Харис ибну Муталипти башчы кылып дайындап, өзү менен кошо мухажириндерден алтымыш кишини жөнөттү. Жолдо баратып эки жүз киши менен бараткан Абу Суфянды Раабиг жергесинин ортосунда жолуктурду. Эки тарап узактан бир-бирине жаа менен гана аткылашып ортодо согуш болгон жок.

Ушул жортуулда Меккенин аскериндеги эки киши мусулмандарга кошулуп кетти. Ал экөө Микдад ибну Амру Бахраний жана Утба ибну Газван Мазиний болчу, анткени бул экөө мусулман болчу. Мусулмандарга жетүү максатында экөө мушриктер менен кошо чыккан эле. Убайданын желеги ак түстө болуп аны көтөргөн Мастах ибну Усааса ибну Муталип ибну Абдуманнап болду.

3- Харрар жортуулу, 1-хижрий жылы зул-каада айында, 623 жылдын май айына туура келет, Курайштын жолдо келе жаткан кербенине чабуул жасаш үчүн Пайгамбарыбыз САВ Саьд ибну Абуваккасты башчы кылып дайындап, өзү менен кошо жыйырма кишини жиберди. Пайгамбарыбыз САВ Саьдка Харрар жеринен ары өтпөөсүн дайындады. Бул жортуул жолго жөө чыгып, бейшемби күнү таң заарда Харрар жерине жеткенче, күндүзү жашынышып кечиндеси гана жол жүрүштү, тилекке каршы Харрарга жеткен кезде кербен бир күн алдың өтүп кеткен экен.

Саьддын желеги ак болуп аны көтөргөн Микдад ибну Амру болду.

4- Абваа же болбосо Ваддаан жортуулу, 2- хижрий жылы сафар айында, (623- жылдын август айына туура келет), Пайгамбарыбыз САВ бул жортуулга өзү чыкты, Мадинага ордуна Саьд ибну Убаданы дайындады. Пайгамбарыбыз САВ өзү менен кошо мухажириндерден жетимиш кишини алып,

Курайштын жолдо келе жаткан кербенине чабуул жасаш үчүн жолго чыкты, Ваддангa жетишти, бирок ортодо уруш болгон жок.

Бул жортуулда Пайгамбарыбыз САВ Амру ибну Махший Думарий менен ынтымак келишимин түздү. Анткени Амру ошол кезде Думар уруусунун эң урматтуу башчыларынын бири эле. Келишим сөздөрү ушундайча жазылды:

**«Бул келишим Аллахтын элчиси Мухаммед Пайгамбардан САВ Думар уруусуна, бул уруунун өздөрү жана мал-мүлкү тынчтыкта болсун, буларга ким кол салса жардам берилет, бир гана Аллахтын динине каршы чыкса анда жардам берилбейт. Эгер Пайгамбар булардан жардам сурап кайрылса анда жардам берүүсү зарыл».**

Бул Пайгамбарыбыздын САВ эң алгачкы жолу жортуулга чыгышы болуп, анда он беш күн жүрүштү. Желеги ак болуп аны Хамза ибну Абдулмуталип көтөрдү.

5- Буваат жортуулу, 2- хижрий жылы рабиул-аввал айында (623- жылдын сентябрь айына туура келет) Пайгамбарыбыз САВ өзү менен кошо эки жүз сахабаны алып Курайштын кербенине чабуул жасаганы жолго чыкты. Ал кербенде Умая ибну Халаф Курайштын жүз кишиси жана бир миң беш жүз төө менен келаткан болчу. Пайгамбарыбыз САВ Ридваа жактагы Буваат деген жерге жетти, бирок чабуул болгон жок.

Бул жолкусун Пайгамбарыбыз САВ Мадинага Саьд ибну Муазды дайындап келди, жортуулдагы желек ак болуп аны Саьд ибну Абиваккас көтөрүп жүрдү.

6- Сафван жортуулу, 2- хижрий жылы рабиул-аввал айында (623- жылдын сентябрь айына туура келет) Караз ибну Жабир Фахрий бир канча мушриктер менен Мадинанын жайытына кол салып, бир нече койлорду алып кетти. Пайгамбарыбыз САВ сахабалардан жетимиш кишини алып артынан кууп жөнөттү. Артынан кууп олтуруп, Бадр урушу болгон жердеги Сафван деген жерге чейин барды. Бирок

тилекке каршы Караз менен жолдоштору эчак изин жашырып кетишкен экен. Ошентип Пайгамбарыбыз САВ эч урушсуз кайтып келди. Бул жортуул биринчи Бадр согушу деп аталып калды.

Пайгамбарыбыз САВ бул жортуулда Мадинага Зейт ибну Харисаны ордуна калтырып келди. Жортуулдагы желектин түсү ак болуп, аны Али ибну Абуталип көтөрүп жүрдү.

7- Зил-Ушайра жортуулу, 2- хижрий жылы жумадил-уула менен жумадил-ахира айында (623- жылдын ноябрь жана декабрь айларына туура келет) Пайгамбарыбыз САВ мухажириндерден жүз элүү кишини алып, башка бир риваятта эки жүз деп да келет, жортуулага чыкты, бирок Пайгамбарыбыз САВ эч кимди жортуулга чыгууга мажбурлаган жок. Өздөрү менен кошо отуз төөнү алмашып минип Курайштын Шамга бараткан кербенине чабуул жасаганы жолго чыккан эле. Кербендин Меккеден жолго чыкты деген кабарын угушкан болчу, кербенде Курайштын соода сатык кыла турган мал-дүйнөсү бар эле. Пайгамбарыбыз САВ жолдоштору менен Зил-Ушайрага жеткенде, кербендин бир канча күн алдың өтүп кеткени маалым болду. Пайгамбарыбыз САВ ушул кербендин Шамдан кайтуусун күтүп даярданып турду. Ал эми бул окуя Бадр чоң урушунун башталуусуна себепкер болуп калды.

Ибну Исхактын айтуусу боюнча Пайгамбарыбыз САВ бул жортуулга жумадил-уула айларынын акыр чендеринде чыккан эле, ал эми жортуулдан кайтуусу жумадил-ахиранын баштарында болгон. Ушул жортуулдун кайсыл убакта болгондугу боюнча аалымдардын ар түрдүүү пикирлери бар.

Ушул жортуулда Пайгамбарыбыз САВ бир-бирине кол салбоо боюнча Мадлаж уруусу жана алардын союздашы болгон Думар уруусу менен келишим түздү.

Бул жолкусун Пайгамбарыбыз САВ ордуна Мадинага Абу Салама ибну Абдуласад Махзумийди калтырды.

Желектин түсү ак болуп, аны Хамза ибну Абдулмуталип көтөрдү.

8- Нахла жортуулу, 2- хижрий жылы ражаб айында (624-жылдын январь айына туура келет) Пайгамбарыбыз САВ Абдулла ибну Жахш Асадийди мухажириндердин он эки кишиси менен Нахла жерине жөнөттү, ар бир эки кишиге бирден төө болду.

Пайгамбарыбыз САВ Абдуллага бир кат жазып берди да аны эки күн жүргөндөн кийин гана ачкын деп буюрду. Ошентип Абдулла эки күн жол жүргөндөн соң катты ачып окуду. Катта ушундай деп жазылыптыр: **“Эгер катымды окусаң Мекке менен Таифтин аралыгындагы Нахлага барып жайлан, анан ошол жерден Курайштын кербенин көзөмөлдөп тур да бизге кабарын билдир”.** Катты окугандан соң Абдулла айтканыңыздай болот деп, жолдошторуна да бул тууралуу кабар берди. Абдулла жолдошторунун эч кимисин калууга мажбурлаган жок, ким шейиттикти кааласа анда биз менен калсын, ал эми ким өлүмдөн корксо анда үйүнө кайта берсин, ал эми мен күтүп турам деп айтты эле баары аны менен калууга макулдугун беришти. Бир гана жолдо келатканда Саьд ибну Абуваккас менен Утба ибну Газван экөө минген төөсүн жоготуп жиберип ошону издеп калып калышкан эле.

Ошентип Абдулла ибну Жахш Нахлага жеткенче жол жүрүп белгиленген жерге жеткенде, ошол жерден кербендин өтүүсүн көзөмөлдөп турду. Бир маалда Курайштын кербени ошол жолдон өтүп калды. Кербенде Курайшка тиешелүү кургатылган мөмөлөр, терилер жана башка товарлар да бар эле. Кербен менен кошо Амру ибну Хадрамий, Абдулла ибну Мугийранын эки уулу Усман менен Науфал жана Мугийра уруусунун кулу Хакам ибну Кийсан бар болчу. Кербенди көргөн мусулмандар бир-бири менен кеңешип ушундай дешти: “Биз азыр тыюу салынган ражаб айынын акыркы күнүндө турабыз, эгер буларга азыр чабуул жасасак анда тыюу

салынган айды бузган болобуз, ал эми бул кече коюп жиберсек анда кербен Меккеге кирип кетет, деп айтышты да чабуул жасай турган болушту. Ошентип мусулмандар кербенге чабуул жасашып бирөөсү жаа менен атты эле, Амру ибну Хадрамийге тийип, ал өлүп калды, анан Усман менен Хакамды туткунга түшүрүп алышты, ал эми Науфал болсо качып кетти. Мусулмандар кербен менен эки туткунду Мадинага алып келишип, кербендеги олжонун бештен бир бөлүгүн өздөрүнө бөлүп алышты. Бул да исламдагы эң алгачкы жолу олжонун бештен бир бөлүгү алынып, исламда алгачкы жолу өлтүрүү болуп жана алгачкы эки туткун болчу.

Жортуулчулардын бул кылган иштерине Пайгамбарыбыз САВ кыжыры келип: **“Тыюу салынган айда урушууга силерге буюрук бергеним жок го”-** деп айтты да, кербен менен эки туткунду жайлаштыруу менен алек болду.

Мушриктер мусулмандарга каршы шылтоо таба албай жаткандыктан, бул кылган иштери себеп болуп аларга ачуусу келип, Аллах урушууга тыюу салган айды булар өздөрүнө уруксат кылып алышты, деп бул тууралуу ар кандай сөздөрдү көбөйтүп жиберди. Акырында Аллах тараптан бул ишти чечүүчү аят түшүп, ал аятта мушриктердин мусулмандарга каршы кылган иштери мусулмандар кылган иштен да чоң деген билдирүү түштү:

يَسْأَلُونَكَ عَنِ الشَّهْرِ الْحَرَامِ قِتَالٍ فِيهِ قُلْ قِتَالٌ فِيهِ كَبِيرٌ وَصَدٌّ عَن سَبِيلِ اللّهِ وَكُفْرٌ بِهِ وَالْمَسْجِدِ الْحَرَامِ وَإِخْرَاجُ أَهْلِهِ مِنْهُ أَكْبَرُ عِندَ اللّهِ وَالْفِتْنَةُ أَكْبَرُ مِنَ الْقَتْلِ {البقرة/217}

***“Алар сенден тыюу салынган ай жана андагы согуш тууралуу сурашат. Айткын (Оо, Мухаммед) ал айда согушуу – чоң күнөө. Бирок Аллахтын жолунан тосуу, Ага каапырлык кылуу, Харам Мечитине (Каабага) жолотпоо, анын жашоочуларын ал жерден кууп чыгаруу – Аллахтын алдында (андан да) чоңураак күнөө. Анткени бузукулук - өлтүрүүдөн да чоңураак күнөө”.*** (2, 217)

Бул аятта ошол урушкан мусулмандар тууралуу мушриктердин чыгарган ар түрдүү ушак-айың бузуку сөздөрү эчтеке эместигин билдирүүдө. Анткени чыныгы бузукулукту жана чектен чыгууну мушриктер өздөрү баштап, исламды жок кылуу аракети, мусулмандарга ар түрдүү кордуктарды көрсөткөн мушриктер болчу. Харам жергесинде (Меккеде) жашаган кезде, андагы тынч жашап жаткан мусулмандардын мал-мүлкүн тоногон, Пайгамбарына кол салган бул мушриктер эмеспи? Эми эле тыюу салынган ыйыктыктарды аткарып, аны бузуу бул уят, жаман көрүнүш болуп калдыбы? Мушриктердин таратып жаткан бул куру жалак сөздөрү жөн гана бузукулук жана маскарапоздукка жатат.

Ушул окуядан соң Пайгамбарыбыз САВ эки туткунду коюп жиберди да, өлтүрүлгөн адамдын үй-бүлөсүнө кун төлөп берди.

Бул да Бадр урушунан алдыңкы болгон жортуулдар болчу. Кол салууну алгач мушриктердин өзү баштап, жогоруда айтып кеткендей Караз ибну Жабир Фахрий бир канча адамдар менен келип, Мадинанын жайытына кол салып кеткенден кийин гана мусулмандар ушул ишке барды. Андан алдың ушунча жортуулдар болду, булардын бирөөсүндө да мусулмандар өлтүрүп тоногон жок.

Абдулла ибну Жахштын чабуулунан соң мушриктер коркуп калды. Анткени булардын көз алдына чыныгы коркунуч көрүнүп, Мадина эли чындап эле булардын соода ташыган кербендеринин ар бир аракетин пайлап, көз салып тургандыгы айкын болуп, чындап эле мусулмандар узактыгы үч жүз чакырым жерге чейин келип, булардын мал-мүлкүн тоноп, адамдарын туткунга түшүрүп өлтүрүүгө да кадыр экендиги маалым болду. Ошондо гана мушриктердин Шамга болгон соода иштери ар дайым коркунучта болуп калгандыгын чындап сезишти. Бирок май баскан көздөрүн ачып, мусулмандар менен ынтымакташып, келишим түзүүнүн ордуна – Жухайна менен Думар уруусу келишим түзгөндөй –

душмандыгына душмандык, каарына каар кошулуп, эр жүрөктүүлөрү, текеберлери мусулмандарды өз жеринде Мадинага барып жок кылабыз деген мурунку сөздөрүнөн кайтышпады. Ушул иш аракеттери алардын аңкоолугун билдирип, Бадр согушуна алып келди.

Ал эми 2-хижрий жылынын шаьбан айында Абдулла ибну Жахштын чабуулунан соң Аллах Таала мусулмандарга согушууну парз кылгандыгы тууралуу аятты түшүрдү:

وَقَاتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ الَّذِينَ يُقَاتِلُونَكُمْ وَلاَ تَعْتَدُواْ إِنَّ اللّهَ لاَ يُحِبِّ الْمُعْتَدِينَ {البقرة/190} وَاقْتُلُوهُمْ حَيْثُ ثَقِفْتُمُوهُمْ وَأَخْرِجُوهُم مِّنْ حَيْثُ أَخْرَجُوكُمْ وَالْفِتْنَةُ أَشَدُّ مِنَ الْقَتْلِ وَلاَ تُقَاتِلُوهُمْ عِندَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ حَتَّى يُقَاتِلُوكُمْ فِيهِ فَإِن قَاتَلُوكُمْ فَاقْتُلُوهُمْ كَذَلِكَ جَزَاء الْكَافِرِينَ {البقرة/191} فَإِنِ انتَهَوْاْ فَإِنَّ اللّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ {البقرة/192} وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ لِلّهِ فَإِنِ انتَهَواْ فَلاَ عُدْوَانَ إِلاَّ عَلَى الظَّالِمِينَ {البقرة/193}

***“Силерге согуш ачкандар менен Аллах жолунда согушкула жана чектен чыкпагыла. Чындыгында Аллах чектен чыккандарды жакшы көрбөйт (190). Аларды кайсыл жерде тапсаңар, ошол жерде өлтүргүлө. Силерди алар (мушриктер) жайдан (Меккеден) кандай чыгарган (болсо), силер да аларды кууп чыккыла. Бузукулук – адам өлтүрүүдөн да жаман. Алар өздөрү баштап Харам Мечитинин (Каабанын) жанында согуш ачмайынча силер да ал жерде алар менен согушпагыла! Эгер алар согушса, силер да аларды өлтүргүлө. Каапырлардын жазасы – мына ушундай (191). Эгер алар бузукулуктарын тыйышса, албетте, Аллах – Ырайымдуу, Боорукер (192). Бузукулук токтоп, дин толугу менен Аллахка таандык болгонго чейин алар менен согуша бергиле! Эгер алар тыйылышса, анда душмандык жок. Душмандык – заалымдарга гана (193).***(2, 190-193)

Ушул аяттар түшкөндөн соң, Аллах Таала урушуунун эрежелерин үйрөткөн, жана согуштун кээ бир өкүмдөрү тууралуу аят түшүрдү:

فَإِذا لَقِيتُمُ الَّذِينَ كَفَرُوا فَضَرْبَ الرِّقَابِ حَتَّى إِذَا أَثْخَنتُمُوهُمْ فَشُدُّوا الْوَثَاقَ فَإِمَّا مَنًّا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَاء حَتَّى تَضَعَ الْحَرْبُ أَوْزَارَهَا ذَلِكَ وَلَوْ يَشَاء اللَّهُ لَانتَصَرَ مِنْهُمْ وَلَكِن لِّيَبْلُوَ بَعْضَكُم بِبَعْضٍ وَالَّذِينَ قُتِلُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعْمَالَهُمْ {محمد/4} سَيَهْدِيهِمْ وَيُصْلِحُ بَالَهُمْ {محمد/5} وَيُدْخِلُهُمُ الْجَنَّةَ عَرَّفَهَا لَهُمْ {محمد/6} يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن تَنصُرُوا اللَّهَ يَنصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ {محمد/7}

***"4. Эгер каапырларга (согуш мезгилинде) жолугуп калсаңар, мойнуна (кылыч) ургула! Эми, качан аларды жеңип алсаңар, (тирүү калгандарын) туткундагыла! Андан кийин же эч нерсе албай, азат кылып жибересиңер, же болбосо төлөм-акы алып (андан соң) коюп жибересиңер. (Бул өкүм) согуш (абалы) бүткөнгө чейин. ушундай. Ал эми, (эгер) Аллаһ кааласа аларды (согушсуз эле) жеңип коймок. Бирок, бирөөңөрдү бирөөңөр менен сынап (тандап) алуу үчүн (согушка буюрду). Жана Аллаһтын жолунда өлтүрүлгөн адамдардын амалдарын (Аллаһ) эч качан текке кетирбейт! 5. Аллаһ аларды (Бейиш жолуна) жолдойт жана (эки дүйнөдө) иштерин оңдойт.
6. Жана аларды өздөрүнө (Куранда) тааныткан Бейишке киргизет. 7. Оо, ыйман келтирген адамдар! Эгер Аллаһка (Анын динине) жардам берсеңер, Аллаһ дагы силерге жардам берет жана кадамыңарды бекем кылат".*** (47, 4-7)

Андан соң Аллах Таала согушка буюрулганды уккандан кийин коркуп жүрөктөрү титирегендерди күнөөлөп ушундай аятты түшүрдү:

فَإِذَا أُنزِلَتْ سُورَةٌ مُّحْكَمَةٌ وَذُكِرَ فِيهَا الْقِتَالُ رَأَيْتَ الَّذِينَ فِي قُلُوبِهِم مَّرَضٌ يَنظُرُونَ إِلَيْكَ نَظَرَ الْمَغْشِيِّ عَلَيْهِ مِنَ الْمَوْتِ {محمد/20}

***"Өкүмү бар сүрө түшүп, анда согуш тууралуу эскерилсе, жүрөгүндө ооруусу барлар өлүмдөн корккон көз караш менен сага караганын көрөсүң".***(47, 20)

Согушка макулдук берүү, ага кызыктыруу жана даярдык көрүү бул ошол кездеги абалдын талап кылынган нерсеси

болчу. Кайсыл бир аскер командачысы болбосун, ал кол астындагы аскерлеринин канчалык деңгээлде согушка даяр экендигин сынап текшерип көрүү бул айтпаса деле маалым. Эгер андай болсо, анда Аллах Тааланын бул ишти текшерип көрүүсү дагы да ылайыктуураак. Анткени абал акыйкат менен акыйкатсыздыктын ортосундагы кандуу күрөш жөнүндө болуп жатат. Абдулла ибну Жахштын чабуулу мушриктердин кайраттуулугуна, каардуу күч кубатына катуу сокку болуп, аларды кызып турган чок сымал катуу абалга салды.

Согушка буйрук берүү жөнүндөгү аяттардын түшүүсү, кандуу салгылашуу жакын калгандыгын билдирип турат. Кандай абал болбосун баары бир акырында жеңиш бул мусулмандардыкы болоорун да айгинелеп турат. Карап көрсөк, Аллах Таала мусулмандарга мушриктер мусулмандарды өз жеринен кууп чыккандай мусулмандар да мушриктерди кууп чыгууга буюруп, аскерлер менен туткундардын ортосундагы өкүмдөрдү да үйрөтүп, жер жүзүндө Аллахтын өкүмү жүргөнгө чейин согуш өкүмү ушундай болоорун билдирип турат. Бул да соңунда сөссүз мусулмандардын жеңишке жетээрине ишарат кылып турат. Бирок ар бир инсан Аллах жолуна өз кызыгуусу менен келүү үчүн эч кимди мажбурлаган жок.

Ушул күндөрү – 2- хижрий жылынын шаабан айында (624 ж феблаль айына туура келет) – кыбыла Акса мечитинен Каабага карап жылгандыгын Аллах Таала буюрду. Бул да мусулмандардын арасына мусулманмын деп кирип алган жөөт мунафыктарынын тазаланып, араларында ар кандай коркунуч сезимдерди туудуруп, өздөрүнүн мурунку абалдарына кайтуусуна алып келди. Ушинтип мусулмандардын арасында жүргөн көптөгөн кыянатчылар, арам ойлор тазаланды.

Кыбыланын өзгөрүүсү алдыда жаңы доордун башталаарына жакшы жышаан берип турат, ал да ошол кыбыла болгон Каабаны мусулмандар өз колуна алаарын билдирүүдө. Мусулмандардын кыбыласы душмандын колунда

болуусу бул таң калыштуу эмеспи. Андай болсо, анда аны баары бир, бир күн алардан алуу керек.

Ушул сыяктуу буйруктар жана согушка ишарат көртсөтүлгөндөн соң, мусулмандардын чечкиндүүлүгү ого бетер күчөп, Аллах жолунда душман менен беттешип, салгылашуу аракеттери күчөп, алдыга болгон умтулуу кызыгуулар дагы да күчөдү.

## *Чоң Бадр урушу*

## *Исламдагы эң алгачкы чечүүчү согуш*

### *Согуштун себеби:*

Алдыда Зил-Ушайра жортуулу тууралуу айтып өткөндөй Курайштын Меккеден Шамга карай бараткан кербени Пайгамбарыбыздын САВ колунан чыгып кетет. Ал эми ошол кербендин Шамдан Меккеге кайтуу убагы келип калганда, Пайгамбарыбыз САВ Талха ибну Убайдулла менен Саид ибну Зейтти кербенди карап келүү үчүн түндүк тарапты көздөй жөнөтөт. Ошентип экөө Хуурага жетип, кербенди пайлап жатышат. Бир маалда Абусуфян кербен менен жолдо келатканын көрөт да, экөө дароо Мадинага барып Пайгамбарыбызга САВ кабарды айтат.

Кербенде болсо Меккеликтердин толтура байлыгы жана ар түрдүү товарлары бар болчу. Миң төө аларда элүү миң алтын динары бар эле. Бирок булардын баарын карай турган кырк кишидей эле адам бар болчу.

Мындай учур Мадина жоокерлери үчүн эң эле ыңгайлуу учур болду, эгер Меккеликтер ушундай чоң байлыгын жоготкон болсо анда Меккеликтерге каршы аскерий, саясий жана экономика жагынан катуу сокку болот. Ошондуктан Пайгамбарыбыз САВ мусулмандарга мындай деп айтты: **“Бул**

**Курайштын кербени, анда алардын байлыгы бар, кербенди алууга чыккыла, Аллах силерге ошол кербенди насип кылса ажеп эмес".**

Пайгамбарыбыз САВ чыгууга эч кимди мажбурлаган жок. Ар кимди өз эркине тим койду, анткени бул иштин натыйжасында – кербендин ордуна - Мекке аскерлери менен каршылашып калуу оюу жок болчу, ал да Бадр согушу. Ошондуктан көптөгөн сахабалар Мадинада калып калды, анткени аларда Пайгамбарыбыз САВ мурунку жортуулдар сыяктуу эле чабуул болот деген ой болду, ошондуктан бул жортуулдан калып калгандарды эч нерсе деген жок.

## *Ислам аскерлеринин саны жана башкарууну бөлүштүрүү:*

Пайгамбарыбыз САВ чыгууга даярданып өзү менен кошо үч жүздөн бир аз ашуун жоокер чыкты, 313, же болбосо 314, же 317 киши болду, 82 же болбосо 83 же 86 киши мухажириндерден, 61 киши Аус уруусунан жана 170 киши Хызраж уруусунан болду. Бул ишке катуу жана толук деле даярдык көрүшкөн жок, өздөрү менен кошо эки эле атчан жоокер бар болчу. Зубайр ибну Аваамдын аты жана Микдад ибну Асвад ал-Кандийдин аты, аттан тышкары жетимиш төө алып, ар бир эки жана үч киши бир төөгө туш келди, Пайгамбарыбыз САВ, Али жана Марсад ибну Абумарсад Ганавий үчөө бир төөнү алды.

Мадинага жана намазга өтүп турууга Ибну Умму Мактумду калтырды, бирок Пайгамбарыбыз САВ Раухага жеткен кезде Абулабааба ибну Абдулмунзирди кайтарып Мадинага башчы кылып жөнөттү.

Жалпы жоокерлердин желегин Мусьаб ибну Умайр Курайший Абдарийга берип, желектин түсү ак болду.

Жоокерлерди болсо эки отрядга бөлдү:

1- Мухажириндердин отряды, бул отряддын желегин Али ибну Абуталипке берди.

2- Ансарлардын отряды, бул отряддын желегин Саьд ибну Муазга берди.

Аскердин оң канатын башкарууну Зубайр ибну Аваамга тапшырды, ал эми сол канатын башкарууну Микдад ибну Амруга тапшырды – анткени жогоруда айтып өткөндөй, ушул экөөндө эле ат бар болчу – аскердин арт жагына Кайс ибну Абусаьсаьаны койду, ал эми аскердин жалпы башкаруусун Пайгамбарыбыз САВ өз колуна алды.

## *Ислам жоокерлери Бадрды көздөй жол алды:*

Ошентип анча даярдык көрүлбөгөн жоокерлер менен Пайгамбарыбыз САВ Мадинадан чыгып Меккеге барчу эң чоң жол менен жолго чыгып, Рауха кудугунун жанына барды. Ал эми кудуктун жанынан жолун улаган кезде Меккеге кетчү жол сол жагында калып, оң жакты көздөй жолун улап, Назия тараптан Бадрды көздөй жолун улады. Назия тараптан өтүп Рахкан деген адырды ашты, Назия менен Мудийк ашуусунун ортосунда Сафра деген жер бар, анан Мудийк ашуусунан өтүп Сафрага жакын калган кезде Пайгамбарыбыз САВ Сийс ибну Умар Жуханий менен Адий ибну Абузагба Жуханийди Бадр тарапка барып, кербендин кабарын билип келүүгө жиберди.

## *Меккеге эскертүү кабары жетти:*

Ал эми кербенди башкарып келаткан Абусуфян өтө этияттык менен абайлап келаткан болчу, анткени ал Меккенин жолу тынч эмес коркунучтуу болуп калганын билчү. Ошондуктан жолду текшерип көрүп, жолдон өткөндөрдөн сурап билип турду. Арадан аз өтпөй эле Абусуфяндын адамдары кабарды алып келип, чын эле Мухаммед САВ менен жолдоштору кербенди тоноого жолго чыккандыгын айтты,

ошондо Абусуфян Дамдам ибну Амру Гифарийге акы төлөп Меккеге барып Курайшка Муххаммед САВ менен жолдоштору кербенди тоногону жатат деген кабарды билдирүү үчүн Меккеге жөнөттү. Дамдам унаасын чапкан бойдон Меккеге бат эле жетип барып, Меккенин тоосунун жанына келип төөсүнүн үстүнө тикесинен туруп мурду жарылган, ээри кыйшайган, көйнөгү жыртылган абалда катуу үнү менен бакырып ушундай деди: “Оо, Курайш эли! Өлдүңөр өлдүңөр, Абусуфяндагы мал-мүлкүңөрдү Мухаммед менен жолдоштору тоноп жатат, билбеймин жетип бара аласыңарбы же жокпу, жардам бергиле жардам бергиле!”.

## *Мекке эли согушка даярдык көрүүдө:*

Ошол замат адамдар ары- бери чуркашып бат эле согушка даяр болуп калышып мындай дешти: «Мухаммед менен жолдоштору Ибну Хадрамийдин кербениндей кылып тонойбуз деп ойлоп жатабы? Жок эч качан андай болбойт, Аллахка ант, ага андан башкасыны көргөзөбүз. Ошентип жолго чыкканы жолго чыгып, чыга албай калганы ордуна башкасын сөссүз жиберди. Чыгууга даяр болушуп, башчыларынын баары чыгып, бир гана Абулахап чыкпай калды, бирок ордуна башка кишини жиберди, анткени ал киши Абулахапка карыз болчу. Өздөрү менен кошо жанындагы башка арап урууларын да ээрчитип алды. Курайштан тараган баардык уруулар чыгып, бир гана Адий уруусу чыкпай, бул уруудан бир да киши чыккан жок.

## *Мекке жоокерлеринин саны:*

Алгач жолго чыккан кезде Мекке жоокеринин саны бир миң үч жүздөй болчу. Өздөрү менен кошо жүз атчан жана алты жүз калкан бар эле, ал эми төөнүн саны көп эле болуп, толук саны анык билинген жок. Жоокердин жалпы

башкаруусун Абужахил ибну Хишам өз колуна алды. Абужахилге жардамчы болуп, Курайштын башчыларынан тогуз киши болду. Жоокерлер жолдо келатып жегенге бир күн тогуз, бир күн он төөдөн союп жатышты.

## *Бакр уруусунун коркунучу:*

Мекке жоокерлери жолго чыгууга камданып калганда, Курайш менен Бакр уруусунун ортосундагы болгон урушту, душмандыкты эстеп калышты, анан бул уруу Мекке жоокерлеринин арт жагынан сокку берсе, эки оттун ортосунда калып калабыз деп коркушту. Ошентип бул коркунуч Меккеликтерди артка кайтарып кала жаздады. Бирок ошол замат шайтан Кинаана уруусунун башчысы Сурака ибну Малик ибну Жаьшам Мадлажийдин сүрөтүндө болуп келе калып: “Артыңардан Кинаана уруусу сокку берет деп коркпогула, буга мен кепилдик берем, эч кандай сокку берилбейт, деп айтты”.

## *Мекке жоокерлери жолго чыкты:*

Ушул сөздү уккандан соң Мекке жоокерлери жолго чыкты, бул тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

بَطَرًا وَرِئَاء النَّاسِ وَيَصُدُّونَ عَن سَبِيلِ اللّهِ {الأنفال/47}

***“Текеберленип, Аллаһтын жолунан (адамдарды) тосуу максатында (согушка) чыгышты!”.*** (Анфал, 47)

Пайгамбарыбыз САВ айткандай болуп: **“Даярдыктарын көрүп темирлерин көтөрүп, Аллахка жана анын Пайгамбарына каршы чыгышты”,**

وَغَدَوْا عَلَى حَرْدٍ قَادِرِينَ {القلم/25}

***“Алар эч кимге билдирбей (мусулмандарды жок кылууга) кудуреттүүбүз деп, бара жатышты”.*** (Калам, 25)

Өздөрүнчө ачууланышып, каарданышып Пайгамбар САВ менен жолдошторуна каары келген абалда кербендерине кол салды деп келатышты.

Ошентип Мекке жоокерлери шашкан абалда түндүктү-Бадрды көздөй бет алды. Жолдо келатып Асфан адырын ашып, андан соң Кадидден жана Жахфадан өттү. Мекке жоокерлери Жахфада экен Абусуфяндан кат келди анда: Силер кербениңерди, адамдарыңарды жана мал-мүлкүңөрдү куткарганы келатсаңар керек, бирок Аллах кербениңерди куткарып калды, артка кайта бергиле, деген кат келди.

## *Кербен кутулуп кетти:*

Ал эми Абусуфян болсо Мекке тарапка кеткен чоң жол менен келаткан болчу. Бирок, жолду карап аябай этияттык менен келаткан эле, аржак-бержакка байкоо салууну күчөтүп, өтө абайлап келатты, Бадрга жакын калганда кербендин алдына өтүп, Маждий ибну Амруну жолуктурду да андан Мадинанын жоокерлери тууралуу сурады эле ал: “Эч кандай жоокерлерди көрбөдүм бирок төө минген эки кишини көрдүм, ал экөө тээтиги дөңсөөгө келип төөлөрүн чөктүрүп жанындагы чаначына суу алышып кайра кетишти, деп жооп берди. Ошол замат Абусуфян экөө токтогон жерге чуркап барды да жерде жаткан төөнүн тезегин колуна алып майдалап карады эле, тезектин ичинен урук чыкты анан ал: Мына бул чындыгында Ясриптин жеми, деп айтты да дароо кербенге кайтып, кербенди алып сол жактагы Бадрдын жанынан өткөн Меккеге кеткен чоң жолду таштап, батышты деңиз жээгин карай кербенди бурду да, ошол жак менен жолун улады. Ошентип кербен Мадина жоокерлеринин туткунунан кутулуп кетти, анан Абусуфян жогорудагы айткан катын Мекке жоокерлери Жахфада экенинде жөнөттү.

## *Мекке жоокерлери артка кайтууну каалап араларында бөлүнүп-жарылуу пайда болду:*

Катты алгандан соң жоокерлер артка кайтабыз деп калышты, бирок Курайштын заалымы Абужахил текеберденип өзүн көтөрүп мындай деди: “Жок, Бадрга бармайын эч качан артка кайтпайбыз, ошол жерде үч күн калып, төөлөрдөн союп этин жеп арак-шараптан ичип, ырчы аялдар бизге ырын ырдап бийин бийлеп берет, араптар биздин келгенибизди билсин, жоокерибизди көрсүн, эч нерседен тайманбаганыбызды билсин!”.

Бирок Абужахилдин айтканына карабай Ахнас ибну Шарик кайтуу тууралуу айтып калды. Тилекке каршы, Ахнастын айткан сөзүн жамаат орундатпай калууну чечишти. Ошондо Ахнас Захра уруусун алып артка кайтып кетти, анткени ал Захра уруусунун бул тобуна башчы болчу. Ошентип бул уруудан бир да киши Бадр урушуна катышкан жок. Захра уруусунун саны үч жүздөй киши болчу. Ахнастын сөзүнө Захра уруусу кубанып пикирине кошулуп айтканын аткарышты.

Хашим уруусу да артка кайтууну каалап, кайтмакчы болуп калганда, Абужахил аларды жемелеп: “Бул жоокерди таштап эч жакка кетпейсиңер, биз менен бирге кайтасыңар”- деп калтырып койду.

Захра уруусу кайткандан соң, Меккеликтер миң жоокер менен Бадр тарапты карай жол алышты. Жолун улап олтуруп, Бадр адырынын артындагы кумдуу дөңсөөгө барып түштү.

## *Ислам жоокерлеринин абалы оордошту:*

Ислам жоокерлери Зафран адырында келаткан кезде Пайгамбарыбыздын САВ чабармандары кербендин качып кеткен кабарын Пайгамбарыбызга САВ жеткизди. Пайгамбарыбыз САВ кабардын чын төгүнүн аныктап

билгенден соң душман менен беттешүүнү таштап артка чегинүүнүн кажети жок экендигин түшүндү. Ошондуктан тайманбастан эр жүрөктүк менен алдыга кадам кою керек болду. Эгер Курайш жоокерлерин өз билгендерин жасатып, ошол айланага таштап кеткен болсо, анда Курайш жоокерлерининин кадыр баркы көтөрүлүп, саясий басып алуулары күчөгөндөн күчөп, мусулмандардын сөзү өтүмсүз алсыз болуп калаары айтпаса деле маалым. Балким ислам күчү жаны жок өлүк денедей болуп, ошол жердеги жашагандардын мусулмандарды көралбагандары, каршысы кимиси кааласа исламга каалаган күчүн жамандыгын көрсөтүп калуусу да ыктымал.

Эгер мусулмандар артка кайтып кетсе Мекке жоокерлерини Мадинага баруудан тосконго, мусулмандардын жашаган жерине чейин барып чабуул жасатпай коюуга ким кепилдик бере алат? Жок, эгер Мадина жоокерлери коркуп артка кайтып кетсе анда мусулмандарга жаман таасир калып, күч кубаты суздашып, кадыр баркы түшүп кетмек.

## *Кеңешүүгө чогулуу:*

Абал кокусунан күчөп оорлошуп кеткендиктен, Пайгамбарыбыз САВ жоокерлери жана башчылары менен кеңешип, абалдан чыгууну сунуштап, көпчүлүк жоокерлеринин сунуш пикирин укту. Ошондо жүрөгү суз кээ бир инсандар кандуу согуштан коркуп, согушка каршы чыгышты, бул тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

كَمَا أَخْرَجَكَ رَبُّكَ مِن بَيْتِكَ بِالْحَقِّ وَإِنَّ فَرِيقاً مِّنَ الْمُؤْمِنِينَ لَكَارِهُونَ
{الأنفال/5} يُجَادِلُونَكَ فِي الْحَقِّ بَعْدَمَا تَبَيَّنَ كَأَنَّمَا يُسَاقُونَ إِلَى الْمَوْتِ وَهُمْ
يَنظُرُونَ {الأنفال/6}

***“Ошол сыяктуу Раббиң сени акыйкат менен үйүңдөн (согушка) чыгарганда, момундардан кээ бирөөлөрү муну жактырбай турушту (Аллаһтын өкүмү) Анык болгондон***

***кийин деле, өлүмгө айдалып бараткансып, карап туруп, сени менен талашып жатышат!”.*** (Анфал, 5-6)

Ал эми жоокерлердин башчыларынын бири Абубакир Сыддык ордунан туруп согушсак жакшы болот- деп айтты. Ошондой эле Умар ибну Хаттаб да согушканыбыз жакшы деди. Андан соң Микдад ибну Амру ордунан туруп мындай деди: Оо, Аллахтын элчиси! Аллах сизге кандай көрсөткөн болсо ошондой аткара бериңиз, биз сиз менен биргебиз, Аллахка ант болсун, Исраил коому Муса пайгамбарга: “Сен өзүң Кудайың экөөң барып согуша бер, биз бул жерде олтуруп турабыз”- дегендей сөздү айтпайбыз, сиз Кудай менен барыңыз албетте биз да сиз менен бирге согушабыз деп айтабыз. Жараткандын өзү сизди акыйкаттыка жибергенден соң, бизди Баркил-Гимадка чейин алып барсаңыз да сиздин жаныңызда болуп, акырына чейин согушабыз. Пайгамбарыбыз САВ Микдадка жакшы деп батасын берди.

Бул үч аскер башчы мухажириндерден болчу, бирок жоокерлердин арасында мухажириндердин саны аз бөлүгүн түзгөндүктөн Пайгамбарыбыз САВ ансар аскер башчыларынын пикирин угууну каалады. Анткени, жоокерлердин көпчүлүгү ошолордон болчу. Акабадагы келишим сөзү үйлөрүнөн сырткары жерде согушууга келишим түзүлбөсө да согуштун эң оору ушулардын желкесине жүктөлүүдө. Ошондуктан Пайгамбарыбыз САВ жогорудагы үч башчынын пикирин уккандан соң, ансарлардын аскер башчысы желекти алып жүргөн Саьд ибну Муазды назарга тутуп, ошол жакты карап: **“Оо, адамдар! Силер да мага сунушуңарды айткыла”,** деди.

Саьд ибну Муаз: «Оо, Аллахтын элчиси! Бизге айтып жатасызбы?”

Пайгамбарыбыз САВ: “**Ооба”-** деп жооп берди.

Саьд: “Сиздин Пайгамбар экендигиңизге ыйман келтирдик, сиз алып келген жолду акыйкат жол деп ошого ишендик, ошондуктан сизге сөзүбүздү убадабызды берип

моюн сунуп баш ийдик. Оо, Аллахтын элчиси! Кайда алып барсаңыз да биз ыраазыбыз. Сизди акыйкат жолго жиберген Аллахка ант болсун, эгер бул деңиз биздин алдыбыздан чыгып калса, анан деңизди кечип өтүп баратсаңыз биз да калбай сиз менен кечип өтөбүз. Арабыздан бирөөсү да калып кетпейт. Эртеңки күнү душманыбыздын келип калуусун каалабайбыз. Биз согуштун аягына чейин чыдай турган кишилерденбиз жана душман менен кантип беттешүүнү да билебиз. Аллах Таала балким бизди себеп кылып сизди кубандыраар, ошондуктан Аллахтын жардамы менен бизди алып алдыга жыла бериңиз".

Башка бир риваятта Саьд ибну Муаздын Пайгамбарыбызга САВ айткан сөзү ушундай келет: "Оо, Аллахтын элчиси! Ансарлар сизди өз жеринде (Мадинада) гана коорууга милдеттүүбүз деп, өздөрүн туура көрүп жатат деп ойлобоңуз, мен ансарлардын атынан сүйлөп жооп беремин, бизди каалаган жагыңызга алып барыңыз, кимди кааласаңыз алыңыз кимди каалабасаңыз таштаңыз, акчабыздан каалашыңызча алыңыз, каалашыңызча бизге калтырыңыз, бизден алганыңыз бизге калтырганыңыздан да жакшыраак, кайсыл ишке буюрсаңыз биз да ошого кошулабыз. Аллахка ант болсун, Гамдан жериндеги Барака чейин бара турган болсоңуз биз да сөссүз сиз менен барабыз, эгер деңиз алдыбыздан чыгып калып сиз деңизди кечип өтмөкчү болсоңуз, биз да сиз менен кошо өтөбүз.

Саьддын айткан сөзүнө Пайгамбарыбыз САВ аябай кубанып, күчүнө күч демине дем кошулуп мындай деди: **"Алдыга карай жүргүлө жана кубанычта болгула, чындыгында Аллах Таала экөөнүн бирөөсүн жеңүүгө убада кылды (же кербенди же жоокерди жеңүүгө) Аллахка ант болсун, душмандын кыйроосун көрүп жаткандаймын".**

## *Ислам жоокерлери жолун улады:*

Андан соң Пайгамбарыбыз САВ Зафрандан өтүп алдыга карай жолун улады, Асафир деген адырды ашып андан ылдыйлап Дия деген жерден өтүп Ханан жери оң жагында калды – анткени Ханан жери бийик тоого окшогон жер болчу – андан соң Бадрга жакын жерге келип түштү.

## *Пайгамбарыбыз САВ өзү текшерүү жүргүздү:*

Ошол жерден Пайгамбарыбыз САВ өзү туруп үңкүрдөгү жолдошу Абубакир Сыддык РА менен бирге ар тарапты текшерип билип келүү үчүн камданып жолго чыкты. Ошентип экөө Мекке жоокерлеринин кайда экендигин аңдып жүргөн кезде жолунан картайган бир арап чал чыгып калат. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ ал кишиден, Курайштын жоокерлерин жана Мухаммед менен анын жоокерлери кайда экендигин сурайт, бирок ал киши: Силер өзүңөрдүн ким экендигиңерди айтмайын мен да айтпаймын, деп жооп берет. Ошондо Пайгамбарыбыз САВ: “**Эгер сен айтсаң анан биз да айтабыз”-**дегенде жанагы чал: “Мен айтсам анан силер айтасыңарбы?” Пайгамбарыбыз САВ: “**Ооба”-** деп жооп берет.

Анда чал: “Мага кабар жетишине карганда Мухаммед менен жоокерлери ушул күнү жолго чыкты, эгер ошол кабар чын болгон болсо анда алар ушундай деген жерге барып калышты” – деп Мадина жоокерлери турган жерди айтты – “ал эми Курайштын жоокерлери тууралуу мага кабар жетишине караганда Курайштыктар ушул күнү жолго чыгышты, эгер ошол кабар чын болгон болсо анда алар ушундай деген жерге жетип калышты”– деп Мекке жоокерлери турган жерди айтты.

Ошентип чал сөзүн айтып бүткөндөн соң: “Экөөң кайдансыңар?” -деп сурады эле Пайгамбарыбыз САВ: “**Биз сууданбыз”-** деп жооп берип чалдын алдынан жылып кетишти

эле чал: “Кайсыл суудансыңар? Ирактын суусунансыңарбы?”- деген бойдон кала берди.

## *Мекке жоокерлери тууралуу керектүү маалыматтар алынды:*

Ошол эле күнү кечинде душмандардын кабарын билип келүү үчүн Пайгамбарыбыз САВ өз кишилерин жөнөттү, бул тапшырманы аткаруу үчүн мухажириндерден үч башчыны дайындады. Алар; Али ибну Абуталип, Зубайр ибну Аваам жана Саьд ибну Абуваккас, булар өздөрү менен кошо бир нече кишилерин да алып алды. Жолго чыгып Бадр кудугунун жанына барышты, ал жерде Мекке жоокерлерине суу ташып жаткан эки баланы көрүп аларды дароо кармап алышты, анан аларды Пайгамбарыбыздын САВ жанына алып келишти. Ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ намаз окуп жаткан экен, ошондо Мадина жоокерлери ал экөөнөн ким экендигин сурап калышты эле экөө: Биз Курайш жоокерлерине суу ташыгычпыз, бизди суу алып келүүгө жиберди, деп жооп беришти эле жанындагылар ал экөөнө ишенишпей балким Абусуфяндын кишилери болуп жүрбөсүн деп шектенишип – анткени кербенди кармап байлыгын алуу үчүн булардын дагы деле үмүтү бар болчу – экөөнү чындыкты айткыла деп катуу сабап кири834шти эле экөө биз Абусуфяндын кишилерибиз дегенге аргасыз болушту, ошондо экөөнү сабоодон токтотушту.

Пайгамбарыбыз САВ намазын окуп бүткөндөн соң жоокерлерге карап аларды жемелеп мындай деди: **“Экөө силерге чындыкты айтса сабайсыңар, ал эми жалган айтса сабоону токтоттуңар. Аллахка ант, бул экөө чындап эле Курайштын кишилери”.**

Анан Пайгамбарыбыз САВ ал экөөнө: **“Курайш жоокерлери кайда экенин айткыла”,** деп сурап калды, экөө: Алар тээтиги көрүнүп турган кумдуу дөбөнүн арт жагындагы Адва-Касвада, Пайгамбарыбыз САВ: **“Саны канча?”** Экөө:

Көп, деп жооп берди, Пайгамбарыбыз САВ: **“Эсептебедиңерби?”** Экөө: Канча экенин билбейбиз, Пайгамбарыбыз САВ: **“Алар бир күндө канча төөнү союп жатышат?”**, Экөө: Бир күн тогузду, бир онду союп жатышат, Пайгамбарыбыз САВ: **“Алардын саны тогуз жүз менен миңдин ортосунда экен”**, деп айтты да экөөнөн: **“Алардын арасында Курайштын кайсыл башчылары бар?”** Экөө: Рабиянын эки уулу Утба менен Шейба, Абулбахтарий ибну Хишам, Хаким ибну Хузам, Науфал ибну Хувайлид, Хаарис ибну Аамир, Таьийма ибну Адий, Нудар ибну Хаарис, Замьа ибну Асвад, Абужахл ибну Хишам жана Умая ибну Халаф, деп дагы башка кишилерди да атап өтүштү.

Ошондо Пайгамбарыбыз САВ жоокерлер тарапты карап туруп мындай деди: **“Тигинде Мекке, ал силерге кучак боорун ачып турат”.**

## *Жамгырдын жаашы:*

Ошол кечеде Аллах Таала бир ирет жамгырды жаадырды, ал жамгыр мушрикетерге нөшөрлөгөн жамгыр болуп алардын алдыга жылуусуна тыю салды, ал эми мусулмандарга себелеп жаап алардын жамандыктарын тазалап, аларда болгон шайтандын кирин чыгарып, жерди кумду аларга бекем катуу кылып кадамдарын ого бетер бекем кылып, жүрөктөрүн да ошол жамгыр менен бир бирине ого бетер жакындаштырды.

## *Ислам жоокерлери согуштук эң орчундуу жерине жетип келди:*

Бадр суусуна мушрикетерден алдың Пайгамбарыбыз САВ өз жоокерлери менен келип ээлеп суга мушриктерди келбей турган кылды. Анткени ошол күнү кечинде Бадр сууларынын ылдый жагына келип жайгашкан болчу. Ошол кезде согуштук тажрыйбасы бар Хаббаб ибну Мунзир

Пайгамбарыбызга САВ мындай деди: «Оо, Аллахтын элчиси! Сизге эч жака барбай ушул жерге келип жайгаш деп Аллах буйруп жатабы? Же болбосо өзүңүздүн согуштук көз карашыңыз элеби?” Пайгамбарыбыз САВ: **“Жок, бул менин жөн гана согуштук көз карашым” -**деп жооп берди, Хаббаб: “Оо, Аллахтын элчиси! Андай болсо бул биз жайгаша турган жер эмес, жоокерлерди алып жүрүңүз душмандын ылдый жагында жайгашкан сууга баралы да анан өзүбүзгө бир жерди казып көлмө жасап сууну толтуруп алып, бул сууларды кургатып бузуп салабыз, анан душман менен урушканда биздин иче турган суубуз бар болот алардын иче турган суусу жок калат, деп айтканда Пайгамбарыбыз САВ: **“Эң туура көз карашты айттың”-** деп аны колдоду.

Ошентип Пайгамбарыбыз САВ түндүн бир оокумунда жоокерлерди алып душманга эң жакын болгон суунун жанына келип суу толтура турган көлмөлөрдү жасап аларга суулардан толтурду да башка бүт сууларды жаап кургатып салды.

## *Башкаруу штабы:*

Мусулмандар сууну бүтүрүп анын жанына жайгашкандан соң, Саьд ибну Муаз мусулмандардын этияттыгын карап жеңүүдөн алдың жеңилип калуу ыктымалын да карап, ошол үчүн бир башкаруучу штаб куруу керектигин Пайгамбарыбызга САВ айтып мындай деди: “Оо, Аллахтын элчиси! Сизге бир чатыр куруп берели, сиз ошол жерде олтуруңуз, жана төөлөрдү да даярдап жаныңызга даяр кылып коёлу, анан душман менен урушка чыгалы, эгер Аллах бизге жеңишти насип кылып душманды жеңип калсак анда эң жакшы, а бирок жеңилип калсак анда дароо төөгө олтуруп артка карай элибизге (Мадинага) жөнөп кетиңиз, анткени алжактагы бир канча адамдар сиз менен чыга албай калышты. Оо, Аллахтын элчиси! Биз сизди кандай жакшы көрсөк алар да сизди ошондой жакшы көрөт, эгер алар сиздин душман менен

беттешүүгө чыкканыңызды билгенде анда алардын бирөөсү да ал жакта калып калмак эмес, Аллах аларды себеп кылып сизди беттешүүдөн токтотуп өздөрү чыкмак”.

Пайгамбарыбыз САВ Саьдды алкап ага жакшы батасын берди. Анан мусулмандар беттешүү майданга көз чаптырып туруу үчүн, майдандын түндүк чыгыш тарабында жайгашкан бир дөңсөө жерге чатыр курушту.

Жана ошондой эле Саьд ибну Муаз башкаруу үчүн бир канча ансар жигиттеринен тандалып алынды да, алар Пайгамбарыбызды САВ коргоо үчүн башкаруу штабынын айланасында калышты.

## *Аскерди тартиптештирүү жана түндүн өтүүсү:*

Андан соң Пайгамбарыбыз САВ жоокерлерди өз өз ордуна толуктап тартипке койду да согуш майданына карап бет алды, анан ошол жерден колу менен ишаарат кылып көрсөтүп: **“Бул жерде Кудай буюрса эртең баланчанын өлүмү болот, а бул жерде Кудай буюрса эртең түкүнчөнүн өлүмү болот”-** деп айтты да ошол жердеги дарактын астындагы сөңгөктүн жанында намазын окуп жатты. Мусулмандар да ошол кечени бейпил уйкуда өткөрүшүп, алардын жүрөгүн ыйман ишеними каптап, түндүн бир аз бөлүгүн болсо да ырахат уйкуда өткөзүшүп, Кудай Таала кабарлаган жеңиш кабарын эрте менен көрүү максатында эс алууга жатышты:

إِذْ يُغَشِّيكُمُ النُّعَاسَ أَمَنَةً مِّنْهُ وَيُنَزِّلُ عَلَيْكُم مِّن السَّمَاء مَاء لِّيُطَهِّرَكُم بِهِ وَيُذْهِبَ عَنكُمْ رِجْزَ الشَّيْطَانِ وَلِيَرْبِطَ عَلَى قُلُوبِكُمْ وَيُثَبِّتَ بِهِ الأَقْدَامَ {الأنفال/11}

***“Ошондо, (Аллаһ) силерди, Өзү тарабынан тынчтык-бейпилдик болушу (жана жүрөгүңөрдөн коркууну кетирүү) үчүн (көз ирмемдик) уйку менен ороду жана жүрөгүңөрдү, кадамыңарды аны менен бекемдеп, силерден Шайтан***

***азгырыгын кетирип, таза-пакиза кылуу үчүн үстүңөргө асмандан жамгыр жаадырды”.*** (Анфал, 11)

Ошол күн жума күндүн кечеси болуп, орозо айынын он жетинчи түнү, хижраттын экинчи жылы эле. Пайгамбарыбыз САВ бул согушка ошол эле айдын 8 де же болбосом 12 де жолго чыккан болчу.

## *Мекке жоокерлери согуш аянтында, араларындагы болгон келишпестиктер:*

Ал эми Курайш жоокерлери ошол кечени өздөрү жайгашкан Адва-Касвада өткөрүштү, эртеси таң аткан кезде жоокерлери менен Бадр суусунун жанындагы адырдагы дөңсөөгө жайгашышты, анан арасынан кээ бири Пайгамбарыбыз САВ алган көлмө сууга ичкени келишти, ошондо аларды: «Тим койгула!»-деп айтты, ошентип суга келгендин баары өлтүрүлүп бир гана Хаким ибну Хизам калды, анткени ал өлтүрүлгөн жок, кийинчерээк ал Исламды кабыл кылып эң жакшы мусулмандардын бири болду. Эгер Хаким бир нерседе аракет кылып калса: «Жок, Бадр согушунда мени тирүү калтырганга (Аллахка) ант”- деп айтаар эле. Ошентип Курайш жоокерлери орундашкандан соң Умайр ибну Вахб Жумахийди Мадина жоокерлеринин санын билип келүүгө жиберди. Умайр Мадина жоокерлерини аты менен айланып карап өттү да андан соң Курайш жоокерлеринин алдына барып мындай деди: “Үч жүз кишидей бар, андан бир аз ашат же бир аз кем, бирок мага убакыт бергиле алардын буктурмасыбы же дагы келаткан аскерий жардамы барбекендигин карап келейин”- деп Мадина жоокерлери тарапка барды эле Мадина жоокерлери Умайрды жакын жолотушпай адырдан ары аткылап кууп жиберишти. Ошентип ал эч нерсени көрө албай Курайш жоокерлеринин жанына келип: “Эч нерсени көргөнүм жок бирок оо, Курайштыктар! Өлүм балээсин келатканын сездим, Ясриптиктер бир чоң өлүм

алып келе жатат го, алардын тосо турган же баш калкаалай турган бир да жери жок бир гана колдорунда кылычтан башка эч нерсеси жок, Аллахка ант, биз бирди өлтүрсөк алар да бизден бирди өлтүрө турган түрү бар, эгер алар канча болсо бизден да ошончону өлтүрсө анда бизге эч кандай жакшы жашоо болбой калдыго, эми силердин кандай пикириңер бар карап көргүлө.

Ошондо – согушабыз деп өжөрлөнүп жаткан - Абужахилге каршы бир канча кишилер чыгып, ага аскерлерди алып урушпай эле Меккеге кайтып кетели деп айтып калды. Алардын бири Хаким ибну Хузам болчу, ал жоокерлерди аралап Утба ибну Рабияга келип мындай деди: “Оо, Утба! Чындыгында сен Курайштын аксакалы, мырзасы жана сөзүңдү угатурган инсандардын бирисиң, түбөлүккө эстеп кала турган бир жакшылык кылбайсыңбы?” Утба: “Ал эмне болгон жакшылык экен оо, Хаким?- деп сурап калды, Хаким: “Жоокерлерди алып артка кайтасың да сенин союздашың – Нахла жортуулунда каза болгон – Амру ибну Хадрамийдин жүгүн өзүң аласың”, Утба: “Андай болсо аны мен аткарамын, ошого сен кепилдик бер, анткени ал менин союздашым, анын төлөнө турган кунун жана башка бардык жок болгон мал-мүлкүн төлөп берүүнү өз мойнума алам.

Анан Утба Хакимге мындай деди: Ханзалиянын баласына – Абужахилге, Ханзалия Абужахилдин апасы – барып бул жөнүндө айт, анткени жоокерлер аны да угушат, арабызда карама-каршылык пайда болуп калбасын.

Ошентип Утба жоокерлерге карап ушундай деди: «Оо, Курайш эли! Аллахка ант болсун, силер Мухаммед жана анын жолдоштору менен урушуп эч нерсе таба албайсыңар, эгер аларды жеңген болсоңор башкалар бизге кандай карайт, анткени бирөөсү атасынын бир тууганынын баласын өлтүрөт, бирөөсү тайкесинин баласын өлтүрөт же болбосо өз уруусунан болгон кишилерди өлтүрөт. Ошол себептен урушпай эле артка кайтып кете бергиле, Мухаммед менен араптардын ортосунда

болгон талаш тартышты жөн эле койгула, эгер араптар аны жеңип салган болсо, анда силер максатыңарга жетесиңер, ал эми андай болбосо анда бир сөзгө келебиз да силер күткөн жамандыкты көрбөйсүңөр.

Хаким ибну Хузам Абужахилге карап жөнөп кетти, ошол кезде ал соотун даярдап жаткан эле, жанына барып: "Оо, Абужахил мени сага Утба жөнөттү анткени ушундай ушундай болду"- деп Утба экөөнүн ортосундагы болгон сөздү Абужахилге айтты эле Абужахил: "Аллахка ант болсун, ал Мухаммед менен жоокерлерин көрүп коркуп калыптыр, жок Аллахка ант биз менен Мухаммеддин ортосун Аллах каалагандай кылып чечмейин эч жака кайтпайбыз, Утба келжиреп эле сүйлөп жатат, анткени ал Мухаммед менен жолдошторун күч-кубаттуу көрүп жатат да, алардын арасында анын баласы да бар, ошондуктан силерге ар нерсени айтып коркутуп жатат. Утбанын уулу Абухузайфа Пайгамбарыбыз САВ менен эле, анткени ал эң алдыңкылардан болуп исламды кабыл кылып, мусулмандар менен бирге Мадинага көчүп кеткен болчу.

Утбага Абужахилдин: "Ал Мухаммед менен жоокерлерин көрүп коркуп калыптыр"- деген сөзү жеткенде Утба мындай деди: "Ким корккондугун алдыда көрө жатаарбыз, менби же албы? Ошондо иш тескерисине бурулуп Абужахилге каршылар көбөйүп кетпешинен коркуп Абужахил дароо – Абдулла ибну Жахштын жортуулунда өлтүрүлгөн Амру ибну Хадрамийдин бир тууганы - Аамир ибну Хадрамийге киши жөнөтүп мындай деди: "Бул силердин союздашыңар Утба адамдарды алып артка кайтып кетмекчи, бир тууганың үчүн өч алуу өзүңдүн көз алдыңда турат. Ошондуктан элдин алдына чыгып, аларга түшүндүрүп, согушуу керектигин айтып бир тууганыңдын өлүмүн да айт". Ошол замат Аамир ордунан турду да жамбашын ачып салып катуу үнү менен бакырып: "Амруну кайдан табам эми Амруну кайдан табам эми деп элди согушууга чакырды эле ошол замат баары Аамирдин

айланасына топтолуп согушабыз деп убадаларды бере баштады. Ошентип Утбанын ою ишке ашпай калды да кылган аракеттери текке кетип, эл согушууга бел байлап жамандык жакшылыкты жеңип кетти.

## *Эки тарап бири бирин көрүштү:*

Мекке мушриктери адырдын аржагынан чыгышып эки тарап бир бирин көрүштү, ошондо Пайгамбарыбыз САВ мындай деди: «**Аллахым Курайш эли өзүнүн менменсинген, текебер жана мактанчаактары менен келе жатат, сага каршылык көрсөтөбүз деп, Өз пайгамбарыңды да калпычыга чыгарып, Аллахым! Өзүң мага убадалаган жеңишти насип кыл, Аллахым! Буларды Өзүң жок кыл”.**

Ошол кезде Пайгамбарыбыз САВ Утба ибну Рабияны кызыл төө минип турганын элдин арасынан көрүп калып ушундай деди: “**Булардын арасынан кимдир бирөөсүнөн жакшылык боло турган болсо анда тээтиги кызыл төө минип турган кишиден жакшылык болот. Эгер ага моюн сунушса анда туура кылышкандыгы ошол”.**

Пайгамбарыбыз САВ жоокерлердин катарын тизди, аларды катарга тизип жатып бир кызык окуя болду. Пайгамбарыбыбыз САВ колундагы жебе менен жоокерлерди катарга тизип жатты, ошол кезде Савад ибну Газия катардан алдыга бир аз чыгып калган эле, ошондо Пайгамбарыбыз САВ колундагы жебе менен Саваддын ичине түртүп : “**Түз тур Савад”-** деп айтты эле Савад: “Катуу тийди оо Аллахтын элчиси, мен да эми сизден акымды алышым керек”- дегенде Пайгамбарыбыз САВ ичин ачып: “**Акыңды ал”-** деген кезде Савад дароо Пайгамбарды САВ кучактады да ичин өптү, ошондо Пайгамбар САВ: “**Эмнеге мындай кылдың оо Савад?”** -деп сурап калды, Савад: “Оо, Аллахтын элчиси, өзүңүз көрүп тургандай алдыда чоң согуш турат, ошондуктан сизге болгон акыркы сыйым урматтуу денеңизди өөп калуу”-

деп жооп берди эле Пайгамбар САВ Савадка жакшы батасын берди.

Пайгамбар САВ жоокерлерин катарга толук тизип болгондон соң, өзүнүн уруксаатысыз эч кандай чабуулду жасабоого чакырды, анан аларга согушта айтыла турган өзгөчө буйруктарды айтып мындай деди: “**Эгер чабуул жасашып жакын келгенге чейин аларды жаа менен аткылагыла, алдыңарга келмейинче кылычыңарды чыгарбагыла”-** деп айтты да Пайгамбар САВ Абубакирди ээрчитип дөңсөөдөгү чатырды көздөй жөнөп кетти. Ал эми Саьд ибну Муаз чатырды коруй турган бир нече жоокерлер менен чатырды кайтарууга калды.

Ал эми Мекке мушриктеринин арасынан Абужахил чыгып Кудайдан жеңишти сурап мындай деди: “Аллахым! Өзүң бизди ырайым кыл, алар биз билбеген нерселер менен келишсе да бул таңда Өзүң ырайым кыл, Аллахым! Кимибиз сага сүйкүмдүү болсок ошону ыраазы кылып бүгүн бизге жеңишти бер”. Абужахилдин ушул сөзү тууралуу Аллах Таала аят түшүрдү:

إِن تَسْتَفْتِحُواْ فَقَدْ جَاءكُمُ الْفَتْحُ وَإِن تَنتَهُواْ فَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَإِن تَعُودُواْ نَعُدْ وَلَن تُغْنِيَ عَنكُمْ فِئَتُكُمْ شَيْئًا وَلَوْ كَثُرَتْ وَأَنَّ اللّهَ مَعَ الْمُؤْمِنِينَ {الأنفال/19}

***“Силер жеңиш тиледиңер эле, тилегиңер силердин зыяныңарга келди. Эми силер тыйылсаңар, ал силер үчүн жакшы. Эгер кайталасаңар, Биз да кайталайбыз. Силердин тобуңар көп болсо деле, силерге жардам кыла албайт. Албетте, Аллах – момундар менен бирге”.*** (Анфал, 19)

## *Согуш алдындагы тынчтануу, согуштун алгачкы отун жандыруу:*

Согуштун эң алгачкы отун Асвад ибну Абдуласад Махзумий баштады – ал каар мүнөз, адеп-аклаксыз киши эле – Асвад жоокерлердин алдыга чыгып мындай деди: Аллахка ант

берип айтам, алардын кудугунан сөссүз барып ичем, же болбосо аны бузуп салам, же өлүп жок болом, деп ошол жакты карай жөнөп кетти. Асвад бараткanda ага каршы Хамза ибну Абдулмуталип РА чыкты, ошентип экөө беттешип калганда Хамза анын бир бутун тизесинен ылдый кесе чапты эле Асвад кудуктун сырт жагына кулап түштү, ал буту канжалаган абалда жолдошторун карай сүйрөлүп жөнөдү, бир маалда өзүнүн берген антын эстей калып аны аткаруу максатында кайрадан кудукту карай өзүн таштады эле Хамза экинчи жолу аны катуу чапты эле ал кудуктун ичине денеси менен сулк этип түштү.

## ***Жекеме-жеке беттешүү:***

Ушул алгачкы өлүм согуштун отун жандырууга себеп болду. Ушул өлүмдөн соң Курайштын эң баатыр жоокерлеринен үчөө согуш майданына жекеме-жеке беттешүүгө чыкты. Ал үчөө тең бир үй-бүлөдөн болчу. Алар Рабиянын эки уулу Утба менен Шейба жана Утбанын уулу Валид. Бул үчөө катардан алдыга чыгып жекеме-жеке урушууга чакырды. Буларга каршы ансарлардан үч жигит чыкты, Харистин эки уулу Ауф менен Муавваз – бул экөөнүн апасы Афра деген аял болот – жана Абдулла ибну Раваахa. Курайштан чыккан үчөө: “Силер кимсиңер?”-деп сурап калды, алар: “Биз ансарлардын адамдарыбыз”- деп жооп беришти. Ошондо Курайштан чыккан үчөө: “Силер бизге татыктуу эмессиңер, бизге өз туугандарыбыздан чыксын!”- деп, алардан бирөөсү: “Оо, Мухаммед өз туугандарыбыздан бизге тең келе турганын чыгар”- деп кыйкырды эле Пайгамбар САВ: “**Убайда ибну Харис сен тур, жана Хамза сен тур, Али сен да тур!”-**деп ушул үчөөнү чыгарды, үчөө ордунан туруп алдыга карай басканда тигилер: “Силер кимсиңер?”-деп сурап калды эле, аларга кимдер чыккандыгы айтылды. Ошондо тиги үчөө: “Эми бизге ылайыктуусу чыкты”-деп жооп беришти да

жеке урушуу башталды. Убайда Утбага чыкты, ошол кезде Убайда булардын арасынан эң картаңы болчу. Ал эми Хамза Шейбага чыкты, Али болсо Валидке чыкты. Хамза менен Али өз каршылаштарын көпкө узатпай эле өлтүрүп салды, ал эми Убайда болсо өз каршылашы менен бирдей болуп экөө тең бири бирине кылыч менен бир чабышып экөө тең жарадар болуп калды, ошол замат Хамза менен Али келе калып Утбаны чаап өлтүрүп салышты, Убайданы экөө дароо көтөрүп алып жөнөштү, бирок Убайданын буту кесилип үзүлүп калган болчу. Ошентип Убайда кан жалап ага сабыр кылды, тилекке каршы Бадр согушунан соң төрт же беш күндөн кийин мусулман жоокерлери Мадинага карай кайтып келатканда жолдо Сафра жеринде каза болду. Али Аллахка ант ичээр эле ушул аят алар үчүн түшүрүлгөн деп:

هَذَانِ خَصْمَانِ اخْتَصَمُوا فِي رَبِّهِمْ{الحج/19}

***“Эки топ Раббиси тууралуу талашышат. Бул экөө жаңжалдашуучу топ”.*** (Хаж, 19)

## *Жалпы чабуул:*

Ушул жекеме-жеке уруш, согуштун башталуусунда мушриктер үчүн өтө жаман болду, алар эң көрүнүктүү болгон үч баатырларын, башчыларын бир эле заматта жоготууга учурады. Ошонун натыйжасында мушриктердин катуу каны кайнап, мусулмандарга каршы бир адамдын чабуулундай баары бирдей чабуул жасашты.

Ал эми мусулмандар болсо Раббисинен жеңишти, жардамды сурап, Аллахка чын ыкластуулук менен кайрылгандан соң мушриктер аларга кайра кайра чабуул жасай баштады. Мусулмандар өз ордунда бекем туруп, чабуулду катуу күчтөрү менен тосуп мушриктер тараптан өлүм көбөйө баштады, мусулмандар башын тик көтөрүп: Аллах жалгыз, Аллах жалгыз деп айтып жатышты.

## *Пайгамбарыбыз САВ Аллахка кайрылды:*

Пайгамбарыбыз САВ жоокерлердин катарын тизип чатырга кайткандан баштап эле Аллах Таала убада кылган жеңишти сурап Аллахка кайрылып жатты: "**Аллахым! Өзүң убада кылган жеңишти бере көр, Аллахым! Мен Өзүң убада кылган жеңишти гана сураймын".** Ошентип согуш майданында салгылашуу катуу күчөп, согуштун жалындуу учуру келип, согуш эң эле бийик чокусуна чыккан кезде Пайгамбар САВ: "**Аллахым! Бүгүн бул кылмышкерлерди жок кылбасаң сага эч ким сыйынбай калат, Аллахым! Эгер кааласаң бүгүндөн баштап Сага эч ким сыйынбай калат"-**деп жалынууну өтө катуу кылып салгандыгынан үстүндөгү чепкени да желкесинен жерге түшүп кетти, чепкенди Абубакир алып Пайгамбардын САВ үстүнө жаап: "Жетишет го оо, Аллахтын элчиси, Аллахка катуураак кайрылып жибердиңиз"- деп айтты.

Аллах Таала Өз периштелерине ушундай вахий кабарын түшүрдү:

إِذْ يُوحِي رَبُّكَ إِلَى الْمَلآئِكَةِ أَنِّي مَعَكُمْ فَثَبِّتُواْ الَّذِينَ آمَنُواْ سَأُلْقِي فِي قُلُوبِ الَّذِينَ كَفَرُواْ الرَّعْبَ{الأنفال/12}

***"Рааббиң периштелерге вахий кылып айтты: Акыйкатта, Мен силер мененмин. Ыймандууларды бекемдегиле! Мен каапырлардын жүрөгүнө коркунуч салам".*** (Анфал, 12)

Ал эми Пайгамбарга САВ ушундай вахий кабарын түшүрдү:

أَنِّي مُمِدُّكُم بِأَلْفٍ مِّنَ الْمَلآئِكَةِ مُرْدِفِينَ {الأنفال/9}

***"Акыйкатта, Мен силерди сап-сап болгон миң периштеледри (жиберип) колдойм".*** (Анфал, 9)

## *Периштелердин түшүүсү:*

Пайгамбарыбыз САВ бир азга көзүн жума түштү да анан башын көтөрүп мындай деди: «**Мына сүйүнүч кабар оо, Абубакир, тээтигинде Жебрейил чаң үстүндө келатат”.** Ал эми Мухаммед ибну Исхактын риваятында ушундай келет, Пайгамбарыбыз САВ мындай деди: “**Мына сүйүнүч кабар оо, Абубакир, Аллахтын жеңиши келди, тээтигинде Жебрейил атынын тизгинин кармап чаң үстүндө чапкылап келатат”.**

Андан соң Пайгамбар САВ сооту менен секирип турду да чатырдан чыгып ушундай деди:

سَيُهْزَمُ الْجَمْعُ وَيُوَلُّونَ الدُّبُرَ {القمر/45}

***“Алардын тобу кыйроого учурайт жана артын көздөй качышат”.*** (Камар, 45)

Анан колуна бир ууч кумду алып Курайш жоокерлерине карап: “**Жүздөрү тосулду”-** деп алардын жүздөрүнө каратып чачып салды эле жанагы кум мушриктердин бирөөсүн да калтырбай баарынын бетине чачылып көз, мурундарына кирип кетти. Ушул тууралуу Аллах Таала аят түшүрдү:

وَمَا رَمَيْتَ إِذْ رَمَيْتَ وَلَكِنَّ اللّٰهَ رَمَى {الأنفال/17}

***“Аларга (кум) чачканыңда сен чачпадың, бирок Аллах чачты”.*** (Анфал, 17)

## *Мушриктерге чабуул жасоо:*

Пайгамбарыбыз САВ мушриктерге чабуул жасагыла деп акыркы буйругун берип: «**Бекем болгула!”-** деп айтты да аларды согушууга кызыктырып, үндөп ушундай деди: «**Мухаммеддин жаны Анын колунда болгон Аллахка ант, бүгүн сабырдуу тайманбаган качпаган, адам гана согушуп өлгөн болсо аны Аллах сөзсүз Бейишке киргизет».** Бул сөздү уккан Умайр ибну Хамам: «Барекелде, барекелде”- деп

айтты эле Пайгамбар САВ Умайрдан: «**Эмнеге баракелде деп айтып жатасың?»-**деп сурап калды, Умайр: «Оо, Аллахтын элчиси, ошол сиз айткан Бейиш насип кылаар бекен деген максатта айтып жатам". Пайгамбар САВ: "**Албетте сен ошол Бейишке киргүүчүлөрдөнсүң"-** деп жооп берди. Ошондо Умайр калтасындагы курмасынан бир нечесин чыгарып жей баштады, анан өз өзүнө мындай деди: "Мен азыр тирүүмүн, бул курмаларды жеп бүткүчөм жашоомдон узун убакыт өтүп кетет"- деди да жанындагы болгон курманы ыргытып салып кандуу согушка кирип кетип, күчүнүн барынча салгылашып аягында өзү да бул дүйнөдөн кош айтышты.

Ошондой эле Ауф ибну Харис – ибну Афра – Пайгамбардан САВ сурап калды: "Оо, Аллахтын элчиси! Аллах Таала качан өз пендесине жылмаят (ыраазы болот)?" Пайгамбар САВ: "**Душмандын арасына жан оту менен кирип согушканда"-** деп жооп берди, ошол замат Ауф үстүндөгү соотун чечип ыргытып жиберди да колуна кылычын алып согуш майданына атып кирип катуу салгылашып, аягында өзү да бул дүйнө менен кош айтышты.

Пайгамбар САВ душманга каршы чабуулду жасоо буйругун бергенде, душмандын күчтөнгөн каары тарап, эрдиги кетип алсырап калган учуру эле. Ушундай көрөгөчтүү план мусулмандардын туруктуулугун, бекемдүүлүгүн ого бетер күчөйттү. Мусулмандар Пайгамбардан САВ бекем болгула, алдыга карай чабуул жасагыла деген буйрукту алган кезде – алардын согушууга болгон кызыгуусу эң бийик чокуда турган болчу – дароо чечкиндүүлүк менен тоону кулатып салгыдай аракет менен чабуул жасашты. Ошол замат душмандын катарын жарып киришип баштарын кесе-кесе чабышып жатты. Пайгамбар САВ соотту ыргытып ишенимдүү чечкиндүүлүк менен:

سَيُهْزَمُ الْجَمْعُ وَيُوَلُّونَ الدُّبُرَ {القمر/45}

***“Алардын тобу кыйроого учурайт жана артын көздөй качышат”.*** (Камар, 45)

Деп айтканын укканда мусулмандардын кайраттуулугу ого бетер күчөп, душман менен болуп көрбөгөндөй катуу салгылашышты. Ал эми мусулмандарга периштелер да жардам берди. Ибну Саьаддын риваятында Икрима ошондогу болгон окуяны ушундай деп кабар берет: “Ошол кезде кээ биринин башы кесилип жатты. Бирок, аны ким кескендигин байкабай жаттык, дагы кээ биринин колу кесилип жатты аны да ким кескендигин көрө албадык”. Ибну Аббас да мындай деп айтат: “Ошондо мусулмандардын бирөөсү алдындагы турган мушриктин артынан катуу кууп калды. Бир маалда эле мушрикти өйдө жактан белгисиз бир үн жыга чапканын байкады, анан ал чапкан жоокердин: “Хайзум келди”- деген үнү угулду да жанагы мусулман мушрикти караса жерде кан жалап өлүп жатыптыр. Бул окуя тууралуу ошол ансар Пайгамбарга САВ кабарлады, Пайгамбар САВ: “**Туура айтып жатасың, ал да үчүнчү асмандан келген жардам болчу”-** деп жооп берди. Абудауд Мазиний да мындайча кабар берет: “Ошол күнү мен мушриктердин бирөөсүн жыга чабайын деп качырып калдым, бир маалда эле менин кылычым мушрике жете элек анын башын белгисиз бир нерсе жыга чапты, ошондо аны менден башкасы өлтүргөнүн сезип турдум. Ансарлардан бирөөсү Аббас ибну Абдулмуталипти туткунга түшүрүп алып келди, Аббас: “Аллахка ант, бул мени туткунга түшүргөн жок, мени туткунга түшүргөн кишинин башы кашка баш келбети чырайлуу, аты ала була болчу, ал киши элдердин арасында көрүнбөйт го”. Жанагы ансар: “Муну мен туткунга түшүрдүм оо, Аллахтын элчиси!”- деп айтып калды, Пайгамбар САВ: “**Тынчтан, Аллах сага мээримдүү периштени жардамга жөнөткөн болчу”.**

## *Иблис шайтан согуш майданын таштап качып жөнөдү:*

Шайтандардын башчысы Иблис алдыда айтып өткөндөй ал Сурака ибну Малик ибну Жаьшам Мадлажийдин сүрөтүндө болуп согуш майданына келген болчу, согуш башталгандан бери эле ал майданда болду. Ал периштелердин мушриктерди өлтүрүп жатканын көрүп, катуу коркуп кетти да эч жагын карабай артка карап качып жөнөдү. Ошондо ага Харис ибну Хишам жабышып кармап калды – анткени Харис аны Сурака деп ойлоп жаткан эле – ошол замат Иблис Харистин көкүрөгүнө катуу урду эле Харис чалкасынан мүрт жыгылып кулап түштү, анан элдин арасынан чыгып артын карабай качып жөнөдү, ошондо мушриктер ага: "Кайда баратасың оо, Сурака? Сен бизге жакын кошунамын, эч жака качпай жардам беремин деп айтпадың беле?»-деп бакырып калышты, Иблис: "Мен силер билбеген нерселерди билем, чындыгында мен Аллахтан корком, анткени Аллахтын жазасы катуу"-деп айтты да катуу качкан бойдон барып өзүн деңизге таштап жиберди.

## *Шерменделүү жеңилиш:*

Мушриктердин күчү солгундап алсыздай баштады, мусулмандардын катуу чабуулуна кабылган мушриктер айласын таппай күч кубатын жоготуп, согуш аягына чагаарына аз калды. Ошондо мушриктердин бир канча тобу артка карай чегинип кача баштады, алардын артынан мусулмандар кууп өлтүргөнүн өлтүрүп туткунга түшүргөнүн туткунга түшүрүп, акырында мушриктер артка чегинип качып кутулушту.

## *Абужахилдин майданда сабыр кылуусу:*

Ал эми зөөкүрлөрдүн эң чоңу Абужахил жоокерлеринин биринчи жолкусун солгундап жеңилип баратканын

байкагандан соң, мусулмандардын чагылгандай болгон чабуулуна туруштук берип ага сабыр кылуу аракетин жасады. Ошондо ал каардуулук жана текебердик менен жоокерлерине: “Сурака убадасына турбай силерди таштап качып кеткен сыяктуу, силер да качып кетпегиле, анткени ал Мухаммед менен сүйлөшүп алган болчу. Утба, Шейба жана Валиддин өлүмү силерди коркутпасын, себеби алар шашкалактык кылып жиберишти. Лаат менен Уззага ант, аларды жипке байлап туткунга түшүрмөйүн артка кайтпайбыз, силерди өлтүрүп жаткандыгынан коркпогула, катуу туруп бекем болгула да алардын атасын таанытып сазайын колуна бермейинче урушкула”.

Абужахилдин текеберденип кекирейгендиги ишке ашпаганы бат эле билинип калды, ал ошол сөздөрүн айтканына аз эле өтпөй мусулмандардын чагылгандай чабуулуна туруштук бере албаган мушриктердин тобу чачырап кача башташты. Бирок Абужахилдин айланасында бир канча мушриктер кылычтары, найзалары менен дарбазадай, токойдой болуп аны кооруп туруп калышты, канчалык аны коорубасын мусулмандардын катуу жасаган чабуулу ал дарбазаны бузуп, токоюн тамыры менен жулуп киришти эле зөөкүр Абужахил алардын арасынан көрүнүп калды. Ошол кезде Абужахил аты менен жүргөндүгүн мусулмандар көрүп калышты. Анткени аны кандуу өлүм күтүп жаткан эле, ошол жерде ал ансарлардан болгон эки жаш жигиттин колунан өлдү.

## *Абужахилдин өлүмү:*

Бул тууралуу Абдурахман ибну Ауф ушундай деп кабар берет: “Ошол кезде бадр согушунда мен алдыңкы катардын биринде турат элем, бир маалда карасам эки жагыма эки жаш жигит туруп калыптыр. Ал экөөнүн бирөөсү шеригине угузбай жашыруун мага карап: “Оо, Байке! Мага Абужахилди

көрсөтүп койчу”- деп кайрылып калды, мен: “Иничегим аны эмне кыласың?” -дегенимде ал жигит: “Анткени, ал Пайгамбарыбызды САВ кордогондугун уктум, жаным Аллахтын колунда болгон Аллахка ант, эгер аны көргөн болсом акыркы каным калганча аны менен салгылашып кимибиз өлсөк ошонубуз өлөбүз”. Бул жаш жигиттин айткан сөзүнө таң калдым, анан жанымдагы турган экинчиси да ошентип жашыруун сурап калды. Ошентип турсак эле бир маалда Абужахил адамдардын арасында жүргөнү көрүнүп калды, дароо жанымдагы экөөнө: “Тээтиги кишини көрүп жатасыңарбы? Силер сурап жаткан киши ошол болот”- деп көрсөтүп койдум эле, ошол замат экөө кылычын алып октой атырылып Абужахилдин жанына жетип барышты да, экөө тең аны менен урушуп акыры Абужахилди өлтүрүп салышты, андан соң экөө Пайгамбарыбыздын САВ жанына келишти. Пайгамбар САВ ал экөөнөн: “**Аны киминер өлтүрдүңөр?”-** деп сурап калды эле, экөө тең: “Мен өлтүрдүм, мен өлтүрдүм”- деп айтканда Пайгамбар САВ: “**Кылычыңардын (каныи) арчыдыңарбы?”** Экөө: “Жок”- деп жооп беришти, ошондо Пайгамбар САВ экөөнүн кылычына карады да: “**Экөөң тең өлтүрүпсүн”-** деген сөздү айтты. Пайгамбар САВ Абужахилдин буюмдарын Муаз ибну Амру ибну Жамухка берди, (анткени согушта ким кимди өлтүрсө ошол өлгөн адамдын буюмун өлтүргөн адам алган). Ал эки жаш жигит Муаз ибну Амру ибну Жамух менен Муаввaз ибну Афра эле.

Ибну Исхак бул окуя тууралуу ушинтип кабар берет: “Муаз ибну Амру ибну Жамух айтты: “Абужахилдин кайсыл экенин укканымдан соң, аны карасам адам кире албаган чытырман токойдой болуп аны кооруп айланасында жоокерлери найза кылычтары менен салгылашып жатат. Аны кооруган жоокерлери ага карап: “Абужахил сага эч кимди жолотпойбуз”- деген сөздөрдү айтышып жатыптыр. Бул сөздү уккандан соң ага барууга аракет кылдым, акыры бир айла таап жанына жетип бардым да кылычым менен бир чаптым эле

курманын данегин кычкач менен сыкканда данеги ыргып кеткендей анын бутунун жарымы кесилип ыргып кетти, ошондо анын баласы Икрима кылычы менен менин желкеме бир чапты эле колум үзүлүп колумдун териси гана колумду кармап сөөгү үзүлүп кетти. Ошондо аны менен уруша албай калдым. Ошондой болсо да колумду артыма сүйрөгөн абалда ошол күнү кечке салгылашып жүрдүм. Акыры колум ооруп урушууга тоскоолдук бергенинен бутум менен колумду тепседим да бир тартып үзүп алдым. Анан Абужахил буту үзүлүп кан жалап жаткан убакта жанына Муаввaз ибну Афра келди да кылычы менен бир чаап аны чала өлүк абалда таштап кетти, ошол күнү Муаввaз алынын барынча салгылашып аягында өзү да бул дүйнө менен кош айтышты.

Согуш бүткөндөн соң Пайгамбарыбыз САВ: “**Абужахил эмне болду экен?”** -деп сурап калды, аны издеп адамдар тарап кетишти. Аны Абдулла ибну Масьуд РА таап алды, ошондо Абужахил акыркы демдеринде жан берип жаткан абалда эле. Абдулла Абужахилдин кекиртегине бутун койду да башын кесүү үчүн сакалынан кармап мындай деди: “Оо, Аллахтын душманы, Аллах Таала шерменденди чыгардыбы?” Абужахил: “Эмнеге шерменде болоюн? Эч кандай шерменде болгонум жок, айтчы мага бүгүн ким жеңди?”-деп сурап калды эле, Абдулла: “Аллах жана Анын элчиси жеңди”- деп жооп берди. Ошол кезде Абдулла бутун Абужахилдин кекиртегине коюп турган эле, ошондо Абужахил Абдуллага: “Оо, кичинекей койчуман эч ким жетпеген жерге бутуңду коюп турасың. Анткени Абдулла Меккеде жүргөн кезинде койчуман эле”.

Ал экөө ушинтип сүйлөшкөндөн соң Абдулла Абужахилдин башын кесип алды да Пайгамбарга САВ алып келип: “Оо, Аллахтын элчиси! Мына бул Аллахтын душманы Абужахилдин башы”, Пайгамбар САВ: “**Аллахтан башка Кудай барбекен?”-** деп үч жолу кайталады да мындай деди: “**Аллах улук, Өз убадасын аткарган, Өз пендесине жеңишти насип кылган жана бардык душманды Өзү жок**

**кылган Аллах Таалага мактоо алкоолор болсун. Жүрү барып аны мага көрсөт"** биз басып бардык да анын денесин Пайгамбарыбызга САВ көрсөттүм эле Пайгамбарыбыз САВ: "**Бул адам (Абужахил) бул элдин Фароону (жок болду)".**

## *Бул согуштагы таң калыштуу ыймандуулук:*

Алдыда Умайр ибну Хамам менен Ауф ибну Харисти мисал катары айтып өткөн элек. Чындыгында бул согушта ыйманга байланыштуу өтө таң калыштуу көрүнүштөр болуп өттү, ал да исламга болгон ишенимдин күчтүүлүгүн, ыймандын негиздүүлүгүн ачык айкын айгинелеп тургансыйт. Бул согушта ата менен бала, бир тууган менен бир тууган жолугушуп экөөнүн ортосун ыйман жана кылыч ажыратып турду. Зөөкүр заалым менен кордук көргөн жолугушуп, кордук көргөн ошол зөөкүрдөн өчүн алып көңүлүн бир сыйра даарылап алды.

1- Ибну Исхак Ибну Аббастан риваят кылат Пайгамбар САВ сахабаларына мындай деди: "**Мага ушундай кабар жетти Хаашим уруусу менен дагы башка бир канча кишилер бул согушка өз каалоолору менен келишпептир (мажбурлап алып келишкен), ошондуктан алар менен согушпайбыз. Эгерде кимиңер Хаашим уруусунан бирөөсүн көрүп калсаңар аларды өлтүрбөгүлө, кимиңер Абулбахтарий ибну Хаашимди көрүп калсаңар аны өлтүрбөгүлө, кимиңер Аббас ибну Абдулмуталипти көрүп калсаңар аны да өлтүрбөгүлө, анткени аларды мажбурлап чыгарышкан".** Ошондо Абухузайфа ибну Утба мындай деди: "Аталарыбызды, бир туугандарыбызды жана өз уруубузду өлтүрүп Аббасты өлтүрбөйт бекенбиз? Аллахка ант, эгер аны көрүп калсам кылычым менен сөссүз өлтүрөм – же туткунга түшүрөм". Бул сөз Пайгамбарга САВ жетти да Пайгамбар САВ Умар ибну Хаттабка ушундай деди: "**Оо, Умар! Пайгамбардын САВ атасынын бир тууганына каршы**

**кылыч көтөрөбү?”** Бул кабарды уккан Умардын каны кайнап: “Оо, Аллахтын элчиси! Мага уруксаат берсеңиз анын (Абухузайфанын) башын кылыч менен чаап салайын, ал мунаафык болуп кетиптир”-деген сөздү айтты.

Кийин Абухузайфа айткан сөзүнө бушайман болуп ушундай дээр эле: Мен ошол кездеги айткан сөзүмө өтө өкүнөмүн, ошол сөздөн азырга чейин коркуп анын күнөөсүн шейт кетүү гана кечирсе экен деп каалаймын. Кийинчерээк Абухузайфа Ямаама согушунда шейт болуп каза болду.

2- Абулбахтарийди өлтүрүүдөн кайтаргандын себеби, анткени ал Меккеде болсо да Пайгамбарды САВ эң жакшы коргогон кишилердин бири эле, Пайгамбарга САВ эч азар берген эмес, ал Хаашим жана Абдулмуталиб урууларына каршы алаканы, алыш-беришти токтотуу кагазын жок кылган адамдардын да бири болгон. Ушунун баарына карабастан Абулбахтарий өлтүрүлгөн. Анын себеби ушундай, Мужзир ибун Зияд Балавий аны согушта жолуктуруп калат, ошондо Абулбахтарийдин жанында жолдошу да бар болуп ал экөө урушуп жаткан кези эле, Абулбахтарийди көрүп Мужзир мындай дейт: “Оо, Абулбахтарий! Пайгамбар САВ сени өлтүрүүгө тыюу салды”, Абулбахтарий: “А бул жолдошумдучу?”-деп сурап калды, Мужзир: “Жок Аллахка ант, жолдошуңду биз соо койбойбуз”, ошондо Абулбахтарий: “Аллахка ант болсун, андай болсо жолдошум экөөбүз тең чогуу өлөбүз”- деп айтты да экөө тең салгылашып кирди эле акырында Мужзир Абулбахтарийди өлтүрүүгө мажбур болуп өлтүрүп салды.

3- Абдурахман ибну Ауф менен Умая ибну Халаф Меккеде экенинде дос болчу, Бадр согушунда Абдурахман Умаянын жанынан өтүп калат, ошол кезде Умая баласы Али ибну Умая менен бири бирин колун кармап турган эле. Абдурахман колуна ошол согуштагы душмандан алган бир канча соот, калкандарды кармап бараткан болчу. Умая Абдурахманды көрүп калып ага ушундай деди: Сен мени алып

кетсең кандай болот? Анткени мен сенин колундагы соот, калкандарга караганда жакшыраакмын, бүгүнкүдөй жаман күндү эч көрбөдүм эле. Ким мени (өлтүрбөй сактап) туткунга түшүргөн болсо ага көптөгөн сүттүү төөлөрдү берем. Ошол замат Абдурахман колундагы соот, калкандарды таштап салды да Умая менен баласын туткунга алып жетелеп жөнөдү. Мен Умая менен баласын жетелеп баратканымда Умая мага карап: "Силердин араңарда бир күчтүү жоокер жүрөт көкүрөгүнө төөкуштун жүнүн тагынып алыптыр, ошол ким?" -деп сурап калды, мен: "Ал Хамза ибну Абдулмуталип"- деп жооп бердим, Умая: "Аа, ошол бизди ушул акыбалга алып келди"- деген сөздү айтты.

Ошентип экөөнү жетелеп баратсам бизди Билал көрүп калды, анткени Умая Меккеде жүргөндө Билалды аябай кыйнап азаптачу. Ошол замат Билал: "Каапырлардын башчысы Умая ибну Халафпы! Эгер бул соо калса мени соо койбойт". Ошондо Абдурахман: "Билал! бул менин туткунум"- дегенде Билал: "Эгер бул соо калса мени соо койбойт", Абдурахман кайрадан: "Сөзүмдү укпай жатасыңбы оо, каранын баласы!"- дегенине койбой Билал: "Эгер бул соо калса мени соо койбойт"- деди да үнүнүн барынча кыйкырып: "Оо, Аллахтын жардамчылары! Мына бул Каапырлардын башчысы Умая ибну Халаф, Эгер бул соо калса мени соо койбойт"- дегенде эле баары бизди курчап калды да Умаяны канчалык коорусам да ага карап кол сала баштады. Ошондо жоокерлердин бирөөсү арт жагымдан келип анын баласы Алини кылычы менен өлтүрө чапты, баласын көргөн Умая ушундай катуу үнү менен чаңырды, андай үндү эч уккан эмесмин. Айлам кеткенден Умаяга: «Эми эптеп качып кутул мен да сени куткара албай калдым". Экөө канчалык кутулууга аракет кылышпасын жоокерлер Умая менен баласын кылыч менен майда майда кылып тилип өлтүрүп салышты. Кийин Абдурахман ушинтип айтып жүрөөр эле: "Билалды Аллах

ырайым кылсын алган соот, кылычтарым да кетти, туткунумду да жок кылды”.

Заадул-Маьаад китебинде ушундай келет: “Абдурахман ибну Ауф Умаяга: “Олтур”- дегенде Умая олтуруп калды, ошол замат Абдурахман Умаянын үстүнө өзүн таштап аны куткармакчы болду, бирок канчалык аракет кылбасын ар тараптан келген кылычтар Умаяны өлтүрүп салды, урулган кылычтардын кээ бири Абурахманга да бир аз тийип кетти.

4- Ошол күнү Умар ибну Хаттаб РА өз таякеси Аас ибну Хишам ибну Мугийраны да өлтүрдү.

5- Ал эми Абубакир Сыддык РА баласы Абдурахманды чакырып – ошол кезде Абдурахман мушриктер менен бирге эле – мындай деди: “Оо, келесоо! Мал-мүлкүм кайда?” Абдурахман: “Тулпар ат менен куралдан башка эч нерсе калган жок”- деп жооп кайтарды.

6- Мусулмандар жеңип мушриткерди туткунга түшүрө баштаганда, Пайгамбар САВ чатырда эле, ал эми Саьд ибну Муаз чатырдын эшигинде кылычын кармап Пайгамбарды САВ кооруп турган болчу, ошондо Саьдын жүзүнөн инсандар жасап жаткан иштен ыраазы болбогонун Пайгамбар САВ байкады да ага карап: “**Оо, Саьд инсандар жасап жаткан иштен ыраазы болбогондой көрүнөсүң?”** -деп сурап калды, Саьд: “Ооба оо, Аллахтын элчиси” -деп жооп берди.

Саьд айтат: “Бул да Аллахтын жардамы менен мушриктердин алгачкы жолу жеңилүүсү болчу. Мушриктерди туткунга түшүрүп тирүү калтыргандан көрө өлтүргөн мен үчүн жакшыраак эле”.

7- Согушуп жаткан кезде Уккааша ибну Мухсин Асадийдин кылычы сынып калат да Пайгамбардын САВ жанына келди, Пайгамбар САВ ага отундун бир сөңгөгүн карматып мындай деди: “**Муну алгын да ушуну менен уруш”,** Уккааша сөңгөктү Пайгамбардан САВ алып бир какты эле сөңгөк узун, бекем, катуу ак темир кылычка айланып калды, ошону менен ал согушта мусулмандар жеңгенче

урушту. Ал кылыч жардамчы деп аталып калды. Ошентип кылычты колунан түшүрбөй бир канча согуштарда урушуп жүрдү. Акыры Ридда согушунда Уккааша кылычы колунда турган абалда бул дүйнө менен кош айтышты.

8- Согуш бүткөндөн соң Мусьаб ибну Умайр Абдарий мусулмандарга каршы катуу согушкан бир тууганы Абуазиз ибну Умайрды бир ансар киши туткунга түшүрүп колун байлап жетелеп баратканын көрүп калат да Мусьаб ансар кишиге карап: “Колун бекемирээк карма, анткени мунун апасы бай аял, мүмкүн баласы үчүн сага жакшыраак нерсени берип калаар”- дегенде Абуазиз бир тууганы Мусьабка карап: “Сенин мага айтаар кеңешиң ушулбу?”-деп айтканда Мусьаб ага ушундай деп жооп берди: “Сен менин бир тууганым эмессиң, сени жетелеп бараткан бул ансар киши менин бир тууганым”.

9- Өлгөн мушриктердин денелерин казылган кудук чуңкурларынын бирөөсүнө таштоо буйругу берилгенде, Утба ибну Рабиянын денесин сүйрөп чуңкурга алып жөнөштү, ошондо Пайгамбар САВ Утбанын баласы Абухузайфанын жүзү кейип турганын байкап калды да ага: “**Оо, Абухузайфа атаңа зээниң кейип капа болуп жатасыңбы?”** -деп сурап калды, Абухузайфа: “Жок оо, Аллахтын элчиси! Атама эч кейигеним жок, анын өлгөнүнө да кейигеним жок, бирок атамдын бир канча жакшы көз карашын, жумшактыгын жана артыкчылыгын билчүмүн, ошолору аны исламга алып келээрин каалачумун, тилекке каршы андай болбой каапыр болуп каза болгонун көрүп ошого капаланып жатам”. Ошондо Пайгамбар САВ ага жакшы батасын берип, баары жакшы болот деген сөзүн айтты.

## *Эки тараптагы өлгөндөр:*

Ошентип мушриктер кейиштүү жеңилүүгө учурап, мусулмандар кубанычтуу жеңишке жетишти. Мусулмандар

тараптан он төрт киши шейит кетти, алардын алтоосу мухажириндерден, сегизөөсү ансарлардан.

Ал эми мушриктер болсо өтө чоң жоготууга учурап, алардан жетимиш киши өлүп жетимиш кишиси туткунга түштү. Булардын көпчүлүгү башчылар, башкаруучулар жана баатырлары эле.

Согуш аягына чыгып бүткөндөн соң Пайгамбар САВ өлгөн мушриктердин жанына басып келди да мындай деди: “**Силер өз Пайгамбарыңарга эң жаман тууган-уруу болдуңар, силер мени калпычыга чыгарганыңарда башкалар мага ишеним көрсөтүштү, силер мени жардамсыз калтырганыңарда башкалар мага жардам көрсөтүштү, силер мени чыгарып салганыңарда башкалар мени өз үйүнө алышты”.** Анан Пайгамбар САВ аларды Бадр кудуктарынын бирөөсүнө алып барып таштап салууну буйруду.

Абуталханын риваятында Пайгамбар САВ Курайштан өлгөн башчы жана баатырларынын жыйырма төртөөсүн бузулуп кеткен бадр кудуктарынын бирөөсүнө алып барып салууга буйруйт. Пайгамбар САВ аянтта үч күн түнөдү, ошентип үчүнчү күн болгондо кетүү үчүн төөсүн даярдоого буйруду да кетүү үчүн жолго чыкты, артынан сахбалар да жөнөп кетишти, жолдо кудуктардын бирине жеткенде анын чекесине туруп Пайгамбар САВ өлгөн мушриктердин аттарын жана атасынын аттарын атап ушундай деди: “**Оо баланчанын уулу баланча, оо түкүнчөнүн уулу түкүнчө силер Аллахка жана анын элчисине моюн сунганыңарда жакшы болмок беле? Биз Раббибиз убада бергенди таптык, а силер Раббиңер убада бергенди таба алдыңарбы?»** Ошондо Умар: «Оо, Аллахтын элчиси! денесинде жаны жок өлүктөр кантип сүйлөйт?» -деп сурап калды, Пайгамбар САВ: «**Мухаммеддин жаны Анын колунда болгон Аллахка ант, силер уккандай эле булар да угушат”.** Башка риваятта ушундай дейт: «**Силер уккандай эле угушат, бирок жооп бере алышпайт”.**

## *Меккеликтер жеңилүү кабарын алышты:*

Мушриктер бадр аянтынан ар тарапка чачылган абалда качып жөнөштү, адырларга чөлдөргө чачылышып катуу корккон абалда Мекке тарапты көздөй баратышты, бирок уялбастан Меккеге кантип киришээрин билген жок.

Бул тууралуу Ибну Исхактын риваятында ушундай келет: Курайштын жеңилгендиги тууралуу кабарды алгач Хайсман ибну Абдулла Хузаьий жеткирди, Мекке эли андан: ““Кандай кабар алып келдиң?”-деп сурап калышты, ал: Утба ибну Рабия өлдү, Шейба ибну Рабия да, Абулхакам ибну Хишам да, Умая ибну Халаф да, деп согушта өлгөн Курайштын башчыларын айтып өттү. Ошентип аларды айтып жатканда Сафван ибну Умая Каабадагы кара таштын жанында анын сөзүн угуп жатып мындай деди: Аллахка ант, бул акылга сыйбаган нерсе, эми менден сурагыла, дегенде топтолгондор: Сафван сен айтчы, деп сурап калышты, Сафван: Мына мен кара таштын жанында олтуруп эле атамдын бир тууганымдын өлгөнүн билген болчумун.

Пайгамбардын САВ кызматчысы Абураафи айтат: Ошондо мен Аббастын кызматчысы элем, ошол кезде Аббас, Уммуфадл жана мен да исламды кабыл кылган элек, Аббастын үй-бүлөсүнө исламдын акыйкаттыгы кирген болчу, бирок Аббас исламга киргендигин жашырып жүрчү. Абулахаб бадр согушуна бара албай калып калган эле, согуштан жеңилиптир деген кабар келгенде Кудурети күчтүү Кудай Таала Абулахабтын кекирейген мүнөзүн пасаңдатып анын шермендесин чыгарды. Ошондо биздин жаныбыз жай алып, өзүнчө күч кубаттуу болгонсуп калдык. Мен болсо алсыз бир киши элем, кылган жумушум замзамдын жанындагы ылайдан алып чөйчөк жасап иш кылчумун. Ошол кезде замзамдын жанындагы ылайдан алып чөйчөктөрүмдү жасап жатат элем, жанымда Уммуфадл да олтурган, мусулмандар жеңиптир деген кабарды угуп аябай курсан болуп олтурганбыз, бир маалда Абулахаб кайгыга

батканынан бутун сүдүрөп басып келди да, замзамдын бир жанына аркасын менин аркама караткан абалда олтуруп калды. Ошентип олтурсак эле адамдар: “Абусуфян ибну Хаарис ибну Абдулмуталип келди”- деп кыйкырып калышты. Абулахаб ага карап: “Кел жаныма келип олтур, сен да согушка катышып келдиң, ал жөнүндө жакшы билесиң”- дегенде Абусуфян Абулахабтын жанына келип олтуруп адамдар айланасында тегеректешип карап турушту. Абулахаб: “Оо, агамдын баласы! Айтчы согуш кандай болду?” Абусуфян: “Душман менен беттешкенибизде эле алар бизди жеңип кирди, бизди каалагандай кылып өлтүрүп жана каалагандай кылып колго түшүрө баштады, Аллахка ант, аларга эч ким туруштук бере алган жок, андан да өкүнүчтүүсү ала атка минген ак жүздүү адамдар асман менен жердин ортосунда пайда болуп бизди кыра баштады, Аллахка ант, алардын алдында эч ким туруштук бере алган жок”.

Абураафи: “Аллахка ант ал периштелер болчу”- деп жибердим, ошондо Абулахаб мени жыга чапты, а мен аны менен тең тайлашууга аракет кылдым бирок ага карабастан ал мени көтөрүп жерге бир чапты да үстүмөн басып мени катуу сабап кирди, анткени мен алсыз киши болчумун. Ошол замат Уммуфадл тура калып замзамдын жанындагы таякты алды да Абулахабтын башын жыга чаап: “Кожоюну жок деп эле муну кордой бересиңби”- дегенде Абулахаб шерменде болгон абалда ордунан туруп кетип калды. Аллахка ант болсун, Абулахаб андан кийин жети күн да жашаган жок, анткени Кудурети күчтүү Кудай ага чечекей сыяктуу бир ооруну жиберип ошонун кесепетинен каза болду. Ал ооруу ириңдеп сасып кеткен ушундай жаман ооруу, мындай оорудан араптар аябай жийиркенчү. Аны балдары да таштап салып, үч күн жаназасы окулбай туруп калды, сасыганынан жанына эч ким баргысы келбей, эч кимдин көмгүсү да келген жок. Балдары аны таштап салды дегенден коркуп жакын жерден аң казышты да ошол аңга таяктар менен түртүп алып барышып таштап узактан турушуп таштар менен ыргытып көмүп салышты.

Меккеликтер бадр согушундагы жеңилүүнү ушинтип кабыл кылышты, бул жеңилүү алар үчүн өтө жаман таасир калтырды, мусулмандар табасы канбасын деп жада калса өлгөндөрүнө да ыйлоону тыюу салып коюшту.

Мындан да таң калыштуусу Асвад ибну Муталибтин бадр согушунда үч баласы каза болуп калат, ошондуктан ал балдарына ыйлагысы келчү, анын үстүнө көзү да сокур эле. Бир күнү кечинде ал бир аялдын ыйлаган үнүн угуп калат да кызматчысын ошону билип келүүгө жөнөтүп: Ыйлаганга уруксат берилди бекен? Барып билип келчи, Курайш өлгөндөрүнө ыйлады бекен? Мен да балам Абухакиймага ыйлайын, ыйлабагандыктан ичим күйүп кеттиго, деп аны жибергенде ал барып билип келип ушундай дейт: Ал аял төөсүн жоготуп жибериптир ошого ыйлап жатат экен. Бул сөздү уккан Асвад өзүн карманалбай кетип бул кошокту айтты:

“Ал төөсү жоголгонго ыйлайт бекен
Түн уктабай уйкусу качканга тыюу салат экен
Төөң үчүн ыйлабай
Бадрдагы чоң жоготууга ыйласаң экен”.

## *Мадиналыктар жеңиш кабарын алышты:*

Согуш бүтүп мусулмандар жеңишке жеткенден соң Пайгамбар САВ Мадинага жеңиш тууралуу сүйүнүч кабарды батыраак айтууга эки кишини жиберди. Абдулла ибну Раваахаты Мадинанын өйдө жагына ал эми Зейт ибну Харисаны ылдый жака жөнөттү.

Мадиналыктарга жөөттөр менен мунафыктар мусулмандар жеңилип калышты деген жалган кабарды таратып жиберген болчу, жада калса Пайгамбар САВ өлтүрүлдү деген кабарды да таратып жиберишкен эле. Зейт ибну Хариса Пайгамбардын САВ төөсүн минип келатканын мунафыктардын бирөөсү көрүп калып: “Мына көрдүңөрбү Мухаммед өлүп калган, бул анын төөсү аны биз тааныйбыз,

Зейт корконунан эмнени айтаарын билбей келатат, жеңилгенинен кайтып келди".

Эки кабарчы Мадинага жетип келгенде аларды мусулмандар тегеректешип кабардын чын төгүнүн угушту, мусулман жоокерлери чындыгында жеңишке жеткендигин билгенден соң Мадина эли курсан болуп Аллахтын жалгыздыгын улуктап өзүнчө шаңга бөлөнүштү. Мадинада калган мусулмандардын башчылары Пайгамбарды САВ жеңиш тууралуу куттуктоо үчүн бадр жолун улай жолго чыгышты.

Усама ибну Зейт ушундай кабар кылат: "Пайгамбардын САВ кызы Усман ибну Аффандын аялы Рукаяны топурака берип бүткөндөн соң бизге жеңиш тууралуу кабар келди, анткени Пайгамбар САВ мени да Усманга кошуп Рукаяны карап турууга калтырган болчу".

## *Пайгамбардын САВ жоокерлери Мадина тарапты көздөй жөнөштү:*

Пайгамбар САВ согуш бүткөндөн соң бадрда үч күн калды. Согуш майданынан жылаардан алдың жоокерлердин арасында олжо тууралуу пикир келишпестик болуп кетти. Бул пикир келишпестик күчөп кеткенде Пайгамбар САВ баары олжону бир жерге чогултууну буюруду эле баары аткарышты. Анан Аллах тараптан олжону адилет бөлүштүрүү тууралуу вахий кабары түшүп, олжо адилет бөлүштүрүлдү.

Бул тууралуу Убаада ибну Саамит мындай дейт: "Пайгамбар САВ менен кошо бадр согушуна катыштым, согуш мусулмандар тарапка ооп кудурети күчтүү Кудай Таала душманды жеңилүүгө учуратты. Бир маалда душман качып жөнөп мусулмандардын бир тобу өлтүргөнүн өлтүрүп алардын артынан кууп жөнөштү, мусулмандардын дагы бир тобу олжону алып топтой баштады, дагы бир топ Пайгамбардын САВ айланасына топтолуп аны коорул эч нерсеге алаксышкан

жок. Ошентип күн кечкиргенде баары чогулуп, олжо топтогондор: “Бул олжону биз топтодук, ошондуктан муну бизден башка эч ким албаш керек”- деп айтышты, ал эми душмандын артынан куугандар: “Мында биздин да үлүшүбүз бар анткени биз олжону алууңар үчүн душманды кууганыбыздан алып олтурасыңар” деген сөз айтышты, а Пайгамбарды САВ кооругандар болсо: “Пайгамбарыбызга САВ душман бир зыян жеткирбесин деп биз Пайгамбарыбызды САВ коргоо менен алек болдук”- деп жооп беришти, ошондо Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

يَسْأَلُونَكَ عَنِ الأَنفَالِ قُلِ الأَنفَالُ لِلّهِ وَالرَّسُولِ فَاتَّقُواْ اللّهَ وَأَصْلِحُواْ ذَاتَ بِيْنِكُمْ وَأَطِيعُواْ اللّهَ وَرَسُولَهُ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ {الأنفال/1}

***“Алар сенден олжолор жөнүндө сурашат. Олжолор Аллахка жана Элчисине таандык. Эгер силер момун болсоңор, Аллахтан корккула, араңарды оңдогула, Аллахка жана Анын элчисине баш ийгиле! – деп айткын”.*** (Анфал, 1)

Ушул аят түшкөндөн соң Пайгамбар САВ олжону мусулмандардын баарына бөлүштүрүп берди.

Пайгамбар САВ бадр жеринде үч күн калгандан соң жоокерлери менен Мадинага карай жөнөп кетти. Өзү менен кошо туткунга түшкөн мушрикетерди жана олжону алып Мадинаны карай жол тартты. Олжону кароо үчүн Абдулла ибну Каабты дайындады, Сафра өтмөгүнөн өткөндөн соң Мудийк менен Назиянын ортосундагы Касип жерине токтоп олжонун бештен бирин алып анан олжону мусулман жоокерлерине бөлүштүрүп берди.

Сафра жерине жеткенде Пайгамбар САВ Нудар ибну Харисти өлтүрүүгө буйруйт, ал бадр согушунда мушриктердин желегин көтөрүп жүргөн. Анткени ал Курайштын эң зөөкүр адамдарынан бири болуп исламга эң чоң душман болчу, Пайгамбарга САВ да катуу азап көрсөткөн мушрик эле. Нударды Али ибну Абуталип РА өлтүрөт.

Арку-Забияга жеткен кезде Пайгамбар САВ Укба ибну Абумуитти өлтүрүүгө буйруду. Алдыда айтып өткөндөй бул инсан Пайгамбарга САВ өтө катуу азарларды көрсөткөн, Пайгамбар САВ намаз окуп жаткан кезде үстүнө төөнүн ичегисин таштап жиберген киши да ушул болчу, Пайгамбарды САВ бууп аны өлтүрүп койо жаздаган, ошондо Абубакир аралашып токтотуп калган эле. Бул инсанды Аасим ибну Сабит Ансарий өлтүрөт. Кээ бир риваяттарда Али ибну Абуталип өлтүргөн деп келет.

Ушул эки зөөкүрдү өлтүрүү согуш тактикасына караганда сөзсүз өлтүрүлүш керек болчу. Бул экөө туткун эле эмес душмандардын эң зөөкүрлөрү болчу.

## *Жеңиш менен куттуктоого келгендер:*

Жоокерлер Раухага жеткен кезде аларды жеңиш менен куттуктоо үчүн мусулмандардын кээ бир башчылары жолдон күтүп алышып жеңиш менен куттукташты. Ошондо Салма ибну Салаама мындай деди: Эмне менен бизди куттуктайсыңар? Жалаң эле кары-картаңдарды жолуктурдук. Ошондо Пайгамбар САВ жылмайдыда: "**Оо, агамдын баласы! Булар жогорку даражалуу инсандар" -**деген сөзүн айтты.

Куттуктаганы келгендердин бирөөсү Усайд ибну Худайр мындай деди: "Оо, Аллахтын элчиси! Сизди жеңишке жеткирген Аллахка мактоолор болсун. Оо, Аллахтын элчиси! мен сизди кербенге эле каршы барат деп ойлопмун, эгер душман менен каршылашканыңызды билгенимде анда бадр согушунан калып калмак эмесмин". Пайгамбар САВ анын сөзүнө: "**Туура айттың"-** деп жооп берди.

Андан соң Пайгамбар САВ Мадинага жеңишке жеткен абалда кирип келди. Пайгамбардан САВ Мадинадагы жана анын айланасындагы душмандардын баары коркуп калышты. Ошондо Мадинадагы исламга кире элек инсандардын көпчүлүгү исламды

кабыл кылышты. Ошол кезде Абдулла ибну Убай менен жолдоштору да исламды ашкере айтып кабыл кылышты.

Мадинада бир күн тургандан кийин Пайгамбар САВ туткундарды сахабаларына бөлүштүрүп берип, аларга жакшы мамиледе болууну буйруду. Ошол кезде сахабалар Пайгамбардын САВ буйругун аткарышып өздөрү курма жешээр эле, ал эми туткундарга болсо жакшы нандан беришип жатты.

## *Туткундардын өкүмү:*

Пайгамбар САВ Мадинага жеткен кезде сахабалары менен туткундарды кандай кылуу тууралуу кеңешип калды. Ошондо Абубакир мындай пикирин айтты: “Оо, Аллахтын элчиси! Булар да биздин туугандарыбыз, бирибиз бир туугандардын балдарыбыз, кээ бири бир уруудан, кээ бири бир туугандар. Ошондуктан менин көз карашым булардан кун төлөтүп алалы, ошол алгандарыбыз биз үчүн каапырларга каршы күч-кубат болсун, балким ошондо Аллах Таала буларды хидаят-туура жолго салып, биздин күчүбүзгө күч болуп берээрин үмүт кылам”.

Пайгамбар САВ Умарга карап: “**Оо, Хаттабтын баласы! Сен кандай пикир айтасың?”-** деп сурап калды, Умар: “Чындыгында менин пикирим Абубакирдикиндей эмес, пикирим тигил менин тууганым ошонун мойнун жыга чабайын, Али болсо бир тууганы Акыл ибну Абуталиптин мойнун жыга чапсын, Хамза да бир тууганынын мойнун жыга чапсын, ошентип баарыбыз өз жакындарыбыздын мойнун чаап салалы да жүрөгүбүздө мушриктерге болгон кичи пейилдик жок экендигин Аллах Таалага билдирели, анткени булар мушриктердин заалым-зөөкүрлөрү жана башчылары”.

Пайгамбар САВ Абубакирдин пикирин жактырып Умардын пикирин жактырбай мушриктерден кун төлөтүп алды. Умар мындай дейт: “Эртеси күнү Пайгамбардын САВ жанына келсем Абубакир экөө көз жаш кылып олтурган экен,

аларга карап: "Оо, Аллахтын элчиси! жолдошуңуз экөөңүз эмнеге ыйлап жатасыздар? Эгер ыйлай турган иш болсо айтсаңыз мен да сиздер менен кошо ыйлайын, ошондо Пайгамбар САВ ушундай деди: "**Ыйлаганымдын себеби, жолдошторуң айткандай кун төлөтүп алуудан көрө бул дарактын жанында буларды азаптоо (өлтүргөн жакшыраак) экендиги мага айтылды".**

Анан Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

مَا كَانَ لِنَبِيٍّ أَن يَكُونَ لَهُ أَسْرَى حَتَّى يُثْخِنَ فِي الأَرْضِ تُرِيدُونَ عَرَضَ الدُّنْيَا وَاللّهُ يُرِيدُ الآخِرَةَ وَاللّهُ عَزِيزٌ حَكِيمٌ {الأنفال/67} لَّوْلاَ كِتَابٌ مِّنَ اللّهِ سَبَقَ لَمَسَّكُمْ فِيمَا أَخَذْتُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ {الأنفال/68}

***"Эч бир Пайгамбарга жер жүзүндө жоодон өктөм болгонго чейин туткун кармоо (алардан акча алуу үчүн) мүмкүн эмес. Силер дүйнө пайдасын ойлойсуңар. А Аллах (силерге) акыретти каалайт. Аллах – Ызаттуу, Даанышман. (67) Эгер Аллахтан жазуу өкүмү болбогондо, алгандарыңар үчүн силерге зор жаза келээр эле (68)".*** (Анфал, 67-68)

Аятта айтылган ***Эгер Аллахтан жазуу өкүмү болбогондо*** деген аят өкүмү ушул:

فَإِمَّا مَنًّا بَعْدُ وَإِمَّا فِدَاء حَتَّى تَضَعَ الْحَرْبُ أَوْزَارَهَا {محمد/4}

***"Ошондо аларды кишендеп, же ырайым кылгыла, же болбосо согуш бүтмөйүнчө акы (кун) алып (өздөрүнө) тапшыргыла".*** (Мухаммед, 4)

Бул аятта туткундардан кун алууга уруксаат берилгендиги үчүн аларды өлтүрүшкөн жок. Жогоруда түшкөн "Анфал" сүрөсүнүн 67, 68 аяттары Пайгамбарга САВ жана мусулмандарга эскертүү катары түшүрүлгөн. Анткени мусулмандар жер жүзүнө ислам толук тарап согуш бүтө элек эле каапырларды туткунга түшүрүп алышты, анан алардан кун алууну кабыл кылышты, себеби бул каапырлар согуш туткундары эле эмес исламдын эң чоң душмандары эле.

Ошондуктан ошол замандагы согуш акыбалына жараша буларды эң катуу жаза менен жазалап, өлтүрүп салуу же болбосом өлгөнгө чейин камап салуу керек болчу.

Ошентип Абубакирдин пикириндей кылып туткундардан кун алышты. Кундун баасы төрт миң дирхамдан үч миң дирхам жана миң дирхамга чейин болду. Меккеликтер жазып окууну билишчү, ал эми Мадиналыктар жазып окууну билишчү эмес. Кимде кун төлөөгө акчасы жок болсо ошол адамга Мадиналыктар өздөрүнүн он баласын жазып окутууга үйрөтүү үчүн беришти, качан гана ошол он баланы жазып окууга үйрөткөндө ошонусу кундун ордуна болду.

Пайгамбар САВ кээ бир туткундардан кун албай эле коюп жиберди алардын ичинен: Муталиб ибну Хантаб, Сайфий ибну Абурифаа жана Абуизза Жумахий. Абуизза Жумахий ухуд согушунда бир туткунду өлтүрүп салат, бул тууралуу алдыда айтып өтөбүз.

Пайгамбар САВ күйөө баласы Абулаасты да коюп жиберди. Андан Пайгамбар САВ кызы Зейнепти бошотуп жиберүү шартын койгондон соң коюп жиберген болчу. Анткени Зейнеп күйөөсү үчүн бир нече акча жана Хадийча энесинин шуруларын жиберген эле. Буларды Абулаас үчүн алып келгенин көргөндө Пайгамбар САВ кызына аябай боору ооруп сахабалардан күйөө баласын коюп жиберүүнү уруксаат сураганда сахабалар уруксаат берет. Ошондо Пайгамбар САВ Зейнепти коюп жиберүү үчүн Абулааска шарт койгондо ал коюп жиберет, анан Зейнеп Мадинага көчүп келет. Пайгамбар САВ Зейнепти алып келүүгө Зейт ибну Харисаны жана ансарлардан бир кишини кошуп жиберет да мындай дейт: **“Экөөң Яьжажга барып күтүп тургула, качан Зейнеп ошол жерге келгенде аны алып келгиле!”.** Ошентип экөө жолго чыгып барып Зейнепти алып келишет. Зейнептин Мадинага көчүп келүү окуясы узун жана өтө машакаттуу кыйын болгон.

Туткундардын арасында Сухайл ибну Амру да бар болчу. Ал сөзгө чечен сөзөмөл инсан болуп, Пайгамбарды САВ ар

түрдүү сөздөрдү айтып азар берчү. Бул кишини Умар ушундай дейт: Оо, Аллахтын элчиси! Сухайлдын кашка тиштерин сындырып тилин сууруп салайын, ошондо сизге каршы эч сөз айтпай калат. Пайгамбар САВ антип жазалоодон баш тартып, кыяматта Аллахтын каарынан коркуп Умардын айтканына макул болгон жок.

Саад ибну Нуман умра кылып келүүгө Меккеге барат, ошондо аны Абусуфян кармап камап салат, анткени Абусуфяндын баласы Амру мусулмандардын колунда туткунда болчу. Ошентип Амруну боштондука коюп жибергенде гана Абусуфян Саады коюп жиберет.

## *Бул согуш тууралуу Куран аяттары түштү:*

Бул согуш тууралуу “Анфал” сүрөсү түштү. Ушул сүрөнүн түшүүсү – жөнөкөй сөз менен айтканда - Кудай Тааланын бул согуш тууралуу айткан түшүндүрмө эскертүүсү. Анткени бул түшүндүрмө башка падыша жана аскер башчыларынын жеңишке жеткенден кийинки айткан түшүндүрмө жана эскертүүлөрүнөн караманчалык айырмаланып турат.

Биринчи Аллах Таала мусулмандардын мурункудан калган жаман адеп-аклактарын жана кемчиликтерин сындоо катары алардын көңүлүн буруп, кемчиликтери жоюлуп кулк-мүнөздөрү дагы да кемелдүүрөөк болуусу үчүн айтты. Анткени, ошол адаттардын кээ бири ушул согушта көрүнүп калган болчу.

Экинчи мусулмандарга Аллах тараптан жардам келгендиктен гана алар жеңишке жеткендигин айтты. Муну айткандыктын себеби алар өздөрүнчө баатырсынып эржүрөктөнүп азгырылып кетпей, кекирейип текеберденбей кудурети күчтүү Аллахка гана тобокел кылып, Ага жана анын элчисине гана моюн сунуу керектигин эскертти.

Андан соң Пайгамбар САВ ушундай кандуу, коркунучтуу согушту эмне максатта жүргүзгөндүгүн ачыктап, мусулмандар жакшы кулк-мүнөздүү болушса согуштарда дагы көптөгөн жеңиштерге жетишээрине ишаарат кылып кетти.

Анан Аллах Таала мушриктерге, мунафыктарга, жөөттөргө жана согуштагы туткунга түшкөндөргө карата жеткиликтүү даражадагы аят-сөздөрүн айтып, аларды чындыкка жана акыйкаттыкка моюн сунуу керек экендигин үндөп, туура жолдо болууга чакырды.

Андан соң мусулмандарга олжо тууралуу айтып, аларга олжо мыйзамын чектеп түшүндүрдү.

Ислам үгүтү согуш акыбалына киргендиктен согуш маалында жана тынчтык маалында кандай кылуу керектигин баяндап, мусулмандардын согушу караңгы инсандардын согушунан айырмаланып туруусун түшүндүрүп, адептүүлүктө, жүрүм-турумда алардан жогору болуу керектигин түшүндрдү. Анткени бул дүйнөдө ислам жөн гана көз караш эмес, балким маданияттуулукту, илим-билимдүүлүктү иш жүзүндө көрсөтүү керкетигин билдирди.

Исламдын мамлекеттүүлүгүн түптөө үчүн ошол мамлекеттин ичинде жана сыртында жашаган мусулмандардын ислам мыйзамында кандай өзгөчөлүктөрү бар экендигин түшүндүрдү.

Хижраттын экинчи жылында Аллах Таала мусулмандарга орозону парз кылып жана питир садаканы да парз кылды. Ошондой эле зекеттин канча өлчөмдө берилүүсүн да белгиледи. Ушул питир садака менен зекеттин парз кылынуусу эч нерсеси жок кедей болуп жашап жаткан көптөгөн мухажириндердин жеңилин жерден оорун өйдөдөн алып кыйла жардам берди.

Мусулмандар үчүн жашоосунда алгачкы жолу эң жакшы айт майрамы хижрийдин экинчи жылында Шаввал айындагы айт майрамы болуп өттү. Бул айт майрамы бадр согушунда жеңишке жеткенден кийин болуп, анда Аллах Таала

мусулмандарды жеңишке жеткирип, башына бийиктик таажысын кийгизип, эң эле сонун бактылуу майрам кылып өткөзүштү. Мусулмандар айт намазын окуу үчүн үйлөрүнөн чыгып, Аллахка такбирлерди мактоолорду айтып Аллахтын жалгыздыгын даңазалаган абалда намазга келип, намазда жүрөктөрү менен Кудайга берилип эң сонун таризде аткарышты. Кудурети күчтүү Кудай Таала аларга ошондой нээмат-жакшылыктарын берип, жеңишке жеткизгенден соң алардын үстүнө Аллахтын мээрим-ырайымы жаап, Куранда да эскерип өттү:

وَاذْكُرُواْ إِذْ أَنتُمْ قَلِيلٌ مُّسْتَضْعَفُونَ فِي الأَرْضِ تَخَافُونَ أَن يَتَخَطَّفَكُمُ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُم بِنَصْرِهِ وَرَزَقَكُم مِّنَ الطَّيِّبَاتِ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ {الأنفال/26}

***“Силер жер жүзүндө аз санда алсыз болгонуңарды эстегиле. Силер адамдар бизди багынтып алат деп коркчу элеңер. Силер шүгүр келтирүүңөр үчүн, Аллах силерге (Мадинадан) жай берди жана Өзүнүн жардамын берип кубаттады. Силерге мол ырыскы улады”.*** (Анфал, 26)

## *Бадр согушу менен Ухуд согушунун ортосундагы аскерий күчтөнүү*

Бадр согушу мусулмандардын мушриктер менен болгон эң алгачкы куралдуу согушу болчу. Бул жеңиш мусулмандардын айбаттуулугун көтөрүп, согушка жалпы араптар сырттан көз салып турушту. Ушул согуштун натыйжасында эң жаман таасир алгандар, булар түздөн түз жеңилүүгө учураган мушриктер, жана мусулмандардын жеңишке жетип күчтүү болуусу динине жана экономикасына катуу сокку жаратууну алып келген жөөттөр болчу. Мусулмандар бадр согушунда жеңишке жеткенден бери ушул эки топ мусулмандарга каарданып ичинен күйүп жатышты:

لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ النَّاسِ عَدَاوَةً لِّلَّذِينَ آمَنُواْ الْيَهُودَ وَالَّذِينَ أَشْرَكُواْ
{المائدة/82}

***“Мусулмандарга адамдардын (арасынан) эң катуу душман – жөөттөр жана мушриктер экенин табасың”.*** (Маида, 82)

Бул эки топтон тышкары Мадинада дагы бир топ бар болчу, алар Абдулла ибну Убай ибну Салул менен жолдоштору. Мадинада буларга коркунуч жаралып тынчсыздангандыктан исламды кабыл кылууга аргасыз болуп мусулман болушту. Ушул үчүнчү топтун мусулмандарга болгон душмандыгы жогорудагы эки топтон кем эмес эле.

Булардан сырткары төртүнчү топ бар болчу, алар Мадинанын айланасында жашаган бедуиндер. Булар ыймандуулук же каапырлык деген нерсеге эч кызыккан эмес, жалаң гана талап тоноо менен алектенишкен. Мусулмандар жеңишке жеткенден соң буларда коркунуч пайда болуп, эгер Мадинада күчтүү ислам мамлекети курулса анда талап тоноолорун тосуп койот деген коркунуч туула баштады. Ошондуктан буларда мусулмандарга карата жек көрүү сезими пайда болуп, аларга душман болуп алышты.

Ушинтип мусулмандарды чар тараптан ар түрдүү коркунучтар курчап калды. Бирок ушул бардык топтор мусулмандарга каршы ар кимиси өз жолу менен күчүн көргөзүү менен алек болушту. Мадинадагы жана анын айланасындагылар исламга каршы ар кимиси өздөрүнчө арам ойлору менен ар түрдүү сүйлөшүүлөрдү, провакацияларды жүргүзүп жаткан кезде, жөөттөрдүн бир бөлүгү мусулмандарга болгон душмандыгын ачыкка чыгарып, жек көрүүсүн ачык-айкын билдире башташты. Анткени Меккеликтер мусулмандарга катуу сокку урабыз деп коркутуп, алардан өч алууларын билдирип, көп сандагы жоокер менен келип жок кылабыз деген сөздөрүн ачык айкын айтып жатышкан эле.

Ооба, чындыгында эле Мадинанын эшигине чейин келген катуу салгылашуу болду. Бул салгылашуу ухуд согушу деп

аталды. Ушул согуш мусулмандардын абийрине жана айбаттуулугуна эң жаман таасирин тийгизди.

Ушул согушта мусулмандар бардык коркунучту жеңүү үчүн эң чоң рольду ойноп, ошол кезде Пайгамбар САВ акылмандыгын жана баатырлыгын көргөзүп, ушундай чоң коркунучту жеңүү үчүн чыныгы көрөгөч сезимин ачыка чыгарды. Бул тууралуу алдыңкы барактарда кыскача болсо да айтып өтөбүз.

## *Күдүрдөгү Салим жортуулу*

Бадр согушунан кийин Мадинанын кабарчылары, Гатфандан тараган Салим уруусу Мадинага каршы согушка даярданып жатканын Пайгамбарга САВ айтып келишти. Ошондо Пайгамбар САВ аларды өз жеринде талкалоо үчүн эки жүз атчан жоокерин даярдап жөнөп кетти. Жоокерлер алардын Күдүр деген жашаган жерине жеткенде Салим уруусу турак жайын таштап качып кетишип, адырында беш жүз төө калып калат. Ал төөлөрдү Мадина жоокерлери олжо кылып алышкандан соң, Пайгамбар САВ олжонун бештен бирин алып калганын жоокерлерге бөлүштүрүп берет. Ошондо ар бир жоокерге экиден төө туш келет, ал эми Пайгамбарга САВ Ясар деген кул тийет да аны кулдуктан азат кылат.

Пайгамбар САВ алардын жеринде үч күн калгандан соң Мадинага кайтып келет. Бул жортуул хижрийдин экинчи жылы Шаввал айында бадр согушунан кайтып келгенине жети күн болгондон кийин болду. Ошондо Пайгамбар САВ Мадинага Сиба ибну Арфатаны башчы кылып дайындап кетти, бирок кээ бир риваяттарда Ибну Уммумактумду дайындаган деп да келет.

# *Пайгамбарды САВ өлтүрүү аракети*

Мушриктер бадр согушунда жеңилип калгандыгы үчүн аябай каарданышып, Пайгамбарга САВ каршы кандары кайнап жатты. Ушул эки тараптын ортосундагы болуп жаткан талаш тартыштын башында тургандуы жок кылуу аракетин көрүү үчүн Мекке эр жүрөктөрүнүн экөөсү ушул темада сүйлөшүү жүргүзүштү. Анткени булардын айтымында өздөрүн кемсинген пас абалда көрүп калышыптыр. Жок кылуучу адамы Пайгамбар САВ.

Бадр согушунун болгонуна аз эле күндөр өткөндөн кийин Умайр ибну Вахб Жумахий менен Сафван ибну Умая экөө Каабанын жанында олтуруп сүйлөшүп калды. Умайр Курайштын шайтандарынан бири болчу, анткени ал Пайгамбар САВ Меккеде жүргөндө Пайгамбарга САВ жана сахабаларга аябай азаптарды көрсөткөн. Умайрдын уулу Вахб бадр согушунда мусулмандардын туткунуна түшүп калган болчу. Умайр согуштагы чуңкурга ташталган өлүктөрүн эстеп сүйлөп жатты, ошондо Сафван мындай деди: Аллахка ант, аларды жок кылгандан кийин гана жашоо жакшы болот.

Умайр: “Чындыгында туура айтып жатасың, эгер менин карызым болбогондо, анткени аны төлөөгө акчам жок жана үй-бүлөмдү да мен жок болсом караганга эч ким жок, ушулардын баары жайында болгондо Мухаммедге барып аны өлтүрмөйүн келбейт элем, анткени андан менин ала турганым бар, ал балам, алардын колунда туткунда”.

Сафван бул ыңгайлуу учурду дароо кармады да Умайрга карап мындай деди: “Карызыңды мага коюп бер, аны мен төлөймүн, ал эми үй-бүлөңө да өз үй-бүлөм сыяктуу эч зыян жеткирбей караймын”.

Ошондо Умайр: “Андай болсо бул сөздү эч кимге айтпай жашыр”. Сафван: “Ошондой кылалы”- деп жооп берди.

Ошентип Умайр кылычын курчуттурду да аны уулап даярдап койду. Анан кылычын асынып төөсүнө минип жолго

чыгып Мадинага келди. Мадинанын мечитинин жанына келип төөсүн чөктүрүп жатканда аны Умар ибну Хаттаб көрүп калды, ошол кезде Умар бир канча мусулмандар менен бадр согушундагы Кудай Таала берген ийгиликтүү жеңиш тууралуу баарлашып жаткан эле. Ошол замат Умар: "Бул ит Аллахтын душманы Умайр, арам ойдон башкага келген жок"- деп айтты да Пайгамбардын САВ жанына кирип: "Оо, Аллахтын элчиси! Аллахтын душманы Умайр кылычы менен келиптир". Пайгамбар САВ: "**Аны менин алдыма киргизгиле!"** Умар чыгып Умайрдын кылычынын жиби менен анын мойнунан бууп кармады да Пайгамбарга САВ алып кирип жөнөдү. Кээ бир ансарлар Пайгамбардын САВ жанына барып тургула да мындан этият болуп көз салып тургула, анткени бул акмакка ишениш жок деп айтышты да Пайгамбардын САВ жанына барып турушту. Пайгамбар САВ Умайрдын мойнун Умар бууп кармап турганын көрүп: "**Умар колуңду ал да коёбер"-** деп айтты да: "**Умайр жакын келчи"-** дегенде Умайр Пайгамбарга САВ жакын келип: "Кайырдуу таң"- деп айтты эле Пайгамбар САВ: "**Оо, Умайр! Аллах бизге сенин саламдашууңдан жакшыраак саламдашуу берген, ал тынчтык салматттык каалоо (ассалааму алейкум), бул саламдашуу бейиштегилердин саламдашуусу".**

Пайгамбар САВ: «**Эмнеге келдиң Умайр?»** Умайр: «Колуңардагы тукунга (балама) жакшыраак мамиле кылгыла"- деп сурап келдим. Пайгамбар САВ: "**Мойнуңдагы кылыч эмнеге?"** Умайр: "Ээ, мындай кылычтарды Аллах жок кылсын, бул бизге бир жардам бере алдыбы?" Пайгамбар САВ: "**Чыныңды айтчы, эмнеге келдиң?"** Умайр: "Ошол айткан ишиме гана келдим".

Пайгамбар САВ: "**Жок, сени менен Сафван ибну Умая Каабанын жанына олтуруп чуңкурга ташталган Курайштын өлгөндөрү тууралуу эскердиңер, анан сен: Менин карызым болбогондо жана үй-бүлөмө караар адам болгондо барып Мухаммедди өлтүрүп келмекмин, деп**

**айттың, анан Сафван мени өлтүрүп келүүң үчүн карызыңды төлөөнү, үй-бүлөңдү кароону мойнуна алды. Бирок (ушуну жакшы билгин) Аллах андай нерседен мени сактап турат".**

Ошол замат Умайр: "Аллахтын элчиси экендигиңизге күбөлүк берем. Оо, Аллахтын элчиси! Чындыгында сиз алып келген асман кабарын жалганга чыгарып жаттык эле, вахий кабарын да калпка чыгарып жүрдүк. Бул ишке Сафван экөөбүздөн башка эч ким катышкан жок болчу. Аллахка ант, бул кабарды сизге Кудай Таала гана жеткиргендигин эми түшүндүм. Хидаят-туура жол болгон исламга киргизип ушул жолго бурган Аллахка мактоолор болсун"- деп айтты да шахаадат келимесин айтып исламга кирди. Ошондо Пайгамбар САВ: "**Бул мусулман бир тууганыңарга исламдан түшүнүк бергиле, Куран үйрөткүлө жана туткунун бошоткула!"-** деген буйрукту берди.

Ал эми Сафван болсо элдерге жакында бадр согушун унуттура турган кубанычтуу кабар келет, деп айтып жүрдү. Ал жолоочулардан Умайрдын кабарын сурап турду, акыры жолоочулардын бирөөсү Умайрдын исламга киргендигин кабар берди эле Сафван аны менен эч сүйлөшпөөгө жана эч жардам бербөөгө касам ичти.

Умайр Меккеге кайтып келип, ошол жерде жашап, элдерди исламга чакырып жатты. Ошентип анын колунан көптөгөн инсандар исламга киришти.

## *Кайнука уруусуна болгон жортуул:*

Пайгамбар САВ жөөттөр менен түзгөн келишим тууралуу алдыңкы барактарда айтып өткөн элек. Ошол келишимдин бирөөсүн да бузбай аткарууга Пайгамбар САВ катуу киришти. Чындыгында мусулмандар тараптан келишимдин бирөөсү да бузулбай аткарылып жатты. Бирок тарыхы кыянаттыкка, кан төгүүгө толгон жөөттөр келишимди сактабай, өздөрүнүн

мурунку бузуку пейилдерин жамынышып келишимди бузушту. Мусулмандардын ортосуна ар түрдүү бузукулуктарды, провакацияларды таратып, ич ара бөлүп жарууга аракет жасашты. Алардын кээ бирин мисал келтире кетели:

## *Жөөттөрдүн арам ойлуулугу тууралуу мисал:*

Бул тууралуу Ибну Исхак ушундай риваят кылат: "Пайгамбардын сахабаларынан болгон Хызраж менен Аус уруусунун бир канча кишилери, топтолуп сүйлөшүп олтурган жерден Шаас ибну Кайс аттуу картайып калган жөөт өтүп калды. Бул жөөттүн каапырлыгы аябай күчөгөн, мусулмандарга душман жана аларды көралбаган инсандардын бири болчу. Картаң Шаас бул эки уруунун караңгылык доорундагы карама-каршылыкты, душмандыкты эстеп, исламга киргенден соң бир-бири менен бир туугандай болуп ынтымакта жашап жатканын көрдү да баягы эле көралбастыгын көрсөтүп өз-өзүнө: "Бул шаарда пас инсандар чогулуп ынтымакташып калыптыр го. Жок, Аллахка ант, эгер булар мынтип оңолуп калган болсо бизге тынчтык болбойт, деп айтты да жанындагы бир жөөт жигитти алардын жанына жиберип: "Тигилердин жанына барып олтур, анан аларга биаас согушу тууралуу эскерткин да, ошол кездеги эки тараптын ортосундагы болгон кээ бир душмандык сөздөрүн эстерине сал, деп жиберди эле ал Шаас айткандай кылып тапшырманы так аткарды. Ошол замат эки тарап бир-бири менен сөз айтышып урушуп кетти, ар кимиси өздөрүнчө кекирейип, эки тараптан эки киши чыгып катуу айтышып кетти да бирөөсү бирөөсүнө: "Эгер каалайсаңар мурунку согушка кайтып согушалы да ошондо силерге кандай экенин көрсөтөбүз"-деген сөздөрдү айтты. Эки тарап тең бир-бирине ачууланып каарданып: "Андай болсо ошондой болсун, куралдангыла,

куралдангыла”- деген чакырыктарды айтышып, эки тараптын ортосунда согуш болуп кете жаздады.

Бул кабар Пайгамбарга САВ жетип, ал бир канча мухажириндер менен алардын жанына келип мындай деди: **“Оо, мусулмандар! Бул кандай болду, бул кандай болду, мен араңарда болуп туруп караңгылык жашооңорго кайтып жатасыңарбы? Аллах силерди ислам жолуна салып, ошол жолдо кадыр барктуу кылып, караңгылыктын бардык (жамандыктарын) жоюп, каапырлыктан куткарып, жүрөгүңөрдү ынтымака келтиргенден кийин (ушундай кыласыңарбы)?”**

Бул сөздү уккандан кийин эки тарап өздөрүнө келе түштү да, бул шайтандын азгырыгы, душмандын арам ою экендигин түшүнүп көздөрүнөн жаш агып, Хызраж менен Аус уруусу бир-бирин кучакташып ынтымака келип, Пайгамбарга САВ моюн сунуп, айтканын жасап, аны менен кошо басып кетишти. Ошентип Аллахтын душманы Шаастын арам оюн Аллах Таала текке кетирди.

Бул жөөттөрдүн мусулмандар ортосунда уруштуруу аракеттерин жасаган кээ бир арам ойлору, провакацялары жана исламга болгон үгүттү тосуу аракеттеринен бир көрүнүш болчу. Мындан башка булардын исламга каршы дагы бир канча пландары, иш аракеттери болгон. Мусулмандардын арасында жалган ушак сөздөрдү таратышчу. Жүрөгүндө ыйманы алсыз болгон мусулмандардын арасында шектенүү жаратуу үчүн кээ бир жөөттөр күндүзү мусулман болумуш болуп кечинде кайра өз каапырчылыгына кайтып кетишчү. Кайсыл бир мусулмандан жөөттүн аласасы болсо ал мусулмандын турмушуна ар кандай кыйынчылыктарды жаратчу. Ал эми кимдин жөөттөн ала турган аласасы бар болсо аны менен түнү-күнү эсептешип кыйначу. Мусулмандардын мал-мүлкүн акыйкатсыздык менен жеп, кээ бирин бербей коюшчу. Кээ бир мусулмандарга ушундай дешчү: Биздин сага бере турган карызыбыз бар, бирок ошол

кезде сен ата-бабаларыңдын диниде элең, ал эми азыр ал динден чыгып кеткениңден кийин биздин сага бере турган эч нерсебиз жок калды.

Пайгамбар САВ менен келишим түзгөнүнө карабай жөөттөр ушул сыяктуу иштерди бадр согушунан алдың кылышып жатты. Пайгамбар САВ менен сахабалары мунун баарына көз жумуп сабыр кылып, булар да ыйманга келип калаар бекен деген үмүттө жана айланадагы тынчтыкты сактоо иретинде жөөттөргө эч нерсе дешкен жок.

## *Кайнука уруусу келишимди бузду:*

Бирок Аллах Таала мусулмандарды бадр согушунда жеңишке жеткизип, башка жүрөгү катуу инсандардын алдында мусулмандардын абийри улуулугу көтөрүлүп, өзүнчө күч кубатка ээ болгондон кийин, жөөттөрдүн көралбастыгы каары ого бетер күчөп, ошонусун ачыка чыгарып, ар түрдүү арам ойлорду ачык айкын ишке ашыра башташты.

Мусулмандарга эң чоң душмандык кылган жана аларды көралбаган жөөттөрдүн бири бул Кааб ибну Ашраф болчу – бул тууралуу алдыда айтып өтөбүз – ошондой эле үч жөөт уруусунун мусулмандарга эң катуу душманы бул Мадинанын ичинде жашаган Кайнука уруусу. Булар өздөрү жашаган кварталды Кайнука деп атап алышкан. Бул уруу зергер, темирчи жана металдан жасалган идиш-аяктарды жасап иштеген адамдар болчу. Ушул кесиптин натыйжасында ар бир жөөттө согуш куралдары кеңири табылган. Ал эми жоокерлеринин саны жети жүзгө жетип, Мадинадагы жөөттөрдүн арасынан эң эр жүрөк жөөттөрдөн болуп саналган. Ошондуктан келишимди эң алгачкылардан болуп ушулар бузушту.

Аллах Таала мусулмандарды бадр согушунда жеңишке жеткиргенден соң, жөөттөрдүн көралбастыгы, душмандыгы ого бетер күчөп ар түрдүү ушак-айыңдарды, жалган сөздөрдү

жана провакацияларды таратып, мусулмандарды шылдыңдап, алардын бирөөсү жөөттөрдүн базарына келип калса ар кандай азарларды көрсөтүп жатышты. Жада калса мусулмандардын аялдарына да кол тийгизе башташты.

Булардын жамандыгы, душмандыгы күчөп чектен чыгып баратышканда Пайгамбар САВ буларды жыйнады да жакшы сөздөрүн айтып үгүт насаат кылып хидаят-туура жолго чакырып, бузукулуктун, душмандыктын акыбети жаман болоорун эскертти. Тилеке каршы жөөттөрдүн жамандыгы, текебердиги ого бетер күчөдү.

Абудауд жана башкалар риваят кылган сөзүндө Ибну Аббас РА айтат: Пайгамбар САВ Курайшты бадр согушунда жеңгенден кийин, Мадинага келип жөөттөрдү Кайнука базарына жыйнап мындай деди: “**Оо, жөөт коому! Курайшка келген акыбал силерге келе элегинде исламга келгиле”.** Жөөттөр: “Оо, Мухаммед! Согушууну билбеген Курайштын бир канча адамдарын жеңгениңе маашырканбагын. Эгер биз менен урушканыңда биз кандай адамдар экенибизди ошондо билээр элең. Чындыгында сен биз сыяктууларды али кездештире элексиң”. Ошондо Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

قُل لِّلَّذِينَ كَفَرُواْ سَتُغْلَبُونَ وَتُحْشَرُونَ إِلَى جَهَنَّمَ وَبِئْسَ الْمِهَادُ {آل عمران/12} قَدْ كَانَ لَكُمْ آيَةٌ فِي فِئَتَيْنِ الْتَقَتَا فِئَةٌ تُقَاتِلُ فِي سَبِيلِ اللّهِ وَأُخْرَى كَافِرَةٌ يَرَوْنَهُم مِّثْلَيْهِمْ رَأْيَ الْعَيْنِ وَاللّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصْرِهِ مَن يَشَاء إِنَّ فِي ذَلِكَ لَعِبْرَةً لَّأُوْلِي الأَبْصَارِ {آل عمران/13}

***“Ыймансыздарга айт: Силер жакында жеңилесиңер жана тозокко чогуласыңар! Ал (тозок) абдан жаман орун! (12) Эки беттешкен тайпада силер үчүн (пайдалуу) белги бар. Бир тайпа Аллах жолунда салгылашса, экинчиси – каапыр абалда (согушат). Мусулмандарды алар өздөрүнө караганда эки эсе көп көрүшөт. Аллах каaалаганын Өз жардамы менен колдойт. Чындыгында мында –акыл-эстүүлөр үчүн өрнөк бар (13)”.***(Аалу Имран, 12-13)

Жөөттөрдүн мындай деп жооп берүүсү согушту ачык айкын жарыялагандык болчу. Бирок Пайгамбар САВ сабырдуулугун кармап, мусулмандар да сабыр кылышып, дагы бир нерсе чыгаарын күтүп турушту.

Кайнука уруусунун оройлугу ого бетер чектен чыкты. Арадан аз өтпөй эле Мадинада ар түрдүү толкундоолорду жаратып өз өлүмүн өздөрү тилеп алышты, жашоо турмушуна тоскоолдукту өздөрү тилеп алды.

Ибну Хишамдын риваятында Абу Аун мындай дейт: "Бир арап аял товарын Кайнука базарына алып келип сатат да зергерчиге келет. Ошол жердегилер аялдын жүзүн ачтырууну каалайт. Бирок аял андай кылуудан баш тартат. Ошондо зергерчи аялдын кийиминин бир четин аялга билдирбей акырын өйдө көтөрүп койот. Аял ордунан турган кезде анын денеси көрүнүп калат да баары аны мыскылдап каткырып күлүшөт. Аял бакырып жибергенде ошол жерде жүргөн бир мусулман зергерчиге асылып аны өлтүрүп салат. Ал мусулман жөөт мусулман болчу. Жөөттөрдүн баары мусулманга атырылышып аны өлтүрүп салышат. Анан мусулмандар мусулмандарды жардамга чакырып Кайнука уруусу менен катуу урушуп кетет".

## *Кайнука уруусу кысымга алынып колго түшүп, шаардан чыгарылды:*

Ошондо Пайгамбардын САВ сабыры түгөнүп Кайнука уруусу менен урушууга чыкты. Мадинага башчы кылып Абулабаа ибну Мунзирди калтырды. Желекти Хамза ибну Абдулмуталипке карматып мусулман жоокерлери менен Кайнука уруусун көздөй бет алды. Жөөттөр мусулмандарды көрөөр замат өздөрүнүн чебине кирип эшигин жаап алышты. Мусулмандар Кайнука уруусун катуу курчоого алышты. Ошол кез хижрийдин 2 жылы, шаввал айынын жарымы болуп ишемби күн болчу. Курчоо он беш күн уланып, зул-каада

айынын жаңы айы көрүндү. Эгер Аллах бир коомду жеңилүүгө учураткысы келсе алардын жүрөгүнө коркунучту салып койгондой, Кайнука уруусунун жүрөгүнө Кудурети күчтүү Кудай Таала коркунучту салды. Кайнука уруусунун айласы кеткенинен мал-мүлкү, бала-чакасы жана аялдары менен Пайгамбарга САВ колго түшүп беришти. Анан Пайгамбар САВ курчоону токтотту. Ошондо Абдулла ибну Убай ибну Салул мунафыктык ролун ойноп, Пайгамбарга САВ буларды кечир деген сөздү айтып айтканына өжөрлөнүп туруп алып мындай деди: "Оо, Мухаммед! Биздин кызматчыларыбызга жакшы мамиледе бол – анткени Кайнука уруусу Хызраж уруусу менен союздаш болгон" – анын сөзүнө Пайгамбар САВ көңүл бөлгөн жок. Абдулла кайра сөзүн кайталады, Пайгамбар САВ анын сөзүн кабыл кылбады. Ошондо Абдулла колун Пайгамбардын САВ соотунун чөнтөгүнө киргизип кармап алды, Пайгамбар САВ: "**Коёбер"-** деп айтып кыжыры келгендигинен жүзү кызара түштү да: "**Сага эмне болду, колуңду ал"-**дегенине карабай Абдулла көшөрүп туруп алып колун албай: "Жок, Аллахка ант, коё бербеймин, менин союздаштарыма жакшылык кылмайын койбербеймин. Булардын төрт жүз куралсыз жана үч жүз куралчан жоокерлери бар. Ошолор мени ар кандай адамдардан кооруган эле. Эми буларды сен бир күндө жок кылып саласыңбы? Кайра күндөр айланып согуш болуп калуусу ыктымал (ошондо булар кайра мени коргошот)"- деп айтты.

Пайгамбар САВ бул мунафыкка – исламга киргенине бир ай болгонуна карабай - урмат сый менен мамиле кылып сураганын берди. Анан Пайгамбар САВ Кайнука уруусунун баарын Мадинадан чыгып кетүүсүн буйруп, анын айланасында да жашоого тыю салды. Ошентип Кайнука уруусу Мадинадан чыгып Шам жерине жакын жерге көчүп барды. Бирок ал жерде көп жашабай эле көпчүлүгү өлүп жок болушту.

Пайгамбар САВ олжодон үч жаа, эки соот, үч кылыч жана үч найза алды. Ошондой эле олжонун бештен бирин

(мусулмандардын казынасына) алды. Олжону топтоого Мухаммед ибну Маслама бөлүнгөн болчу.

## *Савик жортуулу:*

Сафван ибну Умая менен жөөттөр жана мунафыктар болуп мусулмандарга каршы ар түрдүү сүйлөшүү иш аракеттерин жүргүзүп жаткан кезде, Абусуфян аз аракет жасап мусулмандарга чоң зыян алып келүү жолун ойлоп жаткан болчу. Мунун баарын өз коомунун абийрин сактап, башкалардын алдында өздөрүнүн күч-кубатын көрсөтүү үчүн жасап жаткан болчу. Анткени ал Мухаммедке чабуул жасамайын башына суу тийгизип жуунбаймын деп касам ичкен болчу. Ушул касамын аткаруу үчүн өзүнүн эки жүз атчан жоокерин алып Мадинаны карай жолго чыкты. Мадинага жакыныраак жайгашкан Найб тоосунун жанындагы өтмөкө барып жайгашты. Бирок ал күндүзү Мадинага кол салуудан коркуп каракчылар сымал жашыруун кол салууну чечти. Ошол күнү кечинде ал жашырынып Мадинага кирди да Хай ибну Ахтаптын эшигин какты, бирок Хай эшигин ачуудан коркуп ачпай койду эле Абусуфян Нудайр уруусунун башчысы жана казыначысы болгон Салам ибну Машкамдын эшигине барды. Ага барып кирүүгө уруксаат сурады эле Салам үйүнө киргизип Абусуфянды коноктоп арак-шарап менен сыйлады. Бирок ал жоокерлер менен келгендигин айткан жок. Абусуфян ошол эле кеч Саламдын үйүнөн чыкты да жоокерлерине келип алардын бир тобун Мадинанын чети болгон Арид деген жерге чабуул жасоого жиберди. Жоокерлер Аридге келип ал жердеги пальма дарагынан болгон бир канча дубалдарды өрттөшүп, ошол жердеги бир дыйкан ансарды жана анын жардамчысын көрүп калышып аны өлтүрүп салышты да дароо Меккени көздөй качып кетишти.

Кабар Пайгамбарга САВ жетип, Абусуфяндын артынан Пайгамбар САВ бир канча жоокерлерди алып кууп жөнөдү.

Бирок Абусуфян эчак эле өтө тездик менен качып кеткен болчу. Качууга жүк жеңил болуусу үчүн ал дандан жасалган толтура жол азыгын таштап калтырып кетти. Пайгамбар САВ анын артынан кууп Каркаратул-күдүргө чейин барып андан соң артка кайтты. Жолдо кайтып келатышып Абусуфяндар таштаган дандан жасалган жол азыгын алып кайтышты. Ошондуктан бул чабуулду «Савик чабуулу» деп атап койду (мааниси: дан жол азыгы). Бул чабуул хижрийдин экинчи жылында бадр согушунан эки ай өткөндөн кийин зул-хижжа айында болгон. Бул жолкусун Мадинага башчы кылып Абулабааба ибну Абдулмунзирди калтырды.

## *Зуу Амру жортуулу:*

Бул Пайгамбардын САВ ухуд согушунан алдың болгон эң чоң жортуулу. Жортуулду хижрийдин 3-жылы мухаррам айында Пайгамбар САВ өзү башкарып алып барды. Мунун себеби: Саьлаба менен Мухариб уруусу Мадинанын айланасына чабуул жасоого чоң аскерий күч даярдап жаткандыгын Мадинанын кабарчылары Пайгамбарга САВ айтып келишет. Ошол замат Пайгамбар САВ аскер даярдап аскердин саны жөө жана унаачан болуп төрт жүз элүүгө жетет. Мадинага Усман ибну Аффанды башчы кылып дайындайт.

Мусулман жоокерлери жолдо келатып Саьлаба уруусунан болгон Жаббар аттуу кишини кармап алышат. Аны Пайгамбарга САВ алып келгенде Пайгамбар САВ исламга үгүттөйт, ошентип Жаббар исламды кабыл кылып, аны Билалга кошуп берет да Жаббар душманга карай жол көрсөтүү үчүн мусулмандарга жол көрсөтүүчү болуп берет.

Мадина жоокерлерин келатканын уккан душман тоолордун башына качып чыгып кетишет. Ал эми Пайгамбар САВ жоокерлери менен душмандын Зуу Амру деген чогулуу жайына келип, бедуиндер мусулмандардын күч-кудуретин сезип коркуу сезим пайда кылуу үчүн сафар айы бою –

хижрийдин 3 жылы – же бир айга жакын ошол жерде калат. Ошол жерде бир айча калгандан соң Мадинага кайтып кетишет.

## *Кааб ибну Ашрафты өлтүрүү:*

Кааб ибну Ашраф мусулмандарга эң катуу душман, Пайгамбарга САВ да эң чоң азарларды көрсөткөн, исламга каршы ачык согушууну айтып жүргөн жөөт болчу.

Ал Набхан уруусунан чыккан Тай уруусунан болгон. Анын апасы Надир уруусунан болчу. Бул жөөт бай, жыргал жашоодо жашаган, араптардын арасында сулуу келбети менен жана төкмөлүгү менен таанылган инсан эле. Булардын жашаган жери жана чеби Мадинанын түштүк чыгыш жагында Надир уруусунун арт жагында жайгашкан.

Кааб мусулмандар бадр согушунда жеңишке жетип Курайштын чоң-чоң зөөкүрлөрү өлтүрүлүптүр деген кабарды уккандан кийин мындай деди: 2Ушундай да болобу? Тигилер (Курайш) араптардын эң кадыр-барктуу адамдары жана бийлери болсо. Эгер Мухаммед аларды жеңген болсо, анда жер үстүндө жүргөнүмдөн көрө жер астына киргеним жакшыраак”.

Аллахтын душманы Кааб ушул кабарды уккандан соң Пайгамбар САВ менен сахабаларга каршы ар түрдүү төкмөлөрдү айтып, Курайшты мусулмандарга каршы кайрап мушриктерди мактаган төкмөлүгүн жасап жатты. Ушуну менен эле токтоп калбастан ал Курайш элине барып Муталип ибну Абувадаа Сахмийдин үйүнө жайгашты да бадр согушундагы чуңкурга ыргытылган мушриктердин өлгөндөрүнө төкмөлөрдү төгүп ыйлап, аларды Пайгамбарга САВ каршы кайрап, согушууга чакырып жатты. Ошентип Кааб Меккеде жүргөн кезинде Абусуфян менен мушриктер андан: Сага биздин динибиз жакшыбы же Мухаммед менен жолдошторунун дини жакшыбы? Кимибиздин динибиз туура?

Деп сурап калышты. Кааб: Силердики алардыкынан туура жана жакшы, деп жооп берди. Ушул тууралуу Аллах Таала аят түшүрдү:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ أُوتُواْ نَصِيبًا مِّنَ الْكِتَابِ يُؤْمِنُونَ بِالْجِبْتِ وَالطَّاغُوتِ
وَيَقُولُونَ لِلَّذِينَ كَفَرُواْ هَؤُلاء أَهْدَى مِنَ الَّذِينَ آمَنُواْ سَبِيلاً {النساء/51}

***"Сен Китептин бөлүгү берилгендердин «Жибт» менен «Тагутка» (Курайш мушриктерине таандык эки буттун аты) ишенгендерге жана каапырларга: Ыйман келтиргендердин жолунан силердин жолуңар туура дешкендигин көрбөйсүңбү?".*** (Ниса, 51)

Андан соң Кааб Мадинага кайтты да сахабалардын аялдарына карата ар түрдүү жаман төкмө сөздөрүн айтып, заар тили менен аларга катуу азар бере баштады.

Ошондо Пайгамбар САВ мындай деди: "**Ким Кааб ибну Ашрафты жок кылат? Анткени ал Аллахка жана Анын элчисине каршы жаман сөздөрдү айтууда".** Сахабалардын ичинен ошол замат Мухаммед ибну Маслама, Аббаад ибну Бишир, Абунааила - өз аты Салкан ибну Салаама, бул сахаба Каабтын эмчектеш бир тууганы – Хаарис ибну Аус жана Абуабас ибну Хабр суурулуп чыкты. Ошенти бул топко башчы болуп Мухаммед ибну Маслама дайындалды.

Каабтын өлүмү тууралуу келген риваяттарга караганда Пайгамбар САВ: "**Ким Кааб ибну Ашрафты жок кылат? Анткени ал Аллахка жана Анын элчисине каршы жаман сөздөрдү айтууда"-** деп сурап калганда Мухаммед ибну Маслама ордунан дароо туруп: "Оо, Аллахтын элчиси мен жок кылам, аны өлтүрүп салуу керекпи?" -деп сураганда Пайгамбар САВ: "**Ооба"-** деп жооп берди. Мухаммед ибну Маслама: "Уруксаат берсеңиз (аны алдап сиз тууралуу) бир сөз айтайын". Пайгамбар САВ: "**Айт!"-** деди.

Ошондо Мухаммед ибну Маслама Каабка келип: "Бул инсан (Пайгамбар САВ) бизден садака берүүнү сурап жатат, чындыгында ал бизди тажатып жиберди".

Кааб: «Аллахка ант, андан тажайсыңар».

Мухаммед ибну Маслама: «Чындыгында биз анын артынан ээрчидик эле, ошондуктан анын аракети кайсыл жерге жетээр экен? Ошого чейин ээрчий берeличи. Ошого биз сенден бир же эки васак курма карыз берип тур деп келдик эле”. (Бир васак курма 150 килограмдай болот)

Кааб: “Макул, мага эмнени күрөөгө койосуңар”.

Мухаммед ибну Маслама: “Эмнени берүүбүздү каалайсың?”

Кааб: “Аялыңарды күрөөгө койгула”.

Мухаммед ибну Маслама: “Кантип аялыбызды күрөөгө беребиз, сен араптардан да эң сулуу болсоң?”

Кааб: “Анда балдарыңарды күрөөгө койгула”.

Мухаммед ибну Маслама: “Кантип балдарыбызды күрөөгө беребиз, башкалар бизге бир же эки васак үчүн балдарын күрөөгө коюшабы?” -деп бизди жемелешет. Бул биз үчүн уят, бирок куралдарды күрөөгө койобуз”- деп айтты.

Ошентип экөө макулдашып бир убакытта жолугушмай болду.

Абунааила да келип Мухаммед ибну Масламадай кылып Кааб менен сүйлөштү. Ал Каабка келип аны менен бирге бир азга төкмө ыр айтты да мындай деди: Ээ куруп кеткир десе, Оо, Кааб! Деги мен сага бир муктаждык менен келген элемго, аны эч кимге айтпагын.

Кааб: «Макул”- деп жооп берди.

Абунааила: “Деги бул инсандын (Пайгамбардын САВ) келүүсү биз үчүн бир балээ болду. Араптарды бизге душман кылып салды, баары биригип бизге каршы болуп калды. Жашоо турмушубузду оорлоштуруп бала-бакыра багуу да кыйындашып, өзүбүз да үй-бүлөбүз да ачка калдык”. Ошентип Абунааила да Мухаммед ибну Масламадай кылып бир азга сүйлөштү да мындай деди: “Мени менен кошо менин пикиримди колдогон бир канча кишилер бар. Ошолорду да

сага көрсөтөйүн дедим эле, аларга да мага бергендей кылып берип бир жакшылык кылып кой”.

Ошентип Мухаммед ибну Маслама да Абунааила да Кааб менен сүйлөшүп максаттарына жетүү үчүн аны макул кылышты. Албетте ушундай сүйлөшүүдөн кийин Кааб курал-жарактарды алууга жана ал экөөнүн жолдошторун көрүүгө макул болбой коймок эмес.

Күндөрдүн биринде ай толуп аябай жарык болуп турган кечеде - хижрийдин 3-жылы, рабиул-аввалдын он төртүнчү кечесинде - жогоруда айтылган топ Пайгамбардын САВ алдына ишти орундатуу үчүн топтолушту. Буларды Пайгамбар САВ өзү Бакиул-гаркадка чейин узатып барды да: “**Аллахтын ысымы менен жөнөгүлө, Аллахым! Буларга өзүң жардам бер!”-** деп батасын берип узатып, анан үйүнө кайтты да Аллахка намаз окуп дуба кыла баштады.

Чогулган топ Кааб ибну Ашрафтын чебине келишти да Абунааила Каабты акырын чакырды эле, Кааб алардын алдына түшүү үчүн камданып калганда анын аялы – ошол кезде аны менен жаңы үйлөнгөн эле: “Караңгыда кайда баратасың? Бул чыккан үндөн кандын жыты келаткандай сезилип жатат”- деп айтып калды.

Кааб: «Булар менин тууганым Мухаммед ибну Маслама менен эмчектеш бир тууганым Абунааила. Жоомарт адамды өлүмгө чакырса да чыгат”-деп жооп берди да алардын алдына чыгып кетти. Ошол кезде Кааб жыпар жыттуу атырдан себинип, башы да атыр жыттанып турган эле.

Каабка келээрден алдың Абунааила жолдошторуна: Анын алдына келгенимде башын кармап жыттаймын, башынан бекем кармаганымда баарыңар аны өлтүрүп салгыла, деп айткан болчу. Ошентип Кааб алардын алдына келип бир азга сүйлөшүп туруп калышты. Абунааила: “Оо, Кааб! Биз менен бир аз басып Ажуздун жерине барып сейилдеп келбейлиби? Калган кечебизди да башка сөздөр менен сүйлөшүп өткөрөлү”. Кааб: “Кааласаңар баралы, макул”- деп

жооп берди. Ошентип баары ошол жакты карай басып баратышты. Жолдо келатып Абунааила: “Ушундай жыпар жыттуу кечти көрбөдүм эле”, Абунааиланын сөзүн уккан Кааб сүйүнүп кетти да: “Менде арап аялдарынын эң жыпар жыттуу атыры бар”- дегенде Абунааила: “Уруксаат берсең башыңдан ошол жытты жыттап көрсөк болобу?” Кааб: “Макул”- деп жооп берди да Абунааила анын башынан кармап атырды жыттады, жолдоштору да Каабтын башынан жытташты.

Дагы бир аз басышкандан кийин кайрадан Абунааила: “Дагы бир жыттайынчы?” -деди эле Кааб: “Макул”- деп жооп берди, Абунааила кайрадан ошондой кылып анын башынан жыттады эле Каабтын көңүлү бей капар болуп калды.

Дагы бир азга жүрүшкөндөн кийин кайрадан Абунааила: “Дагы бир жыттайынчы?” -деди эле Кааб: “Макул”- деп жооп берди, ошондо Абунааила Каабтын башынан бекем кармады да: “Кыймылдаба оо, Аллахтын душманы”- деп айтты эле дароо жолдоштору кылычтарын алып аны сайгылап салышты, бирок Кааб өлбөй калды. Ошол замат Мухаммед ибну Маслама учталган темирин алып Каабтын көкүрөгүнө сайды да киндигинен ылдый жарып жиберди. Ошондо гана Кааб жерге сулк жыгылып өлдү. Каабка кол салышканда ал ушундай катуу бакырган эле, айланадагылардын баары угуп коркондорунан чептин үстүнө от жагып жиберишти.

Тапшырманы аткарган топ артка кайтып жөнөп кетишти. Бирок тапшырманы аткарып жаткан кезде Хаарис ибну Ауска жолдошторунун кылычы кокусунан тийип кетип, денеси бир аз жаракат алып калган болчу. Бул топ Хуррата-Аридге жеткен кезде бир-бирин карашса Хаарис араларында жок, аны бир азга күтүп турушту эле ал жолдошторунун артынан жетип келди. Анан аны жолдоштору көтөрүп алып жөнөп кетишти. Ошентип алар Бакиу-гаркадка жеткен кезде Аллахты улуктап такбир айтышты. Пайгамбар САВ булардын үнүн угуп Каабтын өлгөндүгүн сезди да Пайгамбар САВ да Аллахты улуктап такбир айтты. Бул кичинекей топ Пайгамбардын САВ

алдына жетип келгенде Пайгамбар САВ: “**Булардын жүзү жеңишке жетти”-**дегенде, кичинекей топ: “Оо, Аллахтын элчиси! Сиздин жүзүңүз да жеңишке жетти”- дешип зөөкүр Каабтын башын Пайгамбардын САВ алдына ыргытышты. Пайгамбар САВ Каабтын жок болгонуна Аллахка мактоолорду айтып, Хааристин жараатына дем салып койду эле жарааты ошол замат айыгып кетти да андан кийин ал эч жараат алган жок.

Жөөттөр зөөкүр Кааб ибну Ашрафтын өлтүрүлгөнүн билип, катуу коркуп калышты. Келишимдерди урматтабагандарга, эл арасында тынчсызданууну жараткандарга, элдин бейпилчилиги менен ойношкондорго жакшы кеңеш айтса да пайда бербегенден кийин Пайгамбар САВ күч колдонбой эле ушундай кылып жазалап койоорун толук түшүнүштү. Каабтын өлүмүнөн кийин булар жөн гана тим болуп калбастан, үндөрү өчүп, келишимди толук аткарып, баш ийип, чоң кобралары уяларына кирип жашынып калышты.

Пайгамбар САВ Мадинанын сыртындагы ар түрдүү коркунучтар менен беттешүүгө даяр болуу үчүн, ички тынчсыздануулардуы ушул сыяктуу жол менен токтотту. Ошентип мусулмандар Мадинанын ичиндеги жыты келип жаткан ар түрдүү жамандыктарды ушундай кылып кыйла жеңилдетишти.

## *Бахран жортуулу*

Бул жортуул эң чоң жортуулдардын бири болуп жоокерлердин саны үч жүзгө жеткен. Жортуулду Пайгамбар САВ өзү жетектеп хижрийдин 3-жылында рабийул-аахир айында Бахран деген жерге – Хижаз жергесинин башталышы – барып турган. Бахранда рабийул-аахир айы жана кийинки ай жумадил-уулага чейин калып андан соң Мадинага кайтып келди. Бирок бул жортуулда уруш болгон жок.

## *Зейт ибну Хаарисанын чабуулу*

Бул чалгындоо ухуд согушунан алдыӊ болуп, мусулмандардын эӊ ийгиликтүү чабуулдарынын бири, хижрийдин 3-жылы жумадил-аахир айында болгон.

Чабуулдун башталуусунун себеби Курайш эли бадр согушунан кийин араларында тынчсыздануу коркуу пайда болду. Ошентип жай мезгили да келип калып Шамга бара турган кербендин убагы да жакындап калган болчу, ошондо Курайш ушул маселе тууралуу түйшүккө түшө баштады.

Курайш бул жылы Шамга бара турган кербендин башчысы кылып Сафван ибну Умаяны дайындаган болчу. Кербендин убагы жакындап калган кезде Сафван ибну Умая элге кайрылып ушундай деди: Мухаммед менен жолдоштору кербенибиз бара тураган жолдун баарын тосуп алды, деӊиз жээги да тынч эмес. Деӊиз жээгинде жашагандардын көпчүлүгү да аны менен бирге. Эми кайсыл жол менен барабыз билбейм. Эгер кербенге чыкпай үйдө олтура берсек анда соодага топтогон акчаларыбызды жеп алып эч нерсебиз калбай калат. Меккедеги жашообуз жайында Шамга кышында Эфиопияга соода кылуу менен байланышкан.

Курайш башчылары ушул темада кыйла сүйлөшүп акыры Асвад ибну Абдулмуталип Сафванга: "Деӊиз жээгине карап жүрбөй багытты өзгөртүп Ирак тарапты карай жүр"- деп айтты. Анткени Шамга Ирак менен жүрүү үчүн Нажд жерин басып, өтө узак жолду басып өтүү керек болчу. Мадинанын чыгыш жагынан өтүп ал жол Мадинадан өтө узактыкта жайгашкан эле. Тилеке каршы Курайштыктар бул жолду такыр билишчү эмес. Ошондо Асвад ибну Абдулмуталип Сафванга Бакр уруусунан болгон Фураат ибну Хаянды кербенге жол көрсөтүүчү кылып алуусун сунуштады.

Ошентип Сафван ибну Умаянын кол астында Курайштын кербени жаӊы жол менен Шамга карай жолго чыкты. Бирок кербендин жаӊы жол менен чыгууга камданып жаткан кабары

Мадинага жетип барган болчу. Анын себеби Салит ибну Нуьман – ошол кезде ал мусулман болчу – арак ичүү зыйнатына Наим ибну Масьуд Ашжаьий менен чогулуп арак ичишти - ошол кезде арак ичүүгө ислам тыюу сала элек болчу. Наим ибну Масьуд да исламга кире элек кези эле - Наим аракты аябай ичип катуу мас болуп калып кербендин кайсыл жол менен баруута камданып жатканын Салитке айтып салат. Ошондо Салит дароо Пайгамбарга САВ барып бул тууралуу айтып берет.

Кабарды угуп Пайгамбар САВ кербенге каршы жүз атчанды даярдады. Бул жоокерлерге башчы кылып Зейт ибну Хаариса Калбийди дайындап жолго салды. Курайштын кербени жолго чыгып Нажд жеринде баратып, Гурра өтмөгүнүн жанынан өтүп бараткан кезде Гаттадагы Карда суусунан ичүү үчүн токтошот. Кербен ошол жерде турган кезинде Зейт кербенге жетип келип чабуул жасап кербенди толугу менен басып алат. Сафван менен шериктери буларга эч кандай каршылык көрсөтө албай жандарын араң куткарып качып кетти.

Мусулмандар кербендин жол көрсөтүүчүсү Фураат ибну Хаянды туткунга түшүрүп алышты. Башка риваятта дагы эки кишини да туткунга түшүргөн деп келет. Кербен алып бараткан өтө чоң көлөмдөгү ар түрдүү идиш аяктарды жана күмүштөрдү олжо кылып Мадинага алып келишет. Пайгамбар САВ олжонун бештен бирин мусулмандардын казынасына алгандан кийин калганын ошол жоокерлерге бөлүштүрүп берет. Ал эми Фураат ибун Хаян Пайгамбардын САВ колунан исламга кирет.

Курайш бадр согушунан кийин, кербенин алдырып эң чоң жоготууга учурап аябай кыйын акыбалда калды. Коркуусуна коркуу кошулуп, аябай тынчсызданып кайгы капага түштү. Эми алдыда булардын эки гана жолу калды, текебердигин зөөкүрдүгүн токтотуп, мусулмандар менен келишим түзүп, алардын алдында кичи пейил булуусу керек,

же болбосом мурунку зөөкүрдүк менменсинген абалына кайтуу үчүн сага да мага да басып алуу жок деп, мусулмандарга каршы чоң согуш жарыялоосу керек. Тилекке каршы Меккеликтер экинчи жолду тандашты. Өч алуу керек деп айткандарынан кайтпай, мусулмандардын жерине барып жок кылуу үчүн чоң аскерий күч даярдап согушмай болду. Жогорудагы нерселер себеп болуп ухуд согушуна даярдык көрүү башталды.

# *Ухуд согушу*

## *Өч алууга Курайштын согушка даярдык көрүүсү:*

Меккеликтер бадр согушунда мусулмандарга жеңилип калып, ошол согушта кадыр-барктуулары жана башка бир канча чоң инсандары өлүп жок болгондугунан өч алуу үчүн ич ара козголуу пайда боло баштаган эле. Жада калса бадр согушунда өлгөндөрүнө ыйлоону тыюу салып, Курайш мындай жоготууга даяр экендигин мусулмандарга билдирүү катары туткунга түшкөндөрүн алып келүүгө да шаштырбады.

Бадр согушунан кийин Курайш ичиндеги өрттү өчүрүп, жараатын түзөш үчүн мусулмандарга каршы чоң согуш жарыялоо керектигине макулдук берген болчу. Ошондуктан согушуу үчүн катуу даярдык көрө баштады.

Курайш башчыларынын арасынан Икрима ибну Абужахл, Сафван ибну Умая, Абусуфян ибну Харб жана Абдулла ибну Рабиялар согушка шыктанып катуу бел байлашкан болчу.

Согушка даяргерлик көрүү үчүн эң алгач булар Абусуфян куткарып калган кербенди эч жакка жибербей кармап калган болчу. Бул кербен бадр согушунун башталуусуна да себеп болгон эле. Кербенде кимдин товары болсо ага ушундай дешти: «Оо, Курайш эли! Мухаммед бизге каршы ишти күчөтүп жиберди жана эң жакшы кишилерибизди өлтүрдү.

Ошондуктан ага каршы согушуу үчүн бул мал-мүлкүңөр менен бизге жардам бергиле. Балким ошондо аны жеңип өчүбүздү алаарбыз”. Кербендин ээлери булардын айткандарына макулдугун берип, мал-мүлкүн согушка даяргерлик көрүү үчүн сатышты. Натыйжада миң төө жана элүү миң динар жыйылды. Ошондо бул тууралуу Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمْوَالَهُمْ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ اللّهِ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ {الأنفال/36}

***“Акыйкатта, каапырлар өздөрүнүн мал-мүлкүн адамдарды Аллахтын жолунан тосуу үчүн жумшашат жана сарпташат. Анан анысы өкүнүчкө айланып, андан соң алар жеңилүүгө дуушар болушат”.*** (Анфал, 36)

Бул иш чара ийгилике жеткенден кийин, мусулмандарга каршы согушууга Хабашиттерден, Кинаана жана Тухаама урууларынан ким кааласа салымын кошсун деп, аларды ар түрдүү жолдор менен согушка кызыктырып мал-мүл жыйнашты. Жада калса Сафван ибну Умая бадр согушунда туткунга түшүп койо берилген төкмөчү Абуиззаны да азгырып, башка арап урууларына барып аларды мусулмандарга каршы согушка үндөгөн төкмө ырларын айттырды. Себеби Абуизза туткунга түшкөндө Пайгамбар САВ ага боору ооруп андан эч кандай кун албастан, бирок мусулмандарга каршы эч нерсе айтпоо убадасын алып коюп жиберген болчу. Абуиззага Сафван согуштан тирүү кайткан болсом чоң чоң сыйлыктарды беремин деген убадаларды кылды, же болбосом кыздарымды сага тапшырам деди. Ошентип Абуизза араптардын башка урууларын мусулмандарга каршы кайроо үчүн ар түрдүү төкмөлүгүн айтты. Ошондой эле булар Масаафи ибну Абдуманнаф Жумахий аттуу башка төкмөчүнү да ушул ишке дайындашты.

Абусуфян савик жортуулунан эч кандай майнапсыз кайтканына кыжыры кайнап , тескерисинче чоң көлөмдөгү дан

тамагын ошол жортуулда жоготконуна да өкүнүп, мусулмандарга каршы согушууга катуу бел байлаган адамдардын бири болду.

Зейт ибну Хаарисанын жортуулу Курайштын кыжырын ого бетер кайнатып, майга от чачып, аны ого бетер жалындатып Курайштын экономикасына катуу сокку урду. Ошондо Курайшты көтөрө алгыс кайгы капа каптап, мусулмандарды же ары же бери кылуу үчүн согушка тездик менен катуу даярдык көрө баштады.

## *Курайш жоокерлеринин саны жана анын башчылары:*

Арадан бир жыл өткөндөн кийин Курайш согушка толук даяр болду. Курайштан, анын союздаштарынан жана Хабашиттерден болуп жоокерлердин жалпы саны үч миңге жетти. Ал эми Курайштын жоокер башчылары жан аябай күрөшүп, өздөрүн көрсөтүп, ар-намыстарына тийбөө үчүн аялдарын да алып алды. Аялдардын саны он беш болчу.

Курал жана азык-түлүктөрдү көтөргөн төөнүн саны үч миң болду. Ал эми аттардын саны эки жүзгө жетип, аттарды аяп жол катары минбей кетишти. Коргонуу жоокердин саны жети жүз соотчон болду.

Жоокердин жалпы башкаруусун Абусуфян ибну Харб алды. Атчандарды башкарууну Халид ибну Валид алып ага Икрима ибну Абужахл жардамчы болду. Ал эми желекти көтөрүү Абдудаар уруусуна тийди.

## *Мекке жоокерлери жөнөп кетти:*

Согушка толук кандуу даярдык көргөндөн кийн Мекке жоокерлери Мадинаны көздөй жолго чыкты. Эски жарааттары али айыга элек, ичи толо каар, жүрөктөрүндө оттор алоолонуп,

ушул кандуу салгылашууда жүрөктөгү жараатты айыктыраар бекен деген үмүт менен жөнөп кетишти.

## *Пайгамбардын САВ кабарчылары душмандын аракетин билип калды:*

Аббас ибну Абдулмуталип Курайштын кыйымыл аракетине көз салып, аскерий даярдык көрүп жаткандыгын байкап турган болчу. Аскер жолго чыккан кезде ал аскер тууралуу толук кабарды жазып Пайгамбарга САВ бат билдирүү үчүн чабарман жөнөттү.

Аббастын чабарманы катты тез арада жеткизүү үчүн жолго чыкты. Кабарды батыраак жеткизүү үчүн ал ушундай катуу жүрүп – Мекке менен Мадинанын аралыгы беш жүз кило метрдей болгон аралыкты – үч күн дегенде эле басып өттү. Мадинага жетип барып Пайгамбар САВ Куба мечитинде турган жеринде катты анын колуна тапшырды.

Катты Пайгамбарга САВ Убай ибну Кааб окуп берди. Анан Пайгамбар САВ бул кабарды азырынча ачыка чыгарбай жашырып турууну буйруду да дароо Мадинага келип мухажирин жана ансарлардын башчылары менен бул тууралуу кеңешүү өткөздү.

## *Мусулмандардын өзгөчө кырдаалга даярдык көрүүсү:*

Ошентип Мадинаны тынчсызданув каптап, кишилери куралдан айрылбай калышты. Жада калса намазда да этияттыкка даяр болуу үчүн куралды чечпей окуп жатышты.

Ансарлардын кээ бир кишилери алардын ичинен Саьд ибну Муаз, Усайд ибну Худайр жана Саьд ибну Убаада аттуу азаматтары Пайгамбардын САВ эшигинин алдында куралдары менен аны кооруп жатышты.

Кокусунан чабуул жасалып кетпесин деп Мадинанын да кире бериш жерлерин мусулмандардын кээ бири топ топ болуп кооруп жүрүштү.

Мусулмандарга чабуул жасоого мушриктер кайсыл жол менен кирүүсү мүмкүн деп, кээ бир мусулмандар ар кандай жолдорго барып, ошол жолдорду катуу көзөмөлгө алып жатышты.

## *Мекке жоокерлери Мадинага жакындап калды:*

Мекке жоокерлери Мадинага барган батыш жактагы чоң жол менен жөнөп жолун улады. Абвага жеткен кезде Абусуфяндын аялы Хинд бинту Утба Пайгамбардын САВ энесинин мүрзөсүн казалы деп сунуштап калды. Бирок бул сунушка жоокер башчылары макул болгон жок. Себеби муну ачсак жаман натыйжа алып келип, өздөрүнө бир чоң зыян жетип калуу коркунучу бар деп эскертишти.

Андан соң жоокерлер жолун улап Мадинага жакындап калды. Акик адырын ашып өтүп, оң жакты карай бурулуп, Ухуд тоосуна жакын жайгашкан Субха дөңсөөнүн ылдый жагындагы – Мадинанын түндүк жагы - Айнайн деген жерге келип жайгашты. Ошол күн хижрийдин үчүнчү жылы, шаввал айынын алтынчысы, жума күн болчу.

## *Коргонуу үчүн мусулмандар кеңешүү жыйын өткөздү:*

Мадина кабарчылары Мекке жоокерлеринин ар бир кыймылын жеткизип турду. Эң акыркы кабар Мекке жоокерлери келип жайгашкандыгын жеткизди. Ошондо Пайгамбар САВ аскерий чоң жыйын өткөзүп, кандай кылуу керектигин башкалар менен пикир бөлүштү. Анан түш көргөндүгүн айтып, ал түшүн мындай деп айтып берди: “**Аллахка ант, чындыгында мен жакшы түш көрдүм. Бир уйдун союлганын көрдүм, кылычымдын мизин мокогонун көрдүм жана бекем**

**калканга эки колумду жашырганымды көрдүм".** Уйдун союлганын кээ бир сахабалары өлтүрүлөт деп жооруду. Кылычынын мокогонун үй-бүлөсүнөн бирөөсү өлтүрүлөт деп жооруду. Калканды Мадина деп жооруду.

Анан Пайгамбар САВ сахабаларына Мадинанын ичинде андан чыкпай коргонуу керек деген көз карашын айтты. Эгер мушриктер турган жеринен козголуп Мадинага кол салышса анда мусулмандар Мадинанын эшигинде болгон күчү менен катуу салгылашып, аялдар үйлөрдүн үстүнөн жардам кылуу керек деген көз караш айтылды. Бул көз карашка мунафыктардын башчысы Абдулла ибну Убай макул болду. Анткени ал ошол чогулушка хызраж уруусунун башчылары катары катышкан болчу. Анын бул көз карашка макул болуусу стратегиялык тараптан ушундай кылуу туура деген максатта кылган жок. Өзүнүн оюн эч ким билбес үчүн согушпай коюу максатында гана жасаган болчу. Бирок бул мунафык менен жолдошторунун максатын Аллах Таала мусулмандардын алдында шерменде кылууну каалады. Кудуреттүү Кудай булардын ичинде жашырып жүргөн каапырлык мунафыктыгын билдирип, мусулмандар эң оор абалда турган кезде ушул сыяктуу уулуу жыландардын мусулмандардын арасында жашынып жүргөндүгүн ачыка чыгарууну каалаган болчу.

Бадр согушунда чыга албай калган кээ бир нарктуу барктуу сахабалар ошол замат Пайгамбарга САВ келип согушка чыгуу керктигин айтып, жада калса согушуу азыр зарыл деди. Алардын ичинен кээ бири: Оо, Аллахтын элчиси! Биз ушундай күндүн келүүсүн каалап Аллахка дуба кылып жаткан элек, эми буларды Аллах өзү бизге алып келип олтурат. Бизди коркок деп ойлоп калбас үчүн душманга чыгалы, деген сөздү айтты.

Согушка чыгабыз деп бекем туруп аракет кылып жаткан кишилердин эң алдында Пайгамбардын САВ байкеси Хамза ибну Абдулмуталип турган. Хамза Пайгамбарга САВ: "Сага Китепти (Куранды) түшүргөн Аллахка ант ичип айтам, кылычым

менен Мадинанын сыртында булар менен урушмайын оозума тамак албаймын”- деген касам сөзүн айтты.

Пайгамбар САВ көпчүлүктүн көз карашын алып өзүнүн көз карашын токтотту да, душман менен беттешүү үчүн Мадинанын сыртына чыгып согуш майданында согушууга өкүм берди.

## *Мусуман жоокерлерин катарга тизүү жана согуш майданына чыгуу:*

Жоого чыгуудан алдың Пайгамбар САВ элдерге жума намазын окутуп аларды олуттуу жана аракетчил болууга чакырып, эгер сабырдуу болушса жеңишке жетээрин айтты да душманга каршы даярдык көргүлө деген буйругун берди, бул сөздү инсандар кубануу менен кабыл кылышты.

Андан соң Пайгамбар САВ элдерге аср намазын окутту, ошол кезде элдердин баары согушка даяр болуп келип калышкан эле. Намаздан соң Пайгамбар САВ эки жолдошу Абубакир жана Умар менен үйүнө кирип, ал экөө Пайгамбарга САВ селдесин ороп кийгизди, Пайгамбар САВ согуш кийимин кийип эки кабат соот кийди да кылычын асынып элдерге чыкты. Ошол кезде элдер Пайгамбардын САВ чыгуусун күтүп турушкан эле. Пайгамбар САВ чыга электе Саьд ибну Муаз менен Усайд ибну Худайр элдерге: «Пайгамбарды САВ согушка чыгууга мажбурлап салдыңар, эмне кылышты анын өзүнө тим койсоңор болмок»-деп айтканда баары кылган ишине өкүнүштү. Ошентип Пайгамбар САВ элдин алдына чыкканда элдер: «Оо, Аллахтын элчиси! биз сиздин пикириңизге каршы чыкпашыбыз керек эле, сиз өзүңүз каалаганыңызды кылыңыз, эгер Мадинада калууну каалаexisting саңыз калыңыз”- деп айтышканда Пайгамбар САВ: «**Пайгамбар үммөтү үчүн кийимин кийгенде** (согуш кийимин) **Аллах аны менен душмандын ортосун бир тараптуу чечмейин аны (согуш кийимин) чечпейт»-**деген жоопту айтты.

Пайгамбар САВ жоокерлерин үч отрядка бөлдү:

1- Мухажириндер отряды, анын желегин Мусьаб ибну Умайр Абдарийге берди.
2- Ансарлардан Аус отряды, анын желегин Усайд ибну Худайрга берди.
3- Ансарлардан Хызраж отряды, анын желегин Хаббаб ибну Мунзирге берди.

Ошентип жалпы жоокердин саны миңге жетти, алардын ичинен жүз соотчон, элүү атчан болду, кээ бир кабарда бир да атчан болгон эмес деп келет. Пайгамбар САВ Мадинага башчы кылып жана андагы калгандарга намаз окутуу үчүн Ибну Уммумактумду калтырды да жоокерлерди алдыга карай жылууга уруксаат берди.

Вадаа дөңсөөсүнөн өткөндөн кийин мусулман жоокерлеринен тышкары жакшы куралданган бир отряд жоокерди көрдү, анан Пайгамбар САВ алардын ким экендигин сурады эле хызраж уруусунун союздаштары болгон жөөттөр болуп чыкты. Бул жөөттөр мусулмандарга жардам берүү иретинде мушриктерге каршы согушка келишкендигин айтты, анан Пайгамбар САВ: “**Булар исламды кабыл кылышканбы?**” -деп сурап калды эле, жок деп жооп беришти. Ошондо Пайгамбар САВ мушрикетерге каршы күрөшүүдө каапырлардын жардамын алууну четке какты да аларды кайтарып жиберди.

## ***Жоокерлерди көздөн өткөзүү:***

Жоокерлер «Шейхан» деген жерге жеткенде Пайгамбар САВ жоокерлерин бир сыйра көздөн өткөзүп согушка даяр боло элек жашы кичинелерди артка кайтарды. Алардын арасынан Абдулла ибну Умар ибну Хаттаб, Усаама ибну Зейт, Усайд ибну Зухайр, Зейт ибну Саабит, Зейт ибну Аркам, Урааба ибну Аус, Амру ибну Хазм, Абусаид Алхудрий, Зейт ибну Хаариса Ансарий, Саьд ибну Хабба жана булар менен

кошо Бараа ибну Аазиб. Бирок Бухарий риваят кылган окуяда Бараа ибну Аазиб бул согушка катышкан деп келет.

Пайгамбар САВ Раафиь ибну Хадич менен Самра ибну Жундубка кичине болгонуна карабай согушка уруксаат берди. Анткени Раафиь ибну Хадич жааны аябай жакшы атчу, ошондуктан ага уруксаат берди. Ошондо Самра: Мен Раафиьден күчтүүмүн, аны күрөштөн жыгып койом, дегенде бул кабарды Пайгамбарга САВ айтышты, Пайгамбар САВ экөөнү күрөштүрүп көрдү эле, Самра Раафиьтти жыгып койду, анан Самрага уруксаат берди.

## *Ухуд менен Мадинанын ортосунда түнөө:*

Ошол күнү күн кечтеп калды, шам намазын жана куптан намазын окугандан кийин ошол жерде түнөштү. Элүү кишини тандап алар түнү уктабай жоокерлерди кооруп жатышты. Бул элүү кишиге башчы болуп Кааб ибну Ашраф жортуулдун азаматы Мухаммед ибну Маслама Ансарий дайындалды. Ал эми Закван ибну Абдукайс Пайгамбарды САВ кооруп жатты.

## *Абдулла ибну Убай менен жолдошторунун козголоңу:*

Эртеси таң заарда жоокерлер алдыга карай жылып Шоотко жеткен кезде багымдат намазынын убагы кирди да ошол жерде намазды окушту. Ошондо душманга жакындап эки тарап бир бирини көрүп турушкан эле. Ошол кезде мунафык Абдулла ибну Убай мусулман жоокерлердин үчтөн бирин артка алып кетти – үч жүз жоокерди – анын себеби ал: «Биз эмне себептен өзүбүздү өзүбүз өлүмгө түртүп жатабыз билбейм?» -деп Пайгамбар САВ анын көз карашын таштап башканын көз карашын алгандыгын шылтоо кылды.

Бул мунафыктын каршы чыгуусу Пайгамбар САВ анын көз карашын колдободу деген себеп шылтоо болгон жок, эгер

андай болсо ал Пайгамбардын САВ жоокерлери менен ушул жерге чейин келмек эмес. Эгер ошол нерсе себеп болгондо анда ал тээ башынан эле согушка чыкпай келбей коймок. Анын эң негизги максаты – ушундай кыйын акыбалда – душмандын көз алдында мусулман жоокерлердин арасында баш аламандыкты жаратуу болгон. Ошондо гана жоокерлердин көпчүлүгү Пайгамбарды САВ таштап кетип калат да, Пайгамбар САВ менен калгандардын аскерий руханияты чөгүп, бул көрүнүштү көргөн душмандын аскерий руханияты көтөрүлүп күчүнө күч кошулат. Ошондо Пайгамбарды САВ жана ага ыклас кылгандарды жок кылуу оңой жана тез болот. Анан акыбал кайрадан жанданып башкаруучулук бул мунафык менен жолдошторунун колуна өтөт деген арам ойдо жасаган болчу.

Бул мунафык ойлогон максатына жетүүгө аз калды. Анткени булар менен кошо дагы эки топ – аус уруусунан чыккан хаариса уруусу жана хызраж уруусунан чыккан салма уруусу – бул мунафык менен артка кайтып кете жаздады. Бирок ушундай оор жагдайда бул эки топ артка чегинүүнү каалап турган кезде кудурети күчтүү Кудай Таала бул эки топтун кадамын бекем кылып алып калды. Анан бул эки топ жөнүндө ушул аятты түшүрдү:

إِذْ هَمَّت طَّآئِفَتَانِ مِنكُمْ أَن تَفْشَلاَ وَاللّهُ وَلِيُّهُمَا وَعَلَى اللّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ {آل عمران/122}

***“Ошол учурда силерден эки топ кайратынан тайа түштү. Аллах ал экөөсүнүн жардамчысы. Момундар Аллахка гана тобокел кылышсын!”.*** (Аали Имран, 122)

Жаабир ибну Абдулланын атасы Абдулла ибну Харам бул мунафыктарды артка кайтаруу үчүн катуу аракетин жасап, аларга ушундай кыйын абалда өз вазыйпасын аткарууну эскертип, алардын артынан ээрчип артка кайтарууну каалап мындай деди: “Келгиле Аллах жолунда урушкула же болбосо өзүңөрдү коргогула!” Ошондо мунафыктар: “Эгер согуш

болоорун билгенде анда артка кайтмак эмеспиз, бирок согуш болбойт”- деген жоопту айтышты. Үмүтү үзүлгөн Абдулла ибну Харам аларга: Аллах өзү силерди жок кылсын, Аллахтын душмандары, силерсиз эле Кудай Таала өз Пайгамбарын сактап алат, деген сөзүн айтып артка кайтты.

Бул мунафыктар тууралуу Аллах Таала ушул аятын түшүрдү:

وَلْيَعْلَمَ الَّذِينَ نَافَقُواْ وَقِيلَ لَهُمْ تَعَالَوْاْ قَاتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ أَوِ ادْفَعُواْ قَالُواْ لَوْ نَعْلَمُ قِتَالاً لاَّتَّبَعْنَاكُمْ هُمْ لِلْكُفْرِ يَوْمَئِذٍ أَقْرَبُ مِنْهُمْ لِلإِيمَانِ يَقُولُونَ بِأَفْوَاهِهِم مَّا لَيْسَ فِي قُلُوبِهِمْ وَاللّهُ أَعْلَمُ بِمَا يَكْتُمُونَ {آل عمران/167}

***“Ошондой эле (ал согуш) мунафыктарды билүү үчүн да (буйрулду). Аларга: Келгиле, Аллах жолунда согушкула жана коргонууга тургула! – деп айтылса, алар: Эгер согуш болоорун билсек силердин артыңардан ээрчийт элек! – дешти. Алар ал күнү ыйманга караганда каапырлыкка жакыныраак болчу. Алар жүрөктөрүндө болбогон нерсени ооздору менен айтышты. Аллах алардын жашырган нерселерин жакшы билет”.*** (Аали Имран, 167)

## *Калган жоокерлер ухудка карай жол алды:*

Жогорудагы козголоң болуп бир канча жоокерлер артка кайтып кеткенден соң, Пайгамбар САВ калган – жети жүз - жоокерлерди алып душман тарапты көздөй жолун улады. Мушрик жоокерлери жайгашкан жер менен мусулман жоокерлеринин арасын ухуд тоосу бөлүп турду. Пайгамбар САВ жоокерлерге карап: “**Ким бизге эч ким өтпөгөн кыска жолду таап ошол тарапка алып бара алат?”** -дегенде Абухайсама: “Оо, Аллахтын элчиси мен алып барам”- деп жооп берди. Анан ал мушрик жоокерлерин батыш тарапка калтырып кыска жолду тандап хаариса уруусунун бахра жеринен жана багынан өттү.

Ошентип мусулман жоокерлери ушул жол менен жүрүп Марба ибну Кайзийдин дубалынын жанынан өтүштү, бул инсан мунафык жана көзү сокур болчу. Марба ибну Кайзий жоокерлердин өтүп баратканын сезип калып колуна топурак алды да мусулмандардын жүзүнө чачып: Эгер Аллахтын элчиси болсоң сага менин дубалыма кирүүгө болбойт, деген сөздү айтты. Ошол замат жоокерлер аны өлтүрүп салууну каалады эле Пайгамбар САВ: “**Өлтүрбөгүлө, мунун жүрөгү сокур көзү да сокур”-** деп токтотуп койду.

Пайгамбар САВ жоокерлер менен келип ухуд тоосунун алдындагы адва дөңсөөнүн жанына жайгашты, ошондо Мадина алардын алды жагында ал эми ухуд тоосу арт жагында калды. Ошентип душмандын жоокерлерин мусулман жоокерлери менен Мадина бөлүп турду.

## *Коргонуу чарасын түзүү:*

Пайгамбар САВ жоокерлерин жайгаштырып катарга тизип согушка даярдады, андан соң жааны эң мыкты аткан элүү жаачыны тандап аларга башчы кылып Абдулла ибну Жубайр ибну Нууман Ансарий Аусий Бадрийди дайындады. Аларды тоонун түштүк жагында жайгашкан канаа дөңсөөсүнөн жылбай турууга буйрук берди - ал дөңсөө кийинчерээк жаачы дөңсөө деп аталып калган – дөңсөө мусулман жоокерлери жайгашкан жердин түштүк чыгыш жагында, алардан жүз элүү метрдей узактыкта болгон.

Жаачыларды ал жерге койуудан максат Пайгамбар САВ ошондогу аларга айткан сөзүнөн маалым болуп турат. Жаачылардын башчысына: “**Жебең менен бизди бул жерде атчандардан коoруп тур. Анткени артыбыздан келип калбасын. Эгер биз жеңсек да жеңилсек да ордуңдан жылбай бекем тур. Сенин кишилериңден бизге эч кимиси келбесин”** -деген сөзүн айтты да жаачыларга ушундай деди: “**Биздин артыбызды коoруп тургула, эгер жеңилип**

**баратсак бизге жардамга келбегиле, эгер жеңип олжолорду алып жатсак да келбегиле”.** Бухарийдин риваятында ушундай келет: “**Эгер биздин жеңип баратканыбызды көрсөңөр силерге киши жөнөтмөйүн ордуңардан жылбай бекем тургула, ал эми жеңилип баратканыбызды көрсөңөр да силерге киши жөнөтмөйүн ордуңардан жылбай бекем тургула”-**деген буйругун айтты.

Пайгамбар САВ ушул жаачы отрядды дайындашы менен мушриктердин атчандарынан мусулмандардын арт жагынан келип кала турган тек жолду тосту. Анткени жаачылар мушриктер арт жактан айланып мусулмандардын артынан курчоого албоо үчүн катуу көзөмөлдө болуусу үчүн ушундай кылды.

Ал эми калган жоокерлерди катарга тизип оң канатка Мунзир ибну Амруну дайындады. Сол канатка болсо Зубайр ибну Аваамды дайындап ага жардамчы кылып Микдад ибну Асвадды койду. Зубайрдын тапшырмасы Халид ибну Валид жетектеген мушрик атчандарын болгон күчү менен тосуп туруу. Ал эми жоокерлердин алдыңкы катарына мусулмандардын эң мыкты баатыр эр жүрөк миңге тете келген белгилүү азаматтарды койду.

Ушундай кылдаттык менен аскерди жайгаштыруу өтө так жана туура болду. Мындай кылып жайгаштырууда Пайгамбардын САВ согуш тактикасындагы көрөгөч акылмандуулугу байкалып турат – башка кандай гана аскер башчы болбосун мындай көрөгөчтүк жана кылдаттыкта аскерди жайгаштыра алмак эмес – Пайгамбар САВ майданга душмандан кийин келгени менен жердин да согушка эң ыңгайлуу жерин тандады. Анткени арт жана оң жагын тоо тосуп турду, ал эми сол капталын болсо – эгер согуш күчөп кете турган болсо – жаачылар турган дөңсөө менен тосту. Жоокерлер жайгашкан жерди да – эгер мусулмандар жеңилип баратса – чачыранды болуп качып кетпеш үчүн дөңсөө жерди тандады. Ошол мусулман жоокерлери жайгашкан жерди

душман каптап кире турган болсо мусулмандар алардын туткунуна түшпөй айланадагы тоого чыгып душманга ого бетер кыйынчылыкты жарата турган жер болчу. Ал эми душманга болсо Пайгамбар САВ эңкейиш жерди тандоого аргасыз кылды да душмандын жоокери ошол жерге жайгашты. Ошондо эгер душман жеңип баратса мусулмандарды кубуу үчүн кыйынчылык туулат, ал эми мусулмандар жеңип баратса анда душман качууга кыйын болуп мусулмандардын колуна оңой эле түшөт. Ошондой эле мусулман жоокерлеринин азайган санын толуктап, ордуна эр жүрөк согуш тактикасын жакшы билген көрүнүктүү баатырлар менен толуктады.

Ушундай кылып Пайгамбардын САВ жоокерлери шавал айынын алтынчы күнү 3-жылында өз ордуна жайгашты.

## *Пайгамбар САВ жоокерлердин руханиятын көтөрүп эр жүрөк болууга чакырды:*

Пайгамбар САВ жоокерлерине өзү буйрук бермейинче согушту баштоого тыйуу салды. Сахабаларын урушка бекем туруп, беттешүү учурунда сабырдуу болууга чакырып, аскерий руханиятын көтөрүп кайраттуу эр жүрөк болууга үндөдү. Ошол учурда Пайгамбар САВ курч кылычты сууруп чыкты да мындай деди: “**Ким өз акысын берип бул кылычты ала алат?”** Ошондо кылычты алууга бир канча кишилер аракет кылды, алардын арасынан Али ибну Абуталип, Зубайр ибну Авам жана Умар ибну Хаттаптар да бар эле. Ошол учурда Абудажаана Самак ибну Харша чыга калды да: Мунун акысы эмне оо, Аллахтын элчиси? деп сураганда Пайгамбар САВ: “(**Акысы) кылыч ийилип кеткенче душман менен салгылашуу”-** деп жооп берди. Абудажаана: “Оо, Аллахтын элчиси! анда мунун акысын мен берем”- деди. Пайгамбар САВ кылычты Абудажаанага тапшырды.

Абудажаана согуш учурунда аябай кекирейген эр жүрөк киши болчу. Анын уруш кезинде башына байлай турган кызыл

чүпүрөгү бар эле, эгер ошону башына байласа анда ал өлүмгө чейин урушаарын адамдар дароо билчү. Ошентип ал кылычты колуна алган кезде башына ошол чүпүрөгүн байлады да жоокерлердин арасында ары бери кекирейип басып калды. Ошондо Пайгамбар САВ ушундай деди: “**Мындай басууну Аллах жаман көрөт, бир гана ушундай учурда жаман көрбөйт”.**

## *Мекке жоокерлеринин даярдык көрүүсү:*

Ал эми мушриктер да адаттагыдай жоокерлерин катарга тизе баштады. Жалпы башкаруу Абусуфян Сахр ибну Харбка болуп, ал жоокерлердин ортосуна орундашты. Оң канатты Халид ибну Валидке берди – ошол кезде ал мушрик болчу – сол канатты Икрима ибну Абужахлге берди, ал эми жөө аскерлердин башчысы кылып Сафван ибну Умаяга берди. Жаачандарды Абдулла ибну Абурабияга берди.

Ал эми желекти Абдудаар уруусунун тобуна берди. Анткени желекти көтөрүү - башында айтып өткөндөй – Абдуманнаф уулдары Кусай ибну Килаптан мурас кылып алгандыгы үчүн Абдудаар уруусуна тийген болчу. Ошондуктан ата-бабаларынан бери салт болуп келаткан бул кызматты эч кимдин алууга укугу жок болчу. Бирок аскер башчы Абусуфян бадр согушунда курайштын жеңилгенин буларга эскертип, ошондогу желекти көтөргөн ушул уруунун адамы Нудар ибну Хааристин туткунга түшүп калгандыгын айтып, согушка күчтөндүрүү үчүн бул уруунун кыжырын келтирип канын кайнатып ушундай деди: Оо, Абдудаар уруусу! Чындыгында бадр согушунда желегибизди алдырып жибердиңер, ошонун натыйжасында эмне болгондугубузга өзүңөр да күбө болдуңар. Анткени адамдар ошол желегин карай алдыга жылат. Эгер желеги жок болсо адамдар да жок болот. Ошондуктан желегибизди кармасаңар бекем кармагыла.

Ал эми кармай албасаңар анда аны кайтарып бергиле, биз аны кармай турганды таап алабыз.

Абусуфяндын бул максаты ишке ашты. Бул сөздү уккан Абдудаар уруусунун аябай каны кайнап желекке бекем болууну айтышып, убадаларды берип Абусуфянга мындай дешти: Биз сага желегибизди тапшырып койобузбу? Эгер эртең беттешкенде желекти кантип сактаганыбызды көрөсүң. Чындыгында согуш күчөгөн учурда желекке аябай бекем турушуп катуу сабыр кылышты.

## *Курайш тарабынан болгон алсыздантуу саясаты:*

Согуш башталаардын алдында Курайш мусулмандардын арасында бөлүнүп жарылууну пайда кылуу үчүн аракет жасады. Абусуфян ансарларга киши жөнөтүп: «Бизге бул тууганыбызды койуп берсеңер биз бул жерден кетебиз, анткени силер менен урушуунун биз үчүн эч кажети жок”-деген сөздү айттырды. Бирок мындай аракеттери тоо да туруштук бере албаган кубаттуу ыймандын алдында жөн гана ойунчук болуп кала берди. Ансарлар алардын сөзүнө өтө катуу жоопту айтышып кулак уккус жооп менен кайтарып салышты.

Анан кагылышуу башталаарына аз калып эки тарап жакындады. Ошондо Курайш экинчи жолу дагы ошол аракетин жасап көрдү. Абуаамир бузуку аттуу ысым менен таанылган кыянатчы мусулмандарга келди - өзүнүн аты Абду Амру ибну Сайфий болгон. Аны кечил деп койушчу, ал эми Пайгамбар САВ кечил ысымынын ордуна бузуку деп атап койду. Бул инсан караңгылык доордо аус уруусунун башчысы болгон. Ал эми Мадинага ислам дини келгенден кийин исламга каршы чыгып душмандыгын ачык айкын айтып чыкты, анан Мадинадан чыгып кетип Курайшка барып кошулуп аларды Пайгамбарга САВ каршы согушууга үндөп, эгер өз уруусу Абуаамирди көрсө ошол замат анын айтканын кылып артынан ээрчип кетээрин Курайшка убадалап жатты –

ошондо ал уруусуна барып өзүн тааныштырып: “Оо, аус уруусу! Мен Абуаамирмин”- дегенде аус уруусу: “Кудай жакшылык бербегир бузуку”- деген жооп менен анын мизин кайтарып салышты. Ошондо Абуаамир: “Мен кеткенден кийин элиме бир жамандык тийиптир”- деген сөзүн айтып кала берди.

Ушинтип Курайштын экинчи жолкусу да ыйман ээлерин бөлүп жаруу аракети текке кетти. Бул аракеттери да Курайш аскерлери канчалык көп жана даярдыгы толук болгону менен мусулмандардан чоочулап алардын айбаттуулугунан коркуп турганын айгинелеп турат.

## *Курайш аялдары аскерий руханиятты көтөрүү аракетин жасады:*

Курайш аялдары да согуштук маанайды көтөрүү аракетин жасоо үчүн өз милдеттерин аткарды. Аялдарды Абусуфяндын аялы Хинд бинту Утба жетектеп колдоруна домбураны алып, согуш талаасына кирип мушрик жоокерлерин аралап алардын аскерий руханиятын көтөрүү максатында баатыр, эр жүрөк, ардуу-барктууларына карата маанилүү сөздөрүн айтып жатты. Кээ бирде желек көтөргөндөргө карата ушундай сыяктуу төкмөлөрдү төгүп жатса:

“Оо, Абдудаар уруусу!
Оо, артыбызды тосуучу!

А кээ бирде башкаларын да катуу согушуу үчүн төкмөлөрүн айтып жатты:

Эгер алга жылса кучактайбыз.
Жаздык төшөп урматтайбыз.
Ал эми чегинсе айрылабыз.
Назик сүйүүнү арнабайбыз”.

## *Согуштун эң алгачкы башталуусу:*

Ошентип эки тарап жакындашып согуш учуру да башталуу алдында турду. Согуштун эң алгачкысын баштаган мушриктердин желегин көтөргөн Талха ибну Абуталха Абдарий болду. Бул киши Курайштын эң эр жүрөк инсандарынан бири эле, аны мусулмандар отряддын кочкору деп атап коюшкан болчу. Талха төөсүнө минип ортого чыгып жекеме-жеке урушууга чакырды, анын баатырдыгын карап ага эч кимдин чыккысы келген жок. Бирок ага Зубайр чыкты, ошентиеп экөө жекеме-жеке урушту баштаганда Зубайр аны көп деле кечиктирген жок, төөсүнө арыстандай болуп асылды да аны жерге жыгып түшүп үстүнөн басты да кылычы менен Талханы мууздап салды.

Бул эрдикти көргөн Пайгамбар САВ да мусулмандар да Аллахты улуктап такбир айтышты. Пайгамбар САВ Зубайрды алкап ал жөнүндө: “**Ар бир Пайгамбардын жардамчысы болот, ал эми менин жардамчым Зубайр”-** деген түбөлүктүү сөзүн айтты.

## *Желектин айланасындагы уруштун күчөөсү жана аны көтөргөндөрдүн кырылуусу:*

Андан соң согуш да башталып, майданда эки тараптын ортосунда уруш катуу жалындады. Ошол кезде күрөш мушриктердин желегин алуу үчүн кызып жаткан эле. Абдудаар уруусунун башчысы Талха ибну Абуталха өлгөндөн кийин Абдудаар уруусу анын ордуна бир тууганы Абушайба Усман ибну Абуталханы коюшкан болчу. Абушайба согуш майданына кирип ушундай деп жатты:

Желек көтөргөндөр акылуу

Абушайбага каршы Хамза ибну Абдулмуталип келди да кылычы менен анын желкесине бир чапты эле колу

желкесинен үзүлүп кетти да киндигине чейин кесилип, катуу кесилгендиктен өпкөсү да көрүнүп калды.

Абушайбадан соң желекти Абусаьд ибну Абуталха алды. Аны болсо Саьд ибну Абуваккас жаа менен бир атты эле ок анын кекиртегине тийип тили салаңдап чыгып калды да ошол замат жан берди. Башка риваятта Абусаьд жекеме-жеке урушка чакырган деп келет, ошондо ага каршы Али ибну Абуталип чыгып экөө тең кылыч менен бир бирине катуу урушканда Али аны кылычы менен чаап өлтүрүп салат.

Андан соң желекти Масаафи ибну Талха ибну Абуталха алат. Аны Аасим ибну Саабит ибну Абуафлах жаа менен бир атып өлтүрп салат. Масаафиден кийин желекти бир тууганы Килаб ибну Талха ибну Абуталха кармайт. Килабка Зубайр ибну Аваам чыгып экөө катуу салгылашып акыры Зубайр Килабты жеңип оо дүйнө салдырат. Анан желекти бул экөөнүн бир тууганы Хилас ибну Талха ибну Абуталха кармайт. Хиласка болсо Талха ибну Убайдулла аттуу азамат чыгып аны да оо дүйнөгө узатат. Башка риваятта Хиласты Аасим ибну Саабит ибну Абуафлах жаа менен атып өлтүргөн деп келет.

Ушул жогоруда айтылган алты кишинин баары Абуталха Абдулла ибну Усман ибну Абдудаардын үй-бүлөсүнөн болгон. Ушулардын баары мушриктердин желегин астында өлүштү. Булардан соң желекти Абдудаар уруусунан Артаат ибну Шурахбил кармады. Муну болсо Али ибну Абуталип өлтүрдү. Башка риватта Хамза ибну Абдулмуталип өлтүргөн деп келет. Андан соң желекти Шурайх ибну Каариз алды, муну болсо Казман аттуу киши өлтүрдү – ал эми Казмандын өзү мунафык эле, согушка коргонуу үчүн гана чыккан болчу – Андан соң желекти Абузейт Амру ибну Абдуманнаф Абдарий кармады эле аны да Казман өлтүрдү. Анан желекти Шурахбил ибну Хашим Абдарийдин бир баласы алды, муну да Казман өлтүрдү.

Желекти көтөргөн ушул он кишинин баары Абдудаар уруусунан эле. Биринин артынан бири өлтүрүлүп желекти

көтөргөнгө бул уруудан эч ким калбай калды, ошондо бул уруунун Савааб аттуу Хабашит бир кулу бар эле, ошол кул дароо желекти ала калып кожоюндары көрсөткөн эрдикти көрсөткүсү келди. Бул да күчүнүнүн барынча урушуп акыры колун бирөөсү үзө чапты, ошондо желек түшүп кетпөө үчүн отура калып мойну жана көкүрөгү менен желекти кыса кармап: Аллахым! Аткара албадымбы? Деген сөзүн айтты. Ошентип бул кул да өлгөндөн кийин желек жерге түшүп аны алууга эч ким калбай жерде жатты.

## *Башка чекиттердеги салгылашуу:*

Согуш мушриктердин желегинин айланасында болуп жаткан кезде, башка чекиттерде да ошентип кызып жатты. Ыйман кубаты мусулмандарды каптап мушрик жоокерлерин деңиз толкунундай сүрүп, кандай тосмо болбосун аны жарып кирип ухуд согушунда айткан: Өлүм, өлүм, деген ураандарын айтып жатышты.

Абудажаана жанагы кызыл белгисин тагынып, Пайгамбардын САВ кылычын колуна алып анын акысын берүү үчүн алдыга карай умтулуп көпчүлүктүн көңүлүн бурду. Алдынан кайсыл мушрик чыкпасын аны соо койбой өлтүрүп, мушриктердин катарын октой жарып кирип жатты. Зубайр ибну Аваам бул тууралуу мындай дейт: "Пайгамбардан САВ кылычты сураганда мага бербей аны Абудажаанага берди, ошондо өзүмө өзүм ушундай дедим: "Мен Сафиянын уулумун ал Курайштан болот, Абудажаанадан алдың барып кылычты сурадым эле мага бербей ага берди. Эми Абудажаана кылычты алып эмне кылаар экен? Аллахка ант анын эмне кылаарын бир аңдыйын"- дедим да артынан аңдый баштадым. Абудажаана кызыл чүпүрөгүн алды да башына байлаганда ансарлар: Абудажаана өлүм белгисин алып чыкты, деп айтышты. Абудажаана алдыга карай умтулуп:

“Мага ал сүйүктүүм убада берди.
Ал даракта кан төгүүгө убакыт келди.
Эч качан акыркы сапта турбаймын.
Аллахтын, элчиснин кылычы менен урамын”-
деген кошогун айтып алдыга октой учуп катарды жарып кирди.

Абудажаана алдынан кайсыл душман чыкпасын бирин да соо койбой кырып жатты. Ал эми душман тараптан да бир мушрик алдынан ким чыкпасын баарын жаракат кылып кан жалатып жатты. Ошентип экөө бир бирине жакындай баштады, анан мен экөө бир бирине жолукса экен деп Аллахка дуба кылдым эле жолугуп калды. Экөө тең бир бири менен аябай катуу салгылашты, мушрик Абудажаананы кылыч менен бир чапты эле Абудажаана калкан менен тосуп калды да кылычы менен мушрикти бир чаап өлтүрүп салды.

Андан соң Абудажаана катарды тездик менен жарып кирди да Курайш аялдарынын башчысына жетти, бирок Абудажаана аял экендигин өзү да байкабай калды. Бул тууралуу өзү мындай дейт: Карасам бирөөсү адамдарды ушундай катуу аймалап тыткылап жатыптыр, анан анын алдына учкан бойдон жетип бардым да кылычымды көтөрүп бир чабайын десем ал адам корккондан бакырып жиберди, карасам аял киши экен. Ошондо Пайгамбардын САВ кылычын урматтап аны менен аял кишиге кол көтөрбөдүм.

Ал аял Хинд бинту Утба болчу. Зубайр ибну Аваам айтат: Ошондо Абудажаананы көрдүм, колундагы кылычын Хинд бинту Утбанын башына көтөрдү да кайра түшүрүп койду.

Хамза ибну Абдулмуталип да атырылган арыстандай болуп жоону каптап кирип салгылашып жатты. Мушрик жоокерлеринин ортосун жарып кирип, ал сымал теңдеши жок кишидей душман менен салышты. Катуу бороондон учуп кетип жаткан жалбырактардай анын алдында канчалаган баатырлар туруштук бере алган жок. Ошондой эле ал мушриктердин желегин көтөргөндөрдү жок кылууга да өтө

чоң салымын кошкон болчу. Ошондуктан ал башка баатырлар сымал болгон кубатын аябай салгылашты. Акырында өзү да эң алдыңкы катарда оо дүйнө салды. Бирок анын өлүмү баатырларча душман менен салгылашып жаткан кезде каза болгон жок, кадыр барктуу чоң адамды караңгы түндө өлтүргөндөй киши колдуу болуп өлтүрүлдү.

## *Аллахтын арыстаны Хамза ибну Абдулмуталиптин өлүмү:*

Хамзаны өлтүргөн Вахший ибну Харб бул окуяны ушундайча баяндайт: Ошол кезде мен Жубайр ибну Матьамдын кулу элем, Жубайрдын атасынын бир тууганы Туайма ибну Адий бадр согушунда өлгөн болчу. Курайш даярдыгын көрүп ухуд согушуна баратканда Жубайр мага: "Эгер сен атамдын бир тууганын өлтүргөндөй Мухаммеддин атасынын бир тууганы Хамзаны өлтүрүп берсең сени кулдуктан азат кылам"- деп айтты. Айтканына дароо макул болуп жоокерлер менен кошо жолго чыктым. Мен Хбашиттерден элем, найзаны да Хбашиттер сымал эң жакшы атчумун, найзаны ыргытканымда анча мынча эле тийбей калуусу мүмкүн бирок көздөгөн жериме так тийчү. Ошентип эки тараптын беттешүүсү башталганда найзамды алдым да Хамзаны аңдып издей баштадым, акыры адамдардын ортосунда боз төөдөй болуп катарды жарып кирип урушуп жатканын көрдүм, анын алдында анча мынча адамдар туруштук бере албай жатты. Ошондо дароо анын артынан аңдууга түштүм, андан бекинип дарак таштарга жашынып мага жакындоосун күттүм. Ошол кезде аны мага Сиба ибну Абдулузза жакындатты. Сибаны Хамза көрүп калып: Бери келчи оо, сүннөткө кескендин баласы – анткени Сибанын апасы сүннөткө олтургузчу – деп айтты да Сибанын башын кылыч менен жыга чапты.

Найзамды ага каратып мээлеп ыңгайлуу учур болуп тушталганда катуу ыргыттым эле анын ичине барып сайылды. Ошондо ал мага карап телтеңдеп бир аз басты да жерге сулк жыгылып кулап түштү, анан ал жан бергенче күтүп турдум, жан бергенден кийин жанына бардым да найзамды алып жоокерлердин жайгашкан жерине барып олтуруп алдым. Анткени менин Хамзаны өлтүрүүдөн башка ишим жок эле. Бул ишти боштондука чыгуу үчүн гана жасаган элем. Ошентип согуш бүтүп Меккеге келгенимде кулдуктан бошонуп эркиндике чыктым.

## *Согуш очогун ээлөө:*

Мусулмандар Аллахтын жана элчисинин арыстаны болгон Хамза ибну Абдулмуталипти жоготкону менен согуш очогун мусулмандар колдон чыгарбай ээлеп турушту. Ошол күнү Абубакир, Умар ибну Хаттаб, Али ибну Абуталип, Зубайр ибну Аваам, Мусьаб ибну Умайр, Талха ибну Убайдулла, Абдулла ибну Жахш, Саад ибну Муаз, Саад ибну Убаада, Саад ибну Рабий, Анас ибну Нудар жана башка ушулар сыяктуу азаматтар аябай катуу урушуп, мушриктердин мизин кайтарып, алын кетирип, күч кубатын ар тарапка чачыратып салды.

## *Аялдын кучагын таштап кылыч калканды алып согушка:*

Ошол күнү катуу согушкан эр жүрөктөрдүн бири Ханзала Гасил аттуу азамат болду (Гасилдин мааниси периштелер жууган дегенди билдирет). Анын аты Ханзала Абуаамирдин уулу. Атасы Абуаамир жогоруда айтып өткөндөй кечил атка конгон болчу, бирок аны мусулмандар бузуку деп аташчу. Ошол кезде Ханзала жаңы эле келинчегине үйлөнгөн убагы эле. Мадинада элдерди согушка чакырып жатканын угуп

калып аялы менен жаткан жеринен ыргып турду да колуна куралын алып согуш майданына чыгып кетти. Согушта уруш башталган кезде ал катарды жарып кирди да мушриктердин аскер башчысы Абусуфян Сахр ибну Харбтын алдына жетип келди. Абусуфяндын алдына келип аны өлтүрүп койо жаздады, эгер ошол кезде Ханзаланы башкасы шейит кылбаганда Ханзала Абусуфянды өлтүрүп коймок. Ошондо Ханзала Абусуфянды сүрүп кирди да эми чабайын деп калганда аны Шаддад ибну Асвад көрүп калып кылычын алып болгон күчү менен урушуп Ханзаланы өлтүрүп оо дүйнө салдырды.

## *Жаачы отряддын согуштагы орду:*

Пайгамбар САВ дөңсөөгө дайындап койгон жаачы отряддын мусулман аскерлери үчүн ролу эбегейсиз зор эле. Анткени Мекке атчандары Халид ибну Валиддин башкаруу астында аларга үч жолу чабуул жасады, Халидке Абуаамир бузуку жардам берди. Ошондо Мекке атчандары мусулман жоокерлеринин сол канатын бузуп кирип алардын арт жагынан чабуул жасап кыйроого учураткысы келди. Бирок дөңсөөдөгү жаачандар атчандарды жаа менен аткылашып үч жолку аракеттерин текке кетирди.

## *Мушриктер жеңилүүдө:*

Ушинтип согуш катуу күчөп аз гана болгон мусулман жоокерлери согуш очогун бүтүндөй ээлеп алдыга жыла баштады. Акырында мушрик жоокерлеринин эр жүрөк баатырлары да туруштук бере албай алсырай баштады. Катарынын оң жак, сол жак, арты жана алды бузулуп кирди. Үч миң жоокер жети жүзгө жетпеген жоокер менен урушпай эле отуз миң мусулман жоокери менен согушуп жаткандай ар тарапка чачырай башташты. Ошондо мусулмандар эң жогорку даражадагы тайманбаган эр жүрөктүүлүгүн көрсөтүштү.

Курайш жоокерлери мусулмандардын чабуулун токтотуу үчүн болгон күч аракетин жасады. Акырында алсыздыкты сезип туруштук бере албай үмүттөрү үзүлдү. Жада калса желекти көтөргөн Саваабтын өлүмүнөн соң желекке жакындап аны көтөрүүгө эч кимиси батынган жок. Алдары кетип бараар жерин таппай өч алабыз, абийр урматыбызды кайтарабыз деген сөздөрүн унутуп артка чегинүүгө аргасыз болуп кача башташты.

Бул тууралуу Ибну Исхак ушундай риваят кылат: Андан соң Аллах Таала мусулмандарга өзү убада кылган жеңишти түшүргөн болчу. Мусулмандар жеңишти сезип кылыч менен душмандын аскер орношкон жеринен кууп жөнөшкөн эле. Ошондо жеңишке жетүүгө аз калган болчу. Зубайрдын уулу Абдулла атасынан риваят кылган сөзүндө атасы Зубайр ушундай дейт: Аллахка ант, чындыгында мен ошондо Хинд бинту Утба жана башка ага шерик болгон аялдар этектерин түрүнүп шымаланып түрүнүп качып жөнөшкөнүн көрдүм.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Бараа ибну Аазиб ушундай дейт: Аларга (душманга) жеткенибизде качып жөнөштү. Жада калса аялдары да шашкалактап этектерин түрүнүп буттарындагы шакектери көрүнүп күчүнүн барынча качып жөнөштү.

Ошондо мусулмандар мушриктерди кууп куралдарын таштап олжолорду ала башташты.

## *Жаачылардын чоң ката кетирүүсү:*

Аз гана болгон ислам жоокерлери бадр согушундагы укмуштуудай жеңишке жеткен сыяктуу эле Мекке жоокерлерин бул сапар да кыйратып жеңип баратканда дөңсөөдөгү турган жаачылардан аябай чоң ката кетти. Бул катачылык ишти бүтүндөй тескерисине айлантып, мусулмандарга эбегейсиз чоң зыян алып келип, Пайгамбардын САВ да өлүмүнө аз калды. Мунун натыйжасында мусулмандар

бадр согушундагы алган айбаттуулук жана кадыр-баркына өтө жаман таасир калтырды.

Жогоруда айтып өткөндөй эле Пайгамбар САВ жаачыларды дайындап аларды дөңсөөгө коюп, жеңилсек да жеңсек да ошол жерден эч жылбагыла деген катуу буйругун берген болчу. Тилекке каршы ушундай катуу буйрук болгонуна карабай, мусулман жоокерлери душмандын олжолорун алып жатканын көргөндө, бул жаачылардын дүйнө сүйүүсү жеңип кетип бир бирине: Олжо, олжо, биздин шериктер олжолорду алып жатат силер бул жерде эмнени күтүп жатасыңар?- деген сөздү айтышты да орундарын таштап ошол жакты көздөй чуркап кетишти.

Ал эми жаачылардын башчысы Абдулла ибну Жубайр шерикетрине: Силерге Пайгамбар САВ эмне деп буйрук бергенин унутуп калдыңарбы?- деген Пайгамбардын САВ сөзүн эскертип жатты.

Бирок көпчүлүк Абдулланын эскерткенине карабай: Аллахка ант, биз да адамдар менен кошулуп барып олжо алабыз, деген сөздү айтышты. Анан дөңсөөдөгү жаачылардан кырк киши башка мусулман жоокерлердин артынан олжо алууга шашып орундарын таштап кетишти. Мына ушинтип мусулман жоокерлеринин арт жагы ачылып калды да, дөңсөөдө Абдулла ибну Жубайр жана аны менен кошо тогуз жаачы же уруксат келет же ушул жерде жок болобуз деп орундарынан жылбай бекем турушту.

## ***Халид ибну Валид ислам жоокерлерин айланып курчоого алды:***

Алтындай болгон ушундай ыңгайлуу учурду Халид ибну Валид пайдаланып калды. Ал атчандары менен дароо арт жактан айланып өттү да дөңсөөдө калган Абдулла ибун Жубайр менен жолдошторун бат эле жок кылып, анан мусулман жоокерлердин арт жагынан чабуул жасады. Анын

атчандары ошол учурда ушундай катуу кыйыкырып киришти эле мушриктер абалдын өзгөргөнүн дароо байкашып, ошол замат артка мусулмандар тарапка кайрылып чабуулга өтүштү. Ошондо мушрик аялдарынан Амра бинту Алкама Харисия аттуу аял жерде жаткан желекти дароо көтөрө калды, аялдын айланасына башка мушриктер чогула калып бир бирин чакырып үйүлө калышып мусулмандарга каршы чабуулга өтүштү. Акырында мусулмандар арт жагынан алды жагынан курчоого алынып ортодо калышты.

## *Курчоодо Пайгамбар САВ эрдүүлүгү:*

Мусулман жоокерлери мушриктерди кууп жөнөшкөн кезде Пайгамбар САВ өзү менен кошо дагы тогуз сахабаны алып катардын арт жагында жоокерлер мушриткерди кууп баратканын көзөмөлгө алып бараткан болчу. Ошондо кокусунан эле Халид арт жактан кысымга алып келип калды. Ошол кезде Пайгамбардын САВ алдында эки гана жол бар эле, биринчиси Пайгамбар САВ өзүн жана жанындагы тогуз шеригин алып коопсуз жерге качып барып жандарын куткарып, башка жоокерлерин ошол абалга таштап кетүү. Же болбосом өз жанын тобокелге салып курчоого алынган катарды жарып кирип башка жоокерлерине ухуд тоосуна качып кирүүгө жол ачып берүү жолу бар болчу.

Ошол кезде Пайгамбардын САВ чыныгы эрдүүлүгү теңдеши жок баатырлыгы көрүндү. Пайгамбар САВ: «**Оо, Аллахтын кулдары!”** -деп катуу кыйкырып сахабаларын чакырды. Бирок, Пайгамбар САВ кыйкырган үнүн мусулмандар укканга чейин мушриктер уга тургандагын билчү. Ошондой болсо да ушундай кыйын абалда аларды жалгыз таштап койбос үчүн чакырып жатты.

Ооба чындыгында бул үн мусулмандарга жете элек мушриктерге жетти да алар Пайгамбарды САВ карай келе башташты.

## *Мусулмандардын чачылуусу:*

Ал эми мусулман жоокерлери курчоого алынгандан соң ар тарапка чачылып кетти. Алардын бир бөлүгү артта эмне болуп жатканы менен иши жок, өз жандарын гана ойлоп эч жакты карабай качып жөнөшсө, булардын ичинен дагы бир бөлүгү Мадинага кире качышты. Дагы бир бөлүгү тоого чыга качышты. Ал эми дагы бир бөлүгү артка кайтып мушрик жоокерлерине аралашып кетти да аларды эч ким айырмалай албай калды, ошентип алар мушриктер менен кошулуп мусулмандар менен чабыша баштады.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Айша РА мындай дейт: Ухуд согушунда мушриктер ачык айкын жеңилген болчу.

Мусулмандардын калган тобу баш аламандыкка айланды, эмне кылаарын да кайда бараарын да билбей баштары айланып туруп калышты. Алар ушинтип турган кезде бирөөсүнүн: Мухаммед өлдү, деген үнү угулду. Бул сөздү укканда көпчүлүгү ден дароо болуп, аскерий руханиятын жоготуп туруп калышты. Ошондо кээ бири урушууну токтотуп колундагы куралын таштап багынып туруп берди. Ал эми башкалары болсо мунафыктардын башчысы Абдулла ибун Убайга тез арада кошула калып андан Абусуфяндын кечиримин алып калуу аракетин көрүүнү ойлоп жатышты.

Ошол куралын таштаган мусулмандардын жанынан Анас ибну Нудар өтүп калып Анас аларга мындай деди: “Эмнени күтүп жатасыңар?” Алар: “Пайгамбар САВ өлтүрүлүптүр”- деп жооп беришти, Анас: “Ал өлгөн болсо бул жашоодо эмне кыласыңар?” Пайгамбар САВ өлгөн сымал силер да ордуңардан туруп барып согушуп өлгүлө!”- деп айтты да: “Аллахым! Булар (мусулмандар) мындай кылгандыгы үчүн сенден кечирим сураймын, ал эми тигилердин (мушриктердин) жасаган жаман ишинен мен узакмын”- деген дубаны кылды да алга карай басып кетти. Басып баратканда Саьд ибну Муазды жолуктуруп калды, Саьд Анастан: “Кайда баратасың оо

Умардын атасы?” -деп сурап калды, Анас: “Оо, Сaьд! Бул ухуд согушунда бейиштин жытын жыттап жатам”- деген жоопту айтты да мушриктерге каршы чабуулга кирип кетти да бул дүйнө менен кош айтышканча согушуп акыры жан берди. Согуш бүткөндө анын денесин эч ким таанбай койду, акыры карындашы денесиндеги бир белгиден тааныды. Ошондо анын денесинде найза сайылган, кылыч урулган, жаанын огу тийген сексенден ашуун жараат бер экен.

Саабит ибну Дахдах өз коому ансарларга карап: “Оо, ансарлар! Эгер Мухаммед өлгөн болсо Аллах тирүү эч качан өлбөйт, силер өз дининер үчүн урушкула, ошондо Аллах бизге жардам колун сунуп жеңишке жеткизет”- деген чакырууну айтты эле кээ бир ансарлар Саабтке кошулуп Халиддин атчан отрядына каршы жоого кириштти. Ошентип алар Халид менен аягына чейин согушуп акыры Халид Саабитти найза менен сайып өлтүрдү, анан анын жолдошторун да өлтүрүп салды.

Мухажириндерден бирөөсү кан жалап жаткан ансардын жанынан өтүп калды, анан мухажирин ансардан: Оо, баланча! Мухаммед өлгөнүн билдиңби? Деп сурап калды. Анда ансар: Эгер Мухаммед өлгөндө анда угулмак, силер дин үчүн урушкула да, деген жоопту айтты.

Ушул сыяктуу руханиятты көтөргөн демилгелердин жардамы менен мусулман жоокерлеринин руханий маанайы көтөрүлүп, эс-учун топтоп, колго түшүп берүү же болбосо Абдулла ибну Убай тарапка өтүү пикиринен артка кайтышты да колдоруна курал алып караандай каптаган мушрик жоокерлерине чабуулга өтүштү. Ошол кезде мушриктер мусулман жоокерлери орношкон жерге баруу аракетин көрүп жаткан эле. Мусулмандарга Пайгамбар САВ тирүү өлбөптүр деген кабар жеткенден соң алардын демине дем күчүнө күч кошулду да болгон күч аракеттери менен катуу салгылашып курчоодон кутулуп чыгып кетишти да, чабуул жасай албай турган жерге качып кутулушту.

Мусулман жоокерлеринин дагы үчүнчү тобу бар эле, алар бир гана Пайгамбарды САВ ойлоп жатышты. Бул топ артка кайтып Пайгамбарды САВ коргой башташты. Бул азаматтардын эң алдыңкы катарында Абубакир Сыддык, Умар ибну Хаттаб, Али ибну Абуталип жана башка бир нече сахабалар бар эле. Булар алгач жоокерлердин эң алдыңкы катарында баратышкан, анан кокусунан эле абал өзгөрүп кеткенде Пайгамбарга САВ бир зыян жетип калаарын сезишти да дароо артка Пайгамбардын САВ алдына жетип аны коргой башташты.

## *Пайгамбардын САВ айланасында күрөштүн күчөйүүсү:*

Мусулман жоокерлери курчоодо калып андан чыгуу үчүн катуу күрөш болуп жаткан кезде, Пайгамбардын САВ айланасында да өтө катуу салгылашуу башталып кетти. Алдыда айтып өткөндөй курчоого алуу башталган кезде Пайгамбардын САВ жанында тогуз эле сахаба бар болчу, ошондо Пайгамбар САВ: “**Мына мен Аллахтын элчиси бул жактамын, менин жаныма келгиле!”-** деп бакырганда бул үндү мушриктер угуп калды да мусулман жоокерлери келгенче мушриктер Пайгамбарга САВ жетип келип катуу салгылашуу башталды. Ошондо Пайгамбарга САВ жана жанагы тогуз сахабага катуу чабуул жасалып, ортодо аябай күрөш күчөп кетти, бул азаматтар ошол учурда Пайгамбарга САВ болгон чыныгы сүйүүсүн билдирип аны коргоо үчүн эрдиктерин баатырлыгын көрсөтүштү.

Бул тууралуу Муслим Анас ибну Маликтен риваят кылат: Ухуд согушунда Пайгамбар САВ жети ансар жана эки курайш сахабалары менен жалгыз калды, ошондо аларды кысымга алып курчоодо калышканда Пайгамбар САВ: “**Ким бизди булардан коргосо ал бейишке кирет”.** Башка риваятта: **“Ал бейиште менин кошунам болот”-** деген сөзүн айтты. Ошондо

ансарлардын бирөөсү алдыга чыгып акыркы жаны калганча урушуп анан оо дүйнө салды. Бирок курчоо дагы да улана бергенде ошентип бирден бирден чыгып салгылашып олтуруп жети ансардын баары каза болду. Ошондо Пайгамбар САВ эки курайш сахабага: "**Булар сыяктуу алдыга чыга албадыңар"-** деп айтты.

Ошол жети ансар сахабанын акыркысы Аммаара ибну Язид ибну Сакан болчу. Ал алдыга чыгып катуу урушуп акыры жарааты күчөйгөндүктөн жерге кулап түшүп жан берди.

## *Пайгамбардын САВ жашоосундагы эң кыйын абал:*

Аммаара ибну Язид каза болгондон кийин Пайгамбар САВ жанагы эки курайштык менен калды. Бухарий жана Муслим Абу Усмандан риваят кылат: Ошол кезде Пайгамбардын САВ жанында кооруй турган Талха ибну Убайдулла менен Саьд ибну Абуваккас гана калган болчу. Ошол кез Пайгамбар САВ үчүн жашосундагы эң оор кыйын абал болду. Ал эми мушриктер үчүн бу учур өтө баалуу болду. Ошондуктан алар бул баалуу учурду колдон чыгарып жибербөө үчүн Пайгамбарды САВ жок кылуу максатында анын айланасына бат эле чогулуп калышты. Утба ибну Абуваккас аттуу бирөөсү таш менен урду эле Пайгамбардын САВ бетине тийип оң жактагы астыңкы кашка тишине тийип, ылдыйкы эрини да канга бойолду. Анан Пайгамбарга САВ Абдулла ибну Шихаб Зухарий келди да маңдайына уруп канга бойоду. Андан соң Абдулла ибну Камия аттуу зөөкүр атчан келип кылыч менен Пайгамбардын САВ ийинине катуу чаап салды, ошол жери бир айдан ашуун ооруп жүрдү, бирок эки соотун айрый алган жок. Анан экинчи жолкусун Пайгамбардын САВ жаагына дагы катуу урду эле жаагы канап кетти, ошондо Абдулла ибну Камия: Мына сага ал, мен ибну Камиямын, дегенде Пайгамбар САВ:

Сахих хадисте айтылат ошондо Пайгамбардын САВ бир алдыңкы тиши сынып башы жарылды, анан Пайгамбар САВ канын аарчып: "**Аллах жолуна чакырган Пайгамбардын жүзүн канга бойоп тишин сындырган коом тозоктон кантип кутулаар экен"-** деп кейип калды, ошондо Кудурети күчтүү Кудай Таала ушул аятты түшүрдү:

لَيْسَ لَكَ مِنَ الأَمْرِ شَيْءٌ أَوْ يَتُوبَ عَلَيْهِمْ أَوْ يُعَذِّبَهُمْ فَإِنَّهُمْ ظَالِمُونَ {آل عمران/128}

***"Аллах аларды кечиреби, же азаптайбы ... Эч бир иш сенин эркиңде эмес! Чындыгында, алар- заалымдар".*** (Алли Имран, 128)

Табараний риваят кылган хадисте Пайгамбар САВ ошол күнү: "**Пайгамбардын жүзүн кан жалаткан коомго Аллахтын каары катуу күчөдү"-**деген сөзүн айтып бир азга турду да анан дуба кылды: "**Аллахым! Коомумду кечире көр, алар билбестен кылып жатат».** Ошондой эле Муслим риваят кылган сахих хадисте да ушундай дуба кылган: «**Оо, Раббим! Коомумду кечире көр, алар билбестен кылып жатат".** Каади Ияддын Шифаа китебинде Пайгамбардын САВ ошондогу дубасы ушундайча келет: "**Аллахым! Коомумду хидаят-туура жолго сал, анткени алар билбестен кылып жатат".**

Чындыгында мушриктердин Пайгамбарды САВ өлтүрүп жок кылуу максаты бар эле, бирок эки курайштык сахаба Саьд ибну Абуваккас менен Талха ибну Убайдулла өтө чоң эрдикти көрсөтүп, теңдеши жок баатырларча катуу салгылашты. Экөө болгонуна карабастан мушриктердин көздөгөн максатын ишке ашырбай алардын чабуул жасаган тобун Пайгамбардан САВ узактатып салышты. Анткени бул экөө араптардын арасынан жааны эң жакшы аткан кишилер эле.

Ошол кезде Пайгамбар САВ Саьд ибну Абуваккаска жаасын даярдап берип жатып: "**Аткының, ата-энем курман болсун сага"-** деген сөзүн айтты.

Мында өтө чоң жетишкендик көрүнүп турат, анткени Пайгамбар САВ Саьддан башка эч кимге ата-энесин мынтип айкан эмес.

Ал эми Талха ибну Убайдулла тууралуу Насаий Жаабирден риваят кылган сөзүндө мушриктер Пайгамбардын САВ айланасына чогулгандыгын жана анын алдында бир канча ансарлар калгандыгын ушундай баяндайт, Жаабир айтат: "Ошол кезде мушриктер Пайгамбарга САВ жетип барышты, ошондо Пайгамбар САВ: "**Буларга ким чыгат?"** -дегенде Талха: "Мен"- деп айтты. Анан Жаабир калган сөзүн улантып бул окуяны мындайча баяндайт: Ошентип ансарлар чыга баштады. Аларды мушриктер бирден бирден өлтүрүп олтуруп жогоруда Муслим риваятында айтканыбыздай ансарлардын баары каза болду. Анан Талха чыгып он бир кишидей катуу урушту акырында анын колу кесилип кээ бир бармактары кыркылып кетти, ошондо Талха: "Ах колум"- деп жибергенде Пайгамбар САВ ага: "**Эгер «Бисмилла» дегенинде инсандардын көз алдында периштелер сени бийике көтөрүп чыкмак"-** деген сөзүн айтты. Андан соң мушриктерди Аллах Таала Пайгамбардан САВ узакташтырды. Хаким риваят кылган сөзүндө Иклил китебинде ушундай келет: Ухуд согушунда Талханын отуз тогуз же отуз беш жери жаракат алып сөөмөйү менен анын жанындагы бармагы үзүлгөн болчу.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Кайс ибну Абухазим мындай дейт: Ухуд согушунда Пайгамбарыбызды САВ коргогондуктан Талханын колу үзүлүп кеткендигин көрдүм.

Тирмизий риваят кылган хадисинде Пайгамбар САВ ошол кезде Талха тууралуу ушундай деди: "**Ким жер үстүндө басып жүргөн шейитти көргүсү келсе, анда Талха ибну Убайдуллага карасын".**

Абу Дауд Таялисий риваят кылган сөзүндө Айша РА мындай дейт: "Эгерде Абубакир ухуд согушун эстесе: "Ошол күндүн баары Талханыкы"- деп айтаар эле".

Талха тууралуу Абубакир ушул ыр сабын айтып кеткен:

Оо, Талха ибну Убайдулла

Ошондой оор жана коркунучтуу болуп турган абалда кудурети күчтүү Кудай Таала өз Пайгамбарына кайыптан жардамын түшүрдү. Бул тууралуу Бухарий жана Муслим риваят кылган сөзүндө Саьд ушундай дейт: “Ухуд согушунда Пайгамбарыбызды САВ көрдүм, жанында эки киши аны коргоп ушундай катуу урушуп жатат эле, экөөнүн кийими апапак болчу. Ал экөөнү мурун да көргөн эмес элем кийин да көрбөдүм”. Башка риваятта: “Жебрейил жана Микайил периште”- деп келет.

## *Сахабалар Пайгамбардын САВ алдына чогула баштады:*

Пайгамбарга САВ болгон чабуул өтө тез арада кыска убакыттын ичинде болуп өттү. Эгер андай болбогондо согуштун эң алдыңкы катарында жүргөн эр жүрөк азамат сахабалар болгон окуяны көрөөр замат же болбосом Пайгамбардын САВ үнүн угаар замат жанына тез арада жетип келип Пайгамбарга САВ зарар тийгизмек эмес. Бирок тилеке каршы бул окуя өтө кыска убакыттын ичинде болгондуктан Пайгамбар САВ жаракат алып, алты ансар сахабалар да каза болуп, жетинчиси өтө оор жарадар болду. Ал эми Саьд менен Талха болгон күчү менен Пайгамбарды САВ коорун катуу урушуп жатты. Ошентип алдыңкы катардагы сахабалар Пайгамбардын САВ алдына жетип келишти да айланасын оромоктоп денелери жана куралдары менен тосмо кылып тосушуп Пайгамбарды САВ кооруп катуу салгылашып душмандын чабуулун узактатып салышты. Эң алгач Пайгамбардын САВ жанына жетип келген бул үңкүрдө Пайгамбардын САВ шериги болгон Абубакир Сыддык РА болду.

Ибну Хаббан риваят кылган сөзүндө Айша РА кабар берет: Абубакир ошол окуя тууралуу мындай деди: Ухуд согушу болгон кезде адамдардын баары Пайгамбардын САВ жанынан кетип калыптыр. Ошондо Пайгамбардын САВ жанына эң биринчилерден болуп мен жетип бардым, жанына жакындаганымда бирөөсү Пайгамбарды САВ болгон күчү менен коoруп ушундай катуу салгылашып жатыптыр, ошол замат: "Талха бол ата-энем курман болсун сага, Талха бол ата-энем курман болсун сага"- деп айтып келе жатсам артымдан Абу Убайда ибну Жаррах ушундай катуу келатат, куштай учуп келатканын көрдүм. Ошентип ал да менин артымдан жетип келди, анан экөөбүз Пайгамбардын САВ жанына келдик, карасак Талха жарадар болуп жатыптыр. Пайгамбар САВ: "**Бул тууганыңарды абайлагыла, буга бейиш важип болду"-** деген сөзүн айтты. Ошол кезде Пайгамбардын САВ жаагына жаанын эки огу кирип кетиптир. Окту Пайгамбардын САВ жаагынан сууруп салайын деп жанына барсам, Абу Убайда: "Оо, Абубакир! Аллахтын аты менен сураймын муну мага коюп бер"- деп айтты эле ага коюп бердим. Ошондо ал окту тиши менен катуу тиштеди да Пайгамбардын САВ жүзүн оорутуп койбоюн деп акырын кыймылдатып бир тартып окту сууруп алганда Абу Убайданын бир кашка тиши сынып түшүп калды. Анан эми экинчи окту сууруйун деп бардым эле кайрадан Абу Убайда: "Оо, Абубакир! Аллахтын аты менен сураймын муну да мага коюп бер"- деди эле дагы тим койдум. Анан ал кайрадан тиши менен катуу тиштеп окту сууруганда экинчи кашка тиши сынып түшүп калды. Ошондо Пайгамбар САВ: "**Бул тууганыңарды да абайлагыла, буга бейиш важип болду"-** деп айтты. Анан Талханын жанына келип анын жараатын таңа баштадык. Ошондо Талханын денесинде ондон ашуун жаракат бер экендигин көрдүк. (Бул да Талханын ошол күндөгү көрсөткөн эбегейсиз эрдигин, баатырдыгын көрсөтүп турат).

Ушундай оор, кыйын убакыт болуп турган кезде Пайгамбардын САВ айланасына бир нече баатыр, эр жүрөк сахабалар чогула калды. Алардын ичинде Абу Дажаана, Мусьаб ибну Умайр, Али ибну Абуталип, Сахл ибну Ханиф, Абусаид Худрийдин атасы Малик ибну Синан, Аммааранын апасы Нусайба бинту Кааб Маазиния, Катаада ибну Нуман, Умар ибну Хаттаб, Хаатиб ибну Абубалта жана Абуталхалар да бар болчу.

## *Мушриктердин кысымга алуусу күчөйдү:*

Ошондой эле мушриктердин да саны Пайгамбардын САВ айланасында көбөйө баштады. Чындыгында алар мусулмандарды катуу кысымга алып чабуул күчөйдү. Ошондо Пайгамбар САВ бузуку Абуаамир көздөгөн чуңкурга түшүп кетти да тизеси менен олтуруп калды, Али дароо Пайгамбардын САВ колунан тарта койду, ал эми Талха ибну Убайдулла Пайгамбарды САВ кучактап сыртка тартып алды. Наафиь ибну Жубайр айтат: Мухажириндердин бирөөсү ушундай деди: “Мен ухуд согушуна катышкан болчумун, бир маалда карасам жаанын огу ар тараптан атылып жатат, ал эми Пайгамбар САВ ортодо турат, бирок бирөөсү да тийбей ар жак бер жака өтүп кетип жатты”. Бир карасам Абдулла ибну Шихаб Зухарий: “Мага Мухаммедди көрсөткүлө, эгер ал тирүү калса мени соо койбойт”- деди. Ошондо Пайгамбар САВ жалгыз анын жанында турган болчу, Абдулла ибну Шихаб Пайгамбарды САВ көрбөй жанынан өтүп кетти. Бул окуяга күбө болгон Сафван Абдулланы жемелеп: Аллахка ант, кантип көрбөдүң аны, Аллахка касам ичип айтам чындыгында аны менен биздин ортобузда тосук бар. Анан төрт киши болуп аны өлтүрөбүз деп келишип чыктык, бирок ага эч нерсе кыла алганыбыз жок.

## *Теңдеши жок эрдик көрсөтүү:*

Ошондо мусулмандар тарыхта болуп көрбөгөндөй эрдикти, курманчылыкты көрсөтүштү. Абуталха өз денеси менен Пайгамбарды САВ коргоп, көкүрөгүн душмандын огуна карата тосту. Бул тууралуу Анас ушундайча кабар берет: “Ухуд согушу болгон кезде адамдар Пайгамбардын САВ жанынан узактап калышты, ошондо Абуталха Пайгамбардын САВ жанынан кетпей аны денеси менен тосуп жатты. Анткени ал жааны жакшы аткан жебечи эле. Ошондо ал эки же үч жааны сындырды. Ошол учурда мушриктердин бирөөсү ок салгыч саадак менен келип калса ага башка мушриктер Абуталхага ат, деп айтып жатышты. Пайгамбар САВ башын чыгарып адамдарга карайын дегенде Абуталха Пайгамбарга САВ: “Ата-энем сизге курман болсун, артымдан чыкпаңыз душмандын огу сизге тийип кетет, сиз үчүн мен жан бергеним жакшы”- деген сөзүн айтып жатты.

Анас айтат: “Абуталха Пайгамбарды САВ далдаалап бир адамдай болуп тосуп турду. Анткени ал жааны өтө түз аткан жаачы эле. Ошондо ал жааны аткан кезде Пайгамбар САВ башын чыгарып кайсыл жерге тийди экен деп карап жатты.

Ал эми Абудажаана да Пайгамбардын САВ алдына чыгып денеси менен аны тосуп жатты. Ошондо Абудажаанага жаанын октору тийди, бирок ал кыймылдап да койгон жок.

Хаатиб ибну Абубалта болсо Пайгамбардын САВ алдыңкы тишин сындырган Утба ибну Абуваккасты кууп барып кылычы менен башын томолото чапты, анан анын атын жана кылычын алып алды. Саьд ибну Абувакка бир тууганы Утба ибну Абуваккасты мусулмандарга душман болгондугу үчүн өлтүрүп салууну каалаган, бирок андай кылууга үлгүргөн жок, Утбаны Хаатиб өлтүрдү.

Сахл ибну Ханиф болсо жааны эң жакшы аткан азаматтардан эле. Ал Пайгамбарга САВ акыркы жаным калганга чейин турам деп кол берген болчу (байьат кылган).

Ошондуктан ал Пайгамбарды САВ коргоп мушриктерге каршы туруудa эң чоң рольду ойноду.

Пайгамбар САВ өзү жааны алып атып жатты. Катаада ибну Нууман айтат Пайгамбар САВ жааны атып жаткан кезде жаа кыйшайып кетти, ошондо аны Катаада алып ата баштады. Ошол күнү Катааданын бир көзүнө ок тийип көзү бетине чыгып калды, анан Пайгамбар САВ көзүн алып өз ордуна коюп койду, Ошондо Катаада кайсыл көзү экендигин да билбей көзү эң жакшы көрүп калды.

Ошол кезде Абдурахман ибну Ауф да аябай катуу салгылашты, акыры анын оозу жаракат болуп тиши түшүп калды. Жыйырма же андан ашуун жараат алып анын кээ бири бутуна тийип чолоңдоп калды.

Абусаид Худрийдин атасы Малик ибну Синан Пайгамбардын САВ жүзүндөгү канды соруп тазалап койду. Ошондо Пайгамбар САВ ага карап: “**Түкүрүп сал”-**деп айтты эле Малик: “Жок эч качан түкүрбөймүн”- деди да чабуулга кирип кетти. Пайгамбар САВ: “**Ким бейиш адамын көргүсү келсе анда муну карасын”-** деп Маликти көрсөттү. Ошентип ал катуу согушуп аягында шейит кетти.

Умму Аммаара (Аммааранын апасы) да бир нече мусулман жоокерлерине кошулуп салгылашып Абдулла ибну Камияга туш келип калды, ошол кезде Абдулла ибну Камия Умму Аммаараны кылычы менен желкесине уруп катуу жаракат кылып койду, ал аял да Абдулла ибну Камияны кылычы менен бир нече жолу ургулап салды, бирок Абдулланын үстүндө эки соот бар болгондуктан тирүү калып кутулуп кетти. Ошентип Умму Аммаара он экидей жараат алганга чейин жанын аябай катуу салгылашты.

Ал эми Мусьаб ибну Умайр аябагандай эрдик баатырдык менен Пайгамбарды САВ Абдулла ибну Камиянын жана башка мушриткердин чабуулунан коргоп жатты. Ошондо желек Мусьабтын колунда эле, анан анын оң колуна чаап колу үзүлүп кетти, ошол замат ал желекти сол колуна ала койду да

мушриктердин чабуулуна эбегейсиз сабыр кылды, акыры сол колун да чаап үзүп салды. Ошондо ал олтура калып желекти көкүрөгү мойну менен кысып акыры бул дүйнө менен кош айтышты. Мусьабты Абдулла ибну Камия өлтүргөн болчу, аны ал өлтүргөндө Пайгамбар САВ деп ойлоду, анткени Мусьаб Пайгамбарга САВ окшош эле. Ошондо Абдулла ибну Камия ал жерден дароо мушриктер тарапка барды да: “Мухаммед өлдү”- деп жар салып бакырып жиберди.

## ***Пайгамбардын САВ өлгөндүгү тууралуу кабардын тарашы, жана анын согушка тийгизген таасири:***

Бул бакырыка аз эле убакыт өтпөй эле Пайгамбар САВ өлдү деген кабар мушриктердин жана мусулмандардын арасына дароо тарап кетти. Ошол учур өтө ыңгайсыз учур болуп Пайгамбардан САВ башка жерде курчоодо калган мусулмандарды алсыздантып, согуштук маанайын чөктүрүп салды. Ошондо алар эмне кылаарын билбей алдырашып, катары бузулуп ары бери баш аламан болуп кетишти. Ошондой эле бул жарыя мушриктердин да мусулмандарга болгон чабуулун азайтты, анткени алар көздөгөн максатына жеттик деп ойлошуп чабуулду азайтышып, көпчүлүгү мусулмандардын өлүгү менен алек болуп калышты.

## ***Пайгамбар САВ согушту улантып курчуп турган абалды куткарып чыгып кетти:***

Мусьаб каза болгондон соң Пайгамбар САВ желекти Али ибну Абуталипке карматты эле ал күчүнүн барынча аябай катуу салгылашты. Ал эми ошол жердеги калган сахабалар да эбегейсиз эрдиктерин көрсөтүп, токтобостон салгылашып Пайгамбарды САВ коргоп жатышты.

Ошондо Пайгамбар САВ курчоодо калган жоокерлеринин курчоосун ачып кире алды да алардын алдына

келди. Кааб ибну Малик Пайгамбарды САВ көрө калып: “Оо, мусулмандар! Сүйүнчү мына Пайгамбар САВ тирүү экен”- деп катуу бакырып жиберди эле, ага Пайгамбар САВ унчукпа деп ишаарат кылды – анткени мушриктер билип калбасын деген болчу – дароо мусулмандар Пайгамбардын САВ айланасына чогула калышты, ошондо отуздай сахаба чогулду.

Ошентип чогулгандан соң Пайгамбар САВ аларды бир тартипте алып, мушрикетрдин жасаган чабуулун жарып кирип тоонун арасына чегинип жөнөдү. Чегинүүнү токтотуп калуу үчүн мушриктер чабуулду күчөйттү, бирок арыстандай болуп атырылып жөнөгөн ислам жоокерлеринин жанында мушрик жоокерлери эч нерсе кыла алган жок.

Мушрик атчан жоокерлеринин бири Усман ибну Абдулла ибну Мугийра Пайгамбарга САВ чабуул жасамакчы болуп: Эгер Мухаммед тирүү калса мен да тим болбоймун, деген сөзүн айтып жөнөп калды. Пайгамбар САВ да анын чабуулуна каршы аракет кылып калды эле Усмандын аты чуңкурга чатышып кетти, анан анын жанына Хаарис ибну Самма чуркап барып Усмандын бутуна бир уруп олтургуза койду, анан аны өлтүрүп салды да куралын алып Пайгамбардын САВ артынан ээрчип кетти.

Мекке атчандарынын дагы бирөөсү Абдулла ибну Жаабир Хаарис ибну Самманын артынан кууп келди да кылычы менен желкесине уруп катуу жарадар кылып салды, анан аны мусулмандар көтөрүп кетишти. Бирок кызыл чүпүрөк тагынган баатыр Абудажаана Абдулла ибну Жаабирге жетип келип кылычы менен башын ыргыта чапты.

Ошентип качууга аракет кылып урушуп жаткан учурда Куранда айтып өткөндөй бейпилдик, тынчтык үчүн Аллах Таала мусулман жоокерлерин уйкусуратып койду. Бул тууралуу Абуталха мындай дейт: “Ошол ухуд согушунда уйку каптаган кишилердин арасында мен да бар элем, уйкум келгендиктен колумдан кылычым бир нече жолу түшүп кетип кайра кайра колума алып жаттым.

Ушундай эрдик баатырдык тайманбастыктын натыйжасында мусулман жоокерлери бир калыпка тизилип тоонун арасына качып кирип кетишти. Булардын артынан калган мусулман жоокерлери да ошол коопсуз жерге качып келип кутулушту. Ошентип Пайгамбардын САВ акылмандык жана эрдүүлүгүнүн алдында Халиддин акылмандуулугу ишке ашпай калды".

## *Убай ибну Халафтын өлүмү:*

Бул тууралуу Ибну Исхак мындай дейт: "Пайгамбар САВ тоонун бооруна чыгып баратканда, артынан Убай ибну Халаф жетип келди да мындай деди: "Мухаммед кайда? Эгер ал тирүү калса мен да тим болбоймун". Ошондо сахабалар: "Оо, Аллахтын элчиси! Мунун артынан бирөөбүз барайлыбы?" -деп сурап калышты, Пайгамбар САВ: "**Жөн койгула келе берсин"-** деди. Анан Убай жакын келгенде Пайгамбар САВ Хаарис ибну Самманын найзасын алды да мээлеп туруп бир урду эле мойнуна тийип атынан ыргып кетти, ошентип Убай атынан бир канча ирет кулап түшүп жатты, анткени найза мойнун кан ага турган кылып тешип кеткен болчу. Анан Убай өз жоокерлеринин жанына жарадар абалда жетип келди да мындай деди: "Аллахка ант Мухаммед мени өлтүрдү го", жанындагы жоокерлер ага карап: "Сен эр жүрөк элең го, чындыгында сенин жүрөгүң коркок болуп калыптыр", анда Убай аларга: "Мухаммед Меккеде жүргөндө: Мен сени өлтүрөмүн"- деп мага айткан эле, (1- Ал да Пайгамбар САВ Меккеде жүргөн кезинде Убай Пайгамбарды САВ жолуктуруп: "Оо, Мухаммед! Менин бир атым бар аны жакшылап жемдеп жатам, ошону менен сени өлтүрөмүн"- дегенде Пайгамбар САВ: "**Жок, мен сени өлтүрөмүн Кудай буйурса"-**деп айткан эле) Аллахка ант азыр ал мага түкүрүп койсо да өлүп калчудаймын. Ошентип Аллах душманы Убай Меккеге кайтып келатканда жолдо кан агып кансырап өлдү.

Абуасваддын риваятында Урва мындай дейт: “Ошондо Убай өгүзгө окшоп окшуруп-окшуруп бакырып: “Жаным лаат жана уззанын колунда болгонго ант, менин ордумда зи-Мажааз эли болгондо алардын баары өлүп калмак”- деген сөзүн айтып жан берди.

## *Талха Пайгамбарды САВ көтөрдү:*

Тоо бооруна чегинип келатканда Пайгамбардын САВ алдынан чоң аска таш чыгып калды да таштын үстүнө чыга албай калды, анткени Пайгамбар САВ эки соот кийгендиктен аябай оор болуп калган болчу, анын үстүнө жарааты да аябай оор эле. Ошондо таштын астына Талха ибну Убайдулла дароо олтура калып Пайгамбарды САВ көтөрүп таштын үстүнө чыгарып койду. Пайгамбар САВ Талхага карап: “**Талхага бейиш важип болду”-** деген сөзүн айтты.

## *Мушриктердин акыркы чабуулу:*

Пайгамбар САВ жоокерлер орношкон жерден качып тоонун үстүнө чегингенден соң, мушриктер мусулмандарды жок кылуу максатында акыркы чабуулун жасашты. Бул тууралуу Ибну Исхак мындай дейт: Пайгамбар САВ тоо бооруна чыккан кезде Абусуфян жана Халид ибну Валиддин башкаруу астында бир канча курайш жоокерлери мусулмандардын артынан тоого чыгып келишти, ошондо Пайгамбар САВ: “**Аллахым! Булар бизден өйдө чыгып кетпесин”-** деп Аллахка кайрылды. Анан Умар ибну Хаттаб менен он чакты мухажириндер аларга каршы чыгып тоодон түшүрүүгө мажбур кылып ылдый түшүрүп салышты.

Магазий Умавий китебинде ушундай келет: Ошол кезде мушриктер да тоого чыгып келишти, ошондо Пайгамбар САВ Саьдка карап: “**Буларды ылдый түшрүп сал!”-** деп айтты, Саьд: “Жалгыз өзүм кантип кайтара алам?” -деп үч жолу

кайталады. Анан Саьд саадагынан жаанын огун алды да бирөөсүнө бир атты эле ок так өзүнө тийип өлүп калды. Саьд айтат: Дароо түшүндүм да экинчи окту алып дагы бирөөсүн өлтүрө аттым, анан кайра бир окту алдым да бирөөсүн дагы өлтүрө аттым. Ошондо мушриктер корконунан тоодон ылдый карап түшүп кетишти. Өзүмө өзүм: Бул мубаарек ок, деп айттым да окту кайрадан саадака салып сактап койдум. Ошентип Саьддын мубаарек огу каза болгончо өзүндө болду, Саьд каза болгондон кийин аны балдары сактап жүрдү.

## *Шейттерге шек келтирүү:*

Мушриктердин Пайгамбарга САВ болгон ушул чабуулу акыркысы болду. Анткени алар Пайгамбардын САВ өлгөн өлбөгөнүн биле алышпай күмөн болгон абалда жоокерлери жайгашкан жерге кайтып келишип Меккеге кайтууга камданып жатышты. Ошондо аялдары өлгөн мусулмандардын денеси менен алек болушуп кээ биринин кулак-мурундарын, уяттуу жерлерин кесишип курсактарын жарып жатышты. Ал эми Хинд бинту Утба болсо Хамзанын курсагын жарып боорун оозуна алып чайнады.  Ал эми кулак-мурундарынан болсо шакектерди жасап шылдыңдап жатышты.

## *Эр жүрөк мусулмандар согуштун акырына чейин согушууга даяр экендигин билдирүү:*

Согуштун акыркы сааттарында эки окуя болду, анда эр жүрөк мусулмандар согуштун акырына чейин согушууга жана Аллах жолунда өз жандарын курмандык кылууга даяр экендигин бидиришти.

1- Бул тууралуу Кааб ибну Маалик айтат: “Ошондо мен да мусулмандар менен согушка чыккан болчумун, мушриктер мусулмандарды курчап өлтүрүп жатканын көргөнүмдө четке чыгып турдум. Бир маалда мушрикетрдин бирөөсү

мусулмандардын жанынан өтүп: “Кой топтолгондой топтолгула”- деп айтып жатыптыр. Анан анын жакын келүүсүн башын ороп алган  бир мусулман күтүп жатканын байкадым. Акырын басып анын арт жагына өтүп, мусулман да мушрик да көрүнө турган жерге барып экөөнө көз салып карап турдум. Карасам жанагы мушрик согушууга даяр өтө жакшы куралданыптыр. Экөө беттешкенче көзүмдү албай күтүп акыры экөө беттеше баштады, мусулман мушрикти бир койду эле санына чейин кесип экиге бөлө койду. Анан мусулман башындагысын чечип туруп: “Кандай кылдым оо, Кааб? Мен Абудажаанамын”- деп айтты”.

2- Согуштун аягында согуш майданына бир канча мусулман аялдары келди. Анас айтат: “Ошол кезде Абубакирдин кызы Айша жана Умму Салим келгендигин көрдүм. Экөө түрүнүп, жардамга аябай даярданып алыптыр, желкесине суу көтөрүп ары бери катуу чуркашып жоокерлерге сууну берип, суу түгөнсө кайра алып келип берип жатышыптыр”. Умар айтат: «Ухуд согушунда Умму Салит (Салиттин апасы) бизге суу жеткрип турду”.

Келген аялдардын арасында Умму Айман да бар болчу, ал аял мусулман жоокерлеринин чачыранды болуп, кээ бири Мадинага качып кирип баратканын көрүп калып алардын бетине топурактан чачып, кээ бирине: Мына сага тээ ийикти алып үйдө жүн ийрип олтур да кылычты мага бер, деп айтты да согуш майданына чуркап кетти. Майданга барып жарадарларга суу ташып жатты. Ошондо Умму Айманды мушрик Хиббан ибну Арка жаа менен бир атты эле Умму Айман жерге кулап түшүп денеси ачылып калды. Аны көргөн Аллах душманы Хиббан каткырып күлүп жатты. Пайгамбар САВ бул абалды көрүп чыдай албай Саьд ибну Абуваккаска жаанын огун берди да: “**Муну менен тигини ат”-** деп айтты, Саьд мээлеп туруп бир атты эле ок тамагына так барып тийди, Хиббан чалкасынан ыргып түшүп өзүнүн денеси ачылып калды. Ошондо Пайгамбар САВ тиши көрүнгөнчө каткырып

күлдү да мындай деди: (Мына) “**Саьд адилеттүүлүк кылды, Аллах сенин дубаңды кабыл кылсын”.**

## *Согуш бүтүп Пайгамбар САВ тоого чегинип чыгып кетти:*

Пайгамбар САВ тоого чегинип кутулгандан соң Али ибну Абуталип РА ошол жактагы бир чуңкурдан калканына суу толтуруп Пайгамбарга САВ ичүүгө алып келди, - кээ бир риваятта ошол жактагы бир чуңкур таштан сууну толтурган деп келет, кээ биринде ухуд тоосундагы Михрас деген суунун аты деп келет – Пайгамбарга САВ ичүүгө алып келгенде суу жыттанып калыптыр, анан аны ичпей бетиндеги канын жууп башына да куйуп мындай деди: “**Пайгамбардын жүзүн кан жалаткандарга Аллахтын каары келди”.**

Сахл айтат: Аллахка ант, Пайгамбардын САВ жараатын ким жуугандыгын ага ким суу куйуп бергендигин жана эмне менен даарылагандыгын билем. Пайгамбардын САВ кызы Фатима жараатын жууду, Али ибну Абуталип калкан менен суу куйуп берди. Фатима жараатты жууса да кан токтобой ага бергендиктен, кийиз кыркындысын алды да аны күйгүзүп туруп жараатка басканда гана кан токтоду.

Мухаммед ибну Маслама ичүүгө боло турган таза суу алып келип Пайгамбарга САВ сунду, сууну ичип Пайгамбар САВ Мухаммедке батасын берди. Анан бешим намазын Пайгамбар САВ жарааттын айынан олтурган абалда окуду, артындагы мусулмандар да олтуруп окушту.

## *Согуш бүткөндө Абусуфяндын табасы канды жана Умар менен сүйлөштү:*

Мушриктер кетүүгө даяр болуп кетмекчи болгондо Абусуфян тоого келди да: Араңарда Мухаммед барбы? Деп бакырды эле эч ким жооп берген жок. Анан кайрадан:

Араңарда Ибну Абукухаафа (Абубакир) барбы? Араңарда Умар ибну Хаттаб барбы? Десе да эч ким жооп кайтарган жок, анткени Пайгамбар САВ жооп бербегиле деп тыюу салган эле. Абусуфян ушул үчөөнү гана сурады, анткени өзү да Курайш коому да ушул үчөө менен ислам дини калыптанаарын өтө жакшы билишчү. Ошондо Абусуфян: "Ии, бул үчөөнү жок кылдыкпы"- дегенде Умар өзүн кармана албай кетип: "Ээй Аллахтын душманы! Сен сураган кишилердин баары тирүү, сага дагы зыян алып келүү үчүн Аллах аларды тирүү калтырды". Абусуфян: "Кылган ишиңерди көрдүм, мага эч кандай зыян алып келе албадыңар".

Кайрадан Абусуфян: «Хубал кудай жогору"- деп айтты.

Пайгамбар САВ: "**Жооп бербейсиңерби?"-**дегенде, сахабалар: Эмне деп жооп берели? Пайгамбар САВ: "**Аллах андан да жогору жана бийик даражалуу"-** деп жооп бергиле, дегенде ошентип жооп кайтарышты.

Абусуфян: Биздин Узза (кадыр барктуу) Кудайыбыз бар, силердин Кудайыңар жок.

Пайгамбар САВ: "**Жооп бербейсиңерби?"** -дегенде, сахабалар: Эмне деп жооп берели? Пайгамбар САВ: "**Аллах биздин Кудайыбыз, ал эми силердин эч кандай Кудайыңар жок"-** деп жооп бергиле, анан сахабалар ошентип жооп беришти.

Абусуфян: Бир күн силерге бир күн бизге, бул күн бадр согушунун ордуна болду, согуш ушундай болуп айланып турат.

Умар: Жок андай тең болбойт, бизден өлгөндөр бейиште, ал эми силерден өлгөндөр тозокто, деп жооп берди.

Ошондо Абусуфян: Оо, Умар! Бери келчи бир нерсени сурайын, дегенде Пайгамбар САВ Умарга: "**Барчы эмне дээр экен".** Умар Абусуфянга келгенде ал: "Аллахтын аты менен сураймын айтчы оо, Умар! Мухаммедди өлтүрдүкпү?" Умар: "Аллахтын аты менен айтам жок, эч качан, ал азыр сенин

сөзүңдү угуп турат”. Абусуфян: “Чындыгында сен Абдулла ибну Камияга караганда туура жана чын сүйлөйсүң”.

## ***Ай толгон убака жолугушуу убадасы берилди:***

Ибну Исхактын риваятында мындай келет: Абусуфян менен жанындагы кишилер артка кайтып кетип жатып мындай деди: «Эми силер менен келерки жылдын ай толгон убагына жолугушабыз”. Пайгамбар САВ сахабаларынын бирөөсүнө: **“Ооба бул биз менен сенин ортоңдогу убада, деп жооп бер”-** дегенде ал сахаба аларга ошентип жооп берди.

## ***Мушриктердин эмне кылаарын байкаштыруу:***

Согуш бүткөндөн соң Пайгамбар САВ Али ибну Абуталипти мушрикетрди байкап келүүгө жиберип мындай деди: “**Мушриктердин артынан барып эмне кылып жаткандыгын байкап кел. Эгер аттарга минбестен төөлөрүн даярдап жаткан болсо анда Меккеге жөнөп жатышкан болот. Ал эми аттарга минип төөлөрүн айдап алган болсо анда Мадинага чабуул жасаганга даярданып жаткан болот. Менин жаным анын колунда болгон Аллахка ант, эгер Мадина тарпка даярданып жаткан болсо анда артынан барып аларды жер менен жексен кылам”.** Али айтат: “Мушриктердин артынан аңдып келүү үчүн жөнөп кеттим, барсам аттарга минбей төөлөрүн даярдап Меккени көздөй жөнөп кетишти”.

## ***Жарадар жана өлгөндөрдү карап чыгуу:***

Курайш жоокерлери кеткенден соң мусулмандар жарадар жана өлгөндөрдү карап чыгуу үчүн келишти. Зейт ибну Саабит айтат: “Пайгамбар САВ ухуд согушунда мени Саьд ибну Рабиини карап келүүгө жөнөтүп жатып мындай деди: “**Эгер**

**аны көрсөң менден салам айткын да ага: Пайгамбар САВ абалың кандай? -деп сурап жатат дегин”.** Ошентип аны издөөгө бет алып өлгөндөрдүн арасын карап жаттым, акыры аны таап карасам денесинде найза сайылган, кылыч тийген ок атылган жетимиштей жарааты менен акыркы демин алып жатыптыр. Ага карап: “Оо, Саьд! Аллахтын элчиси САВ сага салам айтты, анан абалыңды сурады”. Саьд акыркы демин чыгарып жатып: “Аллахтын элчисине САВ да салам болсун, мына мен бейиштин жытын жыттап жатканымды Аллахтын элчисине жеткиргин”- деп айтты да ошо замат оо дүйнө салды.

Жарадарлардын арасынан Асийрамды табышты – Амру ибну Саабит – ал да денеси жарадар болуп жаткан экен. Анткени Асийрамды алдың исламга үгүттөп жатканда ал баш тартып жаткан эле. Ага карап мусулмандар: “Бул Асийрам эмнеге келди? Буга биз исламды кабыл кыл деп үгүттөгөнбүздө бул каалабай жаткан эле го, эмнеге келдиң? Айтчы, элиңди коргойун деппи же исламды коргойун деп келдиңби?” Асийрам: “Исламды коргойун деп келдим, Аллахка жана анын элчисине ыйман келтирдим. Анан Пайгамбар САВ менен бирге уруштум, эми мына өзүңөр көрүп тургандай жарадар болуп жатам”- деп айтты да бул дүйнө менен кош айтышты. Бул тууралуу Пайгамбарга САВ жеткиришти, ошондо Пайгамбар САВ: “**Ал бейишке кирет”-** деген сөзүн айтты. Абухурайра айтат: Асийрам Аллахка эч намаз окубай чоң даражага ээ болду, (мындайча айтканда аз амал кылып көп сооп тапты).

Жарадарлардын арасынан Казманды табышты, ал баатырларча согушуп өзү жалгыз жети же сегиз мушрикти өлтүрдү. Анын жарааты өтө оорлошуп кеткендиктен аны Зуфар уруусунун үйүнө алып келишти. Мусулмандар ага чоң-чоң соопторго ээ болдуң деп сүйүндүрүп жатканда ал: “Жок, мен элимдин кадыр баркы үчүн уруштум, эгер элим үчүн болбогондо урушмак эмесмин”- деген жоопту айтты. Ошентип анын жарааты күчөйгөндүктөн ал өзүн өзү өлтүрүп салды.

Пайгамбарга САВ бул кабар угулганда: “**Ал тозоку болду”-** деген сөзүн айтты. Мына бул Аллах үчүн эмес коому үчүн согушкандардын абалы ушундай болот, эгер ушул сыяктуулар ислам желегинин астында, Пайгамбар жана анын сахабалары менен бирге урушса да бараар жери тозок.

Ушул сыяктуу окуянын тескериси, өлгөндөрдүн арасында жөөттөрдүн Саалаба уруусунан бир жөөт киши бар эле, ал жөөт элине: “Оо, жөөт эли! Мухаммед силерди жеңээри акыйкат экендигин билип эле турасыңар”- дегенде эли: “Бүгүн ишемби күн”- деп жооп беришти, ошондо ал жөөт: “Ишембиңер курусун”- деп айтты да курал жарагын алып: “Эгер өлгөн болсом мал-мүлкүм Мухаммедке болсун, аны эмне кылса өзү билет”- деген сөзүн айтты да мусулмандар менен кошо согушуп акыры оо дүйнө салды. Бул жөөт тууралуу Пайгамбар САВ: “**Мухайрик эң жакшы жөөт”-** деген сөзүн айтты.

## *Шейиттерди топтоп кабырга койуу:*

Согушта өлгөн шейиттердин денеси чогулгандан соң Пайгамбар САВ аларга карап мындай деди: “**Буларга мен өзүм күбө болом. Кайсыл бир инсан Аллах жолунда жарадар болсо, анда Аллах аны кыямат күнү кан аккан жерин кан түсүндө кылып, анын жытын жыпар жыт кылып тирилтет”.**

Кээ бир сахабалар өлүктөрүн Мадинага алып кетишкен эле, бирок Пайгамбар САВ алырды кайтарып өлгөн жерге алып келип жуубастан, үстүндөгү кийими менен, кылыч окторун чыгаргандан соң ошол жерге көмүлөт деп буйруду. Ошондо эки же үч шейитти бир кабырга койуп, кээ бир эки кишиге бир кийимди жаап: “**Бул экөөнүн кимиси Куранды жакшы билээр эле?”** -деп сурап, эгер бирөөсү көрсөтүлсө анда ошонусун кабырдын алды жагына койуп көмүп: “**Буларга кыямат күнү өзүм күбө болом”-** деген сөзүн айтты.

Абдулла ибну Амру ибну Харам менен Амру ибну Жамух экөөнүн ортосунда достук сүйүүсү болгондуктан экөөнү бир кабырга койду.

Ханзаланын денесин издешип аны бир чекеден табышты , ошондо анын денесинен суу тамчылап жатканын көрүштү. Пайгамбар САВ сахабаларына Ханзаланын денесин периштелер жууп жаткандыгын айтып мындай деди: **“Ханзаланы үй-бүлөсүнөн сурагылачы эмне болуптур?”** Сахабалар анын аялынан сурашканда, аялы жаңы үйлөнүп гусул албастан туруп согушка чыгып кеткендигин айтканда, аны периштелер жууп жаткандыгы белгилүү болду да, Ханзаланы периштелер жууду деген атка конду.

Пайгамбар САВ агасы Хамзанын абалын көрүп аябай кейип кайгыга батты. Пайгамбардын САВ эжеси Хамзанын бир тууганы Сафия Хамзанын денесин көрүүгө келгенде, Сафиянын баласы Зубайрга Пайгамбар САВ Хамзанын денесин көрсөтпөй эле апаңды алып кет, деп буйруду. Ошондо Сафия: “Эмнеге? Бир тууганымды кандай кылып салгандыгы мага жетти, кандай болсо да Аллах үчүн болду, ага Кудай буйурса сабыр кылып Аллах сообун берсин деп үмүт кылгандан башка арга жок”- деп айтты. Анан Хамзанын жанына келип ага дуба кылып, баарыбыз Аллахтын мүлкүбүз, баарыбыз ага кайтып барабыз, Аллахым! Мунун күнөөлөрүн кечире көр, деген батасын кылды. Анан Пайгамбар САВ Хамзаны Абдулла ибну Жахш менен бирге көмүүгө буйруду, анткени Абдулла Хамзанын эжесинин баласы жана эмчектеш бир тууганы болчу.

Ибну Масьуд айтат: “Пайгамбардын САВ Хамза ибну Абдулмуталиптен башкасына катуу ыйлаганын көрбөдүк. Аны кыбла тарапка койду да жаназасына туруп анан боздоп ыйлап жатты”.

Шейиттердин денеси өтө жаман абалда, боорлору майдаланган эле. Хаббаб мындай дейт: “Хамзанын үстүнө жапканга кепин жок, чепкен гана бар болчу, эгер чепкенди

башына жапсак буту ачылып калат, бутуна жапсак башы ачылып калат, анан чепкенди башына жаптык да бутуна камыш жаап койдук”.

Абдурахман ину Ауф айтат: «Мусьаб ибну Умайр согушта каза болду, ал менден жакшы адам болчу. Аны кепиндегенге бир чепкен бар эле, аны менен башын жапсак буту ачылып калат, бутун жапсак башы ачылып калат. Ушул сыяктуу риваятты Хаббаб да айтып өткөн. Ошондо Пайгамбар САВ бизге мындай деди: “**Муну менен башын жаап бутуна камыш жапкыла”.**

## *Пайгамбар САВ Кудай Таалага мактоо айтып дуба кылды:*

Бул тууралуу имам Ахмад риваят кылат: Ухуд согушу болгондо мушриктер чегинип артка кеткенден соң Пайгамбар САВ сахабаларга: “**Катарга тизилгиле Раббиме мактоо айтып дуба кыламын”-** деп айтты. Сахбалар Пайгамбардын САВ артына катар болуп тизилип калышты, анан Пайгамбар САВ ушундай деп дуба кыла баштады:

**“Аллахым! Сага гана бардык мактоолор болсун, Аллахым! Сен бергенди эч ким ала албайт жана Сен алганды эч ким бере албайт, Сен хидаят-туура жолдон адаштырганды эч ким туура жолго сала албайт жана Сен хидаят-туура жолго салганды эч ким адаштыра албайт, Сен берген нерсени токтотуучу жана Сен токтоткон нерсени берүүчү эч ким жок, Сен алыстатканды эч ким жакындата албайт жана Сен жакындатканды эч ким алыстата албайт. Аллахым! Бизге Өзүң тараптан берекеңди, мээримиңди, пазилетиңди жана ырыскыңды бере көр.**

**Аллахым! Албетте мен Сенден түгөнгүс кетпес нээмат-жакшылыкты сурайм, Аллахым! Оорчулук жана коркунучтуу күндөрү Сенден жардам жана бейпилдик**

**сурайм, Аллахым! Бизге берген жана бизден тыюу салган ар кандай жамандыктан сактооңду сурайм, Аллахым! Бизге ыймандуулукту сүйдүрүп аны жүрөгүбүзгө орноштур, каапырдыкты, бузукулукту жана күнөөнү бизден узак кылып туура жолдо жүргөндөрдөн кыла көр. Аллахым! Бизди мусулман абалда жаныбызды алып кайра мусулман абалда тирилтир, саалих пенделериндин катарына кошуп, ар кандай пастык фитна-бузукулуктан сактай көр. Аллахым! Өз Пайгамбарларыңды жалганга чыгарган жана Өзүңдүн жолуңдан тоскон каапырларды жер менен жексен кыл, аларга Өзүң тараптан азап-тозокту жөнөт. Аллахым! Сен тараптан китеп келип каапыр болгондорду жок кыл, чындыгында Сен кудуреттүү Кудайсың".**

## *Мадинага кайтуу, Пайгамбарга САВ болгон чыныгы сүйүүнү жана урмат-сыйды билдирүү:*

Пайгамбар САВ шейиттерди кабырга коюп, Аллах Таалага мактоолорду айтып, жалынып жалбарып дуба кылып бүткөндөн соң Мадинага кайтты. Согуш учурунда Пайгамбарга САВ болгон урмат-сыйын, сүйүүсүн билдирген аялдардай, жолдо келатканда да кээ бир аялдар урмат-сыйын сүйүүсүн билдиришти.

Пайгамбар САВ жолдо келатканда Химна бинту Жахш жолуктурду, Химнага бир тууганы Абдулла ибну Жахштын каза болгондугун айтканда ал бир тууганы үчүн сабыр кылып истигфар айтты. Анан Химнага тайекеси Хамза ибну Абдулмуталиптин каза болгонун айтканда тайекеси үчүн да сабыр кылып истигфар айтты. Андан соң күйөөсү Мусьаб ибну Умайрдын каза болгондугун айтканда Химна бакырып ыйлап кирди, ошондо Пайгамбар САВ: "**Күйөөнүн аялы үчүн өзүнчө чоң орду бар"-** деген сөзүн айтты.

Пайгамбар САВ жолдо келатып Динар уруусунан бир аялды жолуктурду. Ал аялдын күйөөсү агасы жана атасы ухуд согушунда каза болгон эле, булардын каза болгондугун айтканда аял: “Пайгамбарга САВ эч нерсе болбодубу?”-деп сурап калды, аялга: “Эч нерсе болгон жок оо, баланчанын апасы! Аллахка шүгүр өзүң каалагандай аман эсен эле”, дегенде аял: “Пайгамбарды САВ мага көрсөткүлөчү анда”- деп сурап калды, аялга Пайгамбарды САВ көрсөтүшкөндө аны көрүп мындай деди: “Сиз эсен болсоңуз калган мусийбаттардын баары эч нерсе эмес”.

Жолдо дагы Саьад ибну Муаздын апасын жолуктурду, Саьад болсо Пайгамбардын САВ атын жетелеп келаткан эле. Апасын көрүп Саьад: “Оо, Аллахтын элчиси! Апам келатат”- дегенде Пайгамбар САВ: “**Кош келиптир”-** деп айтты. Анан Саьаддын апасы Пайгамбардын САВ жанына келгенде ага баласы Амру ибну Муаздын каза болгондугун айтты. Ошондо ал аял Пайгамбарга САВ: “Сиздин эсен болгонуңузду көргөндөн кийин мусийбаттардын баары азайып калды”- деп жооп берди. Анан Пайгамбар САВ ухуд согушунда каза болгондордун үй-бүлөсүн чакырып жакшы сөздөрүн айтты да Саьаддын апасына мындай деди: “**Оо, Саьаддын апасы! Силерге сүйүнүч кабар, бул үй-бүлөлөрдөн каза болгондордун баары бейишке кирет, анан баары өз үй-бүлөсүнө (кыяматта) шапаат кылат.”** Ошондо Саьаддын апасы: “Оо, Аллахтын элчиси! ошого ыраазы болдук, ушул сөздөн кийин буларга ким ыйлаар эле? Оо, Аллахтын элчиси! артында калгандарга дуба кылып койсоңуз”- деп сурап калды. Пайгамбар САВ: “**Аллахым! Булардын жүрөгүндөгү кайгы-капаны кетир, мусийбатын жок кыл жана артында калгандарга жакшылык бере көр”-** деген батасын берди.

## *Пайгамбар САВ Мадинага келди:*

Ошол ишемби күнү кечинде 3- хижрий жылы шаввал айынын жетисинде Пайгамбар САВ Мадинага кирди. Үйүнө келип киргенден соң кылычын кызы Фатимага берип: “**Кызым, мунун кандарын жууп койчу, Аллахка ант, чындыгында бүгүн бул өз милдетин аткарды”.** Ошондо Али ибну Абуталип да кылычын алып Фатимага берди да: Мунун да кандарын жууп койчу, Аллахка ант, чындыгында бүгүн бул да өз милдетин аткарды. Пайгамбар САВ: “**Эгер сен айткандай өз милдетин аткарган болсо, анда сени менен кошо Сахл ибну Ханиф менен Абудажаана да өз милдетин аткарыптыр”-** деген сөзүн айтты.

## *Эки тараптагы өлгөндөрдүн саны:*

Көпчүлүк риваят кылгандар бир пикирге келип, мусулмандардан жетимиш киши каза болгон деп табышкан. Алардын көпчүлүгү ансарлардан болуп, алтымыш беш кишиси каза болду. Булардын ичинен кырк бирөөсү Хызраж уруусунан, ал эми жыйырма төртү Аус уруусунан эле. Калган бешөөнүн бирөөсү жөөттөрдөн болуп, ал эми төртөөсү гана мухажириндерден болду.

Мушриктердин өлгөндөрүн Ибну Исхак жыйырма эки деп риваят кылган. Бирок тарыхчылардын баарынын ушул согуш тууралуу жазгандарын текшерип терең изилдеп карап көргөндө жыйырма эки эмей эле отуз жети болуп чыкты. Бирок *Аллах жакшыраак билүүчү.*

## *Мадинада абалдын курчуусуна этият болуу:*

Ошол күнү кечинде – базар күнү, шаввал айынын сегизи, 3 – хижрий жылы - мусулмандар абалдын курчуп кетүүсүнөн сактанып укташты, ошондо аябай эле чарчап калышкан болчу.

Мадина шаарынын айланасын, эшиткерин кайтарып турушту. Өзгөчө эң чоң аскер башчы болгон Пайгамбарды САВ коргоп жатышты. Анткени мушриткер кайра келип калат деген ар кандай сөздөр угулуп жаткан болчу.

## *Хамраа-Асад жортуулу:*

Ошол күнү кечинде Пайгамбар САВ абалдын курчуп кетүүсүн ойлоп уктады. Анткени мушриктер согуш майданында жеңгени менен эч кандай пайда ала алган жок деп ойлонуп, ошого өкүнүп Мадинага чабуул жасоо үчүн кайра артка кайтып келүү коркунучу турган болчу. Ошондуктан Пайгамбар САВ Мекке жоокерлеринин артынан кууп баруу чечимин чыгарды.

Согуш тарыхын жазган тарыхчылар бул тууралуу мындайча баяндайт: Ухуд согушунун эртеси эрте менен, жекшемби күнү, шаввал айынын сегизи, 3 – хижрий жылы Пайгамбар САВ элдерди чогултуп душман менен беттешүүгө чакырып мындай деди: “**Биз менен кечээ согушка катышкандар гана чыксын”,** ошондо Абдулла ибну Убай: “Сиз менен чыгайынбы?”-дегенде Пайгамбар САВ: “**Жок”-** деп жооп берди. Башка мусулмандар оор жарааттарына, катуу коркунучка карабай Пайгамбардын САВ сөзүнө: “Баш үстүнө, айтканыңыздай болот”-деп жооп беришти. Жаабир ибну Абдулла: “Оо, Аллахтын элчиси! Сиз кандай согушка барбаңыз сиз менен бирге барууну каалайм. Кечээ атам кыздарын карап тур деп калтырып койгон болчу, ошондуктан уруксаат берсеңиз сиз менен кошо барайын”- деп суранып калганда Пайгамбар САВ уруксаат берди.

Ошентип Пайгамбар САВ жоокерлерин алып жолго чыгып, Мадинадан сегиз чакырымдай узак болгон Хамраа-Асад деген жерге жетип аскерин ошол жерге жайгаштырды.

Ошол жерде турганда Хузааьа уруусунан Маьбад ибну Абумаьбад аттуу киши Пайгамбарга САВ келип исламды

кабыл кылды – бирок кээ бир риваяттарда ал өз дининде мушрик эле болгон болчу, Хаашим уруусу менен Хузааьа уруусунун ортосундагы союздаштыктан улам Пайгамбарга САВ жардам берүүнү каалаган деп келет. Ошондо ал мындай деди: Оо, Мухаммед! Чындыгында силерге кыйын абал түшүп турганын билип эле турабыз, биздин каалообуз Аллах силерди бул абалдан чыгарса экен, деп айтты – Пайгамбар САВ аны Абусуфянга барып Меккеге кетүү үчүн коркута турган сөздөрдү айтып келүүгө жиберди.

Мушриктер артка Мадинага кайтып келүүсү ыктымал деген Пайгамбардын САВ ою туура болуп чыкты. Анткени алар Мадинадан отуз алты чакырым узака жеткенде Раухаа жерине токтошуп өз ара өкүнүшүп жатты. Ошондо бир бирине: “Эч нерсе кылган жокпузго, аларды курчадыңар анан кайра коюп жибердиңер, башчылары тирүү калды эми кайра күч топтоп бизге келет, ошондуктан кеч боло элегинде артка кайтып өз жеринде жок кылалы”- деген сөздөрдү айтышты.

Бул пикир руханияты алсыз күчсүздөр үчүн анча деле жага берген жок. Ошондуктан бул пикирге жоопкерчиликтүү аскер башчыларынын бири Сафван ибну Умай каршы чыгып мындай деди: “Оо, эл журт! Ал пикирден кайткыла, анткени алар согушка чыкпай калгандарын чогултуп кайра көбөйүп кетүүсүнөн корком. Ошондуктан үйгө кайталы, бийлик өз колубузда кала берет, эгер артка (Мадинага) кайтсак анда бийлик колдон кетүү коркунучу бар, буга мен кепилдик бере албайм. Тилеке каршы бул сөзгө көпчүлүк көнбөй артка Мадинага кайтууга макул болушту. Бирок Абусуфян мушрик жоокерлерин алып ордунан жыла элегинде Маьбад ибну Абумаьбадды жолуктуруп калды. Анткени Абусуфян анын исламга киргендигин билген жок”. Ошондо Абусуфян: “Оо, Маьбад! Жолдо эч нерсе көрбөдүңбү?”- деп сурап калды, Маьбад: “Мухаммед жоокерлерин алып силерди көздөй келе жатат, аябай көп жоокер чогултуптур андай көп жоокерди эч көрбөгөн элем, силерди көздөй өтө каардуу келатышат, кечээ

согушка чыкпай калгандар кылган иштерине өкүнүп, алардын баары чыгыптыр, андайды эч көргөн эмес элем”- деген сөзүн айтты.

Абусуфян коркуп кетип: «Ыя, эмне деп жатасың?»

Маьбад: «Аллахка ант, бул адырлардан атчандарынын алды чыгып кала элегинде батыраак кетип калганың жакшы”.

Абусуфян: “Аллахка ант, артка кайтып аларга чабуул жасайбыз деген пикирдебиз”.

Маьбад: “Андай кылбаганың жакшы болот го”.

Ошондо Мекке жоокерлеринин руханияты чөгүп коркунуч каптап туруп калды, жолун улап Меккеге кайтабыз деп камдана башташты. Бирок Абусуфян артынан кууп келаткан ислам жоокерлерин токтотуп согушту болдурбоо аракетин жасоо үчүн айла табуу аракетин издеп бир айла тапты. Ошол мезгилде Абдулкайс уруусунан бир кербен Мадина тарапты карай баратып Абусуфяндарга учурап калды. Ошондо Абусуфян аларга ушундай деди: “Силер Мухаммедке бир кабарды жеткире аласыңарбы? Эгер жеткире алсаңар Меккеге Укказ базарына келгениңерде бул кербениңерге мөмөнүн кургатылганын толтуруп берээр элек”.

Кербенчилер: «Макул”- деп макулдугун беришти. Абусуфян аларга ушуну айтты: “Курайш жоокерлери артка кайтып сага жана сенин жолдошторуңа чабуул жасоо үчүн келе жатышат деп Мухаммедке жеткирсең болду”.

Кербенчилер Пайгамбар САВ менен жоокерлерин Хамраа-Асадда турган жеринде жолуктурду да Абусуфян айткан кабарды айтып берип мындай дешти: “Курайш жоокерлери топтолуп кайра келе жатышат, ошондуктан алардан этият болуп корккула”. Бирок бул сөздөн мусулмандар эч коркпостон ыйманына ыйман кошулду. Аллах Таала бул тууралуу ушундай дейт:

الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُواْ لَكُمْ فَاخْشَوْهُمْ فَزَادَهُمْ إِيمَاناً
وَقَالُواْ حَسْبُنَا اللّهُ وَنِعْمَ الْوَكِيلُ {آل عمران/173} فَانقَلَبُواْ بِنِعْمَةٍ مِّنَ اللّهِ

وَفَضْلٍ لَّمْ يَمْسَسْهُمْ سُوءٌ وَاتَّبَعُواْ رِضْوَانَ اللّهِ وَاللّهُ ذُو فَضْلٍ عَظِيمٍ {آل عمران/174}

***“Аларга адамдар: Мына силерге каршы эл чогулду. Алардан корккула! – деп айтышканда, алардын ыйманы ого бетер күчөп: Бизге – Аллах жетиштүү! Ал кандай жакшы Колдоочу! дешкен”. (173) Ошондуктан алар Аллахтын жакшылыгы жана айкөлдүгү менен эч бир жамандыкка кабылбастан, Аллахтын ыраазылыгына бөлөнүп кайтышты. Аллах – улуу берешендиктин ээси.*** (Аалу Имран, 173, 174)

Пайгамбар САВ Хамраа-Асадда – дүйшөнбү, шейшенби жана шаршенби шаввалдын 9\10\11, 3 – хижрий жылы – турду да анан Мадинага кайтып кетти. Мадинага кайтпастан алдың Абуизза Жумахийди кармап алды. Ал бадр согушунда туткунга түшүп кедейлигинен, кыздарынын көптүгүнөн жана эч качан исламга душмандык кылбаймын дегендиктен ага Пайгамбардын САВ боору ооруп коюп жиберген болчу. Бирок бул акмак айткан сөзүнө турбай, алдыңкы барактарда айтып өткөндөй, өзүнүн төкмөлүгүн колдонуп Пайгамбарга САВ жана мусулмандарга каршы үндөгөн төкмө ырларлын айткан болчу. Мунусу аз келгенсип мушриктер менен кошо ухуд согушуна чыккан эле. Бул зөөкүрдү кармап алганда: Оо, Мухаммед! Кыздарым көп кедеймин мага бооруң оорусун, эми эч качан кайра ал ишке барбоого сөз берем, деп жалынып жалбарып калды. Пайгамбар САВ: “**Эми намысыңды сатып Меккеге бара албайсың. Дагы ал жака барып алып: Мухаммедди эки жолу алдап койдум деп жыргаба, анткени момун бир тешиктен эки жолу чактырбайт”-** деп айтты да Зубайрга буйруп Абуиззанын башын чаптыррып салды. Кээ бир риваятта Аасим ибну Саабит Абуиззанын башын алган деп келет.

Ошондой эле Пайгамбар САВ Мекке шпиондорунун бири Муавия ибну Мугийра ибну Абулаасты да өлүм жазасына тартты. Анткени мушриктер ухуд согушунан

кайткандан кийин Муавия Мадинага аталаш бир тууганы Усман ибну Аффанга РА келип ошол жерде бир аз калуу үчүн уруксаат сураган эле. Ошондо Усман Муавиянын калуусу үчүн Пайгамбардан САВ уруксаат алып берген болчу. Бирок Пайгамбар САВ ага үч күн калууга уруксаат берип, эгер үч күндөн ашып кетсе аны өлтүрүп салаарын эскерткен эле. Ошентип Мадинандан мусулман жоокерлери чыгып шаар бошоңдоп калганда бул шпион үч күндөн ашык калып Курайш жоокерлерине кабарларды чогултуп шпиондук кылып жүрүптүр. Ал эми мусулман жоокерлери Мадинага кайтып келгенде шпион качып жөнөдү. Ошондо Пайгамбар САВ анын артынан Зейт ибну Хаарисаны жана Аммар ибну Ясирди жөнөттү. Ал экөө шпиондун артынан кууп жетип өлтүрүп салышты да артка кайтышты.

Хамраа-Асад жортуулу өзүнчө жортуул болгон жок, бул жортуул ухуд согушунун уландысы, жана ошонун толукталуусу. Ухуд согушунун башынан аягына чейинки түшүндүрмөсү ушул. Бул согуш тууралуу канчалык изилденбесин, жеңилүү болдубу же жокпу? Деген суроо туулат. Чындыгында согуштун экинчи айлампасында мушриктер үстөмдүк кылды десек туура болот, анткени алар ошол учурда согуш майданын башкарып колго алышты. Көп жоготууга учураган тарап мусулмандар болду. Ошондуктан көптөгөн мусулмандар чачыранды болуп кетишти, анан согуш таразысы Мекке жоокерлер тарапка ооп кетти. Бирок андай болгону менен аларды жеңишке жетти деп айтууга болбойт.

Кандай болгон учурда да Мекке жоокерлери мусулман жоокерлери жайгашкан жерди басып ала алган жок. Анткени көпчүлүк ислам жоокерлери ошол баш аламан болгон учурда майданды таштап качып кетпестен, болгон күч менен эрдүүлүктү көрсөтүп Пайгамбардын САВ башкаруу астына чогула калышты. Мекке жоокерлери кууп жибергидей ислам жоокерлери качкан жок. Анткени мушриктердин колуна бир да мусулман жоокери туткунга түшкөн жок, ошондой эле

мушриктер мусулмандардан эч кандай олжо да ала алган жок, жана ошондой эле мусулмандар узак кетпей тоонун арасында болушса да мушриктер согуштун үчүнчү айлампасын баштай алышпады. Ошол убактагы жеңишке жеткендердин согуш тактикасындай мушриктер – эгер жеңишке жеткенде - майданда бир, эки же үч күн калаар эле. Мусулмандар майданды таштап кете электе эле мушриктер алардан алдың артка кайтууга шашышты. Артка кайтканы менен Мадинага барууга бардык жолдор ачык турса да, ал тургай Мадина шаары жакын эле жерде турса да ага чабуул жасап талап тоноого бара алышкан жок.

Ушунун баары Курайш жоокерлери ошончолук ыңгайлуу учур келгени менен мусулмандарга өтө чоң жоготууну алып келгенди түшүндүрбөйт. Алар мусулмандарды курчоого алып аларды жок кылуу аракетин канчалык көрүшпөсүн курчоодон чыгарып жиберишти. Анткени канчалаган жеңишке жеткендер ошол сыяктуу курчоону колдон чыгарган эмес. Ошондуктан бул согушта мушриктер жеңишке жетти деп эч качан айта албайбыз.

Тескерисинче Абусуфян жоокерлерин алып артка кетүүгө шашты, анткени эгер согуштун үчүнчү айлампасы жүрүп кетсе анын жоокерлери жеңилип калуусунан коркту. Бул да Хамраа-Асад жортуулунда Абусуфяндын жасаган аракетинен ачык айкын билинип турат.

Ошондуктан бул согушта эч кимиси жеңишке жеткен жок. Эки тарап тең жоготууда жана башка нерседе өз үлүшүн алды. Эки тараптын бирөөсү да согушууну токтотуп, качып кетип, бир биринин жоокерлери орношкон жерин бирөөсү да ээлей алган жок. Ошондуктан бул согушта эч кимиси жеңишке жетпеди деген маанини түшүндүрөт.

Ошол себептен Куранда ушундай деп ишаарат берип кетти:

وَلاَ تَهِنُواْ فِي ابْتِغَاء الْقَوْمِ إِن تَكُونُواْ تَأْلَمُونَ فَإِنَّهُمْ يَأْلَمُونَ كَمَا تَأْلَمونَ وَتَرْجُونَ مِنَ اللّهِ مَا لاَ يَرْجُونَ {النساء/104}

***“Каапырлар менен болгон күрөштө эч качан алсыз, начар абалыңарды көргөзбөгүлө! Эгер силер запкы жеп кыйналып жатсаңар, алар да дал силер өңдүү запкы чегүүдө, бирок ушул кезде алар Аллахтан ишенбеген нерсеге силер ишенип жатасыңар”.*** (Ниса, 104)

## *Куран согуш тууралуу сөз кылды:*

Куранда бул согуштун орчундуу абалдарын бирден бирден, кыскача түшүндүрүп кеткен аяттар түштү. Анын ичинде ошондогу кетирген каталардын себептерин ачык айкын айтып, ыймандуулардын арасында ошол сыяктуу оор учурлар келгенде өз милдетин аткарбаган жүрөгү алсыз мусулмандардын дагы деле бар экендигин айгинелеп айтып кетти. Ошондой эле бул үммөт башка үммөттөрдөн айырмаланып жер бетиндеги эң жакшы үммөт болгондуктан, атак даңктуу жогорку даражага жетүү үчүн кандай максаттарды аткаруу керектигин ачыктап өттү.

Ошондой эле Куранда бул аяттардын ичинде мунафыктардын абалын айтып, алардын жүрөгүндөгү Аллахка жана Пайгамбарына болгон душмандыгын билгизип, жүрөгү алсыз болгон мусулмандардын алсыздыгын жана азгыруусун кетирүү максатында, ошол мунафыктарды жана алардын жардамчысы болгон - жашыруун душмандык кылып келген - жөөттөрдү да кошуп катуу жемелеп кетти. Ошондой эле бул согуштун натыйжасында жакшы максат жана даанышмандык бар экендигин айтып кетти.

Согуш тууралуу Аалу Имран сүрөсүнөн алтымыш аят түштү. Анда согуштун эң алгачкы башталуусунан тартып:

وَإِذْ غَدَوْتَ مِنْ أَهْلِكَ تُبَوِّىءُ الْمُؤْمِنِينَ مَقَاعِدَ لِلْقِتَالِ {آل عمران/121}

***“Үйүңдөн эрте чыгып, момундарды согуш үчүн катарга тиздиң”.*** (Аалу Имран, 121)

Акырында аны жыйынтыктаган терең ойлонуучу аяттарды түшүрдү:

مَّا كَانَ اللّهُ لِيَذَرَ الْمُؤْمِنِينَ عَلَى مَآ أَنتُمْ عَلَيْهِ حَتَّىَ يَمِيزَ الْخَبِيثَ مِنَ الطَّيِّبِ وَمَا كَانَ اللّهُ لِيُطْلِعَكُمْ عَلَى الْغَيْبِ وَلَكِنَّ اللّهَ يَجْتَبِي مِن رُّسُلِهِ مَن يَشَاء فَآمِنُواْ بِاللّهِ وَرُسُلِهِ وَإِن تُؤْمِنُواْ وَتَتَّقُواْ فَلَكُمْ أَجْرٌ عَظِيمٌ {آل عمران/179}

***“Аллах жакшыдан жаманды ажыратканга чейин гана (сынайт). Силерди – момундарды ушул абалда калтырбайт. Аллах силерге кайыпты билдирбейт, бирок элчилеринен каалаганын тандап, ошого гана билдирет. Аллахка жана Анын элчилерине ыйман келтиргиле! Эгер ыйман келтирип, такыба болсоңор, анда силерге улуу сый (бар)”.*** (Аалу Имран, 179)

## *Бул согуштагы болгон даанышмандык жана пайдалар:*

Ибну Хажар айтат: Бул тууралуу уламалар мындай дейт: “Ухуд согушундагы болгон окуяларда жана андагы мусулмандарга келген абалдарда Кудай Таала тарабынан өтө чоң пайдалар жана даанышмандык бар”. Алардын ичинен: Күнөөнүн акыбети жана Пайгамбардын САВ айтканын кылбай коюу кандай болоорун мусулмандарга билгизип, аларды ошол кылгандары үчүн жемелөө. Ал да Пайгамбар САВ жаачыларды ордунан жылбагыла дегенге карабай жылып кетти. Ошондой эле Пайгамбарлар дайыма сыноодо болуп, анын натыйжасында жакшы нерселер жатаарын билгизүү. Мындан максат эгер алар дайыма жеңишке жете берсе анда момундардын арасына арам ойлуулар да кирип кетип жакшы жаман айырмаланбай калат. Эгер алар дайыма жеңиле берсе анда пайгамбарлык максат ишке ашпай калат. Ошондуктан ак караны, чындык калпты айырмалоо үчүн экөө тең болуп турат. Мунун натыйжасы ошондо мунафыктар согуш учурундагы көрсөткөн кылыктары ачыка чыгып, мусулмандардын алдында

мунафык экендиги билинип калды да, мусулмандардын арасында душман бар экендиги ачыка чыкты. Анан мусулмандар мунафыктарга даяр турушуп алардан этият болушту. Дагы башка даанышмандык бул, кээ бир учурларда жеңишти кечеңдетип, напси текебердигин сындырып аны туура нукка тарбиялоо. Ошондо момундарга сыноо келгенде алар ага сабыр кылышты, ал эми мунафыктар сабыр кылышкан жок. Дагы башка жакшылык жана ийгилик бул Аллах Таала өз момун пенделери үчүн өз тарабынан бийик даражалуу сыйлыкты, орундарды даярдап койгон, ал орунга амалдары менен жөтүүгө мүмкүн эмес, ага башка жолдор менен жетүү гана мүмкүн экендигин көрсөтүп койду. Анын ичинде шейиттик бул эң жогорку даража экендигин билдирип, аны момундарга көрсөтүп койду. Дагы башка даанышмандык бул, душмандар Аллах жолунда жүргөндөргө заалымдык зөөкүрлүк иштерин кылгандыгы себептен каапыр болуп Аллахтын азабына кабылып, ал эми алардан кордук көргөн момундардын күнөөсү кечирилээрин билдирип кетти.

## *Ухуд согушу менен Ахзаб согушунун аралыгындагы болгон жортуулдар жана окуялар:*

Ухуд согушунун натыйжасы мусулмандардын абийрин түшүрүп, кадыр-баркын кетирип, айбаттуулугун жоготту. Алардын ички жана сырткы проблемаларын ого бетер күчөйттү. Ар түрдүү коркунучтуу абалдар Мадинанын бардык жагын каптап кирди. Жөөттөр, мунафыктар жана бедуиндер мусулмандарга болгон душмандыгын ачык айкын билдирип чыгышты. Булардын баары мусулмандарды түп тамыры менен жок кылууну каалады.

Бул согушка эки ай өтпөстөн Асад уруусу Мадинага чабуул жасоого даярдык көрө баштады. Андан соң Адул жана Каара уруулары 4 – х. ж. Сафар айында мусулмандарга чабуул жасап анын натыйжасында он сахаба каза болду. Ошол эле

айда Аамир уруусу да ошондой кылып чабуул жасап натыйжада жетимиш сахаба каза болуп, бул окуя Бирру Мауна трагедиясы деп аталып калды. Ушул убакыттын ичинде Надир уруусу мусулмандарга болгон душмандыгын ачык айкын билдрип жатты. Акыры бул уруу 4 – х. ж. Рабиул-аввал айында Пайгамбарды САВ өлтүрүү максатында иш аракеттирин жасады. Ал эми Гатфан уруусу 4 – х. ж. Жумадил-уула айында Мадинага согуш ачууну көздөп калган болчу.

Ухуд согушу мусулмандардын кадыр-баркын кетирип, аларды ар тараптан коркунучтар курчап турду. Бирок Мухаммеддин САВ көрсөткөн даанышмандык, көрөгөчтүгү менен бул кайгылардын баарын жок кылып, мусулмандарга кайра жоготкон айбаттуулугун, абийрин, кадыр-баркын жаңыдан кайтарып берди. Пайгамбар САВ бул абийр намысты кайтаруу үчүн эң алгач мушрик жоокерлердин артынан кууп Хамраа-Асадка барган болчу. Ошондо мусулмандардын кадыры, айбаттуулугу кайрадан көтөрүлө түштү. Мусулмандардын бул аракети мунафыктар менен жөөттөрдүн алдындагы айбаттуулукту көрсөтүп, алар мусулмандардын жасаган ишине баштары катып, таң калып туруп калышты. Андан соң Пайгамбар САВ башка ар түрдүү айла амалдарды жасап, мусулмандардын кадыр-баркын, айбаттуулугун ашыкчасы менен кайтарып берди. Алдыңкы барактарда булардын кээ бирин кыскача баяндап өтмөкчүбүз:

## *Абу Саламанын жортуулу:*

Ухуд согушунан кийин эң алгач мусулмандарга каршы чыгууга Асад уруусу камданып калган болчу. Бул кабарды Мадинанын кабарчылары Пайгамбарга САВ жеткизип, анда Хувайлиддин эки уулу Талха менен Салма өз уруусу Асадка жетип барып аларды Пайгамбарга САВ каршы согуш ачууга үндөп жаткандыгын айтышкан болчу.

Кабарды угаар замат Пайгамбар САВ мухажириндер менен ансарлардан жүз элүү аскер жыйнап, аларды Асад уруусуна барып чабуул жасоого жөнөттү. Бул аскерге башчы кылып Абу Саламаны дайындап желекти колуна берди. Асад уруусу ордунан козголо электе Абу Салама алардын жерине жетип барып чабуул жасады эле алар ар тарапка чачылып качып кетишти. Ошондо Мусулмандардын колуна бир төө олжолукка түшүп аны Мадинага жеңишке жеткен абалда алып келишти, бирок эч кандай кагылышуу болгон жок.

Бул жортуул 4 – х.ж. мухаррам айы жаңы эле чыкканда болду. Абу Салама жортуулдан кайткан кезде анын ухуд согушундагы алган жарааты күчөп кеткен болчу, ошентип ал жарааты күчөп бул дүйнө менен кош айтышты.

## *Абдулла ибну Анистин жортуулу:*

4 – х.ж. ошол эле Мухаррам айында бул жортуул болду. Мадинанын кабарчылары Хузал уруусунан Халид ибну Суфян мусулмандарга каршы согушка эл топтоп даярданып жаткандыгын жеткизип келди. Кабарды угуп Пайгамбар САВ Абдулла ибну Анисти Халидди өлтүрүп келүүгө жиберди.

Абдулла ибну Анис Мадинага кайтпай он сегиз күн жүрүп калды. Акыры мухаррам айынын бүтүүсүнө жети күн калганда ишемби күнү Мадинага кирип келди. Ал Халидди өлтүрүп башын алып Пайгамбарга САВ алып келиптир, ошондо Пайгамбар САВ Абдуллага аса-таяк берди да мындай деп айтты: “**Бул кыямат күнү экөөбүздүн ортобузда белги болуп берет”.** Абдулланын ажалы келип жан берээрде ошол таякты өзү менен кошо көмүүгө осуят кылды.

## *Ражиь окуясы:*

Ошол эле жылдын сафар айында – 4 х.ж. - Адул жана Каара уруусунан бир нече кишилер Пайгамбарга САВ келди

да бизде да ислам бар, ошого динди Куранды үйрөткөнү кишилерди жөнөтсөңүз деп кайрылышты. Пайгамбар САВ алар менен кошуп алты сахабаны жөнөттү – бул Ибну Исхактын риваяты боюнча, ал эми Бухарийдин риваяты боюнча он сахабаны жөнөткөн деп келет – буларга башчы кылып Марсад ибну Абумарсад Ганавийди дайындады – бул да Ибну Исхактын риваяты боюнча, ал эми Бухарийдин риваятында Аасим ибну Саабитти дайындаган деп келет – ошентип алар жолго чыгышты. Жолдо Хузайл уруусуна караштуу Раабиг менен Жидданын аралыгында жайгашкан Ражиь деген суунун жанына жеткенде өздөрү менен кошо келаткан сахабаларды кармоо максатында Хузайл уруусунан тараган Хайан уруусун жардамга чакырды эле алар жетип келди. Ошондо сахабалар бул иш кыянаттык экендигин сезип качып жөнөштү. Сахабалардын артынан кууп акыры аларды Фудфуд тоосуна чыгып кеткенде курчоого алышты. Сахабаларга: “Ылдый түшсөңөр эч кимиңерди өлтүрбөөгө тийбөөгө убада сөз беребиз”- деп айтышты. Ошондо Аасим ылдый түшүүгө баш тартты. Калгандары түштү эле алардын ичинен жетөөсүн жаа менен атып өлтүрүп салышты. Булардын ичинен Хабиб, Зейт ибну Дасина жана дагы үчүнчү сахаба тирүү калып кармай албай калышты эле кайрадан бул үчөөнө куру жалак убадаларды беришти эле үчөө тең ишенип ылдый түшүп келишти. Ошондо зөөкүр кыянатчылар үчөөн кармап жаанын кылы менен байлап салышты. Жанагы үчүнчү сахаба: “Бул чыккынчылык, кыянатчылык”- деп баспай койду эле аны алып кетүүгө аракет кылышты, бирок ал баш тартып туруп алды. Ошондо аны өлтүрүп салышты. Анан Хабиб менен Зейтти Меккеге алып барып сатып жиберишти. Хабиб менен Зейт бадр согушунда Курайш башчыларынан бир канчасын өлтүргөн болчу. Курайштын колунда Хабиб бир нече күн камакта болду, анан аны өлтүрүүгө өкүм чыгарышты да Меккенин сыртына Таньимге алып келишти. Хабибтин колу бутун керип өлтүрүүгө чечим чыгып даярдык көрүлгөндөн

кийин ал: Мага уруксаат берсеңер өлүмүмдүн алдында эки рекет намаз окуп алсам, деп суранып калды эле ага уруксаат берилип намаз окуп, намазын окуп бүткөндөн соң элге карап: Аллахка ант, мени өлүмдөн коркуп ушундай кылып жатат деп ойлобогула, эгер өлүмдөн коркконумда анда намазымды узун кылып окумакмын, деди да Аллахка кайрылып: Аллахым! Булардын бирөөсүн да калтырбай кыйратып жок кыл, жер менен жексен кыл, деген дубаны кылды.

Абусуфян Хабибке: “Мухаммедди сенин ордуңа алып келип башын чаап салып, сени өз үй-бүлөңө койуп жиберүүбүздү каалайсыңбы?” -деп сурап калды эле Хабиб: “Жок, Аллахка ант, Мен өз үй-бүлөмдө болсом да Мухаммед ошол жерде болуп туруп, ага кичинекей тикен кирип кыйналуусун да каалабаймын”- деп жооп берди.

Анан аны кермеке салып керип өлтүрүп салышты да, башкаларга үлгү болуу үчүн денесин өз ордунда калтырып, ага кароол коюп коюшту. Түн оокумда Амру ибну Умая Думарий келди да, кароолчуларды азгырып Хабибтин денесин ал жерден башка жака алып барып көмүп койду. Хабибти Укба ибну Хаарис өлтүрдү. Анткени бадр согушунда Хабиб Укбанын атасы Хааристи өлтүргөн болчу.

Сахих риваяттарда келгенине карганда өлүмдөн алдың эки рекет намаз окуу Хабибтен калган сүннөт.

Ал эми Зейт ибну Дасинаны Савфан ибну Умая сатып алып, атасы Умаянын өлүмүнөн өч алуу үчүн Зейтти өлтүрүп салды.

Курайш Аасимди кармап келүүгө, же болбосо анын өлүк денесин болсо да алып келүүгө чабармандарын жиберди. Анткени Аасим бадр согушунда Курайштын эң кадыр-барктуу инсандарынан бирин өлтүргөн эле. Чабармандар Аасимге жетип барышканда кудурети күчтүү Кудай Таала аны коргоо үчүн артынан бир топ аарыны жиберип койду. Ошондо чабармандар аны кармай албай коюшуп Аасим кутулуп кетти. Анткени, Аасим мушрик адамга эч качан колумду

тийгизбеймин, мушрикке да колумду карматпаймын, деп Аллахка ант берген болчу. Арадан жылдар өтүп Умарга Аасимдин өлгөндүгү тууралуу кабарды айтып келгенде Умар: “Аллах Таала бул пендесин тирүү кезинде сактагандай, өлгөндөн кийин да ырайым кылсын”- деген батасын айтты.

## *Биьру Мауна трагедиясы:*

Ошол эле Ражиь окуясы болгон айда мындан да жаман окуя болуп өттү, бул окуя Биьру Мауна деп аталып калды.

Окуяны баяндай турган болсок, Абубараа Аамир ибну Маалик Пайгамбарга САВ Мадинага келди, ошондо Пайгамбар САВ аны исламга чакырды эле ал исламда кабыл кылган жок, анан Пайгамбарга САВ: “Оо, Аллахтын элчиси! Сахабаларыңыздан Нажд элине жөнөтсөңүз аларды ислам динине үгүттөсүн, ошондо алар исламды кабыл кылып калса ажеп эмес”- деп сурап калды. Пайгамбар САВ: “**Сахабаларыма Нажд эли бир нерсе кылып койуудан корком”-** деди эле, Абубараа: “Мен сахабаларыңызга коргоочу болуп берем”- деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар САВ кырк кишини Абубараа менен кошо жөнөттү – бул Ибну Исхактын риваяты боюнча, ал эми сахих хадистерде жетимиш киши жөнөткөн деп келет, кандай болсо да сахих хадис туура болот – буларга башчы кылып Сааида уруусунан өлүм үчүн эркиндике чыккан деген лакабка конгон Мунзир ибну Амруну дайындады. Анткени ал мусулмандардын арасынан эң жакшы, пазилеттүү, абийрдүү жана исламды жакшы билгени эле. Ошентип алар жолго чыгып күндүзү отун терип сатып ага азык-түлүк алып, Куран үйрөнүп, түнкүсүн намаз окуп жолун улап бератышты. Акыры Аамир уруусу менен Хуррадагы Салим уруусунун аралыгындагы Биьру Мауунага жетип ошол жерге токтошту. Ошол жерден Умму Салимдин бир тууганы Хараам ибну Малханга Пайгамбардын САВ катын берип Аллах душманы болгон Аамир ибну Туфайлга жөнөттү. Аамир

катка караган да жок, ал бирөөсүн арт жактан келип билгизбей найза менен сайып Харамды өтүрүп сал деп буйурду. Буйрукту аткарып найза менен сайганда денесиндеги канды көргөн Хараам: Аллах улук.

Аллах душманы ошол замат калган сахабаларды да жок кылуу максатында Аамир уруусун тукуруп урушууга чакырды эле алар Абубараа ал сахабаларга коргоочу болгон деп макул болбой коюшту. Ошондо ал Салим уруусун азгырып урушууга чакырды эле ал уруудан тараган Асия, Раьл жана Закван уруулары макулдугун берди. Ошентип бул зөөкүрлөр Пайгамбардын САВ сахабаларын курчоого алып баарын өлтүрүп салышты, бирок бир гана Кааб ибну Зейт өлгөндөрдүн арасына жашынып тирүү калды. Ал эми Кааб Хандак урушуна чейин жашап Хандак урушунда каза болду.

Абмру ибну Умая Думарий менен Мунзир ибну Укба ибну Аамир мусулмандардын коюн кайтарып жүрүшкөн болчу. Бул экөө окуя болгон жердин үстүндө куштар учуп жүргөнүн көрүп калат, ошол жака Мунзир барса уруш болуп жатканын көрүп сахабалар менен кошо урушуп өзү да каза болт. Ал эми душмандар Амру ибну Умаяны туткунга түшүрүп кармап алат. Амру Аамирдин апасына тууганчылыгы бар болуп чыгат, ошондо Аамир айласыздан Амруну коюп жиберет.

Амру ибну Умая Мадинага келип Пайгамбарга САВ жетимиш сахабанын өлтүрүлгөн суук кабарды айтып берет. Бул кайгылуу окуя ухуд согушунан да оор болуп түшөт, анткени ухуд согушунда сахабалар өз каалоосу менен согушка барган болчу, ал эми бул окуяда сахабалар чыккынчылык, кыянаттык менен өлтүрүлүп жатат.

Амру ибну Умая Мадинага карай жолдо келатканда Канаат жериндеги Каркарага токтоп дарактын астында эс алган болчу. Ошондо Килаб уруусунан эки киши келип аны менен кошо эс алышыт. Экөө уктап калган кезде Амру жанагы өлгөн сахабалардан өч алуу максатында экөөнү өлтүрүп салат.

Анан караса экөөндө Пайгамбардын САВ келишим сөзү бар экен, муну билбей эле өлтүрүп салыптыр. Ошентип Амру Мадинага келгенде Пайгамбарга САВ бул тууралуу айтып берет. Пайгамбар САВ: "**Экөөнү өлтүргөндүгүң үчүн эми кун төлөөң зарыл"-** деп айтат. Ошентип Пайгамбар САВ бул экөөнүн кунун төлөө үчүн мусулмандардан жана жөөт союздаштарынан акча жыйнай баштайт. Надир согушу башталгандыктын себеби, Пайгамбар САВ ошол кундун акчасын жыйноо максатында жөөттөргө баргандыктан чыгып кеткен болот, бул тууралуу алдыда айтып өтөбүз.

Ушундай кыска убакыттын ичинде болуп өткөн бул кайгылуу окуяга, жана Ражиь окуясына Пайгамбар САВ аябай капаланды. Пайгамбардын САВ кайгы капасы күчөйгөндүктөн кыянаттык кылып кан төккөн ошол инсандарга жана урууларга каршы дуба кыла баштады. Сахих хадисте бул тууралуу Анастын риваяты мындайча келет: "Биьру Мауунада сахабаларды өлтүргөн инсандарга Пайгамбар САВ отуз таң дуба кылды, күн сайын таңкы намазда Раьл, Закван, Лахян жана Асия урууларына каргыш дубасын кылып мындай деп жатты: "**Асия Аллахка жана элчисине күнөө кылды".** Ошондо Аллах Таала тараптан бул тууралуу аят түшүп ал аятты биз окудук, бирок кийинчерээк ал аят өчүп кеткен аяттардан болду, ал аят: "***Биз тууралуу коомубузга жеткиргиле, чындыгында биз Раббибизди жолуктурдук, Ал бизден ыраазы болду, биз да андан ыраазы болдук".*** Аят түшкөндөн соң гана Пайгамбар САВ дуба кылууну токтотту.

## *Надир уруусуна болгон жортуул:*

Алдыда айтып өткөндөй жөөттөр исламды жана мусулмандарды көралбастыктан ар түрдүү иштерди жасап жаткан болчу. Ошондой болсо да алар эч согуша албаган калк эле. Жөн гана кыянатчыл арам ой иснандар болгон. Мусулмандарга болгон душмандыгын көралбастыгын ачык

айкын көрсөтүп, согушпастан туруп аларга жамандык алып келүү максатында ар түрдүү иштерди жасап жатышты. Мусулмандар менен жөөттөрдүн ортосунда ынтымак келишими түзүлгөндүгүнө карабай ушундай иштерге барып жатышты. Кайнука уруусуна каршы болгон окуядан жана Кааб ибну Ашрафтын өлүмүнөн кийин булар өз жандарынан коркуп мусулмандарга баш ийип, келишимди бузбай жүрүп калган болчу.

Бирок ухуд согушунан кийин мурунку кейипин кайрадан кийип, душмандыгын арам ойлорун көрсөтүп, мунафыктар жана Меккелик мушриктер менен жашыруун байланышып, алардын оюн ишке ашыруу максатында мусулмандарга каршы ар түрдүү иш аракеттерди жүргүзө баштады.

Пайгамбар САВ булардын көрсөткөн кордук кыянатына ушул күнгө чейин аябай сабыр кылып келди. Акыры Ражиь жана Биьру Мауна трагедиясынан кийин бул зөөкүрлөр Пайгамбарды САВ өлтүрүү максатында арам ойлорун ишке ашырмакчы болуп калды.

Бул тууралуу айта турган болсок, Амру ибну Умая өлтүргөн жанагы Килаб уруусунан болгон эки кишинин кунун төлөө максатында Пайгамбар САВ бир нече сахабаларын алып Надир уруусуна барган болчу. Анткени келишимде ушундай учурларда бир бирине жардам берүү керектиги жазылган. Аларга келгенде мындай дешти: Жардам берели оо, Абул-Касым (Касымдын атасы), бул жерде бир аз олтура тур биз ошол акчаны жыйнап келели, деп айтышты. Айткандарын кылып убадаларын аткарат деген үмүттө Пайгамбар САВ үйдүн дубалынын астына олтуруп күтүп жатты. Жанына Абубакир, Умар, Али жана бир нече сахабалар кошо олтурду.

Ошондо тагдырына бактысыздык жазылган бул шору кургурларды шайтан азгырып Пайгамбарды САВ өлтүрүү аракетин көрө баштады. Өздөрүнчө арам оюн ишке ашыруу максатында бир бирине: “Ким үйдүн үстүнө чыгып Мухаммеддин башын бул кол тегирмен ташы менен жарып

салат?” -деп айтканда, араларындагы эң акмак инсан Амру ибну Жихаш: “Мен”- деп жооп берет. Ошондо Салам ибну Машкам: “Андай кылбагыла, Аллахка ант, бул ишиңер билинип калат, силер мусулмандар менен болгон келишимди бузуп жатасыңар”- деп айтканына карабай өздөрүнүн арам оюн ишке ашыруу үчүн бел байлашат.

Ошол замат бүткүл ааламдын Раббиси тарабынан Жебрейил периште түшүп Пайгамбарга САВ бул кабарды жеткиргенде, Пайгамбар САВ дароо ордунан тура калып Мадинаны көздөй шашып жөнөп кетет. Артынан сахабалар жетип келип: Кантип туруп кеткениңизди да сезбей калыппыз, дегенде Пайгамбар САВ жөөттөрдүн арам оюн айтып берет.

Пайгамбар САВ Мадинага келээр замат Мухаммед ибну Масламаны Надир уруусуна жөнөтүп аларга мындай дейт: “**Мадинадан тез көчүп кеткиле да ал жерде жашабагыла, силерге он күн убакыт берем, эгер он күндүн ичинде чыгып кетпегендин башын чабам”.** Ошондо жөөттөр көчпөөгө эч айла таба алышпай көчүүгө аргасыз болот. Көчүүгө даярдык көрүп жатышканда мунафыктардын башчысы Абдулла ибу Убай жөөттөргө ордуңардан жылып эч жака көчпөгүлө, үйүңөрдөн чыкпагыла, мени менен кошо эки миң киши бар, алардын баары чебиңерге кирип силерди колдоп урушууга даяр турат, деген сөздү айттырып бир кишисин жөнөтөт. Бул аятта ушундай келет:

لَئِنْ أُخْرِجْتُمْ لَنَخْرُجَنَّ مَعَكُمْ وَلَا نُطِيعُ فِيكُمْ أَحَدًا أَبَدًا وَإِن قُوتِلْتُمْ لَنَنصُرَنَّكُمْ {الحشر/11}

***“Эгер силерди кууп чыга турган болсо, анда биз да силер менен чыгабыз жана силерди колдоп эч кимге баш ийбейбиз. Эгер силерге каршы согуш болсо, анда биз силерге албетте жардам беребиз”.*** (Хашр, 11)

Бул сөздү укканда жөөтөргө жан кирип, ишенимдүү болуп мусулмандарга каршылык көрсөтүүгө макул болушту. Жөөттөрдүн башчысы Хайай ибну Ахтаб мунафыктардын

башчысынын сөзүнө ишенип көчпөй турган болду. Ошондо алар Пайгамбарга САВ биз көчпөйбүз, колуңдан эмне келсе ошону кыл, деген кабарды жөнөтүштү.

Чындыгында ошол кезде мусулмандар өтө оор абалда турган кези эле. Ушундай кыйын кырдаал болуп турган учурда жөөттөр менен согушуунун натыйжасы кандай болоору белгисиз болчу. Анткени араптар мусулмандарга каршы чыгып аларды жок кылуу максатында ар түрдүү кыянатчыл аракеттерди жасап жатканы белгилүү болуп жаткан учуру. Анан жөөттөрдүн бул Надир уруусу күч-кубыты өтө жакшы, согуша турган болсо аларды жеңүү өтө кыйын жана акыбети жамандыкты алып келүү коркунучу бар экендиги да белгилүү эле. Бирок ошол убактагы мусулмандардын башына келген Биьру Мауна жана андан алдыңкы болгон трагедиялар, алардын каарын келтирип, ар тараптан келген ошол өңдүү кыянаттык иштер ого бетер кыжырын келтирип, мындай арам ойду жасагандардан өч алуу керек деген козгоолор мусулмандарда ого бетер күчөй баштады. Акырында Надир уруусунун Пайгамбарды САВ өлтүрөбүз деген арам оюнан соң, акыбети кандай болсо ошондой болсун, алар менен согушабыз деген чечимге келишти.

Хайай ибну Ахтабтын жообу Пайгамбарга САВ келгенден кийин, Пайгамбар САВ жана сахабалары Аллахты улуктап алар менен согушууга бел байлашып жолго чыгышты. Мадинага башчы кылып Ибну Умму Мактумду калтырды, Али ибну Абуталип желекти көтөрдү. Анан мусулман жоокерлери жөөттөргө келип аларды курчоого алышты.

Мусулман жоокерлери келген убакта Надир уруусу өздөрүнүн чебине качып кирип кетишти да ошол жерден жаа жана таштар менен аткылай баштады. Айланасындагы курма жана башка бакчалары буларга кирүүгө кыйындык жаратып жаткандыктан Пайгамбар САВ ал бак дарактарды кыйып өтрттөп салууга буйруп, кыйып өрттөп салышты. Бул тууралуу Аллах Таала ушул аятты түшүрдү:

مَا قَطَعْتُم مِّن لِّينَةٍ أَوْ تَرَكْتُمُوهَا قَائِمَةً عَلَى أُصُولِهَا فَبِإِذْنِ اللَّهِ
{الحشر/5}

***“(О, момундар!) эгер алардын курма бактарын кыйсаңар же тамырында турган бойдон калтырган болсоңор, (бардыгын) Аллаһтын уруксаты менен”.*** (Хашр, 5)

Надир уруусун Курайза уруусу таштап койду, Абдулла ибну Убай жана алардын союздаштары Гатфан уруулары да кыянаттык кылып жардамга келбей койду. Ошондуктан Аллах Таала булардын иштерин ушундайча сыпаттады:

كَمَثَلِ الشَّيْطَانِ إِذْ قَالَ لِلْإِنسَانِ اكْفُرْ فَلَمَّا كَفَرَ قَالَ إِنِّي بَرِيءٌ مِّنكَ
{الحشر/16}

***“(Алар) шайтан сыяктуу. Себеби ал (шайтан) инсанга: Каапыр бол! – дейт. Каапыр болгон соң, ал: Мен сенден алысмын (сен үчүн күнөөм жок, дейт)”.*** (Хашр, 16)

Курчоо анча деле көпкө созулган жок, алты күн эле боду – кээ бир риваятта он беш күн болгон деп келет – Аллах Таала булардын жүрөгүнө коркунучту салып койду да акырында куралдарын таштап колго түшүп берүүгө аргасыз болушту. Пайгамбарга САВ кишисин жөнөтүп: Биз Мадинадан чыгабыз, деген сөзүн айттырышты. Пайгамбар САВ буларды курал-жарактан башка өздөрү, үй-бүлөсү жана төөлөрү көтөрүшүнчө буйум-тайымын алып чыгып кетүүгө буйруду. Ушул сөзгө макул болушуп көчүүгө даярданышты. Тамдын эшик-терезесин алуу үчүн үйлөрүн да бузуп эшик-терезелерин чыгарып кетишти. Жада калса кээ бири тамдын түркүк торсундарын да чыгарып кетишти. Аял бала-бакырасын алып, алты жүз төөгө жүктөрүн артып Мадинадан көчүп кетишти. Хайай ибну Ахтаб менен Салам ибну Абухакике окшогон зөөкүрлөрүнө кошулуп көпчүлүгү Хайбар жерине көчүп кетишти. Калгандары болсо Шам жергесине көчүп кетти. Арасынан эки гана киши исламды кабыл кылды алар: Ямин

ибну Амру менен Абусаьд ибну Вахб, бул экөө өз буйумдарын алып калышты.

Пайгамбар САВ Надир уруусунун курал-жарактарын алып, калган байлыктарын, жерлерин жана үйлөрүн да алды. Курал-жарактан болсо элүү соот, элүү шлем жана үч жүз кырк кылыч калган болчу.

Надир уруусунан алган байлык, жер жана тамдар Пайгамбарга САВ болуп аны каалаган жерине сарптоого укутуу эле. Бул олжону бештен төрт бөлүгү сыяктуу кылып бөлгөн жок, анткени кан төгүлүп ат төөлөр менен согуш болбой жөн гана курчоо болуп алынгандыгы үчүн Аллах Таала бул олжону Пайгамбарга САВ ыйгарды, аны кайндай кааласа ошондой сарптайт. Олжону өзгөчө алгач көчүп келген мухажириндерге таратты. Ансарлардын экөөсү Абудажаана менен Сахл ибну Ханиф кедей болгондуктан бул экөөнө да берди. Пайгамбар САВ өз үй-бүлөсүнө азык-түлүк кылып берип, калганын курал-жарак кылып Аллах жолуна калтырып койду.

Надир уруусуна болгон согуш 4 х.ж. Рабиул-аввал айында болду, 635 ж. Август айына туура келет. Ушул согушта Аллах Таала Хашр сүрөсүн толук түшүрүп, анда жөөттөрдүн чыгарылуусун, мунафыктардын кыянаттыгын, согуш болбой алынган олжонун өкүмү кандай экендигин жана мухажириндер менен ансарларга карата даңктоо сөзү айтылган сыяктуу аяттарды түшүрдү. Ошондой эле ушул сыяктуу учурларда душманга каршы согуш тактикасын колдонуу үчүн бак-даракты кыйып, өрттөө уруксааты берилгендигин баяндап өттү, анткени бул, жер жүзүндө бузукулукту таратууга кошулбайт деп түшүндүрүп кетти. Ошондой эле момундарды такыба болууга чакырып, акыретке да даярдык көрүү керектигин билдирип кетти. Сүрөнүн аягында Аллах Таала өзүн даңктоо аятын түшүрүп жана ысым сыпаттарын баян кылып бүтүрдү.

Ибну Аббас Хашр сүрөсүн: “Надир сүрөсү”- деп айтаар эле.

## *Нажд жортуулу:*

Ошентип кан төгүүсүз Надир уруусуна болгон жортуулдан соң мусулмандар Мадинада өз бийлигин күчүнө киргизди. Мунафыктар болсо ачык айкын душмандыгын көргөзүүдөн коркуп калышты. Ухуд согушунан кийинки бедуиндердин мусулмандарга кылган кыянаттыгы үчүн жазасын берүүгө Пайгамбар САВ убакытты бөлө баштады. Анткени алар мусулман үгүтчүлөрүн чакыртып аларды кыянаттык менен өлтүрүп, жада калса Мадинага да чабуул жасоо аракеттерин көрүп, аша чаап кетишкен болчу.

Булардын адебин берүү үчүн Пайгамбар САВ жөнөй электе эле, Гатфан уруусунан тараган Махариб менен Саьлаба аттуу бедуин уруулары мусулмандарга каршы даярданып жаткандыгын Мадина кабарчылары Пайгамбарга САВ жеткизип келди. Кабарды угаар замат алардын козголоңун өз жеринде басып, таш боор болгон бедуиндердин жүрөгүнө коркууну салып, экинчи мусулмандарга каршы андай кыянаттыкты болдурбоого Пайгамбар САВ жоокерлерин алып Нажд жерин карай жөнөп кетти.

Талап тоноого көнгөн бул бедуиндер мусулмандардын келатканын угаар замат тоо-таштын башына чыгып качып кетишти. Мусулмандар ашынып кеткен бедуиндердин жүрөгүнө ушул сыяктуу жол менен коркунучту салгандан соң Мадинага эч бир кан төгүүсүз кайтып келишти.

Согуш тарыхтарын жана Пайгамбардын САВ өмүр баянын жазган кээ бир аалымдар бул жортуул тууралуу Нажд жеринде рабийу-саани же жумадул-уула айында 4 х. жылында болгондугун белгилеп жазышкан. Ошондой эле бул жортуул Заатир-Рукаа жортуулу деп аташкан. Ал эми бул Нажд жортуулу жогорудагы айткан айларда болгондугу эч шексиз. Анткени ошол кездеги Мадинанын абалы ушундай жортуулдарды жүргүзүүгө ыңгайлуу болуп турган учуру эле. Себеби ухуд согушунан кетип жатып Абусуфян келээрки

жылгы бадр согушун кылабыз деп белгилеп, ошол экинчи бадр согушу болооруна аз эле убакыт калган болчу. Бедуиндер ушундай козуп турган убакта аларга Мадинаны таштап коюп, алардан да чоң жана коркунучтуу күч болгон Курайш жоокерлери менен урушууга чыгып кетүү, бул согуш тактикасына эч туура келбейт болчу. Ошондуктан жакындап калган бадр согушунда чоң күч менен бетме-бет жолугушуудан алдың, эң биринчи бедуиндердин сазайын колуна карматыш керек.

Ал эми Заатир-Рукаа жортуулун Пайгамбар САВ 4 х. жылдын рабийу-саани же жумадул-уула айында кылган дегени бул туура эмес. Анткени Заатир-Рукаа жортуулуна Абухурайра РА менен Абу Муса Ашьарий РА катышкан. Себеби Абухурайранын исламга келүүсү Хайбар согушунан бир нече күн алдың болгон. Ошондой эле Абу Муса Ашьарий да Пайгамбарга САВ Хайбар согушунда жолуккан. Ошондуктан Заатир-Рукаа жортуулу Хайбар согушунан кийин болгон. Натыйжада Заатир-Рукаа жортуулу 4 х. жылдан кийин болгондугу ачыка чыгууда, себеби бул жортуулда Пайгамбар САВ коркунуч намазын окуган болчу. Коркунуч намазы эң алгач Асфан жортуулунда шарият мыйзамына кирген. Асфан жортуулу Хандак согушунан кийин болгондугу эч талашсыз. Анткени Хандак согушу 5 х. жылдын акыр чендеринде болгон.

## *Экинчи бадр согушу:*

Мусулмандар бедуиндерди тынчытып, сазайын бергенден соң, эң чоң душман менен жолугушууга бошоп, даярдыктарын көрө баштады. Ошентип ухуд согушунда Курайш менен убадаланган мезгил да жакындап, жыл айланып келип калды. Мухаммед САВ менен сахабалары Абусуфян жана анын жоокерлери менен жолугушууга убакыт келип, эки тараптын кимиси согуш талаасында жеңишке жетүүгө акылуу жана укуктуу экендиги билине турган мезгил да келип жетти.

4 х. жылдын Шаабан айында - 626 жылдын январ айына туура келет – убадаланган жерге Пайгамбар САВ бир миң беш жүз жоокери менен жолго чыкты. Арасында он атчан жоокер болуп, желекти Али ибну Абуталип көтөрдү. Ал эми Мадинага башчы кылып Абдулла ибну Равааханы таштады. Ошентип мусулман жоокерлери бадр жерине келип токтоп, мушриктердин келүүсүн күтө баштады.

Ал эми Абусуфян болсо Мекке мушриктеринен эки миң жоокерди алып жолго чыкты, атчандардан элүүсү бар эле. Ошентип мушриктер Меккеден бир кыйла узактыкта жайгашкан Захран өтмөгүнө келип, ошол жердеги суугa жакын Мажаннага келип токтоду.

Абусуфян Меккеден чыкканда эле мусулмандар менен согушуунун акыбети кандай болоор экен деп чыккысы келбей катуу ойго батып келаткан болчу. Ал ошентип ойлонуп, мусулмандардын айбаттуулугу анын жүрөгүнүн үшүн алып коркуп жатты. Захран өтмөгүнө келип токтогон кезде анын чечкиндүүлүгү жоголуп, артка кайтуу үчүн бир айла ойлоп таап мындай деди: Оо, Курайш эли! Согушка токчулук болгон жылы келбесек болбойт, анткени токчулук жылы жакшы тамак-аш жана сүт-айрандан кеңири ичип келебиз. Бул жыл кургакчыл болгон жыл, ошондуктан мен артка кайтам, силер да кайткыла.

Бул сөз мушрик жоокерлерине да майдай жага берди, анткени алардын да жүрөгүн коркунуч каптап келаткан экен. Ошентип баары артка кайтты. Бул көз карашка бирөөсү да каршы чыгып, талаш тартыш болуп мусулмандар менен урушабыз деген сөз болгон жок.

Ал эми мусулмандар бадрда сегиз күн душманды күтүп турду. Өздөрүндөгү болгон товарын сатып бир дирхамга дагы бир дирхам пайда көрүшүп, Мадинага кайтып келишти. Ошентип алар кокусунан келген бул жеңишке ээ болуп, айбаттуулугу күчүнө кирип, айланасындагы баардык күчтөргө ээ чыгып калышты.

Бул согуш: убадаланган бадр, экинчи бадр, акыркы бадр жана кичине бадр согушу деп бир нече аттар менен аталат.

## ***Дуумату-Жандал жортуулу:***

Пайгамбар САВ бадрдан кайтып келгенден соң айлананын баары тынчып, тынчтык орноп, ислам мамлекеттүүлүгү күчүнө кирди. Арап чөлү бүтүндөй мусумандардын колуна өтүү үчүн Пайгамбар САВ алардын акыркы жерине чейин баруу убагы келип жетти. Ошондо ким колдойт ким каршы экендиги билинет.

Кичине бадр окуясына алты ай өткөндөн соң Шам жерине жакын жайгашкан Дуумату-Жандал жердеги арап уруулары жолдон өткөндөргө каракчылык кылып, чоң аскер жыйнап Мадинага чабуул жасоого аракеттерди көрүп жатат деген кабар Пайгамбарга САВ жетип келди. Ошол замат Пайгамбар САВ аларга каршы даярдык көрүп, Мадинага Сиба ибну Арфата Гифарийди калтырып, миң жоокер менен жолго чыкты. 5 х. жылдын рабиул-аввал айынын бүтүүсүнө беш күн калган болчу. Мазкур деген Азра уруусунан бир кишини жол көрсөтүүчү кылып алып алды.

Мусулмандар жолго чыгып, душмандын үстүнө билдирбей бастырып кирүү үчүн түнү бою жол жүрүп, күндүзү эс алышты. Мусулмандар көздөгөн жерге жетип келгенде душман эч нерседен бейкапар олтурушкан болот, ошол замат алардын кой-малдарына чабуул жасап, кармаган койчусун кармап, качканы качып кетишти.

Ал эми Дуумату-Жандал эли ар тарапка чачырап качып кетишти. Мусулмандар алардын жерине киргенде эч кимиси калбай качып кеткен экен. Ошол жерде Пайгамбар САВ бир нече күн калып, жоокерлерин аржак бержака жөнөттү эле, эч кимисин кармай алган жок. Акыры Мадинага кайтап келди. Ушул жортуулда Пайгамбар САВ Уйайна ибну Хисн менен

келишим түздү. Дуумату-Жандал жери Дамасктан беш күндүк узак жол, ал эми Мадинадан он беш күндүк узак.

Ушул сыяктуу тездик чечкиндүүлүк аракеттер менен, жана акылмандык даанышмандык пландар менен Пайгамбар САВ бейпилдикти тынчтыкты айланага орнотуп, башкаруучулукту өз колуна алып, мусулмандардын пайдасына көп нерсе чечилди. Ошондой эле мусулмандардын бардык жагынан курчаган ички жана сырткы маселелери да азайып, мунафыктардын козголоңу токтоп, баш ийип калышты. Жөөт уруулары да чыгарылып, ал жерде калган жалгыз жөөт уруусу кошуналык жакшы мамилени аткарып, түзүлгөн келишимди бузбай жашап калышты. Башка бедуин араптар баш ийип, Курайш эли да мусулмандарга согуш жарыялоодон четтеп калды. Ошондо мусулмандар бүткүл ааламдын Рааббиси болгон Кудайдын динин жайылтууга убакыт таап жайылта баштады.

## *Ахзаб согушу*

Бир жыл бою ар түрдүү согуш, жортуул жана чабуулдардан соң арап чөлүнө бейпилдик орноп, тынчтык кайтып келди. Бирок кыянаттык, көралбастык, чыккынчылыктын натыйжасынан жапа чегип шерменде болгон жөөттөр дагы деле акылсыздыгынан эсине келбей, баш ийбей, кыянаттык кылып келген иштеринин натыйжасы эмне болгондугунан сабак алган жок. Булар Хайбарга куулуп чыккандан соң бутпарас, отпарастар менен мусулмандардын ортосундагы болуп жаткан кагылышуунун натыйжасын күтүп жатышты. Акыры мусулмандар жеңишке жетип, ошол айлананы бүтүндөй колго алып башкарып калгандан кийин, жөөттөрдүн ичи күйүп көралбастыгы ого бетер күчөдү.

Ошондо алар мусулмандарга каршы элди жаңыдан тукуруп козгой баштады. Мусулмандарга эбегейсиз чоң күч менен келип, аларды түп тамыры менен жок кылуу үчүн катуу

аракеттерди жасап киришти. Жөөттөр өздөрү мусулмандарга каршы түз согушууга жүрөк-дити барбагандан кийин, бул ишти аткаруу үчүн коркунучтуу башка бир жолду ойлоп табышты.

Надир уруусунун жана башка жөөттөрдүн аттуу баштуу кишилеринен жыйырмасы чогулуп Курайш элин көздөй Меккеге жөнөп кетти. Меккеге барып аларды Пайгамбарга САВ каршы согушууга үндөп, өздөрү да жардам беребиз деп убадаларды берди. Булардын сөзүнө Курайш макулдугун берди, анткени Курайш бадр согушуна чыгабыз деп убада берген болчу, бирок ал согуш болбой калгандыктан, бул ыңгайлуу учур алардын абийрин сактап калып, айткан убадасын аткарган болот деп, жөөттөргө макулдугун берди.

Меккеден чыгып бул жөөттөр Гатфан уруусуна барып аларга да Курайшка айткандай айтышты эле Гатфан уруусу да макулдугун берди. Андан соң башка арап урууларына барып аларды да ошондой кылып тукуруп козгоп кирди эле, арап урууларынын көпчүлүгү согушууга макулдугун берди. Ушундай жол менен жөөттөрдүн башчылары, ар тараптан чогулган араптарды Пайгамбарга САВ, анын дааватына жана мусулмандарга каршы согушууга үндөп, ойлогон саясатын ишке ашырды.

Чындыгында аталган араптардын баары согушуу үчүн жолго чыгышты. Түштүк тараптан Курайш, Кинаана жана булардын союздашы Тухаама уруулары төрт миң жоокер менен жолго чыкты, буларга Абусуфян аскер башчы болду. Захран өтмөгүнөн буларга Салим уруусу кошулду. Ал эми чыгыш тараптан Гатфан уруусунан тараган: Фазаара, Мурра, Ашжаь, Асад жана башка уруулары чыкты. Фазаара уруусуна Уйайна ибну Хисн башчы болду, Мурра уруусуна Хаарис ибну Ауф башчы болду, Ашжаь уруусуна Мусьир ибну Рахийла башчы болду.

Ар тараптан чыккан бул жоокерлер, убадаланган убакта жолугушмай болуп, Мадинаны көздөй бет алды.

Арадан бир нече күндөр өткөндөн соң Мадинанын айланасына өтө чоң көлөмдө саны он миңге жеткен жоокер чогулду. Балким бул жоокерлердин саны ошол кездеги Мадинада жашаган кары-картаң, аял-эркек, бала-бакыра кыскасы жалпы элдин санынан да көп болуусу мүмкүн.

Ар тараптан чогулган ушундай көлөмдөгү жоокерлер Мадинанын эшигине келип чабуул жасаса, ойго келбеген иштер болуп мусулмандарга өтө чоң зыян алып келүүсү мүмкүн. Балким мусулмандарды түп тамыры менен жок кылып жиберүүсү да мүмкүн. Бирок Мадинанын башчысы өтө сак жана сергек башчы болчу. Ар тарапка көз чаптырып кандай иштер болуп жаткандагын байкап турчу. Чогулган жоокерлер ордунан жыла элегинде эле Мадинанын кабарчылары башчысына мындай көлөмдөгү чоң жоокер тууралуу кабарды жеткизишкен болчу.

Ошол замат Пайгамбар САВ чоң жыйын өткөзүп, Мадинаны кантип коргоо керектигин ортого салды. Башчылар жана кеңешчилер тарабынан ар кандай пикирлер айтылгандан соң, улуу сахаба Салман Фарисийдин РА айткан сунушуна келип токтошту. Ошондо Салман мындай деген болчу: “Оо, Аллахтын элчиси! Биз Фарс жеринде жашаганда, эгер бизди душман курчоого алса, анда айланабызды тосуу үчүн аң казып салчубуз”. Бул сунуш өтө жакшы сунуш болуп, мындайды араптар мурун кийин билген эмес эле.

Ушул планды аткаруу үчүн Пайгамбар САВ дароо ишке киришти. Ар бир он кишиге кырк чыканак аң казууну буйурду.

Мусулмандар дароо ишти баштап, болгон күч аракеттери менен аң казууга катуу киришти. Пайгамбар САВ алардын демине дем кошуп, өзү да жардам берип жатты. Бухарий риваят кылган сөзүндө Сахл ибну Саьд мындай дейт: “Ошол кезде биз Пайгамбар САВ менен аң казып жатканбыз, кээ бири казып жатты, а биз болсо топуракты артыбызга көтөрүп ташып жаттык. Ошондо Пайгамбар САВ мындай деди: “**Аллахым!**

**Акыреттен башка чыныгы жашоо жок. Мухажириндер менен ансарларды кечире көр”.**

Анас риваят кылган сөзүндө мындай дейт: “Пайгамбар САВ аң казган тарапка чыкты эле, караса таң заардагы суукта мухажириндер менен ансарлар аңды казып жатыптыр, алардын ордуна жардам берип иштей турган кулдары да жок эле. Булардын жээрге тамагы жок ачка, ушундай машакатта иштеп жатканын көрүп Пайгамбар САВ мындай деди:

**“Аллахым! Чыныгы жашоо акыреттеги.**
**Ансарлар менен мухажриндерди кечире көр эми”.**

Пайгамбарга САВ жооп катары алар ушундай деди:

“Биз Мухаммедке кол бергенбиз.
Согушка дайым даярбыз деп сөз бергенбиз”.

Бараа ибну Аазиб риваят кылган сөзүндө ушундай дейт: “Пайгамбар САВ аңдын топурагын ташып жатканын көрдүм, үстү-башы аябай чаң болуп кетиптир, чачы да коюу эле. Ошондо Пайгамбар САВ топурак ташып жатып Ибну Раваханын ыр саптарын ушундай деп айтып жатканын уктум:

**“Аллахым! Сен болбосоң**
**түз жолго түшпөйт элек.**
**Зекет берип намаз да окуп жүрбөйт элек.**
**Бизге бейпилдикти түшүрө көр!**
**Алар менен беттешкенде**
**кадамды бекем кыла көр!**
**Душман бизге кол салып,**
**жамандыкты каалса.**
**Анын мизин кайтарабыз,**
**ошол замат анда”.**

Акыркы сөзүндө Пайгамбар САВ үнүн көтөрүп айтты. Башка риваятта ушундай келген:

**“Мушриктер бизге кол салып,**
**жамандыкты каалса.**
**Анын мизин кайтарабыз,**
**ошол замат анда”.**

Мусулмандар ушундай катуу күч аракет менен иштеп жатышты, боору үзүлүп кеткидей жээрге эч нерсе жок ачка эле. Бул тууралуу Анас риваят кылып мындай дейт: “Аң казгандарга бир коштоо арпаны алып келип, аны эскирип сасып кеткен майга бышырып ортого койду, баары ачка болгондуктан жеп жатышты, тамактын аябай сасыган жыты бар эле”. Абуталханын сөзүндө ушундай келет: “Пайгамбарга САВ ачкачылыктын айынан арыз-муңду айттык, анан баарыбыз курсакка бирден-бирден байлаган ташты көрсөттүк, ошондо Пайгамбар САВ өзүнүн курсагындагы байлаган эки ташты көрсөттү”.

Ошентип аң казылып жаткан учурларда Пайгамбардын САВ пайгамбарлык кермети көрүнүп жатты. Жаабир ибну Абдулла Пайгамбардын САВ өтө ачка экенин байкап, үйүнө барып бир союш союп бышырды, аялы бир чөйчөк арпаны тартып нан кылып даярдады, анан Жаабир Пайгамбардын САВ жанына келип, бир аз сахабалар менен барып тамак жеп кетүүнү жашыруун кулагына шыбырап айтты эле, Пайгамбар САВ аң казып жаткандардын баарын тамак жеп келүүгө чакырып жиберди. Ошондо аң казып жаткандардын саны миң киши болчу. Баары келип тамактан тойгончо жешти, бирок казандагы эт эч бөскөрбөй ошол бойдон калып, ысык жабылган нан да кемибей ошол бойдон калды. Нуман ибну Баширдин карындашы бир ууч курманы алып, аң казып жаткан атасы менен таякесине түшкү тамака алып келип жаткан болчу. Курманы көтөрүп Пайгамбардын САВ жанынан өтүп калды эле Пайгамбар САВ андан курма сурап калды, аял курманы Пайгамбарга САВ берди эле аны алып кийимдин үстүнө коюп, аң казып жаткандардын баарын курма жегенге чакырды, баары тойгончо жеп, акыры курма кийимдин сыртына да ашып кетти.

Бул эки окуядан да таң калыштуусу Бухарий риваят кылган сөзүндө Жаабир мындай дейт: “Хандак согушунда (Хандак дегендин кыргызчасы аң деп которулат, Ахзаб

согушунун бир аты Хандак, мындайча айтканда Аӊ согушу деп аталат) аӊ казып жаткан элек, бир маалда алдыбыздан жердин катуу чопо кыртышы чыгып аны эч кимибиз каза албай койдук, акыры Пайгамбарга САВ келип: “Бул чопо жер алдыбыздан чыгып аӊды каза албай жатабыз”- деп арыздандык. Пайгамбар САВ: “**Азыр мен өзүм түшөм”-** деп айтты. Ошол кезде үч күн эч нерсе жеген жок элек, ачкалыктан Пайгамбар САВ курсагына ташты байлап алган болчу. Пайгамбар САВ колуна чүмдү алып чопо жерге катуу урду эле чопо жер майда майда кум болуп майдаланып кетти”.

Бараа мындай дейт: “Хандак согушунда аӊ казып жатсак алдыбыздан чоӊ бир таш чыкты, аны чүмдөр менен уруп да сындыралбай койдук, анан Пайгамбарга САВ келип айттык. Пайгамбар САВ колуна чүмдү алып таштын алдына келип: “**Бисмилла”-** деп ташты катуу урду да бөлүп салып мындай деди: “**Аллаху акбар, Шамдын ачкычтары мага берилди. Аллахка ант, анын имараттарын көрүп жатам”.** Анан кайрадан экинчи жолу ташты катуу уруп дагы бир бөлүп салды да мындай деди: “**Аллаху акбар, Фарстарды жеӊет экенмин. Аллахка ант, азыр мен алардын агарган шаарларын көрүп жатам”.** Анан үчүнчү жолу: “**Бисмилла”-** деп, дагы ошондой кылып уруп калганын бөлүп салды да мындай деди: “**Аллаху акбар, Йемендин ачкычтары мага берилди. Аллахка ант, ушул ордумдан Сананын эшиктерин көрүп жатам”.**

Ибну Исхак да ушул сыяктуу хадисти Салман Фарисийден риваят кылып айткан.

Мадинанын айланасы таштак дөӊсөөлөр, тоолор жана пальмалуу бактар менен курчалып бир гана түндүк жагы ачык болчу. Пайгамбар САВ профессионалдуу мыкты аскер башчы катары иштеп, ушундай чоӊ көлөмдөгү жоокерлер Мадинанын түндүк жагынан гана чабуул жасоосу мүмкүн деп, ошол жактан аӊ каздырды.

Ошентип мусулмандар күндүз бою аң казууда эбегейсиз катуу иштеп, түнү гана үйлөрүнө барып эс алып жатышты. Соңунда селдей агып Мадинага келаткан мушрик жоокерлери келе электен алдың аң ойдогудай болуп казылып бүттү.

Курайш төрт миң жоокери менен Журф менен Зуаабанын ортосундагы сел топтолуучу Руума деген жерге келип жайгашты. Гатфан уруусу менен ага эргешкен Нажд уруулары алты миң жоокер менен Ухуд тоосунун жанындагы Накмийге келип жайланышты. Момундар Аллах Куранда айткандай ушундай дешти:

وَلَمَّا رَأَى الْمُؤْمِنُونَ الْأَحْزَابَ قَالُوا هَذَا مَا وَعَدَنَا اللَّهُ وَرَسُولُهُ وَصَدَقَ اللَّهُ وَرَسُولُهُ وَمَا زَادَهُمْ إِلَّا إِيمَانًا وَتَسْلِيمًا {الأحزاب/22}

***“Ал эми, (пайгамбарынан үлгү алган, ыйманы бекем) момундар (душман) жамааттарды көргөндө: «Бул бизге Аллаһ жана пайгамбары убада кылган нерсе. Аллаһ менен пайгамбары туура сүйлөгөн экен» деп (согушка, өлүмгө даяр болуп) турушту. (Душмандын көптүгү) алардын ыймандарын жана (Исламга) моюн сунууларын гана көбөйттү”.*** (Ахзаб, 22)

Мунафыктар менен ыйманы алсыздар бул чоң көлөмдөгү жоокерди көрүп жүрөгү түшүп ушундай дешти:

وَإِذْ يَقُولُ الْمُنَافِقُونَ وَالَّذِينَ فِي قُلُوبِهِم مَّرَضٌ مَّا وَعَدَنَا اللَّهُ وَرَسُولُهُ إِلَّا غُرُورًا {الأحزاب/12}

***“Ошондо, мунафыктар менен жүрөгүндө шек-күмөнү бар адамдар: «Бизге Аллаһ менен Анын пайгамбары (силер жеңесиңер деп) жалган убада берген турбайбы»- дешти”.*** (Ахзаб, 12)

Пайгамбар САВ үч миң жоокер алып, арт жагын Силиь тоосу менен тосуп ошол жерге жайгашты. Ошондо мушрик жоокерлери менен мусулман жоокерлеринин ортосун казылган аң бөлүп турду. Мадинага Ибну Умму Мактумду башчы

кылып калтырып, калган аял, балдар кары картаңдардын баарын Мадинанын өйдө жагына чыгып турууну буйруду.

Мушрик жоокерлери мусулмандарга чабуул жасап Мадинаны талкалап кирмей болушту эле, караса кенен казылган аң аларды тосуп калды. Анткени булар үйлөрүнөн чыкканда бул нерсе эч ойлоруна келген эмес болчу. Өмүрүндө араптар согушта мындайды көргөн эмес эле. Акыры айласы кеткенден мусулмандарды курчоого ала баштады.

Ошондо мушрик жоокерлери каары кайнап, аңдын ар жак бер жагын карашып, кыска жери болсо өтүп кетели деп издеп жатышты. Ал эми мусулмандар болсо мушриктердин аракеттерин аңдып, алар аңга жакын келип жол салып өтүп кетпөө үчүн, аңга жакын жолотпой жаа менен аткылап жатышты.

Курайштын бир топ атчандары курчоодон эч пайда чыкпоосунан тажап - анткени аларда сабырдуулук деген сыпат жок болчу - Амру ибну Абдувуд, Икрима ибну Абужахл, Дирар ибну Хаттаб жана башка бир топ атчандары чыгып аңдын бир кыскараак жерин табышты да ошол жерден өтүп кетишти. Ошол замат Али ибну Абуталип бир нече жоокерлерди алып атчандардын жанына жетип келди. Мушрик баатырларынан бири Амру ибну Абдувуд жекеме-жеке урушка чакырды эле Али чуркап келип экөө катуу урушуп кирди, акыры Али Амруну өлтүрүп салды. Калган мушрик атчандары корконунан артка аңдан өтө качышты, Икрима болсо найзасын таштаган бойдон качып кетти.

Мушрик жоокерлери аңдан өтүүгө же ага бир жол салуу үчүн катуу аракет жасашты. Бирок мусулмандар аларды жаалар менен аткылашып жакын жолотпой туруп алгандыктан кылган аркеттери текке кетти.

Алар ушул сыяктуу коргонуучу чабуулдар менен алек болгондуктан, Пайгамбар САВ менен мусулмандар кээ бир намазды өткөзүп жиберишти. Бухарий жана Муслим риваят кылган хадисинде Жаабир РА ушундай дейт: Хандак

согушунда Умар ибну Хаттаб келип Курайш каапырларын жемелеп кирип мындай деди: Оо, Аллахтын элчиси! Булар менен алек болуп калгандыгымдан намаз окуйун десем күн батып кетиптир. Пайгамбар САВ: **Мен да окуй элек элем,** деп айтты. Анан Пайгамбар САВ менен чогуу келип даарат алдык да аср намазын күн баткан учурда окуп, артынан шам намазын окудук.

Бул намазды өткөзүп жибергендиктен Пайгамбардын САВ аябай ачуусу келип мушрикетрге каргыш дубасын кылды. Бул тууралуу Бухарий риваят кылган хадисинде Али ибну Абуталип мындай дейт: Пайгамбар САВ ошол күнү ушундай деп дуба кылды: **Бизди алек кылып, күндү баткызып, ортоңку намазды (аср намазын) өткөзүп жибергендигибиз үчүн, Аллах булардын да үйлөрүн жана кабырларын тозок оту менен толтурсун.**

Имам Ахмад менен Имам Шафийдин Муснад китебинде; мушриктер менен алек болуп мусулмандар бешим, аср, шам жана куптан намазын өткөзүп жибергендиктен баарын каза кылып окушту. Имам Нававий жогоруда айтылган намаз тууралуу сөздөрдү ушундай деп түшүндүрөт: Бул айтылынган риваяттарды чогултуп келгенде, Хандак урушу бир нече күнгө созулгандыктан айтылынган намаздар ар башка күндөрдө болгон .... текстин аягы.

Мындан ушундай тыянак чыгат; мушриткердин аңдан өтүү аракеттери, аларды тосуу үчүн мусулмандардын аракеттери, бир нече күнгө созулган. Ортодо кан төгүлүп түз уруш болбой, аларды аң бөлүп тургандыктан жаа найзалар менен гана аткылашуу болду.

Ушундай аткылашуунун натыйжасынан эки тараптан эсептелүү эле киши өлдү, мусулмандардан алты киши, мушриктерден он киши өлдү. Булардын ичинен бирөөсү же экөөсү кылыч менен өлгөн болчу.

Ошентип эки тараптуу аткылашуу болуп жатканда Саьд ибну Муазды РА Курайш жоокеринен Хиббан ибну Арка аттуу

бирөөсү көзүнө атып салат. Ошондо Саьд ушундай деп дуба кылды: Аллахым! Өз элчиңди калпычыга чыгарып, аны кууп чыккан коомго каршы күрөшүүнү өтө жакшы көрөөрүмдү жакшы билесиң. Аллахым! Балким булар менен болуп жаткан согушту бүтүргөн чыгаарсың. Эгер Курайш менен болгон согуш али бүтө элек болсо анда сенин жолуңда согушуу үчүн менин жанымды ала көрбө. А эгер согушту бүтүргөн болсоң, анда ушул согушта өлөөрүмдү насип кыл. Дубасынын акырында: Курайза уруусунан бейпил болмоюнча жанымды ала көрбө! Деп дубасын бүтүрдү.

Мусулмандар ушинтип кыйналып жаткан учурда, арам ой кыянаттыка көнгөн кобра чаар жыланы ининен чыгып, уусун мусулмандардын денесине чачкысы келди. Надир уруусунун эң чоң зөөкүрү Хайай ининен чыгып, Курайза уруусунун башчысы Кааб ибну Асад Курайзийдин үйүнө келди. Анткени Кааб Курайза уруусунун башчысы болуп, мусулмандар менен ынтымакка, эгер согуш болуп калса Пайгамбарга САВ жардам берүүгө келишим түзгөн болчу. Хайай келип Каабтын эшигин какты эле Кааб чыгып: Кеткин деп эшигин жаап салды. Хайай ага карабай аны муну сүйлөп анын башын айлантып акыры эшигин ачтырды да мындай деди: Оо, Кааб! Мен сага түбөлүктүү жакшылыкты жана чоң деңиз толкунун алып келдим. Курайштын башчылары жана жоокерлери менен алып келип сел топтолуучу Руумага жайгаштырдым. Гатфандын башчылары жана жоокерлери менен алып келип Ухуд тоосунун жанындагы Накмийге жайгаштырдым. Булар Мухаммедди түп тамыры менен жок кылмайын аягына чейин согушабыз деп мага убада беришти.

Ошондо Кааб: Жок, Аллахка ант болсун, сен мага түбөлүктүү балээни, чагылган жаркырап кан жааган булутту алып келдиң, мында эч кандай жакшылык жок. Оо, Хайай! Эсиңе кел да мени жөн коюп бул ишке аралаштырба. Анткени мен Мухаммедден чынчыл, убадачылдан башка эч нерсени көргөнүм жок.

Хайай Каабтын жанын койбой, ары өтүп бери өтүп акыры аны азгырып, убадаларды берип айтканына көндүрдү да мындай деди: Эгер Курайш менен Гатфан Мухаммедке эч зыян жеткизе албай артка кайтып кете турган болсо, анда мен өзүм кошулуп сенин чебиңе кирип акырына чейин согушам. Ошентип Кааб ибну Асад мусулмандар менен түзгөн келишимин бузуп, мушриктерге кошулуп мусулмандарга каршы согушка кирди.

Чындыгында жөөттөрдүн Курайза уруусу согушууга аракет кылып калышты. Бул тууралуу Ибну Исхак ушундай риывяят кылат: Ошол кезде Сафия бинту Абдулмуталип Хассан ибну Саабиттин коргонунун үстүндө жүргөн болчу. Ал эми коргондун ичинде Хассан аялдар балдар менен олтурган эле. Окуянын каарманы Сафия мындай дейт: "Коргондун сыртында бир жөөттүн аңдып жүргөнүн байкап калдым. Ошол кезде Курайза уруусу Пайгамбар САВ менен түзгөн келишимин бузуп салган болчу. Бизди коргой турган жаныбызда эч ким жок эле. Ал эми Пайгамбар САВ менен мусулман жоокерлери душмандын алдынан эч жакка жыла албай жаткан. Ошондо мен: "Оо, Хассан! Бул жөөт көрүп турганыңдай коргонду айланып аңдып жатат го. Аллахка ант, мен буга ишенбей турам, жаныбызда бизди коргоого эч ким калбаганын билип, душманга айтып салбаса экен деп чоочулап жатам. Өзүң билгендей Пайгамбар САВ менен сахаблары душмандын алдынан жыла алышпайт. Ошондуктан мунун алдына түшүп өлтүрүп сал, деп айттым эле Хассан: "Мен андай ишке алсыз экенимди билесиң"- деп макул болбой койду. Ошондо мен эркек сымал орондум да, колума бир таякты алып, коргондон акырын түшүп барып жөөттү уруп уруп өлтүрүп салып, кайра коргонго чыгып кеттим. Анан Хассанга: "Хассан барып муну сүйрөп алып келсең, мен алып келейин десем бул эркек да". Хассан: "Муну алып келүүнүн эч кажети жок"- деп жооп берди.

Пайгамбардын САВ апежесинин бул кылган эрдиги өтө чоң таасир калтырып мусулмандардын аял балдарын сактап калды. Анткени жөөттөр коргондун ичинде да Мадинаны коргой турган толтура ислам жоокерлери бар экен деген ойдо экинчи ирет ал жака жакын жолоодон коркуп калышты. Бирок мушрик жоокерлерине биз мусулмандарга каршы силер менен биргебиз дегендей аларга азык-түлүктөн ташып жардам берип турушту. Мусулмандарга да насип кылган экен алардын жыйырма төөсүн тартып алышты.

Бул кабар Пайгамбар САВ менен мусулмандарга жетип келди. Ошол замат кабардын чын төгүнүн билип келүүгө, Курайза уруусун сыноо максатында, келишимде айтылгандай аскерий жардам сурап келүүгө киши жөнөттү. Пайгамбар САВ кабарды билип келүүгө Саьд ибну Муазды, Саьд ибну Убааданы, Абдулла ибну Раввахaны жана Хават ибну Жубайрды жөнөтүп мындай деди: “**Аларга барып бизге келген кабар чынбекен же жокпу? Ошону билгиле. Эгер чын болсо аны элге жарыя кылбастан акырын өзүмө айткыла. Ал эми (кабар жалган болуп) келишимди бузбаган болсо анда жарыя кылып айта бергиле”.** Ошентип кабарды билүүгө барганда Курайза эли ачык айкын эле мусулмандарга болгон душмандыгын айтып, Пайгамбарга САВ да тил тийгизип жатыптыр. Алар мусулмандардан келген кишилерге: “Аллахтын элчиси деген ким экен? Мухаммед менен биздин ортобузда эч кандай келишим жок”- деп айтышканда келгендер акырын ал жерден жылып кетишти да Пайгамбардын САВ жанына келип акырын ага: “Адул жана Каара сыяктуу болушуптур”- деп кабар беришти. Мындайча айтканда Ражиь окуясында Адул жана Каара уруусу сымал кыянаттык кылыптыр.

Бул кабарды канчалык жашырууга аракет кылбасын, кабар элдин арасына жайылып кетип, эл өтө чоң коркунучтуу кырдаалда калды.

Бул кырдаал мусулмандар үчүн өтө коркунучтуу кырдаал болду. Анткени Курайза уруусу арт жактан чабуул жасай турган болсо аларды тосууга эч нерсе жок болчу. Ал эми алдыда чоң көлөмдөгү аскер тургандыктан алардан бир карыш да жылууга болбойт эле. Мусулмандардын аял балдары кыянатчыл Курайза жөөттөрдүн жерине жакын болгондуктан, аларды коргой турган эч кандай жоокер жок болчу. Ошондо Аллах Таала айткандай болду:

إِذْ جَاؤُوكُم مِّن فَوْقِكُمْ وَمِنْ أَسْفَلَ مِنكُمْ وَإِذْ زَاغَتْ الْأَبْصَارُ وَبَلَغَتِ الْقُلُوبُ الْحَنَاجِرَ وَتَظُنُّونَ بِاللَّهِ الظُّنُونَا {الأحزاب/10} هُنَالِكَ ابْتُلِيَ الْمُؤْمِنُونَ وَزُلْزِلُوا زِلْزَالًا شَدِيدًا {الأحزاب/11}

***«10 - Ошондо силерге үстүңөрдөн, ылдый жагыңардан (душман басып) келген жана көздөр тунарып, жүрөктөр алкымга тыгылган. Жана (кээ бирөөңөр) Аллаһка жаман ойлоп да калгансыңар. 11 - Ошол жерде момундар сыналып, (ыймандары) катуу бир чайпалган».*** (Ахзаб, 10 - 11)

Ал эми кээ бир мунафыктардан эки жүздүү сөз чыгып мындай деди: «Мухаммед бизге Кисра менен Кайсардын кендерин аласыңар деп убуда кылып жаткан эле го, бүгүн биз даарат ушатканга да бара албай олтурабыз". Кээ бири элдин алдында ачык айкын: "Биздин үйлөрүбүз Мадинанын сыртында болгондуктан ээн коргоосуз калды, ошондуктан бизге уруксаат бер кетели"- деп айтышты. Ошондо Салма уруусу ордун таштап кетип кала жаздады. Булар тууралуу Аллах Таала ушундай аят түшүрдү:

وَإِذْ يَقُولُ الْمُنَافِقُونَ وَالَّذِينَ فِي قُلُوبِهِم مَّرَضٌ مَّا وَعَدَنَا اللَّهُ وَرَسُولُهُ إِلَّا غُرُورًا {الأحزاب/12} وَإِذْ قَالَت طَّائِفَةٌ مِّنْهُمْ يَا أَهْلَ يَثْرِبَ لَا مُقَامَ لَكُمْ فَارْجِعُوا وَيَسْتَأْذِنُ فَرِيقٌ مِّنْهُمُ النَّبِيَّ يَقُولُونَ إِنَّ بُيُوتَنَا عَوْرَةٌ وَمَا هِيَ بِعَوْرَةٍ إِن يُرِيدُونَ إِلَّا فِرَارًا {الأحزاب/13}

***"12. Ошондо, мунафыктар менен жүрөгүндө шек-күмөнү бар адамдар: «Бизге Аллаһ менен Анын пайгамбары***

***(силер жеңесиңер деп) жалган убада берген турбайбы»- дешти.***
***13. Ошондо, алардан бир тайпа кишилер: «О, Ясриб (Мадина) эли! Эми силерге бул жерде туруу(дан пайда) жок! Кайта бергиле!»- деген жана алардан дагы бир тайпалары Пайгамбардан уруксат сурап: «Үйүбүз ачык (коргоосуз) калган болчу»- деп (жалган) айтышкан. Үйлөрү ачык калбаган эле. Алар болгону, качууну көздөгөн".***(Ахзаб, 12-13)

Пайгамбарга САВ Курайза келишимди бузуптур деген кабар келгенден кийин, кийимине оронуп жатты да көпкө ойлонду. Акыры мусулмандардын акыбалы оорлошо баштаганда кудурети күчтүү Кудай Тааладан үмүт кылып, ордунан тура калып: "**Аллаху акбар, оо, мусулмандар! Сүйүнчү Аллахтын жардамы келатат"-** деп айтты да кырдаалды жөнгө салуу үчүн пландарды түзүп аны ишке ашыруу максатында аракетти баштады. Алгач Мадинада калган кары-картаң, аял балдардын коркунучун кетирүү үчүн ал жакка коргоочу жөнөттү. Бирок ойлогон оюн ишке ашыруу үчүн чогулган мушрик жоокерлерин ич ара бузуу керек болчу. Ушул ойду ишке ашырууга чечкиндүү кадам жасаш керек. Ошондо эгер Гатфан жоокерлери Курайш жоокерлерин таштап согуш талаасынан кеткен болсо, анда мусулмандар Курайшты бат эле жеңип салат эле. Пайгамбар САВ бул планды ишке ашыруу максатында Гатфандын башчылары Уайана ибну Хисн менен Хаарис ибну Ауфка Мадинанын түшүмүн үчтөн бирин берүүгө убада кылып, майданды таштап кетүүнү сунуштагысы келди. Бул жөнүндө катуу талкуу жүргүзүп, сунушту Саьд ибну Муаз менен Саьд ибну Убаадага айтты эле ал экөө: "Оо, Аллахтын элчиси! Ушундай кылууга Аллах буйурган болсо анда баш үстүнө деп аткаралы. А эгер бул ой өзүңүздүн гана пикириңиз болсо анда андай кылбай эле коюңуз. Анткени биз да алар да кечээ эле Аллахка ширк келтирип буттарга сыйынып жүргөнбүз. Ошондо булар бизден

мөмөнү сатып алып эле жеп жүргөн. Эми Аллах бизге ислам динин берип, сизди себеп кылып бийик даражага жетип, хидаят-туура жолго салгандан кийин буларга мал-дүйнөбүздү берип койобузбу? Аллахка ант болсун, буларга кылычтан башка эч нерсени карматпайбыз". Пайгамбар САВ бул экөөнүн пикирин туура көрүп кабыл алды да мындай деди: "**Араптар чогулуп бизге каршы чыккандыктан бул ой өзүмдүн гана пикирим болчу".**

Кудуреттүү Кудай Таала чогулган душманды чачыратып салуу үчүн таң калыштуу окуяны өзү тарабынан даярдап койгон болчу. Ал да Гатфан жоокерлердин арасынан Наим ибну Масьуд ибну Аамир Ашжаий аттуу бирөөсү Пайгамбарга САВ келди да: Оо, Аллахтын элчиси! Мен исламды кабыл кылдым, бул тууралуу элим билбейт, мага каалаган нерсеңизди буйруң аткарайын, дегенде Пайгамбар САВ: "**Сен өзүң жалгызсың, ошондуктан барып күчүңдүн жетишинче аларды (чачыратып салуу үчүн) азгыргын. Анткени согушта айлакөйлүк кылуу керек"-** деп айтты. Ошол замат Наим жөнөп кетти да Курайза уруусуна барды – анткени ал Курайза уруусу менен жакын дос болчу – аларга барып мындай деди: Силерди абдан жакшы көрөөрүмдү билесиңер, өзгөчө арабыздагы достук мамиле да бар. Курайза эли: Ооба, туура айтасың, деп жооп берди. Наим: "Курайш силерге окшош эмес, бул жер силердин мекениңер, мал-дүйнө бала-бакыраңар менен мекен кылып жашап келесиңер, бул жерден эч жака кете албайсыңар. Ал эми Курайш менен Гатфан узактан Мухаммедке жолдошторуна каршы согушууга келди. Силер болсо аларга кошулдук деп чечтиңер. Ал эми алардын мал-мүлкү, бала-бакырасы узакта, эгер жеңишке жете турган болсо анда силерди колдонот. А эгер андай болбой калса анда силерди Мухаммедке таштап коюп кетип калат. Мына ошондо Мухаммед силерден өч алат". Бул сөздү уккан Курайза эли чочулап: "Эмне кылуубуз керек оо, Наим, деп сурап калды". Наим: "Алар аягына чейин силер менен турабыз деп, өздөрү

тарабынан күрөө катары силерге киши бермейин согушпайбыз дегиле”. Ошондо алар “эң туура айттың, ошондой кылабыз”- деп жооп берди.

Ошол замат Наим Курайш жоокерлерине барды да: “Менин силерди жакшы көрөөрүмдү билесиңер, ошондуктан силерге бир кеңеш айтайынбы?” Алар: “Ооба айт”- деп жооп беришти. Наим: “Жөөттөр Мухаммед менен болгон келишимин бузган үчүн өкүнүп жатат, силерди алдап силерден күрөөгө киши сурап алып аларды Мухаммедке тапшырып аларга жардам көрсөтмөкчү, ошондуктан эгер силерден киши сураса бербегиле”- деп айтты. Анан ошол замат Гатфан жоокерлерине барып аларга да Курашка айткандай кылып айтып берди.

Шаввал айынын ишемби күнү кечиндеси болгондо – 5 х. ж. – Курайш менен Гатфан жөөттөргө киши жөнөтүп: “Биз өз жерибизде болбогондуктан тамак-аш түгөнүп буттар тешилди, эми ордуңардан козголгула бирге чогуу Мухаммедди жок кылалы”- деп айтты. Жөөттөр аларга киши жөнөтүп: “Бүгүн ишемби күн, бизден алдыңкылар бул күндү кандай күн кылып кеткендигин билесиңер (ишемби күнү жөөттөрдө дем алыш ошондуктан бүгүн согушпайбыз) силер бизге күрөөгө киши жөнөтмөйүн согушпайбыз”. Бул сөздү жөөттөрдүн кишиси айтып келгенде Курайш менен Гатфан: “Аллахка ант, Наим туура айткан экен”- деп жөөттөргө киши жөнөтүп: “Аллахка ант, силерге эч кандай киши бербейбиз, биз менен чыккыла Мухаммедди жок кылалы”- дегенде Курайза: “Аллахка ант, Наим туура айткан экен, чыкпайбыз”- деп айтышты. Ошентип эки тараптын ортосунда ажырым пайда болуп, бир бирине ишеним кетип, бөлүнүп кетишти.

Ошол учурда мусулмандар Аллахка: «Аллахым! Өзүң бизди коргоп, коркунучубузду кетир”- деп дуба кылып жаткан болчу. Ал эми Пайгамбар САВ чогулуп келген душманга ушундай деп дуба кылды: “**Аллахым! Китепти (Куранды) түшүрүүчү, эсебин бат берүүчү сенсиң, чогулган душманды**

**өзүң жок кыл. Аллахым! Аларга коркунучту салып, жок кыла көр”.**

Чындыгында Кудуреттүү Кудай Таала Пайгамбар САВ менен мусулмандардын кылган дубасын кабыл кылды. Эки тараптын ортоснуда ажырым пайда болуп бөлүнүп кеткенден соң, Аллах Таала өзү тарабынан бороондогон шамал аскерин жөнөттү. Бороондогон катуу шамал келип алардын чатырларын кыйартып, казыктарынан бери жулуп, буйумдарын учуруп кетип, турууга мүмкүн болбой калды. Аллахтын периштелери келип алардын жүрөгүнө катуу коркунучту салды.

Ошол бороондоп катуу суук болгон түнү Пайгамбар САВ Хузайфа ибну Яманды кабарды билип келүүгө жиберди. Хузайфа келип душмандын акыбалын көрдү, ошондо алар кетүүгө камданып жатышкан экен. Хузайфа кабарды айтып келди. Пайгамбар САВ алар кеткенче күтүп турду. Ошентип Аллах Таала душмандын арам оюн текке кетирип, эч кандай ишин ишке ашырбай, согушууну токтотуп салды. Аллах Таала берген убадасын аткарып, жоокерлерин бийик даражага көтөрүп, пендесин жеңишке жеткирип, чогулган душманды өзү жалгыз жок кылды. Душман кеткенден соң мусулмандар Мадинага кайтышты.

Хандак согушу тагыраак айтканда бешинчи хижрий жылы шаввал айында болгон. Ошондо мушриктер мусулмандарды бир ай же бир айга жакын курчап турду. Бул тууралуу бардык маалыматтарды чогултуп караганда курчоонун башталуусу шавал айында башталып бүтүүсү зул-каада айында бүткөн. Ибну Саьддын риваятында ушундай келет: “Пайгамбар САВ Хандактан шаршемби күнү зул-каада айынын бүтүүсүнө жети күн калганда кеткен”.

Бул Ахзаб согушунда эки тараптын ортосунда ачык айкын согуш жүрбөй эле жөн гана узактан атышуулар болду. Бирок исламдагы эң чечүүчү согуш болуп, натыйжада мушриктердин колунан эч нерсе келбей кетүүгө аргасыз

болгон. Ошондо араптардын эч кимиси Мадинада кичинекей күч катары акырындап өсүп жаткандарды тамырынан жула албай тургандыгы ачыка чыкты. Анткени араптар ушул Ахзаб согушунда топтоп алып келген аскерий күчтөн башка мынчалык даражадагы күчтү жыйнай албайт. Аллах Таала өзү чогулган мушрик жоокерлерин кетиргенден соң Пайгамбар САВ ушундай деди: “**Эми биз аларга барып чабуул жасайбыз, алар бизге келе албайт, биз аларга барабыз”.**

## *Курайза уруусуна болгон согуш*

Пайгамбар САВ Мадинага кайткан күнү эле Жебрейил периште бешим намазында келди. Ошондо Пайгамбар САВ Умму Саламанын үйүндө жуунуп жаткан эле, Жебрейил келип Пайгамбарга САВ: “Куралыңды койдуңбу? Периштелер куралын али коё элек, өзүң менен болгондорду алып Курайза уруусуна чабуулга жөнө, мен алдыңдан барып, алардын чебин дүрбөлөңгө салып, жүрөгүнө коркууну салам”- деп айтты да периштелердин тобун алып жөнөп кетти.

Пайгамбар САВ ошол замат элдерди чакырууга азан чакыртып элдер чогулганда: “**Ким мени укса согушка жөнөсүн да аср намазын Курайза уруусуна жеткенде окусун”-** деп айтты. Мадинага башчы кылып Ибну Уммумактумду калтырды, желекти Али ибну Абуталипке берип чогулган бир канча жоокерлер менен Курайза уруусун көздөй жөнөттү. Али алардын чебине жеткен кезде жөөттөр Пайгамбар САВ тууралуу жаман сөздөрдү айтып жатканын угуп калды.

Пайгамбар САВ да Алинин артынан калган мухажирин менен ансар жоокерлерин алып жөнөп кетти да Курайза уруусунун Ана деген кудугуна келип жайгашты. Алдын кеткен жоокерлер Пайгамбардын САВ буйругун лаббай деп аткарып Курайза уруусун көздөй жолго чыгышты. Ошондо алар жолдо келатканда аср намазынын убагы кирип калды да кээ бири

мындай деди: Пайгамбар САВ буйургандай аср намазын Курайза уруусуна жеткенде гана окуйбуз дешти. Ошентип кээ бири аср намазын күн батканда окушту. Ал эми калганы болсо: “Пайгамбар САВ андай максатта айткан эмес, бизди батыраак баруу үчүн гана айткан болчу”- дешти да аср намазын жолдо окушту.

Ушундай болуп ислам жоокерлери бөлүк бөлүк болуп Курайза уруусуна жетип Пайгамбардын САВ жанына чогулушту. Жоокерлердин саны үч миңге жетип, отуз атчан болду. Жоокерлер Курайзага келээри менен алардын чебин курчоого алды.

Курайза уруусуна курчоо күчөгөндөн соң алардын башчысы Кааб ибну Асад өздөрүнө үч нерсени сунуш кылып мындай деди: Же исламды кабыл кылып Мухаммеддин динине киресиңер да жаныңарды, мал-мүлкүңөрдү, аял бала-бакыраңарды куткарып каласыңар. Аллахка ант, Бул инсан чыныгы Пайгамбар экендигин билдиңер, ал да өзүбүздүн китепте (Тооротто) жазылып турат. Же болбосом өз колубуз менен балдарыбызды аялдарыбызды өлтүрүп салалы да артыбызда кам санай турган эч нерсени калтырбай, кылычты алып тобокел кылып Мухаммедке каршы согушалы, ошондо же алар же биз жеңишке жетебиз. Же болбосо ишемби күндү пайдаланып кылычты алып аларга кол салалы, анткени ишемби күнү бизди согушпайт деп мусулмандар бейкапар олтурса керек. Жөөттөр бул сунуштун эч кимисине макул болгон жок. Ошондо Кааб ибну Асад каары келип капаланган абалда мындай деди: “Эч кимибиз энеден туулгандан бери мынчалык сак болгон эмес элек”.

Курайза уруусунун алдында бул үч сунуштан башка Пайгамбардын САВ гана чыгара турган өкүмү калды. Бирок Пайгамбар САВ аларга каршы өкүм чыгара электен алдың жөөттөр союздаш мусулмандар менен байланышып, эгер Пайгамбардын САВ чыгарган өкүмүнө калышса анда ал кандай өкүм чыгарат экендигин билгиси келип, Абу

Лубаабадан кеңеш суроо максатында Пайгамбарга САВ киши жөнөтүп Абу Лубаабаны чакыртты. Анткени Абу Лубааба Курайза уруусунун союздашы болуп, анын мал-мүлкү жана балдары Курайза уруусунун жеринде эле. Ошентип Абу Лубааба жөөттөрдүн алдына келген кезде, эркектери аны тосуп алып, аял балдары бакырып-өкүрүп ыйлап жалдырап алдынан чыгышты. Бул абалды көргөн Абу Лубаабанын боору ооруп кетти. Ошондо жөөттөр: "Оо, Абу Лубааба! Эми биз Мухаммеддин чыгарган өкүмүнө макул боллолубу?" -деп сурап калды. Абу Лубааба: "Ооба"- деп жооп берди да колу менен мойнун көрсөтүп союласыңар деп ишаарат кылды. Ошол замат ал ойлоно калып, Аллах менен анын элчисине кыянат кылып койдум деп, дароо артына кайтып Пайгамбарга САВ да жолукпай Мадина мечитине барды да өзүн өзү мечиттин жиби менен түркүкө байлап, бул жипти Пайгамбардан САВ башка эч ким келип чечпесин, эми Курайза уруусунун жерине эч качан кирбеймин деп касам ичип олтуруп алды. Абу Лубаабанын мындай кылгандыгы Пайгамбарга САВ жетип келгенде ал: "**Эгер ал мага келгенде ал үчүн Аллахтан кечирим сурайт элем, эми болоор иш болуптур, аны Кудай Таала кечирмейин барып чечпеймин"-** деген сөзүн айтты.

Абу Лубааба Курайза уруусунун эмне болоорун көрсөткөнүнө карабай, алар Пайгамбардын САВ чыгарган өкүмүнө макул болууну каалашты. Жөөттөр узун убакыт бою курчоодо сабыр кылууга кудуреттери жетчү. Анткени аларда азык-түлүк, суулар, кудуктар кеңири болуп ошондой эле чептери да бекем болчу. Ал эми мусулмандар болсо катуу суукка, ачкачылыкка кабылып, аябай кыйналып турган кези болчу. Анын үстүнө Ахзаб согушундагы көргөн катуу чарчоо ачкачылыктан кийин дароо эле бул согушту уланткандыгына байланыштуу өтө кыйналып турган кездери эле. Бирок Курайза уруусуна болгон согуш жөн гана курчап чабуул жасоо болгондуктан Аллах Таала жөөттөрдүн жүрөгүнө коркунучту салып, согуштук маанайы жоголуп кетти. Булардын согуштук

маанайы ушул даражада чөккөндүктөн Али ибну Абуталип менен Зубайр ибну Аваам алдыга чыгкты да Али: Оо, ыйман ээлери! Аллахка ант болсун, же Хамза тарткан күндү көрөм же болбосом булардын чебин бузуп кирем, деп катуу бакырды.

Ошондо жөөттөр катуу коркондуктан Пайгамбар САВ кандай өкүм чыгарса ошого макул болууну айтып колго түшүп беришти. Пайгамбар САВ Мухаммед ибну Маслама ансарийдин кароо астында алардын эркектерин колу бутун байлатты да, аял балдарын эркектерден бөлүп башка жакка койду. Аус уруусу Пайгамбарга САВ келип: "Оо, Аллахтын элчиси! Өзүңүз билгендей Кайнука уруусу тууганыбыз Хызраж уруусунун союздашы болгондуктан аларга эмне болгондугун билесиз. Ошондуктан булар да биздин жардамчыбыз, буларга да жакшыраак мамиле кылыңыз"- деп сурап калды. Пайгамбар САВ: "**Анда эмесе буларга силердин өзүңөрдөн бирөөңөр чыгып өкүм кылууну каалайсыңарбы?"-** дегенде, алар: "Макул"- деп жооп беришти. Пайгамбар САВ: "**Анда Саьд ибну Муаз чыксын"-** алар: "Ооба, биз анын чыгарган өкүмүнө ыраазы болобуз"- дешти.

Пайгамбар САВ Саьдды алып келүүгө киши жөнөттү. Анткени ал Ахзаб согушундагы алган катуу жараатынан улам Мадинада калган болчу. Саьдды эшеке олтургузуп алып келишти, жолдо келатканда ага уруулаштары: "Оо, Саьд! Биздин бул жардамчыларыбызга жакшылык кылып, жакшы өкүм чыгар, анткени Пайгамбар САВ да жакшы өкүм чыгарсын деп буларды сага тапшырды". Саьдан эч кандай үн чыкпай келатты. Анын аржак бержагынан айтып шаштысын алып жибергендиктен ал ушундай деди: "Эми Саьдка Аллах үчүн эч кимди аябоого кезек келип жетти". Бул сөздү уккандан кийин айткандардын кээ бири Мадинага келип, өлүм болоору тууралуу кабарды айтып жиберишти.

Саьд Пайгамбардын САВ алдына келгенде Пайгамбар САВ сахабаларга карап: "**Ордуңардан туруп башчыңарды**

**күтүп алгыла”-** деген сөзүн айтты. Ошентип аны жерге олтургузгандан соң ага мындай дешти: “Оо, Саьд! Буларга сени өкүм чыгарсын”- деп чечим чыкты. Саьд: “Менин чыгарган өкүмүм буларга аткарылабы?” -деп сурап калды эле, “ооба”- деп жооп беришти. Саьд кайрадан: “Мусулмандар да аны аткарышабы?” -дегенде ооба деп жоо беришти. Саьд: “Бул жерде турганга дагынбы?” -деп Пайгамбарга САВ ишаарат кылгандай, аны урматтап ага тикелей жүзүн бурбай сурады эле Пайгамбар САВ: “**Ооба, мен да сен чыгарган өкүмдү аткарамын”-** деп жооп берди. Ошондо Саьд: “Андай болсо мен булардын эркектерин өлтүрүп салып, аял балдарын жана мал-мүлкүн өзүбүзгө бөлүп алууга өкүм чыгарам”- деп айтты. Пайгамбар САВ: “**Чындыгында буларга жети кабат асмандын үстүндөгү Аллах Тааланын өкүмүн чыгардың”-** деген сөзүн айтты.

Саьддын буларга чыгарган өкүмү өтө адилеттүү болду. Анткени Курайза уруусу кыянаттык кылгандан тышкары мусулмандарды жок кылуу максатында бир жарым миң кылыч, эки миң найза, үч жүз соот жана беш жүз калкан даярдашкан экен. Булардын баарын мусулмандар чептин ичине киргенде гана таап өздөрүнө алышты.

Пайгамбар САВ Курайза уруусун Нажжар уруусунан болгон Бинту Хаарис аттуу аялдын үйүнө камоого буйурду. Анан Мадинанын базарына жакын жерден аң казылып, ошол аңга аларды топ топ кылып алып келип өлүм жазасына тартып жатышты. Ошондо али өлүм жазасына тартыла элек камакта жаткандар өздөрүнүн башчысы Кааб ибну Асаддан: Эми бизди эмне кылат деп ойлойсуң? Деп сурап калышты. Кааб: Эмне, дагы деле акылыңарга келбедиңерби? Алып кетип жаткандар кайтып келбей жатканын көрбөй жатасыңарбы? Эмне кылмак эле өлтүрүп жатат да, деп жооп берди. Алардын эркектери алты жүз менен жети жүздүн аралыгында болуп, баары өлүм жазасына тартылды.

Мына келишимди бузуп, мусулмандардын жашоосундагы эң эле оор күндөрдө чогулган мушрик жоокерлерине жардам берген кыянатчыл, арам ой, уулуу жыландардын акыбети ушундай болду. Анткени булар өздөрү согушка эң чоң мыкаачылык, чыккынчылык кылгандыгы үчүн өлүм жазасына тартылууга ылайыктуу болушту. Булар менен кошулуп Надир уруусунун шайтаны болгон жана Ахзаб согушуну баштаган эң чоң зөөкүр, момундардын энеси болгон Сафиянын РА атасы Хайай ибну Ахтаб да өлүм жазасына тартылды. Бул инсан Курайза уруусу менен алардын чебине чогуу кирген болчу, анткени ал Ахзаб согушунда Кааб ибну Асадка келип келишимди буздуруп, кыянаттык кылдырып, аягына чейин сени менен болом деген убадасы үчүн алардын чебине кошо кирди. Аны өлүм жазасына тартуу үчүн алып келгенде үстүндөгү кийимин эч ким тартпасын деп манжадай-манжадай кылып жыртып алган экен. Колун мойнуна байлап алып келишти ошондо ал Пайгамбарга САВ мындай деди: Сага душмандык кылгандыгым үчүн эч өкүнбөймүн, бирок ким Аллах жолундагыларды жеңем десе ал жеңилет. Анан айланадагыларга карап: Оо, адамдар! Бул Аллахтын буйругу, эч нерсе эмес, тагдырга ушундай жазылган. Бул кыргынды Израил коомуна Аллах ушундай жазган экен, деп айтып жерге олтурганда башын чаап салышты.

Ал эми аялдардан болсо бир аял өлүм жазасына тартылды, анткени ал аял тегирмен ташын алып Халлад ибну Сувайддын башына таштап өлтүрүп салгандыгы үчүн өлүм жазасына тартылды.

Ошондой эле Пайгамбар САВ бойго жеткендердин баарын өлүм жазасына тартып, бойго жете электерди тирүү калтырды. Ошондо бойго жете электердин арасында Атия Курайзий да бар болчу, ал кийинчерээк исламды кабыл кылып сахабалардан болду.

Саабит ибну Кайс Зубайр ибну Баатаны, мал-мүлкүнү жана үй-бүлөсүнү өзүнө белек катары алууга Пайгамбардан

САВ сурады эле берди, анткени экөөнүн ортосунда мамиле бар болчу. Ошондо Саабит ибну Кайс Зубайрга мындай деди: “Пайгамбар САВ сени, үй-бүлөңдү жана мал-мүлкүңдү мага белек кылып берди, эми булар кайра сеники”. Зубайр өзүнүн жөөт эли өлүм жазасына тартылгандыгын билгенден соң: “Мына бул эки колум менен сураймын оо, Саабит! Мени да ошол сүйгөндөрүмдүн артынан жөнөт”- дегенде анын да башын чаап салып сүйгөндөрү болгон жөөттөрдүн артынан оо дүйнөгө жөнөттү. Саабит Зубайрдын уулу Абдурахманды тирүү калтырган болчу. Кийинчерээк Абдурахман исламды кабыл кылып сахабалардан болду. Умму Мунзир Салма бинту Кайс Нажжария аттуу аял Рифаа ибну Самуел Курайзийди белек катары алууга Пайгамбардан САВ сурады эле ага белек кылып берди, ошондо Умму Мунзир Рифааны өлүм жазасна тартпай тирүү калтырды. Рифаа да исламды кабыл кылып сахбалардан болду.

Ошол күнү кечинде жөөттөр колго түшө элегинде, бир канчасы исламды кабыл кылды, анан алардын үй-бүлөсү мал мүлкү өздөрүнө калды. Ошол күнү кечинде Амру аттуу жөөт чептен чыгып кетти. Анткени ал Курайза уруусу Пайгамбарга САВ кыянат кылганда аларга кошулбай койгон болчу. Амрунун чептен чыгып баратканын Пайгамбардын САВ коргоочусу болгон Мухаммед ибну Маслма көрүп калат да аны таанып коюп жиберет, бирок ал кайда кеткенин эч ким билбейт.

Пайгамбар САВ Курайза уруусунун мал-мүлкүн бештен бирин казынага алып калганын мусулмандарга бөлүп берди. Атчандарга үч жебе берди, экөөсү ат үчүн бирөөсү атты мингенге. Ал эми жөө жоокерлерге бир жебеден берди. Туткунга түшкөндөрдү Саьд ибну Зейтке тапшырып ал бир канча сахабалар менен аларды Наждка алып барып сатып, ордуна аттарды, курал-жарактарды сатып алды.

Ал эми Пайгамбар САВ өзүнө Курайза аялдарынан Райхана бинту Амру ибну Ханааканы күң катары алды. Бул

аял Пайгамбардын САВ өмүрүнүн акырына чейин аны менен болуп, Пайгамбар САВ каза болгондо Пайгамбардын САВ мүлкүндө күң катары калган болчу. Бул Ибну Исхактын риваятында ушундай келет. Ал эми Калбийдин риваятында: Пайгамбар САВ ал аялды боштондука чыгарып 6 х. жылында ага үйлөнөт. Пайгамбар САВ коштошуу ажысынан келгенде аял каза болуп аны Бакиь жерине жерге берет.

Курайза уруусунун иши чечилип бүткөндөн соң саалих пенде болгон Саьд ибну Муаздын РА кылган дубасы кабыл болду. Анткени ал алдыда айтып өткөндөй Ахзаб согушунда Аллахка дуба кылган болчу. Саьддын жараатына байланыштуу Пайгамбар САВ ага мечиттин ичине чатыр курдуруп, батыраак кабар алып туруу үчүн ошол чатырга жаткызган болчу. Курайза уруусунун иши толук бүткөндөн соң Саьддын жарааты күчөп кетти. Бул тууралуу Айша РА мындай дейт: “Ошондо Саьддын жарааты күчөп каны токтобой ага баштады – мечиттин ичиндеги Гифар уруусунун чатырында болчу – айланадагылар: “Оо, чатырдагылар! Силер жакта эмне болуп жатат?” -деп карашса Саьддын жараатынан кан катуу агып жатыптыр, ошонун натыйжасынан Саьд жан берди”.

Бухарий жана Муслим риваят кылган хадисте Пайгамбар САВ: “**Саьд ибну Муаздын өлүмүнө Аллахтын аршы титиреп кетти”-** деген сөзүн айтты. Тирмизий риваят кылган хадисте Анас ушундай дейт: “Саьд ибну Муаздын жаназасын окугандан соң табытын көтөрүп баратканда, мунафыктар: “Мунун денеси мынча жеңил!” -дегенде Пайгамбар САВ: “**Муну периштелер көтөрүп баратат”-** деп жооп берди.

Курайза уруусун курчоого алган кезде мусулмандардан бир жоокер Халлад ибну Сувайд каза болду, анткени жогоруда айткандай Курайза уруусунан бир аял анын башына тегирмен ташын таштап салган эле. Ошондой эле Уккаашанын бир тууганы Абу Синан ибну Мухсин да курчоо учурунда каза болду.

Ал эми Абу Лубааба болсо түркүктө алты күн байланып турду. Ар бир намаздын учурунда анын аялы келип чечип койду, намазын окуп кайрадан өзүн байлап алып жатты. Пайгамбар САВ Умму Саламанын үйүндө олтурган кезде Абу Лубаабанын тообосу кабыл кылынды деген вахий кабары Пайгамбарга САВ келди. Ошондо Умму Салма ордунан тура калып бөлмөсүнүн эшигин ачып: Оо, Абу Лубааба! Аллах сенин тообоңду кабыл кылды, деп айтты эле элдер дароо анын жибин чечүүгө шашып жанына келгенде ал Пайгамбардан САВ башка эч ким чечпесин деп баш тартты. Пайгамбар САВ багымдат намазына чыгып баратканда Абу Лубаабанын жибин өз колу менен чечип койду.

Курайза уруусуна болгон бул согуш 5 х. жылынын Зул-каада айында болуп, курчоо жыйырма беш күнгө созулду.

Ошол учурларда Аллах Таала Ахзаб согушуна жана Курайза уруусуна байланыштуу Ахзаб сүрөсүн түшүрүп, анда момундар менен мунафыктар тууралуу айтып, андан соң чогулган мушрик жоокерлердин чачырап бөлүнүп кеткендигин билдирип, кыянаттык кылган китеп ээлеринин акыбети жамандык менен бүтөөрүн баяндап өттү.

## *Согуштан кийинки аскерий күчтөнүү*

### *Салам ибну Абухакиктин өлүмү:*

Салам ибну Абухакик – лакабы Абураафи – жөөттөрдүн эң мыкаачы, зөөкүрү эле, мусулмандарга каршы мушриктерди чогултуп, аларга көптөгөн азык-түлүк, мал мүлктөн жардам берип турган. Пайгамбарга САВ да азар берип душмандык кылып жаткан. Мусулмандар Курайза уруусунун ишин бүтүргөндөн соң, Хызраж уруусу Саламды өлтүрүү үчүн Пайгамбардан САВ уруксат сурады. Анткени Кааб ибну Ашрафты Аус уруусунун кишилери өлтүргөн болчу, ошондуктан Хызраж уруусу да ошолор сыяктуу бир

пазийлетке жетишкиси келип, Пайгамбардан САВ уруксат сураган болчу.

Саламды өлтүрүүгө Пайгамбар САВ уруксат берип, бирок аялдарга балдарга тийбегиле деп айтты. Бул ишке беш киши чечилип жолго чыкты, бешөө тең Хызраждын Салама уруусунан болуп, буларга башчы Абдулла ибну Атик дайындалды.

Чогулган топ жолго чыгып Хайбар тарапты көздөй бет алды. Анткени Абураафинин чеби ошол жакта болчу. Чепке жакындаганда күн батып, адамдар жайган кой-малдарын алып чептин ичине кирип бараткан эле. Ошондо Абдулла ибну Атик жолдошторуна мындай деди: Силер ордуңарда жашынып олтура тургула, мен барып дарбазачыны азгырып көрөйүн, балким ичине кирип кетээрмин. Анан ал акырын дарбазага жакын келди да кийимин түрүп, калп эле даарат ушатмакчы болуп жерге олтура калды. Ошол кезде эл чепке кирип бүтүп калган эле, Дарбазачы Абдуллага карап: "Оо, Кудайдын кулу! Кире турган болсоң кир, мен дарбазаны жабам"- деп бакырып калды.

Абдулла ибну Атик: "Дароо ичине кирип кеттим да бир аз чүмкөнүп алдым. Элдер кирип бүткөндөн соң дарбаза жабылып, кулпу менен бекитип ачкычты түркүккө илип койду. Акырын барып ачкычты алып эшикти ачып койдум. Ошол кечте Абураафинин сарайында кишилер сүйлөшүп олтурган эле. Кишилер кеткенден соң, акырын барып, эшиктерди ачып ичкери карай кире баштадым. Ар бир эшикти ачып кирген сайын, эшик ичинен кулптанып калып жатты. Ошондо өзүмө өзүм мындай дедим: "Эми адамдар мени кармайбыз"- дешсе да Абураафини өлтүрмөйүн кармай алышпайт. Ошентип бөлмөсүнө келдим, карасам Абураафи үй-бүлөсү менен караңгы бөлмөдө жаткан экен, анын кайсыл жерде жаткандыгын көрө албай: "Абураафи"- деп бакырдым эле ал: "Ким бул?"-деп айтты, ошол замат үн чыккан жерге чуркап барып кылыч менен чаап салдым эле бакырып жатып калды.

Бирок ошону урдумбу өзүм да билбей калдым. Дароо бөлмөдөн чыга калып аржакта бир аз туруп кайра чуркап кирип: “Бул кандай үн болду оо, Абураафи?” -дегенде ал: “Куруп кеткир, үйдүн ичинде бирөөсү жүрөт кылыч менен мени чаап салды”- деди эле кайра чуркап барып кылыч менен чаап-чаап, акыры курсагына сайдым эле аркасынан тешип чыкты, ошондо анык өзүн өлтүргөнүмдү билдим. Артыма кайтып эшиктерди эптеп ачып ачып чыктым да, акыркы жерге келгенде жерге жетип калдым окшойт деп ойлоп бутумду койо койсом бийиктен жерге кулап түшүп бутум сынып калды. Ошондо айдын толуп турган кези эле, бутумду селдемдин чүпүрөгү менен байлап алып дарбазанын жанына келдим да: “Абураафини анык өлтүрдүмбү? Ошону билмейин сыртка чыкпайм”- деп айтып күтүп турдум. Таң заарда короз кыйкырган кезде сурнайчы сурнайын чалып: “Хижаздын соодагери Абураафи каза болуптур”- деп бакырып калды. Ошол замат жолдошторумдун жанына чуркап келип: “Оо, эл журт Аллах Абураафинин жанын алыптыр”- деп сүйүнүч кабарды айттым. Анан Пайгамбарга САВ келип окуяны айтып бердим, ал: “**Бутуңду узат”-** деп бутумду сыйпап койду эле, эч нерсе болбогондой бутум айыгып кетти.

Бул Бухарийдин риваяты. Ал эми Ибну Исхактын риваятында келгендердин баары Абураафиге кирип аны өлтүрүүгө шерик болушкан. Ал эми аны кылыч менен сайып аягына чейин өлтүргөн Абдулла ибну Анис болгон. Ошондо аны өлтүргөн кечеси Абдулла ибну Атиктин буту сынып калган болчу. Жөөттөр кирип келгенде жолдоштору Абдулланы көтөрүп бир четке жашынып калышты. Жөөттөр от жагып өлтүргөндөрдү издеп акыры таба албай Абураафинин жанына кайтып келишти. Абдулланы жолдоштору көтөрүп ал жерден сыртка чыгып, акырындап олтуруп Пайгамбардын САВ жанына жетип келишти.

Бул окуя 5 х. жылы, Зул-каада же зул-хижжа айында болгон.

Пайгамбар САВ Ахзаб согушу бүтүп, Курайза уруусун жеңип, согушка элди козгогон мыкаачыларды жок кылгандан соң, ынтымак тынчтык менен жашоого баш ийбей бир гана каардуу күчкө баш ийген бедуиндерди жана башка арап урууларын адебин берип тартипке салуу үчүн даярдык көрө баштады.

## ***Мухаммед ибну Масламанын жортуулу:***

Ахзаб жана Курайзага болгон согуш бүткөндөн соң, эң алгачкы жортуул Мухаммед ибну Масламанын жортуулу болду. Жортуулга жөнөгөндөрдүн тобу отуз атчан болду.

Чогулган топ Нажд жериндеги Зарияга караштуу Картаа тарапка бет алды. Зария менен Мадинанын аралыгы жети күндүк жол. Бул топ 6 х. жылы мухаррам айынын башталганына он күн болгондо жолго чыгып Бакир ибну Килаб уруусун көздөй жөнөдү. Көздөгөн жерге жеткенде Бакир ибну Килаб уруусуна чабуул жасашты эле көпчүлүгү качып кетти. Мусулмандар алардын малдарын, койлорун олжого алып аларды айдап мухаррам айынын бүтүшүнө бир күн калганда Мадинага кирип келишти. Өздөрү менен кошо Ханафий уруусунун башчысы болгон Сумаама ибну Асалды кармап алып келишти. Анткени Сумаама Пайгамбарды САВ өлтүрүү максатында калпычы Мусайламанын сөзүнө кирип Мадинага келаткан болчу. Мусулмандар Сумааманы кармап, алып келип мечиттин жанына түркүккө байлап салышты. Пайгамбар САВ анын жанына келип: “**Сенде эмне бар оо, Сумаама?”** -деп сурап калды эле ал: “Менде жакшылык бар оо, Мухаммед! Эгер өч алгың келсе өлтүрсөң өлтүрүп сал, өлтүрбөй мал-мүлктү каалисаң сура, каалашыңча берейин”- деп жооп кайтарды. Пайгамбар САВ ага эч нерсе дебей кетип калды да эртеси күнү келип кечээки сөзүн кайталады эле Сумаама дагы ошентип жооп кайтарды. Ошентип үчүнчү күнү келип кайра ошентип сураганда ошол эле жооп болду. Ошондо

Пайгамбар САВ: “**Сумааманы коюп жибергиле”-**деп коюп жиберишти. Сумаама мечитке жакын жердеги пальманын астына барып жакшылап жуунуп, кайра Пайгамбарга САВ келип исламды кабыл кылды да мындай деди: “Оо, Расуулулла! Аллахка ант болсун, мен үчүн жер бетинде сизден жаман көргөн кишим жок эле, ал эми азыр жер бетинде сизден жакшы көргөн кишим жок. Аллахка ант, жер бетинде сиздин диниңизден да жаман көргөн дин жок болчу, ал эми азыр сиздин диниңизден да жакшыраак дин жок. Эгер уруксат берсеңиз Меккеге барып умра кылсам”- деп сурап калды эле Пайгамбар САВ уруксат берди. Ошентип Сумаама Меккеге келгенде Курайш андан: “Оо, Сумаама! Эмне диниңден чыгып кеттиңби?” -деп сурап калышты эле ал: “Жок, Мухаммеддин САВ динин кабыл кылдым”- деп жооп берди да: “Эми Расуулулла САВ уруксат бермейин Ямаамадан силерге бир бүдүр да дан келбейт”- деп кетип калды.

Анткени Меккеге Ямаамадан дан азыктары келип турчу. Сумаама өзүнүн жери Ямаамага келип Меккеге дандын келүүсүн токтотуп койду. Курайш эли ачка калып акыры Пайгамбарга САВ жакын туугандыгыбыз бар ошого бооруң ооруп Сумаамага айтсаң бизге дан жөнөтсүн деген кайрылуу катын жөнөттү. Пайгамбар САВ макулдугун берип Сумаамага кат жиберип данды Меккеге жөнөттүрдү.

## *Лахян уруусуна болгон жортуул:*

Лахян уруусу Ражиь окуясында Пайгамбардын САВ он сахабасын өлтүрүп салган болчу. Бирок булардын жери Хижаз жериндеги Меккеге кеткен жолдун жээгинде жайгашкандыктан, мусулмандар менен Курайштын, мусулмандар менен бедуиндердин ортосундагы болуп жаткан кагылышуулардан улам, чоң душмандын (Курайштын) алдында Лахян уруусуна чабуул жасоону Пайгамбар САВ туура көрбөдү. Ахзаб согушу бүтүп, мусулмандар күчүн

жыйнап, айланадагылар мусулмандарга баш ийип калгандан соң, Ражиь окуясындагы өлгөн сахабалар үчүн Лахян уруусунан өч алуу убагы келип жетти деп Пайгамбар САВ жоокер даярдады. 6 х. жылдын рабиул-аввал айында же жумадил-уула айында Пайгамбар САВ эки жүз жоокерин алып Лахян уруусун көздөй жолго чыкты. Мадинага Ибну Уммумактумду башчы кылып калтырды. Жолго чыкканда калп эле Шам тарапка бет алымыш болуп, жолдон дароо кайрылып сахабалары каза болгон жерге, Амаж менен Асфандын аралыгында жайгашкан Гарран адырына келип токтошту. Гарранга келгенде Пайгамбар САВ каза болгон сахабаларына бата кылды. Мусулман жоокерлерин келгенин Лахян уруусу эшитип калып тоо тарапка качып кетишти эле мусулмандар эч кимисин кармай албай калды. Лахяндын жеринде Пайгамбар САВ эки күн калып, аларды кармоого ары бери кишилерин жөнөтүп эч кимисин кармай албады. Анан Асфан тарапка барды да, мусулман жоокерлери келгендигин Курайш уксун деп Пайгамбар САВ он атчанды Карра Гамимге жөнөттү. Андан соң баары Мадинага кайтышты. Бул жортуул он төрт күнгө созулду.

## *Жортуулдарды улантуу:*

Андан соң Пайгамбар САВ жортуулдарды үзгүлтүксүз улантып жатты. Алдыда алардан кыскача түрмөгүн айтып өтөлү:

1- Уккааша ибну Мухсиндин Гимарга болгон жортуулу. Рабиул-аввал же рабиул-аахир айында 6 х. жылы Уккааша кырк кишини алып Гимар жерине барды – Асад уруусунун суусу жайгашкан жер – мусулман жоокерлери келгенде алар качып кетти да мусулмандар эки жүз төөгө ээ болуп аларды Мадинага айдап келишти.

2- Мухаммед ибну Масламанын Зул-Кассага болгон жортуулу. Рабиул-аввал же рабиул-аахир айында 6 х. жылы

Мухаммед ибну Маслама он кишини алып Зул-Каассага Саалаба уруусуна барды. Бирок мусулмандардын келгендигин алар сезип калып, кечинде мусулмандар уктап жаткан жеринен Саалабадан жүз киши чыгып мусулмандарды өлтүрүп салды, бирок Мухаммед ибну Маслама жарадар болуп алардын колунан качып кетти.

3- Абу Убайда ибну Жаррахтын 6 х. ж. рабиул-аахир айындагы Зул-Кассага болгон жортуулу. Мухаммед ибну Масламанын жолдоштору каза болгондун артынан эле Пайгамбар САВ Абу Убайданы кырк киши менен ошол жака кайра жөнөттү. Мусулмандар түнү бою жол жүрүп олтуруп таң алдында Саалаба уруусуна жетип келди да чабуул жасашты. Ошол замат алар тоону көздөй качып кетишти. Арасынан бирөөсүн гана туткунга түшүрүп, ал исламды кабыл кылды. Бул жортуулдан мусулмандар бир канча кой жана малдарды олжо кылып алып келди.

4- Зейт ибну Хаарисанын 6 х. ж. рабиул-аахир айындагы Жамумга болгон жортуулу. Жамум Захран өтмөгүндөгү Салим уруусунун суусу жайгашкан жер. Зейт бир канча жоокерлерди алып ошол тарапты көздөй бет алды, жолдо келатып Мазийна уруусунан Халийма аттуу аялды туткунга түшүрүп алышты. Анан ал аял Салим уруусуна кайсыл жактан чабуул жасоого болоорун көрсөтүп берди. Ошентип мусулман жоокерлери Салим уруусуна чабуул жасап бир канчасын тукунга түшүрүп, мал койлорду олжого алышты. Жоокерлер туткунга түшкөндөрдү Мадинага алып келгенден соң Пайгамар САВ Мазийналык аялга үйлөндү.

5- Зейт ибну Хаарисанын Айска болгон жортуулу. 6 х. ж. жумадил-уула айында болду. Зейт жүз жетимиш атчан менен Курайштын кербенине кол салып аны тартып алды. Кербендин башчысы Пайгамбардын САВ күйөө баласы Зейнептин күйөөсү Абулаас эле. Абулаас колго түшпөй качып кетти да кайрадан Мадинага келип Зейнепке жолугуп, тартып алган кербендин товарын кайтарып берүүнү атасынан сурап бер деп

андан өтүндү эле Зейнеп айтканын кылды. Пайгамбар САВ элдерге кайрылып кербендин товарын эгер кааласаңар кайтарып бергиле деп сурады эле, элдер Пайгамбардын САВ айтканын эки дебей баарын кайтарып беришти. Абулаас кербенди алып Меккеге келип, товардын баарын өз ээлерине кайтарып берди да исламды кабыл кылып Мадинага көчүп кетти. Ошондо Зейнеп менен Абулаастын көрүшпөгөнүнө үч жылдан ашып кеткен болчу. Абулаас Мадинага келгенде Пайгамбар САВ Зейнеп менен Абулаастын ортосундагы биринчи никесин эле жаңылап берди. Анткени ошол кезде мусулман аялдын каапыр эркекке турмушка чыкканга болбойт деген аят түшө элек болчу.

6- Зейт ибну Хаарисанын Тарафка же болбосо Тарака болгон жортуулу. 6 х. ж. жумадил-ахир айында Зейт он беш киши менен Саалаба уруусуна келди эле, бедуиндер Пайгамбар САВ чабуул жасаганы келиптир деп коркуп баары качып кетишти. Мусулмандар алардын жыйырма төөсүн олжого алып Мадинага кайтып келишти. Бул жортуул төрт күндүн ичинде болду.

7- Зейт ибну Хаарисанын Ваадил-курага болгон жортуулу. 6 х. ж. ражаб айында Зейт он эки кишини алып Ваадил-кура тарапка душмандын кыймыл аракетин билгени чыкты. Ошондо күтүүсүздөн эле аларга Ваадил-куранын адамдары чабуул жасап тогузоосун өлтүрүп салды, калган үчөөсү качып кетти, качкандардын арасында Зейт ибну Хаариса да бар болчу.

8- Жалбырак жортуулу. Бул жортуул 8 х .ж. ражаб айында болгон деген так эмес маалыматтар бар. Бирок тагыраак маалыматтарга таянсак бул жортуул Худайбия окуясынан алдың болгон. Бул тууралуу Жаабир мындай дейт: “Бизди Пайгамбар САВ үч жүз атчан, төөчөн кылып Курайштын кербенин карап келүүгө жиберди, башчыбыз Абу Убайда ибну Жаррах болчу. Жолдо баратып катуу ачка калып айласыздан жалбырактарды жей баштадык. Ошондуктан

жалбырак жоокерлери деп аталып калды. Ачкалыктан бирөөсү үч төө союду, ал түгөгөндөн соң кайра үч төөнү сойду, ал да түгөгөндө дагы үч төө союлду. Акыры Абу Убайда союуга тыюу салып койду. Ошентип деңиз жээгине келгенде жээкте деңизден чыккан балык сымал аябагандай эле чоң бир нерсенин өлүгү жатыптыр. Анан ошонон жарым айча жеп, майын сүртүнүп, өзүбүзгө келип, толуп оңолуп калдык. Акыры артка кайттык, ошондо Абу Убайда деңиз айбандын бир кабыргасын алды да, аны жоокерлердин ичинен эң узунун тандап аны эң узун төөгө миңгизди да, ошону кабырганын астынан өткөрдү эле ал оңой эле өтүп кетти. Айбандын этинен кургатып жолго жегени алып алдык. Мадинага келгенде бул окуяны Пайгамбарга САВ айтып бердик эле Пайгамбар САВ: "**Ал Аллахтын силерге чыгарып берген ырыскысы, анын этинен болсо мага да бергиле"-** деп сурады. Эттен Пайгамбарга САВ да узатып койдук.

Муну айтканыбыздын себеби: Жалбырак жортуулу Худайбия окуясынан алдың болгондугун билдирип турат. Анткени мусулмандар Худайбия келишиминен соң Курайштын кербенине чабуул жасашкан эмес".

## *Мусталак уруусуна болгон согуш Же болбосом Мурайси согушу (Шаабан айында, 6 х. ж. болду)*

Бул согуш аскерий көз караште узак жана чоң согуш болбогону менен, мусулман коомчулуктун арасында жаман окуялар болуп, баш аламандыкты жаратып, мунафыктардын бети ачылып шерменде кылууга себеп болду. Ошондой эле мусулман коомчулуктун кадыр-баркын көтөрүп, напсини тазалап тарбиялай турган шарият өкүмдөрү түштү. Алгач согуш тууралуу кыскача айтып андан соң ошол окуяларды баяндасак.

Тагыраак маалыматтарга караганда бул согуш алтынчы жылы шаабан айында болгон. Анын себеби: Мусталак уруусунун башчысы Хаарис ибну Абудирар, уруусун алып жана башка согушка күчү жеткен араптарды чогултуп Пайгамбар САВ менен согушууга келатат деген кабар Пайгамбарга САВ жетип келет. Кабардын чын төгүнүн билип келүү үчүн Пайгамбар САВ Бурайда ибну Хасиб Асламийди жөнөттү. Бурайда келип Хаарис ибну Абудирарга жолукту да кайра Пайгамбарга САВ келип кабардын чын экендигин айтып берди.

Кабар чын экендиги ачыка чыккандан соң, Пайгамбар САВ сахабалардын каалаганы согушка чыксын деп тез арада согушка даярданды. Согушка шаабан айынын башталганына эки күн болгондо жолго чыкты. Пайгамбар САВ менен кошо бир канча мунафыктар да согушка чыкты. Анткени алар алдыңкы согуштарда эч чыккан эмес болчу. Мадинага башчы кылып Зейт ибну Хаарисаны калтырды, кээ бир риваяттарда Абузар, же болбосом Сумайла ибну Абдулла Лайсий башчы болуп калган деп келет. Хаарис ибну Абудирар мусулман жоокерлерин байкап келүү үчүн киши жиберген болчу. Аны мусулмандар кармап алып өлүтүрүп салышты.

Хаарис ибну Абудирарга Пайгамбар САВ жоокерлер менен келатат экен, жөнөткөн кишисин да өлтүрүп салыптыр деген кабар жеткенде, алар катуу коркуп кетти да, башка жактан келип чогулган араптар аны таштап качып кетти. Пайгамбар САВ жолун улап, жээкке жакын Кадид жериндеги Мусталак уруусунун Мурайси деген суусуна жетип, ошол жерден чабуулга даярданды. Жоокерлерин катарга тизип, мухажириндердин желегин Абубакир Сыддыка карматты, ансарлардын желегин Саьд ибну Убаадага карматты. Эки тараптын ортосунда бир азга жаа менен атышуулар болду. Анан Пайгамбар САВ жоокерлерин жалпы чабуул жасагыла деп жалпы чабуул жасашып, мушриктер жеңилүүгө учурап, бир канчасы өлтүрүлдү. Пайгамбар САВ алардын аял

балдарын туткунга түшүрүп, андан тышкары төө, кой малдарды олжого алды. Мусулмандар тараптан бир эле киши каза болду, аны да ансарлардын бирөөсү душман деп билбей өлтүрүп коюптур.

Согушту жана өмүр баянды жазгандар ошондой болгон деп айтышкан. Бирок Ибну Кайим болсо: Эки тараптын ортосунда согуш болгон деген маалымат туура эмес. Мусулмандар алардын Мурайси суусу тарапка чабуул жасап аял балдарын туткунга түшүрүп, мал-мүлктөрүн олжого алышкан, бул кабар туура маалыматтарда ушундай жазылган, деп Ибун Кайимдин тактап айтканыдыгы бар. Пайгамбар САВ Муталак уруусу менен согушпай чабуул жасап жеңген деген хадистерди алып келген.

Туткунга түшкөн аялдардын арасында Мусталак уруусунун башчысы болгон Хааристин кызы Жувайрия да бар эле. Жувайрия Саабит ибну Кайстын туткунуна түшүп Пайгамбарга САВ жардам сурап кайрылганда Пайгамбар САВ аны боштондука чыгарып Жувайрия менен баш кошуп үйлөндү. Пайгамбар САВ Жувайрияга үйлөнүптүр деген кабарды укканда сахабалар: Пайгамбардын САВ кудалары деп, аялдын жакындары болгон Мусталак уруусунан жүз туткунду боштондука чыгарышып, алардын баары исламды кабыл кылды.

Бул согушта болгон окуяларды айта турган болсок, ал да мунафыктардын башчысы Абдулла ибну Убай менен анын жолдоштору. Баарынан алдың булардын мусулман коомчулугуна жасаган былык иштерин айтып өтөлү.

## *Мусталак уруусуна болгон согуштан алдыңкы мунафыктардын ролу:*

Алдыда бир нече ирет айтып өткөндөй Абдулла ибну Убай исламды мусулмандарды көралбай ар түрдүү былык иштерди жасаган болчу. Баарынан да эң чоң былык иштерин

Пайгамбарга САВ көрсөтүп жаткан. Анткени ислам келе электен алдың Аус менен Хызраж уруусу Абдулланы Мадинага башчы кылып дайындайбыз деп ошого даярдык көрүп жаткан болчу. Анан эле ислам келгенде баары андан баш тартып Пайгамабар САВ тарапка бурулуп кеткендиги үчүн, Пайгамбар САВ менден башчылыкты тартып алды деп арам ойдо болду.

Бул инсан исламды кабыл кыла электен алдың да, жана мунафык болуп калп эле исламды кабыл кылгандан соң да мусулмандардын Мадинага көчүүсү башталгандан баштап эле исламга катуу душмандыгын көрсөттү. Күндөрдүн биринде Пайгамар САВ эшеке минип Саьд ибну Убааданы көргөнү баратканда жолдо Абдулла ибну Убайдын өткөзүп жаткан чогулуштун жанынан өтүп калат. Ошондо Абдулла дароо мурдун бекитип жаап алат да мындай дейт: Бизге жакын жолобогула, деп айтат. Пайгамбар САВ чогулгандарга Курандан окуду эле, Абдулла: Үйүңдө олтур да биздин чогулушту бузба, деген сөздү айтты.

Бул анын исламды кабыл кыла электен алдыңкы иштеринен бир көрүнүш. Ал эми Бадр согушунан кийин мунафык болуп калп эле исламды кабыл кылгандан соң да Аллахка Пайгамбарга САВ момундарга душман бойдон кала берди. Мусулман коомчулугун кантип жок кылуу, исламды кантип алсыздантуу сыяктуу арам иштердин үстүндө аракет кылып, душманга канчалаган жардам көрсөттү. Бул тууралуу Кайнука уруусуна болгон согушта, Ухуд согушунда мусулмандардын биримдигин чачыраткан иштеринде жана башка алдыда айтып өткөн ар түрдүү былыктыгын айтып өткөн элек.

Мунун куу амалкөй аракеттеринен бири, исламды кабыл кылгандан соң, Пайгамбар САВ жума күнү жума кутпасына чыгаардан алдың, анын минбарына туруп: Бул Аллахтын элчиси САВ силерге келип олтурат, мунун себебинен силерди Аллах бийик даражага чыгарып, улуу кылды. Ошондуктан

Пайгамбарды САВ уккула, моюн сунгула, деп айтып жерге олтурчу. Анан Пайгамбар САВ минбарга чыгып кутбаны баштачу. Ухуд согушунда мусулмандарга көрсөткөн мыкаачылык ишинен соң, кайрадан ошол куулугун аткарам деп минбарга чыгайын деди эле, адамдар анын кийиминен тартып: “Отур, оо, Аллахтын душманы! Кылаар ишти кылып алгандан соң, бул былыгыңды кылбай эле кой”- деп айтышты эле, анын мойну шалпыйып адамдарды аралап сыртка чыгып баратып: “Жаман нерсе айтканымдай айтышат да, жөн гана колдогула деп айтканга да койбойт”- деп айтып сыртка чыгып мечиттин эшигине жеткенде ансарлардан бирөөсү алдынан чыгып калып Абдуллага: “Сага эмне болду? Артка кайтсаң Пайгамбар САВ сен үчүн Аллахтан кечирим сурайт”- дегенде ал: “Жок, мага анын кечирим суроосу керек эмес”- деген сөздү айтып чыгып кетти.

Абдулланын мындан тышкары да Надир уруусун мусулмандарга каршы үндөп ушундай сөздөрдү айтты: Силерди жериңерден чыгарса биз да силер менен кошо чыгабыз, а силерге каршы согушса биз жардам беребиз.

Ошондой эле бул мунафык Ахзаб согушунда момундарды алсыздатуу максатында алардын жүрөгүнө ар түрдүү корко турган сөздөрдү айтып жатты. Бул тууралуу Аллах Таала Ахзаб сүрөсүндө 12 аяттан 20 аятка чейин айтып өткөн:

وَإِذْ يَقُولُ الْمُنَافِقُونَ وَالَّذِينَ فِي قُلُوبِهِم مَّرَضٌ مَّا وَعَدَنَا اللَّهُ وَرَسُولُهُ إِلَّا غُرُورًا {الأحزاب/12}

***“Ошондо, мунафыктар менен жүрөгүндө шек-күмөнү бар адамдар: «Бизге Аллаһ менен Анын пайгамбары (силер жеңесиңер деп) жалган убада берген турбайбы»- дешти”.***(Ахзаб, 12)

يَحْسَبُونَ الْأَحْزَابَ لَمْ يَذْهَبُوا وَإِن يَأْتِ الْأَحْزَابُ يَوَدُّوا لَوْ أَنَّهُم بَادُونَ فِي الْأَعْرَابِ يَسْأَلُونَ عَنْ أَنبَائِكُمْ وَلَوْ كَانُوا فِيكُم مَّا قَاتَلُوا إِلَّا قَلِيلًا
{الأحزاب/20}

***“Алар (Мадинаны курчап турган душман) жамааттарды кетпеген деп ойлошот. Эгер ал жамааттар (бастырып) келсе, булар силердин кабарыңарды сурап коюп, тээ четтеги бедуин араптардын арасында болууну каалашат. Эгер силердин ичиңерде (Мадинада) болсо да көп (жан үрөп) согушмак эмес.”*** (Ахзаб, 20)

Мусулмандардын душмандары жөөттөр, мунафыктар, мушриктер булардын баары мусулмандардын жеңишке жетип жаткандыгы күч кубаттуулуктан, куралдын жана жоокердин көптүгүнөн эмес экенин билишчү. Жеңишке жетип жаткандын себеби ислам коомчулугундагы жүрөккө сиңген бийик даражадгы кул-мүнөздүүлүк, адеп аклактуулук жакшы үлгү мисалдар экендигин өтө жакшы билишчү. Бул нерсенин баары теңдеши жок эң жогорку даражалуу үлгү болгон Пайгамбар САВ тараптан чыгып жаткандыгын душмандар аябай жакшы билишчү.

Анын үстүнө беш жыл бою мусулмандарга каршы согушуп эч натыйжа чыкпагандан соң, күч колдонууда эч кандай пайда жок экендигин билип, исламга каршы эң алгач Пайгамбардын САВ өзүнө, адеп-аклагына, динге доо келтире турган жалган жалаа жолдор менен күрөшүүнү ойлоп табышты. Мунафыктар мусулмандардын арасында Мадинанын тургуну болгондуктан, ислам коомчулугуна ар түрдүү жалган жалааларды чыгарып таасир бере турган инсандар бул мунафыктар болгондугу үчүн, бул ишти ошолор колго алды. Ал эми бул иштин башында Абдулла ибну Убай турду.

Булардын максаты Ахзаб согушунан кийин Пайгамбар САВ момундардын энеси Зейнеп бинту Жахшка үйлөнгөндө ачык айкын болуп калды. Анткени Зейт ибну Хаариса аялы

Зейнеп бинту Жахшка талак бергенден соң Пайгамбар САВ Зейнеп менен баш кошту. Ошол караңгылык доордо араптар багып алган баласын өзүнүн баласы деп эсептегендиктен бул жат көрүнүш алардын салтын бузган болду, себеби Зейт Пайгамбардын САВ багып алган баласы эле. Пайгамбар САВ Зейнепке үйлөнгөндө мунафыктар анын намысына доо кетирүү үчүн эки нерсени таап чыкты.

**Биринчиси:** Зейнеп Пайгамбардын САВ бешинчи аялы болчу. Ал эми Куранда төрт аялдан ашык алууга уруксат берилген эмес. Анда бул туура келеби?

**Экинчиси:** Зейнеп Пайгамбардын САВ баласынын – багып алган баласынын- аялы болчу. Бул иш араптардын адат-салты боюнча эң чоң күнөө, ошондуктан ушул нерселерди себеп кылып ар түрдүү куру жалак сөздөрдү, жомокторду ойлоп таап аны тарата баштады: Мухаммед анын сулуулугун, жамалын көрүп ашык болуп калгандыктан баласы Зейтке айтып ага талак бердирип, Мухаммед өзү үйлөнүп алды, деген жалган жалаа кабарды таратып салды. Бул кабар Куран тафсирлеринде, хадистерде жазылып азыркы күнгө чейин бар. Ыйманы алсыздарга да өтө чоң таасирин тийгизди. Акыры Куранда бул тууралу момундардын ыйманын кубаттаган аят түшүп, Ахзаб сүрөсүнүн алгачкы аятын ушул маселе менен баштады:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ اتَّقِ اللَّهَ وَلَا تُطِعِ الْكَافِرِينَ وَالْمُنَافِقِينَ إِنَّ اللَّهَ كَانَ عَلِيمًا حَكِيمًا {الأحزاب/1}

***“Оо, Пайгамбар! Аллаһтан корк! Жана каапырлар менен мунафыктарга моюн сунба! Чынында, Аллаһ Билүүчү, Даанышман”.*** (Ахзаб, 1)

Ушул өңдүү запкылар Мусталак уруусуна болгон согуштан алдың болгон, мунун бир азын эле айтып өттүк. Пайгамбар САВ өзүнө айтылган мындай куру дооматка сабыр кылып, жумшак, сылык адамгерчиликтүү мүнөзү менен гана жеңип жатты. Ал эми жалпы мусулмандар да мунафыктардын

жалаасынан болушунча узак болуп, эгер андай доомattарды угуп калса сабырдуулук менен жеңишти. Аллах Таала ушундай дейт:

أَوَلاَ يَرَوْنَ أَنَّهُمْ يُفْتَنُونَ فِي كُلِّ عَامٍ مَّرَّةً أَوْ مَرَّتَيْنِ ثُمَّ لاَ يَتُوبُونَ وَلاَ هُمْ يَذَّكَّرُونَ {التوبة/126}

***“Алар ар жыл сайын бир же эки иреттен (Аллаhтын ар түрдүү балээлери менен) сыналып жатышкандарын ойлонушпайбы?! Анан дагы эле тооба кылышпайт, дагы эле эсине келишпейт!”.*** (Тавба, 126)

## *Мусталак уруусуна болгон согуштагы мунафыктардын ролу:*

Мусталак уруусуна болгон согушта мунафыктар да чыгып Аллах Таала Куранда сүрөттөгөндөй болду:

لَوْ خَرَجُواْ فِيكُم مَّا زَادُوكُمْ إِلاَّ خَبَالاً ولأَوْضَعُواْ خِلاَلَكُمْ يَبْغُونَكُمُ الْفِتْنَةَ {التوبة/47}

***“Эгер алар силер менен чыкса, силердин кемчилдигиңерди көбөйтүп жана араңарда бузукулукту каалап, аракет кылат”.*** (Тавба, 47)

Бузукулук кемчиликти издеген мунафыктар бул согушту пайдаланып мусулмандарды бөлүп жаруу максатында сөздөрдү таап, Пайгамбардын САВ өзүнө да курук доомattарды ойлоп чыгарышты, алдыңкы катарларда бул тууралуу бир аз айтып өтсөк:

***1- Мунафыктардын:***

يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَا إِلَى الْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ الْأَعَزُّ مِنْهَا الْأَذَلَّ {المنافقون/8}

***“Эгер Мадинага кайтсак, улук адамдар селсаяктарды (шаардан) айдап чыгарабыз”.* Деген сөздөрү** (Мунафикун, 8)

Согуш бүткөндөн соң Пайгамбар САВ Мурайси суусунун жанында олтурган болчу. Адамдар да ошол жерге топтоло баштады. Умар ибну Хаттаб Жахжах Гифарий аттуу кишини өз коргоосуна алган эле. Ошол кезде Жахжах менен Синан ибну Вабр Жуханий суу талашып уруша кетти,Синан: Оо, ансарлар! Жардамга, деп бакырды. Жахжах да: “Оо, мухажириндер! Жардамга келгиле!”- деп кыйкырып эки тарап тең жардамга чакыра баштады. Окуяга күбө болуп турган Пайгамбар САВ ачууланып: “**Мен араңарда болуп туруп кайра караңгылык доорду кайталап жатасыңарбы? Ушундай жаман адатты таштап салгыла эми”-** деп айтты. Бул окуя Абдулла ибну Убайга жетип келди, ошондо анын жанында өзүнүн бир канча адамдары жана өспүрүм жигит Зейт ибну Аркам да бар эле. Абдулланын ачуусу келип: “Ошондойбу, биздин жерге келип алып көбөйүшүп эми бизге каршы тукуруп жатышабы, булар бирөө айткандай: “Итиңди семиртсең өзүңдү тиштейттен” болуп жатышат. Эми Мадинага кайтканда тентип келгендерди Мадинадан кууп чыкпасакпы”- деп айтты да басып келип алдындагыларга мындай деди: “Силер ушундай кыла турган болуп калдыңарбы, силерди биз Мадинада күтүп алып, курсагыңарды тойгозуп, мал-мүлкүбүздү бөлүп берсек бизди ура турган болуп калдыңарбы, эми Мадинага кайтканда кууп чыкпасакпы”.

Абдулланын бул сөзүн Зейт ибну Аркам байкесине айтып берди эле байкеси кабарды Пайгамбарга САВ айтып берди. Ошондо Пайгамбардын САВ жанында Умар да бар болчу. Умар Пайгамбарга САВ: “Оо, Расуулулла! Уббад ибну Биширге буйрук бериң Абдулланын башын чаап салсын”- деди эле Пайгамбар САВ: “**Жок болбойт Умар, адамдар укса Мухаммед өз кишилерин өлтүрүп жатат экен дешет, (ордуңдан туруп жоокерлерди) айт кетүүгө даярдансын (кетебиз).”-**деди. Ошондо кетпей турган убакта эле жолго

чыгып кетүүгө даярданып кетип калышты. Жолдо келатканда Пайгамбар САВ Усайд ибну Худайрды жолуктуруп калды да ал Пайгамбарга САВ саламын берип мындай деди: “Жолго чыкпай турган убакта жолго чыгып алыпсызго?” Пайгамбар САВ Усайдка: “**Жолдошуңар (Абдулла ибну Убай) эмне дегенин уктуңбу?”-**деди эле Усайд: Эмне деди? Пайгамбар САВ: “**Мадинага кайтканда улук адамдар калып пас адамдарды чыгарып салабыз, деп айтыптыр”.** Усайд: “Оо, Аллахтын элчиси! Сиз каалаган убакта Мадинадан чыгасыз. Аллахка ант болсун, анын өзү пас адам а сиз улук адамсыз. Оо, Расуулулла! Ага маани бербеңиз, Сизди Аллахтын өзү бизге жиберди. Анын кишилери аны падыша көтөрөбүз деп даярданып жатышат эле, эми сиз келгенде падышалыгын сизди тартып алды”- деп ойлоп жатат.

Пайгамбар САВ жоокерлер менен ошол күнү кечке чейин жол жүрдү, кечинде да таң атканча жол жүрүп, эртеси да күн ысыганча жол жүрүп, акыры чарчагандыктан дем алуугу уйкуга киришти. Мындай кылгандыктын себеби адамдар аркы берки сөздөрдөн алыс болсун деп кылган болчу.

Абдулла айткан сөзүн Зейт ибну Аркам аркылуу Пайгамбарга САВ жеткендигин уккандан кийин, Пайгамбарга САВ дароо жетип келип: “Мен андай дегеним жок, андай сөз болгон жок”- деп ант ичип, касам ичип жиберди. Жанындагы ансарлар: “Оо, Аллахтын элчиси! Балким ал жаш жигит калп айтып, мунун айтканын туура эмес угуп алса керек”- деди эле Пайгамбар САВ алардын сөзүнө ишенип кала берди. Зейт айтат: “Ошондо мени мурун кийин болуп көрбөгөн кайгы басты, маанайым чөгүп үйдө олтуруп калдым. Акыры Аллах Таала сөзүмдүн тууралыгын тастыктаган аятын түшүрдү:

Мунафикун сүрөсүнүн биринчи аятынан баштап сегизинчи аятына чейин.

إِذَا جَاءكَ الْمُنَافِقُونَ {المنافقون/1}

***“(О, Мухаммад!) Эгер сага мунафыктар келсе”***

يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَا إِلَى الْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ الْأَعَزُّ مِنْهَا الْأَذَلَّ
{المنافقون/8}

***“Эгер Мадинага кайтсак, улук адамдар селсаяктарды (шаардан) айдап чыгарабыз, дешет”.*** (Мунафикун, 8)

Аят түшкөндөн соң Пайгамбар САВ мени чакыртып аятты окуп берди да: “**Аллах сенин сөзүңдүн туура экендигин тастыктады”-** деп айтты”.

Абдулла ибну Убайдын уулу Абдулла мусулман болчу, ал катардагы эң жакшы саалих сахабалардын бири эле. Атасынын бул кылыгын уккандан соң атасынан баш тартты да, Мадинанын кире беришине келип кылычын чыгарып даярданып турду. Атасы Абдулла ибну Убай келгенде ага: Аллахка ант болсун, эми Пайгамбар САВ уруксат бермейин бул жака кире албайсың, Пайгамбар улук инсан а сен болсо пас инсансың, деп тосуп туруп алды. Ошентип турганда Пайгамбар САВ келип калып мунафыктын кирүүсүнө уруксат берди. Абдулла атасы Абдулла ибну Убай тууралуу Пайгамбарга САВ мындай деген болчу: “Оо, Расуулулла! Эгер муну өлтүргүңүз келсе мага айтың, башын алып сизге көтөрүп келем”.

## *2- Ифик (Жалаа жабуу) окуясы:*

Мусталак согушунда бир окуя болду, аны кыскача кылып айта турган болсок Айша РА Пайгамбар САВ менен ошол согушка барган эле. Анткени Пайгамбар САВ кээде сапарга өзү менен кошо аялдарынан бирөөсүн алып алчу. Аялдарына чүчү кулак карматып ал кимге чыкса ошол аялы кошо барчу. Бул Пайгамбардын САВ аялдары менен болгон бир жакшы мамилеси эле. Бул ирет чүчү кулак Айшага РА чыкты. Ислам жоокерлери Мусталак согушунан кайтып келатканда жолдо эс алууга бир жерге конушту. Ошол кезде Айша РА даарат алганы чыгып кетип, ошол жакта эжесинен алган шуру

мончогун жоготуп койот. Шурунун жоголгонун байкаган Айша РА дароо артка кайтып жоголгон тарапты көздөй издеп жөнөйт. Ошол учурда жоокерлер ордунан туруп жолун улашат. Ошондо Айша РА олтурган, төөнүн үстүндөгү аялдар үчүн коюлган замбилди көтөрүп төөгө койгон кишилер, замбилди көтөрүп төөнүн үстүнө орнотуп жолго чыгып кетип калышты. Анткен алар Айшаны РА замбилдин ичинде деп ойлошкон эле. Себеби Айша РА арык кичине, жеңил аял болчу. Ошондуктан замбилди көтөргөндөр аны байкаган деле жок. Айша РА шурусун таап артка кайтып келсе баары кетип калыптыр. Артынан издеп келишет деп ойлоду да ошол жерде күтүп олтурду. Бирок кудурети күчтүү Кудай Тааланын айткан буйругу болот да. Олтурган жеринде Айшанын РА көзү ирмелип уктап кетти. Айша РА Сафван ибну Муталдын: Инна лиллаахи ва инна илайхи раажиуун, Пайгамбардын САВ аялы? деген сөзүнөн гана ойгонуп кетти. Анткени Сафван көбүрөөк уктагандыктан жоокерлердин артында калган болчу. Сафван Айшаны РА көрөөр замат дароо тааныды. Анткени ал Айшаны РА хижаб өкүмү түшө электен алдың бир эки жолу көргөн болчу. Сафван төөсүн ага жакын алып келип чөктүрдү да Айша РА төөгө минип, Сафван тизгинди кармап жоокерлерди көздөй жолду улады. Сафван Айшага РА жогорудагы айткан Инна лиллаахи ва инна илайхи раажиуун, Пайгамбардын САВ аялы? -деген сөздөн башка бир да сөз айткан жок. Жоокерлер Нахри Захийрага жетип конгон жерде Сафван жетип келди. Ошондо адамдар бул тууралуу ар кимиси ар кандай сөздөр менен сөз кыла баштады. Ал эми бул учурду көргөн Аллах душманы Абдулла ибну Убайга жан кирди да, эки жүздүүлүгү күчүнө кирип, жалган жалаа ушак сөздөрдү ойлоп таап ар кимге айтып тарата баштады. Мунафык бул ишке өзүнүн жолдошторун да ишке салды. Ошентип жоокерлер Мадинага келген кезде жалаачылар ушагын Мадина элине таратып кирди. Ал эми Пайгамбар САВ үн катпастан сабыр кылды. Вахий кабары узун убак келбей калгандыктан, Айшаны РА

бошотууга Пайгамбар САВ кээ бир сахабаларына кеңешип көрдү. Али РА Айшаны РА бошотуп башкага үйлөнүүнү Пайгамбарга САВ жөн гана ишаарат кылып сунуштады. Ал эми Усаама менен башка сахабалар душмандардын айткан сөзүнө көңүл бурбай сабыр кылып жашай бериң деген кеңешин айтышты. Пайгамбар САВ минбарга чыгып Абдулла ибун Убайдын кылыктарын айтты эле, Аус уруусунун кадырлуу инсаны Усайд ибну Худайр Абдулланы өлтүрүүнү каалап калды. Ошондо Хызраж уруусунун кадырлуу кишиси Саьд ибну Убааданын уруучулдук сезими күчөп кетип Абдулланы коргой баштады. Анткен Абдулла Хызраж уруусунан эле. Ошентип Усайд менен Саьд экөө уруша кетип эки тарап тарткылаша баштады. Качан гана Пайгамбар САВ минбардан түшүп токтоткондо гана токтошту.

Ал эми Айша РА Мадинага кайтып келген кезде ооруп бир ай төшөктө жатып калган болчу. Бирок өзү жөнүндө айтылып жаткан жалаа сөздөрдөн эч кабары жок эле. Бир гана жери ал ооруганда Пайгамбар САВ ага көңүл буруп жумшак мамиле кылчу. Бирок бул ирет Пайгамбардан САВ андай мамиле болгон жок, жөн гана ал-акыбалын сурап коюп чыгып кетип жатты. Айша РА оорусунан айыгып калганда, кечиндеси Мистахтын апасы менен даарат алганы сыртка чыкты. Даараттан кайтып келатканда Мистахтын апасы кийимине чалына түшүп: “Куруп кеткир Мистах”- деп жиберди. Бул сөздү укканда Айша РА: “Эмнеге андай дейсиз, ал Бадр согушуна катышкан адам го”- деди эле аял: “Мистах сен жөнүндө ушундай ушак сөздөрдү айтып жатканын укпадыңбы?” -деп сыртта болуп жаткан кабарды айтып берди. Бул сөздү укканда Айшанын РА көңүлү чөгүп, кабардын чын төгүнүн билүү үчүн Пайгамбарга САВ келип ата-энесине барып келүүгө уруксат сурады эле Пайгамбар САВ уруксат берди. Айша РА ата-энесине келип кабардын чын экендигин билгенде эки үч күн бою жашы токтобой уктай албай ыйлап жатты. Кабарды билүү үчүн Пайгамбар САВ Айшага РА

келип: “**Оо, Айша! Сен жөнүндө ушундай сөздөр жүрүп жатат, эгер сен андай күнөө кылбаган болсоң Аллах сени күнөөсүз деп далилдейт. Ал эми күнөө кылган болсоң анда Аллахка истигфар айтып тообо кыл. Анткени кайсыл бир пенде күнөөсүн мойнуна алып тообо кылган болсо Аллах анын тообосун кабыл кылат”-** деген сөзүн айтты.

Ошондо Айша РА жашын азайтып ата-энесине: “Пайгамбарга САВ жооп бергиле”- деп айтты эле ал байкуштар эмне деп айтаарын билбей туруп калышты. Айша РА: “Аллахка ант болсун, бул сөздү угуп өзүңөр да ишенип калган окшойсуңар, эми мен бул ишке барганым жок десем да ишенбейсиңер, бирок Аллах Таала күнөөсүз экенимди билет. Эми мен Юсуф пайгамбардын атасы айткан: ***“Эми, жакшынакай сабыр (кылуудан башка арга жок.) Силер айткан ишке Аллахтын Өзү жардамчы болоор!”.*** (Юсуф, 18). Деген сөздөн бакшка сөздү айта албайм.

Анан ары жакты карап жатып алды. Ошол кезде Пайгамбарга САВ вахий кабары түшө баштады. Вахий кабары түшүп бүткөндөн соң Пайгамбар САВ жылмайып, оозунан эң алгачкы чыккан сөзү: “**Оо, Айша! Аллах сенин күнөөсүз экениңди тастыктады”-** деп айтты. Айшанын РА апасы кызына: “Туруп Пайгамбарга САВ ыраазычылыгыңды айт”- деди эле, Айша РА күнөөсүз экенин жана Пайгамбарга САВ болгон сүйүүсүн билдиргенсип: “Жок, ага айтпаймын, бир гана Аллахка мактоо ыраазычылык айтамын”- деп айтты. Жалаа жапкандардын жалаасын жокко чыгарган аят Нур сүрөсүнүн 11 аятынан баштап он аят түштү. Мистах ибну Асааса, Хассан ибну Саабит, Химна бинту Жахш аттуу жалаачыларга шарият өкүмү боюнча сексен токмок урулду. Ал эми жалаачылардын башчысы болгон Абдулла ибну Убайга токмок урган жок. Балким аны, акыретте чоң азап күтүп турат деп Аллах Куранда айткандыгынан калтырды, балким ал үчүн алдыда боло турган чоң бир шермендечиликке калтырды.

Ошентип бир айдан соң Мадинаны каптаган ар түрдүү ушак сөздөр, жалаа жабуулар жокко чыкты. Мунафыктардын башчысынын сөзү калп экендиги далилденип, катуу шерменде болуп, бул окуядан соң ал элдердин арасында эч башын көтөрө албай калды. Ибну Исхактын риваятында айтылат: Ошондон кийин Абдулла ибну Убай эгер бир нерсени айта турган болсо өзүнүн эле жолдоштору аны жемелеп, шылдыңдап, сөзүндө шек бар деп шермендесин чыгара турган болуп калышты. Пайгамбар САВ Умарга мындай деди: “**Эми көрдүңбү Умар? Эгер жанагы күнү өлтүрүп сал дегениңде аны (Абдулланы) өлтүрүп салганда, элдерди коркутмаксың, ал эми бүгүн өлтүр десем да өлтүрүп салмаксың”.** Умар айтат: “Чындыгында менин ишиме караганда Пайгамбардын САВ ишинде береке даанышмандык бар экендигин ошондо түшүндүм”.

## *Мурайси согушунан кийинки жортуулдар*

1- Абдурахман ибну Ауфтун Дуумату-жандалдагы Калб уруусуна болгон жортуулу, 6 х. ж. шаабан айында болду. Абдурахманды узатаарда Пайгамбар САВ аны жанына олтургузуп, өз колу менен селдесин ороп берип, согуштун эрежелерин үйрөтүп мындай деди: “**Эгер сенин сөзүңдү угуп исламды кабыл кылышса, алардын падышасынын кызына үйлөн”.** Ошентип Абдурахман жолго чыгып, көздөгөн жерге барды да Калб уруусун үч күн бою исламга үндөдү. Сөздүн акыйкаттыгын билип Калб уруусу исламды кабыл кылды. Анан падышасынын кызы Абусаламанын апасы болгон Тамадар Асбаг кызына баш кошту.

2- Али ибну Абуталиптин Фидик жериндеги Саьд ибну Бакир уруусуна болгон жортуулу, 6 х. ж. шаабан айында болду. Бул жортуулдун себеби Саьд ибну Бакир уруусу жөөттөргө жардам берип мусулмандарга каршы даярдык

көрүп жатат экен деген кабар Пайгамбарга САВ жетип келди. Ошол замат Пайгамбар САВ эки жүз жоокерин даярдап ага башчы кылып Алини дайындап жолго салды. Ислам жоокерлери күндүзү жашынып түнкүсүн жол жүрдү. Көздөгөн жерге жакын калганда Саьд ибну Бакир уруусунун кабарчысын кармап алышты, андан иштин чоо жайын сурады эле ал Хайбарга барып, мусулмандарга каршы жөөттөргө жардам бере турган болсо жөөттөрдүн курмасын алуу үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келатканын мойнуна алды. Кабарчы мусулмандарга Саьд ибну Бакир уруусунун тобу кайсыл жерде экенин айтып берди. Дароо Али аларга чабуул жасады эле башчысы Вабр ибну Алим кошулуп баары Заан тарапты көздөй качып кетишти. Ошентип ислам жоокерлери бул уруудан беш жүз төө, эки миң койду олжого алды.

3- Абубакир Сыддыктын же болбосом Зейт ибну Хаарисанын Ваадил-кура тарапка болгон жортуулу, 6 х. ж. рамазан айында болду. Бул жортуулдун себеби Фазаара уруусу Пайгамбарды САВ өлтүрүү үчүн даярдык көрүп жатат деген кабар Пайгамбарга САВ келди. Ошол замат Пайгамбар САВ Абубакирди бир нече кишилер менен даярдап жолго салды. Бул тууралуу Салма ибну Аква мындай дейт: Мен да Абубакир менен кошо чыктым. Көздөгөн жерге жакын келип багымдат намазын окудук, ошол замат Абубакир чабуул жасоого буйурду да баарыбыз чабуул жасап, Абубакир бир канчасын өлтүрүп жеңишке жеттик. Карасам ар жакта адамдар качып баратканын байкап калдым, тоого качып кетпесин деп алардын артынан дароо жеттим да жаа менен тоо жакты карай аткылай баштадым эле жаанын огун көрүп качкандар токтоп калды. Алардын арасында тээри кийим кийип алган Умму Кирфа аттуу аял, аял менен кошо жамалы келишкен кызы да бар болчу. Аларды кармап Абубакирге алып келдим. Абубакир Умму Кирфанын жамалы келишкен кызын мага берди. Бирок ал кызга мен эч жакын жологонум жок. Мадинага келгенде

Пайгамбар САВ ал кызды менден сурап, аны Меккедеги туткунда олтурган мусулмандарга алмаштыруу үчүн жөнөттү.

Умму Кирфа желмогуз аял болчу. Ал Пайгамбарды САВ өлтүрүү максатында өзүнүн жакындарынан отуз жоокер даярдаган экен. Акыры ал өз жазасын алып анын отуз жоокери өлтүрүлүп жок болду.

4- Керез ибну Жаабир Фахрийдин Ирнийинга болгон жортуулу, 6 х. ж. шаввал айында болду. Бул жортуулдун себеби Икил менен Ирний уруусунан бир нече кишилер Пайгамбарга САВ келип калп эле исламды кабыл кылдык деди да, оорумуш болуп Мадинада калып калышты. Пайгамбар САВ аларга беш алты төөнү төөчүсү менен сүтүн ичкиле деп жөнөттү. Бул мыкаачылар айыгып өзүнө келгенде исламдан чыгышып, төөчүнү өлтүрдү да төөлөрдү айдап качып кетишти. Кабарды угаар замат Пайгамбар САВ Керезди жыйырма киши менен даярдап алардын артынан салды да мыкаачыларга ушундай деп дуба кылды: "**Аллахым! Аларды өзүң жолдон адаштырып, жолун тар кылгын".** Чындыгында бул мыкаачыларды кудурети күчтүү Кудай Таала жолдон адаштырып, баштары айланып жүргөн кезде жоокерлер артынан жетип барды да кармап алып, кылган кылмыштары үчүн өч алып колдорун буттарын кесип, көздөрүн оюп алып Хурра тарапка таштап өлтүрүп салышты. Окуя Анастын риваятында айтылган.

Пайгамбардын САВ өмүр таржымалын жазгандардын кээ бири жогорудагы баян кылынган жортуулдардан кийин Амру ибну Умая Думарий менен Салма ибну Абусалманын жортуулу да 6 х. ж. шаввал айында болгон деп жазышкан. Мунун себеби Абусуфян Пайгамбарды САВ өлтүрүү максатында Мадинага бир бедуинди жөнөткөн болчу. Ошондуктан Амру да Меккеге Абусуфянды өлтүргөнү жөнөп кетти. Бирок экөө тең - бедуин да Амру да - өз максаттарына жете алган жок. Жолдо келатып Амру мушриктердин үчөөсүн өлтүргөн деп келет.

Ахазаб жана Курайза согушунан кийинки болгон жортуулдар ушулар. Булардын бирөөсүндө да катуу согуш болгон жок, жөн гана жеңил желпи кагылышуулар болду. Бул жортуулдардын себеби айланадагыларды тизгиндөө, кыянаттык кылгандарды тарбиялоо, али уйкусунан ойгонбой мусулмандарга баш ийбей жаткан бедуиндердин жана башка душмандык кылып жаткан араптардын жүрөгүнө коркунучту салуу болчу. Жүрүп жаткан абалды чындап карасак Ахзаб согушунан кийин абал алдыга карай оңоло баштады. Ислам душмандарынын согуштук руханияты жоголуп, улам улам күчүн жогото баштады. Исламды талкалап түп тамыры менен жок кылууга эми эч кимдин күчү жетпей калгандыгына душмандын көзү жетип үмүтү үзүлдү. Анткени бул нерсе Худайбиядагы тынчтык келишиминде ачык айкын көрүнүп турду. Бул келишим ислам кубаттуулугун моюнга алып, арап чөлүндө күч кубаттуу ислам мамлекеттүүлүгү пайда болгондугун тастыктады.

## *Худайбия окуясы*
## *6 х. ж. Зул-каада айы*

### *Худайбия умранын себеби:*

Арап чөлүндө чоң жылыштар болуп, абал мусулмандар тарапка ооп, кыйла оңолгондон соң, чоң өзгөрүүлөр башталып, исламды жайылтуу улам күчүнө кире баштады. Алты жыл бою мушриктер тосуп келген Харам мечитине (Каабага) барып ибадат кылып келүү вазыйпсы келип калгансыды.

Пайгамбар САВ Мадинада жүргөндө күндөрдүн биринде түш көрдү анда сахбалары менен Каабага умрага барып ачкычын алып, Каабаны тооп кылып, кээ бири чачын алдырып, кээ бири кыскарткандыгын түшүндө көрдү. Бул тууралуу сахбаларына умра кылат экенбиз деп кабар берди эле, алар сапарга даярдана баштады.

## *Мусулмандардын козголуусу:*

Умрага баралы деп көптөгөн мусулмандар козоголо баштап даярдык көрдү. Ал эми кээ бир бедуиндер даярдык көргөн жок. Пайгамбар САВ кийимин жууп, Касва аттуу төөсүнө минип дүйшөмбү күнү, зул-каада айынын башында 6 х. ж. Меккени көздөй жолго чыкты. Мадинага башчы кылып Ибну Уммумактумду же Намийла Лайсийди калтырды. Пайгамбар САВ менен кошо аялы Умму Салама жана бир миң төрт жүз сахаба чыкты. Кээ бир риваяттарда бир жарым миң деп келет. Өздөрү менен кошо согуш куралдарын албай бир гана сапар кылычын кыны менен алышты.

## *Мусулмандар Меккени көздөй бет алды:*

Ошентип мусулмандар жолго чыгып Меккени көздөй бет алды. Зул-халийфага жеткен кезде согушка эмес умрага баратат экендигин элдер билүү үчүн талбия дубасын окуп умра эхрамын кийишти. Анан ошол жерден Пайгамбар САВ Хузаа уруусунан бир чабарманды дайындап мусулмандар умрага келатканын билдирүү үчүн Курайшка жөнөттү. Мусулмандар Асфанга жакын калганда чабарман келип Пайгамбарга САВ: Кааб ибну Луай сизге каршы Хабашит кулдарын жана башкаларды чогултуп согушка даярданып жатат, мусулмандарды Каабага киргизбейбиз деп айтышууда. Ошондо Пайгамбар САВ сахабаларына кеңешип мындай деди: «**Кандай дейсиңер, алар менен чогулган кулдарга чабуул жасап туткундайлыбы? Эгер алар эч нерсе кылбаса анда эч нерсе болбойт, а эгер (чабуул жасаганда) качып кетсе анда Аллах аларды эркиндике чыгарган болот. Же болбосом эч нерсе кылбай эле Каабага жөнөп, алдыбызды ким тоскон болсо ошо менен урушалыбы?”** Абубакир мындай деди: Аллах жана анын элчиси билет, биз умра кылганы келдик, эч ким менен урушканы келгенибиз жок,

бирок ким алдыбыздан чыгып Каабдан тоскон болсо ошону менен урушалы. Пайгамбар САВ: **Анда ордуңардан тургула кеттик,** деп жолун улашты.

## *Курайш мусулмандарды Каабага баруудан тосууга аракеттенди:*

Курайш эли Пайгамбардын САВ келатканын угаар замат кеңешүү үчүн жыйын өткөзүп, анда кандай болсо да мусулмандарды Каабага келүүдөн тосуу керек деген чечимге келишти. Пайгамбар САВ Хабашит кулдарына чабуул жасоодон баш тартып жолун улап келатканда, Кааб уруусунан бир киши Пайгамбарга САВ келип, Курайш Зии-тавага келатат, Халид ибну Валиддин башкаруу астында эки жүз атчан чогулуп Меккеге кеткен эң башкы жол Кура-гамимде сиздерди киргизбөө үчүн күтүп турат, деп айтып берди. Ошондо Халид атчандары менен мусулмандарды тосууга аракет кылган болчу. Атчандарын алып мусулмандар менен узактан бири бирин көрүп турду, ошол кезде мусулмандар пешим намазын окуп жаткан болчу, пешим намазы бүткөндөн кийин. Халид: "Жана намаз кылып жатканда чабуул жасаш керек эле, эгер намаз кылып жатканда чабуул жасаганыбызда көбүн өлтүрүп салмакпыз"- деп айтты. Анан кийинки – асир - намазды баштаганда чабуул жасоого даярданып калды. Бирок ошол кезде Аллах Таала согуш абалындагы этият намазын окуу өкүмүн түшүрүп Халид учурдан пайдалана албай калды.

## *Кандуу кагылышуу болбоо үчүн жолду өзгөрттү:*

Ошондо Пайгамбар САВ бараткан жолун өзгөртүп, тоо аралап кеткен кыйын жолго салып жиберди. Мусулмандарды алып Хамиш тоосун аралап оң жакты карай бет алды. Меккенин ылдый жагында жайгашкан Худайбияга алып бара турган Мирар тоосуна карай жолун улады. Меккеге бара

турган чоң жолду сол жака таштап Таньимден өтүп кетти. Мусулмандар жолун өзгөрткөнүн Халид көрүп калды да Курайшка айтканы чапкан бойдон кетти.

Пайгамбар САВ Мирар тоосуна жеткенде Касва төөсү чөгүп жатып алды. Элдер төөнү: “Тур тур”- дешсе да төө көгөргөндөн көгөрүп турбай койду. Ошондо элдер: “Жатак төө экен, жатак төө экен”- дегенде Пайгамбар САВ: “**Төө жатак эмес, мунун андай пейли жок, бирок (пил окуясындагы) пилге окшоп баргысы келбей жатат”-** деп айтты да: “**Жаным анын колунда болгон Аллахка ант, алар (Курайш) бүгүн менден Аллахтын (Каабасын), мыйзамын урматтай турган кандай нерсени сурашса да макул болом”-** деп айтты да төөсүн чапкылады эле ордунан туруп басып кетти. Ошентип мусулмандар Худайбиянын ылдый жагындагы аз гана суусу бар көлмөгө келип токтошту. Ошол замат элдер суудан ичип кирди эле суу бат эле түгөп калды. Элдер катуу суусагандыгын Пайгамбарга САВ айтышты эле Пайгамбар САВ жаанын огун кынынан сууруп чыгып сууга салды, ошондо суу көбөйүп элдердин баары тойгончо ичти.

## *Бадил Пайгамбар САВ менен Курайштын ортосунда ортомчу болду:*

Пайгамбар САВ Худайбияга токтогон кезде Бадил ибну Варка Хузааьий өзүнүн Хузаа уруусунан бир нече кишилерди алып Пайгамбардын САВ алдына келди. Ошол кезде Тухаама жериндеги Хузаа уруусу Пайгамбар САВ менен өтө жакын мамиледе эле. Бадил келип: Кааб ибну Луай төөлөр менен бир канча жоокерлерди алып силерди Каабага кирүүдөн тосуу үчүн Худайбиянын аржагындагы суунун алдына келип күтүп турат, деп айтты. Пайгамбар САВ: “**Биз бирөө менен согушууга келбедик, умра кылуу үчүн келдик, Курайш согушту күчөтүп жатат. Эгер алар кааласа убакыт берейин бизди тынч коюп өткөзүп жиберсин (умраны кылып**

**кайтып кетели), ал эми эгер согушту гана каалаган болсо анда жаным анын колунда болгон Аллахка ант, башым үзүлгөнчө согушамын, ошондо ким кандай болоорун Аллахтын өзү чечет".**

Бадил: "Анда сөзүндү аларга айтайын, деди да Курайшка келип: "Мен тиги кишинин (Мухаммеддин САВ) алдынан келатам, ал бир сөздөрдү айтты, эгер кааласаңар аны силерге айтайын"- деди эле, Курайштын зөөкүрлөрүнөн бирөөсү: "Анын сөзүн бизге айтпай эле кой кереги жок"- деди. Бирок эстүүрөөгүнөн дагы бирөөсү: "Айта бер угабыз"- дегенде Бадил: Ушундай -ушундай деди, деп Пайгамбардын САВ айткан сөзүн айтып берди. Ошондо Курайш сүйлөшүп келүү үчүн Пайгамбарга Макраз ибну Хафсты жиберди. Макраз узактан көрүнгөндө Пайгамбар САВ: "**Мына бир кыянатчы келатат"-** деген сөзүн айтты. Макраз келгенде Пайгамбар САВ Бадилге айткан сөзүн айтты, ал Курайшка кайтып барып Пайгамбардын САВ сөзүн айтып берди.

## *Курайштын элчилери:*

Анан Кинаана уруусунан Халис ибну Алкама аттуу бирөөсү: Мени жөнөткүлөчү, барып сүйлөшүп көрөйүн, деп сурады эле Курайш: Бар барып сүйлөшүп кел, деп жиберишти. Халис узактан көрүнгөндө Пайгамбар САВ: "**Тигинде баланча келатат, анын эли (Каабада) курмандыка төө мал союлса ошону урматтайт, ага (курмандыка союлчу) төөлөрдү жөнөтүп жибергиле"-** деп айтты эле сахабалар төөлөрдү ошол жакка айдап өздөрү талбия дубасын айтып турушту. Бул окуяга күбө болгон Халис: "Субхааналла, (Араптар таң калганда айтылуучу сөз) Буларды Каабадан тосуунун кажети жок"- деп айтты да артка кайтып Курайшка келип: "Алар курмандыктарды даярдап коюшуптур, умра кылуудан тоспой эле коюш керек"- деп айтты.

Ошондо Урва ибну Масьуд Сакафий мындай деди: “Бул силерге жакшы нерсени айтып жатат кабыл кыла бергиле, мен да барып сүйлөшүп көрөйүнчү”, Курайш: “Барып сүйлөшүп кел”- деп жиберди. Урва келип Пайгамбар САВ сүйлөштү эле Пайгамбар САВ Бадилге айткан сөзүн ага да айтты. Ошондо Урва мындай деди: “Оо, Мухаммед! Сен өз элиңе кол салып жок кылам деп жатасыңбы?”-деги сен мурун-кийин кайсыл бир араптын өз элине кол салгандыгын уктуңбу? Ал эми жеңилип калууң да мүмкүн. Чындыгында мен бул жерде эч нерсеге жарабаган былжырактарды көрүп жатам, булар сени таштап качып жок болушат. Ошондо Абубакир: “Лаатыңдын ауратын жегир (лаат мушрикердин Кудайы, аны мушриктер Кудайдын кызы деп ойлошот эле, Абубакир айткан сөздү караңгылык доордо араптар колдонушчу) биз сага ошондой көрүнүп жатабызбы?” Урва: «Бул ким?»-деп сурап калды эле элдер “Абубакир”- деп айтышты. Урва: “Эгер мүмкүнчүлүк болгондо сага жооп бермекмин”- деп айтты. Ошентип ал Пайгамбар САВ менен сөзүн улантты. Урва сүйлөп жаткан кезде Пайгамбардын САВ сакалына колун созуп жатты, ошондо Пайгамбардын САВ алдында кылычын даярдап турган Мугийра ибну Шуьба: “Пайгамбардын САВ сакалынан колуңду тарт”- деп айтты эле. Урва: “Бул ким?”-дегенде элдер: “Мугийра ибну Шуьба”- деп айтышты. Урва: “Ии чыккынчы, дагы деле чыккынчылыгыңды кылып жүрөсүңбү?” -деген сөздү айтты. Анткени Мугийра исламга кирээрден алдың бир канча мушриктер менен жолго чыгып, аларды өлтүрүп салып мал-мүлкүн тоноп алган эле, анан Мадинага келип исламды кабыл кылган болчу. Пайгамбар САВ: “**Мунун исламга киргендигин кабыл кылдым, ал эми алган мал-мүлкүн билбейм**”- деген сөзүн айтты. Анткени Мугийра Урванын байкесинин баласы эле.

Урва келгенде сахабалар Пайгамбарды САВ кандай урматташаар экендигин өтө көз салып байкаган болчу. Ошентип ал Курайшка кайтып келип мындай деди: “Оо,

элжурт! Чындыгында мен өзүңөр билгендей Кайсар, Кисра, Нажаший сыяктуу көптөгөн падышаларга барып келген кишимин, Аллахка ант, Мухаммедди жолдоштору урматтап таазим кылгандай, башка падышалардын адамдары андай урматтаганын көргөн эмесмин. Эгер Мухаммеддин оозунан түкүрүк чыкса да ал жолдошторунун бирөөсүнүн колуна түшүп аны менен бетин денесин сүртүп жатат. Эгер бир ишке буйурса буйругун аткарганы шашышат, эгер даарат алса даарат үчүн талашкыдай болушат, эге бир сөз сүйлөсө баары үнүн токтотушат, эгер ага сүйлөшсө аны урматтап эч кимиси ага тике карабайт экен. Ал силерге жакшы сунушту айтып жатат, кабыл кыла бергиле".

## *Аллахтын өзү аларды силерге чабуул жасоодон тосту:*

Курайштын согушкусу келген кээ бир зөөкүр жигиттери, башчыларынын согушпай эле келишимге келели деген чечимин жактыра бербей, согуш баштап жибергиси келди. Алар бул келишимди бузуу максатында, кечинде мусулмандар жайгашкан жерге жашыруун чыгып аларга кол салып, ортодо уруш баштап жиберүү үчүн өз ара сүйлөшүү жүргүздү. Чындап эле бул зөөкүрлөр ойлогон ишин ишке ашырууга аракет кылып, жетимиш же сексен жигит кечиндеси чыкты да, Таньим тараптан мусулмандар конгон жерге кол салмакчы болуп барышты. Бирок кароолчулардын башчысы Мухаммед ибну Маслама байкап калып, булардын баарын колго түшүрүп алды. Ал эми кечиримдүү Пайгамбар САВ келишим жакшы болсун деген максатта буларды кечирип бошотуп жиберди. Булардын чабуулун Аллах өзү билдирген болчу, ошондуктан бул тууралуу аят түшүрдү:

وَهُوَ الَّذِي كَفَّ أَيْدِيَهُمْ عَنكُمْ وَأَيْدِيَكُمْ عَنْهُم بِبَطْنِ مَكَّةَ مِن بَعْدِ أَنْ أَظْفَرَكُمْ عَلَيْهِمْ {الفتح/24}

***“(Аллах) Меккенин (чекарасынын) ичинде, силерди алардан үстөм кылып койсо да, (Аллахтын өзү) силердин колуңарды алардан, алардын колун силерден тыйып койду”.*** (Фатх, 24)

## *Усман ибну Аффан Курайш менен сүйлөшүүгө жөнөтүлдү:*

Курайш бир нече ирет адам жөнөткөндүгүнөн Пайгамбар САВ алардын да эмне максаты бар экенин билип, бир келишимге келүү максатында Умар ибну Хаттапты барып кел деп айтты. Бирок Умар: Оо, Аллахтын элчиси! Ал жакта мени коргой турган Кааб уруусунан башка эч ким жок, дегенинен Усман ибну Аффандын жакындары ошол жакта, сүйлөшүү жүргүзгөнгө да ылайыктуу деп Усманды чакырып: “**Аларга баргын да согуш үчүн эмес умра үчүн келгендигибизди айт, анан аларды да исалмга үндө”-**деп дайындады да, ошол жактагы калган мусулман эркек аялдарга келип келечекте Мекке мусулмандардын колуна өтөт, Кудай Таала Меккенин баарын мусулман кылат деген сүйүнүч кабарды да аларга жеткирүүнү буйурду.

Усман жолго чыгып жөнөп кетти, жолдо Балдахка жеткенде Курайштын бир нече кишилери аны көрүп: Кайда баратасың? Деп сурап калды, Усман: Мени Аллахтын элчиси ушундай ушундай ишке жөнөттү, дегенде алар: Анда жакшы экен, биз да сага жардам берели дешти. Арасынан Аббан ибну Саид ибну Аас Усманды кош келипсиң деп күтүп алып, атын токуп Усманды учкаштырды да аны өз коргоосуна алып Меккеге жеткизди. Усман Пайгамбардын САВ сөзүн Курайшка айтып бергенден соң Курайш Усманды Каабаны тооп кылууга уруксат берди. Бирок Усман Пайгамбар САВ тооп кылмайын тооп кылуудан баш тартты.

## ***Усман өлтүрүлдү деген кабардын тарашы жана Ридван анты:***

Курайш Усманды жөнөтпөй көпкө кармап калды – балким өздөрү сүйлөшүп бир пикирге келгенден соң анан Усманды ошол пикирди айтып баруу үчүн кармап калгандыр – Усман көпкө жоголгондон соң мусулмандардын арасында Усманды өлтүрүп салышыптыр деген сөздөр тарап кетти. Пайгамбарга САВ да бул сөз угулгандан кийин: “**Эми аларга чабуул жасамайын токтобойбуз”-**деп айтты да сахабаларды байьат кылууга (кол берип ант ичүүгө) чакырды эле баары бир сөздөн макулдугун берип: Эч кимибиз качпайбыз, бир тамчы каныбыз калганча сиз менен бирге согушабыз, деп ант ичишти. Эң алгачкылардан болуп Абусинан Асадий ант берди. Ал эми Салма ибну Аква өлүм үчүн деп үч жолу ант берди, элдин башында анан ортосунда анан акырында. Пайгамбар САВ өз колун кармап: “**Бул Усман үчүн”-** деп Усмандын ордуна ант берди. Ант берүү бүткөндөн соң Усман да келип калды да сахабалар менен кошо ант берди. Бир гана Жад ибну Кайс аттуу мунафык байьат кылган жок.

Ант берүү бир дарактын астында өттү. Ант берилип жатканда Умар Пайгамбардын САВ колунан кармап, Маькал ибну Ясар дарактын шагын Пайгамбардан САВ узак кылып көтөрүп турду. Кийинчерээк бул ант берүү Ридван (Ыраазылык) анты деп аталып калды, бул тууралуу Аллах Таала төмөнкү аятын түшүрдү:

لَقَدْ رَضِيَ اللَّهُ عَنِ الْمُؤْمِنِينَ إِذْ يُبَايِعُونَكَ تَحْتَ الشَّجَرَةِ {الفتح/18}

***“(Худайбиядагы) дарактын түбүндө сага ант (кол) берген кезде, Аллаһ момундардан ыраазы болду”.*** (Фатх, 18)

## ***Тынчтык келишимин түзүү жана анын эрежелери:***

Курайш абалдын курчуп кеткендигин билип калып, тынчтык келишимин түзүп келүү үчүн Сухайл ибну Амруну жөнөттү. Анткени мусулмандар күч менен коркутуп Курайшка кирип келди деген сөздү башка арaптар айтпас үчүн, бул жылы умра кылбай эле тынчтык келишимин түзүп артка кайткыла деген максатта Курайш Сухайлды жөнөткөн болчу. Сухайлдын келатканын көргөндө Пайгамбар САВ: "**Ишиңер жеңилдеди. Анткени алар келишимге келүү үчүн бул инсанды жөнөттү"-** деп айтты. (Сухайл деген аттын мааниси жеңилдик дегенди билдиргени үчүн Пайгамбар САВ ошондой деген болчу) Сухайл келип узака сүйлөп, акыры тынчтык келишимин түзүү үчүн эки тарап төмөнкү эрежелерге макул болду:

*1- Пайгамбар САВ менен мусулмандар бул жылы Меккеге кирбей эле артка кайтып кетет. Келерки жылы мусулмандар менен келип Меккеде умра кылууга үч күн уруксат берилет. Өздөрү менен кошо сапар кылычын гана алып, Курайш да мусулмандарга эч кандай зыян тийгизбейт.*

*2- Эки тараптын ортосунда согуш он жылга токтотулуп, ал ортодо эки тарап тең бир бирине зыян жеткизбөө керек.*

*3- Эгер кайсыл бир арап уруусу Мухаммед менен бирге болууну кааласа ага тоскоолдук кылынбасын. Ошондой эле Курайш менен бирге болууну кааласа ага да тоскоолдук кылынбасын. Ошентип кайсыл уруу кирсе да ошол тарптан болуп саналат. Эгер кайсыл бир тарап бул нерсени бузган болсо анда ошол тарптын душманы болуп саналат.*

*4- Кайсыл бир киши Курайштан качып Мухаммедке келген болсо, анда аны Курайшка кайтарып берет. Ал эми кайсыл бир киши Мухаммедден качып Курайшка келсе ал Мухаммедке кайтарылбайт.*

Келишим такталып бүткөндөн соң Пайгамбар САВ келишимди жазуу үчүн Алини чакырып жаздырат. Али жазуунун башында «Бисмиллаахи Рахмаани Рахим» деп жазып баштаганда Сухайл: «Бисмиллаахи Рахмаани Рахимди» билбейбиз эмне экендигин? «Бисмика Аллахумма» деп жаз, дегенде Пайгамбар САВ Алини ошентип жазууга буйруйт. Али «Бул Аллахтын элчиси Мухаммед менен болгон келишим» деп жазганда Сухайл: Сенин Аллахтын элчиси экендигиңди билгенибизде сага каршы чыкпайт элек, алдыңды тоспойт элек: Абдулланын уулу Мухаммед деп жаз дейт. Пайгамбар САВ: "**Силер мени калпычыга чыгарганыңар менен Аллах тарптан жөнөтүлгөн Пайгамбармын"-** деп айтып Алиге Аллахтын элчиси деген жазууну өчүрүп салууга буйурганда Али аны өчүргүсү келбейт, бирок Пайгамбар САВ ал жазууну өз колу менен өчүрүп койот. Ошентип тынчтык келишими да жазылып бүтөт. Келишим жазылып бүтөөрү менен Хузаа уруусу Пайгамбар САВ менен бирге болуп калды. Анткени Хузаа уруусу Абдулмуталиптин доорунан бери Хаашим уруусу менен бирге эле. Бул тууралуу китептин башында айтып өткөнбүз. Хузаа Пайгамбар САВ менен бирге болгондугу ошол эски келишимди тастыктоо үчүн болду. Ал эми Бакр уруусу Курайш менен бирге болуп калды.

## *Абужандалдын артка кайтарылуусу:*

Келишим жазылып али бүтө элек учурда Сухайлдын уулу Абужандал Меккенин төмөн жагынан качып чыгып кишенин сүйрөп мусулмандардын алдына келип калат, мусулмандарга келип өзүн таштап жиберет. Баласын көргөн Сухайл Пайгамбарга САВ: Бул келишимдеги эң алгачкы аткара турган ишиң, эми муну мага кайтарып берүүң керек, дегенде Пайгамбар САВ: "**Али келишим жазылып бүткөн жок"-** дейт, Сухайл: "Келишим болгон нерсени сени менен тартышкым келбейт, аны аткарууң керек"- дейт. Пайгамбар

САВ: “**Бир жолу уруксаат берип муну мага бер”-** дегенде Сухайл: “Жок бербеймин”- дейт Пайгамбар САВ кайрадан: “**Бере берсең”-** дегенде Сухайл: “Жок эч качан”- деген сөзүн айтып бет бактык кылып туруп алат. Ошентип Сухайл Абужандалдын бетине ургулап, Меккеге кайтарып сүйрөп алып жөнөйт. Сүйрөлүп бараткан байкуш Абужандал болгон үнү менен бакырып: “Оо, мусулмандар! Эми кайтып мушриктердин колуна барып диним үчүн азап тартамбы?” - дегенде Пайгамбар САВ: “**Абужандал! Сабыр кыл, Кудай сага жана сага окшоп жапа чегип жаткандардын баарын сообун берип боштондука чыгарат. Биз булар менен тынчтык келишимин түздүк, ошондуктан аны аткаруу үчүн Аллахтын ысымы менен убада бердик, эми аны бузуп кыянаттык кылбайлы”-** деген сөзүн айтат.

Ошондо Умар ибну Хаттаб чыдабай кетип ордунан ыргып турат да Абужандалдын жанында басып: “Сабыр кыл Абужандал, анткени булар мушриктер, булардын каны иттин каны”- дейт да кылыч асынган жагын ага жакын алып барып басат. Бирок Сухайл баласын эч нерсеге карабай сүйрөп алып кетип калгандан кийин Умар мындай дейт: Кылычымды алып атасын уруп салсын деген ойдо кылычымды ага жакын кылдым эле, бирок ал ага түшүнбөдү окшойт.

## *Умранын ордуна курмандык союп, чач алдыруу:*

Тынчтык келишми жазылып бүткөндөн соң Пайгамбар САВ сахабаларга: «**Ордуңардан туруп курмандык чалгыла”-**дейт, бирок Пайгамбардын САВ бул сөзүн эч ким аткарбайт. Ошентип үч жолу кайталаса да эч ким аткаргысы келбейт. Эч кимдин кыймылдабаганын көрүп Пайгамбар САВ аялы Умму Саламанын алдына кирип, эч кимдин кыймылдагысы келбегенин айтып ага даттанат. Бул сөздү уккан Умму Салама Пайгамбарга САВ: “Оо, Аллахтын элчиси! Ошондой кылууну каалап жатасызбы? Эгер андай кылгыңыз

келсе эч кимге айтпай барып, курмандыка союлчу төөңүздү союң да, чач алуучу кишини чакырып чачыңызды алдырыңыз”- деген сунушун айтты. Пайгамбар САВ аялы айткандай кылып, эч кимге унчукпастан төөсүн союп, чачын алдырды эле, Пайгамбарды САВ көрүп адамдар да курмандык чалып, бири биринин чачын ала баштады, чач алып жатып кайгыга баткандыктан бири бирин кесип жибере жаздады. Ошондо мусулмандар жети төө, жети мал курмандык чалышты. Пайгамбар САВ Абужахилден алган төөсүн курмандыка чалды. Абужахил төөсүнүн мурдуна мушриктердин алдында өзүн көтөрүү үчүн күмүш шакек тагып койгон болчу. Пайгамбар САВ чачын алдыргандарга үч жолу кыскарткандарга бир жолу истигфар айтып Аллахка дуба кылды.

## *Меккеден келген мусулман аялдарды бербей коюу:*

Арадан бир нече күн өткөндөн соң Меккеден Мадинага мусулман аялдар качып келди эле алардын артынан жакындары келип келишим боюнча буларды берүүң керек деп Пайгамбардан САВ сурап калды. Бирок Пайгамбар САВ аялдарды берүүдөн баш тартып: “*Кайсыл бир киши Курайштан качып Мухаммедке келген болсо, анда аны Курайшка кайтарып берет”*- деген сөздө аял деп жазылган эмес ошондуктан аялдарды бербейбиз деген сөздү айтып бербей койду. Ушунун себебинен Аллах Таала төмөндөгү аятты түшүргөн болчу:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا جَاءكُمُ الْمُؤْمِنَاتُ مُهَاجِرَاتٍ فَامْتَحِنُوهُنَّ اللَّهُ أَعْلَمُ بِإِيمَانِهِنَّ فَإِنْ عَلِمْتُمُوهُنَّ مُؤْمِنَاتٍ فَلَا تَرْجِعُوهُنَّ إِلَى الْكُفَّارِ لَا هُنَّ حِلٌّ لَّهُمْ وَلَا هُمْ يَحِلُّونَ لَهُنَّ وَآتُوهُم مَّا أَنفَقُوا وَلَا جُنَاحَ عَلَيْكُمْ أَن تَنكِحُوهُنَّ إِذَا آتَيْتُمُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ وَلَا تُمْسِكُوا بِعِصَمِ الْكَوَافِرِ {الممتحنة/10}

***“Оо, ыйман келтиргендер! Эгер силерге ыймандуу аялдар хижрат кылып келсе, аларды сынагыла. Аллаһ***

***алардын ыйманын эң жакшы билет. Эгер алардын ыймандуу экенин аныктасаңар, каапырларга кайтарып жибербегиле. (Себеби,) алар мушриктерге адал эмес, мушриктер аларга адал эмес. Жана (эгер үйлөнсөңөр) аларга (мушрик күйөөлөрү) берген өлчөмдөгү махырды бергиле. Качан (ушул) махырды төлөсөңөр, аларга үйлөнүүдө силерге күнөө жок. Жана каапыр болуп (Мадинадан Маккага кетип) калган аялдардын билегинен да кармабагыла”.*** (Мумтахана, 10)

Жогорудагы аятта ***“сынагыла”*** деп айытылгандай Пайгамбар САВ ал келген аялдарды төмөндөгү аяттагыдай кылып сынады:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَن لَّا يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَلَا يَسْرِقْنَ وَلَا يَزْنِينَ وَلَا يَقْتُلْنَ أَوْلَادَهُنَّ وَلَا يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلَا يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَاسْتَغْفِرْ لَهُنَّ اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ {الممتحنة/12}

***“Оо, пайгамбар! Эгер сага ыймандуу аялдар келип, Аллаһка эч нерсени шерик кылбоого, уурулук, зынаа кылбоого, (кыз төрөлгөн) балдарын өлтүрбөөгө, бирөөдөн бала арттырып эрине таңуулабоого жана жакшы (сооп) иштерге буюрганыңда сага каяша айтпоого ант беришсе, алардан антын кабыл ал жана алардын күнөөлөрүнө Аллаһтан кечирим сура. Аллаһ Кечиримдүү, Ырайымдуу”.*** (Мутахана, 12)

Ким ошол шарттарды аткарам деп ант берсе Пайгамбар САВ: “**Антыңды кабыл кылдым”-** деп ал аялды артка кайтарган жок.

Жогоруда аятта айтылган ***“(Себеби,) алар мушриктерге адал эмес, мушриктер аларга адал эмес”*** деген өкүм Аллах тараптан түшкөндөн соң Кайсыл бир мусулман аял болсо мушрик күйөөсүнө адал болбой калды, ошондой эле кайсыл бир мушрик аял болсо мусулман күйөөсүнө адал болбой калды. Ошонун негизинде бир канча мусулман эркектер

мушрик аялдарына талагын берди. Умар да эки мушрик аялына талагын берген болчу. Умардын бул аялдарынын бирөөсүнө Муавия экинчисине Сафван ибну Умая үйлөндү.

## *Тынчтык келишимдин кандай пайдасы болду:*

Худайбиядагы тынчтык келишими ошондой таризде жазылган болчу. Бирок келишимдин артында кандай пайдалар кандай зыяндар жатат ошого көз чаптыра кетсек. Чындыгында бул келишим мусулмандар үчүн эң чоң утуш болду. Анткени Курайш мусулмандарды эч моюнга албай, алардын мамлекеттүүлүгүн жок деп эсептеп жаткан болчу. Балким мусулмандарды түп тамыры менен жок кылуу үчүн ыңгайлуу бир учурду күтүп жатышкан эле. Өздөрүн арап чөлүндөгү диндин эң негизги өзөгү чыккан жер Меккеден тараган, ошондуктан биз араптарга дин жана башка жагынан башчыбыз деп эсептеп, болгон күч аракети менен ислам динин башка араптарга жайылтуудан тосууга аракет кылды. Эми болсо тынчтык келишимин түзгөндүгү бул мусулман мамлекетинин кубаттуулугун моюнга алгандыгы. Андан да жаманы эми Курайш мусулмандарга күчү жетпей калды. Келишимдин үчүнчү пункту Курайштын араптарга дин жана башка жагынан башкаруучубуз деп эсептеген башкаруучулугун унуттуруп, өз жандарын гана ойлоп калды. Ал эми арап чөлүндөгү жашаган бүткүл араптардын баары ислам динин кабыл кылса да Курайштын иши болбой, аларга тоскоолдук кылуу да оюна келбей калды. Ушул нерселер Курайш үчүн чоң жоготуу, мусулмандар үчүн чоң жеңиш эмеспи? Ал эми мусулмандар менен ислам душмандардын ортосунда болгон согуштар, бул мусулмандардын алардан мал-мүлкүн тартып алуу, элди кыруу, же болбосом исламды күчкө салып кабыл кылдыруу максатында болгон эмес. Бирок мусулмандардын максаты жалгыз гана болгон, алда элдерге толук дин эркиндигин берип ким каалаган динин тутунсун деген ойдо болгон:

وَقُلِ الْحَقُّ مِن رَّبِّكُمْ فَمَن شَاء فَلْيُؤْمِن وَمَن شَاء فَلْيَكْفُرْ {الكهف/29}

***“Айт: «(Мен алып келген Дин) Раббиңер тарабынан келген Акыйкат. Эми, ким кааласа – момун болсун, ким кааласа – каапыр болсун!”.*** (Кахф, 29)

Эми мусулмандарды динди жайылтууда кандай күч болсо да тосо албайт. Ошондуктан бул жагынан бардык максаттар ишке ашты десек да болот. Балким мындай эркиндике канчалык согушса да жете албоосу мүмкүн эле. Ушундай кенен эркиндикке жетүү менен мусулмандар динди жайылтууда чоң ийгиликке жетти. Мусулман жоокерлеринин саны тынчтык келишими түзүлө электен алдын үч миңден ашпайт эле. Ал эми тынчтык келишимин түзгөндөн соң эки жылдын ичинде, Меккенин алынуусу алдында мусулман жоокерлердин саны он миңден ашып кетти.

Ал эми келишимдин экинчи пункту бул ийгиликке жетүүнүн экинчи жагы болду. Анткени мусулмандар биринчи болуп согушту баштаган жок, Курайш өзү баштаган болчу. Бул тууралуу Аллах Таала айтат:

وَهُم بَدَؤُوكُمْ أَوَّلَ مَرَّةٍ {التوبة/13}

***“Силерге өздөрү биринчи болуп (согушту) баштаган”.*** (Тауба, 13).

Мусулмандардын ар тарапка жортуул жасаганы бул Курайштын заалымдыгын токтотуп, мусулмандардын динди жайылтуусуна тоскоолдук кылбай, теңдик менен мамиле кылуу максаты болгон. Ошондуктан ар ким өзү каалагандай иш жүргүзсүн деген максат назарда тутулду. Ал эми соугушту он жыл бою токтотуу бул алардын заалымдыгы токтоп калды дегенди түшүндүрүп, согушту алгачкы баштагандын өзү алсырап кыйроого учурады дегенди билдирет.

Ал эми келишимдин биринчи пункту; Курайш мусулмандарды Каабага кирүүдөн токтотту деген, бул да Курайштын алы жетпей калды дегенди түшүндүрөт. Анткени

Курайш мусулмандарды ошол жылы гана умра кылуудан токтотууга күчү араң жетти.

Ошол жогоруда айтылган үч нерсени (үч пункттун пайдасын) Курайш мусулмандардын пайдасына чечип берип натыйжада өздөрү бир гана пайда ала алды. Ал да төртүнчү пункт. Бирок бул пункт да алар үчүн пайдасы жок болбогон нерсе. Анткени бул пунктта мусулмандарга зыян бере турган эч нерсе деле жок. Кайсыл мусулман өз динин Пайгамбарын таштап Мадинадан качып кетмек эле. Бир гана динден жашыруунбу же ачык айкынбы чыккан адам гана качуусу мүмкүн. Динден чыкканы менен ал адамдын мусулмандарга кереги деле жок, тескерисинче Мадинада калгандан көрө, мусулмандардын арасынан чыгып кеткени жакшыраак. Ошондуктан Пайгамбар САВ бул тууралуу ушундай сөзү менен ишаарат кылды: **Ким бизден кетип аларга барса, Аллах аны бизден алыстатсын.** Ал эми Меккеликтерден бирөө жарым мусулман болсо, ал Мадинага качып келе албаса да Аллахтын жери кенен, башка жакка да кетип кала алат. Мадина эли мусулман боло электен алдың, мусулмандар Хабаша жеринде (Эфиопияда) баш калкалай алдыго? Ошондуктан Пайгамбар САВ муну назарга тутуп ушундай деди: **Ким алардан бизге келсе аны Аллах өзү куткарат.**

Курайштын мусулмандар менен ушинтип келишим түзүүсү, үстүртөн караганда Курайштын пайдасына болгондой көрүнгөнү менен, чындыгында Курайштын зыянына болуп, алардын кыжырын кайнатып, тутунуп келген бутпарастыктын жок болуп кетүүсүнөн катуу коркуп жатканын билдирет. Бутпарастык динин жок болуп баратканын сезгендей болуп, аны сактап калуу максатында ушундай кадамдарга барууга аргасыз болушту. Ал эми мусулмандар тараптан ким качып Курайшка барган болсо ал мусулмандарга кайтарылбайт дегенге Пайгамбардын САВ макул болуусу, бул да Пайгамбардын САВ толук кемелдүү өзүнө ишенип күч

кубатка ээ болгондугун билдирет, ошондуктан бул шарттан коркуунун кажети жок.

## *Мусулмандардын капалануусу, Умардын Пайгамбарга САВ айткан сөзү:*

Тынчтык келишимдин чыныгы пайдасы ошондой эле. Бирок мусулмандарды эки нерсе катуу кайгы-капага салды. Биринчиси: Каабага келип тооп кылып умра кылабыз деген кабарды Пайгамбар САВ мусулмандарга айткан болчу, анда эмне үчүн келип умра кылбай кайтып кетти? Экинчиси: Пайгамбар САВ Аллахтын чыныгы элчиси, жана акыйкат жолдо болгондуктан, ислам динин жеткизем деп Аллах убада кылган, анда эмне үчүн Пайгамбар САВ Курайштын айтканына макул болуп, пайдасы жок келишимге макул болду? Ушул эки нерсе мусулмандардын жүрөгүн өйүп, ар түрдүү ой-пикирлерди жаратты. Ошондуктан алар кайгы-капага түшүп, келишимдин натыйжасы кандай болоор экен деп катуу сар санаага батышты. Мынтип сар санаага баткандардын эң биринчиси Умар ибну Хаттап эле. Ошондо Умар Пайгамбарга САВ келип мындай деди: “Оо, Аллахтын элчиси! Биз акыйкат жолдо, алар туура эмес жолдо да туурабы?” Пайгамбар САВ: “**Ошондой”-** деп жооп берди. Умар: “Бизден өлгөндөр Бейиште алардан өлгөндөр тозокто эмеспи?” Пайгамбар САВ: “**Ошондой,** деп жооп берди. Умар: “Анда эмне үчүн пас болуп алардын айтканына көнүп, аларга эч нерсе кылбай кайтып кетип жатабыз?” Пайгамбар САВ: “**Оо, Хаттаптын баласы! Мен Аллахтын элчиси болом, ошондуктан Аллахтын өкүмүнө каршы чыга албайм, (Кудай Таала) мени ара жолго таштап койбойт, ийгилике жеткизет”** деп айтты. Умар: “Каабага келип тооп кылып кетебиз деп сиз өзүңүз айтпадыңыз беле?” Пайгамбар САВ: «**Ооба айттым, бирок мен сага так ушул жылы деп**

**айттымбы?»** Умар: «Жок”- деп жооп берди. Пайгамбар САВ: **«(Шашпа) келип тооп кыласың”.**

Андан соң Умар каарданып Абубакирдин жанына келип Пайгамбарга САВ берген суроолорун берди эле Абубакир да Пайгамбар САВ айткандай жооп кайтарды.

Анан Аллахтын Фатх сүрөсү түштү:

إِنَّا فَتَحْنَا لَكَ فَتْحًا مُّبِينًا {الفتح/1}

***“(Оо, Мухаммед), Чынында, Биз сага анык жеңиш бердик”.*** (Фатх, 1) Пайгамбар САВ Умарды чакырып бул сүрөнү окуп бергенде, Умар сүйүнүп: “Оо, Аллахтын элчиси! Чын эле жеңишке жетебизби?”-деп сурады эле Пайгамбар САВ: “**Ооба”-** деп жооп берди. Ошондо Умардын жаны жайына келип сүйүнүп калды.

Кийинчерээк Умар Пайгамбарга САВ айткан сөздөрү үчүн катуу өкүндү. Бул тууралуу мындай дейт: “Ошондо мен Пайгамбарга САВ айткан сөздөрүм үчүн катуу өкүнүп, бул кылгандыгымды Кудай Таала кечирсин деп садака берип, орозо тутуп, намаз окуп, кулдарды азаттыка чыгарып жаттым, акыбети жакшылык менен бүтсүн деп Аллахтан сурандым”.

## *Алсыздар боштондукка чыгып кетти:*

Пайгамбар САВ Мадинага кайтып арадан бир нече күндөр өткөндөн соң, Меккедеги азапталып жаткан туткун мусулмандардын бирөөсү качып кетип Мадинага келди. Анын аты Абубасир, Курайштын союздашы Сакиф уруусунан болот. Качкынды кайтарып келүү үчүн Меккеликтер эки кишини Пайгамбарга САВ жиберип: Келишимдин негизинде муну кайтарууң керек, деп айтышты. Пайгамбар САВ келишимди бузбастан Абубасирди экөөнүн колуна карматты. Бул экөө качкынды кармап жолго чыгып, Зул-халийфага жеткенде, ошол жердеги курмадан жеш үчүн бир азга тыныгуу жарыялады. Ошондо Абубасир бирөөсүнө: “Оо, баланча!

Сенин кылычың өтө бекем жакшы кылыч көрүнөт”- дегенде экинчиси шеригинин кылычын сууруй калып: “Ооба, чындыгында бул өтө жакшы кылыч, мен муну бир нече ирет иштетип көргөнмүн”. Абубасир: “Берчи көрөйүн”- дегенде кылычты ага бере калды, Абубасир кылычты алаары менен аны бир чаап өлтүрө койду.

Ал эми экинчиси болсо дароо качып жөнөдү да Мадинага келип мечитке чуркаган бойдон кирип келди. Бул абалды көргөн Пайгамбар САВ: “**Бул катуу коркуп калыптыр”-**деп айтты. Пайгамбардын САВ алдына дароо келип: “Жолдошумду өлтүрүп салды, мени да өлтүрөм деп жатат”- деп калтырап титиреп туруп калды. Артынан Абубасир кууп келип калды да: Оо, Аллахтын элчиси! Сиз өз милдетиңизди аткарып мени буларга тапшырып бердиңиз. Эми Аллах мени булардан куткарды, мен кутулдум, деди эле Пайгамбар САВ: “**Оо куруп кеткир, согушту козгоочу, эгер мунун жанында бирөө жарым болуп калганда анда жаман болмок”-** деди эле Абубасир кайра артка кайтуусун билип калды. Ошентип Пайгамбар САВ Абубасирди артка кайтарып жиберди. Экөө Сайфул-бахрга жеткен кезде, дагы бир мусулман Меккеден качып чыгып бул экөөнүн алдына келип калбайбы? Ал да Сухайлдын уулу Абужандал болчу. Бул экөө жанагы кишини өлтүрүп салат. Ошентип кайсыл бир мусулман Меккеден качпасын Абубасирге келип кошулуп олтуруп бир топ мусулман чогулат. Ошондо бул топ Меккенин Шамга бараткан кербендерине кол салып бир кербенди да өткөзбөй баарына кол салып адамдарын өлтүрүп, мал-мүлкүн тоноп жатты. Акыры айласы кеткен Курайш Пайгамбарга САВ киши жөнөтүп тууганчылык мамилебиздин урматынан сурайбыз деп, буларды токтотууну суранып жалынып жалбарышты эле, Пайгамбар САВ алырды токтотуп Мадинага чакыртып алды.

## *Курайштын кээ бир чыгаандары исламды кабыл кылды:*

Жетинчи хижрий жылдын баш чендеринде, тынчтык келишими башталгандан соң, Амру ибну Аас, Халид ибну Валид жана Усман ибну Талха аттуу чыгаан жигиттер исламды кабыл кылып Мадинага келишти. Мадинага келип Пайгамбарга САВ жолукканда Пайгамбар САВ мындай деди: **Эми Мекке эң кымбат адамдарын бизге берди.**

# *Экинчи этап*

## *Жаңы доор*

Худайбиядагы тынчтык келишимдин түзүлүүсү менен исламда жана мусулмандардын жашоосунда жаңы доор башталды. Анткени, Курайш мусулмандар үчүн эң чоң жана эң күчтүү душман эле. Алардын согуш майданынан узак мөөнөткө чегинип, тынчтык бейпилдике макулдашуусу бул мусулмандар үчүн үч чоң душмандын канатын сындырды, Курайш, Гатфан жана жөөттөр. Курайш арап чөлүнүн бутпарастык дин жаатынан өзүн башкаруучу деп эсептегендиктен, булардын рухий маанайы чөгүүсү менен башка бутпарас араптардын да рухий маанайы алсырап, душмандыгы да күчүн жоготту. Ошон үчүн тынчтык келишиминен соң Гатфандыктар мусулмандарга катуу таасирин бере албай калды. Алардын берген мааниси жок таасири жөөттөрдүн азгыруусу менен гана болду.

Ал эми жөөттөр Мадинадан куулгандан соң Хайбар жерине көчүп ошол жерди зөөкүрлүк, мыкаачылык кыянатчылыктын уюгу кылды. Шайтандары ошол жерде жумурткалап балапандарын чыгарып, бузукулук фитналарды таратып, Мадинанын айланасындагы жашаган бедуиндерди азгырып. Аларды Пайгамбарга САВ жана мусулмандарга каршы тукуруп же болбосо мусулмандарга чоң бир зыян келтирүү аракетинде болду. Ошондуктан, тынчтык келишиминен соң Пайгамбардын САВ эң алгачкы согуштук жасаган кадамы, бул ошол уюкту жок кылуу үчүн кадам жасады.

Ошондой эле келишимден соңку абал мусулмандар үчүн башкаларга ислам динин жайылтууга эң чоң ыңгайлуу учур болду. Бул жаатта аракет кылуу менен бирге мусулмандардын

аскерий кубаттулугу да күчүнө кирди. Ошондуктан бул этапты эки бөлүккө бөлсөк болот:

1- Динди жайылтуунун өрчүшү же болбосо падышаларга, корольдорго ислам динин үгүттөгөн каттарды жөнөтүү.

2- Аскерий өнүгүү.

Аскерий өнүгүүнү кеп кылуудан алдын, падышаларга, корольдорго жөнөтүлгөн каттар тууралуу кеп кылалы. Албетте бул аракеттин эң алгачкы максаты исламга үгүттөө. Ушунча убакыттан бери мусулмандар ар түрдүү азап-кайгыны, согушту, ушак сөздөрдү, жана тынчсызданууну башынан өткөрүп келгендиктен, башкаларга жасаган исламга үгүттөө бул мусулмандардын бирден бир максаты.

## *Падышаларга жана карольдорго жазган каттар*

Хижрийдин алтынчы жылынын акыр чендеринде, Пайгамбар САВ Худайбиядан кайткандан соң, падышаларды исламга чакырган каттарды жазып жөнөттү.

Пайгамбар САВ ал падышаларга кат жазаардан алдын: Падышалар мөөр басылган катты гана кабыл кылышат, деген сөздү Пайгамбарга айтышты эле, Пайгамбар САВ күмүштөн мөөр даярдатып ага: *Мухаммед Аллахтын элчиси*, деген жазууну үч катар кылып ошол күмүшкө ойдуруп жаздырды, ошондо *Мухаммед* өзүнчө бир катар, *Аллахтын* өзүнчө бир катар, *элчиси* өзүнчө бир катар болуп жазылды.

Анан Пайгамбар САВ кат жеткизүү үчүн тажрыйбасы бар сахабаларды тандап алып ошолорго катты берип жолго салды. Ислам аалымы Мансур Фаурий: Пайгамбар САВ ал каттарды, жетинчи хижрий жылы, мухаррам айынын башталышында, Хайбарга чыгуудан бир нече күн алдың жөнөткөн деп баса белгилеген. Эми ошол жөнөтүлгөн каттар тууралуу кеп кылып, анын натыйжасы кандай болгондугун баяндасак.

## *1-Хабашанын падышасы Нажашийге жөнөтүлгөн кат:*

Нажашийдин ысымы Асхима ибун Абжар болгон. Пайгамбар САВ бул вазийпаны аткарууга Амру ибну Умая Думарийди тандап, алтынчы жылдын акыр чендеринде, же болбосо жетинчи жылы, мухаррам айында жөнөткөн. Имам Табарий кат кандай жазылганын эскерип өткөн. Бирок, ошол каттын ичиндеги жазылган сөздөрдү терең изилдеп чыккандан соң. Ал каттагы сөздөр Худайбиядан кийинки жазылган сөздөр эмес, балким Мекке доорунда Жаафар бир нече мусулмандар менен качкын болуп Хабашага баргандагы Жаафардын алып барган катынын сөздөрү экендиги тагыраак деп айтышкан. Анткени ошол каттагы жазылган сөздөрдүн аягында качкын болуп барган мусулмандардын ысымдары ушундайча эскерилген: *«Мен сага байкемдин баласы Жаафарды жана аны менен кошо бир нече мусулмандарды жөнөттүм, эгер алар сага келген болсо кордук кылбай өз жериңден орун бере көр».*

Байхакий Ибну Исхактан риваят кылган сөзүндө Пайгамбардын САВ Нажашийге жазган катынын сөзү ушундайча: *«Бул кат Пайгамбар Мухаммедден Хабашанын падышасы Нажаший Асхимага. Туура жолго түшкөндөргө, Аллахка жана элчисине ыйман келтиргендерге тынчтык болсун. Аллах жалгыз экендигине күбөлүк берем, анын эч кандай шериги жок жалгыз зат, анын аялы да баласы да болгон эмес. Мухаммед анын кулу жана элчиси. Сени исламга үндөп аны кабыл кылууга чакырам. Анткени, мен (исламга чакыруучу Аллахтын) элчисимин. Исламды кабыл кылсаң гана туура жолго түшкөн болосуң:*

قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْاْ إِلَى كَلَمَةٍ سَوَاء بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضاً أَرْبَابًا مِّن دُونِ اللّهِ فَإِن تَوَلَّوْاْ فَقُولُواْ اشْهَدُواْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ {آل عمران/64}

***Айткын: “Оо, китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. (Ал сөз төмөндөгүчө:) “Аллаһтан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Аллаһты таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү Рабби-Кудай кылып албасын!” Эгер жүз бурушса, айткыла: “Күбө болгула, Биз – мусулмандарбыз”*** (Аали Имран, 64). *Эгер кабыл кылбасаң, анда хрестян коомуңдун күнөөсү мойнуңда болот».*

Ислам аалымы доктор Хамидулла (Париж) бул каттагы жазылган тексти жакынкы мезгилдерде чогултуп таап чыккан – Ибнул Кайим да ошол эле тексти анын ичинен кээ бир сөздөрдү гана аралаштырып жибербесе дээрлик баарын туура таап жазганы бар – Доктор Хамидулла бул катты изилдөөдө эбегейсиз аракет кылып изилдөө жүргүзүп, заманбап изилдей турган куралдарды колдонуп каттын текстин бир иретке келтирип төмөнкүчө жайгаштырган:

بسم الله الرحمن الرحيم

***Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим***

*«Аллахтын элчиси Мухаммедден Хабашанын падышасы Нажашийге, туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун, ушул сөздөрдөн кийин айтаарым, Мен Аллахка гана мактоолорду айтам. Анткени, Ал жалгыз, Андан башка кудай жок, Падыша, Ыйык, Тынчтык ээси, Амандык ыроолоочу, Көзөмөлдөөчү. Жана Марям уулу Иса Аллахтын ага берген руху жана сөзү. Ал (рух, сөздү Аллах) такыба болгон Марям Батулга берген. Анан (Аллахтын берген) сөзүн рухун Аллах Адамды өз колу менен жараткандай кылып Исаны да (Марямдын)боюнда жаратты. Эч шериги жок жалгыз Аллахка ишенүүңдү, моюн сунууңду, менин артымдан эрчүүңдү жана мен алып келген нерселерге ыйман келтирүүңө чакырам. Чындыгында мен Аллахтын элчисимин. Сени жана аскерлериңди Улук жана Даанышман болгон Аллахка ыйман*

*келтир деп чакыраар элем. Аллахтын берген тапшырмасын сага жеткизип кеңешимди айттым. Туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун».*

Ошентип Амру ибну Умая Думарий Пайгамбардын САВ берген катын Нажашийге жеткизгенде, Нажаший катты алды да көзүнө коюп, тактысынан жерге түшүп, Жаафар ибну Абуталиптин колунда исламга кирди. Анан бул катка жооп катары Пайгамбарга САВ ушундай деп жазды:

بسم الله الرحمن الرحيم

***Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим***

*«Аллахтын элчиси Мухаммедке Нажаший Асхимадан. Оо, Аллахтын Пайхамбары! Аллахтын сага саламы, ырайымы жана берекеси болсун. Кудайдан башка сыйынуугу татыктуу зат жок. Эми ушул сөздөрдөн соң:*

*Иса тууралуу мага жөнөткөн катың жетти, оо Расуулулла, асман жана жердин Раббисине ант берип айтам, Иса сен айткандан эч ашыкча эмес, Чындыгында сен айткандай. Бизге жөнөткөн катыңды түшүнө билдик, аны байкеңдин баласы жана жолдошторуң менен тастыктадык, чыныгы акыйкат үчүн жиберилген Аллахтын элчиси экендигиңе күбөлүк берем, мен да сага ант бердим, байкеңдин баласына да ант берип анын колунда ааламдардын Раббиси болгон Аллахка ыйман келтирип исламды кабыл кылдым».*

Пайгамбар САВ Нажашийден Жаафарды жана аны менен Хабашага кеткен жолдошторуну жиберүүнү талап кылган эле. Нажаший Пайгамбардын САВ айтканын кылып аларды Амру ибну Умая Думарийге кошуп эки кемеге салып жиберди. Пайгамбар САВ Хайбарда экендигинде алар жетип келди. Тогузунчу хижрий жылы ражаб айында, Табук окуясынан соң Нажаший бул дүйнөдөн кош айтышты. Анын каза болгонуна Пайгамбар САВ бата кылып, ага кайып жаназасын окуду. Нажаший каза болгондон соң ордуна падыша кылып башка

кишини калтырып кетти. Пайгамбар САВ ага да исламга үндөгөн кат жөнөттү, бирок ал исламды кабыл кылдыбы же жокпу? Белгисиз.

## *2-Египеттин падышасы Мукавкиске жазган каты:*

Мукавкис деген ат менен таанылган Египеттин жана Александриянын падышасы Жариж ибну Маттаны исламга үндөп Пайгамбар САВ кат жазды:

«*Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим: Аллахтын элчиси Мухаммедден Кыбтийлердин падышасы Мукавкиске, туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун, ушул сөздөрдөн кийин айтаарым, сени исламды кабыл кылууга чакырам, мусулман болсоң тынч каласың, жана сообуңду Аллах эки эселеп берет, ал эми баш тартсаң анда Кыбтийлердин күнөөсү өз мойнуңда болот:*

قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْاْ إِلَى كَلَمَةٍ سَوَاء بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضاً أَرْبَابًا مِّن دُونِ اللّهِ فَإِن تَوَلَّوْاْ فَقُولُواْ اشْهَدُواْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ {آل عمران/64}

***Айткын: "Оо, китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. (Ал сөз төмөндөгүчө:) "Аллаһтан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Аллаһты таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү Рабби-Кудай кылып албасын!" Эгер жүз бурушса, айткыла: "Күбө болгула, Биз – мусулмандарбыз"*** (Аали Имран, 64)»

Пайгамбар САВ бул катты жеткизүүгө Хаатиб ибну Балтааны дайындады. Хаатиб Мукавкиске катты жеткизип мындай деди: Сенден алдын бул жерде бир падыша чыккан, ал өзүн улук Кудаймын деп жар салган, Аллах Таала анын бул кылган күнөөсү үчүн аябай каттуу жазасын берип жер менен жексен кылды. Мындан сен да үлгү алып башкадан үлгү алба.

Мукавкис: Биздин өз динибиз бар, аны таштап коё албайбыз, деген сөзүн айтты.

Хаатиб: Биз сени ислам динине чакырабыз, ал динди Аллахтын өзү жеткирүүчү. Пайгамбар САВ инсандарды исламга чакырды, ошондо ага эң чоң душман Курайш жана жөөттөр болду. Ал эми ал динге эң жакыны христян дини болот. Муса Исанын келүүсүн кабар бергендей, Иса да Мухаммеддин келүүсүн кабар берген. Сен да Тоорат ээлерин Инжилге чакыргандай, биз да сени Куранга чакырабыз. Кайсыл бир Пайгамбардын доорунда келген инсандар анын үммөтү болуп саналат. Ошондуктан, алар ошол Пайгамбарды ээрчүүсү кажет. Сен да азыркы келген Пайгамбардын САВ доорунда келдиң. Христян диниңди жок кыл деп айтпайбыз. Бирок азыркы динге кел деп чакырабыз.

Мукавкис: Мен сен айткан Пайгамбардын ишин карап көрдүм, ал жакшылыкка чакырып жамандыктан кайтарат экен, ал адашкан сыйкырчы эмес жана калпычы бакшы да эмес, анда жашыруун сырларды ачкан Пайгамбарлык белги бар. Эми мен бул ишти карап көрөйүн.

Мукавкис Пайгамбардын САВ катын алды да аны, бир идишке салып ага мөөр басып, анан катты кызматчы аялына берди. Андан соң арапча жазган жазарманын чакырып Пайгамбарга САВ ушундай деп жооп жазды:

بسم الله الرحمن الرحيم

***Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим***

*«Абдулланын уулу Мухаммедке Кыбтийлердин падышасы Мукавкистен, ушул сөзүмдөн кийин, сенин жөнөткөн катыңды окудум, жана андагы жазгандарыңды түшүндүм, эмнеге үгүт кылып жатканыңды да баамдадым. Дагы Пайгамбар бар экендигин билдим, бирок мен Шам жеринен Пайгамбар чыгат деп күткөн элем. Жөнөткөн элчиңе сый урматымды көрсөтүп, аны менен кошо Кыбтийлердин*

*алдында кадыр-баркы бар эки күң аялды сага белек кылып жөнөттүм, жана ошондой эле сага бир чепкен жана минип жүр деп бир качырды белекке жөнөттүм. Сага тынчтык болсун».*

Мукавкис ушул сөздөрдөн ашыкча сөз жазган жок, исламды да кабыл кылган жок. Анын жөнөткөн эки күң аялы Мария менен Сирин, ал эми качыры болсо Дулдул деген качыр. Ал качыр Муавиянын дооруна чейин жашады. Пайгамбар САВ Мария менен никелешти. Кийинчерээк Мария Пайгамбарга САВ Ибрахимди төрөп берди. Ал эми Сиринди болсо Хассан ибну Сабит ансарийге берди.

## *3- Перстердин падышасы Кисрага жазган кат:*

*«Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим: Пайгамбар Мухаммедден Перстердин падышасы Кисрага. Туура жолго түшкөндөргө, Аллахка жана элчисине ыйман келтиргендерге тынчтык болсун. Аллах жалгыз экендигине күбөлүк берем, анын эч кандай шериги жок жалгыз зат, Мухаммед анын кулу жана элчиси. Сени исламга үндөп аны кабыл кылууга чакырам, анткени мен жалпы адам затына жөнөтүлгөн Аллахтын элчисимин, тирүү заттын баарына жана каапырларга эскертүүчү болуп жөнөтүлдүм. Исламды кабыл кылсаң гана туура жолго түшкөн болосуң. Эгер баш тартсаң анда отпарастардын күнөөсү өз мойнуңда болот».*

Пайгамбар САВ бул катты жеткирүү үчүн Абдулла ибну Хузаафа Сахмийди тандады. Абдулла ибну Хузаафа катты алып келип Бахрейндин падышасына берди. Бирок бул катты Бахрейндин падышасы өз адамдарынан жөнөтүп Кисрага жеткирдиби, же болбосо Абдулланын адамдары Кисрага жеткирдиби, бул белгисиз. Кандай болгон күндө да кат Кисрага жетип ага окуп бергенде, Кисра катты алып жыртып салат да текеберденип: Кол астымдагы жүзү кара кул ысымын менин ысымымдан алдың жазабы, деген сөзүн айтты. Бул

кабар Пайгамбарга САВ жеткенде мындай деди: **Аллах анын падышалыгын жыртсын.** Акыйкатта чындап эле Пайгамбар САВ айткандай болду. Кисранын кол астында иштеген Йемендин падышасы Базанга Кисра ушундай деп кат жөнөттү: Хижаздагы жанагы адамга (мага кат жөнөткөн адамга) өзүңдүн эң күчтүү кишилериңден экөөсүн жөнөт, аны мага алып келсин. Кисранын катын алгандан соң Базан эки кишини тандады да аларга кат берип анда Пайгамбардын САВ ошол эки киши менен Кисрага баруу буйругун жазып Пайгамбарга САВ жөнөттү. Бул экөө Мадинага келип Пайгамбарга САВ жолугуп бирөөсү: Шахиншах (падышалардын падышасы) Кисра Базан падышага кат жөнөтүп ага кишилериңди жөнөтүп сени Кисрага алып келүүнү буйруду. Ошол үчүн бизди сага жөнөттү эми биз менен жүр, деп айтты, да Пайгамарды САВ коркуткан сөздөрдү айтты. Пайгамбар САВ ал экөөнө эртең жолугалы деп эртеси жолугушмай болду.

Ошол убакта Кисрага каршы өз үйүнүн ичинде төңкөрүш болуп жаткан эле. Анткени бир аз алдың Кисранын аскерлери Кайсардын аскерлери менен согушуп, чоң жеңилүүгө учурап кайтып келген болчу. Кисранын уулу Ширавай атасына каршы чыгып, атасын өлтүрүп салды да бийликти тартып алды. Бул окуя жетинчи хижрий жылдын, шейшемби күнү кечинде, жумадил-уула айынан он күн өткөндөн кийин болду. Окуянын болгонун Пайгамбар САВ вахий кабары аркылуу билди. Эртеси жанагы эки киши келгенде Пайгамбар САВ экөөнө бул кабарды айтып берди, ошондо экөө: Эмне деп жатканыңды билип жатасыңбы? Биз сага жеңил сунушту айтып жатсак. Сенин бул айтканыңды жаздырып падышага жеткирип баралыбы? Деди эле Пайгамбар САВ: **Ооба бул сөзүмдү айтып баргыла ага, анан дагы мындай дегиле: Менин диним ошол Кисранын жерине чейин жетет, жана андан да ары кадам баспаган жерлерге чейин барат. Анан дагы мындай дегиле: Эгер исламды кабыл кылсаң кол астыңдагы падышалыгың өзүңө калып өз элиңе падыша**

**бойдон каласың.** Экөө Пайгамбардын САВ алдынан чыгып Базанга келип бул кабарды айтып берди. Арадан бир аз убакыт өткөндө Базанга Кисранын баласы аркылуу өлтүрүлгөн катты Ширавай жөнөтүп дагы мындай дептир: Атам алып кел деген жанагы кишини менин кабарым бармайынча тийбей тургун.

Бул окуя ошентип Перстердин башкаруу астында болгон Базандын жана Йемен элинин исламга келүүсүнө себеп болду.

## 4- Византиянын падышасы Кайсарга жазган кат:

Бухарий риваят кылган хадисте Пайгамбардын САВ Византия падышасы Гераклийге жазган каты төмөнкүчө:

« *Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим: Аллахтын кулу жана элчиси Мухаммедден* Византия *падышасы Гераклийге, туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун, мусулман болсоң тынч каласың, жана сообуңду Аллах эки эселеп берет, ал эми баш тартсаң анда кол астыңдагы адамдардын күнөөсү өз мойнуңда болот:*

قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْاْ إِلَى كَلَمَةٍ سَوَاء بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئًا وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضاً أَرْبَابًا مِّن دُونِ اللّهِ فَإِن تَوَلَّوْاْ فَقُولُواْ اشْهَدُواْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ {آل عمران/64}

***Айткын: "Оо, китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. (Ал сөз төмөндөгүчө:) "Аллаһтан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Аллаһты таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү Рабби-Кудай кылып албасын!" Эгер жүз бурушса, айткыла: "Күбө болгула, Биз – мусулмандарбыз"*** (Аали Имран, 64)»

Катты жеткирүүгө Пайгамбар САВ Дихя ибну Халифа Калбийди дайындап, катты Бусранын падышасына алып барып бер Бусранын падышасы катты Кайсарга жеткизсин деп дайындайт. Бухарий Ибну Аббастан риваят кылган сөзүндө ушундай келет: Абусуфян ибну Харб Курайштын бир канча

кишилери менен Шамга соода иштери менен барган болчу. Ошондо алар Илия жеринен өтүп калат, ошол кезде Гераклий да өзүнүн бир нече Византиялык чоң адамдары менен Илияда жүргөн болот. Гераклий Абусуфян менен жолдошторун чакыртып, котормочусун да чакыртып мындай дейт: Жанагы өзүн Пайгамбармын деп жаткан инсанга кимиңер жакыныраак тууган болосуңар? Абусуфян: Мен деп жооп берет. Гераклий Абусуфянга: Анда мага жакыныраак кел, деп айтып өзүнө жакын олтургузат да котормочусуна мындай дейт: Мен бул инсандан өзүн пайгамбармын деген киши тууралуу сурайм, эгер жалган айтса жалган айтты дегиле.

Абусуфян айтат: Ошондо Гераклий эң алгач менден ушуларды сурай баштады:

Анын ата теги кандай адамдар?

Мен: Эң кадырлуу кишилер болгон, деп жооп бердим.

Гераклий: Анын айтып жаткан пайгамбарлык сөздөрүн араңардан мурун-кийин бирөө жарым айтты беле?

Мен: Жок, деп жооп бердим.

Гераклий: Анын ата тегинде бирөө жарым падыша болгон беле?

Мен: Жок, деп жооп бердим.

Гераклий: Аны бийик даражалуу инсандар ээрчидиби же алсыздар ээрчидиби?

Мен: Алсыздар ээрчиди, деп жооп бердим.

Гераклий: Аны ээрчигендер көбөйүп жатабы же азайып жатабы?

Мен: Көбөйүп жатат, деп жооп бердим.

Гераклий: Анын динине киргенден соң, кайра жакпай done dininen чыгып кеткендер болдубу?

Мен: Жок, деп жооп бердим.

Гераклий: Ал пайгамбарлык сөзүн айта электен алдың, аны калпычыга чыгарат белеңер?

Мен: жок, деп жооп бердим. Гераклий: Ал мурун-кийин кыянаттык кылдыбы?

Мен: Жок, деп жооп берип, бирок биз узун убакыттан бери андан башка жашап калдык, ошондуктан ал бизден кеткенден кийин эмне кылып жатат? Билбеймин деп айттым. Бирок ушул сөздөн ашыкча сөз айта алган жокмун.

Гераклий: Ага каршы согуштуңарбы?

Мен: Ооба, деп жооп бердим.

Гераклий: Аны менен согуш кандай болду?

Мен: Согушта кээде ал, кээде биз жеңип жаттык.

Гераклий: Ал силерге эмнелерди буйруп жатат?

Мен: Жалгыз Аллахка гана ибадат кылып ага эч шерик кошпогула, ата-бабалар сыйынып келген (буттарды) таштагыла, намаз окугула, чындыкты сүйлөгүлө, кечиримдүү болгула жана тууган менен жакшы мамиледе болгула деп буйруп жатат.

Ошондо Гераклий котормочусуна мындай деди: Буга айткын: Анын ата-тегин сурадым эле ата-теги таза адамдар экен, анткени бардык Пайгамбарлар ошондой таза тектен чыгып келген. Анын айтып жаткан Пайгамбарлык сөздөрүн мурун-кийин бирөө жарым айтты беле?-десем, ал жок деп жооп берди Эгер анын сөздөрүн мурун бирөө жарым айткан болсо, анда ал ошолордун эле сөздөрүн айтып жатат дээр элем. Анын ата-тегинде бирөө жарым падыша болгонбу?-деп сурасам болгон эмес деп жооп берди. Эгер ата тегинде бирөө жарым падыша болгондо, анда ал ошол падышалыкты кайтарып падыша болгусу келип жатат дээр элем. Ал Пайгамбарлык сөзүн айта электен алдын, аны калпычыга чыгарат белеңер? -десем, ал жок деп жооп берди. Анткени адамдарга калп айтпаган инсан Аллахка да калп айтпайт. Аны бийик даражалуу инсандар ээрчидиби же алсыздар ээрчидиби? -деп сурасам, алсыздар ээрчиди деп жооп берди. Анткени, Пайгамбарларды (эң алгач) алсыздар ээрчийт. Аны ээрчигендер көбөйүп жатабы же азайып жатабы?-десем, “көбөйүп жатат”- деп жооп берди. Анткени, ыйман толук жетмейин ошентип көбөйө берет. “Анын динине киргендер

жакпай калып кайрадан динден чыккандар болдубу?”-деп сурасам жок деп жооп берди. Анткени, чыныгы ыйман инсандын жүрөгүнө кирген кезде кайра чыкпайт. “Ал кыянаттык кылганбы?”-деп сурасам жок деп жооп берди. Анткени, Пайгамбарлар эч кыянаттык кылбайт. Ал эмнеге буйруп жатат?-деп сурасам, “жалгыз Аллахка гана ибадат кылып, ага эч шерик кошпогула, ата-бабалар сыйынып келген (буттарды) таштагыла, намаз окугула, чындыкты сүйлөгүлө жана кечиримдүү болгула деп буйруп жатат”- деп жооп берди. Эми сенин айткандарың акыйкат туура болсо, анда анын дини мына мен турган жерге чейин жетет. Мен жакында Пайгамбар чыгаарын билчүмүн, бирок силерден чыгаарын ойлогон эмесмин. Эгер мүмкүнчүлүк болгондо анын оорун оордон жеңилин жерден алып жардам бермекмин, эгер анын алдында болгонумда эки бутун жууйт элем. Анан Гераклий Пайгамбардын САВ жөнөткөн катын окуду, окуп бүткөндөн соң алдындагы адамдары ызы чуу чыгарып жиберишти, ошондо бизди анын алдынан чыгарууга буйрук берди да чыгып кеттик. Сыртка чыккандан соң анын жолдошторуна: Абукабшанын уулунун иши чоңоюп эми сары адамдарга да жетиптир- деп айттым. (Абукабшанын уулу аттуу бир адам болгон ал буттарга сыйынган эмес, Пайгамбар САВ да буттарга сыйынбагандыктан Абусуфян Абукабшаны мисал келтирди) Ошондо гана Пайгамбардын САВ дини сөзсүз башка жактарга да жайылаарына көзүм жетип, Аллах менин да жүрөгүмө исламды салды.

Кайсарга жөнөтүлгөн каттан Абусуфян ошондой таасирленди. Дагы анын таасирленгени Пайгамбардын САВ жөнөткөн адамы Дихя ибну Халифа Калбийге бир аз акча жана чепкен берди. Дихя Мадинага жөнөп Хасмийге жеткен кезде Жузам уруусунун бир нече адамдары ага кол салып колундагы бардык нерселерин тартып алат. Дихя Пайгамбарга САВ келип иштин чоо жайын айтып бергенде, Пайгамбар САВ Зейт ибну Хаарисаны дайындап беш жүз жоокер менен Хасмийге Жузам

уруусуна жөнөтөт. Хасмий Ваадил-куранын ар жагында жайгашкан. Ошентип Зейт Жузам уруусуна чабуул жасап бир нече кишилерин өлтүрүп, мал жандыктарын тартып алат. Миң төө, беш миң койду олжого алып, жүздөй аял балдарды туткунга түшүрүп алып келет.

Пайгамбар САВ менен Жузам уруусунун ортосунда алака бар эле. Жузам уруусунун башчыларынын бири Зейт ибну Рифаьа Пайгамбарга САВ келип алган нерселерди кайтарып берүүнү суранып калат. Анткени Зейт ибну Рифаьа менен бир канча кишилер андан алдын исламды кабыл кылып, Дихяга кол салынып жаткан кезде ага жардам беришкен эле. Пайгамбар САВ Зейт ибну Рифаьанын өтүнүчүн кабыл кылып, тартып алынган олжолордун баарын аял-балдар менен кошо ага кайтарып берет.

Пайгамбардын САВ согушу тууралуу жазган көпчүлүк тарыхчылар Зейт ибну Хаарисанын бул жортуулун Худайбиядан алдың болгон деп жазышкан. Бирок, бул туура эмес. Анткени Кайсарга жөнөтүлгөн кат Худайбиядан кийин болгондугун далилдеп турат. Ошондуктан Ибнул Кайим да: "Бул жортуул Худайбиядан кийин болгондугуна эч шек жок"- деп айткан.

## *5- Мунзир ибну Саавага жазган кат:*

Пайгамбар САВ Бахрейндин өкүмдары Мунзир ибну Саавага да исламга үгүттөгөн кат жөнөттү. Катты Алаа ибну Хадрамийге берип узатты. Кат жетип Мунзир ибну Саава ушундай деп жооп жазды: *"Оо, Аллахтын элчиси! Сиздин жазган катыңызды Бахрейн элине окуп бердим. Кээ бири исламды түшүнүп аны кабыл кылып мусулман болду, ал эми кээ бири каалаган жок. Менин жеримде отпарастар жана жөөттөр да жашайт, аларга кандай кылаарымды айтсаңыз".* Пайгамбар САВ Мунзирге мындай деп жооп жазды:

*«Бисмиллаахи Рахмаани Рахим, Аллахтын элчиси Мухаммедден Мунзир ибну Саавага. Сага Аллахтын саламы болсун. Шериги жок жалгыз Аллахка мактоолорду айтамын жана Мухаммед анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берем. Ушул сөздөрдөн кийин, Аллахка моюн сунууга чакырам, кимде ким кеңеш сураса анда ал өзү үчүн туура кеңеш сураптыр. Ким менин жөнөткөн элчиме моюн сунса анда ал мага моюн сунуптур, ал эми ким аларга кеңешин айткан болсо, анда ал мени менен кеңешкенге барабар. Менин жөнөткөн элчилерим сен жөнүндө мактоо сөздөрүн айтты. Сенин элиңе жакшы дуба кылдым, мусулман болгондорду динди үйрөнүү үчүн эркиндик бер, калгандарына тийбей. Кандай болгон күндө да сени өз тактыңдан бошотпойбуз. Ал эми ким жөөт désиинде же отпарастыкта калган болсо анда алар салык төлөөсү керек».*

## *6- Ямааманын өкүмдөры Хауза ибну Алиге жазган кат:*

Пайгамбар САВ Ямааманын өкүмдары Хауза ибну Алиге да кат жөнөттү: *«Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим, Аллахтын элчиси Мухаммедден Хауза ибну Алиге. Туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун. Менин диним өтө узак жерлерге чейин жетээрин эскертейин. Исламды кабыл кылсаң туура жолго түшкөн болосуң, жана бийлигиңди өзүңө калтырам».*

Пайгамбар САВ бул катты жеткирүүгө Салит ибну Амруну дайындады. Салит мөөр басылган катты Хаузага жеткиргенде, ал катты окунгандан соң Салитке жакшы мамиле жасап, исламды кабыл кылбаарын билдиргендей кылып Пайгамбарга САВ башкача сылык жооп кайтарды:

*«Сен чакырган дин кандай жакшы кооз дин! Араптар менден да коркуп урматташат. Мага да өз ишиңден шерик кыл, мен да сен сыяктуу болоюн».*

Ошентип Хауза Салитке кездемеден токулган кийимдерди жана башка бир канча белектерди берди. Салит белектердин баарын Пайгамбарга САВ алып келип берип, иштин чоо жайын түшүндүрүп, катын окуп берди. Ошондо Пайгамбар САВ: **Эгер менден бир тутам жер сураса да бербейт элем. Бийлиги кыйрасын, бийлиги кыйрасын,** деген дубаны кылды. Арадан күндөр өтүп, Пайгамбар САВ Меккени алып артка кайтып келаткан кезде, Жебрейил periште келип Пайгамбарга Хауза каза болгондугун кабар берди. Кабарды уккандан соң Пайгамбар САВ сахабаларына мындай деди: **Эми Ямаамадан чоң бир калпычы чыгат, анан ал менден кийин өлтүрүлөт.** Сахабалардан бирөөсү: Оо, Аллахтын элчиси! Аны ким өлтүрөт? -деп сурап калганда Пайгамбар САВ: **Сен жолдошторуң менен өлтүрөсүң-**деп жооп берди.

## *7- Дамаск өкүмдары Гассан уруусунун башчысы Хаарис ибну Абушамарга жазган кат:*

Пайгамбар САВ Хаарис ибну Абушамарга мындай деп жазды:

*«Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим, Аллахтын элчиси Мухаммедден Хаарис ибну Абушамарга. Туура жолго түшкөндөргө, Аллахка ыйман келтирип ишенгендерге тынчтык болсун. Сени жалгыз Аллахка ыйман келтирүүгө, ага эч шерик кошпоого чакырам, ошондо бийлигиң өзүңө калат»*

Катты жеткизүүнү Асад уруусунан Шужа ибну Вахбды дайындады. Шужа катты жеткизгенден соң Хаарис текеберденип мындай деди: Менден бийлигимди ким тартып алат экен? Тескерисинче мен ага барамын- деп айтып исламды кабыл кылган жок.

## *8- Аммандын падышасына жазган кат:*

Пайгамбар САВ Аммандын падышасы Жифер Жаландай уулуга жана анын иниси Абду Жаландай уулуга кат жазды. Кат ушундайча жазылды:

*«Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим, Аллахтын элчиси Мухаммедден Жаландайдын эки уулу Жифер менен Абдуга. Туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун, ушул сөздөрдөн кийин, мен силерди исламга чакырам, исламды кабыл кылсаңар туура жолго түшкөн болосуңар. Анткени мен жалпы адам затына жиберилген Аллахтын элчисимин, жана тирүү заттын баарына, каапырларга жөнөтүлгөн эскертүүчүмүн. Эгер экөөң исламды кабыл кылсаң, бийлигиңер өзүңөрдө калат, а эгер исламды кабыл кылуудан баш тартсаңар анда бийлигиңер кулайт. Менин жоокерлерим силерге чейин жетип, диним да силердин падышалыгыңарга чейин жетет».*

Бул катты жеткирүүгө Амру ибну Аасты тандады. Бул тууралуу Амрунун өз оозунан угалы: Жолго чыгып Амманга жетип келдим, Амманга келип алгач Абдуга барууну чечтим, анткени ал байкесине караганда жумшак мүнөздүүрөк эле. Абдуга келип: Мен Аллахтын элчисинин САВ сени менен байкеңе жиберген элчисимин.

Абду: Байкем менден улуу жана падыша, сени ага алып барайын катыңды ага окуп бер - деп айтты да: Бизге эмнени айтууга келдиң?

Амру: Жалгыз шериги жок Аллахка гана сыйынгыла, андан башка эч нерсеге сыйынбагыла, жана Мухаммед Аллахтын элчиси экендигине күбөлүк бергиле- деп исламга чакырганы келдим.

Абду: Оо, Амру! Сен кадыр-барктуу атанын баласысың, атаң бул тууралуу эмне кылды? Анткени, атаң биз үчүн үлгүлүү инсан эле.

Амру: Атам каза болгон, Мухаммед Пайгамбарга САВ ыйман келтирген жок, атамдын да исламга келүүсүн кааладым

эле. Мен да атам сыяктуу (мушрик) элем, бирок Аллах Таала мени хидаят-туура жолго салып койду.

Абду: Качан аны ээрчидиң?

Амру: Жакында.

Абду: Кайсыл жерде исламды кабыл кылдың?

Амру: Нажашийдин алдында- деп айттым да Нажаший да исламды кабыл кылды- дедим.

Абду: Нажаший исламды кабыл кылса, анда эли эмне кылды?

Амру: Эли да аны ээрчип исламды кабыл кылды.

Абду: Анын кечилдери да кабыл кылдыбы?

Амру: Ооба.

Абду: Оо, Амру эмне деп айтып жатканыңды билип жатасыңбы, калпычыларга окшоп калп айтып жаткан жоксуңбу?

Амру: Жок, чын айтып жатам, калп айтуу динибизде күнөө болуп саналат.

Абду: Гераклий Нажашийдин исламга киргенин билдиби?

Абду: Ооба, билди.

Абду: Аны сен кайдан билдиң?

Амру: Анткени, Нажаший Гераклийге салык төлөп турат эле. Мусулман болуп Мухаммед Пайгамбарга САВ ыйман келтиргенден соң: Эми Гераклий менден салык сураса бир тыйын да бербейм- деп айтты. Бул кабар Гераклийге жетип баргандан соң, анын иниси Нияк: Кол астыңдагы кулуңду салык төлөбөй коюуга уруксат бересиңби жана сенин диниңди тутунбай жаңы чыккан динди тутунууга уруксат бересиңби?

Гераклий: Ал өзү каалап ошол динди тандаптыр, эми мен эмне кылайын? Аллахка ант болсун, эгер падышалыгымдын кулап кетпөө коркунучу болбогондо ага көрсөтөөр элем.

Абду: Амру сөзүңө карап сүйлөп жатасыңбы?

Амру: Аллахка ант болсун, чын айтып жатам.

Абду: Айтчы, (Пайгамбар) эмнеге буйруп эмнеден кайтарып жатат?

Амру: Аллахка моюн сунууну буйруп, ага күнөө кылуудан кайтарып жатат. Жакшылык кылууга чакырып, тууган менен мамиледе болууга үндөп жатат. Зулумдук, душмандык, зынаакордук, арак ичүүдөн, таштарга, сөлөкөттөргө жана крестерге сыйынуудан кайтарып жатат.

Абду: Чакырып жаткан диниң кандай жакшы дин экен! Эгер байкем бул динди кабыл кылганда жакшы болоор эле, ошондо экөөбүз Мухаммеддин САВ алдына барып ага ыйман келтирет элек. Бирок, байкем бийлик колунан кетүүсүнөн коркот, андан көрө күнөөкөр болуу жакшы дейт.

Амру: Эгер ал исламды кабыл кылса анда Пайгамбар САВ анын бийлигине тийбейт, элине падыша бойдон кала берет. Байларынан зекет садака алып аны кедей-кембагалдарга берет.

Абду: Бул жакшы нерсе го, зекет-садака деген эмне?

Амру: Абдуга Пайгамбар САВ парз деп түшүндүргөн байлыктан берилүүчү зекет-садакаларды түшүндүрүп айтып берип, төөнүн зекетине чейин айттым.

Абду: Оо, Амру! Талаада суу ичип оттоп жүргөн кой малдардан да береби?

Амру: Ооба.

Абду: Анда элибиздин баары ээрчийтко.

Амру: Анын эшигинин алдында бир нече күн күтүп жаттым. Абду байкесине барып менин кабарымды ага билдирди, акыры бир күн ал мени чакырып байкесине алып кирди. Жифердин алдына киргенимде кызматчылары менин колумдан кармап алышты. Жифер: Коё бергиле- деп буйрук берди эле колумду коё беришти. Анан олтурайын десем олтурганы уруксат беришпеди. Анын жүзүнө карадым эле Жифер: Эмне максатта келдиң айта бер- деди эле мөөр басылган катты анын колуна бердим. Каттын мөөрүн ачып катты аягына чейин окуп чыкты. Анан инисине берди эле

иниси да аягына чейин окуп чыкты. Бирок иниси байкесине караганда жумшагыраак экенин байкадым.

Жифер: Курайш бул тууралуу кандай кылды?

Амру: Аны ээрчишти, кээ бири исламды каалап ээрчиди, кээ бири кылычтан коркуп ээрчиди.

Жифер: Аны менен кимдер бар?

Амру: Аны менен исламды акыл калчап түшүнүп, башканы андан өйдө койбой, туура эмес жолдо жүргөндөрүн билип Аллахтын жолу туура экен деп түшүнгөн мусулмандар бар. Бул аралыкта сенден башкасы калбады окшойт, эгер бүгүн сен да исламды кабыл кылбасаң, анда анын жоокерлери каптап келип бийлигиңди кыйратып салат, ошондуктан исламды кабыл кылсаң кутуласың жана өз элиңе падыша бойдон кала бересиң, жоокерлер да келбейт.

Жифер: Бир күн мага уруксат берип эртең келчи- деп айтты.

Амру: Ошондо иниси Абдуга бардым.

Абду: Оо, Амру! Ал бийлигинен эле кызганбаса исламды кабыл кылат деген ойдомун.

Амру: Ошентип эртеси күн болгондо Жифердин эшигине келдим. Бирок, кирүүгө уруксат бербей койду. Анан иниси Абдуга кайра келип киргизбей койгонун айттым эле, ал мени алып келип байкесине алып кирди.

Жифер: Мен сен чакырган нерсени ойлонуп көрдүм, карасам араптардын арасынан эң алсызы экенмин, эгер ордума башка бирөөнү олтургузсам анда анын жоокерлери бул жакка келбейт. А эгер жоокерлери келген болсо анда ал көрбөгөн согушту көрсөтөмүн.

Амру: Анда мен эртең жолго чыгам- деп айттым. Жолго чыгаарымды билгенден соң кайра ойлонуп, байкеси да иниси да исламды кабыл кылып, Пайгамбарга ыйман келтирди.

Бул окуянын качан болгондугун карап көрсөк, башка падышаларга жиберген каттан бир нече убакыттан кийин

болгондугу билинип турат. Анығыраагы Меккенин алынуусунан кийин болгондугу ачыкка чыгууда.

Ошентип Пайгамбар САВ жер бетиндеги көптөгөн падышаларга өзүнүн даакатын жеткизди десек болот. Алардын арасынан кээ бири исламды кабыл кылды, ал эми кээ бири каапыр бойдон кала берди. Бирок, каапыр болгону менен исламдын, ага үгүттөгөн Пайгамбардын САВ чыккандыгы тууралуу кабардар болушту.

## *Худайбия тынчтык келишиминен соңку аскерий жылыштар*

## *Гааба жортуулу же болбосо Зи Карад жортуулу*

Бул жортуул Фазаара уруусунан бир канча кишилердин артынан кубалоо, Пайгамбардын САВ келүүсүн күтүп чабуул жасалган жортуул.

Бул жортуул Худайбиядан кийинки Пайгамбардын САВ эң алгачкы жасаган жортуулу, Хайбар согушунан алдын болгон. Жортуул Хайбар согушунан үч күн алдын болгондугун Бухарий сахих хадисте риваят кылып айтат. Ушул сыяктуу эле Муслим да сахих хадисинде Салма ибну Аквадан риваят кылып айткан. Ал эми Пайгамбардын САВ согуштарын жазган кээ бир тарыхчылар бул жортуулду Худайбиядан алдын болгон деп эскеришкен. Бирок, биз айтаар элек, Бухарий менен Муслим сахих хадисинде риваят кылып айтканы алардын айтканына караганда туура.

Сөздүн кыскасы окуянын каарманы Салма ибну Аква бул жортуул тууралуу өзү айтып берсин: Пайгамбар САВ мени жана кызматчысы Рабахты төөлөрүнө жөнөттү. Аны менен Абу Талханын атын минип алып жолго чыктыктык. Таң заарда

жеткенибизде карасак Фазаар уруусунан Абдурахман бир нече кишилери менен төөлөргө чабуул жасап, төөчүнү өлтүрүп, төөлөрдүн баарын айдап кетип жаткан экен. Ошондо мен: Оо, Рабах! Бул атты минип тез барып Талхага кабар бер, а мен барып Пайгамбарга САВ кабар берем- деп Мадинаны көздөй жөнөп кеттим. Мадинага барып дөңсөөгө чыктым да үч жолу: Оо, элжурт! Жардамга, деп бакырдым. Анан Абдурахмандардын артынан кууп аларды жаа менен аткылай баштап ушул сөздөрдү айттым:

Мен Акванын уулумун

Бүгүнкү күндө эне сүтүн билемин.

Аллахка ант болсун, аларды атып жарадар кылып жаттым, эгер бирөөсү мага карай келген болсо дарактын астына олтура калып жаа менен аткылап жакын жолото койбодум. Алар тоонун арасына кирип кетишти, а мен болсо ошол тоонун үстүнө чыгып алып аларды таштар менен ура баштадым. Акыры алар айласы кеткенден Пайгамбардын САВ төөлөрүн таштап өздөрү жөнөштү. Артынан калбай жаа менен аткылап ээрчип жөнөдүм. Ошентип алар жүгүн жеңилдетүү үчүн отуздан ашуун тондорун жана отуздан ашуун найзаларын жолго таштап кетип жатышты. Таштаган нерселерин Пайгамбар САВ келип калса билсин деп үстүнө таштардан ыргытып белги кылып койдум. Анан алар бир дөңсөөнүн алдына келип түшкү тамакты жей баштады. А мен болсо тоонун чокусуна чыгып карап олтурдум, ошондо мага карай төртөөсү тоого чыгып келе баштады. Мен: Мени тааныйсыңарбы? Мен Салма ибну Аква болом. Алар мени канчалык кармайын десе да карматпай ары жак-бери жакка качып кеттим. Акыры айласы кеткенден ылдый карай түшүп кетишти. Ошентип турган кезде карасам Пайгамбар САВ сахабалар менен аттарга минип чаап келе жатканын көрүп калдым. Бир маалда карасам эң алдыда Ахрам келе жатыптыр, анын артынан Абукатаада анын артынан Микдад ибну Асвад келатыптыр. Ахрам келээри менен Абдурахманга чабуул

койду эле Абдурахман аттан кулап түштү да Архамды кылыч менен сайып өлтүрүп койду. Анан Абдурахман атка минди эле артынан Абукатаада жетип келип аны кылыч менен сайып өлтүрүп салды. Калгандары артын карабай качып жөнөдү. Биз да артынан кууп жөнөдүк, акыры күн батаарга жакын бир тоонун астындагы Зи Карад деген суунун жанына келип суу ичүүгө токтошту. Алар аябай суусаган эле, бирок мен аларды сууга жакын жолотпой бир тамчы да суу ичише алган жок. Бир аздан соң караңгы кирип калган кезде Пайгамбар САВ сахабалар менен артыман жетип келди. Пайгамбарга САВ: Оо, Аллахтын элчиси! Алар өтө суусап турушат, эгер мага жүз кишини берип жөнөткөнүңүздө алардын сазайын бермекмин. Анан карасам алар узап кетиптир. Пайгамбар САВ: **Оо, Акванын уулу! Чын эле ошондой кыла алмаксын, эми тим кой-** деп айтты да: **Эми алар Гатфандарга кирип кетти.**

Пайгамбар САВ бизге мындай деди: **Бүгүн эң жакшы атчан Абукатаада болду, ал эми эң мыкты киши Салма болду.** Анан мага эки жаанын огун берип, төөсүнө учкаштырып Мадинага кайтып жөнөп кеттик.

Пайгамбар САВ бул жортуулда Мадинага Ибну Уммумактумду калтырды, ал эми желекти Микдад ибну Амруга берди.

## *Хайбар жана Ваадил-Кура согушу*

## *(Мухаррам айында 7 х. ж. болду)*

Хайбар ошол кездерде чоң чептер менен курчалган бак-дарактуу жер эле. Ал Мадинадан алтымыш же сексен чакырым узактыкта түндүк жагында жайгашкан. Азыркы кезде анча деле эч нерсе өспөгөн жөнөкөй эле айыл.

## *Согуштун себеби:*

Ошентип Пайгамбар САВ өзүнө душман болгон чоң үч күчтөн кутулуп, тынчтык келишиминен соң. Алардан толук бейпилдикте болгондон соң, ошол үчөөнүн калган экөөсү: Жөөттөр жана Нажд жериндеги уруулар менен эсептешүүнү каалады. Анткени, бүткүл арап чөлүндө тынчтык бейпилдик өкүм сүрүп, мусулмандар токтобой уланып келаткан кандуу согуштан кутулуп, Аллахтын динин жеткизип жайылтууга кезек берүү үчүн калган ошол эки күчтү бир жааңсыл кылуу керек болчу.

Хайбар мыкаачылыктын, кыянатчылыктын ордосу, аскерий провакациянын борбору, согуштук маанайды козгой турган жердин очогу болгондуктан, эң алгач мусулмандар ошол жерге көңүл бөлүүсү керек.

Анткени, Хайбар жөөттөрү мусулмандарга каршы араптарды тукуруп, Курайза уруусун да азгырып, келишимин буздуруп кыянаттык кылдырып. Андан соң Мадинадагы жашаган мунафыктар менен да жашыруун байланыштарды куруп, мусулмандарга каршы болгон үчүнчү күч Гатфан жана ошол жакта жашаган башка бедуин урууларын козгоп мусулмандарды жок кылуу максатында Ахзаб согушун баштаган болчу. Ошондуктан булардын өздөрү согушту баштап даярдык көрүшүп жаткан. Алар ушундай аракеттерди токтотпой жасап, Пайгамбарды САВ да өлтүрүү максатында план түзүп жатышты. Булардын мындай аракеттеринен соң мусулмандар да аларга каршы күрөшүүнү токтотпой, булардын эң башында турган Салам ибну Абухакик жана Асир ибну Заарим өңдүү мыкаачыларды жок кылуу аракетинде болду. Ошондуктан мусулмандар эң алгач ошол жөөттөрдү жок кылуу керек болчу. Бирок, мусулмандар бул ишти аткаруудан кечеңдеп калгандыктын себеби, алдыда андан да чоң жана күчтүү душман турган. Ал да Курайш. Анткени, Курайш мусулмандарга каршы бетме-бет турган болчу.

Ошентип мусулмандар Курайштан бир жааңсыл болгондон соң, жол ачылып берки мыкаачылар менен эсептешүүгө убакыт келип жетти.

## *Хайбарга жол алуу:*

Ибну Исхак айтат: Пайгамбар САВ Худайбиядан келгенден соң зул-хижжа айы толук, жана мухаррам айынын бир нече күнү Мадинада турду. Анан мухаррам айынын калган күндөрү Хайбарга жөнөп кетти.

Тафсирчилердин айтуусунда: Аллах Таала Хайбарды жеңүү тууралуу мусулмандарга убада кылган болчу. Ошондуктан, төмөндөгү аятта муну ишаарат кылып кетти:

وَعَدَكُمُ اللَّهُ مَغَانِمَ كَثِيرَةً تَأْخُذُونَهَا فَعَجَّلَ لَكُمْ هَذِهِ {الفتح/20}

***“Аллаһ силерге (келечекте) ала турган (дагы) көп олжолорду убада кылды. Анан (ошондуктан) силер үчүн мына муну (Худайбиядагы тынчтык келишимин) тездетип берди”.*** (Фатх, 20)

Көп олжолорду убада кылды дегени - Хайбардагы алына турган олжолор.

## *Ислам жоокеринин саны:*

Мунафыктар жана ыйманы алсыздар Пайгамбар САВ менен кошулуп барбай Худайбия окуясынан калып калгандан соң, Аллах Таала Пайгамбарына САВ буйруп алар тууралуу ушундай деди:

سَيَقُولُ الْمُخَلَّفُونَ إِذَا انطَلَقْتُمْ إِلَى مَغَانِمَ لِتَأْخُذُوهَا ذَرُونَا نَتَّبِعْكُمْ يُرِيدُونَ أَن يُبَدِّلُوا كَلَامَ اللَّهِ قُل لَّن تَتَّبِعُونَا كَذَلِكُمْ قَالَ اللَّهُ مِن قَبْلُ فَسَيَقُولُونَ بَلْ تَحْسُدُونَنَا بَلْ كَانُوا لَا يَفْقَهُونَ إِلَّا قَلِيلًا {الفتح/15}

***“Силер олжолор үчүн, аны алып келгени бараткаnыңарда (согуштан) калып калган адамдар: «Бизди***

***да ээрчитип алгылачы?»-дешет. Алар Аллаһтын Сөзүн өзгөртүүнү каалашат Айткын: «Бизди ээрчибегиле! Аллаһ мурун да ушундай деген». Анда алар «Жок, силер бизден кызганып жатасыңар»-дешет. Жок! (Андай эмес) алар (Шариятты) өтө аз түшүнүшөт”.*** (Фатх, 15)

Пайгамбар САВ Хайбарга чыгууну чечкенден соң, согушууну каалагандар гана чыксын деп айтты. Ошондо, дарактын астында Ридван антын берген бир миң төрт жүз сахаба чыкты.

Мадинага башчы кылып Сиба ибну Арфата Гифарийди калтырды. Ал эми Ибну Исхак: Намийла ибну Абдулла Лейсийди калтырган деп айткан. Бирок, изилдөөчүлөр “биринчиси туурараак”- деп табышкан.

Жоокерлер кеткенден соң Абухурайра мусулман болуп Мадинага келет, келип Сиба ибну Арфатага Багымдат намазы учурунда туш болот, Сиба намазын окуп бүткөндөн соң, ага келип жоокерлер тууралуу сурап, Пайгамбардын САВ артынан жетип барып мусулмандарга кошулат. Ошентип Абухурайра мусулмандарга ошол согушта жардам берген.

## *Мунафыктар жөөттөргө кабар жеткизди:*

Чындыгында мунафыктар жөөттөр үчүн иштеп берип жаткан. Анткени, мунафыктардын башчысы Абдулла ибну Убай жөөттөргө киши жөнөтүп анда мындай деп айтты: “Мухаммед силерди көздөй жоокерлерин алып жөнөп кетти. Ошондуктан даяр болгула! Бирок, алардан коркпогула! Анткени, силердин адамыңар көп жана согушка болгон даярдыгыңар жакшы, ал эми Мухаммеддин адамдары аз эле, курал жарагы да аз. Бул кабар Хайбар жөөттөрүнө жетип баргандан соң, алар Кинаана ибну Абухакикти жана Хауза ибну Кайсты Гатфан уруусуна жөнөтүп, жардам берүүсүн өтүндү. Анткени Гатфан уруусу Хайбарда жашаган жөөттөрдүн союздашы эле, жана алдыда айтып өткөндөй

мусулмандарга каршы чогуу эле. Эгер алар жардам берип мусулмандарды жеңген болсо анда Хайбардын түшүмүнүн жарымын аларга беребиз- деп убада кылышты.

## ***Хайбарга карай жолду улоо:***

Пайгамбар САВ Хайбарга кеткен жолго салып, Иср тоосун көздөй жөнөдү, андан соң Сахбага келди, андан соң адыр тараптагы Ражиь деген жерге келип ошол жерге конушту. Ошондо Гатфан жерине бир күндүк жол калган болчу. Ал эми Гатфан уруусу да ошол учурда даярданып, жөөттөргө жардам берүү үчүн Хайбарга карай жолго чыккан эле. Ошентип Гатфан жолдо келатканда, арт жактан шагыраган ызылдаган үндөр угулду. Ошондо Гатфан Мусулмандар алардын жерине үйлөрүнө кол салыптыр деп ойлоп артка үйлөрүнө кайтып кетип калды. Ошентип алар Хайбарга жардамга барбай аларды Пайгамбарга САВ таштап койду.

Пайгамбар САВ жол көрсөтүп келаткан эки кишисин чакырып, жоокерлер Хайбардын түндүк жагынан – мындайча айтканда Шам жагынан – баруу үчүн жолду сурады. Жол көрсөткүч эки кишинин бирөөсүнүн аты Хасил. Анткени, жөөттөр Шам тарапка качпасын деп ошондой кылган болчу, ошондой эле ошол жол Гатфан тарапты да тосуп турат.

Экөөнүн бирөөсү: “Оо, Аллахтын элчиси! Ошол жолду мен көрсөтөм”- деп айтты да жоокерлерди бир канча кесилиш жолдун башына алып келип: “Оо, Расуулулла! Бул жолдун ар бири ошол жолго алып барат”- деп айтты. Пайгамбар САВ ошол жолдордун ар биринин аталышын сурады.

Жол көрсөтүүчү: “Мунун аты Хузун”- деди.

Пайгамбар САВ ал жолго салуудан баш тартты.

- “Мунун аты Шааш”- деди.

Ал жолго салуудан да баш тартты.

- Мунун аты Хаатиб”- деди.

Ал жолго салуудан да баш тартты.

Ошондо Хасил: “Эми бир гана жол калды”- дегенде Умар: “Анын аты эмне?”-деп сурады эле ал: “Мархаб”- деп жооп берди. Пайгамбар САВ ошол жолду тандады.

## *Жолдо болгон кээ бир окуялар:*

1- Салма ибну Аква айтат: Пайгамбар САВ менен чогуу Хайбар согушуна чыктык, бир түн жүргөндөн соң жоокерлердин бирөөсү Аамирге: “Оо, Аамир! Ырларыңдан бизге айтып бербейсиңби? -деп сурап калды. Анткени, Аамир төкмө акын болчу. Ошондо ал ушинтип төгүп кирди:

Аллахым! Сен болбогондо,
туура жолго түшпөйт элек.
Зекет берип намаз да кылбайт элек.
Сага арнаган жаныбызды кечире көр.
Алар менен жолукканда кадамды бекемдей көр.
Бейпилдиктен бизге бергин.
Эгер бизди согшууга чакырса да келебиз.
Эч корпостон жаныбызды беребиз.

Пайгамбар САВ: “**Бул ырчы ким?”** -деп сурап калды, “Аамир ибну Аква”-деп жооп беришти. Пайгамбар САВ: “**Аллах аны ырайым кылсын”-** деген сөзүн айтты. Ошондо, жоокерлердин бирөөсү: “Оо, Аллахтын элчиси! Буга баатырдык (менен шейит болуу) насип кылды окшойт, бизге да андан калтырсаңыз боло?” -деген сөзүн айтты.

Анткени, Пайгамбар САВ шейит кетүүчү бирөөгө гана ошентип ырайым кылсын деген сөз айтаарын сахабалар жакшы билишчү. Чындап эле Аамир Хайбар согушунда шейит кетти.

2- Жолдо бир адырга жеткенде жоокерлер үндөрүн бийик чыгарып: *«Аллааху акбар Аллааху акбар, лаа Илааха иллалла»* деп айтып калышты эле Пайгамбар САВ аларга: **Акырын айтсаңар да болот, анткени силер дүлөй же кайып нерсеге**

**зикир кылып жатканыңар жок, Угуучу жана Көрүүчү жакын затка зикир кылып жатасыңар,** деген сөзүн айтты.

3- Хайбардын ылдый жагындагы Сахбага жеткен кезде дигер намазын окушту, анан Пайгамбар САВ тамак алып келүүгө буйурду эле, дандан жасалган ботко же шорпо бар болчу ошону алып келишти. Пайгамбар САВ алып келинген тамактан жеп, жоокерлер да жеп, тамак баарына берекелүү болуп жетти. Тамак жеп бүткөн соң Пайгамбар САВ шам намазга даарат алды, жоокерлер да даарат алды. Анан шам намазын окуп, ошол эле даарат менен куптан намазын окуду.

## *Ислам жоокерлери Хайбарга жакын келди:*

Ошентип мусулмандар Хайбарга кечиндеси жакындап, эртеси чабуул жасоого даярданып ошол түндү Хайбарга жакын жерде түнөштү. Бирок, мусулмандардын келгенин жөөттөр сезген жок. Анткени, Пайгамбар САВ бир коомго каршы кечиндеси келип калган болсо, эч качан кечинде чабуул жасачу эмес, эртеси чабуул жасачу. Ошентип таң атып, мусулмандар Багымдат намазын окуду да чабуулга даярдык көрүп, Хайбарга карай бет алды. Ал эми Хайбар эли эч нерседен кабары жок, таң заарда кетмен күрөктөрүн алып, куржундарын асынып, талаага чыга баштады. Жоокерлерди көрөөрү менен: “Мухаммед, Мухаммед жоокерлери менен келатат”-деп кыйкырып, шаардын ичине качып кирип кетишти. Бул абалды көргөн Пайгамбар САВ мындай деди: “**Аллаху акбар, Хайбар жеңилди, Аллаху акбар, Хайбар жеңилди. Эми биз алардын согуш майданына түшсөк таң заарда аларга өтө чоң зыян алып келебиз”.**

Пайгамбар САВ жоокерлерин жайгаштыруу үчүн бир жерди тандаган эле. Бирок, Хаббаб ибну Мунзир келип: “Оо, Аллахтын элчиси! Бул жерге жайгашууну Аллах Таала буйрудубу же өзүңүздүн согуштук көз карашыңызбы?- деп сурап калды. Пайгамбар САВ: “**Өзүмдүн согуштук көз**

**карашым”-** деп жооп берди. Хаббаб: “Оо, Аллахтын элчиси! Бул жер Нута чебине өтө жакын жер. Хайбардын бардык согушчандары ушунун ичинде. Алар биздин эмне кылып жатканыбызды көрүп билип турат, ал эми биз аларды биле албайбыз. Аткан октору да бизге жетип келет. Ал эми биздин октор аларга жетүүсү кыйын. Дагы башкасы алардын бак дарактарын билбейбиз. Анткени, бул жер пальма дарактарынын арасында, жана тынч эмес жер. Ошондуктан, бул жерден башка жерди көрсөтсөңүз ошол жакка жайгашалы”- деп кайрылды эле Пайгамбар САВ: “**Туура көз караш айттың”-** деп ал жерден башка жерге барып жайланышты.

Пайгамбар САВ Хайбарга жакындап калды, ошол кезде жоокерлерине: “**Токтогула!-** деди эле алар токтоп калды, анан ушул дубаны кылды: “**Аллахым! Жети кабат асамандын жана аны үстүбүзгө тургузуп койгондун Раббиси, жети кабат жердин жана аны көтөрүп тургандын Раббиси, шайтандардын жана алардан азгырылгандардын Раббиси, мен ушул шаардын жакшылыгын, элинин жакшылыгын, жана ичиндеги жакшы нерселерин сураймын. Ушул шаардын жамандыгынан элинин жамандыгынан жана ичиндеги жаман нерселерден сактооңду сураймын”.** Анан: **“Алдыга, Бисмилла!”-** деди.

## *Чабуулга даярдык көрүү, Хайбардын тосуучу чептери:*

Эртеси чабуул жасоого даярдык көрүлүп жаткан кечеси Пайгамбар САВ: “**Эртең желекти Аллах жана анын элчиси сүйгөн, Аллахты жана элчисин сүйгөн кишиге берем”-** деп айтып калды. Эртеси эрте менен баары Пайгамбардын САВ алдына келишти. Анткени, баары желекти алууну каалайт эле.

Ошондо, Пайгамбар САВ: “**Али ибну Абуталип кайда?”-**деп сурап калды,

Сахабалар: “Анын көзү ооруп артта калды”.

Пайгамбар САВ: “**Аны чакыргыла”-** деп Али Пайгамбардын САВ алдына келди. Пайгамбар САВ Алинин көзүн ачып бир аз түкүрүп сыйпап койду да дуба кылды эле анын көзү эч нерсе болбогондой айыгып кетти. Анан желекти Алиге карматты. Али: “Оо, Аллахтын элчиси! Аларды бизге окшоп мусулман болгонго чейин урушайынбы?”-деп сурап калды, Пайгамбар САВ: “**Шашпай аракет кылып майданга кел, анан аларды исламга чакырып, Аллахтын бизге берген укуктарын таанытууга аракет кыл! Аллахка ант болсун, эгер сен бир кишини болсо да исламга киргизсең, ошол сага бүт кызыл төөдөн (бүткүл дүйнөдөн) да жакшыраак болот!”-** деген сөзүн айтты.

Хайбар жери эки бөлүк болчу, бир бөлүгүндө беш чеп тосмосу бар эле алар:

1- Нааим чеби.

2- Сааб ибну Муаз чеби.

3- Зубайр чеби.

4- Убай чеби.

5- Низар чеби.

Алгачкы үч чеп “Нута” деген жерде жайгашкан болчу. Ал эми кийинки эки чеп “Шак” деген жерде жайгашкан.

Ал эми экинчи бөлүгү, “Катийба” деп аталып анда үч чеп тосмосу жайгашкан:

1- Камус чеби (Бул чептер Надир уруусунан чыккан Абухакик уулдарынын чеби болгон)

2- Ватих чеби.

3- Салаалим чеби.

Хайбар жеринде бул сегиз чептен башка дагы чептер бар болчу. Бирок, алар жогоруда айтылан сегиз чеп сымал бийик болуп курулбай пас эле болгон.

Согуштун эң катуусу жогоруда айтылган биринчи бөлүктөгү беш чепте болду. Ал эми калган экинчи

бөлүгүндөгү үч чепте, ал жерде жоокерлер көп болгондугуна карабай, согушсуз эле алынды.

## ***Согуштун башталуусу жана Нааим чебинин алынуусу:***

Эң алгач мусулмандар ошол сегиз чептин ичинен Нааим чебине кол салды. Жөөттөр стартегиялык жактан коргонуу аракетинде болду. Бул чеп миңге тете деп эсептеген жөөттөрдүн Мархаб аттуу баатырынын чеби болчу.

Али ибну Абуталип жоокерлерди алып ошол чепти карай жөнөдү. Баргандан соң жөөттөрдү исламга чакырды. Тилекке каршы алар кабыл кылуудан баш тартты. Анан мусулмандарга каршы урушуу үчүн сыртка чыгышты. Өздөрү менен кошо башчысы Мархаб да бар болчу. Ошентип, эки тарап согуш майданына чыккан кезде, жөөттөр жекеме-жекеге чакырды. Бул тууралуу ошол согуштун каарманы Салма ибну Аквадан угалы: “Хайбар жерине келдик, келгенден соң башчысы Мархаб кылычын көтөрүп жекеме-жекеге чыкты, ага каршы атамдын бир тууганы байкем Аамир чыкты. Экөө бир бирине кылыч менен бирдей урушту эле Мархабтын кылычы Аамирдин калканына такалып калды. Аамирдин кылычы кыска болгондуктан эңкейип туруп Мархабтын бутуна урайын деди эле кылычы чыгып кетип Аамирдин өзүнө тийип жарадар кылып койду, анан ошол жарааттан Аамир каза болду”. Пайгамбар САВ Аамир тууралуу эки бармагын көрсөтүп мындай деди: “**Ал эки соопко ээ болду, чындыгында ал Аллах жолунда урушкан мужахиддердин мужахиди, ал сыяктуу араптар аз эле”.**

Экинчи ирет Мархаб дагы жеке урушка чакырды, ага Али ибну Абуталип чыкты. Ортого чыгып экөө катуу салгылашып кирди, анан Али Мархабтын башын жыга чаап өлтүрүп салды.

Али алардын ошол чебине жакындаганда чептин өйдө жагынан бир жөөт башын чыгарып: “Сен кимсиң?”-деп сурап

калат, Али: “Мен Али ибну Абуталипмин”-деп жооп берет. Ошондо, жөөт мындай деди: “Мусага түшкөн нерсенин үстүнөн чыгып жатасыңар”.

Андан соң, Мархабтын бир тууганы Ясир жеке урушка чыгып: “Мага ким чыгат?” -деп кыйкыра баштады. Ага каршы Зубайр чыкты, ошондо Зубайрдын апасы Сафия: “Оо, Аллахтын элчиси! Балам өлөбү?” -деп сурап калганда Пайгамбар САВ: **Жок, балаң аны өлтүрөт”-**деп жооп берди. Пайгамбар САВ айткандай Ясирди Зубайр жеңип өлтүрүп салды.

Ошентип Нааим чебинин айланасында катуу салгылашуу жүрүп жатты. Ошол арада жөөттөрдүн бир канча башчыларын мусулмандар өлтүрүп салды. Ошондон кийин алардын согуштук руханияты чөгүп, согушууга алсырап, мусулмандардын чабуулунан коргонууга күчү жетпей калды. Жазылган китептерге караганда “бул чабуул бир нече күнгө созулган” деп келет. Ал ортодо мусулмандар өтө катуу салгылашып. Акыры жөөттөр мусулмандарды тосуудан алсырап калганда, бул чептен Сааб ибну Муаз чебине карай качып кетти. Ошентип мусулмандар Нааим чебин колго алат.

## *Сааб ибну Муаз чебин алуу:*

Нааим чебинен кийинки бекем чеп бул Сааб ибну Муаз чеби эле. Бул чепке мусулмандан Хаббаб ибну Мунзир ансарийдин башкаруу астында чабуул жасап, үч күн курчоого алды. Үчүнчү күн болгондо бул чептин алынуусуна Пайгамбар САВ өзгөчө дуба кылды.

Бул тууралуу Ибну Исхак риваят кылат: Ошондо Аслам уруусунан тараган Сахм уруусу Пайгамбарга САВ келип мындай деди: “Жээрде да эч нерсе калган жок, аябай ачкабыз”. Ошондо, Пайгамбар САВ Аллахка кайрылып: “**Аллахым! Өзүң акыбалдарын билип турасың, күч-кубаттары да түгөндү, менин аларга берээр эч нерсем калган жок,**

**буларга (жөөттөрдүн) эң көп азык түлүгү бар чебин ачып бер”-**деп дуба кылды. Ошентип эртеси мусулмандар кудуреттүү Кудай Тааланын керемети менен Сааб ибну Муаздын чебин жеңип колго алды. Чептин ичине киргенде жөөттөрдүн эң көп азык-түлүк топтогон жери ошол чеп экен.

Пайгамбар САВ дуба кылгандан соң чепке чабуул жасоо үчүн мусулмандардын кайраттуулугун күчөттү. Эртеси чабуул жасаарда Аслам уруусу эң алдыңкы катарда болчу. Чептин алдында катуу салгылашуу жүрүп акыры ошол күнү күн батаардан алдын чепти колго алды. Чепке киргенде мусулмандар анын ичинен бир нече катапульттарды жана башка оор куралдарды тапты.

Ибну Исхактын риваятында келгендей ошондогу ачкачылыктан улам кээ бир жоокерлер миниле турган бир канча кызыл төөлөрдү союп казанга салып жиберишти. Бул кабарды Пайгамбар САВ билгенден соң адамдар минүүчү кызыл төөнүн этин жешке тыю салды.

## *Зубайр чебин алуу:*

Нааим жана Сааб ибну Муаз чебин алгандан соң. Жөөттөр Нутадагы чептерден улам кийинки чептерге качып олтуруп, Зубайр чебине киришти. Бул чеп бекем жана дөңсөө жакта жайгашкандыктан жоокерлер да атчандар да барууга аябай кыйындыкты туудурду. Пайгамбар САВ чепти курчоого алып, үч күн курчоодо турду. Ошол кезде жөөттөрдөн бирөөсү Пайгамбарга САВ келип: “Оо, Абулкасым! Сен буларды бир ай курчап турсаң да ала албайсың. Анткени, жердин астында суулары жана булактары бар, ошого булар кечинде жашыруун чептен чыгып, суудан ичип суу алып кайра чепке кирип кетип жатат. Эгер, сен ошол сууну тоскон болсоң жеңе аласын”- деп айтып берди. Пайгамбар САВ жөөт айткандай кылып суусун тосту эле, алар чептен чыгып өтө катуу салгылашты. Мусулмандардан бир нечеси каза болуп, жөөттөрдөн да

ондойу каза болду. Акыры Пайгамбар САВ жеңишке жетип чепти колго алды.

## *Убай чебин алуу:*

Зубайр чеби алынгандан соң жөөттөр Убай чебине качып кирди эле Мусулмандар чепти курчоого алды. Ошондо жөөт баатырларынан экөөсү жеке урушка чыгууга биринин артынан бири чыгып мусулмандарды чакырды. Мусулмандар да аларга жооп берип жеке урушууга чыкты. Экөөн тең мусулмандардын эки баатыры жеңип койду. Экинчисин өлтүргөн мусулмандардын арасында белгилүү болгон, кызыл чүпүрөк тагынган Абудажаана Самаак ибну Хариша ансарий болду. Абудажаана каршылашын өлтүргөндөн соң, чептин ичине кирүүгө аракет кылып кирип кетти. Артынан калган мусулмандар да каптап кирип чептин ичинде бир нече убакыт салгылашуу жүрдү. Акыры айласы кеткен жөөттөр ал чептен бир-бирден качып олтуруп Низар чебине жашынышты. Ошондо Низар чеби жөөттөрдүн эки бөлүктөн турган жеринин экинчи бөлүгүнүн акыркысы эле.

## *Низар чебин алуу:*

Бул бөлүктүн акыркы чеби болгон Низар чеби эң бекем эле. Ошондуктан жөөттөр бул чепти мусулмандар канча аракет кылса да ала албайт деген ишенимде болду. Чептин бекемдигине ишенгендиктен, алар аял балдарын да ушул чепке коюп алдыңкы төрт чепке койгон жок. Мусулмандар да чепти катуу курчоого алды. Чеп тоонун үстүндө жайгашып, чыгууга кыйын болгондуктан мусулмандар да болгон күч аракет менен ичине кирүү үчүн катуу кысымга алып чабуул жасап жатты. Ал эми жөөттөр мусулмандар менен урушууга чептен чыкпай койду. Бирок, чептин үстүнөн мусулдмандарды жаалар менен аткылап, таштарды ыргытып катуу жолтоо көргөздү.

Чепке кирүүгө эч мүмкүнчүлүк болбогондон соң, Пайгамбар САВ катапульттар менен аткылоого буйрук берди. Аткылоонун натыйжасынан акыры мусулмандар чептин бир чекесин тешип, ошол жерден ичине кирип барды. Чептин ичинде да катуу салгылашуу жүрүп акыры жөөттөр мусулмандардын күчүнө туруштук бере албай, алдыңкы чептерге окшоп, башка чептерге да кача албай жеңилүүгө дуушар боло баштады. Арасынан бир канчасы качууга үлгүрүп аял балдарын мусулмандарга таштап качып кийинки чепке өттү.

Бекем болгон ушул чептен соң, Хайбар чептеринин биринчи бөлүгү толугу менен колго алынды, ал да Нута жана Шак жактагы чептери. Бирок, бул бөлүгүндө кичинекей болгон дагы бир канча чептер бар болчу, жөөттөр акыркы бекем чеп алынганына байланыштуу ал кичине чептерге качпастан Хайбардын экинчи бөлүгүндөгү чепке качышты.

## *Хайбардын экинчи бөлүгүн алуу:*

Нута жана Шак алынгандан соң, Пайгамбар САВ Катийба тараптагы Надир уруусунан чыккан Абухакик уулдарынын чеби болгон Камус, Ватих жана Салаалим чептерине өттү. Анткени, Нута менен Шак тараптан жеңилип качкандар ушул чепке катуу бекемденип алды.

Пайгамбардын САВ согушун жазган тарыхчылар бул үч чепте согуш болгонбу же болгон эмеспи?-деп кайчылаш пикирде болушкан. Бул тууралуу Ибну Исхактын риваятында “Камус чебин алууда согуш болгон”- деп ачык айкын айтканы бар. Анын айтканына караганда, бул Камус чеби согуш менен гана алынып, колго түшүү боюнча жөөттөр менен сүйлөшүү болбостон алынган, деп келет.

Ал эми Ваакидийдин айткан риваяты боюнча, ушул “үч чеп колго түшүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөндөн соң алынгандыгы так”- деп ачыктаган. Камус чебин согуш

аркылуу алгандан соң, колго түшүү үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөндүгү мүмкүн деп айткан. Ал эми кийинки эки чепти согушпастан туруп мусулмандарга тапшырган деп айтат.

Кандай болгон күндө да, Пайгамбар САВ ошол Катийба тарапка келип жөөттөрдү катуу кысымга алып, кысымга алуу он төрт күнгө созулду. Ал эми жөөттөр чептен чыкпай туруп алды. Акыры Пайгамбар САВ буларды катапульттар менен атканы калганда, аны жөөттөр билип калып, жеңилгендиктен Пайгамбар САВ менен сүйлөшүү жүргүзүүгө келди.

## *Сүйлөшүүнү жүргүзүү:*

Пайгамбарга САВ Абухакиктин баласы киши жөнөтүп: "Сага келип сүйлөшүү жүргүзүүгө уруксат бересиңби?"-деп сурап калды Пайгамбар САВ: "**Макул"-**деп макулдугун берет. Абухакикитин баласы келип Пайгамбар САВ менен калган жөөт жоокерлердин канын төкпөй, аларды жана аял балдарын алып Хайбарды таштап чыгып кетүүгө келишим түздү. Ал эми мал жандыктарын, жерлерин, алтын күмүштөрүн жана калган бүт байлыктарын мусулмандарга таштап үстүндөгү кийимдери менен гана чыгып кетүүгө келишим түзүштү. Пайгамбар САВ жөөттөргө мындай деди: "**Эми мен силерге болгон Аллахтын вазыйпасын жана элчисинин вазыйпасын аткардым, калган жашырган нерсеңер болсо ал өзүңөрдөн.** Ошентип жөөттөр менен ошол нерсеге келишим түздү. Келишим бүткөндөн соң, жөөттөрдүн бардык чептери мусулмандарга тапшырылып берилди. Ошону менен Хайбар жери мусулмандардын колуна өттү.

## *Абухакиктин эки уулу келишимди бузгандыгы үчүн өлтүрүлдү:*

Келишим түзгүлгөнүнө карабастан Абухакиктин эки уулу чоң өлчөмдөгү байлыкты бекитип салды. Ал байлык Хайай

ибну Ахтабтын шуру мончок жана башка бир топ байлыктары болчу, аны Надир уруусун Мадинадан чыгарганда өзү менен кошо Хайбар жерине алып келген эле.

Ибну Исхактын риваятында: “Пайгамбарга САВ Кинаананы алып келет. Анткени, Кинаанада Надир уруусунун байлыгы болгон болот. Пайгамбар САВ ошол байлыктын кайда экенин андан сураганда, ал кайда экенин айтпай коёт. Ошондо жөөттөрдүн бирөөсүн Пайгамбарга САВ алып келип суратат. Ал жөөт: “Мен Кинаананын ар күнү эрте менен тээтиги эски тамды айланып жүргөнүн көрөт элем”- деп айтат. Пайгамбар САВ Кинаанага карап: **Эгер аны таап алган болсок сени өлтүрүп салайынбы?** -деп сурады. Ал: “Ооба”- деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар САВ ошол эски тамды каздырды эле ичинен бекитилген кендин бир аз бөлүгү чыкты. Анан калганы кайда экенин сурады эле ал айтуудан баш тартты. Пайгамбар САВ Кинаананы Зубайрга берип: “**Жашырганын айттыр муну”-** деди. Зубайр Кинаананы чакмак таш менен уруп салды. Анан Пайгамбар САВ Кинаананы Мухаммед ибну Масламага тапшырды. Мухаммед ибну Маслама бир тууганы Махмуд ибну Масламанын өлүмү үчүн Кинаанадан өч алып анын башын жыга чапты. (Анткени Махмуд Нааим чебинин астында турган кезде башына жөөттөр тегирмен ташты таштап өлтүрүп салган болчу)”

Ибнул Кайимдин риваятында: “Пайгамбар САВ Абухакиктин эки уулун өлтүрүүгө буйрук берди. Анткени, ал экөө байлыкты жашырып айтпай коёт. Байлыктын бар экендигин мойнуна алган адам ал Кинаанын атасынын бир тууганынын баласы болчу.

Ошентип, Кинаана өлтүрүлгөндөн соң анын аялы Сафия бинту Хайайды Пайгамбар САВ олжого алат. Ошол кезде Сафия Кинаанага жаңы келин болуп келген убагы эле.

## *Олжо бөлүштүрүү:*

Пайгамбар САВ жөөттөрдү Хайбардан бүтүндөй чыгарып салмай болду. Бирок, алар Пайгамбарга САВ: “Оо, Мухаммед! Бизди ушул жерге эле тим койбойсуңбу? Жерин иштетип, жумушун кылабыз. Анткени, силерге караганда биз бул жерди жакшы билебиз да”- деп кайрылып калышты. Пайгамбар САВ менен сахабалары ал жерди иштетүүгө кишиси жок жана убактылары да жок болчу. Анан Хайбарды кайра жөөттөрдүн өзүнө берип, чыккан бардык түшүмдүн жарымын мусулмандарга бермей кылып келишим түзүштү. Ошентип Хайбар жерин кароону Абдулла ибну Раваахага тапшырды.

Пайгамбар САВ Хайбардын жерлерин отуз алты бөлүккө бөлдү, анан ошонун жарымын мусулмандар алды.

Хайбарда ушунчалык олжонун көптүгүн риваят кылат. Бул тууралуу Бухарий ибну Умардан ушундайча риваят кылган: “Биз Хайбарды алганга чейин жакшы тойчу эмеспиз, Хайбарды алгандан соң гана жакшы тоюп калдык. Ал эми Айшанын РА сөзүндө ушундай келет: “Хайбар алынгандан соң айттык: “Эми биз курмага тоёбуз”- деп. Пайгамбар САВ Хайбардан Мадинага кайтып келгенде, мухажириндер ансарлардан үлүшкө алган бак дарактарын кайтарып берди. Анткени, мухажириндер да Хайбар жеринде көптөгөн бак дарак жана жерлерге ээ болуп калган болчу”.

## *Жаафар ибну Абуталиптин жана Ашьарийлердин кайтуусу:*

Ушул Хайбар согушу бүткөндөн соң Пайгамбардын САВ жанына агасынын баласы Жаафар ибну Абуталип менен жолдоштору кайтып келди, булар менен кошо Ашьарий уруусунан Абу Муса жана бир нече жолдоштору да бар болчу.

Бул тууралуу Абу Муса мындай дейт: “Биз Йеменде экенибизде Пайгамбардын САВ башка жакка чыккандыгы угулду. Анан биз да анын артынан көчүүгө ниет кылып өзүм менен кошо элүүдөн ашуун жолдошторумду алдым. Деңизге келип кемеге олтуруп сүзүп жөнөгөндө кемени толкун Нажашийдин жери Хабашага сүрүп салды. Хабашага келип калганда ал жерден Жаафар менен жолдошторун жолуктуруп калдык. Жаафар: “Пайгамбар САВ бизди ушул жерде жашап тургула!”- деп жиберген. Силер да биз менен калгыла” деп бизге айтып калды. Анан биз да ошол жерде Жаафарлар менен кошо туруп калдык. Арадан бир канча убакыт өткөндөн соң Пайагамбардын САВ алдына келдик, ошол кезде Пайгамбар САВ Хайбарды алган убагы экен. Анан бизге да олжодон бөлүштүрүп берди”.

Жаафар Пайгамбарга САВ келгенде аны сагынычтуу күтүп алып, кучактап өөп мындай деди: “**Аллахка ант болсун, кайсынысына сүйүнөөрүмдү билбей турам, Хайбардын алынуусунабы же Жаафардын келгендигиненби?”**

Пайгамбар САВ бул топтун келүүсүн сурап Нажашийге Амру ибну Умая Думарийди жибергенден соң, бир аздан кийин келишти. Нажаший буларды эки кайыкка салып жөнөттү. Ошондо алар он алты киши болуп өздөрү менен кошо аял балдарын да алып келишти. Ал эми калгандары болсо андан алдын Мадинага келген болчу.

## *Пайгамбардын САВ Сафияга үйлөнүүсү:*

Алдыда айтып өткөндөй Сафиянын күйөөсү Кинаана ибну Абухакик кыянаттык кылып өлтүрүлгөндөн соң Сафия күң катары алынган болчу. Анан алынган күңдөрдү топтогондо Дихя ибну Халийфа Калбий Пайгамбарга САВ келип: “Оо, Расуулулла! Мага да алынган күңдөрдөн кызматчы берсеңиз”- деп сурап калат. Пайгамбар САВ: “**Барып күңдөрдөн карап ала бер”-** дейт. Анан ал барып Сафия бинту

Хайайды алат. Пайгамбардын САВ алдына бир киши келип: "Оо, Расуулулла! Дихяга Курайза менен Надир уруусунун эң кадырлуу аялы Сафияны берип койдуңузбу? Бул аял сизге гана ылайыктуу"- деп айтат. Пайгамбар САВ**: Ал экөөнү чакыргыла!"-** деп чакыртырды. Дихя менен Сафия келгенде Пайгамбар САВ Дихяга: "**Сен барып башка күңдү ал!"** Дихя барып башка күңдү алды. Пайгамбар САВ Сафияга исламды кабыл кылууну сунуштады эле ал дароо кабыл кылды. Анан Сафияны күңдүктөн бошотуп эркин аял болуп калды. Ошентип, Пайгамбар САВ Сафияга үйлөнүп, күңдүктөн бошоткондугу анын калыңы болду. Жоокерлер Мадинага кайтып келатканда Сахба тосмосуна келип конушат. Ошол жерде Умму Салим Сафияны даярдап Пайгамбар САВ менен баш кошот. Пайгамбар САВ бул үйлөнүү үлпөтүнө курмадан жасалган таттуулук жана башка тамак жасап өткөздү. Ошентип ошол жерде үч күн калышты. Пайгамбар САВ Сафиянын жүзү көгөрүп калгандыгын көрүп: "**Жүзүңө эмне болду?"-**деп сурады. Сафия: "Оо, Аллахтын элчиси! Сиз бизге келээрден алдын мен бир түш көргөм. Түшүмдө ай ордунан жылып, мага келип түштү. Аллахка ант болсун! Сиз тууралуу эч нерсе ойлогонум да эскергеним да жок. Анан ошол түшүмдү күйөөмө айтып берсем, бетиме урду да: "Сен Мадинадан чыккан Мухаммед Падышаны каалап жатасың"- деп айтты".

## *Ууланган койдун эти:*

Пайгамбар САВ Хайбарды алып бүткөндөн соң, Зейнеп бинту Хаарис аттуу аял – Салам ибну Макшамдын аялы – Пайгамбарга САВ ууланган бышырылган койдун этин белекке берет. Ал аял: "Пайгамбар САВ койдун этинен кайсыл мүчөсүн жакшы көрөт"- деп сураганда ага "колун"- деп айтышат. Ошондо аял кол мүчөсүнө уудан көп кошуп, анан калган мүчөлөрүнө да уудан кошуп бышырып, Пайгамбарга

САВ алып келет. Пайгамбар САВ кол мүчөсүн алып бир тиштем тиштейт. Бирок, жуткан жок. Ошондо мүчөгө тил кирип сүйлөт. Ошол замат: “**Бул мүчө ууланган мүчө экендигин айтып жатат”-** дейт. Анан аялды алып келип сураганда ал күнөөсүн мойнуна алат. Пайгамбар САВ аялдан: “**Эмнеге мындай ишке бардың?”-**деп сураганда ал: “Эгер падышам олсо кутулайын дегенмин. Ал эми чыныгы Пайгамбар болсо анда эт уулуу экендиги тууралуу кабар берилет”-дейт. Ошондо, аялга эч нерсе кылган жок.

Ошол кезде Пайгамбар САВ менен Бишир ибну Бараа ибну Мааруур кошо олтурган эле, Бишир эттен алып бир тиштем жеп жиберип каза болуп калат. Аялды өлтүргөн же өлтүргөн эместиги тууралуу аалымдардын ар түрдүү кайчылаш пикир риваяттары келген. Анан бир пикирге келишип, алгач аялды кечирип жиберген. Бишир өлүп калгандан соң андан өч алып аялды өлтүрүп салышкан.

## *Хайбар согушундагы эки тараптан өлгөндөрдүн саны:*

Хайбар согушунда мусулмандардан жалпы болуп он алты киши шейит кетти. Төртөө Курайш уруусунан, бирөө Ашжа уруусунан, бирөө Аслам уруусунан, бирөө Хайбар элинен жана калгандары Ансарлардан болду.

Бирок, башка риваяттарда шейит кеткендердин саны 18 киши деп келет. Ал эми Мансур Фаурий деген аалым 19 киши деп айтып, андан соң мындай деген: “Мен бул тууралуу изилдеп көрүп 23 кишинин шейит кеткенин таптым. Булардын ичинен бирөөсүн Табарийдин риваятынан, бирөөсүн Ваакидийдин риваятынан, ал эми бирөөсү ууланган этти жеп каза болгондугу бар экен. Ал эми дагы бирөөсүнүн шейит кеткендиги тууралуу Бадр согушунда өлгөнбү же Хайбар согушунда өлгөнбү? Деген кайчылаш пикирлер бар экен. Туурараагы Бадр согушунда өлгөн”.

## *Фадак жөөттөрү:*

Пайгамбар САВ Хайбарга жеткен кезде, Мухайса ибну Масьудду Фадак жериндеги жөөттөргө жиберип, "аларды исламга чакыр"- деп айткан эле. Бирок, ал жактагы жөөттөр жооп айтууну кечеңдетип салышты. Анан Хайбар жерин мусулмандар Аллахтын кудурети менен жеңип жеңишке жеткенден соң, бул кабар Фадака жетип, ал жактагы жөөттөрдүн жүрөгүн коркунуч каптап. Хайбар жөөттөрү сыяктуу эле алар да түшүмдүн жарымын Пайгамбарга САВ берүүгө макул болушат. Бул сунушту Пайгамбар САВ алардан кабыл кылат. Фадак жеринен алынган түшүмдүн жарымы Пайгамбардын САВ өзүнө гана болот. Анткени, алжакка мусулмандар ат арытып, сапар каарытып барган жок.

## *Ваадил Курага жортуул:*

Пайгамбар САВ Хайбарды алгандан соң, Ваадил Кура тарапка бет алды. Анткени, ал жакта да бир топ жөөттөр жашачу. Ал жөөттөргө бир канча араптар да кошулуп алган эле.

Ваадил Курага келген кезде мусулмандарга жөөттөр кокусунан эле жаа менен аткылап кириштi, ошондо Мидаьам аттуу Пайгамбардын САВ кулуна ок келип кокустан тийип Мидьам өлүп калат. Муну көргөн сахабалар: "Бейиш буга куттуу болсун"- дейт. Пайгамар САВ: "**Жок, жаным анын колунда болгон Аллахка ант, бул Хайбар согушунда олжодон тышкары бир чепкенди (эч кимге айтпай) алып алгандыгы үчүн ошонусу буга тозок отун күйгүздү"-** дейт. Муну баары угат, ошондо мусулмандардын бирөөсү Пайгамбарга САВ чокой байланган боону алып келип берет. Пайгамбар САВ: "**Тозок отун күйгүзүүчү боо"-** деген сөзүн айтат.

Андан соң Пайгамбар САВ жоокерлерин катарга тизип, башкаруу желегин Саьд ибну Убаадага берди. Бир желекти Хаббаб ибну Мунзирге, дагы бир желекти Сахл ибну Ханифке жана бир желекти Уббад ибну Биширге берди. Анан жөөттөрдү исламга чакырды эле алар баш тартты. Жөөттөрдөн бирөөсү жеке урушууга чыкты ага каршы Зубайр ибну Аваам чыгып аны өлтүрүп койду. Анан дагы башкасы чыкты, аны да Зубайр өлтүрүп койду. Анан дагы бирөөсү чыкты эле ага каршы Али ибну Абуталип чыгып аны да Али жеңип өлтүрүп салды. Ошентип жеке урушка чыгып олтуруп жөөттөрдүн он бир жоокери каза болду. Ар бирин өлтүргөн сайын калгандарын исламга чакырып жатты.

Ошол кезде намаз учуру болуп жатты, Пайгамбар САВ сахабалары менен намазды окуп кайра келип исламга үндөп жатты. Акыры баш ийбегендиктен согуш башталып, күн батканга чейин согушуп, кечинде согуш токтоду. Эртеси күн найза бою көтөрүлө электе мусулмандар күч менен бастырып кирип жеңишке жетти. Ошентип Аллах Таала мусулмандарга ал жердеги көптөгөн олжолорду насип кылды.

Пайгамбар САВ Ваадил Курада төрт күн калды. Ал арада сахабаларына олжолорду бөлүштүрүп берип, жерин бак-дарактарын жөөттөрдүн өзүнө калтырып, Хайбардагы келишим сыяктуу кылып келишим түздү.

## *Тийма жөөттөрү:*

Тийма жериндеги жөөттөргө Хайбардын андан соң Фадактын андан соң Ваадил Куранын жөөттөрү жеңилиптир деген кабар келгенде, мусулмандарга каршы аракеттерди көрүүдөн катуу коркуп калышты. “Тынчтык келишимин түзөлү”- деп сунуштап, дароо Пайгамбарга САВ киши жөнөттү. Пайгамбар САВ булардын сунушун кабыл кылып, мал-мүлктөрүн өздөрүнө коюп, ушундай деп кат жөнөттү: “**Бул кат Аллахтын элчиси Мухаммедден САВ Аадий**

**уруусуна. Силер биздин кол астыбызда коргоодо болосуңар, (ошондуктан) бизге салык төгүүңөр керек, силерге душмандык кылбайбыз жана жериңерден да куубайбыз.**

## *Мадинага кайтуу:*

Ошентип Пайгамбар САВ Мадинага карай жолго чыкты. Жолдо келе жатып бир күнү кечинде түнү бою жол жүрүп олтурушуп, таң заарга жакын уйкуга кетишти. Пайгамбар САВ Билалга: "**Сен уктабай бизди ойготкун"-** деп айтты. Ал эми Билал болсо унаасына башын койгон бойдон уктап калды. Күн өйдө көтөрүлгөнгө чейин баары уктап, акыры күндүн ысыгы бетке тийгендигинен гана ойгонуп кетишти. Ошондо, эң алгач Пайгамбар САВ ойгонду. Анан ал адырдан чыгып Багымдат намазын окушту. Бирок, кээ бир риваяттарда бул окуя ушул жолку сапарда болгон эмес деп келет.

Хайбар согушун болгондугу тууралуу карап көргөндө, Пайгамбар САВ Мадинага 7 х. ж. сафар айдын акыр чендеринде кайтып келген же болбосо Рабиул-аввал айынын баш чендеринде кайтып келген деп келет.

## *Аббан ибну Саиддин жортуулу:*

Пайгамбар САВ башка аскер башчыларга караганда да абалды жакшыраак билчү. Анткени, тыюу салынган айлар бүткөндөн соң Мадинаны таштап коюу бул туура эмес болчу. Себеби, Мадианын айланасындагы жашаган бедуиндер мусулмандарды талап тоноого, каракчылык кылууга, кол салууга ыңгайлуу учурду гана күтүп турушчу. Ошондуктан, Хайбарга жөнөп жатып Пайгамбар САВ Нажд жерине бедуиндердин жүрөгүнө коркунучту салуу үчүн, Аббан ибну Саиддин башкаруу астында бир канча жоокерлерди жөнөттү. Аббан коюлган тапшырманы так аткаргандан соң

Пайгамбардын САВ артынан Хайбарга жетип барды. Бирок, Хайбар эчак эле алынган болчу.

Тагыраагы бул жортуул 7 х. ж. сафар айында болгон. Бул жортуул тууралуу Бухарийдин риваятында эскерилген. Ибну Хажар болсо: “Бул жортуул тууралуу эч билбеймин”-деп атйкан.

# *Калган акыркы согуш жана жортуулдар*

## *Жетинчи жыл*

## *Заати Рука жортуулу:*
## *(Мааниси Жамак жамоо)*

Пайгамбар САВ үч күчтүү душмандын экөөсүнү жеңгенден соң, үчүнчүсү менен эсептешүү убагы келди, алар Нажд жеринде жашаган ырайымсыз араптар жана бедуиндер. Анткени, булар мусулмандарга каршы дагы деле анча-мынча каракчылык, тоноо иштерин жүргүзүп жатышкан болчу.

Бул бедуиндер башкаларга окшоп айылда же шаарда же болбосо чептерди куруп ошолордо жашабагандыктан. Буларды курчоого алуу кыйындыкты туудуруп, Меккеликтер же Хайбардыктар сыяктуу кылып булардын жанып турган жамандык отун өчүрүү чоң маселе жаратты. Ошондуктан, буларды бир гана коркутуу жана кокусунан каптап кирүү сыяктуу жолдор менен гана сазайын колуна карматуу керек эле.

Мадинанын айланасына топтолуп чабуул жасайбыз деген бедуиндер болду. Пайгамбар САВ булардын мизин сындырып, тартипке чакыруу үчүн болгон жортуул Заати Рука жортуулу деп аталды.

Көпчүлүк тарыхчылар бул жортуулду төртүнчү жылы болгон деп жазышкан. Бирок Абу Муса Ашьарий менен Абухурайранын бул жортуулга катышуусу, Хайбар согушунан кийин болгондугун түшүндүрүп турат. Ошондуктан бул жортуул 7 х. ж. рабиул аввал айында болгондугу тагыраак.

Пайгамбардын САВ согуштарын жазган тарыхчылардын сөзүн кыскартып айтканда ушундай: “Гатфан уруусунан тараган Анмар же Саалаба уруусу жана Мухаариб уруусу

мусулмандарга каршы даярдык көрүп жатат экен деген кабар Пайгамбарга САВ жетип келет. Ошол замат Пайгамбар САВ төрт жүз (башка риваятта жети жүз деп келет) аскер даярдап ошол тарапты көздөй бет алды. Мадинага Абузарды же Усман ибну Аффанды башчы кылып калтырды. Жолго чыгып Мадинадан эки күндүк узактыкта жайгашкан. Булардын Нахл деген жерине бастырып келип, Гатфан уруусунун бир нече кишилери менен кездешет. Бирок ортодо согуш болгон жок. Бир гана жери ошол күнү согушта окулуучу коркунуч намазы окулду".

Бухарийдин риваятында Абу Муса айтат: "Ошондо Пайгамбар САВ менен жортуулга чыктык, алты киши бир төөгө алмак- салмак минип келе жаттык. Көп баскандыгыбыздан буттарыбыз жарылып кетти. Менин тырмактарым да түшүп калды. Айла кеткенден буттарыбызга чүпүрөктөрдөн айрып байлап алдык. Ошондуктан, "жамак жамалган"- деп аталып калды".

Бухарийдин риваятында Жаабир айтат: "Пайгамбар САВ менен Заати Рука жортуулуна чыктык. Бир дарактан өтүп калып, ал дарактын астына Пайгамбар САВ көлөкөлөп эс алсын деп калгандарыбыз айланага тарап эс алдык. Пайгамбар САВ даракка кылычын илип коюп өзү астына эс алганы жатты. Анан баарыбыз бир аз уктап алалы деп уйкуга кеттик. Ошол кезде бир мушрик келип Пайгамбардын САВ кылычын алыптыр да Пайгамбарга САВ кадап: "Менден коркосуңбу? - дейт

Пайгамбар САВ: " **Жок"-**деп айтат.

Мушрик: "Ким сени менден коркууга тоскоолдук кылат?" дегенде.

Пайгамбар САВ: "**Аллах"-**деп жооп берет.

Ошондо Пайгамбар САВ бизди ойготуп жанына чакырды эле келсек жанында бир бедуин олтуруптур. Пайгамбар САВ: **Бул мен уктап жаткан кезде кылычымды алып алып, анан мен ойгонуп кетип карасам кылыч менен мага кезеп:**

**“Ким сени менден коркууга тоскоолдук кылат?”-дейт. Мен: “Аллах”-деп жооп бердим. Мына эми бул жерде олтурат”-**деп айтты. Бирок Пайгамбар САВ аны жазалаган жок”.

Бир риваятта айтылат: “Заати Рука жортуулунда Пайгамбар САВ сахабалар менен парз намазды согуш учурундагы окулуучу коркунуч намаз кылып окуп берди”.

Абу Аваананын риваятында: “Ошол адамдын колунан кылыч түшүп кетти, Пайгамбар САВ кылычын алып ага кезеп: “Эми, сени менден коркууга ким тоскоолдук кылат?”

Бедуин: “Кечиримдүү бол!”-деп айткан экен.

Пайгамбар САВ ага: “**Сыйынууга татыктуу Аллахтан башка кудай жок жана мен Аллахтын элчиси экениме күбөлүк боресиңби?”**

Бедуин: «Сага каршы согушпоого, жана сага каршы согушкандар менен да бирге болбоого убада берем”.

Ошондо аны Пайгамбар САВ бошотуп жиберди. Бедуин элине келип: “Эң кайырдуу, жакшы инсандын алдынан келатам”-деп айтты”.

Бухарийдин риваятында: “Мусаддад Абу Аваанадан, Абу Аваана, Абу Биширден риваят кылып айтат: “Ошол бедуиндин аты Гаурас ибну Хаарис болгон”. Ал эми Ибну Хажар: “Ваакидийдин бул окуя тууралуу айткан сөзүндө бедуиндин аты Даьсур, ал ошондо исламды кабыл кылган”-деп келет. Ал эми бул сөздү караганда бул окуя эки башка жана башка-башка жортуулдарда келгендиги көрүнүп турат. Бирок Аллах жакшыраак билүүчү.

Бул жортуулдан кайтып келатып мусулмандар бир мушриктин аялын олжолукка кармап алышат. Ошондо аялдын жолдошу Мухаммеддин САВ жолдошторунун арасынан канын төкмөйүн артка кайтпоого касам ичет. Мусулмандар жолдо кечинде бир жерде түнөшөт. Пайгамбар САВ душмандан коору үчүн эки сахабаны түнкү кароолдукка дайындайт. Ал экөө Уббад ибну Бишир менен Аммар ибну Ясир. Экөө

кароолдукка туруп Уббад Аммарды: “Уктап тур! Мен алгач кооруюн, анан сени ойготом, сен кооруйсуң”- дейт. Уббад намазын баштайт, ошол кезде жанагы мушрик жаа менен Уббадка атканда, Уббад кенебестен окту сууруп салып намазын бузбай уланта берет. Ошентип, үч ок атканга чейин Уббад намазын улантып, акыры үчүнчү ок тийгенде намазын бүтүрүп салам берип анан жолдошу Аммарды ойготот. Аммар шеригинин абалын көрүп: “Эми ойготосуңбу, эртерээк ойготпойт белең?-дегенде Уббад: Мен бир сүрөнү окуп жаткам, ошол сүрөнү бөлбөйүн дедим”.

Бул жортуул таш жүрөк болгон бедуиндердин жүрөгүнө катуу коркунучту салды. Анткени, ушул жортуулдан кийинки жортуулдарга көз чаптыра турган болсок. Гатфан уруусунан тараган бардык уруулар ушул жортуулдан соң мусулмандарга каршы эч бир аракеттерди көрбөй калган. Тескерисинче, акырындык-акырындык менен мусулмандарга баш ийе баштаган, анан акыры исламды кабыл кылат. Муну биз Меккенин алынуусунда көрсөк болот. Анткени, бул бедуиндердин бир канча уруулары мусулмандарга кошулуп Меккенин алынуусуна катышкан жана Хунайн согушуна да жардам берип, олжолорду алган. Меккенин алынуусунан соң садака зекеттерди жөнөткөн.

Ушуну менен мусулмандарга каршы болуп жаткан эң кубаттуу күчтүн үчөө тең жеңилип, бүткүл арап чөлүндө тынчтык орноду. Ушул жортуулдан кийин мусулмандар айланадагы чыккан кээ бир уруулардын козголоңун оңой эле басып коюп жатты. Балким, ушул жортуулдан соң чет жактагы кээ бир чоң чоң державалардын алынуусуна жол ачылды чыгаар. Анткени арап чөлү бүтүндөй мусулмандарга өттү десек да болот.

Пайгамбар САВ Заати Рука жортуулунан кайткандан соң Мадинада 7 х. жылдын шаввал айына чейин турду, ал аралыкта башка жактарга жортуулдарды жөнөтүп жатты. Алдыда ошол тууралуу кыскача айтып кетсек:

1- Гаалиб ибну Абдулла Лайсийдин Кадиддеги Мулух уруусуна болгон жортуулу, сафар же рабиул аввал айында 7 х. ж. болду. Анткени, Мулух уруусу Башир ибну Сувайддын жолдошторун өлтүрүп койгон болчу. Ошондуктан өч алуу үчүн Пайгамбар САВ Гаалипти жоокерлер менен ошол тарапка жөнөттү. Ислам жоокерлер түнү келип бул урууга чабуул жасап, бир канчасын өлтүрүп, төөлөрүн айдап жөнөйт. Анан душман, көп жоокерин чогултуп мусулмандардын артынан кууп келип жакын калганда жаан жап жиберип, чоң сел каптап келет да душман менен мусулмандардын ортосун бөлүп коёт. Ошентип, селдин себеби менен мусулмандар кутулуп кетет.

2- Хисмийге болгон жортуул, Жумаду саанийде 7 х. ж. болду. Бул жортуул тууралуу Византиянын падышасы Кайсарга жөнөтүлгөн каттын темасында айтып өткөнбүз.

3- Умар ибну Хаттаптын Турбага болгон жортуулу, Шаабан айында 7 х. ж. болду. Умар отуз жоокерди алып күнүдүзү жашынып кечинде жол жүрдү. Мусулмандардын келатканы Турбада жашаган Хузан уруусуна жетип келет, кабар келээр менен алар качып кетет. А Умар булардын жерине келип эч кимди таппай Мадинага кайтып кетишти.

4- Башир ибну Саьд Ансарийдин Фадак тараптагы Мурра уруусуна болгон жортуулу, Шаабан айында 7 х. ж. болду. Башир өзү менен кошо отуз жоокерди алып Мурра уруусунун кой-малдарын тартып алат. Анан аларды айдап артка кайтып келатканда. Кечиндеси мусулмандардын артынан кой-малдарын алуу үчүн бул уруунун адамдары көбөйүп келип кол салат. Мусулмандар душманды жаалар менен аткылашып акыры баарынын огу түгөнөт. Ошондо душман чабуул жасап баарын өлтүрүп, бир гана Башир жарадар болуп качып кетет. Башир ал жерден качып Фадактагы жөөттөрдүн алдына барат да жарааты айыкканча жөөттөрдүн алдында калып, айыкканда Мадинага кайтып келет.

5- Гаалиб ибну Абдулла Лайсийдин 7 х. ж. рамазан айындагы жортуулу. Бул жортуул Ауал жана Абду ибну Саалаба уруусуна болгон жортуул. Ал эми кээ бир риваятта Жухамия уруусуна Харакатка болгон деп келет. Гаалиб жүз отуз жоокер менен келип буларга чабуул жасайт. Алдынан чыккандардын баарын өлтүрүп, бир канча кой жана төөлөрдү олжого алат. Ушул жортуулда Усаама ибну Зейт, Мурдас ибну Нахикти: "Лаа илааха иллаллах"- дегенине карабай өлтүрүп салган болот. Бул кабар Пайгамбарга САВ жеткенде Усаамага мындай дейт: "**Ал чын айтып жатабы же корконунан айтып жатабы, сен эмне анын жүрөгүн ачып көрдүңбү?"-**деп катуу жемелеген.

6- Абдулла ибну Равааханын жортуулу, 7 х. ж. шаввал айында болду. Анткени Асир же Башир ибну Рузам Гатфан уруусун мусулмандарга каршы чогултуп жаткан экен. Гатфан уруусу Асирди отуз жоокер менен чыгарып Пайгамбар САВ аны Хайбар жерине жардам катары иштетет деп айнытып жолго салды. Абдулла да отуз жоокер менен жолго чыкты. Эки тарап Каркара Нийранга жеткен кезде кездешип калып, эки ортодо түшүнбөстүк пайда болуп согушуп кетишет. Акыр аягы мусулмандар Асир менен отуз жоокерин өлтүрүү менен бүттү.

7- Башир ибну Саьд Ансарийдин Йеменге жана Жаббарга болгон жортуулу (ошол жактагы Гатфандын жерине болгон жортуул деп айтышат, ал эми кээ бири Фазаара же Азаара уруусунун жери деп да айтат) 7 х. ж. Шаввал айында болду. Башир үч жүз жоокерди алып, Мадинанын айланасына чоң аскер менен чабуул жасайбыз деген чоң аскер менен жолугушуу максатында чыккан болчу. Жолго чыгып күндүз жашынып кечинде жол жүрдү. Аларга Баширдин келе жатканы угулуп калгандан соң, баары качып кетти. Башир алардын көптөгөн төөлөрүн олжого алып, эки кишисин туткунга түшүрүп Мадинага алып келди. Ал эки туткуну Мадинада исламды кабыл кылды.

8- Абухадрад Асламийдин Гаабага болгон жортуулу. Бул тууралуу Ибнул Кайим жетинчи хижрий жылы каза умрасынан алдын болгон деп эскерген. Жортуулдун кыскачасын айта турган болсок, Жашм ибну Муавия уруусунан бирөөсү көп жоокер чогултуп Гаабага келип. Ал жерден Кайс уруусун да чогултуп мусулмандарга каршы чабуул жасоо ниетинде Гаабага келиптир. Пайгамбар САВ Абухадradды эки киши менен ошол тарапка жиберет. Абухадрад өтө таң калыштуу согуштук ыкманы ойлоп таап душманды коркутуп салат. Душман качып кетет, анан мусулмандар алардын бир канча төөлөрүн жана койлорун олжого алып айдап келет.

## *Каза умрасы*

Имам Хааким айтат: Пайгамбардын САВ каза умрасын өтөөгө Зул каада айы башталганда чыккандыгы тууралуу көп риваяттар келген. Пайгамбар САВ былтыркы (алтынчы) жылы - өтөй албай калган умраны, бул жылы өтөө үчүн каза умра кылууга сахабаларын даярдангыла дейт. Худайбияга чыккандардын баары чыксын деп баары жолго чыгат. Бир гана ал ортодо шейт кеткендер гана жок болот. Худайбияда чыккандар менен кошулуп башкалар да умра кылууга жөнөйт. Ошондо баарынын саны аял балдардан тышкары эки миңдей болот.

Мадинага башчы кылып Авиф Абурахм Гифарийди калтырат. Курамандыкка чалуу үчүн отуз төө алып, аларды Наажиба ибну Жундуб Асламийге тапшырат. Ошентип жол жүрүп олтуруп Зул Халийфага жеткен кезде. Пайгамбар САВ ихрамын кийип талбия айтат, мусулмандар да эхрам кийип талбия айтат. Курайш кыянаттык кылып жибербесин деп, өздөрү менен кошо бүт согуш куралдарын алган эле. Яжажга жеткен кезде найза, жаа, калкан жана башка бүт согуш куралдарын ошол жерге калтырып, сапар кылычын гана алып

андан ары жолду улайт. Согуш куралдарын карап туруу үчүн ошол жерге Аус ибну Хаулий Ансарийди эки жүз киши менен калтырып, Меккеге сапар кылыч менен гана кирип келишти.

Пайгамбар САВ Меккеге кирээрде Касва төөсүн минип кирди, ал эми мусулмандар болсо кылычтарын колуна кармап Пайгамбардын САВ айланасында талбия айтып кирishti.

Мусулмандар Меккеге кирээрде мушриктер Каабанын түндүк жагындагы Кайкуан тоосуна чыгып, ошол жакта мусулмандар кандай кылаар экен деп карап турушту. Мушриктер бир бирине: Бул жамаат Ясриптен алсырап күчү кеткен абалда келатат, деген сөздөрдү айтышты. Каабаны айланууда Пайгамбар САВ сахабаларын алгачкы үч тоопту жорголоогон абалда кылууга, эки рүкүндүн ортосуна келгенде басып тооп кылууга буйруду. Бирок, каалагандар бардык тоопту жорголоогон абалда кылса да тыюу жок деп айтты. Анткени мындай кылгандыктын себеби мусулмандар алсырабаганын мушриктер көрсүн деп ушундай кылган болчу. Ошондой эле эхрамдын оң желкесин ачып сол желкесине жамынууга буйруду.

Пайгамбар САВ менен мусулмандар Меккеге Хажжун тоо жагынан кирип рүкүнгө жеткенче талбия айтып, анан тоопту баштады. Ал ортодо мушриктер катарга тизилип алып мусулмандарды тамаша кылып жатты. Абдулла ибну Раваага Пайгамбардын САВ жанында кылычын кармап ушул төкмөсүн айтты:

“Каапыр балдары жол берди анда.
Жакшылыктын баары Пайгамбарда.
Рахман (Аллах) түшүрдү өз сөзүндө.
Пайгамбарга түшүргөн китебинде.
Оо, Раббим! Мен момунмун чындыгында.
Акыйкатты көрдүм аны кабыл кылууга.
Чыныгы өлүм анын жолунда.
Бүгүн силерди чабабыз ак жолунда”.

Анас айтат, «Ошондо Умар: «Оо, Абдулла ибну Раваах! Пайгамбардын САВ алдында, Аллахтын Каабасында төкмө ырыңды айтасыңбы?”-деди эле Пайгамбар САВ: “**Тим кой аны, Умар! Анткени, бул (нерсе) алардын алдында октон да тез”.**

Пайгамбар САВ менен мусулмандар алгачкы үч тоопту жорголоогон абалда кылды эле аны көргөн мушриктер: “Силер буларды алы жок дейсиңер, карабайсыңарбы булар тигинден-мындан да алдуу экен”-деген сөздөрдү айтышты.

Пайгамбар САВ тооп кылып бүткөндөн соң, Сафа Марванын ортосунда тездик басууну аткарды. Тездик басууну бүткөндө Марва тараптагы Худага келип: “**Бул курмандык жери, бардык Меккеликтердин курмандык жери болот”-** деп Марва тарапта курмандыгын союп чачын алдырды. Мусулмандар да Пайгамбардын САВ артынан Пайгамбардай САВ кылып жасашты. Анан Пайгамбар САВ Яажажка бир канча кишилерди жиберип, алар куралдарды карап турду. Ал эми алжактагылар келип умра кылышты.

Ошентип, Пайгамбар САВ Меккеде үч күн калды. Төртүнчү күн болгондо мушриктер Алиге келип: “Жолдошуңа айт эми кетсин! Анткени, убакыт бүттү”- деп айтышты. Пайгамбар САВ мусулмандарды алып Меккеден чыгып кетти. Барып Сарафка келип конду.

Пайгамбар САВ Меккеден чыгып баратканда артынан Хамзанын кызы: “Байке-байке”-деп ээрчиди эле, Али аны алып алды. Анан кызды Али, Жаафар жана Зейт үчөө талашып кетти. Ошондо Пайгамбар САВ кызды Жаафарга берди. Анткени, кыздын тайежеси Жаафардын аялы болчу.

Пайгамбар САВ ушул умрасында Хааристин кызы Маймуунага үйлөнөт.

Бул умра “каза умрасы”- деп аталып калгандын себеби. Балким, былтыркы Худайбиядагы аткара албай калган умранын ордуна болгон. Балким, ошол Худайбиядагы тынчтык келишиминдеги айтылган сөз үчүн каза умрасы

болгон. Экинчи көз караштагы аалымдар туурараак деп айтышат. Бул умра төрт ысым менен айтылып келет: “Каза умрасы, чечилген умра, өч алуу умрасы жана келишим умрасы”- деп.

Каза умрасынан кайткандан соң, Пайгамбар САВ бир канча жортуулдарды жиберет. Бул жортуулдар тууралуу кыскача айтып өтөлү:

1- Ибну Абу Аужанын 7 х. ж. Зул хижжа айындагы жортуулу. Ибну Абу Аужаны Пайгамбар САВ элүү киши менен Салим уруусун исламга чакыруу үчүн жиберет. Мусулмандар келип үгүт кылганда Салм уруусу: “Силердин диниңер бизге кереги жок”- деп мусулмандар менен катуу согушуп кетет. Абу Аужа жараат алып, душмандын эки кишисин туткунга түшүрүп алып кетет.

2- Гаалиб ибну Абдулланын Фадактагы Башир ибну Саьддын жолдоштору Мусабка болгон жортуулу 8 х. ж. Сафар айында болду. Пайгамбар САВ Гаалипти эки жүз жоокер менен жөнөттү. Ислам жоокерлери барып, душманды кыйроого учуратып, көптөгөн төө малдарды олжого алып, бир канчасын өлтүрүп кайтып келишет.

3- Заату Атлах жортуулу 8 х. ж. Рабиул аввал айында болду. Бул жортуулдун себеби Кузаа уруусу көптөгөн аскерди жыйнап, мусулмандарга каршы даярдык көрүп жаткан экен. Пайгамбар САВ буларга Кааб ибну Умайр Ансарийди он беш киши менен жөнөтүп, исламга чакыр дейт. Мусулмандар Кузаа уруусуна келип исламга чакырганда алар баш тартып мусулмандарды жаалар менен аткылап баарын өлтүрүп салышат. Бирок, бирөөсү гана жарадар болуп качып кетет.

4- Хаузан уруусуна болгон Заату Арк жортуулу 8 х. ж. Рабиул аввал айында болду. Мунун себеби, Хаузан уруусу мусулмандарга каршы душманга улам-улам жардам берип жаткандыктан чыкты. Ошондо Пайгамбар САВ Шужа ибну Вахаб Асадийди жыйырма беш киши менен ошол тарапка

жөнөтөт. Шужа келгенде салгылашуу болгон жок. Бирок, душмандын төөлөрүн айдап кетип калды.

## *Муьта согушу*

Бул согуш эң чоң көлөмдөгү согуш болуп, Пайгамбардын САВ жашоосундагы эң улуу согуш эле. Согуш хрестяндардын жерин алууга белги бергенсип турду. Согуш 8 х. ж. Жумадил уула айында болду. 629 жылдын Авгут же Сентябрь айына туура келет.

Муьта деген жер айылдын аты, Шамдын Балка өрөөнүндө жайгашкан. Муьта менен Акса мечиттин аралыгы эки күндүк жол.

### *Согуштун себеби эмнеден чыкты:*

Согуштун себеби Пайгамбар САВ Хаарис ибну Умайр Аздийге кат берип, Басранын өкүмдарына жөнөткөн болчу. Хаарис Балка өрөөнүнө жеткен кезде Шурахбил ибну Амру Гассаний Хааристи кармап алат. Анткени, Шурахбил Кайсар падыша тарабынан Шам жериндеги Балка өрөөнүнө өкүмдөр кылып дайындалган болчу. Шурахбил Хааристи байлап алып, жерине алып барып башын чаап өлтүрүп салат.

Анткени, бир тараптан экинчи тарапка жөнөтүлгөн элчини өлтүрүп салуу, бул өтө чоң кылмыш болуп эсептелип. Балким, согуш жарыялагандын белгиси болчу. Бул кабар Пайгамбарга САВ угулгандан соң аябай ачуусу келип, душманга каршы үч миң жоокер чогулатат. Мусулмандар мындай чоң көлөмдө Ахзаб согушунан башка согушта аскер жыйнаган эмес болчу.

## *Жоокерлердин башчылары, Пайгамбардын САВ аларга айткан сөзү:*

Пайгамбар САВ жоокерлерге Зейт ибну Хаарисаны башчы кылып дайындап: “**Эгер Зейт өлгөн болсо анда Жаафар башчы болсун, эгер Жаафар өлгөн болсо анда Абдулла ибну Равааха башчы болсун!”-**деп айтты да ак желек даярдап, аны Зейт ибну Хаарисанын колуна карматты.

Анан кайтаарда Хаарис ибну Умайрдын денесин алып келүүнү айтты. Ал жакка барганда аларды алгач исламга чакыргыла, эгер баш тартса анда Аллахтан жардам сурап согушту баштай бергиле да: “**Аллахтын ысымы менен, Аллах жолунда ага каапыр болгондор менен урушкула, кыянаттык мыкаачылык кылбагыла. Жаш балдарды, аялдарды жана жашы улгайгандарды өлтүрбөгүлө. Бак-дарактарды кыйбагыла, үйлөрдү бузбагыла!”-**деген буйругун айтты.

## *Ислам жоокерлерин узатуу, Абдулла ибну Раваахнын ыйы:*

Ислам жоокерлери чыгууга даяр болгондо, элдер аларды узатып чыгып, дайындалган башчыларга баталарын берди. Ошол кезде аскер башчыларынын бирөөсү Абдулла ибну Раваха көз жаш кылып калат. Элдер андан: “Эмнеге ыйлап жатасың?”-деп сураганда ал: “Аллахка ант, менде эч качан дүйнөгө болгон сүйүүм жок, силер үчүн да ыйлаганым жок. Бирок, Пайгамбардын САВ Курандан ушул аятты окуганын уккан элем:

***“Силерден (Акыретке чогулган адамдардан) бардыгыңар (тозоктун) алдына келүүчүсүңөр. (Бул) Раббиңдин каалоосу боюнча анык өкүм кылынган иш”.*** Марям, 71

Эми мен ушул аятты окуп, акыретте кандай кылат экенмин?-ыйлап жатам”- деген сөзүн айтты. Ошентип мусулмандар жоокерлерди узатып: “Аллах силерден жамандыкты кетирип саламат кылсын, жана бизге кайра аман-эсен жеңишке жеткен абалда алып келсин!”-деп узатты.

Анан баары жолго чыгып, Пайгамбар САВ да алар менен кошо Ваадий өрөөнүнө чейин узатып барды да, ошол жерден батасын берип кала берди.

## *Ислам жоокерлеринин алдыга карай жылуусу жана кокустан келген коркунучтуу кабардан чоочулоосу:*

Ислам жоокерлери түндүктү карай бет алып, Шам жериндеги жана Хижаздын түндүк жагындагы Маанга барып конушту. Ошол кезде Гераклий Балка жериндеги Муабка, Византиянын жүз миң аскери менен келип жайгашыптыр. Буларга ошол жактагы араптардын Лахм, Жузам, Балкин, Бахра жана Бали уруулары жүз миң аскер жыйнап Византия жоокерлерине кошулуптур деген кабар ислам жоокерлерине угулат.

## *Мусулмандар Маанда кеңешүү өткөздү:*

Душмандын мынчалык чоң көлөмдөгү аскери жыйналат деп мусулмандар эч ойлошкон эмес. Бул күтүүсүздөн келген кабарды угуп катуу чоочулашты. Эми кандай кылуу керек? Саны үч миңден турган аз гана аскер деңиздей болуп агып келген эки жүз миң аскерге каршы чыгуу керекпи же жокпу? Мусулмандардын баштары айланып туруп калды. Маанда бул тууралуу ойлонуп, кеңешип эки күн турду. Көпчүлүгү: “Пайгамбарга САВ душмандын санын көптүгү тууралуу кабар берели, ошондо ал бизге дагы жоокер жөнөтөт же болбосо артка кайткыла дейт”- деп айтышты.

Бирок, бул сунушка Абдулла ибну Равааха каршы чыгып, мусулмандарды согушууга үндөп мындай деди: “Оо, эл журт! Аллахка ант болсун, силер каалабай жаткан нерсе үчүн келип олтурасыңар, ал да Аллах жолунда шейит кетүү эмеспи. Биз башкалар менен алардын санынын көптүгүнө карап же күчүнө карап урушпайбыз, Аллахтын бизге берген дини үчүн гана урушабыз. Алга карай жылгыла, алдыда бизге эки жакшылыктан башка нерсе жок - жеңиш же шейиттик. Ошентип акыры Абдулла ибну Равваханын сунушун кабыл кылышты.

## *Ислам жоокерлери душманды көздөй бет алды:*

Маанда жоокерлер эки күн өткөзгөндөн соң, душмандын жерин көздөй бет алды. Ошол жакка барып Балка жеринин Машариф деген айылына келгенде Гераклийдин аскери менен жолугушту. Анан мусулмандар Муьтага келип ошол жерге жайгашып согушка даярдыктарды көрө баштады. Аскердин оң канатына Кутба ибну Катаада Узарийди, ал эми сол канатына Уббад ибну Малик Ансарийди койду.

## *Согуштун башталуусу, жаңы башчылардын болуусу:*

Муьтада эки тарап согушууну баштап, катуу уруш башталды. Үч миң аскер эки жүз миң аскерге каршы урушууну баштап жиберди. Бүт дүйнө көрүп турган мындай таң калыштуу, ойлоп көрбөгөн согуш болгон эмес болчу. Бирок, ыймандын кубаттуулугу - таң калыштуу натыйжаларды алып келет.

Башкарууну Зейт ибну Хаариса алып барды. Ал ушунчалык болгон күчү менен, эч тайманбастан теңдеши жок баатырларча урушуп жатты. Ошентип катуу урушуп акыры душмандын найзасы келип сайылып оо дүйнө салды.

Зейттен соң башкарууну Жаафар ибну Абуталип алды. Ал да теңдеши жок баатырларча урушуп, акыры жоо каптап келип аны атынан кулатып салды. Ошондой болсо да урушууну укмуштуудай катуу улантып жаткан кезде, оң колунан айрылып, желекти сол колуна алып уршууну уланта берди. Акыры сол колун да үзүп салышты. Ошодо ал желекти кесилген эки колу менен көкүрөгүнө кысып кармап, акыры бул дүйнө менен кош айтышты. Кээ бир риваяттарда: "Жаафардын колун кескен Византиялык аскер болчу"- деп келет. Аллах Таала Жаафардын эки колунун ордуна Бейиште эки канат берет, ал каалаган жагына учуп барат. Ошондуктан аны "Учкуч Жаафар" же болбосо "эки канаттуу Жаафар"- деп атап коюшту.

Бухарийдин риваятында Наафи Ибну Умардан кабар берет, Ибну Умар айтат: "Ошол күнү Жаафардын өлгөн денесине келдик, ошондо мен анын денесиндеги найза жана кылыч менен чабылган элүүдөн ашуун жараатты эсептедим. Ал жарааттардын бирөөсү да арка тарабында эмес эле".

Башка риваятта Ибну Умар айтат: "Ошол согушта мен да бар элем, биз Жаафарды издей баштадык, анан аны өлгөндөрдүн арасынан таптык. Денесин карасак токсондон ашуун Византиялык аскерлердин урган жарааттары бар экен". Ушул эле риваятка кошумча кылып Умарий Наафиден кабар берет: "Ошол жарааттардын баары алды жагында эле".

Жаафар баатырларча курман болгондон кийин башкаруу желегин Абдулла ибну Равааха алып, ат үстүндө алдыга карай жылып келди. Ошол кезде Абдулланын атасынын бир тууганынын баласы Абдуллага бир эттин тамырын көтөрүп келди да ага берип: "Муну жеп белиңди бекемдеп ал! Анткени, сен бүгүн өтө катуу аракет кылып чарчадың"- деди эле, Абдулла аны колуна алды да бир тиштеп туруп, кайра ыргытып жиберип согуш ортосуна кирип кетти. Акыры ал да бул дүйнө менен кош айтышты.

## *Желек Аллахтын кылычы наамга конгон адамда:*

Абдулла шейит кеткенден соң Ажлан уруусунан Саабит ибну Аркам аттуу келип желекти колуна алат да: «Оо, мусулмандар! Араңардан бирөөсүн башчы кылгыла!»- дейт. Элдер: Сен бол, дегенде ал: «Мен алып кете албайм”- деп жооп берет. Акыры Халид ибну Валидди аскер башчы кылышат. Халид желекти алганда өтө айбаттуу урушуп кирет. Бул тууралуу Бухарий Халид ибну Валиддин өзүнөн риваят кылган сөзүндө ушундай дейт: “Муьта согушунда тогуз кылычты сындырдым, акыры колумда Йемен кылычы калды”. Башка риваятта ушундай келет: “Муьта согушунда тогуз кылыч туруштук бере алган жок, акыры Йемен кылычы гана туруштук берди”.

Муьта согушу жүрүп жаткан учурда. Адамдарга согуш тууралуу кабар жете элегинде, Пайгамбарга САВ согуш кабарын жеткизип вахий түшүп турду. Ошондо Пайгамбар САВ элдерге кабар берип мындай деди: “**Желекти Зейт алды, андан соң Жаафар алды, андан соң Абдулла ибну Равааха алды”** – деп, эки көзүнөн жаштар агып жатты. “**Акыры желекти-Аллахтын кылычы наамга конгон бирөөсү алды, ошонун колунан Аллах ийгиликти берди”.**

## *Согуштун бүтүүсү:*

Ушунчалык баатырдык, тайманбастык жана болгон күч кубат менен күрөшсө да, азгана болгон аскер деңиздей болуп каптап келген Византия аскерин жеңе албайт болчу. Ошол кезде Халид ибну Валид өзүнүн акылмандыгын, көрөгөчтүгүн, согушка болгон талантын көргөзүп мусулмандарды бул балээден куткарып чыгып кетти.

Бул тууралуу ар түрдүү кайчылаш риваяттар келген. Бирок, ошол риваяттарды жыйнап келгенде натыйжа ушундай болгон: Халид ибну Валид согуштун алгачкы күнү Византия

аскеринин алдында кечке чейин эптеп туруштук берет. Анткени, ал стратегиялык жактан, душманды бир нерсе кылып азгырып, алардын жүрөгүнө коркунучту салуу жолун табуу зарыл экендигин ойлонуп жаткан болчу. Византия аскери аларды кубалабастан, эптеп бир айла таап мусулмандарды согуш талаасынан куткарып алып чыгуу керек. Анткени, эгер душман мусулмандардын артынан кубаласа анда алардын чеңгелинен чыгып кетүү өтө кыйын экендигин Халид жакшы билчү.

Эртеси күн болгондо Халид жоокерлерди алмаштырып кайрадан сапка тизет. Алдыда турган жоокерлерди артка, арттагыларды алдыга коёт. Оң канаттын жоокерлерин- сол канатка сол канаттын жоокерлерин- оң канатка алмаштырып коёт. Душман буларды көргөндө таң калышып: “Буларга жаңы аскерлер келип кошулуптур”-деп жүрөгүндө коркунуч пайда болот. Ошентип эки тарап бир-бири менен тиктешип согуш башталаарда Халид мусулман жоокерлерин катарды бузбастан артка аз-аздан жылдыра берди. Бирок Византия жоокерлери мусулмандардын артынан ээрчиген жок. Анткени, Византиялыктар мусулмандар бизди ошентип алдап, чөлгө чыгарып туруп бир нерсе кылат деген коркунучта болуп мусулмандардын артынан ээрчиген жок.

Мына ушундай жол менен душман мусулмандардын артынан кубалай албастан, артка өз жерине кайтып кетип калды. Ал эми мусулмандар болсо чоң ийгилике жетип, сак саламат Мадинага кайтып келди.

## *Эки тараптан өлгөндөрдүн саны:*

Ошол күнү мусулмандардан он эки киши шейит кетти. Ал эми Византиялыктардан канча өлгөндүгү белгисиз, бирок согуштун натыйжасында белгилүү болгондой алардан өтө көп киши каза болгон деп келет.

## *Бул согуштун таасири:*

Мусулмандар бул согушта жеңишке жетпегени менен абройун көтөргөн чоң таасир берди. Анткени, араптар бул нерсеге таң калып туруп калды. Себеби Византия улуу держава болуп, жер бетиндеги эң күчтүү императорлук болчу. Араптар бул державага каршы чыгуу - акылга сыйбаган нерсе деп ойлоп, өзүн-өзү өлүмгө түртүү деп түшүнчү. Үч миң жоокер улуу селдей каптап келген эки жүз миң жоокерге каршы чыгуу деген, бул араптар үчүн ойго келбеген нерсе эле. Андан да башкасы, аз гана болгон жоокер жеңилүүгө учурабастан, эч нерсе болбой кайтып келгендиги араптарды ого бетер таң калтырып ойго салды. Мындай согуш кылымдарда болуп көрбөгөн бир керемет болду. Ошондо гана араптар өздөрү ойлогондой, мусулмандар оңой эмес экенин түшүнүп. Аларга Аллах тараптан жеңиш келип жатканын, ислам жолуна баштаган Аллахтын элчиси туура экенин эми гана баамдай алды. Ошондуктан, дагы деле акылына келбей мусулмандарга душмандыгын көрсөтүп келген арап уруулары ушул согуштан соң исламды кабыл алды. Салим, Ашжаь, Гатфан, Зибян, Фазаара жана башка арап уруулары исламга кирди.

Бул согуш Византия империясына каршы согуштун башталуусу болуп, алардын көптөгөн шаарларын мусулмандар басып алуунун белгиси катары көрсөтүп. Андан да ары узак жактарга ислам жетип барат дегендин жышааны эле.

## *Заату Салаасил жортуулу:*

Пайгамбар САВ Муьта согушунда мусулмандарга каршы Византияга жардам берген Шам жериндеги жашаган арап урууларынын ниетин билгенден соң, аларды Византиядан бөлүү үчүн бир амалды ойлоп табуу өтө зарыл экендигин Пайгамбар САВ түшүндү. Мусулмандар менен Шамда

жашаган араптардын ортосунда өзүнчө бир байланыш болуп, экинчи жолу мусулмандарга каршы андай чоң көлөмдөгү аскерди жыйнабай турган кылып бир жолду ойлоп табуу керек болду.

Бул планды ишке ашыруу максатында Пайгамбар САВ Амру ибну Аасты тандады. Анткени, Амрунун чоң энеси ошолордун Булий уруусунан болчу. Амруну ошол жактагы араптар менен байланыш түзүү үчүн Муьта согушунан кийин эле 8 х. ж. Жумадил аахир айында жолго салды. Бирок, кээ бир риваяттарда: "Кузаа уруусу Мадина тарапка кол салуу үчүн согушка даярданып жатат экен деген кабар Пайгамбарга САВ келгендиги үчүн жөнөткөн"- деп да айтылат. Балким жогоруда айтылган эки нерсе бир келип калган чыгаар.

Пайгамбар САВ Амруга ак желекти берип, дагы башка кичинекей кара желекти белги кылды. Амруга кошуп согушка катышкан мухажириндер менен ансарлардан үч жүз жоокерди берди. Анын ичинен отуз атчан болчу. Анан аларга жолдо баратып Булий, Азра жана Балкин уруулары менен байланыш түзүүнү буйруду. Ошентип жоокерлер жолго чыгып, күнүдүзү жашынып түнкүсүн жол жүрдү. Акыры душманга жакын калганда алардын саны көп экени билинди. Ошондо Амру Пайгамбардан САВ жардамга жоокер жөнөтүүнү сурап Раафи ибну Макис Жуханийди жөнөттү. Пайгамбар САВ Амрунун өтүнүчүн орундатып Абу Убайда ибну Жаррахты башчы кылып эки жүз жоокер менен жардамга жөнөтөт. Бул жоокерлердин ичинде мухажириндер менен ансарлар да бар болот. Абубакир жана Умар да булар менен кошо чыкты. Пайгамбар САВ Абу Убайдага буйрук кылып Амруга барып кошулгун деди. Ошентип, эки жоокер бириккенде Абу Убайда сахабаларга имамдыкка өтөйүн деп калды эле, Амру ага: "Сен бизге жардамчы катары келдиң. Ошондуктан, жоокерлерге башчы менмин"- деп айтты эле, Абу Убайда "лаббай"- деп айтканын кылып, Амру намаздарда имамдыкка өттү.

Ислам жоокерлери чогулгандан соң Кузаа уруусуна бастырып кирип, шаарынын аягына жеткенде душмандын бир топ жоокерлери кездешип калат. Мусулмандар аларга дароо чабуул жасап кирди эле, алар жерин таштап ар тарапка качып жок болду.

Ауф ибну Маликти кабарчы катары, “жоокерлер жеңишке жетип сак саламат артка кайтып келаткандыгы тууралуу кабарды алдыбыздан айтып барсын”- деп Пайгамбарга САВ жөнөттү.

Заату Салаасил Ваадил Куранын ар жагында жайгашкан жер. Мадина менен анын аралыгы он күндүк жол. Ибну Исхактын риваятында: “Ошондо мусулман жоокерлери Жузам жериндеги Салсал деген суунун алдына келип жайгашкандыгы үчүн Заату Салаасил деп аталып калган”- дейт.

### *Абу Катааданын Хадрага болгон жортуулу:*

Бул жортуул 8 х. ж. Шаабан айында болду. Мунун себеби, Гатфан уруусу Хадрада чогулуп жаткандыгы угулат. Хадра Нажд жериндеги Мухариб уруусунун жери. Пайгамбар САВ Абу Катааданы дайындап он беш жоокер менен жөнөтөт. Ал көздөгөн жерге жетип. Душманды талкалап, бир канчасын өлтүрүп туткунга да түшүрүп, олжолуу болуп кайтып келди. Анын бул сапары он беш күнгө созулган.

## *Мекkенин алынуусу*

Ибнул Кайим айтат: “Меккенин алынуусу эң чоң жеңиш жана ийгилик болгон. Анткени, Меккенин алынуусу менен Аллах Таала өз динин, элчисин жана мусулмандарын бийик даражага көтөрдү. Бүткүл ааламга хидаят-туура жол болуп берген шаарын жана Харам мечитин каапырлардын, мушриктердин колунан куткарып тазалады. Бул жеңиш тууралуу асмандан түшкөн кабар ээлери да ишаарат кылып

кеткен. Натыйжада инсандар ислам динине жамаат-жамаат болуп кире баштаган. Жер бети нурга бөлөнүп жарык чачкан.

## *Мекkенин алынуусунун себеби:*

Худайбиядагы тынчтык келишимдеги пункттардын биринде ушундай деп жазылганы маалым: *«Эгер кайсыл бир арап уруусу Мухаммед менен бирге болууну кааласа ага тоскоолдук кылынбасын. Ошондой эле Курайш менен бирге болууну кааласа ага да тоскоолдук кылынбасын. Ошентип кайсыл уруу кирсе да ошол тараптан болуп саналат. Эгер кайсыл бир тарап бул нерсени бузган болсо анда ошол тараптын душманы болуп саналат».*

Ушул келишимдин негизинде Хузаа уруусу Пайгамбардын САВ коргоосуна кирген болчу, ал эми Бакир уруусу Курайштын коргоосуна кирген болчу. Ошентип ушул эки уруу бейпилдикте тынчтыкта жашап калды. Анткени, бул эки уруу караңгылык доорунда бир бирине душман болчу. Ал эми ислам келгенден соң келишим түзүлүп эки тарап тең душмандыгын токтотуп, тынч жашап калышты. Бул тынчтык фырсатын колдонуп Бакир уруусу Хузаа уруусуна болгон эски душмандыгынан өч алып алууну каалады. Күндөрдүн биринде Науфал ибну Муавия Дайлий Бакир уруусунун бир жамааты менен 8 х. ж. Шаабан айында чыкты да, кечиндеси келип Хузаа уруусу Ватир деген суунун жанында турган кезде аларга чабуул жасады. Хузаанын бир канча кишилерин өлтүрүп, эки тарап салгылашып кетти. Ал эми Курайш болсо Бакир уруусуна курал тараптан жардам берди. Атүгүл, Курайштын бир нече кишилери караңгы түндү пайдаланып Бакир уруусу менен кошулуп урушкан да болчу. Акыры айла кеткенден Хузаа уруусу Харам мечитине чегинүүгө аргасыз болду. Ошентип алар Харам мечитине чегинип калганда Бакир уруусу: “Оо, Науфал! Эми Харам мечитине кирип калдык, бул жерде Кудайларың барда? Урушууга болбойт”- деди эле,

Науфал өтө таң калыштуу сөз айтты: “Бүгүн эч кандай кудай жок, оо Бакир уруусу! Өчүңөрдү алып алгыла! Ант болсун, силер Харам мечитинде уурулук кылат элеңер, эми эмне өч алууга болбой калдыбы?

Хузаа уруусу Меккеге кирген кезде, Хузаа уруусунан болгон Бадил ибну Варканын үйүнө жана анын кожоюну болгон Раафи аттуу кишинин үйүнө качып киришкен эле.

Ошондо Хузаанын бир кишиси Амру ибну Саалим дароо чыгып Мадинага карай Пайгамбардын САВ алдына келди. Мадинага келгенде Пайгамбар САВ элдер менен мечитте олтурган. Амру ибну Саалим ушул төкмөсүн айтып Пайгамбардан САВ жардам сурап кирди:

Оо, Раббим! Мен Мухаммедке кайрыламын.
Келишим бар, бабаларын келишимин да айтамын.
Силер бала болгонсуңар биз ата элек.
Силер менен кол кармашып жүргөн элек.
Жардам бер, Аллах туура жолго салып, сени колдосун.
Аллахтын пенделерин чакыргын келип бизге жардам берсин.
Бул жерде Аллах элчиси бар көрүнүктүү болуп турат.
Ак жүздүү толгон ай сымал нурдуу болуп чыгып турат.
Эгер чыкса алга каптайт булут сымал.
Жамааты бар каптаган деңиз сымал.
Курайш бузду келишимин сени менен.
Бузуп салды аныкталган кагаз менен.
Мени чаап жоо салышты алар аңдып.
Эч кимди чакыралбайт деп ойлоп калып.
Алар пас инсандар, саны да аз.
Үйүбүзгө Ватирде чабуул жасап кирди.
Өлтүрдү бизди рүкү сажда кылдык эми.

Пайгамбар САВ: «**Жардам беремин оо, Амру ибну Саалим!”-**деп айтты. Анан асмандан булут каптап кирди эле

Пайгамбар САВ: “**Бул булут Кааб уруусуна жардамды баштоо”-**деген сөзүн айтты.

Амрудан соң Бадил ибну Варка да Хузаа уруусунан бир нече кишилерди алып Мадинага Пайгамбардын САВ алдына келип калды. Келип Пайгамбарга САВ кимдер өлгөндүгүн, Курайш Бакир уруусуна жардам бергендигин айтып берип анан Меккеге кайтып кетти.

## *Абусуфян келишимди жаңылаганы Мадинага келди:*

Курайш менен анын коргоо астында болгондордун кылган иши ачык айкын кыянаттык, мыкаачылык иш болгондугун көргөзүп, келишимди анык бузгандыгын билдирип турат. Канчалык шылтоо болбосун келишим бузулгандыгы билинди. Ошондуктан, Курайш кылган кыянаттыгын сезип корко баштады. Эми кандай болот, кандай кылабыз деп кайгы-капага түшүштү. Бул иштин алдын алуу үчүн дароо чогулуш өткөзө калды. Анда башчысы Абусуфянды келишимди жаңылап келүү үчүн Мадинага жөнөтмөй болду.

Пайгамбар САВ андан бир аз алдын сахабаларына Курайштын кыянаттыгы тууралуу эмне кылаарына ишаарат кылып: “**Абусуфян келишимди бекемдөө үчүн, аны узартуу үчүн келаткансыйт”-** деп айткан эле.

Абусуфян Курайштын чечими менен Мадинаны көздөй жолго чыкты. Жолдо келатып Асфанга жеткенде Бадил ибну Варка менен жолугуп калат. Ошол кезде Бадил Мадинадан кайтып Меккеге келе жаткан болчу. Абусуфян: “Кайдан келе жатасың Бадил?”-деп сурап калат. Анткени, ал Бадилди Пайгамбарга САВ барып келе жатат деп ойлоду. Бадил: “Жээкте басып, адырларды айланып келе жатабыз”- деген жоопту айтты. Абусуфян: “Мухаммедке барган жоксуңбу?” Бадил: “Жок”- деп жооп берди.

Бадил Меккени карай жылып кеткенде, Абусуфян мындай деди: “Эгер бул Мадинага келген болсо, анда төөлөрүн Мадинанын дан уругу менен жемдейт деп төөлөрү токтогон жерге келди да тезегинен алып ачып көрдү эле ичинен дан уругу чыкты, ошондо: “Аллахка ант, ал чындап эле Мухаммедке барыптыр”.

Абусуфян Мадинага келип кызы Уммухабийбанын үйүнө келди. Келип үйүнө кирип Пайгамбардын САВ төшөгүнө олтурайын деди эле, кызы атасын төшөкө олтургузбай тартып алды. Абусуфян: “Оо, кызым! Бул төшөккө эмне мени олтургузбай жатасың?”-дегенде кызы: “Бул Пайгамбардын САВ төшөгү, а сен болсо мушрик нажас инсансың”- деп айтты. Абусуфян: “Аллахка ант, бул жакка келип сага жин тийиптир”.

Ал жерден чыгып Пайгамбарга САВ келип сүйлөшөйүн дегенде Пайгамбар САВ сүйлөшпөй тескери карап басып кетти. Анан Абубакирге келип Пайгамбар САВ менен сүйлөшүп берүүнү өтүндү. Абубакир: “Жок, мен бара албайм”- деген жоопту айтты. Анан Умар ибну Хаттапка келип айтты, Умар: “Мен Пайгамбарга САВ келип силер үчүн сүйлөшүп беремби? Аллахка ант болсун, эгер тыюу болбогондо сазайыңарды бермекмин”. Анан Абусуфян Али ибну Абуталиптин үйүнө келип кирди. Алинин жанында аялы Фатима бар экен, баласы Хасан ойноп олтуруптур. Абусуфян: “Оо, Али! Сен биздин арабыздан мага эң боорукер инсансың, мен бир муктаждык менен келдим, үмүт менен келип олтурам. Ошону бүтүрүүгө жардам берип, Мухаммедке барып айтсаң мени менен сүйлөшсүн”. Али: “Куруп кеткир оо, Абусуфян! Пайгамбар САВ катуу чечим чыгарды. Ошондуктан, эч кимибиз барып сүйлөшө албайбыз. Айласы кеткен Абусуфян Фатимага карап мындай деди: “Сен бул балаңа айтсаң, элдерге чыгып жардам берүүнү айтсын, ошондо араптардын эң кадырлуу инсаны болот эле?” Фатима: “Аллахка ант, балам элдерге барып андайды айта албайт, Пайгамбарды САВ да эч ким сени менен сүйлөштүрө албайт.

Ошондо Абусуфяндын айласы түгөнүп, көзүнө бүт дүйнө караңгы көрүнүп, кайгы-капага батып, үмүтү үзүлгөн абалда Алиге мындай деди: “Оо, Абул Хасан! Иштин оорлошуп кеткенин көрүп жатам, эми мага бир кеңеш айтчы эмне кылайын?” Али: “Аллахка ант, сенин ишиңди чечүүгө болбой калды. Бирок, сен Кинаана уруусунун кадырлуу инсанысың. Эми чыгып элдерге силерди коргоомо алдым деп айт да жериңе жөнөп кет! Мындан башка нерсени сага айта албайм”. Абусуфян: “Ошондой кылсам ишим оңунан чыгат деп ойлойсуңбу?” Али: “Жок, андай деп ойлобойм. Бирок, мындан башка сага айта турган нерсени тапкан жокмун”. Ошондо Абусуфян мечитке келди да элдерге карап: “Оо, эл журт! Силерди мен өз коргоомо алдым!”-деп айтты да төөсүнө минип Меккени карап жөнөп кетти.

Абусуфян Меккеге келгенде Курайш: «Кандай болду?»-деп сураштты.

Абусуфян: “Мухаммедке келип сүйлөштүм, Аллахка ант, ал мени менен эч сүйлөшпөй койду. Анан Ибну Абукухаафага (Абубакирге) келдим, андан да пайда чыккан жок. Анан Умар ибну Хаттапка келдим, ал эң катуу душман болуп чыкты. Анан Алиге келдим эле ал элдин арасынан эң боорукери болуп чыкты. Али мага бир кеңешти айтты эле аны аткардым да бул жакка келдим. Бирок, ал ишим бизге жардам береби же жокпу? Билбейм”.

Курайш: “Али эмнени айтты?”.

Абусуфян: “Элдерге чыгып өз коргооңдо болоорун айт”-деди эле ошондой кылдым.

Курайш: “Ошого Мухаммед уруксат бердиби?”

Абусуфян: “Жок”.

Курайш: “Куруп кеткир, ал жөн гана сени менен оюн ойноптур”.

Абусуфян: «Андан башка эч айла таппадым да”.

## *Согушка даярдануу, Меккеге барууну жашыруу:*

Имам Табаранийдин риваятында келет, Меккеге болгон согушка даярдык тууралуу – келишим бузулгандыгы жөнүндө кабар келе электен үч күн алдын - Пайгамбар САВ Айшага "сапарга чыгууга даярдык көр, эч ким билбесин"- деп айткан экен. Ошондо Абубакир кызынын жанына кирип калат: "Оо, кызым! Кай жакка даярдык көрүп жатасың?

Айша: «Чындыгында мен да билбейм".

Абубакир: "Азыр сарынын балдары менен уруша турган убак эмес, Пайгамбар САВ кайсы жакка даярдык көрүп жатат?"

Айша: «Аллахка ант, чындап эле билбейм".

Бул сүйлөшүүдөн үч күн өткөндөн соң Амру ибну Саалим Хузаа уруусу менен кырк кишини алып кирип келди да жогорудагы айткан төкмө ыры менен жардам сурады. Ошондо гана келишим бузулганын элдер билди. Амрудан соң Бадил да келди, андан соң Абусуфян келди. Анан элдер иштин чоо жайын түшүндү. Пайгамбар САВ элдерди даярдык көрүүнү айтып Меккеге баруу тууралуу кабар берип мындай деди: "**Аллахым! Курайшка жеткизип бара турган көздөрдү өзүң тосуп, алардын жерине кокусунан бастырып баралы".**

Пайгамбардын САВ Меккеге бараарын билгизбөө үчүн башка дагы иш жасады. Ал да Абу Катаада ибну Раийди сегиз киши менен Зухашаб менен Зумурранын ортосунда жайгашкан Азм жерине 8 х. ж. Рамазан айынын эң алгачкы күнү жортуулга жөнөттү, ал жер Мадинадан үч күндүк узак жол. Башкалар Пайгамбарды САВ ошол жакка баратат деп ойлоп, ошондой кабар тарасын деп жөнөттү. Жөнөткөн жамааты көздөгөн жерге жетип барды, анан аларга Пайгамбардын САВ Меккеге жөнөп кетиптир деген кабары угулгандан соң, ал жамаат Пайгамбардын САВ артынан жетип келди.

Хаатиб ибну Абубалта Курайшка жашыруун кат жазып, Пайгамбардын САВ ошол тарапка бара жаткандыгын айтып. Катты бир аялга берип, “Курайшка тез жеткирип бар”- деп, катты эч ким билбей турган жерге бекитүүсүн айтты. Аял катты чачынын арасына катып алды да Меккени көздөй бет алды. Хаатибтин мындай кылгандыгын кудуреттүү Кудай Таала вахий кабары аркылуу билдирип койду. Ошол замат Пайгамбар САВ Али менен Микдадды аялдын артынан жөнөтүп: “**Тез баргыла да Хах бакчасына жеткиле, ошол жерде төө менен бараткан аял бар, ал аялда Курайшка жөнөтүлгөн кат бар, аны алып келгиле”-** деп айтты. Экөө атын минип бир-бири менен жарышкан бойдон айткан жерге жетип барды, барып ал жерден аялды табышты да: “Сенде кат барбы?”-деп сурады, аял: “Жок менде эч кандай кат жок”-деп жооп берди. Экөө аялдын төөсүн аңтарып көрдү. Бирок, эч нерсе таба албады, ошондо Али: “Аллахка касам ичип айтам, Пайгамбар САВ калп айтпайт. Аллахка ант, эгер катты чыгарбасаң кийиминди бирден бирден кылып чечип катты табам”. Аял Алинин чындап айтып жатканын сезип калып корккондунан: “Тескери карап тургула!”- деди эле, экөө тескери карап турду. Аял башындагысын чечип катты чачынан алып экөөнө берди. Экөө катты алып Пайгамбарга САВ алып келди. Катты окуса: “Хаатиб ибну Абубалтадан Курайшка деп Пайгамбардын САВ бараткандын кабар берип жазган экен. Пайгамбар САВ Хаатибти чакыртып: “**Хаатиб, бул эмне кылганың?”** Хаатиб корккондунан: “Мени жазалоого шашпаңыз оо, Аллахтын элчиси! Аллахка касам ичем, Аллахка, Пайгамбарына ыйман келтирип мусулман элемин, динден чыккан жокмун, динимди алмаштырган да жокмун. Бирок, Курайшка жакын болоюн дедим. Анткени, ал жакта менин жакындарым, балам бар, аларды коргой турган ал жакта менин эч кимим жок. Сиздин ал жакта коргой турган жакындарыңыз бар. Ошондуктан, аларга жакын болуп ошол үй-бүлөмдү коргосун деп эле кылганым”. Умар ибну Хаттап:

“Оо, Аллахтын элчиси! Уруксат берсеңиз башын үзө чабайын, бул Аллахка Пайгамбарына кыянат кылып мунафык болду”- деди эле, Пайгамбар САВ: “**Жок, бул Бадр согушуна катышкан киши. Умар, сен кайдан билесиң балким Аллах Таала Бадр согушуна катышкандардын күнөөсүн кечиргендир”-** деди да ушул сөзүн айтты: **“Эми каалаганыңарды кылгыла мен силерди кечирдим”.** Ошондо, Умардын көзүнөн жаш агып: “Албетте, Аллах менен элчиси жакшыраак билүүчү”- деди.

Ушинтип Аллах Таала Курайшка жете турган кабарларды токтотуп койду. Мусулмандар чоң көлөмдө аскер жыйнап, согушка даярдык көрүп Меккеге бараткан кабары Курайшка жетип барган жок.

## *Ислам жоокерлери Меккени көздөй бет алды:*

Рамазан айынын он күнү өткөндөн соң 8 х. ж. Пайгамбар САВ он миң сахаба менен Мадинадан Меккени карай бет алды. Мадинага Абузар Гифарийди башчы кылып калтырды.

Жахфага жеткен кезде же андан өйдөрөөктө Пайгамбардын САВ атасынын иниси Аббас ибну Абдулмуталип Пайгамбар САВ менен жолугушту. Анткени, Аббас үй-бүлөсү менен мусулман болуп Меккеден Пайгамбарга САВ бараткан болчу. Анан мусулмандар Абваага жеткен кезде Пайгамбардын САВ атасынын бир тууганын баласы Абусуфян ибну Хаарис менен жана атасынын карындашынын баласы Абдулла ибну Абу Умая экөө Пайгамбарга САВ жолукту. Бирок, Пайгамбар САВ бул экөөнөн көптөгөн азап-тозокторду көргөнүнө байланыштуу экөө менен сүйлөшүүгө баш тартты. Ошондо, Умму Салама Пайгамбарга САВ мындай деди: “Атаңыздын бир тууганын баласы менен атаңыздын карындашынын баласы сиз үчүн эң бактысыз адам болду”. Абусуфянга Али: “Пайгамбардын САВ алдына жүзү жагынан келип Юсуф Пайгамбардын бир

туугандары Юсуфка айткан ушул: ***“Аллаhка ант, Аллаh сени бизден абзел-жогору кылды. Биз ката кылуучулардан болдук!”*** (Юсуф, 91)- деген аятты айтсаң, эң ылайыктуу сөздү айткан болосуң. Ошондо гана Пайгамбар САВ сени менен сүйлөшөт”- деп айтты. Абусуфян Али айткандай кылып Пайгамбарга САВ айтты эле Пайгамбар САВ Абусуфянга: ***“Бүгүн силерди жемелөө жок. Силерди Аллаhтын Өзү кечирсин! Ал – ырайым кылуучулардын эң ырайымдуусу”.*** (Юсуф, 92) -деп жооп берди. Ошондо Абусуфян сүйүнгөнүнөн ушул ыр саптарын айтты:

“Касам болсун мен согушка барганда.
Бутпарастардын жоокерин
Мухаммеддин жоокери жеңди анда.
Мени туура жолго салды напсим эмес башкасы.
Аллах жолуна ошол мен кууган адам баштады.

Пайгамбар САВ Абусуфяндын көкүрөгүнө уруп: “**Ошол мени, сен кууган элең!”-**деп айтты.

## *Ислам жоокерлери Захран өтмөгүнө келди:*

Пайгамбар САВ орозону кармап сахабалар да кармап, Асфан менен Кадиддин аралыгындагы Кедид суусуна келди. Ошол жерде баары ифтар кылып ооз ачты. Анан жолду улап Захран өтмөгүнө кечинде келип ошол жерге конду. Пайгамбар САВ жоокерлердин баарына от жагууну буйруп, он миң от жагылды. Умарды болсо Пайгамбар САВ кароолчулукка дайындады.

## *Абусуфян Пайгамбардын САВ алдында:*

Пайгамбар САВ Захран өтмөгүнө келип конгондон соң, байкеси Аббас Пайгамбардын САВ ак качырына минип отун таап келүүгө чыкты. Балким жолдо бирөөсүн жолуктуруп

калсам Курайшка Пайгамбардын САВ келатканын кабар берсе, мусулмандар Меккеге кире элегинде, алар тосуп чыгып Пайгамбардан САВ кечирим сурап калаар бекен деген ойдо качырды минип жөнөдү.

Анткени, Аллах Таала Курайшка кабарды жеткизбей тосуп койду. Ал эми Курайш болсо коркуп аржак-бержактан кабар алып турду. Абусуфян да Меккеден сыртка чыгып аңдып келип жатты. Ошол убакта Абусуфян, Хаким ибну Хузам жана Бадил ибну Варка көз чаптырууга сыртка чыгышкан эле.

Бул тууралуу Аббас айтат: "Мен Пайгамбардын САВ качырына минип бараттым эле, ошол кезде Абусуфян менен Бадил ибну Варканын сүйлөшүп бараткан сөзүн угуп калдым. Экөө артка кайтып кетип жаткан экен. Абусуфян Бадилге: "Караңгы түндө мынчалык жагылган көп отту жана көп аскерди көрбөдүм"-деди, Бадил: "Алар Хузаа уруусу, согуштун ачуусунан ошондой кылып жатат". Абусуфян: "Хузаа уруусунун анчалык аскери жок. Ошондуктан, андай көп көлөмдөгү от жага албайт.

Аббас айтат: "Ошол замат Абусуфяндын үнүн таанып калдым да: Абуханзала (Абусуфян)?"-деп кыйкырдым.

Абусуфян: "Абулфадл (Аббас)?-деп ал да мени таанып калды.

Мен: "Ооба, менмин".

Абусуфян: "Ата энем садага болсун, эмне кылып жүрөсүң?"

Мен: «Бул Пайгамбар САВ менен жоокерлери, эми Курайштын иши бүттү».

Абусуфян: «Я, ата энем садага болсун, эми эмне кылабыз?»

Мен: «Эгер сени көрүп калышкан болсо анда Аллахка ант, башыңды жыга чабышат. Ошондуктан, эч ким билбеси үчүн менин артыма учкаш да өзүңдү билдирбе. Пайгамбардын САВ алдына алып барып сени өз коргоосуна алуусун сурайм"-

деп айттым да учкаштырып алып жөнөдүм. Анын эки шериги Меккеге кайтып кетти.

Абусуфянды учкаштырып мусулмандардын арасынан өтүп бараттым, кайсыл мусулмандын жагып отурган отунун жанынан өтпөйүн ал: “Ким бул?”-деп, Пайгамбардын САВ качырына минип баратканымды көрүп: “Аа, Пайгамбардын САВ байкеси анын качырына минип баратат экен”- деп айтып байкашкан деле жок. Акыры Умар ибну Хаттаптын жагып олтурган отунун жанынан өтүп баратканда Умар: “Ким бул?”-деп айтты да жаныма келип артыма учкашып келаткан Абусуфянды көрүп калып: “Аа, Аллахтын душманы Абусуфянбы? Сени оңой эле колго түшүрүп берген Аллахка мактоолор болсун!”-деп айтты да Абусуфянды сүйрөп Пайгамбарга САВ алып жөнөдү. Мен да качырды катуу айдап Пайгамбардын САВ алдына алардан алдын барайын деп жөнөп бардым да, жеткенде качырдан ыргып түшүп Пайгамбардын САВ алдына кирип бардым. Бирок, Умар да бат эле кирип келип: Оо, Аллахтын элчиси! Мына Абусуфян, уруксат бериңиз башын үзө чабайын. Мен: “Оо, Аллахтын элчиси! Муну мен өз коргоомо алдым”-деп айттым да Пайгамбардын САВ алдына келип башын кармап: “Аллахка ант болсун, бул кече менден башкасы сизден жардам сурабайт. Ошондо, Умар жанагы сөзүн айта бергенде мен: “Токтой турчу Умар! Аллахка ант, эгер сенин тууганарың Адий ибну Кааб уруусунан болгондо мындай демек эмессиң”-дедим. Умар: “Сен токтой турчу Аббас! Аллахка ант, эгер атам Хаттап исламды кабыл кылганда андан көрө сенин исламың мен үчүн жакшыраак эле, анан Пайгамбардын САВ алдында Хаттаптын исламга келүүсүнөн көрө сенин исламга келүүң жакшыраак экендигин билдим”.

Ошондо, Пайгамбар САВ: “**Оо, Аббас! Муну алып кет да эртең-эрте менен алып кел”-**деп айтты. Мен Абусуфянды алып кетип эртеси-эрте менен Пайгамбарга САВ алып келдим. Пайгамбар САВ: “**Оо, Абусуфян! Сага эмне болду,**

**сыйынууга татыктуу Аллахтан башка кудай жок экендигин дагы деле билбей жатасыңбы?”-**деди Абусуфян: “Ата энем сага садага болсун, кандай гана жумшак, мээримдүү, боорукер инсансың! Эгер Аллахтан башка кудай болгондо анда эчак эле мага жардам бермек”.

Пайгамбар САВ: “**Оо, Абусуфян! Мен Аллахтын элчиси экендигимди дагы деле билбей жатасыңбы?** Абусуфян: Ата энем сага садага болсун, кандай гана жумшак, мээримдүү, боорукер инсансың! Ал эми бул жөнүндө дагы деле напсимде бир (жаман) нерсе бар”. Ошондо Аббас Абусуфянга: “Куруп кеткир, исламды кабыл кылсаң, башыңды чаап сала элегинде! Сыйынууга татыктуу Аллахтан башка эч кандай зат жок, Мухаммед Аллахтын элчиси деп күбөлүк келимесин айт”- деди. Абусуфян күбөлүк келимесин айтып мусулман болду”.

Аббас: “Оо, Аллахтын элчиси! Абусуфян өзүн көтөрүп сыймыктанууну жакшы көргөн инсан, ага бир нерсе айтыңыз”. Пайгамбар САВ: “**Макул, ким Абусуфяндын үйүнө кирсе ага эч ким тийбейт, ким үйүнө кирип эшигин бекитип алса ага эч ким тийбейт, ким Харам мечитине кирсе ага эч ким тийбейт”-** деп айтты.

## *Ислам жоокерлери Захран өтмөгүнөн Меккеге карай жол алды:*

Ошол күнү эрте менен, 8 х. ж. шейшемби күнү Рамазан айынын он жетинчиси болгон таңда, Пайгамбар САВ Захран өтмөгүнөн Меккени карай жолун улады. Абусуфянды Хатым тоосунун чыга беришинде ислам жоокерлерин өтүп жатканын көрүп турсун деп, ошол жерде кармап турууну Аббаска дайындады. Аббас Пайгамбар САВ айткандай кылып Абусуфянды ошол жерге алып барды. Ошондо ар бир жамаат өз желегин кармап өтүп жатканда Абусуфян Аббастан: “Оо, Аббас! Бул кайсыл уруу?”-деп сурап жатты.

Аббас: “Мисалы – Бул Салим уруусу”-деп айтып жатты.

Абусуфян: “Салим уруусубу?”

Анан дагы бир уруу өткөндө: “Бул кайсыл уруу?”

Аббас: “Музайна уруусу”.

Абусуфян: “Музайна уруусубу?”-деп кайсыл уруу өтпөсүн баарын Аббастан сурап турду.

Акыры Пайгамбардын САВ жамааты мухажириндер менен ансарлар жашыл желекти көтөрүп өтүп баратканда, алардан даңгыраган темирдин гана үнү угулуп жатты. Ошондо Абусуфян: “Субхааналла Оо, Аббас! Бул кайсыл жамаат?”-деп сурады эле

Аббас: “Бул Пайгамбар САВ мухажириндер жана ансарлар менен келатат”- деген сөздү айтты.

Абусуфян: “Буларга эми эч ким туруштук бере албайт, деди да: Оо, Абулфадл (Аббас)! Байкеңдин баласынын падышалыгы мына бүгүн ушунчалык улуулукка жетиптир”.

Аббас: “Оо, Абусуфян! Ал деген Пайгамбарлык”.

Абусуфян: «Анда кандай сонун”.

Ансарлардын желеги Саьд ибну Убаадада эле, Саьд Абусуфяндын жанынан өтүп баратканда ага карап: “Бүгүн кыргын боло турган күн, бүгүн тыю салынган нерселерге уруксат боло турган күн (талап тоноо боло турган күн). Бүгүн Аллах Курайшты шерменде кылып паска урган күн, деген сөзүн айтты. Пайгамбар САВ Абусуфяндын жанынан өтүп баратканда ал: “Оо, Аллахтын элчиси! Саьддын эмне дегенин укпадыңызбы?” Пайгамбар САВ: “**Эмне деп айтты?”** Абусуфян: “Ал ушундай ушундай”-деп айтты. Пайгамбар САВ: “**Жок, бүгүн Каабаны улуктай турган күн, бүгүн Аллах Курайшты улуу кылган күн”-**деп айтты да Саьддан желекти алып салып баласы Кайска берүүнү буйруду. Бирок, Саьддан желек алынган эмес деген да сөздөр бар. Кээ бир риваяттарда: «Желекти андан алып Зубайрга берген”- деп да келет.

## *Курайш ислам жоокерлеринин каптап келгендигинен чочуп кетти:*

Пайгамбар САВ Абусуфяндын жанынан өтүп бүткөндөн соң, Аббас Абусуфянга: “Эми тез барып элди куткар”-деп айтты. Абусуфян шашкан бойдон Меккеге келип үнүнүн баарынча бакырып: “Оо, Курайш эли! Мухаммед кирип келатат, эми аны тосууга эч кимдин күчү жетпейт, ким Абусуфяндын үйүнө кирсе ага эч ким тийбейт”. Ошондо Абусуфяндын аялы Хинд бинту Утба анын мурутунан кармап туруп: “Бул семиз акмакты өлтүргүлө, айтканы курусун”- деп айтты.

Абусуфян: “Далдырагандар, андай нерсе силерди азгырбасын, анын келаткан жоосуна бүгүн силер туруштук да бере албайсыңар. Ким Абусуфяндын үйүнө кирсе ага эч ким тийбейт”-деди эле ага элдер: “Аллахтын өзү алсын сени, сенин үйүң бизге эмне кылып бермек эле?” Абусуфян: “Ким үйүнө кирип эшигин бекитип алган болсо ага эч ким тийбейт, ким Харам мечитине кирген болсо ага эч ким тийбейт”. Ошондо топтолгон элдер үйлөрүнө жана Харам мечитине шашкан бойдон тарап кетишти. Бирок, кээ бир зөөкүрлөрү: “Бул жигиттерди аларга каршы урушууга чыгаралы, эгер Курайш утуп кетип жаткан болсо анда буларга кошулуп кетебиз. Ал эми алар жеңген болсо анда сураганын беребиз”- деп Курайштын бир нече зөөкүрлөрү чогулду, алардын башында турган Икрима ибну Абужахл, Сафван ибну Умая, Сухайл ибну Амру мусулмандар менен согушууга Хандама деген жерге келишти. Булардын арасына Бакир уруусунан болгон Хамас ибну Кайс деген зөөкүр да кошулду. Анткени, ал алдын Курайш жоокерлерине куралдарды даярдап берип жаткан, ошондо Хамастын аялы ага: “Эмнеге курал даярдап жатасың?”-деп сурап калды эле ал: “Мухаммед менен анын жолдошторуна каршы согушууга”- деди. Аялы: “Аллахка ант болсун, Мухаммедке алар эч нерсе кыла албайт”. Ал:

“Курайшка аз болсо да жардам берейин”- деп айтты да ушул ырын төктү:

Бүгүн алар каптаса да мен качпаймын.
Бул жакшы курал менен талкалаймын.
Курч курал менен катуу бат чуркаймын”.

Ошентип Хамас да зөөөкүрлөргө кошулуп Хандамага барды.

## *Ислам жоокерлери Зуутавада:*

Ал эми Пайгамбар САВ Зуутавага келди, ошол жерден Меккеге кирип баратып Аллахтын берген Меккенин ачылышына кубанганынан, урматтуу жүзүн ылдый каратып. Кудуреттүү Кудай Таалага таазим кылып, башын ылдый карай ийип, сакалы минген улоосунун ээрине тийейин деп Меккеге кирип баратты. Ошол жерден жоокерлери Меккенин ар тарабынан кирүү үчүн ар жак-бержакка бөлүп таратты. Халид ибну Валидди оң капталга жөнөттү, аны менен бирге Аслам, Салим, Гифар, Музайна, Жухайна жана башка арап уруулары кетти. Халидди Меккенин ылдый жагынан кирүүнү буйруп: “**Эгер силерге каршы Курайшатан бирөө жарым урушка чыккан болсо, аларды кырып салгыла, анан мени Сафада күтүп тургула ошол жерде жолугушабыз”-** деп айтты.

Зубайр ибну Аваам сол капталдан жөнөдү, анда Пайгамбардын САВ желеги бар эле. Зубайрды Меккенин өйдө - Кида тараптан – кирүүгө буйруп. Желекти Хажжунга сайып, Пайгамбар САВ келгенче күтүп турууну айтты.

Абу Убайда жөө жүргүнчүлөрдү алып бараткан болчу – аларда курал жарактар жок эле – аны тоонун ылдый тарабынан Меккеге кирип Пайгамбарды САВ утурлай чыгууну айтты.

## Ислам жоокерлери Меккеге кирүүдө:

Ар бир ислам кошууну дайындалган тараптан Меккеге кирүүнү баштады. Ал эми Халид менен жамаатынын алдынан мушриктердин эч кимиси тосуп чыккан жок. Бирок Халиддин кишилеринен Караз ибну Жаабир Фахрий менен Ханис ибну Халид ибну Рабия мусулман жоокерлеринен бөлүнүп, башка жол менен киргендиктен бул экөөнү мушриктер өлтүрүп салды. Ал эми Курайштын жанагы мыкаачылары Хандамада турган кезде Халид ибну Валиддин жоокерлери менен кездешип калат. Ошондо, ортодо бир аз салгылашуу жүрүп кетет да мусулмандар алардан он экөөсүн өлтүрүп салат, ошол замат бул мыкаачылар артын карабай качып жөнөйт, булар менен кошо мусулмандарга каршы курал даярдап жаткан Хамас ибну Кайс да качып, үйүнө кирип келет да аялына: “Батыраак эшикти бекит”- дейт. Аялы: “Жанагы айтып жаткан сөздөрүң кайда?”- дегенде ал:

“Сен бүгүн көргөнүңдө Хандамада.
Сафван менен Икрима да качып кетти анда.
Мусулмандар кылыч менен тосуп алды бизди.
Ар бир чыккандын башын чаап кирди.
Соккулаган үндөр гана чыгып жатты.
Артыбыздан бакырган гана үндөр чыкты.
Болду эми сүйлөбөгүн жемелеген сөздү”.

Ошентип Халид Меккени титиретип кирди да Сафада Пайгамбар САВ менен жолугушту.

Ал эми Зубайр Пайгамбардын САВ желегин Фатх мечитинин алдындагы Хажжунга алып келип сайып, ошол жерде чатырча куруп Пайгамбарды САВ күтүп алды.

## *Пайгамбар САВ Харамга кирип Каабаны буттардан тазалады:*

Баары чогулгандан соң Пайгамбар САВ ордунан туруп Каабаны карай жөнөдү, анын айланасында мухажириндер менен ансарлар оромоктоп келатты. Каабага барып кара таштын алдына келип салам кылып, тооп кылды. Колунда жаасы бар эле. Ошондо Каабада үч жүз алтымыш бут бар болчу. Буттарды жаасы менен уруп сындырып, талкалап Аллахтын түшкөн ушул аяттарын айтып жатты: ***“Акыйкат (Ислам) келип, жалган (диндер) жоголду. Аныгында жалган жоголуучу нерсе”.*** (Исра, 81)

***“Акыйкат (Тавхид) келди. (Жалган-ширк алсыз болуп калды) эми жалган (өз ишин) баштай да албайт, кайталай да албайт!”.*** (Саба, 49)

Пайгамбар САВ ошондо тоопту, минип келген улоосу менен кылды. Анткени, ошол кезде улоо менен тооп кылууга али тыюу салына элек болчу. Тооп кылып бүткөндөн соң Усман ибну Талханы чакырып Каабанын ачкычын алдырды, анан Усманды Каабаны ачууга буйруду эле ал ачып берди. Пайгамбар САВ Каабанын ичине кирип караса ар түрдүү сүрөттөрдү көрдү, сүрөттөрдүн арасында Ибрахим Пайгамбар менен Ысмайыл Пайгамбардын буттардан тиленип жаткан сүрөтү да бар экен, ошондо Пайгамбар САВ: “**Аллах жок кылсын аларды, бул экөө эч качан буттарга сыйынган эмес”-** деп айтты. Каабанын ичинде жыгачтан жасалган көгүчкөндүн сөлөктү да бар экен аны өз колу менен сындырды да, башка сүрөттөрдүн баарын өчүрүп салууга буйруду эле өчүрүп салышты.

## *Пайгамбар САВ Каабада намаз окуп, Курайштын алдында хутба айтты:*

Анан Пайгамбар САВ Каабанын эшигин жаптырды, Усаама менен Билал да ошол жерде турду. Каабанын эшик жагындагы дубалды карап намаз окуду, намазын окуп бүткөндөн соң Каабага көз чаптырып, такбир айтып, Аллахты жалгыздап улуктады. Анан эшикти ачтырды, ошол кезде Курайш эли катарга тизилип алып эмне кылаар экен? - деп жалдырап карап турушту.Пайгамбар САВ эшиктин эки түркүгүн кармап хутбасын айтып баштады:

**“Аллахтан башка сыйынууга татыктуу эч кандай зат жок, Ал жалгыз, анын эч кандай шериги жок. Ал убадасын аткарды, өз пендесин жеңишке жеткизди, топтолгон душманды Өзү жок кылды. Эми бардык эски адаттар, байлыктар, кан төгүүлөр баары бул эки бутумдун астында (жок болду), бир гана Каабага кызмат кылган жана ажыларды суу менен камсыз кылган калды. Эми ката кылып өлтүргөндөр атайын өлтүргөн сыяктуу болот – аларга таяк – жана кун төлөөсү керек, жүз төө.**

**Оо, Курайш эли! Эми Аллах силердин караңгылык дооруңарды жана ата-бабаларыңар менен текебер болууңарды жок кылды. Анткени, бардык инсандар Адамдан тараган, Адам топурактан жаралган.** Анан Пайгамбар САВ ушул аятты окуду:

***“Оо, адамдар! Биз силерди бир эркек жана бир аялдан (Адам-Ата менен Хаваа-Энеден) жаратып, өз ара таанышып-билишиңер үчүн улуттарга, урууларга (бөлүп) койдук. Аллаhтын назарында силердин эң улугуңар – такыбалуураак болгонуңар. Аллаh чынында, Билүүчү, Кабардар!”.*** (Хужурат, 13)

## *Бүгүн силерди жемелөө жок:*

Пайгамбар САВ хутбасын айтып бүткөндөн соң Курайш элине карап мындай деди: “**Оо, Курайш эли! Эми мен силерди эмне кылат деп ойлойсуңар?”** Курайш: “Жакшылык болсун, сен боорукер туугансың жана боорукер туугандын баласысың!” Пайгамбар САВ: “**Мен силерге Юсуф Пайгамбар бир туугандарына айткан: *“Бүгүн силерди жемелөө жок”* деген сөздү гана айтам. Тарай бергиле баарыңар эркинсиңер”.**

## *Каабанын ачкычын өз ээсине кайтаруу:*

Андан соң Пайгамбар САВ Каабада олтурду. Али Каабанын ачкычын алып Пайгамбарга САВ келди да: «Оо, Аллахтын элчиси! Бизге Каабаны көзөмөлдөөнү жана ажыларды суусундук менен камсыз кылууну берсеңиз, сизге Аллахтын салаваттары болсун!”- деп айтты. Башка риваятта бул сөздү Аббас айткан деп келет. Пайгамбар САВ: “**Усман ибну Талха кайда?”-**деп айтты эле Усманды чакырып келишти. Пайгамбар САВ Усманга: “**Мына ал ачкычыңды оо, Усман, бүгүн жакшылык жана убаданы аткара турган күн”.** Ибну Саьддын Табакат деген китебинде Пайгамбар САВ ачкычты Усманга берип жатып ушундай деди: “**Ачкычты түбөлүкө алгыла, эми силерден заалымдан башка эч ким албайт. Оо, Усман! Аллах Таала силерди өз үйүнө кызматчы кылды, бул үйгө келген ырыскыдан адал кылып жегиле.**

## *Билал Каабанын үстүнө чыгып азан айтты:*

Намаздын убагы келип калып, Пайгамбар САВ Билалды Каабанын үстүнө чыгып азан айтууга буйруду. Ошол кезде Абусуфян ибну Харб, Итаб ибну Усайд жана Хаарис ибну Хишам Каабанын аржагында буларды карап олтурган болчу.

Итаб: “Аллах атам Усайдды рамaтылык кылсын. Анткени, бул үндү укканда каны кайнамак”.

Хаарис: «Аллахка ант, эгер бул жол акыйкат жол болгондо мен да ээрчимекмин”.

Абусуфян: «Мен эч нерсе деп айта албайм, эгер бир нерсе десем бул таштар кабар берип коёт”.

Ошол кезде Пайгамбар САВ булардын алдына келип калды да: “**Силердин эмне деп сүйлөшкөнүңөрдү билдим”-** деп айтты да сүйлөшкөн сөздөрүн аларга айтып берди. Ошол замат Хаарис менен Итаб: “Сен чындыгында эле Аллахтын элчиси экендигиңе эми күбөлүк беребиз. Аллахка ант, биздин бул сөзүбүздү сага айткыдай эч ким уккан жок”- деп айтты да экөө теӊ исламды кабыл кылды.

## *Ачылуу намазы же шүгүр намазы:*

Пайгамбар САВ ошол күнү Абуталиптин кызы Умму Ханинин үйүнө барып жуунуп таранып, ошол үйдө сегиз рекет намаз окуду. Намаз окуган убакта күн чыгып кыйла көтөрүлүп калган болчу. Кээ бири бул намазды күн чыкканда окулуучу духа намазы деп ойлошкон, Бирок, ал ачылуу намазы эле (Меккенин ачылышына окуган шүгүр намазы). Умму Хани кайнаталарын өлтүрбөө үчүн өз коргоосуна алып Пайгамбарга САВ айтты. Пайгамбар САВ: “**Оо, Умму Хани! Сен кимди өз коргооӊо алсаӊ биз да аларга тийбейбиз”.** Анткени, Умму Ханинин бир тууганы Али ибну Абуталип аларды өлтүрүп салайын дегенде Умму Хани аларды үйүнө алып кирип эшикти жаап куткарып калган болчу. Ошондуктан, бул тууралуу Пайгамбардан САВ сураган эле.

## *Кээ бир мыкаачыларды өлтүрүүгө буйруу:*

Ошол күнү Пайгамбар САВ тогуз мыкаачынын канын төгүүгө буйруду, эгер алар Каабада жашынып жүрүшкөн

болсо. Алар: Абдулузза ибну Хатал, Абдулла ибну Абусарах, Икрима ибну Абужахл, Хаарис ибну Нуфайл ибну Вахаб, Макис ибну Сабааба, Хубар ибну Асвад жана Абдулузза ибну Хаталдын кызматчы эки аялы, анткени ал эки аял Пайгамбарга САВ каршы элдерди тукуруп төкмө ырларды айтып жүрүшкөн болчу жана Абдулмуталип уулдарынын күң аялы Саара, жогоруда айткандай Саарадан Хаатиптин каты табылган болчу.

Абдулла ибну Абусарахты Усман Пайгамбарга САВ алып келип өз коргоосуна алып, канын төгүүнү токтотту. Анткени, аны сахабалар өлтүрүп койбосун деп, Усман катып коюп анан Пайгамбарга САВ алып келди. Абдулла ибну Абусарах алдын исламды кабыл кылып Мадинага көчкөн. Бирок, кийин исламдан чыгып Меккеге келе берген болчу.

Икрима ибну Абужахл Меккеден Йеменге качып кетти. Анан аялы Пайгамбарга САВ келип өз коргоосуна алууга уруксат сурайт. Пайгамбар САВ уруксат бергенден соң, аялы артынан барып Меккеге алып келет. Меккеге келгенде Икрима исламды кабыл кылып эң жакшы мусулмандардын бири болду.

Абдулузза ибну Хатал Каабага барып ага жабышып турганда анын ошол жерде турганын бирөөсү Пайгамбарга САВ айтып келет, Пайгамбар САВ өлтүрүп салууга буйруганда барып өлтүрүп салды.

Макис ибну Сабаабаны Намийла ибну Абдулла өлтүрүп салды. Анткени, Макис алдын исламды кабыл кылып, бир Ансарийди өлтүрүп салат да динден чыгып мушриктерге качып келет.

Хаарис ибну Нуфайл Пайгамбарга САВ эң көп азап-тозокторду көргөзгөн инсандардын бири эле, Хааристи Али өлтүрүп салды.

Хубар ибну Асвад, Пайгамбардын САВ кызы Зейнеп Мадинага көчүп жөнөгөндө Хубар ага тоскоолдук кылып жарга түртүп салган болчу, ошондо Зейнептин боюнан түшүп

калды. Мекке алынганда ал Меккеден качып кетти. Бирок, кийинчерээк кайтып келип исламды кабыл кылып, эң жакшы мусулмандардан болду.

Ал эми Абдулузза ибну Хаталдын кызматчы эки аялынын бирөөсүн өлтүрүп салышат, бирөөсүн кол тийбөө үчүн коргоого алынгандан соң исламды кабыл кылат.

Саара да коргоого алынгандан соң исламды кабыл кылды.

Ибну Хажар айтат: "Өлтүрүүгө буйруган дагы бир киши бар"-деп Имам Абумаьшар айткан: "Хаарис ибну Талатил Хузааьий муну Али өлтүрдү". Имам Хаким да өлтүрүүгө буйруган бир нече кишилерди айтып өткөн алар: "Кааб ибну Зухайр, мунун окуясы белгилүү, кийинчерээк Кааб келип исламды кабыл кылып, жакшы мусулмандардан болгон. Вахший ибну Харб, бул да исламды кабыл кылган. Абусуфяндын аялы Хинд бинту Утба бул аял да исламды кабыл кылган. Абдулузза ибну Хаталдын кызматчысы Арнаб деген аял, бул аялды өлтүрүшкөн. Умму Саьд деген аял да өлтүрүлдү. Ибну Исхактын айтуусунда өлтүрүүгө буйрулган кишилердин саны сегиз, аялдардын саны алты болгон"- деп келет. Балким, Арнаб менен Умму Саьд Абдулузза ибну Хаталдын жанагы ыр айткан кызматчы аялдары болуусу мүмкүн"- деген кептер да бар. Ошондуктан, бул экөөнүн атын же лакабын алмаштырып жиберген деп да келет.

## *Сафван ибну Умаянын жана Фадаала ибну Умайрдын исламды кабыл кылуусу:*

Сафван өлтүрүүгө буйрулгандардын арасында болбогону менен, Курайштын башчы инсандары катары өз жанынан коркуп Меккеден качып кетти. Аны Умайр ибну Вахаб Жумахий өз коргоосуна алууга Пайгамбардан САВ сураганда уруксат берип, Умайрга Пайгамбар САВ Меккеге кийип кирген селдесин да берет. Ошентип Умайр Сафвандын

артынан жетип келет, ошол кезде Сафван Жиддадан кемеге олтуруп деңиз аркылуу Йеменди көздөй кетейин деп жаткан экен. Умайр аны Меккеге алып келди, ошондо Сафван Пайгамбардан САВ эки ай убакыт бер ойлонуп көрөйүн деп сураганда Пайгамбар САВ: "**Төрт ай убакыт берем"-** дейт. Кийинчерээк Сафван исламды кабыл кылат. Анын аялы андан алдын исламды кабыл кылган болчу, анан бул экөөнүн алгачкы никеси менен калтырды.

Ал эми Фадаала болсо тайманбаган киши эле, Пайгамбар САВ тооп кылып жатканда аны өлтүү максатында келет. Бирок, Пайгамбар САВ Фадааланын эмне максатта келгендигин айтып бергенде ошол замат исламды кабыл кылды.

## *Мекке алынгандын эртеси күнкү Пайгамбардын САВ хутбасы:*

Мекке алынгандын эртеси күнү, Пайгамбар САВ элдердин алдына чыгып хутба айтты, Аллахка мактоо алкоолорду айткандан соң мындай деди: "**Оо, элдер! Аллах Таала асмандарды жана жерди жараткандан бери Меккеде кан төгүүнү (жана башка жаман нерселерди) арам кылган (тыюу салган). Ошондуктан Меккеде бул нерсе кыяматка чейин тыюу салынат. Аллахка жана анын элчисине ыйман келтирип мусулман болгон адамдын бул жерде кан төгүүсү күнөө болот же болбосо даракты кыюу да күнөө болот. Эгер бирөө жарым Пайгамбарга САВ уруксат берилди го? -деп сураса айткыла: "Алллах Таала Пайгамбарына уруксат берип башкасына берген жок. Бул уруксат да бир күнгө эле берилип, бүгүн кечекидей (тыю салынган) болуп өз ордуна кайтты. Бул сөздү уккандар укпагандарга жеткизсин".**

Башка риваятта ушундай келет: "**Дарактын шагы да сындырылбасын, аңчылык да кылынбасын, жолдо жаткан**

**нерсеси да алынбасын, бир гана эгер ошол жаткан нерсени таанып билген киши гана алууга болот”.**

Ошол күндөрү Хузаа уруусунан бирөөсү Лайс уруусунан бир кишини мурунку караңгылык доорундагы өчүн алуу үчүн өлтүрүп койгон эле. Пайгамбар САВ ошону назарга тутуп мындай деди: «**Оо, Хузаа уруусу! Кан төгүүнү токтоткула. Анткени, өлүм көбөйүп кетти. Силер бирөөнүн канын төктүңөр. Кимде ким мындан кийин бирөөнү өлтүргөн болсо, өлгөн тараптын туугандары эки нерсенин бирөөсүн аткарууга укуктуу, ал: ошол өлтүргөндүн өзү өлтүрүлөт же болбосо өлтүргөн адам өлгөн тарапка кун төлөп берет”.**

Башка бир риваятта: Ошондо Йемендик Абушах деген бирөөсү ордунан туруп: “Оо, Аллахтын элчиси! Муну мага жазып бериңиз, дегенде Пайгамбар САВ: “**Абушахка жазып бергиле!”-** дейт.

## *Ансарларды Пайгамбар САВ Меккеде калып кетет бекен деген коркуу басты:*

Пайгамбар САВ Меккени алгандан соң – ал киндик каны тамган жери, өз мекени, шаары эле– Ансарлар бир бирине мындай дешти: “Аллах Пайгамбардын САВ өз жерин, мекенин алып бергенден соң, Меккеде калып калат бекен я?” Ошол кезде Пайгамбар САВ Сафада эки колун көтөрүп дуба кылып жаткан эле. Дубасын кылып бүткөндөн соң Ансарларга: “**Бир нерсе дедиңерби?-**деп сурап калды. Ансарлар: «Оо, Аллахтын элчиси, эч нерсе деген жокбуз”- деп айтышты. Акыры чыдабастан бул сөздү Пайгамбарга САВ айтышты эле Пайгамбар САВ: “**Жок, мен силер менен чогуу жашап, өмүрүмдүн акырына чейин силер менен бирге болом”-** деген сөзүн айтты.

## *Ант берүү:*

Аллах Таала Меккени өз Пайгамбарына САВ насип кылгандан соң, Меккеликтер акыйкатты түшүнүп, исламдан башка куткаруучу туура жол жок экендигин сезип, Пайгамбарга САВ моюн сунуп баш ийип, ант берүүгө чогулушту. Пайгамбар САВ Сафада олтуруп Меккеликтердин ант берүү аземин баштады. Умар ибну Хаттап Пайгамбардын САВ ылдый жагында туруп жардам берип жатты. Адамдар болгон күчүбүздүн жетишинче исламга моюн сунуп аткарабыз деп ант беришти.

Мадарик Танзил китебинде ушундай келет: "Пайгамбар САВ эркектердин антын бүткөндөн соң, ошол эле жерде Сафада аялдардын антын кабыл кыла баштады. Умар Пайгамбардын САВ ылдый жагында туруп аялдардын сөзүн Пайгамбарга САВ жеткизип жардам берип жатты. Ошондо Абусуфяндын аялы Хинд бинту Утба мурунку кылган кылмыштарынан, Хамзаны өлтүргөндүгүнөн коркуп Пайгамбар САВ таанып калбасын деп корккон абалда жашынгансып ант берүүгө келген болчу. Пайгамбар САВ аялдарга: "**Аллахка эч шерик кошпойбуз"- деп ант бергиле!"** Умар аялдардын: "Аллахка эч шерик кошпойбуз" деген ант сөздөрүн Пайгамбарга САВ жеткизип айтып турду. Пайгамбар САВ: "**Уурурулук да кылбайбыз деп ант бергиле!"** Ошондо Хинд: "Абусуфян өтө ичи тар киши, эгер мен анын акчасынан ага билдирбей бир аз алсам болобу?" - деп сурап калды эле. Абусуфян: "Ошол алганың сага адал болсун"- деп айтты. Ошондо Пайгамбар САВ Хиндди таанып күлүп жиберди да: "**Сен Хиндсиңби?"** Хинд: "Ооба, оо, Аллахтын элчиси! Мурунку кылгандарымды кечире көр, Аллах сизди кечирсин"- деп айтты.

Пайгамбар САВ: "**Зынаа да кылбагыла!"** Хинд: "Эркин аял да зынаа кылат бекен?" Пайгамбар САВ: "**Балдарыңарды да өлтүрбөгүлө!"** Хинд: "Биз төрөп чоңойтуп койдук, а силер

чоңойгондо өлтүрүп койдуңар"- деп айтты. Анткени, Хинддин баласы Ханзала Бадр согушунда өлгөн эле, бул сөздү укканда Умар чалкасынан түшүп күлдү, Пайгамбар САВ жылмайып койду.

Пайгамбар САВ: "**Бирөөгө жалаа жаппагыла!"** Хинд: "Аллахка ант, жалаа өтө ыплас иш. Сиз бизге туура жолго түшүп, жакшы кулк мүнөздүү болууну гана айтасыз". Пайгамбар САВ: "**Күнөө иш кылбагыла!"** Хинд: "Аллахка ант, ушул убактан баштап эч кимге күнөө кылбайбыз"- деп айтты.

Ошентип Хинд үйүнө келгенде сыйынган бут сөлөкөтүн сындырып мындай деди: "Сени туу тутуп сыйынып жүрө бериппиз, куруп кеткир десе".

## *Пайгамбар САВ Меккеде турган учурунда жасаган иштери:*

Пайгамбар САВ Меккеде он тогуз күн калды. Ал ортодо элдерге исламды үйрөтүп, хидаят-туура жолго баштап, такыба болууга чакырып жатты. Ушул күндөрдүн ичинде Абу Усайд Хузааийди Каабаны оңдоого буйруду. Айланага сахабаларын жөнөтүп исламга чакырды. Меккенин ичиндеги жана айланасындагы сыйынууугу тургузулган айкел буттарды да талкалап салууга кишилерди жиберип, алардын баары талкаланды. Талкаланып бүткөндөн соң Пайгамбардын САВ чакыруучусу Мекке элине ушундай деп жар салды: "*Ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген болсо анда үйүндөгү буттарды талкалап жок кылсын"*.

## *Жортуулдар:*

1- Пайгамбар САВ Меккени алып, бир канча иштерди бүтүргөндөн соң, Халид ибну Валидди Меккенин сыртында жайгашкан Курайштын "Узза" аттуу сыйынган айкелин

талкалап келүүгө жөнөттү, 8 х. ж. Рамазан айынын бүтүүсүнө беш күн калганда. Ал жер Нахлада жайгашып Курайш менен Кинаана уруусунун эң чоң сыйынган айкели болчу. Ал бутка Шейбан уруусу кызмат кылчу. Халид отуз атчан менен жолго чыгып көздөгөн жерге жетип барып, айкелди талкалап жок кылды. Анан Пайгамбардын САВ алдына кайтып келгенде Пайгамбар САВ: "**Сен ошол жерде бир нерсени көрдүңбү?"-** деп сурап калды. Халид: "Жок"- деп жооп берди. Пайгамбар САВ: "**Сен аны талкалабапсын анда, кайра барып талкалап кел"-** деди. Халид атын чапкан бойдон кылычын сунуп кайра барды эле, ал жерден жылаңач болгон бир кара аял чачын жазып чуркап чыкты. Айкелге кызмат кылган киши аялга бакырып, бакырып кала берди. Халид аялды бир чаап экиге бөлүп өлтүрүп салды да Пайгамбардын САВ алдына кайтып келип болгон ишти айтып берди. Пайгамбар САВ: "**Ооба, ошол узза, эми бул мекениңерге келип көп кудайчыл кылып сыйындыруу үмүтү үзүлдү".**

2- Андан соң Пайгамбар САВ ошол эле айда "Сува" айкелди талкалап келүүгө Амру ибну Аасты жиберди. Сува Рахтта жайгашып Хузайл уруусунун сыйынган айкели болчу. Ал жер Меккеден үч чакырым узактыкта жайгашкан. Амру көздөгөн жерге жеткен кезде айкелдин кызматчысы ага: "Эмне кыласың?" -деп сурап калды, Амру: "Пайгамбар САВ муну талкалап кел деп жиберди". Кызматчы: "Буза албайсың". Амру: "Эмнеге?" Кызматчы: "Бул сага бузууга уруксат бербейт"- дегенде, Амру: "Дагы деле сен туура эмес диндесиңби? Куруп кеткир деги бул угабы же көрөбү?" -деп айтты да айкелди талкалап салды. Анан жолдошторун "айкелге тамак аш акча топтоочу сандыкты талкалагыла!"- деп талкалатты эле ичинен эч нерсе чыккан жок. Анан кызматчыга: "Кандай болгонун көрдүңбү?-деди эле, кызматчы: "Аллахка мусулман болдум"- деп айтты.

3- Пайгамбар САВ ошол эле айда Саьд ибну Зейт Ашхалийди жыйырма атчан менен "Муна" аттуу айкелди

талкалап келүүгө жиберди. Ал Кадидке жакын Машлал деген жерде жайгашып, ага Аус, Хызраж, Гассан жана башка уруулар сыйынчу. Саьд көздөгөн жерге жетип келгенде, айкелдин кызматчысы ага: "Эмнеге келдиң?"-деп сурап калды. Саьд: «Мунаны талкалаганы келдим"- деп жооп берди. Кызматчы: "Кандай кылсаң кыл!". Саьд айкелди талкалаганы калганда жыланач чачын, саксайтып алган, бир кара аял бакырып өкүрүп көкүрөгүн каккылап чыгып келди. Кызматчы аялга: "Мунадан кач"- деп айтты. Ошондо Саьд аялды бир чаап өлтүрүп салды да айкелге келип аны талкалап таштады. Ал эми сандыктан эч нерсе тапкан жок.

4- Халид ибну Валид "Узза" айкелди талкалап келгенден соң Пайгамбар САВ ошол эле жылы (8 х) Шаабан айында Жазийма уруусуна согушууга эмес, исламга чакырууга жөнөттү. Халид Мухажириндер, Ансарлар жана Салим уруусунан үч жүз элүү киши менен көздөгөн жерге барды. Барып Жазийма уруусун исламга чакырды эле алар исламды кабыл кылдык дебестен эле: "Динден кайттык, динден кайттык"- дешти. Ошондо, Халид аларды өлтүргөнүн өлтүрүп, кээ бирин туткунга түшүрдү. Анан Халид ар бири колундагы туткунду өлтүрсүн деп буйрук берди эле Ибну Умар менен жолдоштору андай кылуудан баш тартты. Ошентип жоокерлер Пайгамбарга САВ келип бул ишти айтып берди. Пагамбар САВ Халидке ачууланып үнүн катуу чыгарып: "**Аллахым! Халиддин жасаган ишинен мен алысмын"-** деп эки жолу кайталады.

Ошондо Мухажириндер менен Ансарлар туткундарын өлтүрүүдөн баш тартып Салим уруусу туткундарын өлтүрүп салган эле. Пайгамбар САВ Али аркылуу алардын туткундарын кайтарып берди. Ошол кезде Халид менен Абдурахман ибну Ауфтун ортосунда ушул тууралуу катуу сөз чыгып кайым айтышып кеткен эле. Бул кабар Пайгамбарга САВ жетти анан ал: "**Абайлагын Халид, сен менин жолдошторумду жөн койгун! Аллахка ант, эгер сенде ухуд**

**тоосундай алтының болсо да аны Аллах жолуна берсең менин жолдошторумдун таңкы барып келген сообуна жетпейт".**

Меккенин алынуусу ушинтип аягына чыкты. Бул жеңиш акыйкат менен акыйкатсыздыкты айрымалады. Бул ачылыш арап жарым аралындагы бутпарастыкты бүтүндөй жок кылып кыйратып, экинчи кайра тура алгыс кылды. Анткени, бардык арап уруулары мусулмандар менен бутпарастардын ортосундагы жүрүп жаткан кандуу кагылышуунун натыйжасы эмне менен бүтөөрүн аңдып турган болчу. Аллахтын Харам мечитин ким акыйкат жолдо болсо ошол гана ага ээ боло алат экендигин бардык арап уруулары өтө жакшы түшүнчү. Анткени, бул нерсе аларга алдын эле ишаарат көргөзгөн болчу. Мындайча айтканда, ошондон жарым кылым мурун пил окуясы болгондо, пил ээлери Аллахтын Харам мечитин бузуу ниетинде келип натыйжада өздөрү кыйрап, майда майда эт болуп өлүп жок болушкан эле.

Худайбиядагы тынчтык келишими да ушул жеңиштин алдын ала берген белгиси болду. Ошол келишимден соң инсандар тынчтыкта бейпилдитке жашап, бир-бири менен сүйлөшүп калды. Исламда чоң алдыга жылыштар болуп, Меккедеги жашынып жүргөн мусулмандар да өз динин ачык айкын айтып чыга алып, башкаларга динди түшүндүрүүдө өз пикирлерин айтуу укугун алды. Келишимдин натыйжасында көптөгөн инсандар исламды кабыл кылып, кечээ эле үч миңге жетпей жаткан ислам жоокерлеринин саны бүгүн Меккенин алынуусунда он миңден ашып өттү.

Бул жеңиш инсандардын көзүн ачып, исламды тосуп турган көз алдындагы парданы бүтүндөй ачып салды. Ушул жеңиштин натыйжасында мусулмандар арап жарым аралыны узун туурасы менен бүтүндөй колго алып, диний жана сайсий жактан башкарууга алды. Ошону менен арап жарым аралы толугу менен мусулмандардын башкаруусуна өттү.

Худайбиядагы тынчтык келишиминен соңку башталган жаңы доор бүтүндөй мусулмандардын пайдасына болуп, анын натыйжасы көрүп тургандай Меккенин алынуусу менен ийгиликтүү жемиштүү аяктады. Мындан кийинки алдыдагы доор да толугу менен мусулмандардын пайдасына болгон. Анткени, арап чөлүн толугу менен мусулмандар колго алып, арап уруулары Пайгамбарга САВ келип исламды кабыл кылуудан башка арга таппай, исламды кабыл кылып, ислам дааватын бүткүл ааламга жеткизүү аракетинде болду. Алламга исламды таратуу үчүн болгон даярдык алдыдагы эки жылдын ичинде ишке ашты.

## *Үчүнчү этап*

Бул этап Пайгамбардын САВ жашоосундагы эң акыркы бөлүгү. Мында Пайгамбардын САВ исламга жасаган эмгектеринин натыйжасы болуп. Узун убакыт бою көргөн кыйынчылыктары, чарчап чаалыгуусу, ар түрдүү ушак-айың тынчсыздануулар, кагылышуулар, кандуу согуштарды жана башка көптөгөн кыйынчылыктарды Пайгамбар САВ жыйырма жылдан ашуун өз башынан өткөзүп келди.

Меккенин алынуусу мусулмандар үчүн эң чоң жемиштүү ийгилик болду. Ошонун натыйжасында тарых барактары башка нукка бурулуп, араптардын абалы такыр башка жака өзгөрдү. Меккенин ачылуусу, мурунку доор менен алдыдагы келе жаткан доорду башка нукка айырмалап өзгөрттү. Анткени, араптардын көз карашы боюнча Курайш диндин чыккан очогу жана аны сактап келген деп түшүнчү. Ошондуктан араптар Курайштын артынан ээрчиген эле. Эми Курайштын мусулмандарга толугу менен баш ийип калгандыгы, арап жарым аралындагы бутпарас отпарастык динин түп тамыры менен жок кылгандыкты түшүндүрдү.

Бул этапты эки бөлүкө бөлсөк болот:

1- Аллах жолуна согушуу жана ар түрдүү уруштар.

2- Арап урууларынын жамаат-жамаат болуп исламды кабыл кылуусу.

Ушул эки бөлүк бир бирине жакын болуп, бул этапта эки бөлүк тең бир-бири менен чогуу келген. Бирок, биз буларды бир биринен айырмалап, ар бирин тартиби менен өз ордуна коюп, согуш бөлүгүн алдыга коюуну ылайыктуу көрдүк.

# *Хунайн согушу*

Меккенин алынуусу өтө тез арада болгондуктан араптар бул ишке таң калышты, Меккенин айланасындагы уруулар да күтүүсүздөн болгон окуяга эмне кылаарын билбей туруп калды. Анткени, бул нерсени тосууга эч мүмкүн эмес эле. Ошондуктан иштин натыйжасында өзүнүн күчүнө катуу ишенген кээ бир арап уруулары мусулмандарга баш ийбегени менен башка араптар бүтүндөй баш ийүүгө аргасыз болду. Ошол баш ийбеген уруулардын башында турган Хавазин менен Сакиф уруулары, буларга Наср, Жушум, Саьд ибну Бакр уруулары жана Хилал урууларынын бир канча кишилери кошулду, булардын баары Кайс ийлан уруусунан тарагандар. Бул уруулар өздөрүн алдуу күчтүү сезип жеңишке жеткен мусулмандарга каршы чыгып багындырабыз деп ойлошту. Бул уруулардын баары Наср уруусунан болгон Малик ибну Ауфту аскер башчы кылып шайлап, мусулмандар менен согушууну чечти.

## *Душман жолго чыгып Аутаска келип конду:*

Аскер башчы Малик ибну Ауф мусулмандарга каршы согушууну чечкенден соң, жоокерлер менен кошо алардын байлыктарын, аялдарын, балдарын согуш талаасына алып жөнөдү. Жолго чыгып Хавазин уруусунун жериндеги Хунайнга жакын Аутас деген адырга келип конду. Бирок, Аутас адыры Хунайн адырынан башка, ал эми Хунайн адыры

Зул Мажаздын жанында. Хунайн менен Меккенин аралыгы Арафат жактан он чакырымдан узагыраак жерде жайгашкан.

## *Согуштук тажрыйбасы бар бирөөсү аскер башчынын көз карашын туура эмес деп тапты:*

Ошентип, душман Аутаска келип конгондон соң, аскер башчысына адамдар келип топтолду. Арасында Дурайд ибну Симма деген аксакал да бар эле, бул аксакалда согуштук көз карашы бар тажрыйбалуу, тайманбаган аксакал болчу. Дурайд: “Азыр биз кайсыл адырдабыз? -деп сурап калды, жанындагылар: “Аутаста”-деп жооп беришти. Дурайд: “Анда согушууга жакшы жер экен, эмнеге төөлөрдүн бакырганы, эшектердин аңгыраганы, балдардын ыйлаганы жана койлордун маарагандары угулуп жатат?” Элдер: “Малик ибну Ауф жоокерлер менен кошо алардын аялдарын, балдарын, мал-мүлктөрүн кошо алып келди”. Дурайд Маликти чакыртып эмнеге андай кылгандыгын сурады эле Малик: “Ар бир жоокердин артында үй-бүлөсүн мал-мүлкүн коюп уруштурайын дедим ошондо гана ошолор үчүн урушат. Дурайд: “Кой кайтарган койчуманбы? Жеңилген бир нерсе алабы? Эгер сен жеңе турган болсоң анда бул жоокерлердин кылыч найзасы гана сага жетиштүү болот, ал эми жеңилип калчу болсоңчу, анда үй-бүлөсүн, мал-мүлкүн тонотуп шермендесин чыгарасыңго. Ошондуктан буларды артка үйлөрүнө кайтарып жибер.

Бирок, аскер башчы Малик бул сунушту четке кагып мындай деди: “Аллахка ант, андай кылбайм. Анткени, сен далдырап картайып калгансың, акылың да картайган. Аллахка ант, Хавазиндер мага моюн сунат, же болбосо бул кылычты сайынып алам белимден тешип чыгат. Ошентип, Дурайддын көз карашын четке кагып кабыл албай койду. Ал эми жоокерлер болсо Малике: “Сага баш ийебиз”- деп жооп

беришти. Дурайд: “Мындайды өмүрүмдө көргөн эмес элем”-деп кала берди.

## *Душмандын кабарчылары кабар алып келди:*

Малик мусулмандардын кабарын билип келгиле деп жөнөткөн кабарчылары Маликке кайра келип калды. Келгенде муундары титиреп калтырап калыптыр. Малик: «Эмне болуп кетти я?» Кабарчылар: “Ак кийинген жоокерлер, ак аттарга минип алып келе жатышат, Аллахка ант, мындайды эч көргөн эмес элек, аларды көргөндө ушул абалга түшүп калдык.

## *Пайгамбардын САВ кабарчылары кабар алып келди:*

Пайгамбардын САВ да кабарчылары душман тууралуу кабар алып келди. Пайгамбар САВ кабар алып келүүгө Абухадрад Асламийди жөнөтүп, душмандын арасына кошулуп алардын кабарын билип кел деп жөнөткөн болчу. Абухадрад Пайгамбар САВ айткандай кылып барып келди.

## *Пайгамбар САВ Меккеден Хунайнга карай бет алды*:

Ишемби күнү, 8 х. ж. Шаввал айынын алтысында Пайгамбар САВ Меккеден чыгып жөнөдү. Ошондо Пайгамбардын САВ Меккеде калганына он тогуз күн болгон эле. Өзү менен кошо он эки миң мусулман жоокерлерин алып жөнөдү. Булардын он миңи Меккени алууга келгендер, ал эми эки миңи Меккеден чыккандар. Жоокерлердин көпчүлүгү исламга жаңы эле кирген болчу. Пайгамбар САВ Сафван ибну Умаядан жүз соотту бардык жабдыктары менен ижарага алды. Меккеге Итаб ибну Усайдды башчы кылып калтырды.

Ошол күнү кечинде Пайгамбардын САВ жөнөткөн кабарчысы келип: Мен ушул тоого барып алардын кабарын билип келдим, барсам Хавазандар үй-бүлөсү, мал-мүлкү, төө койлору менен согушка келе жатат. Пайгамбар САВ жылмайып койду да: "**Бул Кудай буйурса мусулмандардын эртеңки олжосу"-**деп айтты. Анан кечки кароолчулукка Анас ибну Абумарсад Ганавийди дайындады.

Ислам жоокерлери Хунайнга баратып жолдо чоң бир жашыл даракты көрдү, ал даракты "Анват" деп аташчу. Араптар ошол даракка куралдарын илип, ал үчүн курмандык союп, андан тилектерин тиленишчү. Жоокерлердин арасынан кээ бири Пайгамбарга САВ мындай деди: "Бизге да ушул Анват дарагындай тилек тилөө үчүн бир даракты белгилеп бериңиз". Бул сөздү уккан Пайгамбардын САВ ачуусу келип: "**Аллаху акбар, Мухаммеддин жаны анын колунда болгонго ант, Мусанын коому сурагандай силер да сурап жатасыңар:** ***"Оо, Муса бизге да ошолордукундай бут жасап бер".*** (Аараф, 138) **Бул мурунку коомдордун иштери, силер да ошолордун артынан кетесиңер".**

Ал эми кээ бири ислам жоокерлеринин көптүгүн көрүп мындай деди: "Бүгүн эч качан жеңилбейбиз". Бул сөздү Пайгамбар САВ жактыра бербеди.

## *Ислам жоокерлерине кокустан жаачылар чабуул жасады:*

Ислам жоокерлери Хунайнга шейшемби күнү Шаввал айынын онунда келишти. Малик ибну Ауф мусулмандардан алдын келип, кечиндеси ошол адырга буктурма жасоо үчүн жоокерлерин жайгаштырган болчу. Ал жоокерлерин адырга кирүүчү жолдордун ары жак-бери жак, өйдө жак-ылдый жактарга жашынтып, мусулмандар келээри менен буктурма жасап жаалар менен аткылап кирип, андан соң баары жалпы мусулмандарга каршы чабуул жасоону буйруган болчу.

Таң заарда Пайгамбар САВ жоокерлерин катарга тизип, жамаат башчыларына желектерди карматып, группаларга бөлүп, эрте менен Хунайн адырына карап жөнөштү. Хунайнга кирип баратып алар адырда душмандын жашынып олтурган буктурмасы бар экенин билген жок. Мусулмандар эми адырга кирүүнү баштаганда үстүнө асмандан октор жамгырдай жаап кирди, артынан эле душмандын жоокерлери баары бир кишидей каптап чабуул жасады. Мусулмандар шаштысы кетип, эч кимди карабай ар жак-бер жакка чачырап качып жөнөштү. Жаңы эле исламды кабыл кылган Абусуфян: "Деңизге, кызыл деңизге – качмайын кутула албайсыңар"- деп кыйкырып жатты. Ал эми Жабла же Калда ибну Жунайд: "Бүгүнкү күндүн таңы бүттү го"- деп ал бакырды.

Ал эми Пайгамбар САВ оң жакты көздөй чегинип: "**Оо, эл журт! Мен жакка келгиле, мен Расуулулла, мен Мухаммед Абдулла уулу"-** деп Пайгамбар САВ мусулмандарды өзүнө чакырып жатты. Ошондо Пайгамбардын САВ алдында аз гана Мухажириндер жана жакын туугандарынан аз эле киши калган болчу, (он тогуз же он эки киши, кээ бир риваятта сексен киши калган деп келет). Ошол кезде Пайгамбардын САВ теңдеши жок чыныгы баатырдыгы билинди. Качыры душманды көздөй чуркап жөнөп Пайгамбар САВ:

**"Мен калпы жок Пайгамбармын.**
**Мен Абдулмуталип уулунанмын"-** деп айтты.

Ал эми ошол кезде Абусуфян ибну Харис Пайгамбардын САВ качырынын тизгининен кармап, ал эми Аббас качырын кармап алдыга кетпесин деп тартып жаткан болчу. Анан Пайгамбар САВ качырдан түшө калып: "**Аллахым! Жардамыңды түшүрө көр"-** деп жалбарып дуба кылды.

## *Мусулмандар артка кайтып согуш күчөдү:*

Ошондо Пайгамбар САВ байкеси Аббасты сахабаларды чакыруусун буйруду. Анткени, Аббастын үнү өтө катуу чыгат эле. Бул тууралуу Аббас өзү мындай дейт: "Үнүмдүн барынча: "Кана Пайгамбарга САВ күйгөндөр?" -деп бакырдым эле. Ант болсун, сахабалар үнүмдү укканда уй музоосу үчүн күйгөндөй: "Мына биз келатабыз, мына биз келатабыз"-деп чогула баштады. Кээ бири төөсүнө барып минейин деп мине албай соотун алып, мойнуна секирип кылычы менен калканын алып, төөсүн таштап үн чыккан тарапты көздөй келатты. Ошентип, айланабызда жүздөйү чогулуп биз тарапка келген душман менен салгылаша баштадык.

Анан Ансарларды карай: «Оо, Ансарлар, оо, Ансарлар"-деп аларды чакырдым. Анан чакырууну кыскартып Хаарис ибну Хызраж уруусуна бакырып аларды чакырдым. Акыры алгач качкандагы ордундай болуп мусулман жоокерлеринин топтору согуш майданына кайтып келе баштады. Ошентип эки тарап катуу тирешип салгылаша баштады. Ошол кезде Пайгамбар САВ салгылашуу күчөп жаткан майданга карап: "**Эми согуш күчүнө кирди"-** деген сөзүн айтты. Анан Пайгамбар САВ колуна бир ууч топурак алды да аны душман тарапка: "**Көздөрү көр болду"-** деп чачты эле душмандын көзү топурака толуп, согушууга алы кетип күчүн жогото баштады.

## *Душмандын мизи сынып, жеңилүүгө учурай баштады:*

Арадан бир аз убакыт өткпөй – топуркаты чачкандан кийин – душман жеңилүүгө учурады. Сакиф уруусунан эле жетимиштей киши өлдү. Мусулмандар болсо душмандын алып келген мал-мүлкүнө, куралдарына жана төөлөрүнө чуркап алганы кетти.

Мына ушул учурду Аллах Таала эскерип өттү:

لَقَدْ نَصَرَكُمُ اللّهُ فِي مَوَاطِنَ كَثِيرَةٍ وَيَوْمَ حُنَيْنٍ إِذْ أَعْجَبَتْكُمْ كَثْرَتُكُمْ فَلَمْ تُغْنِ عَنكُمْ شَيْئًا وَضَاقَتْ عَلَيْكُمُ الأَرْضُ بِمَا رَحُبَتْ ثُمَّ وَلَّيْتُم مُّدْبِرِينَ {التوبة/25} ثُمَّ أَنَزلَ اللّهُ سَكِينَتَهُ عَلَى رَسُولِهِ وَعَلَى الْمُؤْمِنِينَ وَأَنزَلَ جُنُودًا لَّمْ تَرَوْهَا وَعذَّبَ الَّذِينَ كَفَرُواْ وَذَلِكَ جَزَاء الْكَافِرِينَ {التوبة/26}

***“25 Аллаһ силерге көп орундарда жана Хунайн күнүндө да жардам берди: бир кезде силерди саныңардын көптүгү кубантып жиберди эле, кийин бул силерге эч кандай пайда бербей калды жана силер үчүн жер кең болсо да тар көрүнүп, артыңарга качып калдыңар. 26. Кийин Аллаһ Өз пайгамбары менен ыймандууларга тынчтык-бейпилдигин жана силер көрө албаган аскерлерин (periштелерин) түшүрүп, каапырларды (жеңилүү менен) азаптады. Каапырлардын жазасы – ушул!”.*** (Тауба, 25, 26)

## *Душманды кубалоо:*

Душман жеңилүүгө учурап качып жөнөдү. Алардын кээ бири Таифке карап качты, кээ бири Нахлага качты жана кээ бири Аутаска качты. Пайгамбар САВ бир жамаат жоокерин Ауатаска жөнөттү, ал жоокерлерге Абуаамир Ашьарий башчы болду. Мусулмандар душмандын артынан кууп барып жеткенден соң бир аз салгылашуу болду да анан душман жеңилүүгө учурады. Ошол салгылашууда мусулман жамаатынын башчысы Абуаамир каза болду.

Мусулмандардын дагы бир тобу атчандар, Нахлага карап качкан душмандын калдыгын кууп жөнөдү. Жолдо Дурайд ибну Симмага жетип аны Рабия ибну Рафи өлтүрүп салды. Ал эми душмандын көпчүлүк бөлүгү Таифке качты. Пайгамбар САВ олжолорду жыйнагандан соң алардын артынан Таифке өзү барды.

## *Олжолор:*

Алынган олжолор болсо: Туткунга түшкөнү алты миң, төө жыйырма төрт миң кой, болсо кырк миңден ашуун жана төрт миң уукия өлчөмдөгү күмүш. Пайгамбар САВ булардын баарын топтоттуруп Жааранияга койду да, олжого кароол кылып Масьуд ибну Амру Гифарийди дайындады. Олжону Таифтеги согуштан келмейин бөлүштүргөн жок.

Туткунга түшкөн күндөрдүн арасында Пайгамбардын САВ эмчектеш карындашы Шейма бинту Хаарис бар болчу. Шейманы Пайгамбарга САВ алып келгенде, анын бир белгиси бар эле, ошол белгисинен Пайгамбар аны дароо таанып. Чепкенин төшөп олтургузуп, урмат сыйын көргөзүп, анан боору ооруп кетти да аны өз элине коюп жиберди.

## *Таиф согушу:*

Негизинен бул Таиф согушу Хунайн согушунун уландысы болуп саналат. Анткени, Хавазин менен Сакиф уруусунан калган жоокерлердин көпчүлүгү аскер башчысы Малик ибну Ауф менен ошол жакка качып, чептин ичине кирип алды. Пайгамбар САВ олжону Жааранияга жайгаштыргандан соң ошол эле Шаввал айында Таифке жөнөп кетти.

Халид ибну Валид Пайгамбардан САВ алдын миң жоокер менен ошол жакка барды. Андан соң Пайгамбар САВ жоокерлерди алып Таифке жөнөп, жолдо Йемен Нахласынан өттү, андан соң Карнул Маназилден өтүп, анан Лиядан өттү. Лияда Малик ибну Ауфтун чебри бар эле, аны талкалоого буйруп талкалап салышты. Андан соң жолун улап Таифке жетип, душман жашынып алган чепке жакын жерге барып аскерлерди ошол жерге жайгаштырды да душманды курчоого алды.

Курчоо аз күн болгон жок. Муслимдин риватында Анас айтат: “Курчоо кырк күнгө уланган”. Ал эми башка риваяттарда ар кандай келет: “Кээ бири жыйырма күн десе, кээ бири он күндөн бир аз ашкан дейт, ал эми кээ бири он сегиз күн десе, кээ бири он беш күн болгон”- дейт.

Ушул курчоого алган күндөрү эки тараптан бир аз атыштар болгон. Мусулмандар эң алгачкы курчоого алган күнү душман жааны жамгырдай жаадырып атып, мусулмандардан бир канчасы жарадар болуп, он экиси каза болду. Акыры айла кеткенде мусулмандар азыркы учурдагы Таиф мечитинин жанына аскерлерди көчүрүп ошол жерге орношту.

Пайгамбар САВ акыры катапульттар менен аткылап, чептин дубалынан бир аз тешик болду. Ошол тешиктен мусулмандар кирүүгө аракет кылып, тактай тосмодон жасалган ташбаканын астына кирип чепке жакын келип ичине кирип эшиктерин өрттөйүн деген кезде, душман өйдө жактан кызытылган темирлер менен мусулмандардын үстүнөн чачып жиберет. Аргасы кеткенден мусулмандар тактай ташбакадан качып чыгып жаалар менен атып душмандын бир канчасын өлтүрүп ичине кире албай койду.

Пайгамбар САВ согуштук стартегиянын бири катары душманды колго түшүрүү максатында алардын жүзүмдөрүн кесип өрттөөгө буйруйт. Мусулмандар жүзүмдөрдүн бир канчасын кесип өрттөп салганда, Сакиф уруусу “Аллах үчүн бизге бооруңар ооруп андай кылбагыла”- деп суранганда, айткандарын кылып жүзүмдү тим койду.

Пайгамбар САВ бирөөсүнө ушинтип бакыр дейт: “Ким чептен чыгып бизге келген болсо ал эркин коё берилет”. Ошондо чептен жыйырма үч киши чыгат. Алардын арасында Абу Бакра да бар болчу, ал киши чептин үстүнөн суу алган аркандын тоголугуна асылып чептен түшүп келди. Ошондуктан, Пайгамбар САВ аны Абу Бакра деп атап койду (мааниси тоголок ээси дегенди билдирет). Пайгамбар САВ

булардын баарын эркиндикке коё берди да, ар бирини бирден мусулманга берип, бул жаңы келгендерге жардам берүүнү буйруду. Бул окуя чептин ичиндеги душмандын катуу кыжырын келтирди.

Ошентип курчоо көпкө узап, мусулмандар жаанын окторунан жана кызытылган темирлердин натыйжасынан өлгөнү өлүп жарадар болгону жарадар болгондон соң кыйын абалга түшүп калды, анткени душман чептин ичине бир жылга жетээрлик даярдык көрүп алган эле. Ошондо Пайгамбар САВ Науфал ибну Муавия Дейлий менен кеңешкенде ал мындай дейт: Алар "ийнине кирип алган түлкү сымал, эгер көпкө күтүп алса болот. Бирок, таштап кетип калса деле эч кандай зыяны жок. Анан Пайгамбар САВ артка кайтууга чечим кылып, Умар ибну Хаттап аркылуу: "Кудай буйурса эртең артка кайтабыз"- деп айттырат. Бул сөз мусулмандарга анча деле жага бербей: "Чепти албай эле артка кайтып кетип калабызбы?"- дегенде Пайгамбар САВ: "**Анда чабуул жасагыла"-** дейт. Мусулмандар чабуул жасап киргенде колдорунан эч нерсе келбей жараат алып артка чегинет. Пайгамбар САВ: "**Кудай буйурса эртең артка кайтып кетебиз"-** деп айтканда баары баш ийип курсан болот. Пайгамбар САВ күлүп коёт. Анан артка кайтып кетишет.

Мусулмандар Таифтен кайтып келатканда Пайгамбар САВ: "**Артка кайтып, тообо кылып, кулдук уруп Кудайыбызга мактоо айтып келатабыз"-** дегиле дейт.

Кээ бири: "Оо, Аллахтын элчиси! Сакиф уруусуна дуба кылыңыз"- деп сурап калганда, Пайгамбар САВ: "**Аллахым! Сакиф уруусуна өзүң туура жолду көрсөтүп алып келгин!"-** деп дуба кылат.

## *Жаараниядагы олжону бөлүштүрүү:*

Пайгамбар САВ Таифтеги курчоону токтотуп кайтып келгенден соң, олжону бөлүштүрбөй он күндөн ашуун туруп

калды. Анткени, Хавазиндердин жамааты кылган ишине өкүнүп, тообо кылып Пайгамбарга САВ келип калабы, эгер келип калса аларга мал-мүлкүн кайтарып берейин деген үмүттө күтүп турган болчу. Бирок, эч ким келбегенинен уруу башчыларынын жана Мекке башчыларынын оздорун жабуу үчүн олжону бөлүштүрүүнү баштайт. Эң алгач жаңы исламга киргендерге олжону бөлүштүрдү.

Абусуфян ибну Харбка кырк уукия күмүш жана жүз төө берди. Ошондо Абусуфян: «Балам Язидкечи?»-дегенде Пайгамбар САВ баласына да ошончолук берди. Абусуфян кайрадан: «Балам Муавиягачы?» -дегенде Пайгамбар САВ ал баласына да ошончолук берди. Хаким ибну Хузамга жүз төө берди, Хаким дагы жүздү сураганда жүздү берди. Сафван ибун Умаяга жүз төө берип, кайра жүздү анан кайра жүздү берди, - Шифа китебинде да ушундай деп келет – Харис ибну Харис ибну Калдага да жүз төө берди. Ошентип, Курайш башчыларына жана башка уруу башчыларына жүз төөдөн берип, калгандарына элүү элүүдөн, андан калгандарына кырк кырктан берди. Акыры элдин арасында “Мухаммед баарын таратып кедейликтен коркпойт го”- деген сөздөр тарап кетип, бедуиндер бизге да бер деп баары жулунуп баш аламан кылып жиберип Пайгамбар САВ дарактын астына чегинип, элдер Пайгамбардын САВ чепкенин жулуп алды. Ошондо Пайгамбар САВ: “**Оо, эл-журт! Мага чепкенимди кайтарып бергиле, жаным анын колунда болгонго ант болсун, эгер менде Тухааманын бакчаларындай мал-мүлк болсо да, силер үчүн бакыл, коркок, калпычы болбостон анын баарын силерге таратып бермекмин”.**

Анан Пайгамбар САВ төөсүнө барды да төөдөн бир тал кылды алып, кылды колу менен өйдө көтөрүп: “**Оо, эл-журт! Аллахка ант болсун, силердин алган олжоңор мен үчүн бул тал кылчалык да эмес, мага бештен бир бөлүгү гана тийет, ал да (бештен бир бөлүгү) силерге кайтат”.**

Пайгамбар САВ жаңы исламга киргендерге олжону бөлүштүрүп бүткөндөн соң, Зейт ибну Сабитти калган олжону бөлүштүрүү үчүн элдерди чакырууга буйруп калгандарын топтойт. Калган олжолорду да элдерге бөлүштүрүп берет. Ошондо аларга төрт төө жана кырк койдон тийди. Эгер атчан жоокер болсо анда ага он эки төө жана жүз жыйырма кой берилди.

Ушул сыяктуу кылып бөлүштүрүү максаттуу бир саясаттын көрүнүшү болчу. Анткени, дүйнөдө көптөгөн эле инсандар бар, алардын курсагын тойгозсоң гана акыйкат жолго салууга болот, андайлар акыл калчоо жолу менен акыйкат жолго түшүүсү кыйын.Себеби, айбанды кармоо үчүн ага жемди акырын узатсаң ал жемге оозун сунуп-сунуп, акыры аны малканага алып кирип гана кармоого болот. Ошон үчүн кээ бир инсандарды ыйманга чакыруу үчүн айла ойлоп табуу керек, ошондо гана алар ыйманга кирип, көңүл куунак болот.

## *Ансарлардын Пайгамбарга САВ болгон сөздөрү:*

Олжону мындай кылып бөлүштүрүү иштин максаты алгач байкалган жок. Ошондуктан, Пайгамбарга САВ карата ар жактан ар түрдүү сөздөр айтыла баштады. Булардын ичинде Ансарлар да бар болчу. Анткени, Хунайндан алынган олжодон Ансарларга бир да берилген жок. Себеби, согуштун башында Пайгамбардын САВ жанынан көбү качып кетип эң кыйын жагдай туулганда. Ансарлар артка кайтып Пайгамбардын САВ жанында туруп ошондо гана качкандар чогула баштап душманды артка карай кууп жөнөгөн эле го. Мына эми жанагы качып кеткен мусулмандардын колу толо олжо, ал эми Ансарларга болсо эч нерсе жок.

Ибну Исхактын риваятында Абусаид Худрий айтат: «Пайгамбар САВ олжодон Курайшка жана башка бардык урууларга берди, ал эми Ансарларга эч нерсе берген жок. Ошондуктан, Ансарлар да ар түрдүү сөздөрдү сүйлөй

баштады. Арасынан бирөөсү: “Эми мына Пайгамбар САВ өз жакындарын таап ошолорго берди”- деген сөз чыкты.

Ошондо Ансарлардан Саьд ибну Убаада Пайгамбарга САВ келип: “Оо, Аллахтын элчиси! Пайгамбар САВ өз жакындарынын жана кээ бир уруулардын адамдарына олжодон көптү карматып, калганын башкаларга таратып салды да Ансарларга эч нерсе берген жок”- деп сизге карата Ансарлар сөздөрдү айтып жатышат.

Пайгамбар САВ: “**Саьд, сен кайсыл тараптасың?”**

Саьд: “Оо, Аллахтын элчиси! Мен өз элим тараптамын”.

Пайгамбар САВ: «**Анда Ансарларды бул сарайга чогулт”.**

Саьд чыгып Ансарларды сарайга чогултуп келди, аларга кошулуп кээ бир Мухажириндер да кирди эле аларга эч нерсе деген жок, анан дагы кээ бир Мухажириндер келип кирейин дегенде аларды киргизбей койду. Ошентип, Ансарлар чогулганда Саьд Пайгамбарга САВ барып Ансарлар чогулду деп чакырып келди. Пайгамбар САВ келип алгач Аллахка макттолорду айтып анан мындай деди: “**Оо, Ансарлар! Силердин айтып жаткан сөзүңөр мага да жетти, мени күнөөлөй турган эмнени таптыңар? Силер адашкан жолдо жүргөндө мен келип Аллах силерди туура жолго салбадыбы? Кедей элеңер Аллах байлыкты бербедиби? Бир бириңерге душман элеңер Аллах силерди бир туугандай кылып койбодубу?»**

Ансарлар: “Ооба, туура айтып жатасыз, Аллах менен элчиси пазилеттүү”.

Пайгамбар САВ: “**Жооп бербейсиңерби?”**

Ансарлар: “Эмне деп жооп берели оо, Аллахтын элчиси? Аллах жана элчиси боорукер берешен, пазилеттүү”.

Пайгамбар САВ: “**Ант болсун, эгер кааласаңар айткыла: Сизге биз ишендик туура деп ээрчидик, жалганчыга чыгарылып келдиңиз эле сизди колдоп туура дедик, пас төмөн болуп келдиңиз эле жардам бердик,**

**куулуп чыктыңыз эле үй жай бердик, кедей болуп келдиңиз эле кол кабыш кылдык. Оо, Ансарлар! Напсиңерди дүйнөгө берип жатасыңарбы? Мен ошол байлыкты ыйманы бекем болсун деп тигилерге бердим, ал эми силерди исламга (ыйманыңардын бекемдиги үчүн) калтырбадымбы? Оо, Ансарлар! Тигилер койлорун төөлөрүн алып үйлөрүнө кайтса, ал эми силер Пайгамбарды САВ алып үйүңөргө кайтууну каалабайсыңарбы? Жаным анын колунда болгонго ант, Эгер хижрат кылуу болбогондо, мен Ансарлардын бирөөсү болмокмун, эгер инсандар бир тоону көздөй жөнөсө ал эми Ансарлар башка тоону көздөй жөнөсө мен Ансарлар менен жөнөйт элем. Аллахым! Ансарларды, алардын балдарын, балдарынын балдарын өз ырайымыңа ал".**

Ошондо Ансарлар чыдай албай көз жаш кылып ыйлап: "Биз Аллахтын элчисин алып кетүүгө ыраазыбыз"- деп айтышты. Ошентип Пайгамбар САВ да Ансарлар да ал жерден тарап кетти.

## *Хавазинден бир топ киши келди:*

Олжону бөлүштүрүп бүткөндөн соң, Хавазин уруусунан он төрт киши мусулман болуп Пайгамбарга САВ келди, алардын башында Зухайр ибну Сурд бар болчу жана Пайгамбардын САВ эмчектеш бир тууганынын атасынын иниси Абу Баркан да келди. Бул топ келип Пайгамбардан САВ туткундарын жана мал-мүлкүн кайтарып берүүнү суранып Пайгамбарга САВ сылык сөздөр менен кайрылды эле Пайгамбар САВ: "**Өзүңөр көрүп тургандай иш бүттү. Бирок, мага туура сөз айткан жакшы, ошондуктан айткылачы туурасын балдарыңар жана аялдарыңар жакшыраакпы же мал-дүйнөңөр жакшыраакпы"-**деп сурап калды.

Алар: "Бизге мал дүйнөнүн кереги жок, балдарыбыз менен аялдарыбызды алып берсеңиз".

Пайгамбар САВ: “**Анда мындай кылгыла, мен түшкү намазды (Бешимди) окуп бүткөндөн соң, силер элдерге: “Биз ПайгамбардынСАВ урматынан момундардан сурайбыз жана момундардын урматынан Пайгамбардан САВ сурайбыз, бизге туткундарды кайтарып бергиле”- деп айткыла”.**

Ошентип Бешим намаз окулуп бүткөндөн соң алар Пайгамбар САВ айткандай кылып элдерден сураштьі.

Пайгамбар САВ элдерге: “**Мага жана Абдулмуталиптин балдарына тийгендин баарын мен буларга кайтарып бердим, калганын элдерден сурайлы”.**

Мухажириндер менен Ансарлар: “Бизге тийгендин баарын Пайгамбарга САВ бердик”.

Акра ибну Хаабис: «Мен жана Тамим уруусу кайтарып бере албайбыз”.

Уаяйна ибну Хисн: «Мен жана Фазаара уруусу да кайтарып бере албайбыз”.

Аббаас ибну Мирдас: «Мен жана Салим уруусу да кайтарып бере албайбыз”.

Ошондо Салим уруусу: “Бизге тийгенди биз Пайгамбарга САВ кайтардык”- деди эле Аббас ибну Мирдас: “Мени уят кылдыңар го, деп уялып калды”.

Пайгамбар САВ: “**Булар бизге мусулман болуп келип олтурат, мен буларды келип калаар бекен деп кыйла күттүм, анан эч ким келбегенинен баарын таратып бердим эле. Эми кимде булардын үй-бүлөсү жана башка нерселери болсо, ыраазы болуп кайтарып бергиси келсе, анда кайтарып берсин, ал эми ким бергиси келбесе да кайтарып бере берсин. Анткени, Кудай буйурса кийинки олжо тийгенде бир туткундун ордуна алты туткун кылып силерге берем”-**деп айтты.

Элдер: “Биз Пайгамбардын САВ айтканына ыраазыбыз кайтарып беребиз”-деп калды.

Пайгамбар САВ: “**Кимиңер ыраазы кимиңер ыраазы эмес экениңерди билбейм, ошондуктан силер барып өз башчыларыңар менен кеңешип келип анан айткыла”.**

Ошондо элдер өздөрүнүн аксакал жана башчылары менен кеңешип келип ошол келген он төрт кишинин балдарын жана мал-мүлкүн баарын ыраазы болуп кайтарып беришти. Бирок, бир гана Уайайна ибну Хисн алган бир картаң кемпирди кайтарып бергиси келбей кийинчерээк ал да кайтарып берди.

## *Умра кылып Мадинага кайтуу:*

Пайгамбар САВ Жааранияда олжону бөлүштүрүп бүткөндөн соң, ошол жерден умрага ниет кылып эхрам кийди да Меккеге келип умра кылып, анан Мадинага жөнөдү. Меккеге Итаб ибну Усайдды башчы кылып дайындады. Пайгамбар САВ 8 х. ж. Зул-каада айынын бүтүүсүнө алты күн калганда Мадинага кайтты.

Шейх Мухаммед Газалий айтат: “Аллах Таала убакытты канчалык кенен кылып койду. Сегиз жылдын ичинде Пайгамбарга САВ Аллах Таала Меккени баш ийдирип башкаруу таажысын насип кылды.

Анткени, Меккеден Мадинага качып, куулуп баш калкалоо үчүн келген. Жат жерге келип биримдүүлүктү ынтымакты талап кылуу үчүн келген. Аллах Таала келген жерин кайырдуу кылып, эли жардам берип тосуп алды. Өзү менен кошо келген нурду ээрчип туура жолго салды. Анын урматынан ошол жердин элдери бир бирине болгон душмандыгын баары токтотту. Алгач элдер көчүп келди деп күтүп алган болсо, эми мына арадан сегиз жыл өтүп кайрадан жылуу маанай менен күтүп алып жатышат. Мекке бүтүндөй ага баш ийип, андагы болгон текебердиктин караңгылыктын баарын буттун астына ыргытып, ислам улуу болсун деп, баарынын кылган күнөө каталарын кечирип жиберди:

***“Чынында, кимде-ким Аллаһтан коркуп, сабырдуу болсо, Аллаһ жакшылык кылуучулардын сыйлыгын текке кетирбейт”.*** (Юсуф, 90)

## *Меккени алгандан соңку үгүттөр жана жортуулдар*

Пайгамбар САВ ушул узун жана ийгиликтүү сапардан кайткандан соң Мадинада калып, исламды кабыл кылып келген жамааттарды кабыл кылып жатты. Ошондой эле башка араптарды исламга үгүттөө үчүн өз кишилерин жөнөттү, жана бүткүл араптар күбө болуп баш ийип. Бирок, ошолордун арасынан кээ бири исламды кабыл кылбастан текеберденип өз билемдикке салган араптарга жортуулдарды да жөнөттү.

### *Үгүтчүлөр:*

Алдыда айтып өткөндөй Пайгамбар САВ Меккеден Мадинага сегизинчи жылдын акыр чендеринде кайткан болчу. Арадан бир аз убакыт өткөндөн соң эле тогузунчу жыл келип мухаррам айы башталды. Ушул жаңы жылдан тартып башка урууларга үгүтчүлөрдү жөнөтө баштады, алдыда алардын ысымдарын атап өтсөк:

1-Уйайна ибну Хиснди Тамим уруусуна.

2- Язид ибну Хусайнды Аслам жана Гифар уруусуна.

3- Уббад ибну Бишр Ашхалийди Салим жана Музайна уруусуна.

4- Раафи ибну Макисти Жухайна уруусуна.

5- Амру ибну Аасты Фазаара уруусуна.

6- Даххаак ибну Суфянды Килаб уруусуна.

7- Башир ибну Суфянды Кааб уруусуна.

8- Ибну Латбия Азадийди Зибян уруусуна.

9- Мухажир ибну Абу Умаяны Санаага, (ошондой Мухажир ошол жакта экенинде Санаага Асвад Ансий да барды)

10- Зияд ибну Лабидди Хадарамаутка.

11- Адий ибну Хаатимди Тайга жана Асад уруусуна.

12- Малик ибну Нувайраны Ханзала уруусуна.

13- Забаркан ибну Бадрды Саад уруусунун бир бөлүгүнө.

14- Кайс ибну Аасимди Саад уруусунун экинчи бөлүгүнө жөнөттү.

15- Алаа ибну Хадрамийди Бахрейнге.

16- Али ибну Абуталипти Нажранга жөнөттү (Алини садака зекеттерди жана салыкты топтоо үчүн жөнөттү).

Булардын баары 9 х. ж. Мухаррам айында эле жөнөтүлгөн жок, булардын арасынан кээ бири исламды кабыл кыла элек болчу, исламды кабыл кылгандан соң анан ошол урууларга жөнөттү. Ооба, көпчүлүгүн Мухаррам айында жөнөтө баштаган эле. Бул да Худайбиядагы тынчтык келишимден соңку исламдын тарашы кандай ийгиликтүү болуп жаткандыкты билдирип турат. Ал эми Меккенин алынуусунан кийин адамдар исламга жамаат-жамаат болуп кире баштады.

## *Жортуулдар:*

Пайгамбар САВ үгүтчүлөрдү урууларга жөнөткөндөй эле, арап жарым аралы бүтүндөй бейпилдикте тынчтыкта жашаш үчүн жортуулдарды да жөнөтүү керек болуп калды, алдыда бул тууралуу кыскача айтып кетсек:

1- Уйайна ибну Хисн Фазарийдин элүү атчан менен – 9 х. ж. Мухаррам айында – Тамим уруусуна болгон жортуулу. Булар менен кошо Мухажириндер да Ансарлар да чыккан жок. Жортуулдун себеби Тамим уруусу бир канча башка урууларга чабуул жасап аларды салык төлөөсүнө тоскоолдук кылгандыктан болду. Уйайна ибну Хисн жоокерлерди алып

кечинде жол жүрүп күндүз жашынып чөлдө Тамим уруусуна чабуул жасады, ошондо Тамим уруусу качып кетти. Анан алардан он эки кишини, жыйырма бир аялды, отуз баланы туткунга түшүрүп, Мадинага алып келип Рамла бинту Хааристин үйүнө койду.

Булардын артынан Тамимдин башчыларынан он киши Пайгамбардын САВ эшигине келип: “Оо, Мухаммед! Сыртка чыксаң”- деп кайрылып калды. Пайгамбар САВ чыкканда булар Пайгамбардан САВ суранып, бир канча убакыт сүйлөшүү жүргүздү. Пайгамбар САВ Бешим намазын окуп мечиттин алдына олтурду. Ошондо жанагылар өздөрүн көрсөтүү үчүн сөзгө чечен, төкмөгө чечен экендигин сыймыктанабыз деп өздөрү менен кошо Атаарид ибну Хаажибти алып келишиптир. Анан сөзгө чечени Аттаарид сөз айтышууну баштады. Буларга каршы Пайгамбар САВ исламдагы сөзгө чечен деген Кайс ибну Шамасты салды эле Кайс эң соунун кылып жооп берди. Анан тигилер төкмөчүсү Забаркан ибну Бадрды ыр төгүүгө салды. Буга каршы исламдагы төкмө ырчы Хассан ибну Саабит эң соунун кылып жооп кайтарды.

Эки тарап тең бүткөндөн соң, Булардын бирөөсү Акра ибну Хаабис: “Сөзгө чечени биздикинен да күчтүү экен, төкмөчүсү биздикинен да күчтүү экен, үндөрү да биздикинен да бийик чыгат экен, сөздөрү да биздикинен жакшы экен”- деп таң калды. Анан Пайгамбар САВ буларга сый урмат көрсөтүп аял балдарын кайтарып берди.

2- Кутба ибну Аамирдин Таббаала тараптагы Хасьам уруусунун бир бөлүгүнө болгон жортуул 9 х. ж. Сафар айында болду. Кутба жыйырма жоокерди он төө менен алып жолго чыкты, көздөгөн жерге жеткенде эки тараптын ортосунда катуу салгылашуу жүрүп кетти. Ошентип эки тараптан тең жарадарлар көбөйүп кээ бири каза болду. Кутба да ошол каза болгондордун арасында бар эле. Акыры мусулмандар

жеңишке жетип, бир канча төө койлорду олжого алып аялдарды да туткунга түшүрүп Мадинага алып келди.

3- Даххаак ибну Суфян Каллаабийдин Килаб уруусуна болгон жортуулу 9 х. ж. Рабиул-аввал айында болду. Пайгамбар САВ буларды Килаб уруусун исламга үгүттөө үчүн жиберген болчу. Бирок, булар кабыл кылуудан баш тартып согушуп кетти. Натыйжада мусулмандар жеңишке жетип Килабдан бир киши каза болду.

4- Алкама ибну Мажзар Мадлажийдин Жидданын деңиз жээгине болгон жортуулу 9 х. ж. Рабиул-аахир айында болду. Жортуулдун себеби Меккенин кишилерине чабуул жасайбыз деп Хабашанын каракчылары Жиддадагы деңиз жээке келген экен. Алкама кемеге түшүп аралга келгенде каракчылар мусулмандардын келгенин угуп калып артка карай качып кутулду.

5- Али ибну Абуталиптин жортуулу Тайдагы калас аттуу айкелди талкалоо үчүн болгон жортуулу 9 х. ж. Рабиул-аввал айында болду. Пайгамбар САВ Алини жүз элүү жоокер менен жөнөттү, жүз төө жана элүү атты минип кара желекти жана ак белгини кармап жолго чыгышты. Жоокерлер көздөгөн жерге жетип эрте менен Хатимдин жерине чабуул жасап, айкелди талкалап, олжого бир канча аялдарды койлорду жана төөлөрдү алды. Туткунга түшкөн аялдардын арасында Адий ибну Хаатимдин эжеси да бар эле. Ал эми Адий, Шамга карап качып кетти. Мусулмандар айкелдин сандыгынан үч кылыч, үч соот таап жолдо келе жатып олжону бөлүштүрдү.

Жоокерлер Мадинага келгенде Адий ибну Хаатимдин эжеси Пайгамбардан САВ суранып мындай деди: “Оо, Аллахтын элчиси! Мени карай турган кетип, өзүм калдым. Мен болсо картаң аял болсом, мага кызмат кылган эч ким жок, ошондуктан мага ырайым кылыңыз Аллах сизге ырайым кылсын!”

Пайгамбар САВ: «**Сени карай турган ким эле?»**

Аял: «Адий ибну Хаатим”.

Пайгамбар САВ: «**Аллах менен элчисинен качкан кишиби?»-**деди да басып кетти. Эртеси күн болгондо аял дагы ошондой деп кайрылды, Пайгамбар САВ да ошол эле сөзүн айтты. Дагы эртеси болгондо аял дагы ошентип кайрылды, Пайгамбар САВ макул болуп аялды боштондукка чыгарды. Ошондо Пайгамбардын САВ жанында бир киши бар эле, ал адамды аял Али деп тааныды окшойт. Ошол кишиден аял: "Чабуул жасаган булардан сурасаңыз"- деп сурады эле ал киши айтканы туура деп жооп берди.

Ошентип Адий ибну Хаатимдин эжеси Адийдин артынан Шамга барды. Барып Адийге жолукканда ага Пайгамбар САВ жөнүндө мындай деди: "Ал адам атаң да кылбаган жакшылыкты кылды. Ошондуктан корксоң да коркпосоң да анын жанына бар сага эч нерсе кылбайт". Ошондо Адий бирөөнүн коргоо астына же эч кандай кол тийбестик да албастан Пайгамбардын САВ үйүнө келип жолукту. Пайгамбар САВ Адий менен жолукканда Аллахка мактоолорду айтып анан мындай деди: "**Эмнеге качтың же Аллахтан башка кудай жок деп айтпоо үчүн качтыңбы же Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудайды билесиңби?**

Адий: «Жок"- деп жооп берди.

Пайгамбар САВ ага бир аз сүйлөдү да мындай деди: **"Аллах улук зат деп айтуудан качасыңбы же Аллахтан башка улук зат бар экенин билесиңби?**

Адий: "Жок"- деп жооп берди.

Пайгамбар САВ: "**Жөөттөр каргышка калган, хрестяндар адашкандар".**

Адий: "Мен туура жолдогу мусулманмын"- деген сөзүн айтты. Бул сөздү угуп Пайгамбар САВ курсан болуп Адийди Ансарлардын бирөөсүнө тапшырды. Ошентип Адий күнүнө Пайгамбарга САВ келип исламдан үйрөнүп жатты.

Ибну Исхактын риваятында Адий ушундай дейт: "Ошондо мен Пайгамбарга САВ келгенимде мени үйүнө

олтургузуп мындай деди: “**Ии Адий ибну Хаатим, сен өз элиңдин башчысы эмес белең?”**

- “Ооба”

Пайгамбар САВ: “**Сен элиңден алган салыктын төрттөн бир бөлүгүн жеп койчусуң го?”**

- “Ооба”

Пайгамбар САВ: “**Минтип жеп коюуң сенин диниңдин мыйзамында тыюу салынган”.**

- “Ант болсун, туура”- деп жооп бердим.

Ошондо Пайгамбардын САВ чыныгы элчи экенин билдим, анткени, эч ким билбеген нерсени билип койду”.

Ахматтын риваятында Адий айтат: “Ошол кезде Пайгамбар САВ мага ушундай деди: “**Оо, Адий! Исламды кабыл кылсаң туура жолдо болосуң”.**

- “Мен динде жүргөн адаммын”

Пайгамбар САВ: «**Мен сенин диниңди сенден да жакшыраак билем”.**

- “Сиз менин динимди менден да жакшыраак билесизби?»

Пайгамбар САВ: «**Ооба, Сен элиңе башчы эмес белең? Ал эми сен топтолгон салыктын төрттөн бир бөлүгүн жеп коёт элең го?”**

- “Туура”

Пайгамбар САВ: “**Бул диниңдин мыйзамында тыюу салынган, сага адал эмес”.**

Ошол сөздү айтканда таң калып чыныгы Аллахтын элчиси экенин түшүнүп мусулман болдум”.

Бухарий риваят кылган сөзүндө Адий мындай дейт: “Күндөрдүн биринде Пайгамбардын САВ жанында элем, ошол кезде Пайгамбарга САВ бирөөсү келип жакырчылыктан кыйналып жатканын айтты. Андан соң дагы башкасы узактан келип кыйын абалга түшкөнүн айтты. Пайгамбар САВ мага: “**Оо, Адий! Сен Хийраны көрдүң беле? Эгер өмүрүң узун болуп жашап калсаң, анда аял киши жалгыз төөсүндөгү**

**замбилге олтуруп ошол Хийрадан чыгып Каабага келип тооп кылып кетет, жолдо ага эч ким тийбейт Аллахтан гана коркот, ошондой (бейпилдик, тынчтык) заманды көрөсүң. Эгер өмүрүң узун болуп жашап калсаң Кисранын падышалыгы кулап, анын казынасын көрөсүң. Эгер өмүрүң узун болуп жашап калсаң адамдар колуна толтура алтынын же күмүшүн кармап, көчөгө алып чыгып, аны берүүгө кедей таппай калган заманды көрөсүң".** Адий айтат: "Чындыгында мен узун жашап Пайгамбар САВ айткандарды көрдүм. Жалгыз аял киши төөсүнө минип, Аллахтан башка эч кимден коркпой, Хийрадан чыгып Каабага келип тооп кылып кеткен заманга күбө болдум. Кисра ибну Хурмуздун падышалыгын жеңип, казынасын ачкан жоокерлердин бири болдум. Эми силердин өмүрүңөр узун болсо Пайгамбар САВ айткан, Абулкасым САВ айткан колуна толтура алтын күмүштү алып чыккан адамдарды көрөсүңөр".

## *Табук согушу*

## *(9 ж) ражаб айында болду*

Меккенин алынуусу ак менен караны, акыйкат менен акыйкатсыздыкты ажыраткан чындык болду. Ошонон кийин араптарда эч күмөн калбастан, Пайгамбардын САВ чыныгы элчи экендигин моюндап ишенди. Бул ачылыштан соң араптар исламды топ-топ, жамаат-жамаат болуп кабыл кыла баштады, - кийинки барактарда коштошуу ажысында, бул жамааттар тууралуу баян кылып өтөбүз – мусулмандарга каршы араптардын ичинен чыккан ар түрдүү жол тосуулар токтоп, мусулмандар кыйла жеңилдеп; Аллахтын шариятын үйрөтүп, үгүт иштерин жүргүзүп ислам дини алда канча алдыга жылды.

## *Согуштун себеби:*

Бирок, мусулмандарга сырттагы күч эч себепсиз тоскоолдук жаратып жатты, ал да Византия империясы. Анткени, Византия империясы жер бетиндеги ошол замандын эң күчтүү державасы болчу. Алдыда айтып өткөндөй бул каршылыктын башы, Пайгамбардын САВ жөнөткөн элчиси Хаарис ибну Умайр Аздийди өлтүрүп койгондон башталган. Анткени, Хаарис Пайгамбардын САВ катын Басранын өкүмдарына жеткизем деп Шурахбил ибну Амру Гассанийдин колунан өлтүрүлгөн эле. Андан соң Пайгамбар САВ булардын кылган кылыгынан өч алуу үчүн, Зейт ибну Хаарисанын башкаруу астында жоокерлерди жөнөтүп, жоокерлер Муьтада душман менен кагылышып, аша чакпан бул заалымдардан өч ала албай калган эле. Бирок, бул согуш бүткүл араптар таң кала турган чоң таасир калтырып кетти.

Ал эми Византия падышасы Кайсар да Муьтадагы окуянын натыйжасы, мусулмандардын пайдасына болгондугуна жакындан көз салып, ошол жактагы Кайсарга баш ийген бир нече арап уруулары ушул окуядан соң Кайсарды таштап мусулмандар менен кошулуп кеткендиги да Кайсарды кыжаалатка салды. Бул коркунуч аларга улам-улам жакындап, Кайсардын жерине акырындап акырындап келе жатканы сезилип, Шам жериндеги анын кол астында болгон араптарга жаман таасирин тийгизээри байкалып турду. Ошондуктан Кайсар, бул коркунуч Византия жерине кошуна жашаган, араптарга келе электен алдын, мусулмандарды өз жеринде жок кылуу аракетин жасады.

Кайсар ошол коркунучтарды эске алып, Муьта согушунун болгонуна бир жыл өтпөстөн туруп, өзүнүн Византия элинен жана өзүнө баш ийген араптардын Гассан уурусунан жана башкалардан жоокер жыйнап мусулмандарды жок кылуу максатында даяргерчилик көрө баштады.

## ***Византиянын жана Гассандын согушка даярдык көрүп жаткан кабары:***

Византиянын мусулмандарга каршы жоокер даярдап жаткан кабары Мадинага улам-улам угулуп турду. Акыры мусулмандарды катуу коркунуч басып, сырттан кайсыл бир жат үн келбесин Византия каптап келдиби деген коркунучта жашап калды. Бул көрүнүштү Умар ибну Хаттаптын бир сөзүнөн байкасак болот; анткени, ошол кезде Пайгамбар САВ аялдарынан бир ай узак болуп, өзүнчө ой пикир кылып жашап калган болчу. Сахабалар алгач эч нерсени түшүнгөн жок. Пайгамбар САВ аялдарына талак бериптир деп ойлошуп, өздөрүнчө кайгы-капага батып, тынчсызданып жүрүп калды. Бул тууралуу Умар ибну Хаттап мындай дейт: “Менин Ансарий бир досум бар эле, эгер мен жок болсом Пайгамбардын САВ кабарын мага жеткизип турчу, а эгер ал жок болсо мен ага кабарды жеткизип турчумун, - ошол кезде Мадинанын четинде жашап экөө тең Пайгамбарга САВ кезек-кезек менен келип турчу, - бизге каршы Гассандын падышасы даярдык көрүп жатат экен деген кабар угулуп, бастырып келет экен деген сөздөр пайда болуп, коркунучта жашап турган убагыбыз эле. Ошондой абалда турсак, күндөрдүн биринде Ансарий досум келип эшигимди каккылап: “Ач, ач!”- деп калды. Мен: “Эмне Гассандар бастырып келдиби?”- десем. Ал: “Жок” андан да жаман нерсе, Пайгамбар САВ аялдарын коюп жибериптир”.

Башка риваятта Умар айтат: “Бизге каршы Гассандыктар чабуул жасоого даярданып жатат экен деген сөздөр тараган болчу. Ошол күнү Пайгамбардан САВ кабар алып келүү шеригимдин кезеги эле. Кечинде келип эшигимди катуу каккылап: “Эмне уктап калдыңбы? -деп ойготуп жиберди. Чочуп ойгонуп кетип сыртка чыксам ал: “Таң калыштуу иш болду”.Мен: “Эмне болду? Гассандар бастырып келдиби?” -десем ал: “Жок, андан да жаман иш

болду, Пайгамбар САВ аялдарына талак берип салыптыр”- деген сөздү айтты”.

Бул да абалдын курчуп турганын билдирип, Византия мусулмандарга каршы коркунучту туудуруп жатканы байкалып турат. Ал эми мунафыктар болсо Византия аскерий даяргерлик көрүп жатат экен деген кабарды Мадинага таратып абалды ого бетер курчутту. Бул мунафыктар Пайгамар САВ бардык согуш майданында ийгилике жатип жатканын көрүп турса да, балким анын жолун жер бетиндеги канчалык күчтүү кубаттуу падыша султан болобу тоскону менен, аягында жеңилүүгө дуушар болоорун сезип турса да ыплас иштерин жасап жатты. Ошондой болсо да бул мунафыктар өздөрүнүн жүрөгүндөгү ишти амалга ашыруу үчүн дагы деле аракет кылып, өздөрүнчө арам оюн ишке ашыруу максатында мечит куруп өздөрүнө уюк салды, ал да Дирар мечити. Ал мечитти момундардан башка жака бөлүнүп туруу үчүн, жана Пайгамбарга САВ исламга каршы согушууларды аңдып байкап туруу үчүн курган эле. Анан ошол мечитке Пайгамбарды САВ келип намаз окуп кетүүнү айтты. Мындан максат момундардан өзүнчө бөлүнүп, Пайгамбардын САВ мечитине келип турган ар кандай жаман кабарлардан узак болуп, андай жаман кабарларды көрмөксөнгө укмаксанга салып, өздөрүнө жана сырттагы жардамчыларына ыңгайлуу уюк салган эле. Бирок, Пайгамбар САВ ал мечитте намаз окууну кечеңдетип – согуштан келгенде окуймун дегендей кылып – согушка даяргердик көрүп шугулданып жаткандыгынан келген жок. Ошентип булардын арам ою ишке ашпай, кудуреттүү Кудай Таала шермендесин чыгарды. Пайгамбар САВ согуштан келгенден соң ал мечитте намаз окуунун ордуна буздуруп салды.

## *Византия менен Гассандардын аскерий даярдыгы тууралуу келген так маалымат:*

Ушул сыяктуу ар түрдүү кабарларды мусулмандар угуп турду. Ал эми чыныгы кабар Шамдан Мадинага зейтун ташыган соодагерлерден угулду. Ал да Гераклий чоң көлөмдөгү саны кырк миң болгон аскер жыйнап, аскерди башкарууну Византиянын эң көрүнүктүү аскер башчысына тапшырып мусулмандарга каршы келе жатат деген кабарды ошол соодагерлер алып келди. Ал аскердин арасында хрестян болуп кеткен Лахм, Жузам жана башка арап уруулары бар экен. Аскердин алды Балкага жетип калыптыр деген кабарды айтты. Мына ушинтип мусулмандардын көз алдына өтө чоң коркунуч келди.

## *Абалдын ого бетер курчуусу:*

Абалдын ого бетер курчуусунун себеби, ошол жылы өтө катуу кургакчылык болуп, инсандар кургакчылыктын айынан жер-жемиштери болбой жана башка керектүү нерселерден өтө кыйналып жапа чегип турган убагы эле. Ошондуктан, мындай абалда андай ишке барууну каалабай да жатты. Анын үстүнө бара турган жер да аябай узак жана тоо таштуу болуп өтө машаккатту эле.

## *Пайгамбар САВ чечкиндүү чечим чыгарды:*

Бирок, Пайгамбар САВ курчуп турган абалды өтө дыккат жана терең көз караш менен карап чыкты. Анткени, ушундай кыйын абалда Византияга каршы чыгуудан токтоп жалкоолонсо, аларды мусулмандардын кол астында турган жерине чейин бастырып келип, Мадинага чейин кол салууга мүмкүнчүлүк түзүп берсе, анда ислам мамлекеттүүлүгүнө жана мусулмандардын аскерий аброюна өтө чоң таасирин

тийгизип зыян берет. Себеби эми эле Хунайн согушунда караңгылык доордун акыркы демдери чыгып өлүп жок болгон неме, кайра тирилип кетүү коркунучу турган иш. Ал эми мунафыктар мусулмандардын абалына өтө жакындан көз салып, бузуку Абу Аамир аркылуу Византия менен байланыш болуп турганда, эгер Византия бастырып келип алдыдан кол салса, анда мунафыктар мусулмандардын артынан канжар менен сайып салуусу айтпаса деле маалым. Мына ошондо мусулмандардын узун убакыттан бери исламды өтө кыйынчылык менен жайылтып келген аракеттери жана канчалаган кандуу согуштарды жортуулдарды баштан өткөзүп, ислам мамлекеттүүлүгүн түптөгөндүгү текке кетип калат болчу.

Ушулардын баарын Пайгамбар САВ өтө жакшы түшүн билип турду. Ошондуктан – абалдын кыйындыгына карабастан – Византияга каршы чыгууну чечип, аларды ислам жерине келтирбестен, ошол жакка барып согушууга чечкиндүү кадам таштады.

## *Византияга каршы согушка даярдык көрүүнү жарыялоо:*

Пайгамбар САВ чечим чыгаргандан соң, сахабалардын баарына согушка даярдык көргүлө деп жар салды. Башка арап урууларга жана Меккеге да кишилерин жөнөтүп, аларды согушууга жардамга чакырды. Пайгамбар САВ башка көптөгөн согуштарды мындай жар салган эмес болчу. Бирок, абалдын курчуп турганына, кургакчылыкка жана жокчулукка байланыштуу, Византияга каршы согушту баарына жар салып айтты. Мусулмандарга иштин чоо жайын түшүндүрүп, аларды Аллах жолуна согушка чыгууга үндөдү. Бул тууралуу Бараа сүрөсүнөн аят түшүп, мусулмандарды күчтүү болууга чакырып, согушка кызыктырган сөздөр айтылды. Пайгамбар САВ согушка даярдык көрүү үчүн, элдерди садака зекет, жана

башка жардамдарын аябоого чакырып анын сообу Аллахтын алдында өтө көп экендигин түшүндүрдү.

## *Мусулмандар согушка даярдык көрүү үчүн бири-бири менен жарышып жардам бере баштады:*

Мусулмандар Пайгамбардын САВ Византияга каршы урушка үндөгөнүн угаар замат, лаббай деп моюн сунуп, согушка даярдык көрүү үчүн өтө тездик менен аракет кылды. Мусулмандардын эч кимиси бул согуштан калгысы келбей, Мадинага бардык тараптан уруулар согушууга агылып келип жатты. - Бир гана жүрөгүндө ооруусу бар мунафыктар жана алардан башка үч мусулман бул согушка барбоо үчүн башка шылтоо табып калып калды. - Жада калса өтө кыйналып турган кедей кембагалдар да Византия менен согушуудан калып калбоо үчүн Пайгамбардан САВ минээрге улоо сурашты, бул тууралуу Аллах Таала мынтип айтат:
***“Жана, өздөрүнө (согуш үчүн) улоо таап берүүңдү сурап сага келишкенде, сен аларга: “Силерге мингизгидей улоо менде жок” дегениңде, (жихадка) пайдалана турган эч нерсе таппай калганына өксүп, көз жашын көлдөтүп кайткандарга күнөө болбойт”.*** (Тауба, 92)

Мусулмандар согушка курал-жарак жана башка керектүү жабдыктарды даярдоо үчүн жардам берүүдө, бири-бири менен жарышып, мал-мүлктөрүн эч аябастан алып келип жатты. Ошол кезде Усман ибну Аффан Шамга соодага баруу үчүн кербен даярдап, эки жүз төөнү бардык жабдыктары менен жана эки жүз уукия күмүштү даярдаган болчу. Булардын баарын согушка садака кылып берип, андан тышкары жүз төөнү да бардык жабдыктары менен берип, дагы башка миң динарды алып келип Пайгамбардын САВ алдына койду. Пайгамбар САВ Усмандын берген динарларын ары бери оодарып: “**Усман бүгүнтөн баштап эч зыян тартпайт”-** деген сөзүн айтты. Андан соң Усман дагы берип берип

олтуруп согушка берген садакасынын саны тогуз жүз төөгө жана жүз атка жетти, ал эми акчаларын айтпай эле коёлу.

Абдурахман ибну Ауф эки жүз уукия күмүшүн берди. Ал эми Абубакир болсо үйүндөгү болгон мал-мүлкүн алып келип берип, үйүнө эч нерсе калтырган жок. Бир гана Аллахтын ырыскы берем деген убадасын калтырды. Эң биринчи Абубакир төрт миң дирхам садакасын алып келген болчу. Умар мал-мүлкүнүн жарымын алып келип берди. Аббас да өтө көп акча алып келди. Талха, Саьд ибну Убаада жана Мухаммед ибну Маслама да көптөгөн акчаларын алып келди. Аасим ибну Адий токсон төөлүк курмасын берди. Ошентип, элдер аз болобу көп болобу жардамын аябай алып келип жатышты. Жада калса кээ бири бир коштоо же эки коштоо болсо да тапканын берип жатты. Ал эми аялдар болсо тагынган тагынчактарын, шакек, билерик, кулак сөйкө жана атыр болобу болушунча Аллах жолуна садака кылып беришти.

Садака берүүдө мунафыктардан башка эч ким бакылдык кылган жок:

***“Садака берүүгө умтулган момундарды шылдыңдаган (мунафык) адамдарды жана маңдай тери менен тапканын гана бергендерди, келекелегендерди Аллах шылдыңдайт”.*** (Тауба, 79)

## *Ислам жоокерлери Табукка карай жолго чыкты:*

Ушинтип ислам жоокерлери согушка даярдык көрүп жолго чыкты. Пайгамбар САВ Мадинага башчы кылып Мухаммед ибну Масламаны калтырды, кээ бир риваятта Сиба ибну Арфатаны калтырган деп келет. Ал эми Пайгамбар САВ өз үй-бүлөсүнө көзөмөл болуп турууга Али ибну Абуталипти дайындады. Бирок, мунафыктар Алини жактырышпагандыктан, Али Пайгамбардын САВ артынан жолдо жетип барды эле, Пайгамбар САВ аны Мадинага кайтарып мындай деди: “**Мусанын ордуна Харун калгандай,**

**менин ордумда калууну каалабайсыңбы, бир гана менден кийин Пайгамбар келбейт”.**

Ошентип бейшемби күнү ислам жоокерлери түндүк тарапка, Табука карай жолго чыкты. Ал эми жоокерлердин саны аябай чоң отуз миң болчу, мындай чоң көлөмдө мусулмандар эч качан жоокер топтогон эмес. Мусулмандар мал-мүлктөрүн берип канчалык аракет кылганы менен, мынчалык чоң көлөмдөгү жоокерди жабдыктар менен толук кандуу даярдай алган жок. Улоо жана жабдыктар өтө жетишсиз болуп, он сегиз кишиге бир төө туш келип, аны кезек-кезек менен минүүгө аргасыз боду. Катуу кыйынчылыктан кээ бирде жалбырактарды жешке туура келип, эриндери шишип кетти. Ал эми суунун жетишсиздигинен кээде төөнү союп ичиндеги суусун ичүүгө аргасыз болду. Ошондуктан бул жоокерлер машакат жоокерлери деп аталып калды.

Ислам жоокерлери Табукка баратып илгери Самуд коому таштар менен курган тарихый жер Ваадил Курадагы Хижир деген жерге жетет. Элдер кудук суусунан ичүүгө камданат. Бирок, ошол жерге жетээрде Пайгамбар САВ элдерге: “**Ал жердин суусунан ичпегиле, намазга да даарат албагыла, ал эми суусунан алып камырга даярдап койгонду төөгө жем кылып берип салгыла, ал жердин эч нерсесин жебегиле”-** деп тыюу салды. Бирок, Салих пайгамбардын төөсү ичкен кудуктан ичүүгө буйруду.

Бухарий менен Муслимдин риваятында Ибну Умар айтат: Пайгамбар САВ Хажардан өтүп бараткканда: “**Өздөрүнө зулум кылган коомдун жерине кирбегиле, силерге да алар сыяктуу жаман болуп калуусу мүмкүн, эгер кирсеңер да ыйлаган абалда кирсеңер болот”-** деген сөздү айтты. Анан башын көтөрүп улоосуну катуу айдап Ваадил Курадан өтүп кетти.

Жолдо баратып жоокерлердин суусу түгөнүп калат, Пайгамбарга САВ суу түгөнгөндүгүн айтты эле ал Аллах

Таалага дуба кылды. Кудуреттүү Кудай Таала өз пенделерине ошол замат асмандан жамгырлуу булутту жөнөтүп жамгыр жаап, баары жамгырдын суусу менен суусундугун кандырып, идиштерине толтуруп алды.

Табукка жакындап калганда Пайгамбар САВ: "**Кудай Таала буйурса эртең Табуктун булагына келесиңер. Бирок, күндүзү келесиңер. Эгер ким бизден алдын келип калган болсо анда мен барганча булак суусуна тийбегиле"-** деп айтты. Муаз айтат: "Ошентип биз келдик, бирок бизден мурун эки киши келип булактан ичип койгон экен, карасак суу жылжып азайып калыптыр. Пайгамбар САВ ал экөөнөн: "**Сууга тийдиңер беле?"-д**еп сурап калды, экөө: "Ооба"-деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар САВ экөөнө бир аз сүйлөп анан сууга колун салып ары бери кыймылдатты эле суу бир аз көбөйүп көлчүк болуп калды, анан суудан алып бети колун жууду эле суу көбөйүп булактан ашып ага баштады. Элдердин баары суудан ичип, идиштерине толтуруп алды. Пайгамбар САВ мага карап: "**Оо, Муаз! Эгер узун жашап калсаң, бул жерде бак дарактар көбөйгөнүн көрөсүң"-**деген сөзүн айтты.

Жолдо келатканда же болбосо Табукка келип калганда – риваяттар ар түрдүү болуп келгендигинен ушундай айтылган – Пайгамбар САВ мындай деди: "**Бул кечеде катуу шамал болот. Ошондуктан, эч ким ордунан кыймылдабасын, кимдин төөсү болсо анда жакшылап кишендесин".** Пайгамбар САВ айткандай эле катуу шамал болду. Ошондо бирөөсү туруп баса койду эле шамал учуруп кетип Тай тоосуна алып барып салды.

Пайгамбар САВ дайыма сапарга чыкканда жолдо Бешим менен Дигер намазын бириктирип Бешимдин убагында окуйт эле, ал эми шам менен куптан намазын бириктирип куптандын убагында окуйт эле.

## *Ислам жоокерлери Табукка келди:*

Ислам жоокерлери Табукка жетип келип орношуп, урушка даяр болуп турду. Ошол жерде Пайгамбар САВ жоокерлерге жеткиликтүү сөздөрдөн айтып, дүйнө жана акыреттин бактылуулугу эмнеде экенин түшүндүрүп. Өтө маанилүү, олуттуу орчундуу сөздөрүн сүйлөп, баарынын маанайын көтөрүп, азык-түлүктөн жана башка нерселерден кемчилдиги барлардын маанайы көтөрүлүп, ыйманы ого бетер күчүнө кирди. Ал эми Византия менен ага кошулгандардын жоокери Пайгамбардын САВ мынчалык көп көлөмдөгү жоокер менен келгендигин укканда, жүрөктөрүн коркунуч каптап, согушууга батына албай, корккондуктан артка кайтып, баары жер жерине тарап кетти. Бул көрүнүш да мусулмандардын аскерий аброюн көтөрүп, арап жарым аралына жана айланага мусулмандардын кадыр-баркы катуу көтөрүлдү. Эгер эки тарап кагылышканда мусулмандар мынчалык аброй ала албаса керек. Ошондуктан, ушуну менен мусулмандар саясий жактан да өтө чоң утушка ээ болду.

Ошол жерде турганда Айланын өкүмдары Юханна ибну Рууба Пайгамбарга САВ келип келишим түзүп, салык төлөдү. Жарба жана Азра эли да келип Пайгамбарга САВ салыгын берди. Пайгамбар САВ бул келишимди баракка жазып аларга тапшырды. Ал эми Айланын өкүмдарына мындай деп жазды: "**Бисмиллаахи Рахмаани Рахиим. Бул тынчтык келишими Аллахтан жана Аллахтын элчиси жана пайгамбары Мухаммедден Юханна ибну Руубага жана Айла элине, кемелери жана бардык улоолору, жерде болобу же деңизде болобу баары өздөрүнө калат. Булар Аллахтын жана пайгамбар Мухаммеддин бийлиги астында коргоодо болот жана ошондой эле Шам жериндеги жашагандар менен деңизге келгендер да ушул коргоодо болот. Ким бул келишимди бузган болсо анда мусулмандар аларды жазалоого укуктуу жана мусулмандардын алардан алган**

**нерсеси мусулмандар үчүн адал болот. Кайсыл мусулман келсе да булар суусун да жерин да деңизин да тоспоосу керек”.**

Пайгамбар САВ Халид ибну Валидди төрт жүз жыйырма атчан менен Дуумату Жандалдын башчысы Укайдир ибну Абдулмаликке жөнөтүп мындай деди: “**Сен ал жерге барганыңда ал (Укайдир) малын кармаганы чыккан болот”.** Халид айткан жерге келип алардын чебинен бир аз узакта карап турду. Ошол кезде чептин дарбазасын мүйүзү менен сүзүп бир уй качып чыкты. Уйду кармоо үчүн артынан Укайдир кууп чыкты – ошол кече ай толуп турган убагы эле – ошол замат Халид атчандар менен бастырып келип Укайдирди кармап алды да Пайгамбарга САВ алып келди. Пайгамбар САВ ага тийбей, андан эки миң төө, сегиз жүз ат, төрт жүз соот жана төрт жүз найзаны алды, анан салык төлөө үчүн келишим түздү да Юханна менен түзгөн келишимдей кылып ага да Дуумату Жандал, Табук, Айла жана Тима элдерине келишимди жазып берди.

Мына ошондон кийин Шам жериндеги жашаган арап уруулары Византияга жардам берип, бийлигине баш ийүү артта калды, эми жаңы күч болуп келген мусулмандарга баш ийүү керектигин түшүнүп, мусулмандардын кол астында калды. Ушундай болуп ислам мамлекетинин жери кеңейип, Византия өлкөсү менен түздөн түз чектеш болду. Бул окуяга күбө болгон Византия бийлигине баш ийип тургандар, Византия державасынын соңу жакындап калгандыгын сезип түшүндү.

## *Мадинага кайтуу:*

Мусулмандар Табуктан ийгиликке жеңишке жеткен абалда кайтышты. Согуш болгон жок, Аллах Таала момундарды кагылышуудан өзү сактап, душмандын жүрөгүнө коркууну салып койду. Мадинага кайтып келе жатканда жолдо

Акабага келгенде, мунафыктардан он эки киши Пайгамбарды САВ өлтүрүү аракетин көрүп калды. Ал да Пайгамбар САВ Акабага келип ошол жерден өтүп бара жатканда Аммар Пайгамбардын САВ төөсүнүн тизгинин кармап жетелеп бара жаткан болчу, ал эми Хузайфа ибну Яман төөнү айдап бара жаткан эле. Жоокерлер болсо адырдын ич жагына салып ошол жакта баратышты. Пайгамбардын САВ эки киши менен эле бараткан бул шансты мунафыктар колдон чыгарып жибербейли деди да, артынан акырын жакындап келишти. Пайгамбар САВ менен эки жолдошу ошол замат арттан, байкатпай чүмкөнүп келаткан адамдарды байкап калат. Дароо Пайгамбар САВ аларга Хузайфаны жөнөттү эле, ал барды да колундагы илгек таягы менен минип келаткан улоолорун арт жака айдап салды. Ошондо Аллах алардын жүрөгүнө коркунучту салып койду эле, коркуп кетип дароо артка кайтып жоокерлерге кошулуп алды. Пайгамбар САВ булардын ысымдарын Хузайфага айтып, эмне максатта келгендигин да айтып берди. Ошондуктан Хузайфа Пайгамбардын САВ сыры деген наамга конду. Бул окуяны Аллах Таала мындай деп айтып кеткен: ***“Жана (алар) жетпеген максатка (Пайгамбарга зыян берүүгө) умтулушту”.*** (Тауба, 74)

Ошентип Пайгамбар САВ Мадинага жакын келип аны узактан көрө баштаганда: “**Мына жагымдуу шаар көрүндү, мына бизди сүйгөн биз да сүйгөн Ухуд тоосу көрүндү”-** деген сөзүн айтып келе жатты. Пайгамбардын САВ келе жатканын Мадина эли көрүп, аялдар жаш балдар кары картаңдар баары чыгып жоокерлерди жылуу маанай менен күтүп алып:

Айдын нуру түштү бизге.
Самият өрөөнүнөн.
Аллахка шүгүр айтуубуз керек.
Аллах жолуна чакырганга.

Деген ырлар менен Пайгамбарды САВ жоокерлерди күтүп алды.

Пайгамбар САВ Табукка Ражаб айында чыгып кайра Рамазан айында кайтып келди. Бул сапар элүү күнгө созулуп, анын жыйырма күнүн Табукта өткөзүп, калган күндөрү барып келген жолго кетти. Пайгамбардын САВ ушул согушу эң акыркы согуш эле.

## *Согушка барбай калгандар:*

Бул согуш чыныгы момун мусулман менен башканы айырмалоо үчүн Алла Таала тараптан жөнөтүлгөн өтө чоң сыноо эле. Ошондой эле, Аллах Таала ушундай абалдарда дайыма өз пенделерин сынап келип мындай дейт: ***"Аллах жакшыдан жаманды ажыратканга чейин гана (сынайт). Силерди – момундары ушул абалда калтырбайт".*** (Аалу Имран, 179)

Бул согушка чыныгы момун мусулмандар чыккан болчу. Эгер бул согуштан калып кала турган болсо анда ал адамда мунафыктык бар экен деген күмөндөр элде пайда болгон эле. Кимде ким согушка чыкпай турган болуп аны Пайгамбарга САВ айтса ал: "**Аны тим койгула, эгер анда бир жакшылык боло турган болсо анда Аллах аны биздин артыбыздан алып келип койот. Ал эми андай болбой турган болсо андан кутулабыз"-** деп айткан. Ошондуктан бул согуштан чындап эле зарыл жумушу бар же болбосо бир муктаждыктын себебинен калып калгандар болду, булардан тышкары Аллах менен анын элчисине калп айткан мунафыктар да калып калды. Ооба, бирок момундардын арасынан үч киши эч кандай себепсиз эле бул согушка барбай калган эле. Ошондуктан, Аллах Таала бул үчөөнү катуу сыноодон өткөзүп кийинчерээк күнөөсүн кечирди.

Пайгамбар САВ Мадинага киргенде эң алгач мечитке келип, эки рекет намаз окуп, андан соң элдер менен олтурду. Ал эми мунафыктар болсо – алар сексенден ашуу киши болчу – Пайгамбарга САВ согушка барбай калгандыктын себебин ар

түрдүү калп шылтоолрду айтып, ант ичип үзүр сурап жатты. Пайгамбар САВ булардын үзүрүн кабыл кылып, күнөөлөрүн кечирүү үчүн Аллахка дуба кылып, жүрөгүндөгү болгон нерселерин Аллахтын өзүнө тапшырды.

Ал эми жанагы барбай калган үч момун мусулмандар Кааб ибну Маалик, Мираара ибну Раби жана Хилал ибну Умая Пайгамбарга САВ келип чындыкты айтты. Пайгамбар САВ сахабаларга бул үчөө менен сүйлөшпөөгө буйруду. Ошентип үчөө менен эч ким сүйлөшпөй, мамиле кылбай койгондо, үчөө өтө кыйын абалда калып. Акыры жер бети булар үчүн тарып, жандары кыйналып өтө кыйынчылыкка дуушар болду. Үчөө менен элдер мамиле кылбай койгонун кырк күн болгондо, аялдарынан да узак болууну буйруйт, ошентип элүү күн толгондо Аллах Таала булардын тообосун кабыл кылган аят түшүрдү:

وَعَلَى الثَّلاَثَةِ الَّذِينَ خُلِّفُواْ حَتَّى إِذَا ضَاقَتْ عَلَيْهِمُ الأَرْضُ بِمَا رَحُبَتْ
وَضَاقَتْ عَلَيْهِمْ أَنفُسُهُمْ وَظَنُّواْ أَن لاَّ مَلْجَأَ مِنَ اللّهِ إِلاَّ إِلَيْهِ ثُمَّ تَابَ عَلَيْهِمْ لِيَتُوبُواْ
إِنَّ اللّهَ هُوَ التَّوَّابُ الرَّحِيمُ {التوبة/118}

***“Жана Аллаһ (Табук казатынан) калып калган үч кишинин тообасын да кабыл алды. (Ошого чейин) аларга жер (жүзү ушунчалык) кеңдиги менен тарлык кылып, жүрөктөрү да кысылып калган. Жана алар Аллаһтан Анын Өзүнө гана жалбаруу керектигин түшүнүштү. (Ыклас менен) тооба кылышканы себептүү Аллаһ алардын тообаларын кабыл алды. Аллаһ, чынында тообаны кабыл алуучу, Ырайымдуу”.*** (Тауба, 118)

Бул аяттын түшүүсү менен мусулмандар өтө кубанып, үчөө тең кубанычтары койнуна батпай катуу сүйүнүп, бири бирине куттуктап, бул үчүн садака кайрымдуулук берип, элдер булар менен мамилени улай баштады. Бул күн үчөөнүн жашоосундагы эң бактылуу күн болуп кала берди.

Ал эми белгилүү бир себептерден улам калып калгандар тууралуу Аллах мындай дейт:

لَّيْسَ عَلَى الضُّعَفَاء وَلاَ عَلَى الْمَرْضَى وَلاَ عَلَى الَّذِينَ لاَ يَجِدُونَ مَا يُنفِقُونَ حَرَجٌ إِذَا نَصَحُواْ لِلّهِ وَرَسُولِهِ {التوبة/91}

***"Ал эми, (денесинде бир кемчилдиги болгон) алсыз адамдарга, оорулууларга, жихадга керек нерселерди таба албай калгандарга – эгер Аллаһ жана пайгамбарына (калыс-таза болууга жана мүмкүнчүлүк тапса эле жихадка чыгууга) ниет кылышса – (согушка чыкпаганы үчүн) күнөө жок".*** (Тауба, 91)

Пайгамбар САВ булар тууралуу Мадинага жакындап калганда жоокерлерге ушундай деген болчу: "**Силер кандай тоо таштардан өтпөгүлө, адыр кырларды баспагыла Мадинада согушка чыга албай (бир белгилүү себептерден улам калып калган) кишилер бар, алар да силер алган соопту алды".** Жоокерлер: "Оо, Аллахтын элчиси! Алар Мадинада туруп биз алган соопко ээ болдубу?"-деп сурап калды эле Пайгамбар САВ: "**Ооба, Алар Мадинада туруп ошол соопко ээ болду"-**деп айтты.

## *Согуштун оң таасири:*

Бул согуш мусулмандардын араб жарым аралына болгон кубаттуулугун күчөтүп, башкарууну колго алууда өтө чоң пайдалуу таасир берди. Бүткүл араптарга исламдын кубатынан башка эч кандай күч кубат туруштук бере албай тургандыгы ачык айкын билинди. Ал эми калган караңгы доорду эңсеген инсандар менен мунафыктардын мусулмандарга болгон арам ойлору бүтүндөй жокко чыгып, өчүп жок болду. Анткени, алар акыркы калган ой максаттарын Византиянын күчүнө ишенип ошолордон күткөн эле. Мына эми алар да эч нерсе кыла албагандан соң, Табук окуясынан кийин учурдагы башкаруу

күчкө баш ийүүгө аргасыз болуп андан эч жакка качып кутула алган жок.

Ошондуктан, мунафыктар акыры мусулмандарга жылуу жумшак мамиле кылуудан башка арга калган жок. Аллах Таала аларга катуу болууну буйруп, жада калса берген садака зекеттерин да кабыл кылбай, аларга жаназа да окубай, Кудайдан алар үчүн кечирим да сурабай, алардан өлгөндөрдүн кабырына да барбоону буйруду. Жанагы өздөрүнө ыңгайлаштырып мечит деп курган уюгун бузуп салууну айтып, буздуруп салды. Мунафыктарды шерменде кылган аяттар түшүп, алардын кылган кылыктарын айтып катуу келекелеп мыскылдаган аяттар айтылгандан соң, бул зөөкүрлөр эч башын көтөргүс болуп, элдин арасында шермендеси чыгып жүрүп калды. Аятта Мадинада жашаган мунафыктардын ысымдарына ишаарат кылгандай сөздөр айтылган болчу.

Исламдын чоң жеңишке жетишкендиги Меккенин алынуусунан соң көптөгөн араптар жамаат-жамаат болуп Пайгамбарга САВ келип исламды кабыл кылып жатканы билингендей, бул Табук окуясынан соң араптар ого бетер топ-топ болуп агып келип исламды кабыл кылды.

## *Табук согушу тууралуу Курандан аяттар түштү:*

Куранда Бараа сүрөсүндө Табук согушу тууралуу көптөгөн аяттар түштү. Кээ бири согушка чыга электе, кээ бири жолдо баратканда, ал эми кээ бири Мадинага кайтканда түштү. Түшкөн аяттар согуш тууралуу айтып, анда мунафыктарды шерменде кылган сөздөр айтылып, Аллах жолуна урушка чыккан мужахиддердин пазилети, сообу Аллахтын алдында өтө чоң экендигин билдирип, согушка чыккан ыкластуу момундардын тообосун, жана согушка

чыкпай калган момундардын да тообосун кабыл кылган аяттар түштү.

## *Ошол жылы болгон кээ бир орчундуу окуялар:*

1- Пайгамбар САВ Табуктан кайткандан соң, Увáймир Ажланий менен аялынын ортосунда касам ичүү болду. (Увáймир аялын зынаа кылдың деп шектенип, аялы кылбадым деп, экөөнүн ортосунда шариятта көрсөтүлгөн касам ичүү болду).

2- Гамидий уруусунан бир аял келип зынаа кылгандыгын мойнуна алат, анан ал аял баласын эмчектен чыгаргандан соң ташбараңга алынды.

3- Хабашанын падышасы Нажаший Асхима каза болду. Пайгамбар САВ ага кайып жаназасын окуду.

4- Пайгамбардын САВ сүйүктүү кызы Усмандын аялы Уммукулсум каза болуп, Пайгамбар САВ кызы үчүн катуу кайгы-капага батып Усманга: "**Эгер менин үчүнчү кызым болгондо аны да сага бермекмин"-** деп айтты.

5- Пайгамбар САВ Табуктан кайтканда мунафыктардын башчысы болгон Абдулла ибну Убай ибну Салул каза болду. Пайгамбар САВ ага Аллахтан истигфар сурады. Жаназа окуюн дегенде Умар Пайгамбардын САВ ага жаназа окуусуна каршы чыкты. Бирок, Умардын каршы чыккандыгына карабай Пайгамбар САВ жаназа окуду. Жаназа окулгандан соң Аллах Таала Умардын сөзүн колдогон аят түшүрдү.

# *Абубакирдин ажылыгы*

Зул-Каада айында же болбосо Зул-хижжа айында ошол эле жылы (9 ж) Пайгамбар САВ Абубакир Сыддыкты башчы кылып Меккеге ажылыкка жиберип, ал жакка барып элдерди ажы кылууга үйрөтүүнү айтты.

Андан соң Бараа сүрөсүнүн алгачкы аяттарында мушриктер менен мусулмандардын ортосунда келишим бузулгандыгы жана аны аткаруу тууралуу аяттар түштү. Бул кабарды жеткирүү үчүн Пайгамбар САВ Али ибну Абуталипти жиберет. Анткени, бул да ошол кездеги араптардын адат-салты боюнча кан төгүүнү талап тоноону токтотуу үчүн болду. Абубакир Аражда турганда же болбосо Дажнанда турганда Али келишим бузулгандыгы тууралуу кабарды айтуу үчүн жетип келет. Абубакир Алиге: “Мага башчы кылып жөнөттүбү же мен башчымынбы?” -деп сурап калганда Али: “Жок, сен башчысың”- деп айтты. Анан экөө Каабага келип Абубакир элдерге ажылыкты өтөп берди. Курмандык чалуу күнү келгенде, Али ибну Абуталип жамаранын алдына келип, элдерге Пайгамбардын САВ айтып жөнөткөн келишим бузулгандыгы тууралуу кабар берип, ким келишимди бузган болсо анда аларга ойлонууга дагы төрт ай убакыт берилет, деп айтат. Ал эми ким мусулмандар менен келишим түзбөсө аларга да ойлонууга төрт ай убакыт бергендигин айтат. Ал эми мусулмандар менен келишимди бузбаган мушриктер болсо анда аларга келишим түзүлгөн убак улана берээрин айтты.

Абубакир элдерге өз кишилерин жөнөтүп ушундай деп жар салдырды: Ушул жылдан баштап мушриктердин ажылык кылуусу токтоду, эми Каабада жылаңач тооп кылууга болбойт.

Элдерге мынтип жар салуудун себеби бүткүл арап чөлүндө бутпарас отпарастык жок болуп, эми Каабага ошолордон эч ким келбей тургандыктын белгиси эле.

## *Согуштарга жалпы көз караш*

Эгер Пайгамбардын САВ согуштарына, жортуулдарына көз сала турган болсок, анда эч кимибиз жана башка бүткүл согуштардын натыйжасына караган инсандар да ушул сөздөн башканы айта албайт Пайгамбар САВ дүйнөдөгү эң чоң, эң көрөгөчтүү, иштин абалын түпкүртөн алган, эң баатыр жана

тайманбаган аскер башчы болгон экен. Аны аскерий сын сыпатын айта турган болсок, ал тайманбаган күчтүү аскер башчы экендигин айта алабыз. Ошондой эле ал, пайгамбарлардын мырзасы, Аллахтын динин жеткирүүдө эң мыкты элчи болгондугун айткандай эле. Кайсыл бир согушту алып барбасын ошол согушту чечкиндүүлүк, тайманбастык жана терең акыл калчоо менен аткаргандыгы маалым. Ошондуктан, кайсыл гана согушка барбасын жеңишке жетип, аскерлерди жайгаштырууда, аларды стратегиялык жака орноштурууда, жоокерлерин эгер абал оорлошуп кете турган болсо артка чегинүүгө ыңгайлуу жерлерге коюуда, согуш талаасынын эң орчундуу жерин тандоодо, эч адашкан эмес. Балким, башка бүткүл аскер башчылар билбеген башкарууну жасагандыгы да маалым. Ал эми Ухуд согушу менен Хунайн согушундагы кетирген катачылыктар ал Пайгамбардан САВ болгон жок, ал деген ошол жылба деген орундан жылып кеткен жоокерлердин катачылыгы, жана Хунайн согушундагы ыйманы алсыз мусулмандардын качып кетүүсүнөн чыккан катачылык.

Ошол эки урушта мусулмандар качып жөнгөндө Пайгамбардын САВ чыныгы баатырдыгы көрүнүп, эч качпастан душманга каршы турду. Өзүнүн акылмандыгы менен – Ухуд согушунда көрсөткөндөй – кыйын абалдан чыгып, артка чегинип жоокерлерин алып чыгып кетти, же болбосом – Хунайн согушунда көргөзгөндөй – мусулмандардын артка карай качуусун жеңишке айландырды. Ал эми башка аскер башчы болгондо андай кыйын абалдан качып өз жанын гана куткаруу аракетин көрүп калаар эле.

Бул Пайгамбардын САВ чыныгы аскер башчы экендигин көрсөткөн жагы. Ал эми согуштун башка жактарынан карай турган болсок, Пайгамбар САВ ушул согуштардын натыйжасында айлана чөйрөгө бейпилдикти тынчтыкты алып келип, ар түрдүү козголоңдорду токтотуп, исламга каршы бутпарас отпарастардын душмандыгын сындырып, аларды

тынчтык келишимин түзүүгө аргасыз кылып, исламдын жайылуусу үчүн баарын кечирип жиберди. Ошондой эле өзү менен кошо жүргөн мусулмандардын арасынан ким чыныгы момун мусулман, ал эми ким жүрөгүндө ооруусу бар, кыянаттыкты арам ойду каалап турган мунафык экендигин аныктай алды.

Мындан сырткары көп сахабаларын күчтүү аскер башчылыка даярдап, Пайгамбардын САВ көзү өтүп кеткенден соң, Ирак менен Шамда өкүм сүрүп келген Перстер жана Византия менен согушуп жеңишке жеткен. Акыры ошол бак дарактуу мөмө жемиштүү мал-мүлкүү арап жерлеринде жыргап жашап келаткан ушул эки державаны ал жерден ошо аскер башчылары кууп чыкты.

Пайгамбар САВ ушул согуштардын натыйжасында, качкын болуп келген, үй жайы жок, көптөгөн кедей мусулмандарга үй жай, жер жана ар түрдүү иштер менен камсыз кылууга жетишип, курал жарак дагы башка көптөгөн пайдалуу нерселер менен камсыз кылды. Булардын баарын Пайгамбар САВ ошолордун бирөөсүнө да кыпынчалык зулум жеткирбестен же болбосо кыянаттык мыкаачылык кылбастан аткарды.

Караңгылык доордогу согуштардын максаты талап тоноо, басып алуу, зулумдук менен өлтүрүү, душмандык кылуу, өч алуу, алдуу алсызды басуу, үй жайларды талкалоо, аялдардын укугун тебелөө, алсыздарга жаш балдарга күч колдонуу, бузукулукту таратуу жана жер жемиштерди бак дарактарды өрттөп жок кылуу сыяктуу согуштардын баарын жок кылды. Исламдын согушу, максатты жакшы нукка өзгөртүп, ислам үчүн күрөөшүүнү пайда кылып, келечектүү максаттарга, алдыга өнүгүп өсүү ниетинде, ошонун натыйжасында инсаният ар дайым жакшылыкка бактылуулукка жетүү үчүн күрөшүүнү пайда кылды. Ошондой эле каардуу, зулумдук, душмандык мыйзамын, алдуу алсызды кордогон, болбогон мыйзамдарды алып салды. Анын ордуна алдууду алсыз кылып,

анан ошол алдуудан алсыздын акысын алып бере турган мыйзамды орнотту. Ошондой эле, аял жаш балдар кары картаң сыяктуу алсыздар: «Оо, Рабби! Мындай зулумдуктан өзүн куткарып өзүң тараптан туура жолго баштоочу жиберип, жардам колуңду сун!”- деген алсыздардын үнүн угуп, аларды куткара турган акыйкат согушка айлантты. Аллахтын жерин кыянаттыктан, мыкаачылыктан, күнөө иштерди жасоодон тазалап, жер бетине бейпилдикти, тынчтыкты, ырайымдуулукту, боорукерликти, укуктуулукту жана адамгерчиликти орнотуу үчүн гана күрөшө турган согушка айлантты.

Ошондой эле согуш үчүн өзүнчө адилеттүү бир мыйзамды орноштуруп, ошол мыйзамдан кандай абал болбосун аскер башчы да жоокер да чыкпоосу керек. Бул тууралуу Сулайман ибну Бурайда атасынан риваят кылат: Эгер Пайгамбар САВ бир жоокерге же жортуулга башчы дайындаган болсо, эң алгач дайындаган башчысына Аллах Таалага такыба болууга чакырып, ошол жоокерлерге да жакшы кеңештерин айтып: “**Аллахтын ысымы менен, Аллах жолунда согушкула, Аллахка каршы чыгып каапыр болгондор менен гана урушкула, аша чаап кетпегиле, күнөөсүздөрдүн канын төкпөгүлө, башкага зулум кылбагыла, аял балдарды өлтүрбөгүлө!”-** деп айтаар эле. Дагы ошондой эле жеңилдетүүнү буйруп: “**Жеңил жагын карап жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла, жакшы жакка баштап үркүтпөгүлө!”-**деген сөздөрүн айтчу. Эгер бир жерге согушууга кечинде келип кала турган болсо анда эч качан кечинде кол салбай күндүзү кол салаар эле. Элдерди отко күйгүзүп азаптоодон каттуу тыюу салчу. Жаш балдарды, аялдарды өлтүрүүдөн тыюу салып аларга кол көтөрбөгүлө деп айтаар эле. Талап тоноону да тыйып мындай дечү: “**Талап тоноочулук бул өлүк эт сыяктуу (арам болот)”.** Эгин-тигинди, бак-даракты өртөп же кыйып жок кылууну да тыюу салчу, бир гана андан башка айла калбай зарыл учурларда

болот. Меккени алганда мындай деди: “**Жарадарга тийбегиле, качканды куубагыла, туткунду өлтүрбөгүлө”.** Бир жыл өттү жөнөтүлгөн элчи өлтүрүлгөн жок. Ошондой эле, келишим түзүлгөн адамдарды өлтүрүүгө катуу тыюу салып: “**Ким келишим түзүлгөндү өлтүрсө, анда ал Бейиштин жытын такыр жыттабайт, анын жыты ал үчүн кырк жыл узак болуп турат”-** деген сөзүн айтты. Жана башка ушул сыйктуу согуштун мыйзамдарын үйрөтүп түптөп, караңгылык доордогу ыплас мыйзамдардан тазалап, ислам үчүн гана күрөшө турган улуу согуш кылды.

## *Элдер Аллахтын динине топ-топ болуп кирүүдө*

Меккенин алынуусу – алдыда айтып өткөндөй – бутпарас отпарастыкты түп тамыры менен жок кылган согуш болду. Ошонун натыйжасында бүткүл араптар акыйкат менен акыйкатсыздыкты айырмалай билип, жүрөгүндөгү болгон күмөн шектер жоголуп, исламды кабыл кылууга шашты. Умар ибун Салама айтат: “Биз суучга жакын турчубуз, ошол жерден элдер өтүп турчу, ошол кезде алдыбыздан көптөгөн элдер өтө баштагандыктан алардан сурап калдык: “Элдерге эмне болду? Ал кандай киши экен? – мындайча айтканда Пайгамбарды САВ кандай адам деп сурадык” – элдер: “Ал өзүн Аллах тараптан келген элчимин, ага вахий кабары түшүптүр, Аллах ушундай сөздөрдү вахий кылыптыр”- деген сөздөрдү айтып калды. Элдердин ошентип айткандары менин эсимде сакталып калып, жүрөгүмдө өзгөрүүлөр пайда боло баштагандай болгон. Элдер ар кимиси ар түрдүү сөздөрдү айтып мындай деди: Аны жана ага эргешкендерди тим эле койгула! Эгер, ал чыныгы Пайгамбар болсо анда жакшы болот. Ошентип, Мекке алынгандан соң, көптөгөн элдер исламды кабыл кыла баштады. Атам да ал жакка барып келип элибизди исламга чакырып: “Ант болсун, чыныгы Пайгамбардын САВ алдынан

келдим”. Ал элдерге: “Ушундай намазды окугула, ушул убакытта окугула, тигиндей намазды окугула, мындай убакытта окугула. Эгер, намаз убагы болсо бирөөңөр азан айтып, Куранды жакшы билгениңер имамдыкка өткүлө”- деген сөздөрдү айтты.

Бул да Меккенин алынуусунан соң абалдын жакшы жакка өзгөрүп, ийгиликтүү болуп, исламдын өнүгүп жаткандыгын билдирүүдө. Араптардын абалы кандай болуп калгандыгы билинип, исламга баш ийип, аны кабыл кылгандыгын түшүндүрүүдө. Ал эми Табук согушунан соң иш дагы алдыга карай жылгандыгы көрүнүп турду. Анткени, ошол эки жылдын ичинде – тогузунчу жана онунчу жылда – араптар жамаат-жамаат болуп Мадинага келип, исламды кабыл кылып жаткандыгы ачык айкын байкалып турду. Меккени алганы барганда ислам жоокерлеринин саны он миң болсо, ал эми Мекке алынганына бир жыл толбой туруп Табук согушунда жоокерлердин саны абдан көбөйүп отуз миңге жетип олтурат. Ал эми коштошуу ажалыгында болсо муслман болгон кишилердин саны деңиздей көбөйүп – жүз миң, же жүз кырк төрт миңге жетип – Пайгамбардын САВ айланасында талбия, такбир, таспихтерди айтып асманды дүңгүрөтүп, жерди титиретип турушту.

## *Келген өкүлдөр:*

Пайгамбарга САВ келген өкүлдөрдүн тобун тарыхчылар жетимиштен ашуун деп жазып кеткен. Булардын баарын жазганда узарып кетет, жана баарын айткандан анча деле пайда жок. Ошондуктан керектүүлөрүн гана айтып, тарыхта белгилүү болгондорун гана эскерсек жакшы болоор. Ошондо окурманга жеңилирээк болот. Булардын баары Меккенин алынуусунан соң келген эмес, кээ бири андан алдың да келип исламды кабыл кылган:

1- Абдулкайстан келген өкүлдөр. Бул уруудун өкүлдөрү эки бөлөк убакытта келген: Биринчиси хижрийдин бешинчи жылы, же болбосом андан алдың. Себеби бул уруудан Мункиз ибну Хайан атту киши Мадинага соода-сатык иштери менен келип турчу. Пайгамбар САВ Мадинага көчүп келгенден соң Мункиз соодасын алып Мадинага келип калат, анан ошол жерде ислам менен таанышып мусулман болот. Мусулман болгондон соң Пайгамбардын САВ берген исламга үгүттөө катын өз элине алып келип, аларды динге чакырганда, алар да мусулман болот. Ошентип тыюу салынган айларда Пайгамбардын САВ жанына он үч же он төрт киши болуп келип динди үйрөнүп, ыйман тууралуу, ичимдиктер тууралуу сурап билишет. Бул келгендердин аксакалы Алашжа Асрий деген киши эле. Пайгамбар САВ бул инсан тууралуу ушундай деп айткан сөзү бар: “**Сенде Аллах жакшы көргөн эки пейилиң бар, жумшактык жана чыдамкайлык”.**

Ал эми булардан экинчи ирет келген өкүлдөрү, элдер исламды топ-топ болуп кабыл кылып жаткан жылы болду. Ошондо саны кыркка жеткен киши Пайгамбарга САВ келди. Арасында хрестян динин карманган Жаруд ибну Алаа Ал-абдий да бар болчу. Бул инсан Пайгамбарга САВ келип динди түшүнүп, исламды кабыл кылып, эң жакшы мусулмандардын бири болду.

2- Даус уруусунун өкүлдөрү. Бул уруунун өкүлдөрү жетинчи жылдын баш чендеринде Пайгамбар САВ Хайбар согушунда жүргөн кезде келди. Алдыңкы барактарда айтып өткөндөй бул уруудан Туфайл ибну Амру Даусий аттуу киши Пайгамбар САВ Меккеде жүргөндө келип мусулман болгон болчу. Туфайл мусулман болгондон соң элине кайтып, аларды исламга чакырып жатты. Бирок, эли исламды кабыл кылбай жаткандыктан, Туфайлдын үмүтү үзүлүп Пайгамбарга САВ келип, андан Даус уруусуна дуба кылууну суранды эле Пайгамбар САВ: “**Аллахым! Даус уруусун өзүң хидаят-туура жолго сал”-** деп дубасын берди. Ошентип, Даус уруусу

мусулман болуп, Туфайл өз элинен жетимиш же сексен үй-бүлөнү жетинчи жылдын баш чендеринде Мадинага алып келген болчу. Ошондо Пайгамбар САВ Хайбарда жүргөн эле, анан булар Пайгамбардын САВ артынан жетип келишти.

3- Жузам уруусунан Фарва ибну Амрунун Пайгамбарга САВ жөнөткөн кишиси. Фарва Византиянын араптарга дайындаган аскер башчысы жана Византиянын кызматчысы эле. Ал Маанда жашап, ошол Шам жеринин айланасын карачу. Сегизинчи жылы болгон, Муьта соугушундагы мусулмандардын эрдигин, чынчылдыгын, тайманбастыгын көргөн Фарва дароо исламды кабыл кылат. Мусулман болгондон соң, ал Пайгамбарга САВ өз кишисин жиберип, исламды кабыл кылгандыгын айтып, Пайгамбарга САВ ак качырды белек кылып, ошол кишиси аркылуу жөнөтөт. Византия падышалыгы Фарванын мусулман болгондугун билип калып, аны кармап келип камап салып, же динден чыгууну же башын алууну танда дейт. Ошондо ал өлүмдү тандаганда, аны Палестиндеги Афураа аттуу суунун алдына алып келип байлап салып, андан соң башын чаап салышат.

4- Саддадан келген өкүлдөр. Булардын өкүлдөрү 8 х. ж. Пайгамбар САВ Жаараниядан кетээри менен келди. Себеби Пайгамбар САВ төрт жүз жоокер даярдап, аларды Йемендеги Сада уруусуна барып чабуул жаса деп жөнөттү. Мусулман жоокерлери Канаанын жанына келип жайгашып, даярдык көрүп жатканда, булардын келгенин Сада уруусунан Зияд ибну Хаарис аттуу кишиси билип калат. Ошондо Зияд Пайгамбарга САВ келип: “Мени сизге элим жөнөттү, жоокерлерди артка кайтарсаңыз, элим сизге баш ийет деп айтты эле Пайгамбар САВ айтканын кылып, жоокерлерди Канаадан чакыртып алды. Зияд өз элине келип, аларды Пайгамбарга САВ барып келүүгө үндөдү эле, он беш киши өкүл болуп Пайгамбардын САВ алдына келип, исламды кабыл кылды. Анан алар өз элине кайтып, аларды исламга үгүттөп,

элдер исламды кабыл кыла баштады. Коштошуу ажылыгында Пайгамбар САВ бул элдин жүз өкүлүн кабыл кылган.

5- Кааб ибну Зухайр ибну Абу Салманын Пайгамбарга САВ келүүсү. Кааб араптардын ичинен чыккан күчтүү төкмө акын эле. Ал Пайгамбарга САВ каршы ырларын төгүп азар берчү. 8 х. ж. Пайгамбар САВ Таиф согушунан кайтканда, Кааб ибну Зухайрдын бир тууганы Бажир ибну Зухайр Каабка кат жазып мындай дейт: "Пайгамбар САВ Меккедеги өзүнө каршы ыр төкмөлөрдү айтып азар берген акындарды өлтүрүп салды. Ал эми калган Курайш акындары ар тарпка качып жок болду. Эгер жашагың келсе, анда тез Пайгамбарга САВ келип, кечирим сурап тообо кыл. Анткени, ким кечирим сурап тообо кылып келген болсо, аны Пайгамбар САВ өлтүрбөй кечирип жатат. Эгер андай кылгың келбесе анда өз жаныңды куткар". Ошентип бир туугандардын арасында бир нече каттар жазылды. Ошондо Кааб эмне кылаарын билбей, жер бети ал үчүн тарып, жаны жанына батпай коркуп, акыры Мадинага келди. Келип Жухайна уруусунан бирөөсүнүн үйүнө конду да, эртеси аны менен мечитке барып Багымдат намазын окуду. Намаз бүткөндөн соң үй ээси Каабка Пайгамбарды САВ көрсөттү. Кааб Пайгамбардын САВ жанына келип колун Пайгамбардын САВ колунун үстүнө коюп олтурду. Пайгамбар САВ Каабты көрбөгөндүктөн тааныган жок. Кааб: "Оо, Аллахтын элчиси! Кааб ибну Зухайр Сизден кечирим сурап, мусулман болуп келиптир, эгер аны алып келсем кечирет белеңиз? -деп сурап калды эле Пайгамбар САВ: "**Ооба, кечирем!"-** деп жооп берди. Ошондо Кааб: "Мен Кааб ибну Зухайрмын"- деп айтты эле, ошол замат ар жакта олтурган бир Ансарий ыргып келип: "Мунун башын чаап салууга уруксат бериң оо, Аллахтын элчиси!"- деп айтты. Пайгамбар САВ: "**Жок ары тур, бул деген кылган ишине өкүнүп, тообо кылып, кечирим суроо үчүн келип олтурат"** деген сөзүн айтты.

Ошондо Кааб Пайгамбарды САВ мактаган төкмө ырын айтты.

6- Азранын өкүлдөрү. 9 х. ж. Сафар айында Азра уруусунун өкүлдөрү он эки киши болуп Пайгамбарга САВ келди. Арасында Хамза ибну Нууман да бар эле. Пайгамбар САВ булардын кайсыл уруудан экенин сураганда бирөөсү: “Биз Азра уруусунанбыз, Кусайдын эне тарабынан бир тууган болобуз. Биз Кусайга жардам берип, Меккеден Хузааны жана Бакирды чыгарганбыз. Биз менен сиздин араңызда тууганДык жагы бар. Пайгамбар САВ буларга сый урмат көрсөтүп, Шам жерин алуу ушуларга да насип кылаарын айтты. Анан көзү ачыктарга ишенүүнү тыюу салып, Кудайдан башкага арнап сойгон этти да жешке тыюу салды. Ошентип келген өкүлдөр исламды кабыл кылып, Мадинада бир канча күн калгандан соң кайтып кетти.

7- Балинин өкүлдөрү. 9 х. ж. Рабиул аввал айында Мадинага келип исламды кабыл кылып, анан ал жерде үч күн калгандан соң кайтып кетти. Булардын башчысы Абудабиб Пайгамбардан САВ конок тууралуу: “Конок сыйлоодо сооп барбы? -деп сураганда, Пайгамбар САВ: “**Ооба, Кедейге болобу байга болобу кылган жакшылыгың баары садака болот (сооп).** Анан ал конок канча күн экендигин сураганда Пайгамбар САВ: «**Конок үч күн болот”-** деп жооп берди. Анан ал жоголгон кой тууралуу сураганда Пайгамбар САВ: «**Жоголгон кой, буйурса сага болот же башкасына болот же болбосо каршкырга болот”-** деп айтты. Анан ал жоголгон төө жөнүндө сурады эле Пайгамбар САВ: “**Аны тапсаң да эмне кыласың? Ээси тапканча тим кой”-** деген сөзүн айтты.

8- Сакифтин өкүлдөрү. Булардын келүүсү 9 х. ж. Рамазан айында Пайгамбар САВ Табуктан келгенден соң болду. Бул уруунун исламды кабыл кылгандыгынын себеби, Пайгамбар САВ Таиф согушунан чыгып Мадинага баратканда, 8 х. ж. Зул каада айында уруу башчысы Урва ибну Маьсуд Сакафий Пайгамбарга САВ келип исламды кабыл кылат. Ал өз элин

исламды кабыл кылат деп ойлоп, элине барып аларды исламга чакырды. Анткени, Урванын кадыр баркы элинин алдында чоң болуп, эли анын сөзүн укчу. Урва аларды исламга чакырганда тилекке каршы алар кабыл кылбай Урваны жаалар менен атып өлтүрүп салат. Аны өлтүрүп салгандан соң бир канча ай туруп, анан өз ара кеңешип - көпчүлүк араптар исламды кабыл кылып жаткандыктан - алар менен күрөшүүгө булардын алдары жетпей тургандыгына көзү жетип, Пайгамбар САВ менен сүйлөшүп келүүгө киши жиберүүнү чечишет. Бул ишке Абду Ялайлилди айтканда, ал мен барып келсем мени да Урва сыяктуу кылып өлтүрүп коёт деп ойлоп: “Эгер мага кошуп дагы кишилерди жиберсеңер гана барам”- дейт. Анын айтканын кылып Ахлафтан эки кишини Малик уруусунан үч кишини кошуп жеберишет. Ошентип баары алты киши болду. Арасында эң жашы Усман ибну Абул Аас Сакафий да бар болчу.

Бул өкүл Мадинага келгенде, Пайгамбар САВ буларга мечитке жакын жерден чатыр тигип, Куранды угуп, адамдар намаз окуганын көрсүн деп ошол жерге жайгаштырды. Ошол жерде бир канча күн калып Пайгамбар САВ буларды исламга үгүттөп жатты. Акыры өкүл башчысы Пайгамбарга САВ, Сакиф уруусу менен өзүнүн ортосунда тынчтык келшимин жазып берүүнү айтып, анда зынаа кылууга, арак ичүүгө, сүткордук кылууга жана өздөрү сыйынып келген лаат кудайына сыйына берүүгө уруксат берген келишим кагазын жазууну сунуш кылып, анан дагы намазды да таштап койолу деген сөздү жазууну айтып, сыйынган буттарын өздөрү талкалабоону суранды. Булардын бирөөсүнө да Пайгамбар САВ макул болбой, аларды өз эркине тим койду. Акыры өздөрүнчө кеңешип, Пайгамбарга САВ баш ийип исламды кабыл кылуудан башка арга калбаганын сезип, мусулман болушту. Анан алар сыйынган лаат кудайын Сакиф уруусу эч качан талкалабаарын айтып, аны талкалоону Пайгамбардын САВ өзүнө тапшырды. Пайгамбар САВ макул болуп, аларга

келишим кагазын жазып берди. Ошентип өкүл жолго чыгаарда аларга башчы кылып Усман ибну Абул Аасты дайындады. Анткени Усман булардын арасынан исламга катуу кызыгып, динди Куранды жакшы үйрөнгөн эле. Себеби алар ошол жерде турганда баары Пайгамбарга САВ келип сүйлөшүп кайра артка, жашаган жерине кайтып кетип, жаман адепсиз сөздөрүн сүйлөп жүрүштү. Ал эми Усман артка кайтпастан Пайгамбарга САВ келип андан таалим алып, динди Куранды үйрөнүп турду. Эгер Пайгамбар САВ дем алып уктап жаткан болсо, анда ал Абубакирге келип таалим алаар эле. (Пайгамбардын САВ көзү өтүп кеткенде, элдер динден чыга баштаганда Усман ибну Абул Аас Сакиф уруусун динден чыгуудан куткарып калат. Анткени, Сакиф уруусу да динден чыгууга бел байлап калганда Усман: Оо, Сакиф эли! Силер исламга эң акыркылардан болуп кирдиңер эле, эми эң алдыңкылардан болуп динден чыгып кетпегиле да”- деген сөзүн айтканда, алар динди карманып калды).

Өкүл өз элине келип, мусулман болгондорун жашырып, аларды согуш уруш кылат экен деп коркутуп, калп эле Пайгамбар САВ буларга исламды кабыл кылууну буйруп, зынаакорлукту, арак ичүүнү жана сүт корлукту таштоого буйруду деп, эгер андай кылбаса согуш жарыялай тургандыгын айтты, деп өздөрү да калп эле капа болумуш болуп жатты. Ошондо Сакиф эли караңгылык адаттарын таштагысы келбей, урушабыз деп эки үч күн туруп калды. Андан соң Аллах Таала булардын жүрөгүнө коркууну салып койду да, жөнөткөн өкүлдөрүнө: “Кайра анын алдына кайтып баргыла да сураган нерсесине макулдугубузду айткыла”- деди эле өкүлдөр мусулман болгондугун, тынчтык келишимин түзгөндүгүн айтып, акыйкатты үйрөтүштү. Ошондо Сакиф эли исламды кабыл кылды.

Пайгамбар САВ Сакиф уруусунун сыйынган лаат кудайын талкалоого кишилерин жиберди. Аларга башчы кылып Халид ибну Валидди дайындап жолго салды.

Мусулмандар Сакиф уруусуна жеткенде Мугийра ибну Шуьба колуна балтаны алды да жолдошторуна: “Азыр Сакифти силерге күлкү кылам”- деди да балта менен лааттын үйүн катуу уруп. Калп эле жерге кулап түштү, ошондо Таиф эли коркуп кетип: “Мугийраны Аллах урду, лааттын үйү рабба муну өлтүрүп салды”- деп айтты эле, Мугийра ордунан ыргып туруп: “Кудай алсын силерди, бул деген жөн эле эч нерсеге жарабаган ыплас таш да”- деп колундагы балта менен эшигин талкалап, анан дубалына чыгып талкалап кирди. Шериктери да чыгып баарын талкалап жер менен тегиздеп салды. Үйдүн астын казып астынан кымбат баалуу буйумдарды жана башка жабдыктарды чыгарды. Ал эми Сакиф уруусу уят болуп кала берди. Халид кишилери менен Пайгамбарга САВ алган буйумдарын алып келди эле, Пайгамбар САВ буйумдарды аларга бөлүштүрүп берип, өз Пайгамбарын жана динин бийикке көтөргөн Аллахка мактоолорду айтты.

9- Йемен өкүмдарларынын Пайгамбарга САВ жиберген каты. Пайгамбар САВ Табуктан кайткандан соң, Хумайр элинин өкүмдарлары Хаарис ибну Абду Килал, Наим ибну Абду Килал, Нууман ибну Кыйл Зии Райин, жана Хамадан менен Маафир уруулары Пайгамбарга САВ Малик ибну Мурра Рахавийди жөнөтүп, алар исламга киргендерин билдирип, бутпарастыкты таштагандарын айтты. Пайгамбар САВ аларга өз катын жөнөтүп, анда мусулмандарга карата болгон өкүмдү билдирип, аларга Аллахтын жана анын элчисинин коргоо астында боло турган келишим кагазын жазып, эгер салык бергендерге да ошол өкүм калат деп айтып, өздөрүнүн кишилеинен жөнөтүп, аларга башчы кылып Муаз ибну Жабалды жиберди.

10- Хамадандын өкүлдөрү. Бул уруунун өкүлдөрү 9 х. ж. Пайгамбар САВ Табуктан кайткан кезде келди. Пайгамбар САВ алардан мусулман болгондорго башчы кылып Малик ибну Наматты жиберип, сурагандарын түшүндүргөн кат жөнөттү. Ал эми мусулман болбогон көпчүлүгүнө Халид ибну

Валидди жиберип аларды исламга чакырууну айтты. Халид аларды алты ай исламга үгүттөдү. Тилекке каршы исламды кабыл кылган жок. Ошондо Пайгамбар САВ Халиддин артка кайтуусун айтып, Али ибну Абу талипти жиберди. Али келип Хамаданга Пайгамбардын САВ жиберген катын окуп берип, исламга чакырды эле, дароо исламды кабыл кылышты. Али Пайгамбарга САВ кат жөнөтүп анда Хамадан уруусунун мусулман болгондугун билдирди. Пайгамбар келген катты окуганда Аллахка сажда кылып чекесин жерге тийгизип, анан башын көтөрдү да: "**Хамаданга салам болсун, Хамаданга салам болсун"-** деген сөзүн айтты.

11- Фазаар уруусунун өкүлдөрү. Бул уруунун өкүлдөрү 9 х. ж. Пайгамбар САВ Табуктан кайткан убакта келди. Фазаара уруусунан он кишиден көбүрөөгү мусулман болуп Мадинага келди. Келип жерлерин кургакчылык каптаганын Пайгамбарга САВ арызданып айтты эле, Пайгамбар САВ минбарга чыгып, эки колун көтөрүп ушундай деп дуба кылды: "**Аллахым! Өз жериңе, мал-жандыктарыңа жамгыр бере көр, аларга ырайымыңды төгүп, кургак жерди көктөт. Аллахым! Бизге пайдалуу, керектүү, ыңгайлуу, кенен жамгырыңдан бере көр. Жамгырыңды батыраак берип, кечиктирбей, пайдалуу кылып, зыяндуу кылба. Аллахым! Ырайым жаанды жаадырып, азаптуу, бузуучу, селдүү жаандан өзүң сактагын. Аллахым! Пайдалуу жаан берип, душманды жеңүүчүлөрдөн кыл".**

12- Нажрандын өкүлдөрү. (Нажран жери Меккеден бир күндүк жол, Йеменде жайгашкан. Ал жерде жетимиш үч айыл жашап, жүз миң жоокери бар болуп, хрестян динин тутунуп келген).

Нажран элинен алтымыш өкүл болуп 9 х. ж. келди. Булардын арасында жыйырма төртү кадыр барктуулардан жана дагы үчөө нажран элинин башчылары эле. Бирөөсү Аакиб деп аталып, ал элди башкарып турган, ысымы Абдул Масих. Экинчиси Саид деп аталып, ал элдин маданият жана

саясат жагын карап турган, ысымы Айхам же Шурахбил болгон. Үчүнчүсү Аскуф деп аталып, ал элди дин жана руханият жагынан тейлеп турган, ысымы Абу Хаариса ибну Алкама.

Бул өкүлдөр Мадинага келгенде, Пайгамбарга САВ жолугуп, бир бирин тааныштырды. Анан Пайгамбар САВ аларды исламга үндөп, Куран аяттарынан окуп берди эле, исламды кабыл кылуудан баштартып, Пайгамбардан САВ Иса (Алейхи салам) тууралуу эмне дейсиң деп сурап калды. Ошол күнү Пайгамбар САВ аларга жооп берген жок. Анан Аллах Таала ушул аятты вахий кылып түшүрдү:

إِنَّ مَثَلَ عِيسَى عِندَ اللّهِ كَمَثَلِ آدَمَ خَلَقَهُ مِن تُرَابٍ ثِمَّ قَالَ لَهُ كُن فَيَكُونُ {آل عمران/59} الْحَقُّ مِن رَّبِّكَ فَلاَ تَكُن مِّن الْمُمْتَرِينَ {آل عمران/60} فَمَنْ حَآجَّكَ فِيهِ مِن بَعْدِ مَا جَاءكَ مِنَ الْعِلْمِ فَقُلْ تَعَالَوْاْ نَدْعُ أَبْنَاءنَا وَأَبْنَاءكُمْ وَنِسَاءنَا وَنِسَاءكُمْ وَأَنفُسَنَا وأَنفُسَكُمْ ثُمَّ نَبْتَهِلْ فَنَجْعَل لَّعْنَةَ اللّهِ عَلَى الْكَاذِبِينَ {آل عمران/61}

***“59. Албетте, Аллаһтын назарында Исанын мисалы Адам(-Ата) сыяктуу. Аллаһ аны топурактан жаратып: “бол!” дегенде, дароо болуп (жаралып) калган. 60. (Бул айтылгандар) Раббиң тарабынан келген акыйкат. Эми сен шектенүүчүлөрдөн болбо. 61. Ким бул маселеде, сага (анык) илим келгенден кийин деле (көшөрүп) талаша берсе, аларга айт: “Келгиле, балдарыбызды жана балдарыңарды, аялдарыбызды жана аялдарыңарды, өзүбүздү жана өзүңөрдү чакыралы. “Жалганчыларга Аллаһтын наалаты болсун!” - деп каргыш айталы!”.*** (Аалу Имран, 59, 60, 61)

Эртеси күн болгондо Пайгамбар САВ аларга Марям уулу Иса тууралуу түшкөн кабарды түшүндүрүп айтып берет. Анан ошол күнү аларды ойлонуп пикир кылсын деп өз абалдарына тим койду. Бирок Иса тууралуу айтылган аятты кабыл кылган жок. Эртеси күнү Иса жөнүндө айтылганды жана исламды да кабыл кылбагандан соң, Пайгамбарга САВ жогоруда аятта айтылгандай аял балдарын чакырып, кимибиз калп айткан

болсок ошого Аллахтын каргышы жана наалаты болсун деп айталы дегенде, Пайгамбар САВ макул болот. Пайгамбар САВ чепкенин кийип, неберелери Хасан менен Хусейинди ээрчитип, кызы Фатима да артынан басып, өкүлдөрдүн жанына келет. Өкүлдөр Пайгамбардын САВ чын эле ошол сөздү айтканы балдарын ээрчитип келатканын көргөндө, коркуп кетет да өз ара сүйлөшүп Аакиб Саидке: "Андай кылбай эле кой, эгер бул инсан чын эле пайгамбар болуп калып, анан каргыш айта турган болсо, анда биз да урпактарыбыз да куруп, келечекте жер бетинде бизден кымындай да тырмактай да эч ким калбай куруп жок болуп кетебиз"- дейт. Акыры баш ийип салык төлөөгө макул болуп, Пайгамбарга САВ келип: "Биз сен айтканга макулбуз"-деп макулдугун берет. Пайгамбар САВ да макул болуп, эки миң өлчөмдөгү дирхам салык төлөөгө келишип, миңин ражаб айында, калган миңин сафар айында беремей болот. Ар бир дирхамда уукия өлчөмү бар. Анан аларга келишим кагазын жазып берип, өздөрүнүн динин кармануута толук эркиндик берди. Салык топтоо үчүн өкүлдөр Пайгамбадан САВ ишенимдүү кишини жибер деп сураганда, мусулман үммөтүнүн ишеними деген наамга конгон Абу Убайда ибну Жаррахты жиберди.

Ошентип Нажран жерине ислам акырындык менен жайыла баштайт. Кээ бир риваятта Аакиб менен Саид Нажранга катйкандан соң исламды кабыл кылган, деп келет. Ошондо Пайгамбар САВ алардан садака зекетти жана салыкты жыйнап келүүгө Алини жиберет. Садака-зекет бир гана мусулмандардан алынаары баарыбызга маалым.

13- Ханийфа уруусунун өкүлдөрү. Булар 9 х. ж. он жети киши болуп Мадинага келет, арасында калпычы Мусайлама да бар болот – анын толук ысымы Мусайлама ибну Самаама ибну Кабир ибну Хабиб ибну Хаарис, Ханийфа уруусунан - өкүлдөр бир Ансарийдин үйүнө келип түшүп, анан Пайгамбардын САВ алдына келип исламды кабыл кылат. Бирок, калпычы

Мусайламанын мусулман болгондугу же болбогондугу тууралуу талаш риваяттар бар. Риваяттардын жыйынтыгы ушундайча Мусайлама өзүнчө текеберденип, менменсип исламды кабыл кылгысы келбей, падыша болгусу келет. Ал өкүлдөр менен кошо Пайгамбарга САВ келген эмес, өзүнчө келгендиги айтылат. Ошондой болсо да Пайгамбар САВ ага жакшы мамиле жасап, мусулмандарга кошууга аракет кылат. Бирок бул инсандан эч кандай пайда чыкпай, ниети бузук экендиги байкалат.

Пайгамбар САВ андан бир канча күн алдың түш көргөн болот. Түшүндө жер жүзүндөгү бардык казыналар Пайгамбарга САВ берилет. Ошондо Пайгамбардын САВ колуна алтындан болгон эки билерик түшөт. Билерик катуу болуп, Пайгамбар САВ ал билериктерге өзүнчө көңүл бурганда, ага билерикти үйлөп сал деген кабар айтылат. Пайгамбар САВ эки билерикти үйлөп салганда экөө тең жок болуп кетет. Пайгамбардан САВ соң өздөрүн пайгамбарбыз деген эки калпычы чыгат, деп, көргөн түшүн ошого жоруйт. Жогоруда айткандай Мусайлама текеберденип: “Эгер Мухаммед өзүнөн кийин мени падыша кылып калтырса гана мен аны ээрчиймин”- дейт. Ошол кезде Пайгамбар САВ сөз чечени Саабит ибну Кайс ибну Шамасты жанына алып, колуна дарактын бир жалбырагын кармап, Мусайламанын жанына келген эле. Мусайлама: “Эгер кааласаң сенин өкүмдарлыгыңды экөөбүз бөлүшөлү, анан өзүңдөн кийин мени ордуңа падыша кылып калтыр”- дейт. Бул сөздү укканда Пайгамбар САВ ага: “**Менден бул жалбыракты сурасаң да бербейт болчумун. Аллахтын өкүмүнөн эч жакка качып кутула албайсың, эгер туура жолдон тайган болсоң анда Аллах сени жазалайт. Ант болсун, жанагы көргөн түшүм мына сага туура келип жатат. Менин ордума Саабит жооп берет”-** деп айтты да ал жерден басып кетти.

Акыры Пайгамбар САВ айткандай болду. Анткени, Мусайлама Ямаамага кайткан кезде, өзү айткан сөз тууралуу

элине жалган жалааны ойлоп таап, Пайгамбар САВ аны өз өкүмдарлыгына шерик кылды деп айтып, мен да Мухаммед сыяктуу пайгамбар болдум деп чыкты. Бул калпычы Пайгамбардын САВ элчи экенине ынанып туруп, өзүнчө ырларды токуп, элине аракка зынаага уруксат берип салды. Эли да анын артынан ээрчип, айтканын кылып,бузукулук тарады. Элинин алдында кадыр баркы көтөрүлгөндүктөн аны Ямаамаnын ырайымдуусу деп атап койду. Анан ал Пайгамбарга САВ кат жөнөтүп, анда: “Мен сенин өкүмдарлыгыңды бөлүштүм, бизге башкаруунун жарымы болот, ал эми Курайшка (сага) жарымы болот”-деген сөздү жазды. Пайгамбар САВ анын катына: ***“Чындыгында Жер Аллахка таандык. Ал, аны пенделеринен каалаганына берет. Акыбети такыбалар үчүн болот”.*** деген аятты жооп кылып жазды. (Аараф, 128)

Ибну Масьуддун риваятында айтат: “Ибну Наваахa менен Ибну Асалды Мусайлама Пайгамбарга САВ элчи кылып жөнөтөт, экөө келгенде Пайгамбар САВ алардан: “**Менин Аллахтын элчиси экендигиме экөөң күбөлүк бересиңерби?”** -деп сурап калат. Экөө: “Биз Мусайламаны Аллахтын элчиси экендигине күбөлүк беребиз”- дейт. Пайгамбар САВ: “**Мен Аллахка ыйман келтирген адаммын, эгер элчини өлтүрө турган болгондо экөөңдү өлтүрүп салмакмын”-** деп айтты.

Мусайлама өзүн пайгамбармын деген убагы онунчу жыл эле. Бул зөөкүр калпычы Абубакирдин халифалык заманында он экинчи жылы Рабиул аввал айында мусулмандардын Ямаамага болгон согушунда өлтүрүлөт. Аны Хамзаны өлтүргөн Вахший өлтүрөт.

Ал эми өзүн пайгамбармын деген экинчи калпычы Йемендеги Асвад Ансий деген киши. Пайгамбардын САВ өлүмүнө бир күн калганда аны Фейруз деген сахаба өлтүрүп башын кесип салат. Анын өлгөндүгү тууралуу Пайгамбарга САВ вахий кабары түшүп, аны сахабаларга айтып берген эле.

Абубакир халифат болгондо Асваддын өлгөндүгү тууралуу кабарды ага айтып келет.

14- Ааимр ибну Саьсаьа уруусунун өкүлдөрү. Булардын арасында Аамир ибну Туфайл аттуу Аллахтын душманы болот жана Арбад ибну Кайс – Лабиддин энеси тарабынан бир тууган – Халид ибну Жаафар жана Жаббар ибну Асламдар келди. Булардын баары өз элинин башчылары болуп,чоң шайтандардын бири эле. Биьру Мауна окуясында сахабаларды өлтүргөн Аамир болчу. Бул өкүл Мадинага келүүгө ниет кылып жатканда Аамир менен Арбад Пайгамбарды САВ өлтүрүү тууралуу бир ишти ойлойт. Анан алар Мадинага келгенде, Аамир Пайгамбар САВ менен сүйлөшүп турат, ал эми Арбад болсо акырын Пайгамбардын САВ артына өтүп кылычын бир карыштай чыгарганда, Аллах Таала анын колун кыймылдагыс кылып койду. Ошондо ал колун кыймылдата албай туруп калат. Пайгамбарды САВ Аллах ушул сыяктуу кылып балээден куткарып калды. Бул кылган кылыктары үчүн Пайгамбар САВ экөөнө наалат айтып дуба кылды. Экөө кайткан кезде, Арбад төөсү менен жолдо баратканда, кудуреттүү Кудай Таала Арбадка асмандан чагылган түшүрүп, куйкаланып өлдү. Ал эми Аамир болсо Салул уруусунан болгон бир аялдын үйүнө келип конот. Ошол жерде анын тамагына буума без ооруу чыгып, өлгөнү калат. Өлөөрүнө аз калганда: “Төөгө чыккан без ооруу чыкты го, Салулдук аялдын үйүндө чыкты го”- деп жан берди.

Бухарийдин риваятында: “Аамир Мадинага келгенде Пайгамбарга САВ мындай деди: “Сага үч нерсени сунуш кылам, ошонун бирөөсүн кабыл кыл: Сен араптардын жарымына өкүмдар бол, мен жарымына болом же болбосо өзүңдөн кийин мени падыша кылып калтырып кетесин. Же болбосо сага каршы Гатфан элин согушка алып келем. Ошентип ал жанагы аялдын үйүндө турган кезде буума без ооруусуна чалдыгып: “Ушул аялдын үйүндө төөгө чыккан без

ооруусу чыгабы, мага атымды алып келгиле!”-деп айтып, атына минди да, аттын үстүндө каза болду.

15– Тажибтин өкүлдөрү. Бул уруунун өкүлдөрү он үч киши болуп өздөрүнүн кедейлеринен ашкан садака-зекетти Пайгамбарга САВ алып келди. Келип Куранды сүннөттү сурап таалим алды. Анан Пайгамбардан САВ кагазга жазып берүү үчүн бир канча нерселерди сурады эле, Пайгамбар САВ жазып берди. Ошентип алар көп калбай кетүүгө уруксат сурап элине кайтып кетти. Ошондо алар жолдо бир жигитти калтырган болот, ал жигитти Пайгамбарга САВ жиберди. Жигит келип Пайгамбардан САВ: “Ант болсун, күнөөлөрүмдү кечирүүн Аллахтан сураңыз жана Аллах мени өз ырайымына алып, жүрөгүмө ыйман берсин”- деп сурады эле Пайгамбар САВ ага жакшы батасын берди. Ошентип ал жигит эң жакшы мусулмандардын бири болуп, Пайгамбар САВ каза болгондон кийин, элдер динден чыгып баратканда, ал динде бекем туруп, элин да динден чыгуудан куткарып калат. Бул уруунун өкүлдөрү коштошуу ажылыгында Пайгамбар САВ менен экинчи ирет жолугушту.

16- Тайдын өкүлдөрү. Бул уруунун өкүлдөрү келгенде арасында Зейд ал-Хайл да чогуу келди. Пайгамбар САВ өкүлдөр менен жолугушуп, аларды исламга чакырды эле, кабыл кылып мусулман болду. Ошондо Пайгамбар САВ Зейд ал-Хайл тууралуу: “**Мага араптар кайсыл бир кишини мактабасын, аны көргөнүмдө анчалык мактагандай чыкпайт эле. Ал эми Зейд ал-Хайл эл мактагандан да артыгыраак чыкты”-** деген сөзүн айтып, аны “Зейд ал-Хайр” деп атап койду. (Мааниси, кайрымдуу Зейд).

Ушундай сыяктуу тогузунчу жана онунчу жылдары көптөгөн уруу өкүлдөрү Пайгамбарга САВ келди. Тарыхчылардын айтымында Йемен, Азд, Кузаадан тараган Саьд ибну Хузайм уулдары, Аамир ибну Кайс, Асад жана Бахра, Хаулан жана Мухарип, Хаарис ибну Кааб, Гаамид, Мунтафак, Салааман, Абас, Музайна, Мурад, Забид, Канда,

Зумурра, Гассан, Айш жана Наха урууларынын өкүлдөрү келди. Наха уруусу 11 х. ж. мухаррам айынын орто чендеринде эки жүз киши менен эң акыркылардан болуп келген. Бул өкүлдөрдүн көпчүлүгү 9 жан 10 жылы келип, кээ бири 11 жылы келген.

Келген өкүлдөргө караганда, ислам дининин өнүгүп өрчүүсү чоң даражада күчөгөнүн билдирип турат. Ошондой эле арап жарым аралынын баарына мусулмандардын өкүмү сүрүп, араптардын баары Мадинага урмат сый, жакшы көз караш менен карап калды. Акыр барып исламга баш ийүүдөн башка айла калбаганын баары түшүнүп жетти. Ал эми Мадина араптардын борбор шаары болуп, баары ошол шаарга көз каранды болуп калды. Ошентип арап жери бүтүндөй мусулман болду. Бирок, арап чөлүндө жашаган көпчүлүк маданияты жок бедуиндер, өздөрүнүн башчыларын ээрчип мусулман болгон. Ошондуктан булардын көбүнө исламды толук кандуу түшүнүү али орношо электигинен, анча-мынча караңгылык доордун иштерин жасап келген. Ошолорду Аллах Таала ушундайча сыпаттап өттү:

الأَعْرَابُ أَشَدُّ كُفْرًا وَنِفَاقًا وَأَجْدَرُ أَلاَّ يَعْلَمُواْ حُدُودَ مَا أَنزَلَ اللّهُ عَلَى رَسُولِهِ وَاللّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ {التوبة/97} وَمِنَ الأَعْرَابِ مَن يَتَّخِذُ مَا يُنفِقُ مَغْرَمًا وَيَتَرَبَّصُ بِكُمُ الدَّوَائِرَ عَلَيْهِمْ دَآئِرَةُ السَّوْءِ وَاللّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ {التوبة/98}

***“97 (Шаардан сыртта жашаган) бедуиндер (Дин-Шариятты жакшы билбегени себептүү) каапырчылык жана мунафыктык жаатынан катуураак жана Аллаһ Өз пайгамбарына түшүргөн нерсенин (диндин) чек араларын билбегенге ылайыгыраак болушат. Аллаһ – Билүүчү, Даанышман. 98 Бедуиндердин арасында (Аллаһ жолунда) садака кылган нерсесин (өзүнө) зыян деп билген жана силердин башыңарга оор күндөрдүн түшүүсүнө ынтызар болуп тургандары да бар. Өздөрүнүн башына балээ түшүп калсын! Аллаһ – Угуучу, Билүүчү”.*** (Тауба, 97, 98)

Ал эми булардын кээ бирин мактап ушундай деди:

وَمِنَ الأَعْرَابِ مَن يُؤْمِنُ بِاللّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَيَتَّخِذُ مَا يُنفِقُ قُرُبَاتٍ عِندَ اللّهِ وَصَلَوَاتِ الرَّسُولِ أَلا إِنَّهَا قُرْبَةٌ لَّهُمْ سَيُدْخِلُهُمُ اللّهُ فِي رَحْمَتِهِ إِنَّ اللّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ {التوبة/99}

***“Жана бедуиндер арасында, Аллаһка, Акырет күнүнө ишенип, унна а кылган нерселерин Аллаһка жакын унн жана пайгамбардын бата-дубасына себеп деп билгендери да бар. Уккула, албетте, ал (пайгамбардын дубасы) алар үчүн Аллаһка жакындашуу( унна себеп болот). Аллаһ жакында аларды Өз ырайымына киргизет. Аллаһ – Кечирүүчү, Ырайымдуу”.*** (Тауба, 99)

Ал эми шаарда жана шаарга жакын айыл кыштактарда Мекке, Мадина, Сакиф, Йемен жана Бахрейин сыяктуу маданияты бар араптар исламга бекем болуп, булардан белгилүү көрүнүктүү сахабалар жана мусулмандардын башчылары чыккан.

## *Ислам үгүтүнүн ийгилике жетүүсү жана таасири*

Пайгамбардын САВ өмүрүндөгү эң акыркы күндөрүн баштаардан алдын, ислам дини канчалык деңгээлде ийгиликке жеткендигин, башка Пайгамбарлардан айырмаланып, Пайгамбардын САВ кылган иш аракеттери кандай болгондугун айтып өтүүнү туура көрдүк. Анткени, Аллах Таала өз Пайгамбарын баарынан айырмалап бүткүл дүйнөнүн алдында эң бийик даражалуу инсан кылып койду.

Анткени, Пайгамбарга САВ Аллах Таала: ***“Оо, оронуп жаткан киши. Түндөсү тур (жана ибадат кыл!) Бир аз гана бөлүгүндө (уктасаң) мейли”.*** (Муззаммил, 1, 2)
***“Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! Туруп (элдерге Акыретти) эскерт!”.*** (Муддассир, 1, 2) Деген аяттарды түшүргөндөн бери, ордунан туруп, жыйырма жылдан ашуун, мойнундагы жер бетине тапшырылган чоң вазыйпаны,

аманатты аткарып, инсаниятты баарын туура жолго баштоо максатында, туура ишеним-акыйданы инсаниятка үйрөтүп, жана башка ар түрдүү оор кыйынчылык, машаккаттарды башынан өткөзүп келди.

Жер бетиндеги адам баласынын жашоосундагы орношуп, ошого белчесинен батып кеткен сабатсыздык, караңгылык доорун жоюу үчүн, ар түрдүү оор күрөштөрдү, аракеттерди башынан өткөзүп, напси жамандын кумары менен байланып калган ошол доорду жок кылды. Караңгылыкты сахабаларынан эми эле жок кылганда, ага каршы башка душмандар пайда болуп, ислам дини  күчүнө кире элегинде, аны түп тамыры менен жок кылабыз дегендер чыкты. Ошонун натыйжасында узак жылдар бою алар менен ар түрдүү майданда, ар түрдүү тариздеги күрөшүүлөрдү жүргүзүп келди. Эми эле арап жарым аралындагы чыккан душмандыкты токтоткондо, Византия даяр болуп мусулмандарга каршы душмандыгын баштады.

Бирок, муну менен эле күрөш бүтүп калбайт. Анткени, ар жакта напси менен күрөшүү турат. Анын башында шайтан турат, ал деген (шайтан) инсандын көңүлүнөн бир саамга да кетпей, дайыма акыр жаны калганча, инсанга душман болуп күрөшө берет. Ал эми Аллах жолуна Мухаммед САВ баштап, жашоо турмушундагы ар түрдүү күрөштөрдү, кыйынчылыктарды өткөзүп келген. Дүйнөнүн баары ага каршы чыкты, ал эми ал болгон кубаты менен баарын туура жолго салды. Момун мусулмандар анын көлкөсүнөдө, бейпилдикте тынчтыкта жашап, үзүлгүс түбөлүктүү көрсөтүп кеткен жолунда жүрүп, сабыр канаат кылып, түнкү намадарын окуп, Раббисине дайыма ибадатта болуп, Куран аяттарын окуп, Аллах буйругандай жакшылык иштерге аракеттерди үзгүлтүксүз кылып келүүдө.

Ошентип, Пайгамбар САВ жыйырма жылдан ашуун тынымсыз эмгек кылып, башка ар кандай азгырууларга эч көңүл бурбастан, ислам дини толук кандуу түптөлүп, кеңири

таралганча эбегейсиз эмгек кылды. Пайгамбар САВ адам баласы таң калгыс зор эмгектерди жасап өттү. Арап жарым аралы бүтүндөй ага баш ийип, сабатсыздык, караңгылык доордун чырагы түбөлүкө өчтү. Адашкан акылдар ойгонуп, ооруусунан айыгып, сыйынып келген буттарын таштап, талкалап жок кылды. Жалгыз Аллахка гана сыйынып, бүткүл арап чөлдөрүндө ыймандын жаңырыгы чыгып, ааламды дүңгүрөткөн азандар айтыла баштады. Курандан таалим алгандар түндүк түштүкө карап жайылып, элдерге Курандан үйрөтүп, Аллахтын өкүмүн аткарды.

Бир бири менен касташып, душмандашып келген уруулар биригип, пендеге сыйынууну таштап, Аллахка гана сыйынып ибаадат кылуу башталды. Каардуу же каардалган, бай-бий же азап көргөн кул, туура эмес башкаруу, заалым же кордук көргөндүн баары жоюлду. Баары Аллахтын гана кулу болуп, бир туугандык пайда болуп, Аллахтын өкүмүн баары бирдей аткарууга бел байлады. Аллах Таала алардан, караңгылык доордун оорусун, ата-бабалары менен текеберденип келген ооруну жок кылып, арап менен башка улуттун, кара менен актын ортосундагы ажырымды кетирип, такыба инсан гана Аллахтын алдында бийик даражада болоору ачыкка чыкты. Анткени, инсандар баары адам атадан тараган, адам болсо топурактан жаралган.

Булардын баары Пайгамбардын САВ эбегейсиз зор эмгектеринин натыйжасы болуп, араптар жана бүткүл инсаният адилеттүүлүкө биригип, дүйнө машаккатынан бактылуулука карай жол алды. Акырет акыйкаттыгы, жер бетин бүтүндөй башка нукка өзгөртүп, инсандын акылына тарых барактарын жаңыдан ачты.

Ислам келээрде, ааламды караңгылык доордун руху каптап турган. Ал өзүнүн жамандыгы менен баарын сасытып, өрнөктүү үлгүлүү жакшы нерселердин баарын ээлеп, заалым жана азап-кайгыны таратып салган эле. Бузуку зөөкүрлөрдүн күнү тууп, алсыз байкуштар бактысыз абалда калып,

каапырдык, адашкандык, караңгылык каптап кеткен болчу. Китеп ээлери болгон асмандан келген диндер да бузулуп, Аллах тараптан түшкөн динди өз пайдаларына ылайыктап өзгөртүп, ал диндердин да туурасы калбай, алсыз болуп, элдерди башкара албай, жаны жок дене сымал эле болуп калган.

Ал эми ислам дини келип, инсаниятка болгон өзүнүн вазыйпасын аткарып, элдерди караңгылыктан, зулумдуктан, өзгөрүп кеткен диндерден, кордук кулчулуктан, сасыган бузукулуктан жана адашуу азгыруудан куткарып туура жолго салды. Ошондой эле жалпы инсаниятты каардуу бийликтен, рассалык айырмалоодон, адашкан көзү ачыктардан тазалап, ааламга адамгерчиликти, тазалыкты, оң туура көз караштты, толук кандуу эркиндикти, жаңылануунун, акыйкат якинди, ишеним ыйманды, адилетти жана урмат-сыйды алып келип, адам баласынын жашоосун өнүгүп өсө турган кылып, ар биринин өз укугун берди.

Ушул сыяктуу зор эмгектердин натыйжасында, бүткүл араб жарым аралы, өздөрүнүн тарыхында болуп көрбөгөн, эбегейсиз зор өзгөрүүлөр пайда болду.

## ***Коштошуу ажылыгы***

Исламга болгон үгүт толукталып, Пайгамбардын САВ пайгамбарлык вазыйпасы аткарылып, жалгыз Аллахка гана сыйынуу ишеними, коомго толук кандуу орногондон соң, Пайгамбардын САВ жүрөгүндө кичинекей чакыруу пайда болгонсуп, ал чакыруу аны бул дүйнөдөгү жашооң акырына чыгып калды дегенсиди. Ошол кездерде Пайгамбар САВ Муазды 10 х. ж. Йеменге жөнөтүп жатып ага ушундай деген болчу: “**Оо, Муаз! Балким келээрки жылы келсең, мени бул жерде тирүү көрбөй калууң мүмкүн, мечитиме келип кабырымдын жанынан өтүп калууң мүмкүн”.** Бул сөздү

уккан Муаз сүйүктүү Пайгамбарды САВ эми тирүү көрбөй калаар бекенмин деп катуу ыйлап жөнөп кетти.

Аллах Таала өз Пайгамбарынын САВ жыйырма жылдан ашуун кылган ар кандай азап-тозокторду башынан өткөргөн эмгегинин мөмөсүн, натыйжасын, ийгилигин көрсөтүүнү каалады. Анткени ошол жылы Меккеге ажылыка барганда Пайгамбардын САВ айланасына бүткүл араптардын ар түрдүү уруулары жана өкүлдөрү чогулуп, Пайгамбардан САВ ислам өкүмдөрүн алып, үммөткө болгон пайгамбарлык вазыйпасын, аманатын толук аткаргандыгын билдирүү үчүн, селдей агып келген мусулмандардын алдында күбөлүккө өтүүнү насип кылды.

Пайгамбар САВ ушул жылы ажылык сапарга аттанганын жарыялап, Пайгамбар САВ менен ажылык кылып калалы деген үмүттө, Мадинага көптөгөн мусулмандар чогулду. Ишемби күнү, Зул каада айынын бүтүүсүнө төрт күн калганда, Пайгамбар САВ жолго чыгууга даяр болуп, жуунуп таранып, жыпар жыттуу атырларды себинип, кийимин кийип, төөсүнө минип Бешим намазын окугандан соң жолго чыкты. Аср убагы келгенде Зул Халифага жетти. Зул Халифага келип Аср намазын эки рекет кылып окуп, ошол жерде түнөдү. Эртеси турганда сахабаларга: “**Раббим ушул кече мага кабар жөнөтүп мындай деди: Берекелүү болгон ушул жерде намазыңды окугандан соң умраны жана ажылыкты бирге ниет кыл”-** деген сөзүн айтты.

Бешим намазын окуй электен алдын, ихрам кийүү үчүн жуунду. Айша РА өз колдору менен Пайгамбарга САВ жыпар жыттуу атырлардан, денесине жана чачына сүрттү. Ошондо Пайгамбардан САВ ушундай сонун жыт келип, сүртүнгөн атырлар мубаарек чачында жана сакалында көрүнүп турган эле. Бирок ал атырларды жууп салган жок. Андан соң эхрамын кийип, Бешим намазды эки рекет кылып окугандан соң, ошол жерден ажыга жана умрага деп «кыран» ажылык үчүн ниет

кылып, Касва төөсүнө минип жолго чыкты. Жолго чыкканда кайрадан ниет кылып, талаага чыкканда дагы ниет кылды.

Жолун улап Меккеге жакын калганда, Зуутавага жетип ошол жерде түнөдү да эртеси Багымдат намазын окугандан соң Меккеге кирип барды. Зул хижжа айына төрт күн болгондо 10 х. ж. базар күнү таңкы маалда жуунуп жолун улады. Ошондо жолго чыкканына сегиз күн болгон болчу. Бул орточо жүрүш болуп саналат. Каабага келип тооп кылып, анан Сафа Марванын ортосунда басты. Чала турган курмандыгын өзү менен кошо алып келгендиги үчүн кыран ажылыктан чыккан жок. Меккенин өйдө жагындагы Хажжунга келип ошол жерде калып, ажылык тообунан башка тооп кылган жок.

Сахабалардын кимисинде союуга курмандык алып келбегендерге, эхрамын умрага деп ниет кылып, Каабага тооп кылууну, андан соң Сафа Марванын аралыгында басууну буйруп, умра ниетинен толук чыгууну айтты (таматту ажылыгы). Ошондо алар андай кылгысы келбей тайсалдап туруп калганда Пайгамбар САВ: "**Эгер мен муну билгенимде өзүм менен кошо курмандыкты алып келбейт элем, эгер менин курмандыгым жок болгондо (умра ниетинен) толук чыгат элем"-** деп айтты. Ошондо Пайгамбардын САВ айтканын кылып, ким өзү менен кошо курмандык алып келбесе умра ниетинен чыкты.

Зул хижжа айынын сегизинчи күнү – тарвия күнү – Пайгамбар САВ Минага барып, ал жерде Бешим, Аср, Шам, Куптан жана Багымдат намазын окуду - беш маал намазды – Анан Минада күн чыкканча бир аз туруп, күн чыккандан соң Арафатка барууга уруксат берип, Арафатка келди. Арафаттагы Намра деген жерде Пайгамбар САВ үчүн чатыр курулган экен. Ошол чатырга түшүп, түш оогондо Касва төөсүн алып келүүнү буйруп, төөгө минип адыр жакасына келди. Адырдын айланасына жүз жыйырма төрт миң же жүз кырк төрт миң мусулман чогулган экен. Анан ошол жерде туруп белгилүү болгон ушул кутбасын айтты:

**“Оо, элжурт! Мени жакшылап уккула, балким ушул жылдан соң ушул жерде, эч качан силер менен көрүшпөй калуум мүмкүн.**

**Ушул күндө, ушул айда, ушул шаарда күнөө кылуу кандай тыюу салынгадай, силер бир бириңердин каныңарды төгүүңөр, мал-мүлкүңөрдү тонооңор ошондой күнөө болуп тыюу салынат. Мына эми мурунку караңгылык доору жок болуп, эки бутумдун астында калды, караңгылык доордун кан төгүүсү да жок болду. Мен өзүм эң алгачкылардан болуп Ибну Рабия ибну Хааристин канын төккөндөрдөн өч алууну таштап, жок кылдым** – ал (Ибну Рабия) Саьд уруусунда сүт эмизүүгө бирөөнү издеп жүргөндө аны Хузайл уруусу өлтүрүп салган эле – **Караңгылык доордогу сүткордук да жоюлду. Эң алгачкылардан болуп Аббас ибну Абдулмуталиптин сүткордугун токтоттук, (сүткодуктун) баары жок болду.**

**Аялдарыңарды (кордобой) Аллахтан корккула. Анткени, силер аларды Аллахтын аманты менен, Аллахтын ысымы менен адал нике кыйып алгансыңар. Алар да силер каалабаган адамды (уруксатсыз) үйгө киргизбөөсү керек. Эгер андай кылса бир аз попуза кылып урууга болот. Аларды адал жол менен багуу силердин мойнуңарда.**

**Силерге бир нерсе таштап кеттим, аны кармансаңар эч качан адашпайсыңар, ал да Аллахтын китеби (Куран).**

**Оо, эл журт! Менден кийин пайгамбар САВ келбейт, силерден башка үммөт да болбойт. Эми (жалгыз) Кудайга гана ибадат кылгыла, беш убак намазды окугула, рамазан орозосун кармагыла, ма-мүлкүңөрдөн жакшылап зекет бергиле, Кудайдын Каабасына ажылык кылгыла, шайлаган башчыңарга баш ийгиле, ошондо Аллахтын Бейишине киресиңер.**

**Мен жөнүндө силерден сурайт, ошондо эмне дейсиңер?”** Сахабалар: “Динди толук жеткиздиңиз, аманатты

толук аткардыңыз жана туура кеңешти айттыңыз”- деп күбө беребиз.

Ошондо Пайгамбар САВ сөөмөйүн асманга көтөрүп жана адамдарга көрсөтүп: “**Аллахым өзүң күбө бол”-** деп үч жолу кайталады.

Пайгамбардын САВ айтып жаткан сөздөрүн – Арафатта – кыйкырып элдерге айтып турган Рабия ибну Умая ибну Халаф болду.

Пайгамбар САВ кутбасын айтып бүткөндөн соң Аллахтын ушул аяты түштү:

الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الإِسْلاَمَ دِينًا {المائدة/3}

***“Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, нээмат-жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым”.*** (Мааида, 3)

Бул аятты укканда Умар көз жаш кылды, андан эмнеге ыйлап жатасың?”-деп сураганда ал: “Толук болгондон кийин эми кемейүү башталат да”- деп жооп берди.

Кутба бүткөндөн соң Билал азан айтып анан каамат айтып, Пайгамбар САВ элдерге Бешим намазына өттү, Бешимдин артынан эле дагы каамат айтылып Аср намазын окуду. Бул эки намаздын ортосунда эч кандай намаз окуган жок. Андан соң төөсүнө минип Арафатка келип Касва төөсүн Сахаратка каратып бурду. Жөө жүргөндөрдү айланасына койду. Анан кыбланы карап күн батканча туруп, күндүн кызылы бир аз кеткенче ошол жерде болду.

Ал жерден төөсүнө минип Усааманы артына учкаштырып Муздалифага келди. Келип Куптан жана Шам намазын бир азан жана эки каамат айтып окуду. Ал эки намаздын ортосунда таспих же башка эч нерсе кылган жок. Анан ошол жерде түнөп, таң атканда Багымдат намазын бир азан жана бир каамат менен окуду. Касва төөсүнө минип, Машьар ал-Харамга келип, кыбланы карап Аллахка дуба кылып, такбир,

тахлил айтып Аллахты жалгыздады. Ошол жерде күн бир аз жарыганча турду.

Ал жерден – Муздалифадан Минага – күн чыга электе жылып артына Фадл ибну Аббасты учкаштырып Махсарга келди. Махсардан улоосун катуураак айдап, чоң таш ыргыткан жерге баруучу орто жолго салып, дарактын алдындагы чоң таш ыргытылуучу жайга келди. Анткени ошол кезде ал жерде бир дарак бар эле. Ал жер Акаба жамараты деп аталып, биринчи таш ыргытылат. Колуна жети майда таштан алып ыргытып, ар бир ташты ыргытып жатканда такбир айтты. Таштын майдалыгы тырмактай же андан кичирээк. Ташты адыр ортосунда ыргытты. Анан ал жерден курмандык союлчу жайга келип, өз колу менен алтымыш үч төөнү сойду. Калган төөлөрдү Алиге берип, аны курмандык чалууга шерик кылып, ал отуз жети төөнү сойду. Ошондо толук жүз төө союлду. Союлган төөлөрдүн этинен бираз бираздан алууга буйруп, аларды казанга салып кайнатып, Пайгамбар САВ менен Али ал эттен жеп сорпосунан ичти.

Ал жерден төөсүнө минип, Каабага келип тооп кылып, ошол жерде пешимди окуп, Абдулмуталип уулдары караган замзам суусуна келди да: “**Абдулмуталип уулдарынан сууну алып ичкиле. Муну (замзам суусун камсыз кылууну) инсандар ажылыктын бир шарты деп ойлоп калуудан коркпогонумда, силер менен кошо замзам суусун камсыз кылууга иштейт элем”-** деген сөзүн айтып замзам суусунан бир чакага куйуп ичти.

Курмандык союлчу күнү – зул хижжанын онунчу күнү – күн чыгып көтөрүлгөндө Пайгамбар САВ Шахба төөсүнө минип турган абалда, дагы бир кутба айтты. Али элдерге кыйкырып жеткирип турду. Элдер Пайгамбардын САВ айланасында кээ бири турган абалда, кээ бири олтурган абалда кутбаны угуп жатты. Бул жолку кутбасында, кечээки айткан кутбасынын сөздөрүнөн бир азын кайталады. Бухарий менен Муслим бул кутба тууралуу риваят кылган сөзүндө, Абубакир

мындай дейт: “Пайгамбар САВ курмандык чалынчу күнү бизге кутбай айтып мындай деди:

**“Аллах асмандарды жана жерди жараткан күндөй болуп, заман да өз нугунда айлана баштады. Бир жылда он эки ай бар, алардын ичинен төртөөсү тыюу салынган айлар. Ал айлардын үчөөсү катары менен келген Зул каада, Зул хижжа жана мухаррам айлары. Анан эки Жумадилдин менен Шаабандын ортосунда келген Мудар деп аталган Ражаб айы.**

Пайгамбар САВ бизге карап: «**Бул кайсыл ай?»-** деп сурап калды.

- «Аллах жана анын элчиси билет”.

Пайгамбар САВ бир азга унчукпай туруп калгандыгынан, биз бул айды башка бир ысым менен атайт го деп ойлоп калдык.

Пайгамбар САВ: «**Бул Зул хижжа айы эмеспи?**

- «Ооба”- деп жооп бердик.

Пайгамбар САВ: «**Бул кайсыл шаар?»**

- «Аллах жана анын элчиси билет”.

Пайгамбар САВ бир азга унчукпай туруп калгандыгынан, биз бул шаарды башка бир ысым менен атайт го деп ойлоп калдык.

Пайгамбар САВ: «**Бул Балда (Мекке) шаары эмеспи?»**

- “Ооба”- деп жооп бердик.

Пайгамбар САВ: “**Бул күн кайсыл күн?”**

- Аллах жана анын элчиси билет.

Пайгамбар САВ бир азга унчукпай туруп калгандыгынан, биз бул күндү башка бир ысым менен атайт го деп ойлоп калдык.

Пайгамбар САВ: «**Курмандык күнү эмеспи?»**

- «Ооба”- деп жооп бердик.

Пайгамбар САВ: “**Ушул күндө, ушул айда, ушул шаарда күнөө кылуу кандай тыюу салынгадай, силер бир бириңердин каныңарды төгүүңөр, мал-мүлкүңөрдү**

**тонооңор жана намысты бузууңар, ошондой күнөө болуп, тыюу салынат.**

**Кыямат күнү Кудайдын алдына барып, кылган амалыңардан суралasыңар. Эми менден кийин бир бириңдин башын чаап, туура жолдон тайбагыла.**

**“Мен силерге динди толук жеткиздимби?»**

Элдер: «Ооба”- деп жооп берди.

Пайгамбар САВ: “**Аллахым! Өзүң күбө бол. Бул жерде тургандар келбегендерге менин сөзүмдү жеткизсин. Уккандар укпагандардан жакшыраак түшүнөт.**

Дагы бир риваятта Пайгамбар САВ ошол күнкү кутбасында ушундай деди: **Бир кылмышты кылган адамдын өзү гана жазага тартылсын. Ал үчүн баласы, же баласы үчүн атасы тартылбасын. Эми шайтан бул шаарда, силерди (мушрик) ибадатын кылдыруудан үмүтү үзүлдү. Бирок, ал ыраазы боло турган башка бузуку амалдарды жасата берет”.**

Пайгамбар САВ ташрик күндөрү Минада калып, ажылыкты аткарып, элдерге да үйрөттү. Аллахка зикир кылып, Ибрахим пайгамбардан калган ажылык ибадатын да үйрөттү. Ширк амалдардан калган калдыктардын баарын жок кылды. Ташрик күндөрдүн биринде да кутба айтты. Бул тууралуу Абу Дауд риваят кылган сөзүндө Набхан кызы Сарраа айтат: “Пайгамбар САВ ташрик күнү да кутба айтып мындай деди: **Бул ташрик күнүнүн ортосу эмеспи.** Бул күнкү кутбасы да курмандык күндүн кутбасы сымал болду. Бул кутбаны Наср сүрөсү түшкөндөн кийин, артынан айтты.

Нафар күнү – Зул хижжанын он үчүнчү күнү – Пайгамбар САВ Минадан Кинаана уруусунун Абтахтагы Хайф жерине келип, калган күндөрүн ошол жерде өткөрүп, Бешим, Аср, Шам жана Куптан намаздарын окуду. Ал жерде бир азга уктады да Каабага келип коштошуу тообун аткарды. Бул тоопту сахабаларын да аткарууга буйруган эле.

Ошентип ажылык парзын аткарып бүткөндөн соң, берекелүү Мадинага кетүүгө даярданып жолго чыкты. Ал жакка барып эс алууга эмес, Аллахка болгон үгүт иштерин кайрадан улантуу үчүн.

## *Акыркы согушка даярдык:*

Византия өлкөсүнүн текебердиги элдерге жакшы жашоо бербей, Маандагы Византиянын өкүлү болгон Фарва ибну Жузамды өлтүргөн сыяктуу, өзүнүн кол астындагылардын кимиси исламга кирген болсо ошону өлтүрүп, каарын көрсөтө баштады.

Булардын мындай мыкаачылык иштерин карап тура албай, Пайгамбар САВ 11 х. ж. Сафар айында чоң көлөмдөгү аскер даярдап, ага Усаама ибну Зейт ибну Хаарисаны башчы кылып дайындады. Ислам жоокерлерин Палестиндеги Балка жана Давааримге келип, Византия падышалыгынын жүрөгүнө коркунучту салууга жиберип, алар менен чектеш жашаган араптарга мусулмандардын ишенимин алып келүүнү айтты. Анткени Византиянын чиркөөлөрү жана башкалары өз каалагандарын жасап, алар менен эч ким эсептешпейт деп ойлобосун, алар менен эсептеше турган да күч бар, деп Пайгамбар САВ өз жоокерлерин дайындаган болчу.

Мусулмандар аскер башчынын жашы өтө жаш бала экендигин ар кимиси ар кандай кылып сөздөрдү сүйлөп, жоокерлердин жолго чыгуусун кечеңдетти. Ошондо Пайгамбар САВ: “**Эгер Усааманын башчылыгына шек келтирген болсоңор, анда андан алдын атасынын да аскер башчы болгондугуна шек келтирген болосуңар. Ант болсун, атасынан башка башчылыка ылайыктуу жана мен сүйгөн адам жок, ошондуктан бул атасынан кийинки мен сүйгөн эң жакшы ылайыктуу адам”-** деген сөзүн айтты.

Анан Пайгамбар САВ Усааманын башкаруу астында жолго чыгууну айтып, жоокерлер даярданып жолго чыкты.

Жолдо Мадинадан беш же алты чакырым узактагы Журф деген жерге жеткенде, Пайгамбардын САВ катуу ооруп калган кабары угулуп, эми Пайгамбар САВ эмне болот экен деп, жоокерлер ошол жерде калган болчу. Ошентип, бул жоокерлер Пайгамбардын САВ тирүү кезинде ал жакка барууну насип кылган жок. Бирок, Абубакир халифат болгондо анын эң алгачкы жөнөткөн жоокерлери болууну насип кылды.

# *Пайгамбардын САВ каза болуусу*

## *Акыркы күндөр калгандыктын белгилери:*

Эми ислам толук түптөлүп, айлананын баарын толук башкарып калды. Пайгамбардын САВ да бул жашоодогогу акыркы күндөрү калгандыгы, сүйлөгөн сөздөрүнөн жана жасаган иштеринен байкалып тургансыды.

Анткени адаттагыдан көбүрөөк, онунчу жылы рамазан айында жыйырма күн ээтикафка олтурду. Ал эми алдыңкы жылдарда он эле күн ээтикафка олтурчу. Ошондой эле ушул айда Жебрейил периште Куранды Пайгамбарга САВ эки жолу окуткан болчу. Андан башкасы коштошуу ажысында: “**Балким ушул жылдан соң, ушул жерде, эч качан силер менен көрүшпөй калуум мүмкүн”.**

Жамарада таш ыргытканда: “**Менден ажылыкты үйрөнүп алгыла, балким мындан кийин ажылык насип кылбай калуусу мүмкүн”-**деген сөздөрүн айткан эле. Ажыда ташрик күндөрдүн ортосунда ага Наср сүрөсү түшүп, ошондо бул дүйнөдөгү сапары каарып бараткандын белгиси экендиги билинип турду.

Сафар айынын баш чендеринде 11 х. ж. Пайгамбар САВ Ухуд тоосуна барып, ал жердеги шейит кеткендерге тирүүлөрдүн өлгөндөр менен кош айтышканындай кылып, аларга дуба кылды. Анан ал жерден минбарга келип ушул сөздөрүн айтты: “**Мен силерди даярдап жетилтирдим, эми**

**силерге күбө боло алам. Аллахка ант болсун, мен өз көлмөмдү көрүп жатам, мага жер жүзүндөгү бардык казынанын ачкычтары берилди. Менден кийин мушрик болуп кетүүңөрдөн коркпоймун, бирок дүйнөгө берилип кетүүңөрдөн корком”.**

Түн оокумунда үйүнөн чыгып Бакиь көрүстөнүнө барып, ал жерде жаткан мусулмандарга: “**Ассалааму алейкум, оо кабыр ээлери! Элдер бара турган жерине баргандай, силер да өз жериңерге бардыңар. Бузукулук, караңгы түн каптаган сыяктуу каптап келатат. Алдыңкысын кийинкиси ээрчип келатат, кийинкиси алдыңкысына караганда да жаман нерселерге көп дуушар болот”.** Анан кабырда жаткандарга: “**Биз да силердин артыңардан баруучубуз”-** деген сөзүн айтты.

## *Ооруунун башталуусу:*

Сафар айынын жыйырма тогузунда 11 х. ж. – дүйшөнбү күнү – бир мусулмандын жаназасына өтүп Бакиь көрүстөнүнө койду. Ал жерден кайтып келе жатканда, жолдо башы ооруп, ысытмасы көтөрүлүп кетти. Пайгамбар САВ башын анча-мынча байлап алчу, ошол жери ооруп жатканын жанындагылар дароо байкады.

Ооруган абалда болуп туруп элдерге 11 күн намаз окуп, имамдыкка өтүп берди. Анткени, ооруган күндөрдүн баары 13 же 14 күн болчу.

## *Акыркы апта:*

Пайгамбардын САВ ооруусу күчөгөндөн күчөй бергендиктен, аялдарынан сурап: “**Мен эртең кайсыл жерде болом? Кайсыл жерде болом?”-**деген сөзүн айтканда, эмне максатта айтып жатканын алар дароо түшүнүп, кайсыл үйгө барууну кааласа ошол жакка барууга уруксат берди. Ошондо

Пайгамбар САВ башы таңылган абалда, ордунан туруп, Фадл ибну Аббас менен Али ибну Абуталипке жөлөнүп Айша РА үйүнө келип, ошол жерде жатты. Анткени, жашоосунун акыркы жумасын Айша РА алдында өткөрдү.

Айша РА Пайгамбадан САВ үйрөнгөн эки кул аузу сүрөсүн жана башка дубаларын окуп, Пайгамбарга САВ дем салып, эки колдору менен мубаарек денесине сүртүп, Кудайдан жакшылыкты тилеп жатты.

## ***Акыркы беш күн:***

Шаршемби күнү, Пайгамбардын САВ каза болуусуна беш күн калганда, денесине чыккан ысык ого бетер күчөп, катуу ооругандыктан өзүн жоготуп койду. Өзүнө келгенде мындай деди: “**Ар түрдүү кудуктардан жети идишке суу алып, мага алып келгиле, аны менен жуунуп, элдерге чыгып тапшырмамды айтайын”.** Суу алып келинип, Пайгамбарды САВ олтургузуп, алдына чылапчынды коюп, суу куйушту. Башы көзүн жууп бүткөндөн соң: “**Жетет, жетет!”-** деп чыгууга даяр болду.

Ошондо денесиндеги ооруусу бир аз жеңилдей түшкөнүн сезип, башы таңылган абалда мечитке кирип, минбарга олтурду. Ошол кезде элдер чогулуп Пайгамбардын САВ айланасында олтурган эле. Элдерге карап:

**“Жөөттөр менен хрестяндарга Аллахтын лаанаты болсун, анткени алар өз пайгамбарларынын кабырын мечитке айландырып алышты.** Башка риваятта: **Аллах жөөттөр менен хрестяндарды курутсун, анткени алар өз пайгамбарларынын кабырын мечитке айландырып алышты. – Менин кабырымды да сыйына турган жай кылып албагыла”-**деди.

Сөзүн айтып бүткөн соң, кимди жөө жай эле уруп же капа кылып койсом, ошол өчүн алып алсын деп элдерге кайрылып мындай деди: “**Кимди жөө жай эле уруп койгон**

**болсом, мына аркамды тосоюн, келип уруп өчүн алсын. Ал эми билбестен туруп кимгедир жаман сөз айтып, намысына тийген болсом, мына алдыңарда турам, келип өчүн алсын".**

Анан минбардан түшүп, элдерге Бешим намазына өтүп берип, кайрадан минбарга олтуруп жанагы айткан сөздөрүн кайталады. Элдердин арасынан бирөөсү:

"Мен сизге үч дирхам берген элем"- деп айтып калды.

Пайгамбар САВ: "**Оо, Фадл! Буга берип кой".**

Анан Ансарларга карата осуят сөздөрүн айтып мындай деди:

**Оо, элжурт! Ансарлар менен жакшы мамиледе болгула, анткени булар менин жамаатым жана ишенгендерим. Булар өз милдеттерин так аткарды, эми калгандарын аткарат. Булардын жакшылыгын кабыл кылып, жамандыгын кечиргиле".** Башка риваятта: "**Элдер көбөйө берет, ал эми Ансарлар азаят. Акыры алар тамактагы туз сымал болуп калат. Ким башкаруучу болуп калып, жаман жакшы болуп калса, анда булардын жакышылыгын кабыл кылып, жамандыгын кечиргиле.**

**Аллах пендесине (Мухаммедке САВ) бул дүйнөнүн жыргалчылыгында канча жашасаң жаша же акыретти танда деп айтты. Ал эми ал пендеси акыретти тандады".** Абусаид Худрий айтат: "Бул сөздү уккан Абубикир көз жашын төгүп ыйлап: "Ата-энелерибиз садага болсун сизге"-деген сөзүн айтты. Элдер: "Бул аксакалды карасаңар, бул дүйнөнү же акыретти тандаганын Пайгамбарга САВ айтып, ата-энелерибиз садага болсун сизге"-деп жатат. Анткени, бул сөздүн мааниси: Аллах Таала Пайгамбарына САВ кааласаң бул дүйнөдө калып дагы жашай бер, эгер кааласаң акыретке менин алдыма кел деп айткан эле. Ал эми Абубакир айтылган сөздөрдүн маңызына бизден дагы жакшыраак түшүнчү".

Андан соң Пайгамбар САВ мындай деди: "**Инсандардын арасында жолдош жагынан жана мал-мүлкү жагынан мага**

**эң ишенимдүүсү Абубакир. Эгер Раббимден башканы эң жакын кылууга уруксат берилгенде, анда Абубакирди эң жакыным кылмакмын. Бирок, ортобузда исламдык бир туугандык жана сүйүү бар. Жакшылыктын бардык эшиктери тосулса да Абубакирдин эшиги тосулбайт".**

## *Акыркы төрт күн:*

Бейшембиде Каза болуусуна төрт күн калганда – ооруусу күчөп кеткен болчу – мындай деп айтты: "**Мага жазууга алып келгиле, силерге жазып берейин, ошондо эч адашпайсыңар".** Үйдө бир канча кишилер бар болчу, арасында Умар да бар эле.

Умар: "Ооруусу катуулап кетти, бизде Куран бар, Аллахтын китеби жетиштүү болот". Ошондо үйдө тургандар ар кимиси ар нерсени айтып кээ бири: "Кагаз бере бергиле, Пайгамбар САВ жазып берсин"- десе, кээ бири Умардын сөзүн айтып, сөз көбөйүп ызылдап кеткендиктен Пайгамбар САВ: "**Тургула сыртка чыккыла!"-** деп баарын сырка чыгарып жиберди.

Ошол күнү үч нерсени осуят кылып айтты: "Жөөттөрдү, хрестяндарды жана мушриктерди арап чөлүнөн чыгарып салууну. Мурункудай эле кылып келип жаткан өкүлдөрдү тим коюу. Ал эми үчүнчүсүн болсо хадисти риваят кылган унутуп калган деп айтылат. Балким Куран менен сүөннөттү бекем кармагыла, деген сөзү болсо керек. Балким Усааманын жоокерлерин душман тарапка жөнөтүп ошону ишке ашыргыла деп айтуусу да мүмкүн деп келет". Балким: "**Намазга бекем болгула!"-** деген сөзү да чыгаар.

Пайгамбар САВ ошончолук катуу ооруп жатса да, беш убак намазын ошол күнгө чейин – бейшемби, каза болуусуна төрт күн калганга чейин - имамдыкка өтүп элдерге окуп берип жатты. Анан ошол күнү шам намазына өтүп анда Мурсалат сүрөсүн окуду.

Куптан жакындаганда ооруусу катуу күчөп кеткендиктен, мечитке чыгууга алы калбады.

Айша РА айтат: "Пайгамбар САВ мындай деди: "**Элдер намазын окудубу?"**

Биз: "Жок оо, Аллахтын элчиси, алар сизди күтүп жатат".

Пайгамбар САВ: «**Мага идишке суу даярдагыла!"**

Сууну даярдап бердик эле дааратын алып, кыйналган абалда мечитке чыгып баратып өзүн жоготуп койду. Өзүнө келип: "**Элдер намазын окудубу?"-**деп кайрадан сурап, анан кайра-кайра экиничи, үчүнчү ирет өзүн жогото бергендиктен, Абубакирди элдерге намазга өтүп берүүсүн буйруду. Ошондо Абубакир элдерге намазга өтүп берип, Пайгамбардын САВ көзү тирүүсүндө 17 намазга элдерге имам болуп берди.

Элдер Абубакирдин имамдыкка өтүүсүн каалабоосу мүмкүн, ошондуктан Айша РА Пайгамбардан САВ Абубакир имамдыкка өтпөй эле койсун деп үч же төрт жолу суранган эле, бирок Пайгамбар САВ ага макул болбой: "**Силер Юсуфка (Пайгамбар) келген аялдарга окшоп жатасыңар. Абубакирди айткыла элдерге намазга өтүп берсин!"-** деген сөзүн айтты.

## *Акыркы бир же эки күн:*

Ишемби же базар күнү Пайгамбар САВ бир аз жеңилдеп калгандыгын сезип, эки кишиге таянган абалда Бешим намазын окуганы чыкты. Ошол кезде Абубакир элдерге имам болуп Бешим намазын окуп жаткан эле. Пайгамбардын САВ келе жатканын сезген Абубакир акырын артка чегингени калганда, Пайгамбар САВ чегинбей эле кой деп ишаарат берди да: "**Мени анын жанына олтургузгула"-** деп айтты. Пайгамбарды САВ Абубакирдин сол жагына олтургузду. Ошондо ал Пайгамбарга САВ уюп, элдерге Пайгамбардын САВ акырын чыккан үнүн "Аллааху Акбар", Самиаллааху лиман хамида"- деп айтып турду.

## *Бир күн калганда:*

Бир күн калганда – базар күнү – Пайгамбар САВ колундагы кулдарын азаттыка чыгарып, жети динарын садака кылып берип, куралдарын да мусулмандарга белекке берди. Ошол күнү кечинде Айша РА кошуна аялдан шам чыракка май карызга алды. Пайгамбар САВ бир жөөттөн соотту отуз чубат өлчөмдөгү арпага күрөөгө алган эле.

## *Пайгамбардын САВ жашоосундагы акыркы күн:*

Бул жөнүндө Анас ибну Малик ушундай риваят кылат: “Дүйшөмбү күнү, Абубакир имам болуп, мусулмандарга Багымдат намазын окуп берип жаткан. Ошол кезде Пайгамбар САВ Айшанын РА бөлмөсүндөгү парданы ачып мусулмандарга бир карап жылмайып койду. Алар намазын окуп жатып Пайгамбардын САВ караганын байкап калышты да, Пайгамбар САВ бизге намаз окуп бергени келе жатат деп сүйүнүп, окуп жаткан катар бир аз ары бери боло түштү. Ошондо Абубакир артка катарга жылайын деп аракет кыла баштады эле, Пайгамбар САВ намазды уланта бергиле деп колу менен аларга ишаарат кылды. Кайра бөлмөсүнө кирип төшөгүнө жатты.

Ушундан соң кийинки намаздын убагы Пайгамбарга САВ насип кылган жок.

Күн өйдө көтөрүлүп калганда Пайгамбар САВ кызы Фатиманы РА чакырып ага бир нерсени шыбырап айтты эле, ал көз жаш кылды. Кийинчерээк кайра чакырып дагы бир нерсени шыбырап айтты эле ал сүйүнүп курсан болду. Айша РА айтат: “Пайгамбардын САВ ошондо Фатимага эмне айтканын сурадык – Пайгамбар САВ каза болуп арадан бир топ убакыт өткөндөн соң – Фатима РА мындай деди: “Ошондо Пайгамбар САВ мага ушул ооруум себеп болуп бул дүйнө менен кош айтышам, деди эле ошондуктан ыйладым. Ал эми

экинчиси үй-бүлөсүнөн эң алгачкылардан болуп анын артынан менин бараарымды айтканда сүйүнүп курсант болдум”.

Пайгамбар САВ кызы Фатиманы РА Бейиштеги аялдардын мырзасы деген сөзүн айткан болчу.

Фатима РА Пайгамбардын САВ катуу кыйналып жатканын көрүп: “Атаке! Катуу кыйналып жатасыз”- деди эле Пайгамбар САВ: “**Атаңа бүгүнтөн баштап андай кыйынчылык болбойт”-** деген сөзүн айтты.

Неберелери Хасан менен Хусейинди чакырып, ал экөөнү өөп, жакшы насааттарын айтты. Аялдарын да чакырып аларга да кеңеш осуят сөздөрүн айтты.

Ооруусу ого бетер күчөгөндөн күчөп, денесинде Хайбардагы жеген ууланган эттин таасири билинип турду. Денеси катуу ооругандыктан мындай деди: “**Оо, Айша! Хайбардагы жеген тамактын ооруусу билинип жатат. Мына ошондогу уунун таасири тамырымды үзүп жатат”.**

Элдерге осуятын айтып: “**Намазга бекем болгула, намазга бекем болгула!”-** деп ушул сөзүн бир нече ирет кайталады.

## *Өлүм алдында:*

Пайгамбардын САВ бул жашоодогу убак сааты аз калган болчу. Айша РА өзүнө Пайгамбарды САВ жөлөп жаткызды. Бул жөнүндө анын өзүнөн уксак: “Аллахтын мага берген нээмат-жакшылыктарынан бири, Пайгамбар САВ менин үйүмдө, мага келе турган күнү жана мага жөлөнгөн абалда, бул дүйнө менен кош айтышты. Жан берээрден алдын Аллах Таала мени менен анын шилекейин бириктирди, ал да ошол кезде бир тууганым Абдурахман, колуна мисвак кармап биздин алдыбызга кирип калды. Мен Пайгамбарды САВ жөлөп олтурат элем, Пайгамбар САВ мисвака карады эле, мисвакты жакшы көрөөрүн дароо билип: “Мисвакты алып берейинби?”- деп сурап калдым. Пайгамбар САВ башы менен ооба дегендей

ишаарат кылды. Мисвакты алып бердим эле катуурак болуп калды окшойт, бир аз кыйналгансыды, кайрадан: "Жумшартып берейинби?"-деп сурадым. Ооба дегендей башы менен ишаарат кылды. Мисвакты алып аны тишим менен жумшартып кайра бердим.

Ошондо мисвак менен оозун мурдакыдай кылып жакшы тазалады. Чөйчөктөгү сууга колун салып, суу менен бетин аарчып: "**Лаа илааха илаллах, өлүмдүн кыйынчылыгы бар"-** деген сөзүн айтты.

Мисвакты бүтөөр замат колун же бармагын көтөрүп, көзүн асманга каратып, Айша РА аны угуп турду, эриндерин кыймылдатып: "**Өзүң жакшылык берген Пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер жана саалих пенделер менен бирге кыл. Аллахым! Күнөөмдү кечирип, ырайым кыл, бийик даражага көтөр, Аллахым! Бийик даражага көтөр!"**

Акыркы сөзүн үч жолу кайталап, колу сулк деп ылдый түшүп, Аллахтын хузуруна, бийик даражага кетти. *Баарыбыз Аллахка таандыкпыз, жана баарыбыз ага кайтып баруучубуз".*

Унутулгус бул окуя күн кыйла өйдө көтөрүлүп калганда, дүйшөмбү күнү, рабиул аввал айынын 12 де 11 х. ж. болду. Ошондо сүйүктүү Пайгамбар САВ алтымыш үч жашка толуп, андан төрт күн ашкан эле.

## *Сахабалардын кайгысы күчөдү:*

Пайгамбардын САВ өлүмү Мадинанын булуң бурчуна тарап, Мадинаны бүтүндөй караңгылык каптады. Анас айтат: "Пайгамбар САВ эң алгачкы жолу бизге келген күн, Мадина шаары эң шаңдуу болуп, нурга бөлөнгөн эле. Ал эми Пайгамбар САВ каза болгон күн, Мадина шаарын караңгылык каптап эң жаман күн болду.

Жан берип, каза болгондо Фатима РА мындай деди: «Оо, Атаке! Раббим сиздин дубаңызды кабыл кылды, Оо, Атаке!

Бараар жериңиз Фирдаус Бейиш болсун, Оо, Атаке! Эми Жебрейилге айтабыз!”

## *Умардын абалы:*

Пайгамбардын САВ өлүмүн уккан Умар ибну Хаттап элдин алдына туруп мындай деди: “Мунафыктардын кээ бири Пайгамбар САВ өлдү деп ойлоп жатат. Пайгамбар САВ өлгөн жок, ал Муса ибну Имран Кудайдын алдына кеткендей, Кудайдын алдына кетти. Анткени Муса пайгамбар САВ өз коомунан кырк күн кеткен эле. Анан анын коому Мусаны өлдү дегенде ал кайра кайтып келген. Аллахка ант болсун. Пайгамбар САВ да кайтып келип, өлдү деген адамдардын колу бутун кесет.

## *Абубакир элди тынчтандырды:*

Ошол учурда Абубакир атын минип Санахка кеткен үйүнөн келди да, аттан түшүп мечитке кирип, эч кимге үн катпастан түз эле Айшанын РА алдына кирип барды. Үйгө кирип урматтуу жүзү жабылык жаткан Пайгамбардын САВ жанына олтура калып жүзүн ачып, аны өпкүлөп ыйлап: “Ата-энем садага болсун сизге, Аллах сизге эки өлүм бербейт, сизге келген бул өлүм акыйкат чындык!” деген сөзүн айтты.

Анан бөлмөдөн сыртка чыкканда Умар жанагы сөзүн элдерге айтып жаткан эле. Абубакир: “Оо, Умар! Олтур”- дегенде ал олтурбай койду. Абубакирдин сөзүн угаар замат элдер Умарды таштап Абубакирге бурулду. Ошондо Абубакир: “Ким Мухаммедке сыйынса ал каза болду, ал эми ким Аллахка сыйынса, Аллах түбөлүк тирүү зат эч өлбөйт. Анткени, Аллах Таала ушундай деп айткан:

***“Мухаммед – Аллахтын элчиси гана. Андан мурун да элчилер өткөн. Ал өлсө, же өлтүрүлсө силер артка кайтасыңарбы? Ким артына кайтса ал Аллахка кымындай***

***да зыян жеткизе албайт. Аллах - шүгүр кылуучуларды сыйлайт”.*** (Аалу Имран, 144)

Ибну Аббас айтат: “Ант болсун, Абубакир бул аятты окуганда гана элдер, Аллах ушундай аятты түшүргөндүгүн эми уккансыды. Ошондо элдердин баары ушул аятты угушту.

Ибну Мусаиптин риваятында Умар айтат: “Аллахка ант болсун, Абубакирден бул аятты угаар замат бутумдун алы кетип, өзүмдү карманалбай жерге кулап түштүм. Ошондо гана Пайгамбардын САВ чындап эле каза болгонун билдим”.

## *Пайгамбарды САВ акыркы сапарга узатуу, урматтуу денесин жерге берүү:*

Пайгамбарды САВ акыркы сапарга узатуудан алдын, Мухажириндер менен Ансарлардын арасында, Пайгамбардан САВ кийинки боло турган Халифат ким болоору жөнүндө Сааида уруусунун үйүндө кайчылаш пикирлер айтылып, талкуу жүрдү. Акыры Абубакирдин Халифат булуусуна баары макулдугун берип, бул талкуу эки күнгө созулуп, шейшемби күн да кечтеп кеткен эле. Анткени, элдер Пайгамбарды САВ көмүүгө даярдык көрө электен алдын анын артында Халифат болуп ким калаарын дайындап алууну чечти. Ошентип, мубаарек денеси бөлмөсүндө, төшөгүнө жаткырылып, жүзү жабык абалда шейшемби күнү эрте мененге чейин турду.

Шейшемби күнү Пайгамбардын САВ кийимин чечпестен туруп, кепин сууга алынды. Аббас, Али, Аббастын эки уулу Фадл менен Кусам, Пайгамбардын САВ кызматчысы Шакран, Усаама ибну Зейт жана Аус ибну Хаулилер Пайгамбардын САВ мубаарек денесин жуушту. Аббас, Фадл жана Кусам үчөө мубаарек денесин аржак-бержакка оодарып турду. Усаама менен Шакран суу куйду, Ал эми Али жууп, Аус болсо көкүрөгүн кармады.

Кепин суусу бүткөндөн соң, кепинди үчкө бычып, кепиндеп көмүүгө даяр болду.

Пайгамбардын САВ денесин кайсыл жерге көмүү керек экендигин талкуулашып, Абубакир мындай деди: "Мен Пайгамбардан САВ: "**Аллахтын элчиси кайсыл жерде каза болсо ошол жерге көмүлөт"-**деп айтканын уккан элем". Абуталха Пайгамбар САВ каза болуп жаткан төшөгүн алды да, ошол жерди көмүүгө даяр кылып лахд абалында жер казышты.

Даярдалган бөлмөгө мусулмандар он ондон болуп кирип, эч кимиси имам болбостон туруп, Пайгамбарга САВ жаназа окушту. Эң алгач жакын туугандары андан соң Мухажириндер андан соң Ансарлар жаназа окуду. Эркектер бүткөндөн соң, Пайгамбарга САВ аялдар андан соң жаш балдар жаназа окуду.

Ошентип ошол күн кечкирип, шаршемби күнү кечинде Пайгамбардын САВ куттуу денеси жерге берилди. Айша РА айтат: "Пайгамбадын САВ көмүлүп бүткөндүгүн шаршемби күнү кечинде үйдүн сыртынан көмүүчүлөрдүн үнүн укканда гана билдик".

# *Пайгамбардын САВ үй-бүлөсү*

1-Пайгамбар САВ көчүүдөн алдын Меккеде жашап турган кезде, жубайы Хадийча Хувайлид кызы менен жашаар эле. Аны менен баш кошкондо Пайгамбардын САВ жашы жыйырма беште, Хадийчанын жашы кырк жашта эле. Хадийча Пайгамбардын САВ биринчи үйлөнгөн жубайы болуп, ал каза болгонго чейин эч ким менен үйлөнгөн эмес. Хадийча Пайгамбарга САВ балдарды жана кыздарды төрөп берген. Бирок, балдарынын баары жаш кезинде эле чарчап калып бирөөсү да жашаган эмес. Ал эми кыздарынын аттары: Зейнеп, Рукая, Умму Кулсум жана Фатима. Меккеде жашап турганда Зейнепти тайежесинин баласы Абулаас ибну Рабига турмушка берген. Ал эми Рукаяны Усман ибну Аффанга турмушка берет, тагдырдын жазмышы болуп, Рукая каза болгондон соң, Умму Кулсумду Усманга берет. Бадр менен Ухуд согушунун аралыгында Фатиманы Али ибну Абуталипке турмушка берген. Фатимадан Пайгамбар САВ Хасан, Хусейин, Зейнеп жана Умму Кулсум аттуу неберелерди көргөн.

Пайгамбар САВ үммөтүнөн айырмаланып төрттөн ашыкча жубайга үйлөнгөнү баарыбызга белгилүү. Анткени, бул да ар түрдүү себептерден улам болгон. Пайгамбардын САВ үйлөнгөн жубайларынын саны он үч болуп, алардын арасынан тогузоосу Пайгамбардан САВ соң жашашкан. Ал эми эки жубайы Пайгамбар САВ тирүү кезинде каза болуп калган, бирөөсү Хадийча, экинчисиУммул Масакин (кедейлердин энеси) Зейнеп Хузайма кызы. Ал эми экөөсүнө жакындаган эмес. Эми алар жөнүндө бир аз айтып ысымдарын да атап өтсөк.

2- Сауда Замьа кызы. Пайгамбар САВ бул жубайы менен Хадийча каза болгондон соң, бир нече күндөрдөн кийин, пайгамбарлыктын онунчу жылында, Меккеде баш кошкон. Пайгамбардан САВ алдын Сауда Сакран ибну Амру аттуу

атасынын бир тууганынын баласына турмушка чыккан эле. Бирок, жолдошу каза болуп калган.

3- Айша Абубакир кызы. Пайгамбарлыктын он биринчи жылы, көчүүдөн эки жыл беш ай алдын Меккеде, Саудага үйлөнгөнүнө бир жыл өткөндө Айшага куда түшүп коёт. Ошондо Айшанын жашы алтыда эле. Анан Мадинага көчкөнүнө жети ай болгондо, Шаввал айында, Айша тогуз жашка чыкканда, аны менен баш кошот. Айша кыз болуп Пайгамбар САВ андан башка кызга үйлөнгөн эмес. Үйлөнгөн жубайларынын баары турмушка чыккан аялдар болчу. Айша Пайгамбардын САВ эң сүйүктүү жубайы, үммөттүн арасынан эң аалым жана илимдүүсү эле.

4- Хафса Умар ибну Хаттап кызы. Бадр менен Ухуд согушунун аралыгында Хафсанын жолдошу Ханис ибну Хузаафа Сахмий каза болуп калат. Анан Пайгамбарга САВ турмушка чыккан.

5- Хилал ибну Аамир уруусунан болгон Зейнеп Хузайма кызы. Пайгамбардын САВ бул жубайы Уммул Масакин (кедейлердин энеси) деп аталган. Анткени, ал кедейлерди жакшы көрүп, аларга жумшак жакшы мамиле кылгандыгы үчүн ошентип аталчу. Зейнеп алдын Абдулла ибну Жахштын аялы эле. Ухуд согушунда жолдошу Абдулла шейит кеткенден соң, 4 х. ж. Пайгамбарга САВ турмушка чыгат. Бирок, тагдырга байланыштуу, баш кошконуна эки же үч ай болгондо Зейнеп оо дүйнө салды.

6- Умму Салама Хинд Абу Умая кызы. Умму Салама алдын Абу Саламанын аялы эле. Жумадил ухра айында 4 х. ж. жолдошу Абу Салама каза болуп калганда, ошол эле жылы Шаввал айында Умму Салама Пайгамбарга САВ турмушка чыкты.

7- Асад ибну Хузайма уруусунан болгон Зейнеп Жахш кызы. Зейнеп Пайгамбардын САВ атасынын бир тууган карындашынын кызы болгон. Бул аял алдын Пайгамбардын САВ бакма баласы Зейт ибну Хаарисанын аялы эле. Зейт аялы

Зейнепке талагын берет. Ошондо Аллах Таала Пайгамбарга САВ айтып мындай деген:

فَلَمَّا قَضَى زَيْدٌ مِّنْهَا وَطَرًا زَوَّجْنَاكَهَا {الأحزاب/37}

***“Качан Зейт аны менен ажырашып, талагын бергенден соң, аны сага никелеп бердик”.*** (Ахзаб, 37)

Араптардын бакма баланы өз баласы деп эсептеген адат салтын жок кылуу тууралуу Аллах Таала Ахзаб сүрөсүндө бир нече аяттарды түшүргөн, алдыда ал жөнүндө айтып өтөбүз. Пайгамбар САВ Зул каада айында, 5 х. ж. Зейнепке үйлөндү.

8- Хузаадан тараган Мусталак уруусунун башчысы болгон Хааристин кызы Жувайрия. Саабит ибну Шамас Мусталак уруусуна барган жортуулдан Жувайрияны туткунга түшүрүп, күң кылып алып келген эле. Бирок Пайгамбар САВ бул аялды боштондукка чыгарып, 6 х. ж. Шаабан айында аны менен баш кошот.

9- Умму Хабийба Абусуфян кызы. Умму Хабийба алдын Убайдулла ибну Жахштын аялы эле. Мусулмандар Меккеден Хабашага көчкөн кезде бул экөө да ошол жакка көчүп кеткен. Бирок, ал жакта Убайдулла динден чыгып кетет да, хрестян динине өтүп кетип, андан соң каза болот. Ал эми Умму Хабийба өз дининде бекем туруп, ошол жакта калган мусулмандар менен жашап жүрөт. Пайгамбар САВ Амру ибну Умая Думарий аркылуу 7 х. ж. Мухаррам айында Нажашийге кат жөнөткөндө, ал аялды Шурахбил ибну Хасана менен бирге Пайгамбарга САВ жөнөтүп, Пайгамбар САВ аны менен баш кошот.

10 – Хаяй ибну Ахтабаттын кызы Сафия, жөөт улутунан. Хайбар согушундагы күң болуп колго түшкөн аялдардын бири эле. 7 х. ж. Хайбар жери алынгандан соң Пайгамбар САВ Сафияны күңдүктөн азаттыка бошотуп, анан баш кошту.

11- Хааристин кызы Умму Фадлдын бир тууганы Маймуна Хаарис кызы. Пайгамбар САВ Зул каада айында 7 х.

ж. каза умраны өтөгөнү барып, умра бүткөндөн соң Маймуна менен баш кошкон.

Ушул он бир жубайлары менен Пайгамбар САВ баш кошуп үйлөнгөн. Булардан экөөсү Пайгамбардын САВ тирүү кезинде каза болгон, алар: Хадийча жана Зейнеп Уммул Масакин. Ал эми калган тогузоосу Пайгамбардан САВ соң каза болушкан.

Ал эми Пайгамбардын САВ жакындабаган эки аялы тууралуу кайчылаш пикирлер бар, ошондуктан аны айтуунун кажети жок.

Пайгамбардын САВ күң аялдары экөө болгондугу белгилүү, бирөөсү Мария Кыптия. Марияны Эгипеттин падышасы Мукавкис Пайгамбарга САВ тартуулаган. Мария Пайгамбарга САВ Ибрахим аттуу уулду төрөп берет. Тилекке каршы 10 х. ж. 28 же 29 Шаввал айында Ибрахим бала кезинде эле чарчап калат. 632 жылдын 27 Январына туура келет. Экинчи күң аялы Райхана Зейт кызы Надир уруусунан, кээ бир риваятта Курайза уруусунан күң болуп колго түшкөн деп келет. Ал эми дагы башка риваяттарда, бул аялды боштондукка чыгарып анан баш кошкон деп айтылат. Райхананы Надир уруусунан болгон күң аялы деген сөздү Ибнул Кайим тууραраак деп тапкан.

Ал эми Абу Убайда Пайгамбардын САВ дагы эки күң аялы болгон деп айткандыгы бар: “Алардын бирөөсү Жамила, жортуулдан колго түшүп күң болгон. Экинчиси Жаария, бул күңдү Зейнеп Жахш кызы Пайгамбарга САВ тартуулаган деп келет.

Ким Пайгамбардын САВ жашоосуна караса, жаштыгынан отуз жылдай өтүп, жашоосунун акыркы убактары калганда эмнеге ушундай көп жубайларды алгандыгын жакшы түшүнөт. Анткени, Пайгамбар САВ жаш кезин Хадийча андан соң Сауда менен гана өткөзгөн. Акыркы жылдары мынчалык көп жубайларды алгандыгы, анын күч

кубатка толуп, көп жубай алгандыгы эмес, балким анын башка бир нече себептерден улам алгандыгы белгилүү болот.

Пайгамбар САВ Абубакир жана Умардын кыздары Айша менен Хафсаны алгандыгы, ошондой эле кызы Фатиманы Али ибну Абуталипке бергендиги, жана эки кызы Рукая андан соң Умму Кулсумду Усман ибну Аффанга бергендиги, бул ушул төр урматтуу сахабалардын эң алгачкы кыйынчылык жылдардын баарында Пайгамбар САВ менен бирге болуп, оорун оордон жеңилин жерден көтөрүп, исламдын өнүгүүсүнө өтө чоң салым кошкондугу белгилүү болот.

Ошол кездеги араптардын адат салты боюнча куда сөөктү өтө жакшы урматтап, эки урууну жакындата турган бир жакшы адаттары бар эле. Анткени, куда сөөктөр менен согушуу бул өтө уят жана намыстуу болгон. Ошондуктан Пайгамбар САВ ар түрдүү уруулардан момундардын энеси атка конгон жубайларды алгандыктын себеби да, алардын бири-бири менен болгон душмандыкты жоюу максатында болгон. Умму Салама Махзум уруусунан – Абужахил менен Халид ибну Валиддин уруусу – Пайгамбар САВ Умму Салама менен үйлөнгөндө Халид Ухуд согушунда мусулмандарга көрсөткөн кордукту көрсөтө алган эмес, балким андан соң көп өтпөй эле исламды кабыл кылган. Ошондой эле Абусуфяндын кызы Умму Хабийбаны Пайгамбар САВ алгандан кийин, ал Пайгамбарга САВ каршы согушуудан тыйылып калды. Ал эми Мусталак жана Надир уруусунан Жувайрия менен Сафияны алгандан соң, бул эки уруу мусулмандарга мурдакыдай жамандык кылууну токтотушту. Тескерисинче Жувайрия өз уруусуна өтө чоң пайданы алып келди. Анткени, Пайгамбар САВ Жувайрияга үйлөнгөндөн соң сахабалар: Пайгамбардын САВ кайын журту деп, ал уруудан туткунга түшкөн жүз кишини боштондукка коюп жиберишти. Ошондуктан, мындай кең пейилдик инсандын жүрөгүнө өтө жакшы таасирин тийгизди.

Мындан да башка эң чоң жана эң керектүү нерсе, маданиятты, цивилизацияны, этиканы жана жүрүм-турумду билбеген элдерди, шаардын маданиятын, цивилизациясын, этикасын үйрөтүп өзүнчө жаңы бир коом түзүү вазыйпасы Пай гамбардын САВ мойнунда эле.

Ошондуктан ислам түптөлгөндөн соң, шарият мыйзамы боюнча эркеткер менен аялдардын аралашуусу тыюу салынат. Эркектер аялдарга аралашып, аларга маданиятты үйрөтүүсү туура эмес. Анткени аялдар да маданияттуулукта, илим-билимде эркетерден кем эмес даражада үйрөнүүсү ошол кездин талабы болуп турган. Балким аялдар эркетерге караганда ошол нерселерди үйрөнүүсү өтө зарыл болуп турган учур болчу.

Ошондуктан Пайгамбар САВ бул жаатта, ар кандай жаштагы, жана ар түрдүү өнөрдөгү аялдарды алуудан башка жол жок. Ошондо гана алар, бедуин аялдарга, жашы өткөн кемпирлерге, жаш кыздарга жана башка ар түрдүү деңгээлдеги аялдарга маданияттуулукту, цивилизацияны, этиканы, жүрүм-турумду, кулк-мүнөздү, шарияттагы өкүмдөрдү жана башка көптөгөн жакшы нерселерди үйрөтүп, жетишээрлик деңгээлде, исламдагы эң улук, жогорку даражадагы аялдарды тарбиялайт.

Момундардын энеси аталгана жубайлар, Пайгамбардын САВ үй ичиндеги болгон ал акыбалдарын, жеке турмушун элдерге үйрөтүүдө эң чоң салым кошкон. Өзгөчө жубайлардын арасынан узак өмүр сүргөн Айша энебиз сыяктуу жубайы, Пайгамбардын САВ үй тиричилиги, жаткан турганы, жеп-ичкени ж. б. у. с. көптөгөн пайдалуу иштерин риваят кылып айтып берген.

Караңгылык доордо араптарга сиңип калган бир салт бар эле, ал да багып алган баланын аялына үйлөнбөө. Анткени, ошол кезде араптарда багып алган баланы өз баласы деп эсептеп, ага өз баласы сыяктуу бардык укуктарды берчү. Бул салт араптардын жүрөгүнө сиңип калыптанып калып, аны жүрөктөн чыгарып салуу өтө кыйындыкта жатты. Бул салт

үйлөнүүдө, талак берүүдө, мурас калтырууда жана башка көптөгөн иштерде шарият өкүмүнө туура келбейт. Ал эми ушул салт ошол кезде арабтарга көптөгөн жамандыкты бузукулукту балким зынаа сыяктуу нерселерди алып келген. Ошондуктан, алардын бул мыйзамын ислам келгенде бузуп жок кылды.

Бул мыйзамды жок кылуу үчүн Аллах Таала Пайгамбарга САВ атасынын бир тууган карындашынын кызы Зейнеп Жахш кызына үйлөнүүнү буйрук кылды. Анткени ал алдың Пайгамбардын САВ бакма баласы Зейттин аялы болгон. Зейт менен аялдын ортосунда келишпестиктен улам, Зейт ага талак берүүнү каалады. Ал да Ахзаб согушу учурунда душман Пайгамбарга САВ катуу кысым көрсөтүп жаткан кезде болгон. Пайгамбар САВ бул иш жаман таасирди алып келбесин деп мунафыктардын, мушриктердин жана жөөттөрдүн жалган жалаа сөздөрүнөн коркуп турду. Ошондой эле ыйманы алсыз мусулмандардын арасында да жаман таасир калтырбасын деп корккон эле. Ошондуктан, Зейт аялына талак бербегендиги жакшы, ушундай кыйын учурда Пайгамбар САВ бир чоң сыноого туш келип каламбы деп ойлогон эле.

Пайгамбардын САВ мынтип коркуп жаман ойду ойлоосу, анын чыныгы пайгамбарлык мүнөзүнө туура келбейт болчу. Ошондуктан Аллах Таала бул үчүн Пайгамбарды САВ жемелеп мындай деген аят түшүрдү:

***“(О, Мухаммад!) сен бир кезде, ага Аллаһ нээмат берген, анан сен дагы жакшылык кылган бир жигитке: «Аялыңды коюп жибербе! Аллаһтан корк!» деген болчусуң. Жана сен Аллаһ ашкере кылуучу нерсени жүрөгүңдө жашыруун тутуп, адамдардан корктуң! Өзүнөн коркушуңа Аллаһ көбүрөөк ылайык элего!”.*** (Ахзаб, 37)

Ошентип акыры Зейт аялына талак берип, Пайгамбар САВ Курайза уруусун курчоого алган күндөрү Зейнептин иддасы бүткөндөн соң Пайгамбар САВ Зейнеп менен үйлөндү. Анткени, Аллах Таала бул үйлөнүүнү Пайгамбарга САВ

буйрук кылып ага эч кандай тандоо же башка жол берген жок. Ошондуктан Аллах Таала бул никени өзү тарабынан айтты:

***“Качан Зейт ага «жакындык» кылып, (кийин талагын бергенде) аны сага никелеп бердик. Момундарга өз бакма балдарынын аялдарына үйлөнүүдө эч күнөө болбошу(н билдирүү) үчүн, эгер талактарын беришсе. Аллаһтын буйругу аткарыла турган иш”.*** (Ахзаб, 37)

Бул да бакма баланы өз баласы деп эсептеген араптардын мыйзамын жок кылуу болду, башка аятта да Аллах Таала бул мыйзамды жок кылгандыгын билдирип мындай деген:

***“Аларды өз аталары(нын ысымы) менен чакыргыла. Аллаһтын алдында ушул адилеттүүрөөк”.*** (Ахзаб, 5)

***“(О, момундар!) Мухаммед силердин араңардагы эч бир эркектин атасы эмес. Ал болгону Аллаһтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы”.*** (Ахзаб, 40)

Канчалаган сиңип калган туура эмес мыйзамдарды адат салттарды сөз менен эле айтып жок кылуу, бул өтө кыйындыкка жатат. Аны ошол сиңген нерсени жок кылууну мойнуна алган адамдын өзү иш жүзүндө аткармайын жок болбойт. Муну Худайбия умрасындагы окуяга салыштырып айтсак болот. Анткени, мусулмандар Худайбияга барганда Пайгамбардын САВ оозунан түкүрүгү түшсө да ал жерге түшпөстөн сахабалардын колуна түшкөн, даарат алса да ал үчүн сахабалар талашып, жада калса урушуп кете жаздаган.Ушунун баарын Урва ибну Маьуд Сакафий көргөн болчу. Андан да башкасы дарактын астында Пайгамбарга САВ кол берип, өлүмгө, эч жакка качпоого, аягына чейин бирге турууга убада-байьат берген сахабалар бар эле. Мындай убада бергендердин арасында Абубакир Умар аттуу улуу сахабалар да бар болчу. Худайбиядагы келишимди түзгөндөн соң, Пайгамбар САВ ошол убада берген сахабаларга туруп курмандык чалгыла дегенде алардын бирөөсү да Пайгамбардын САВ буйругун аткарбай коёт. Ошондо Пайгамбарды САВ кыжаалаттык басып капа болгон. Бирок,

Пайгамбардын САВ жубайы Умму Салама бул ишти эч кимге айтпастан, өзүңүз ордуңуздан туруп курмандык сойсоңуз, деген сөзүн айткандан кийин, Пайгамбар САВ жубайы айткандай кылды. Ошондо гана сахабалар Пайгамбардын САВ артынан ээрчип, алып келген курмандыктарын союшкан. Ошондуктан бул мисалды келтиргенибиздин себеби да, сиңип калган мыйзамды жок кылуу үчүн, айтуу менен эле аны жок кылууга болбойт, балким аны эң алгачкылардан болуп ошол адам өзү аткарууга тийиш.

Пайгамбардын САВ бул үйлөнүүсү тууралуу мунафыктар ар түрдүү жалган жалаа ушак сөздөрдү таратып, бул сөздөр ыйманы алсыз мусулмандардын жүрөгүнө да жаман таасирин тийгизген. Анткени, Зейнеп Пайгамбардын САВ бешинчи жубайы болчу, себеби исламда төрттөн ашыкча аял алууга болбойт эле. Анын үстүнө Зейтти адамдар Пайгамбардын САВ өз баласы катары эсептешчү. Эми мынтип өз баласынын аялына үйлөнүү алардын алдында эң чоң жаман нерсени жасаган сыяктуу болгон. Бирок, Аллах Таала бул эки иш тууралуу жогоруда айткан Ахзаб сүрөсүнөн эки аят түшүрүп, сахабаларга толук түшүнүк берди. Ошондо гана сахабалар бакма бала шариятта эч кандай үй-бүлөлүк рольду ойнобоорун түшүнүп, Аллах Таала өз элчисине өтө зарыл болгон пайдалуу жана ар кандай себептерден улам башкалардан айырмаланып көп аял алууну буйурганын сахабалар толук түшүндү.

Пайгамбар САВ момундардын энеси болгон өз жубайларына өтө чоң деңгээлде урмат сый көрсөтүп, аларга жакшы мамиледе болуп, даражаларын бийик деңгээлге көтөргөн. Ошол кезде ушунчалык кыйын, жокчулук абалда жашап жатса да Пайгамбар САВ аларга сабырдуулукту, каниеттүүлүктү, кичи пейилдикти көрсөтүп, үй жумуштарында жардам берип, жубайларынын баарын бирдей адилеттүүлүк менен карап, өз укуктарын берген. Айша РА айтат: “Пайгамбардын САВ үйлөрүндө эки айлап казан кайнабаган учурлар болчу”. Ошондо Урва Айшадан РА: «Анда эмне жейт элеңер?»-деп сурап

калганда, Айша РА: «Эки кара менен гана тамактанат элек, ал да курма менен суу”. Мындай окуялар тууралуу өтө көп кабарлар айтылган.

Пайгамбардын САВ жубайлар ошончолук жокчулук кыйынчылык абалда жашаса да, эч качан алардан бир да сөз чыккан эмес, бирок бир гана жолу чыккан – анткени ал инсандык сыпат да, бул да Аллахтын өкүмү түшүүгө себеп болгон – ошондуктан Аллах Таала бул тууралуу аят түшүрүп ушундай деди:

***“28. Оо, пайгамбар! Жубайларыңа айт: «Эгер дүйнө жашоосун жана анын зыйнаттарын (жыргалчылыгын) кааласаңар, келгиле силерди (жакшына мүлк менен) пайдалантып, сылык-сыпаа ажырашайын.***

***29. Ал эми, Аллаһты(н ыраазылыгын), Анын пайгамбарын жана Акырет үйүн кааласаңар, Аллаһ силердин араңардагы жакшы ибадат кылгандарга улуу сыйлыкты (Бейишти) даярдап койгон”.*** (Ахзаб, 28, 29)

Пайгамбардын САВ жубайларынын ушунчалык деңгээлде ыймандуу, сабырдуу жана асыл экендиги билинип, алардын баары Аллах менен анын элчисин тандап, бирөөсү да бул дүйнөлүк зыйнатты, жыргалчылыкты тандаган жок.

Ошондой эле Пайгамбардын САВ жубайлары көптүгүнө карабастан, башка күндөш жубайлар сыяктуу, алардын ортосунда эч качан уруш талаш деген нерсе болгон эмес. Бирок, пендечилик кылып кетирген кээ бир болоор болбос иштер гана болгон. Аны да Аллах Таала аларга эскертип жемелеген. Бул тууралуу Тахрим сүрөсүндө ушундай келет:

***“Оо, пайгамбар! Эмне үчүн жубайларыңдын көңүлү үчүн Аллаһ сага адал кылган нерселерди (өзүңө) арам кылып жатасың?!”.***(Тахрим, 1) деген аят түшүп бешинчи аятка чейин ушул тууралуу айтылган.

Сөзүмдүн аягында айтаарым, Пайгамбардын САВ көп аял алгандыгы туурасында мындан артык көп изилдөөнүн деле кажети жок, ушул жетишээрлик болот. Ким де ким эвропа

жашоосундагы азыркы абалга караса, алар мындай жаатта өтө бактысыз, аялдарга зордук зомбулукту көрсөткөн, аларды уруп тээп кол көтөргөн, жана башка ар түрдүү балээлерди аялдардын башына алып келген жагдайларды өтө көп кездештирүүгө болот. Ошондуктан алардын жашоосундагы үй-бүлөлүк мыйзам биздикине караганда өтө төмөнкү деңгээлге түшүп кеткендигин байкоого болот. Анткени акыл калчап туура көз караш менен карагандарга биздин мыйзам эң жакшы үлгү боло алат.

# *Пайгамбардын САВ сыпаттары жана кулк-мүнөзү*

Пайгамбар САВ толук келбеттүү, адеп-аклактуу, кулк-мүнөздүү болуп, башкалардан айырмаланып турган. Бул жаатта аны толук сыпаттап айтууга сөз жетпейт. Анын таасирдүүлүгүнүн натыйжасында жүрөктөрдүн баары аны урматтап ага ийилчү. Адамдар аны менен бирге болууну эңсеп, бул дүйнөдө андай сыпаттагы инсан келбегендиги баарына белгилүү эле. Аны менен мамиле кылгандар, аны ушунчалык деңгээлде сүйүп, анын урматынан эч качан ага тике карай алган эмес. Анткени ушунчалык деңгээлде толук кемелдүү инсан болгондуктан, жүрөктөр ага ашык болуп, андай инсан чанда келээри баарына белгилүү болгон. Эми алдыда Пайгамбардын САВ келбети, кемелдүүлүгү, кулк-мүнөзү жана адеп-ахлагы тууралуу кыскача баян кылып өтсөк.

## *Келбетинин сулуулугу:*

Умму Маьбад Хузааий деген аялдын чатырынын жанынан Пайгамбар САВ Мадинага көчүп баратканда өткөн. Ошондо ал аял күйөөсүнө Пайгамбарды САВ сыпаттап ушинтип айтып берет: «Анын келбети келишкен, жүзүнөн нур төгүлүп тургансыйт. Келбеттүү, өтө чоң да эмес, кичинекей да эмес, жамалы сулуу келишкен, көзүнүн кареги кап-кара, кирпиги узун, үнү жоонураак чыккан, мойну узун, кара көздүү, кашы ичке узунунан ийлип кеткен, чачы капкара. Сүйлөбөй турганда олуттуулук каптайт, сүйлөгөндө сөзүн коздук каптайт. Инсандардын арасынан эң сулуусу, узактан келбеттүү көрүнөт, жакындан жумшак мүнөз сулуу көрүнөт. Сүйлөгөн сөздөрү өтө маанилүү, олуттуу жана пазилеттүү, көп да аз да сүйлөбөйт. Оозунан чыккан сөздөрү так-так, биринин артынан бири даана-даана болуп чыгып турат. Үчөөнүн арасынан эң көрүнүктүүсү жана кадырлуусу. Анын ушундай жолдоштору бар, эгер аларга

сүйлөсө сөзүн өтө маани берип угат, эгер бир ишке буйурса аны аткарганга шашат. Жолдоштору анын ишин дароо орундатат, айланасында эмне дээр экен деп күтүп турат. Баары менен өтө жакшы сылык, урмат сый менен мамиле кылып, эч кимге кабагын салбайт.

Али ибну Абуталип Пайгамбарды САВ сыпаттаганда мындай деп айтты: Пайгамбар САВ өтө узун да, өтө кыска да болгон эмес, адамдардын орто бойлуусу болгон. Чачы өтө тармал да, өтө сыйда да болгон эмес, бир аз гана тармалдашып турчу. Беттери семиз да, өтө тоголок да болгон эмес, бир аз толмоч келип, кызыл сымал ак жүздүү болгон. Көздөрү кара, кирпиктери узун, сөөктүү жана ийиндүү, төшүнөн киндити карай ичке түк болгон, колдорунун жана буттарынын манжалары каттуу, басканда бир аз дөңсөөдөн түшүп бараткандай басат эле. Эгерде бурулса (мойнун бурбастан,) бардык денеси менен бурулчу. Эки далысынын ортосунда пайгамбарлыктын мөөрү болгон, ал пайгамбарлардын акыркысы, адамдардын эң берешени жана эң так сүйлөгөнү эле. Мүнөзү жумшак, достук мамилеге мыкты болчу. Ким аны капыстан көрүп калса сүрдөп кетчү, ким аны таанып, аралашып жүргөн болсо, жакшы көрүп калчу, аны сыпаттаган адам Пайгамбар САВ тирүү кезинде да, көз жумгандан кийин да ага окшош адамды көргөн эмесмин – деп айтчу".

Жаабир ибну Самуура мындай дейт: "”Пайгамбардын САВ оозу кенен, көзүнүн агы бир аз кызымтыл жана согончогу эттүү эмес эле".

Абу Туфайл ушундай деп кабар берген: «Ак жүздүү, семиз да, арык да, узун да, кыска да болгон эмес".

Анас ибну Малик айтат: «Аллахтын элчиси өтө узун бойлуу да, кыска да болгон эмес. Өтө аппак да, кара да эмес болчу. Чачтары тармал да, өтө жумшак сыйка да эмес эле. Ал бул дүйнөдөн көз жумганда анын чачында жана сакалында жыйырмага жетпеген ак тал бар эле".

Бара ибну Азиб айтты: “Пайгамбар САВ орто бойлуу, кең далылуу, калың чачы кулагынын көнчөгүнө жеткен адам болчу. Аны кызыл чепкен кийип турганда андан сулуу жана келбеттүү инсанды көргөн жокмун”.

Ибну Аббас мындай дейт: “Акыйкатта, Пайгамбар САВ чачын жайып жүргөн, ал эми мушриктер болсо чачтарын экиге бөлүп жүрүшкөн. Китеп ээлери да чачтарын жазып жүрүшкөн. Пайгамбар САВ да буйурулбаган иштерде китеп ээлерине окшошкусу келет эле, кийин Пайгамбар САВ чачын экиге бөлүп алды”.

Абухурайранын сөзүндө ушундай келет: “Мен Аллахтын элчисинен сулуураак эч кимди көргөн эмесмин, күн анын бетинде жүргөндөй (сезилет эле). Аллахтын элчисинен тезирээк баскан эч кимди көргөн жокмун, жер ага оролуп келаткандай (туйулат эле), биз да (тез басканга) аракет кылчубуз, ал болсо (биздин басканыбызга) көңүл бурбайт болчу”.

Жабир ибну Самура айтты: “Аллахтын элчисинин балтыры тыкан, мүчөлөрүнө төп келген болчу, ал (каткырып) күлчү эмес, болгону жылмайып койчу. Мен аны карап, көздөрүнө сурма койбосо да, көздөрүнүн каралыгынан сурма коюлган деп ойлочумун”.

## *Толук кемелдүүлүгү жана кулк-мүнөзү:*

Хасан ибну Али айтат: “Тайакем Хинд ибну Абухаала (бир нерсени) жакшы сыпаттайт болчу. Пайгамбардын САВ сүйлөгөнүн мага сыпаттап берүүсүн сурансам, ал ушундайча сыпаттады: “Аллахтын элчиси дайыма кайгырып, ойлонуп, ырахатсыз жүрчү. Көпкө унчукпай, кажети болбосо сүйлөбөйт эле. Сөздү Аллахтын аты менен баштап, Аллахты аты менен бүтүрчү. Кыска терең маанидеги сөздөрдү сүйлөп сөзү чечкиндүү болчу. Сөздөрү ашыкча да, кыска да болгон эмес, орой да, (бирөөнү) кемсинтүүчү да болгон эмес. Аз болсо да, жакшылыкты кадырлаган, тамакты жамандаган да, мактаган да эмес. Дүйнө жана дүйнөгө байланыштуу нерсе аны ачуулантпайт эле, эгер

акыйкатка адилетсиздик кылынса ачууланып, (адилетсиздикке кабылган адамга жан тартып) колдоо көрсөтөт эле. Өзү үчүн ачууланып, жан тарткан эмес. Эгер ишаарат кылса, колунун баары менен ишаарат кылган, эгер бир нерсеге таңыркаса, башын асманга каратып бурат эле. Сүйлөсө колу менен ишаарат кылып, оң алаканын сол бармагынын ичине урат эле, эгер ачуусу келсе, андан жүз буруп, анан кайра мээримдүүлүккө кайтып, аны кечирет эле. Эгер катуу сүйүнсө, көзүн жумчу, күлгөндө жылмайып күлчү, мөндүрдөй аппак тиштери көрүнүп турган”.

Аллахтын элчиси САВ өзүнө тиешеси болгон сөздү гана сүйлөп, сахабаларды бир денедей бириктирип, мээримдүү кылып, аларды жалкытып качырбайт эле. Ар бир коомдун урматтуусун өз ордуна коюп, аны ошол коомго башчы кылып дайындачу. Адамдарга Аллахтын азабын эскертип, алардын эч кимисинен кубанычын жана кул-мүнөзүн жашырбастан, алардан сактанып жүрчү. Сахабалардын бирөөсү көрүнбөй калса, аны сураштырып, элдин арасында эмне болуп жатканын сурап билип турчу. Жакшы ишти колдоп, жаман ишти жаман деп белгилечү. Кылган иштери бири бирине каршы келчү эмес. Адамдарды жакшылыка үндөп насаат кылууда эч кандай кайдигер болбойт эле жана андан тажабайт эле. Ал баардык ибадатка даяр болчу. Акыйкатка кайдигер карабай жана андан аша чаап кеткен эмес. Анын айланасында эң жакшы адамдар топтолчу. Анын алдында элдерге насаат айткан эң жакшы адамдар чогулчу.

Аллахтын элчиси САВ дайыма жылмайып, мүнөзү жеңил, сылык болчу. Орой жана копол эмес эле (эч качан) бакырбаган, сөгүнбөгөн, бирөөнү айыптабаган, ичи тарлык кылбаган, өзүнө тийешеси жок ишке байкоо салган эмес. Андан үмүт кылып келген адам, үмүтсүз болбойт эле жана андан көңүлү калбайт эле. Үч нерседен өзүн четтеткен: Талашып тартышуудан, (басканда, отурганда, сүйлөгөндө) өзүн башкалардан улуу сезүүдөн, өзүнө тийешелүү болбогон нерсеге киришүүдөн узак болчу. Эч кимди айыптачу да, шылдыңдачу да эмес. Бирөөнүн айыбын издеген эмес. Сооптуу үмүт кылган нерседе гана сүйлөчү. Эгер ал сүйлөсө,

анын жанындагылар башын жерге салып башында куш тургандай отурушат эле. Эгер токтосо, алар сүйлөй башташат эле, алар Пайгамбардын САВ алдында сөз талашчу эмес жана ким анын алдында сүйлөсө ага сөзүн сүйлөп бүткөнчө унчукпай турушат эле. Алар күлгөн нерсеге күлүп, алар таң калган нерсеге таң калчу. Чоочун адамды копол сүйлөгөнүнө жана анын берген суроолоруна сабырдуулук менен жооп бергендиктен, сахабалар ошол чоочундардын келүүсүн каалашат эле. Ал: "**Эгер бир муктаждыгы бар адамды көрсөңөр, ага жардам бергиле"** – деп айтчу. Мактоону бир гана аша чаап мактабаган адамдан укчу. Бир адам сүйлөп акыйкаттан чыгып кеткиче, анын сөзүн бөлгөн эмес, аны тыйып токтотчу же ал жерден басып кетчү.

Мына ушул Пайгамбарыбыздын САВ толук кемелдүү болгон өмүр таржымалын кыскача гана бөлүгүн айтып өттүк. Ал эми анын чыныгы адеп-аклагы, кулк мүнөзү жүрүм туруму жана сыпаттары баа жеткис даражада инсаниеттин туу чокусуна жеткен кемелдүүлүк болуп, анын кулк-мүнөзү Куран эле.

Оо, Аллахым! Ибрахимге жана анын урпактарына ырайым кылган сыяктуу Мухаммедге жана анын урпактарына ырайым кыл. Чексиз мактоого ылайык жалгыз даңк жана урмат ээси да Сенсиң.

Оо, Аллахым! Ибрахимге жана анын урпактарына берекет берген сыяктуу Мухаммедге жана анын урпактарына берекет бер. Чексиз мактоого ылайык жалгыз даңк жана урмат ээси да Сенсиң.

Сафиу Рахман Мубарак-Фури
13/11/1396 хижрий жылы.
6/11/1976 хрестян жылы.

МАЗМУНУ

Баш сөз....3
Араптардын жери жана арап коому....6
Араптардын жашаган жери:....6
Арап коому:....7
Арап бийлиги жана падышалыгы....17
Йемен падышалыгы:....18
Хийра падышалыгы:....21
Шам падышалыгы:....23
Хижаз жериндеги амирликтер:....24
Араптардын жалпы падышалыгы:....30
Араптардын жүргүзгөн саясаты:....31
Араптардын диндери....32
Дин акыбалы:....43
Караңгылык доорундагы арап коомчулугунун жашоосу....44
Социялдык абалы:....44
Экономикалык абалы:....48
Адеп-аклагы:....49
Пайгамбарыбыздын САВ ата теги жана үй-бүлөсү....52
Пайгамбарыбыздын САВ ата теги:....52
Пайгамбарыбыздын САВ үй-бүлөсү:....53
Пайгамбар САВ жарык дүйнөгө келүүсү жана пайгамбарлыка чейинки кырк жыл....62
Жарык дүйнөгө келүүсү:....62
Пайгамбар САВ Саьд уруусунда:....63
Өз энесине кайтуусу:....66
Сүйүктүү чоң атасынын колунда:....67
Баланын урматынан жамгыр суралды:....68
Кечил Бухайра менен болгон окуя:....69
Бузукулук урушу:....70
Жакшылык келишими:....70
Эмгектенип жашоо:....71
Хадийчага үйлөнүүсү:....72
Каабаны кайрадан куруу маселеси:....73
Пайгамбарлык келбестен алдыңкы жалпы өмүр баян:....75
Пайгамбарлык тапшырманын башталаар алдында....77
Хира үңкүрүндө:....77
Жебрейил вахий кабарын алып келди:....78
Вахий кабарынын бир канча убакытка токтоп калуусу:....82
Жебрейил периште экинчи жолу вахий кабарын түшүрдү:....83

Вахий кабары түшүүсү жөнүндө маалымат: 84
Исламга үгүттөөнүн башталуусу 85
Динге үгүт кылуунун бөлүктөрү 89
Биринчи этап 90
Үгүт ишинин башталуусу 90
Үч жыл жашыруун үгүт жүргүзүү: 90
Алгачкы Исламга киргендер: 90
Намаз тууралуу: 92
Жалпы Курайш элине кабар жетти: 93
Экинчи этап 95
Жарыя үгүт жүргүзүү 95
Алгачкы үгүт ишин жарыялоо: 95
Туугандарга болгон үгүттөө: 96
Сафа тоосунда: 97
Акыйкатты айтып чыгуу жана мушриктердин болгон иш аракеттери: 99
Курайш жамааты Абу Талиптин жанында: 100
Ажылыка келген адамдарды Исламга үгүттөө сөздөрүн угуудан тосуу үчүн болгон чогулуш: 101
Үгүт иштерин токтотуу үчүн ар түрдүү карама каршылыктарды көргөзүү: 103
Куугунтуктар: 108
Аркамдын үйүндө: 120
Биринчи жолу Эфиопияга көчүү: 121
Курайш элинин Эфиопияга көчкөндөр үчүн болгон амалкөйлүгү: 125
Курайш Абу Талипти коркутууда: 130
Курайш дагы бир жолу Абу Талипке келди: 131
Кара мүртөздөрдүн Пайгамбарды САВ өлтүрүү жөнүндөгү сүйлөшүүлөрү: 132
Хамза ибну Абдулмуталиптин 136
РА Исламга келүүсү: 136
Умар ибну Хаттабтын РА Исламга келүүсү: 137
Курайштын башчылары Пайгамбарыбызга САВ келди: 144
Абу Талип Хаашим жана Абдумуталип уруусун чогултту: 147
Алаканы тыюу салуу 148
Заалымдык жана душмандык келишими: 149
Үч жыл Абу Талиптин жеринде: 150
Келишим барагын бузуу: 151
Курайштын Абу Талипке акыркы жолу келүүсү 154
Кайгылуу жыл 157
Абу Талиптин каза болуусу: 157
Хадийчанын РА каза болуусу: 159
Кайгы-капа көбөйдү: 160
Пайгамбарыбыздын САВ Саудага РА үйлөнүүсү: 161

Сабырдуулуктун бекемдүүлүктүн себептери ....162
Үчүнчү этап ....175
Мекkenин сыртына болгон үгүт ....175
Пайгамбарыбыз САВ Таифте: ....175
Исламды башка урууларга жана жеке инсандарга үгүт кылуу ....182
Кайсыл урууларды Исламга үгүттөдү: ....182
Мекке элинен сырткаркы мусулмандар: ....184
Ясриптик эң азаматтардын алтоосу: ....190
Пайгамбарыбыздын САВ Айшага РА болгон үйлөнүүсү тууралуу кыскача: ....192
Исра жана Мээраж кечеси ....193
Акабадагы биринчи ант берүү ....201
Ислам элчиси Мадинада: ....202
Эң жакшы кубанычтуу жыйынтык: ....203
Акабадагы экинчи ант берүү ....206
Сүйлөшүүнүн башталуусу жана жоопкерчиликтин катаалдуу экендигин Аббас түшүндүрдү: ....208
Ант берүүдө айтылган сөздөр: ....209
Ант берүүдөн алдың аны кайрадан текшерүү: ....210
Ант берүү келишими: ....211
Он эки башчы: ....212
Хызраж уруусунун башчылары: ....212
Аус уруусунун башчылары: ....213
Шайтан ант берүү келишимин ачыка чыгарууда: ....213
Ансарлар Курайшка кол салууга даяр экендигин билдирди: ....214
Курайштыктар Ясриптиткерге наразы болуп келди: ....214
Курайштыктар окуя тууралуу тактап ант бергендерди кармоо үчүн аракет жасашты: ....215
Көчүүнүн башталуусу ....216
Курайш чогулуш өткөрдү ....220
Чогулуштагы ар түрдүү пикирлер жана Пайгамбар-ыбызды САВ өлтүрүү үчүн бир пикирге келүү: ....222
Пайгамбарыбыздын САВ көчүүсү ....224
Пайгамбарыбыздын САВ үйүн курчоого алуу: ....225
Пайгамбарыбыз САВ үйүнөн чыгып кетти: ....226
Үйдөн үңкүргө: ....227
Пайгамбарыбыз САВ менен Абубакир үңкүрдө: ....228
Мадинага карай жолду улоо: ....231
Мадинага кирүү: ....240
Биринчи этап ....242
Мадинага көчүп келгендеги абал ....242
Жаңы коомду куруу ....253

Пайгамбар мечитин куруу иши: ....................................................................................253
Мусулмандарды бир тууган кылуу: ..........................................................................255
Исламдагы келишим сөзүн жазуу:..............................................................................257
Коомчулукка тийгизген руханий таасири:..................................................................259
Жөөттөр менен болгон келишим .................................................................................263
Келишим сөздөрү:.........................................................................................................264
Кандуу күрөш ...............................................................................................................265
Мусулмандар көчүп кеткенден соң, Курайштын мусулмандарга каршы козголуусу жана Курайштын Абдулла ибну Убай менен байланыш түзүүсү: ...265
Каабаны зыярат кылууга тоскоолдук көрсөтүү аракети:............................................267
Курайш мухажириндерди коркутууда: .......................................................................268
Согушууга уруксат берилди:........................................................................................269
Бадр согушунан мурунку болгон жортуулдар жана чабуулдар:...............................270
Чоң Бадр урушу.............................................................................................................281
Исламдагы эң алгачкы чечүүчү согуш .......................................................................281
Согуштун себеби:..........................................................................................................281
Ислам аскерлеринин саны жана башкарууну бөлүштүрүү: .......................................282
Ислам жоокерлери Бадрды көздөй жол алды:............................................................283
Меккеге эскертүү кабары жетти: .................................................................................283
Мекке эли согушка даярдык көрүүдө:.........................................................................284
Мекке жоокерлеринин саны: .......................................................................................284
Бакр уруусунун коркунучу: .........................................................................................285
Мекке жоокерлери жолго чыкты: ................................................................................285
Кербен кутулуп кетти: .................................................................................................286
Мекке жоокерлери артка кайтууну каалап араларында бөлүнүп-жарылуу пайда болду: .............................................................................................................................287
Ислам жоокерлеринин абалы оордошту: ....................................................................287
Кеңешүүгө чогулуу:......................................................................................................288
Ислам жоокерлери жолун улады:.................................................................................291
Пайгамбарыбыз САВ өзү текшерүү жүргүздү:...........................................................291
Мекке жоокерлери тууралуу керектүү маалыматтар алынды:...................................292
Жамгырдын жаашы:.....................................................................................................293
Ислам жоокерлери согуштук эң орчундуу жерине жетип келди: .............................293
Башкаруу штабы:..........................................................................................................294
Аскерди тартиптештирүү жана түндүн өтүүсү: ..........................................................295
Мекке жоокерлери согуш аянтында, араларындагы болгон келишпестиктер:...296
Эки тарап бири бирин көрүштү: ..................................................................................299
Согуш алдындагы тынчтануу, согуштун.....................................................................300
алгачкы отун жандыруу:...............................................................................................300
Жекеме-жеке беттешүү:................................................................................................301
Пайгамбарыбыз САВ Аллахка кайрылды: ..................................................................303

Периштелердин түшүүсү: ........................................................304
Мушриктерге чабуул жасоо: ........................................................304
Иблис шайтан согуш майданын таштап качып жөнөдү: ........................................................307
Шерменделүү жеңилиш: ........................................................307
Абужахилдин майданда сабыр кылуусу: ........................................................307
Абужахилдин өлүмү: ........................................................308
Бул согуштагы таң калыштуу ыймандуулук: ........................................................311
Эки тараптагы өлгөндөр: ........................................................315
Меккеликтер жеңилүү кабарын алышты: ........................................................317
Мадиналыктар жеңиш кабарын алышты: ........................................................319
Пайгамбардын САВ жоокерлери Мадина тарапты көздөй жөнөштү: ........................................................320
Жеңиш менен куттуктоого келгендер: ........................................................322
Туткундардын өкүмү: ........................................................323
Бул согуш тууралуу Куран аяттары түштү: ........................................................326
Бадр согушу менен Ухуд согушунун ортосундагы аскерий күчтөнүү ........................................................328
Күдүрдөгү Салим жортуулу ........................................................330
Пайгамбарды САВ өлтүрүү аракети ........................................................331
Кайнука уруусуна болгон жортуул: ........................................................333
Жөөттөрдүн арам ойлуулугу тууралуу мисал: ........................................................334
Кайнука уруусу келишимди бузду: ........................................................336
Кайнука уруусу кысымга алынып колго түшүп, шаардан чыгарылды: ........................................................338
Савик жортуулу: ........................................................340
Зуу Амру жортуулу: ........................................................341
Кааб ибну Ашрафты өлтүрүү: ........................................................342
Бахран жортуулу ........................................................347
Зейт ибну Хаарисанын чабуулу ........................................................348
Ухуд согушу ........................................................350
Өч алууга Курайштын согушка даярдык көрүүсү: ........................................................350
Курайш жоокерлеринин саны жана анын башчылары: ........................................................352
Мекке жоокерлери жөнөп кетти: ........................................................352
Пайгамбардын САВ кабарчылары душмандын аракетин билип калды: ........................................................353
Мусулмандардын өзгөчө кырдаалга даярдык көрүүсү: ........................................................353
Мекке жоокерлери Мадинага жакындап калды: ........................................................354
Коргонуу үчүн мусулмандар кеңешүү жыйын өткөздү: ........................................................354
Мусуман жоокерлерин катарга тизүү жана согуш майданына чыгуу: ........................................................356
Жоокерлерди көздөн өткөзүү: ........................................................357
Ухуд менен Мадинанын ортосунда түнөө: ........................................................358
Абдулла ибну Убай менен жолдошторунун козголоңу: ........................................................358
Калган жоокерлер ухудка карай жол алды: ........................................................360
Коргонуу чарасын түзүү: ........................................................361
Пайгамбар САВ жоокерлердин руханиятын көтөрүп эр жүрөк болууга чакырды ..363

Мекке жоокерлеринин даярдык көрүүсү: ....................................................364
Курайш тарабынан болгон алсыздантуу саясаты:.............................................365
Курайш аялдары аскерий руханиятты көтөрүү аракетин жасады: ........................366
Согуштун эң алгачкы башталуусу: ..................................................................367
Желектин айланасындагы уруштун күчөөсү жана аны көтөргөндөрдүн кырылуусу:..................................................................................................367
Башка чекиттердеги салгылашуу: ..................................................................369
Аллахтын арыстаны Хамза ибну Абдулмуталиптин өлүмү: ..................................371
Согуш очогун ээлөө:.........................................................................................372
Аялдын кучагын таштап кылыч калканды алып согушка:......................................372
Жаачы отряддын согуштагы орду: ...................................................................373
Мушриктер жеңилүүдө:....................................................................................373
Жаачылардын чоң ката кетирүүсү:...................................................................374
Халид ибну Валид ислам жоокерлерин айланып курчоого алды: ........................375
Курчоодо Пайгамбар САВ эрдүүлүгү: ...............................................................376
Мусулмандардын чачылуусу:............................................................................377
Пайгамбардын САВ айланасында күрөштүн күчөйүүсү: .......................................379
Пайгамбардын САВ жашоосундагы эң кыйын абал: ..............................................380
Сахабалар Пайгамбардын САВ алдына чогула баштады: .......................................383
Мушриктердин кысымга алуусу күчөйдү:............................................................385
Теңдеши жок эрдик көрсөтүү: ...........................................................................386
Пайгамбардын САВ өлгөндүгү тууралуу кабардын тарашы, жана анын согушка тийгизген таасири:..........................................................................................388
Пайгамбар САВ согушту улантып курчуп турган абалды куткарып чыгып кетти: ....388
Убай ибну Халафтын өлүмү: ............................................................................390
Талха Пайгамбарды САВ көтөрдү:....................................................................391
Мушриктердин акыркы чабуулу: ......................................................................391
Шейттерге шек келтирүү:.................................................................................392
Эр жүрөк мусулмандар согуштун акырына чейин согушууга даяр экендигин билдирүү:......................................................................................................392
Согуш бүтүп Пайгамбар САВ тоого .................................................................394
чегинип чыгып кетти: ......................................................................................394
Согуш бүткөндө Абусуфяндын табасы канды .....................................................394
жана Умар менен сүйлөштү: .............................................................................394
Ай толгон убака жолугушуу убадасы берилди:...................................................396
Мушриктердин эмне кылаарын байкаштыруу: .....................................................396
Жарадар жана өлгөндөрдү карап чыгуу: .............................................................396
Шейиттерди топтоп кабырга койуу: ...................................................................398
Пайгамбар САВ Кудай Таалага мактоо айтып дуба кылды:....................................400
Мадинага кайтуу, Пайгамбарга САВ болгон чыныгы сүйүүнү жана урмат-сыйды билдирүү:.......................................................................................................401

Пайгамбар САВ Мадинага келди:....................403
Эки тараптагы өлгөндөрдүн саны:....................403
Мадинада абалдын курчуусуна этият болуу:....................403
Хамраа-Асад жортуулу:....................404
Куран согуш тууралуу сөз кылды:....................410
Бул согуштагы болгон даанышмандык жана пайдалар:....................411
Ухуд согушу менен Ахзаб согушунун аралыгындагы болгон жортуулдар жана окуялар:....................412
Абу Саламанын жортуулу:....................413
Абдулла ибну Анистин жортуулу:....................414
Ражиь окуясы:....................414
Биьру Мауна трагедиясы:....................417
Надир уруусуна болгон жортуул:....................419
Нажд жортуулу:....................425
Экинчи бадр согушу:....................426
Дуумату-Жандал жортуулу:....................428
Ахзаб согушу....................429
Курайза уруусуна болгон согуш....................446
Согуштан кийинки аскерий күчтөнүү....................454
Салам ибну Абухакиктин өлүмү:....................454
Мухаммед ибну Масламанын жортуулу:....................457
Лахян уруусуна болгон жортуул:....................458
Жортуулдарды улантуу:....................459
Мусталак уруусуна болгон согуш Же болбосом Мурайси согушу (Шаабан айында, 6 х. ж. болду)....................462
Мусталак уруусуна болгон согуштан....................464
алдыңкы мунафыктардын ролу:....................464
2- Ифик (Жалаа жабуу) окуясы:....................472
Мурайси согушунан кийинки жортуулдар....................476
Худайбия окуясы 6 х. ж. Зул-каада айы....................479
Худайбия умранын себеби:....................479
Мусулмандар Меккени көздөй бет алды:....................480
Курайш мусулмандарды Каабага баруудан тосууга аракеттенди:....................481
Кандуу кагылышуу болбоо үчүн жолду өзгөрттү:....................481
Бадил Пайгамбар САВ менен Курайштын ортосунда ортомчу болду:....................482
Курайштын элчилери:....................483
Аллахтын өзү аларды силерге чабуул жасоодон тосту:....................485
Усман ибну Аффан Курайш менен сүйлөшүүгө жөнөтүлдү:....................486
Усман өлтүрүлдү деген кабардын тарашы жана Ридван анты:....................487
Тынчтык келишимин түзүү жана анын эрежелери:....................488
Абужандалдын артка кайтарылуусу:....................489

Умранын ордуна курмандык союп, чач алдыруу:....490
Меккеден келген мусулман аялдарды бербей коюу: ....491
Тынчтык келишимдин кандай пайдасы болду:....493
Мусулмандардын капалануусу, Умардын Пайгамбарга САВ айткан сөзү:....496
Алсыздар боштондукка чыгып кетти: ....497
Курайштын кээ бир чыгаандары исламды кабыл кылды: ....499
Экинчи этап....500
Жаңы доор....500
Падышаларга жана карольдорго жазган каттар....501
1-Хабашанын падышасы Нажашийге ....502
жөнөтүлгөн кат:....502
2-Египеттин падышасы Мукавкиске жазган каты:....505
3- Перстердин падышасы Кисрага жазган кат: ....507
4- Византиянын падышасы Кайсарга жазган кат:....509
5- Мунзир ибну Саавага жазган кат: ....513
6- Ямааманын өкүмдөры Хауза ибну Алиге жазган кат:....514
7- Дамаск өкүмдары Гассан уруусунун башчысы Хаарис ибну Абушамарга жазган кат:....515
8- Аммандын падышасына жазган кат:....516
Худайбия тынчтык келишиминен соңку аскерий жылыштар....520
Гааба жортуулу же болбосо Зи Карад жортуулу....520
Хайбар жана Ваадил-Кура согушу....522
(Мухаррам айында 7 х. ж. болду)....522
Согуштун себеби:....523
Хайбарга жол алуу:....524
Ислам жоокеринин саны: ....524
Мунафыктар жөөттөргө кабар жеткизди: ....525
Хайбарга карай жолду улоо:....526
Жолдо болгон кээ бир окуялар:....527
Ислам жоокерлери Хайбарга жакын келди:....528
Чабуулга даярдык көрүү, Хайбардын тосуучу чептери:....529
Согуштун башталуусу жана Нааим чебинин алынуусу: ....531
Сааб ибну Муаз чебин алуу:....532
Зубайр чебин алуу:....533
Убай чебин алуу:....534
Низар чебин алуу:....534
Хайбардын экинчи бөлүгүн алуу: ....535
Сүйлөшүүнү  жүргүзүү: ....536
Абухакиктин эки уулу келишимди бузгандыгы үчүн өлтүрүлдү:....536
Олжо бөлүштүрүү:....538
Жаафар ибну Абуталиптин жана Ашьарийлердин кайтуусу: ....538

Пайгамбардын САВ Сафияга үйлөнүүсү: 539
Ууланган койдун эти: 540
Хайбар согушундагы эки тараптан өлгөндөрдүн саны: 541
Фадак жөөттөрү: 542
Ваадил Курага жортуул: 542
Тийма жөөттөрү: 543
Мадинага кайтуу: 544
Аббан ибну Саиддин жортуулу: 544
Калган акыркы согуш жана жортуулдар 546
Каза умрасы 552
Муьта согушу 556
Согуштун себеби эмнеден чыкты: 556
Жоокерлердин башчылары, Пайгамбардын САВ аларга айткан сөзү: 557
Ислам жоокерлерин узатуу, Абдулла ибну Раваахaнын ыйы: 557
Ислам жоокерлеринин алдыга карай жылуусу жана кокустан келген коркунучтуу кабардан чоочулоосу: 558
Мусулмандар Маанда кеңешүү өткөздү: 558
Ислам жоокерлери душманды көздөй бет алды: 559
Согуштун башталуусу, жаңы башчылардын болуусу: 559
Желек Аллахтын кылычы наамга конгон адамда: 561
Согуштун бүтүүсү: 561
Эки тараптан өлгөндөрдүн саны: 562
Бул согуштун таасири: 563
Заату Салаасил жортуулу: 563
Абу Катааданын Хадрага болгон жортуулу: 565
Меккенин алынуусу 565
Меккенин алынуусунун себеби: 566
Абусуфян келишимди жаңылаганы Мадинага келди: 568
Согушка даярдануу, Меккеге барууну жашыруу: 571
Ислам жоокерлери Меккени көздөй бет алды: 573
Ислам жоокерлери Захран өтмөгүнө келди: 574
Абусуфян Пайгамбардын САВ алдында: 574
Ислам жоокерлери Захран өтмөгүнөн Меккеге карай жол алды: 577
Курайш ислам жоокерлеринин каптап келгендигинен чочуп кетти: 579
Ислам жоокерлери Зуутавада: 580
Ислам жоокерлери Меккеге кирүүдө: 581
Пайгамбар САВ Харамга кирип Каабаны буттардан тазалады: 582
Пайгамбар САВ Каабада намаз окуп, Курайштын алдында хутба айтты: 583
Бүгүн силерди жемелөө жок: 584
Билал Каабанын үстүнө чыгып азан айтты: 584
Ачылуу намазы же шүгүр намазы: 585

Кээ бир мыкаачыларды өлтүрүүгө буйруу: ....585
Сафван ибну Умаянын жана Фадаала ибну Умайрдын исламды кабыл кылуусу: ..587
Мекке алынгандын эртеси күнкү Пайгамбардын САВ хутбасы: ....588
Ансарларды Пайгамбар САВ Меккеде калып кетет бекен деген коркуу басты:589
Ант берүү: ....590
Пайгамбар САВ Меккеде турган учурунда жасаган иштери: ....591
Жортуулдар: ....591
Үчүнчү этап ....595
Хунайн согушу ....596
Душман жолго чыгып Аутаска келип конду: ....596
Согуштук тажрыйбасы бар бирөөсү аскер башчынын көз карашын туура эмес деп тапты: ....597
Душмандын кабарчылары кабар алып келди: ....598
Пайгамбардын САВ кабарчылары кабар алып келди: ....598
Пайгамбар САВ Меккеден Хунайнга карай бет алды: ....598
Ислам жоокерлерине кокустан жаачылар чабуул жасады: ....599
Мусулмандар артка кайтып согуш күчөдү: ....601
Душмандын мизи сынып, жеңилүүгө учурай баштады: ....601
Душманды кубалоо: ....602
Олжолор: ....603
Таиф согушу: ....603
Жаараниядагы олжону бөлүштүрүү: ....605
Ансарлардын Пайгамбарга САВ болгон сөздөрү: ....607
Хавазинден бир топ киши келди: ....609
Умра кылып Мадинага кайтуу: ....611
Меккени алгандан соңку үгүттөр жана жортуулдар ....612
Үгүтчүлөр: ....612
Жортуулдар: ....613
Табук согушу ....618
(9 ж) ражаб айында болду ....618
Согуштун себеби: ....619
Византиянын жана Гассандын согушка даярдык көрүп жаткан кабары: ....620
Византия менен Гассандардын аскерий даярдыгы тууралуу келген так маалымат: ....622
Абалдын ого бетер курчуусу: ....622
Пайгамбар САВ чечкиндүү чечим чыгарды: ....622
Византияга каршы согушка даярдык көрүүнү жарыялоо: ....623
Мусулмандар согушка даярдык көрүү үчүн бири-бири менен жарышып жардам бере баштады: ....624
Ислам жоокерлери Табукка карай жолго чыкты: ....625
Ислам жоокерлери Табукка келди: ....628

Мадинага кайтуу: ....................................................................................................629
Согушка барбай калгандар: ........................................................................................631
Согуштун оң таасири: ..................................................................................................633
Табук согушу тууралуу Курандан аяттар түштү: ........................................................634
Ошол жылы болгон кээ бир орчундуу окуялар: ..........................................................635
Абубакирдин ажылыгы ..................................................................................................635
Согуштарга жалпы көз караш ........................................................................................636
Элдер Аллахтын динине топ-топ болуп кирүүдө ..........................................................640
Келген өкүлдөр: ..............................................................................................................641
Ислам үгүтүнүн ийгилике жетүүсү жана таасири .........................................................657
Коштошуу ажылыгы.........................................................................................................660
Акыркы согушка даярдык: ..............................................................................................668
Пайгамбардын САВ каза болуусу...................................................................................669
Акыркы күндөр калгандыктын белгилери: ...................................................................669
Ооруунун башталуусу: ....................................................................................................670
Акыркы апта: ...................................................................................................................670
Акыркы беш күн: .............................................................................................................671
Акыркы төрт күн: .............................................................................................................673
Акыркы бир же эки күн: ..................................................................................................674
Бир күн калганда: ............................................................................................................675
Пайгамбардын САВ жашоосундагы акыркы күн: .........................................................675
Өлүм алдында:.................................................................................................................676
Сахабалардын кайгысы күчөдү: ....................................................................................677
Умардын абалы: ..............................................................................................................678
Абубакир элди тынчтандырды: .....................................................................................678
Пайгамбарды САВ акыркы сапарга узатуу, урматтуу денесин жерге берүү: .....679
Пайгамбардын САВ үй-бүлөсү.......................................................................................681
Пайгамбардын САВ сыпаттары жана кулк-мүнөзү .......................................................692
Келбетинин сулуулугу: ...................................................................................................692
Толук кемелдүүлүгү жана кулк-мүнөзү:.........................................................................694